КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫ

ГУМАНИТАРДЫК ЖАНА ЭКОНОМИКАЛЫК
ИЛИМДЕР БӨЛҮМҮ

Ч. АЙТМАТОВ АТЫНДАГЫ
ТИЛ ЖАНА АДАБИЯТ ИНСТИТУТУ

*«Окурмандын китеп текчеси» сериясы*

# ТҮГӨЛБАЙ СЫДЫКБЕКОВ

# КӨК АСАБА

**VIII том**

Басмага даярдаган: *Өмүров Б.*

БИШКЕК
«Имак офсет»
2015



*кан болду. Каракан тушунда, адепсиздик артты. Теңирди пир туткан киши калбады. Шондон улам Каракан киши колдуу болуп каза тапты. Ордуна уулу Уузкан кан болду. Ол көзү ачык төрөлгөн акылман алп кол башчы болуп калайыкты бир баш кылды. Бутпарачтар оң жолго түштү. Адепсиздер адептүү болду.*

*Ошо Уузкандын жыйырма төрт небереси болду. Кенжеси – кыргыз эди. Кыргыз качан төрөлдү дегенде, ол, Искендер Зулкарнайындан көп доор мурда дүйнөгө келген.*

*Сафарша, Алхан, Аналхан, Арслан бий, Тимуши бий, Атан бий, Шукур бий, Мурат бий, Телкозу, Калпак бий болуп кыргыздын жыгырмадан артык урпагы доор өткөрдү. Кыйла, кыйла замандар кербенчинин төөлөрүндөй изин кумга житирди. Баарынан кийинки Домбол бийдин уулу Долон бий Айганкандын (Чыңгыз кандын) тушунда өттү...*

*Ондо кыргыз өз жергесинде бейкут жаткан эл. Мал асырап, эгин эккен. Көк темир чыңап, ай балта соккон. Ал чакта Ырыс, Даркан деген билгилер болгон. Тай-Туяк баатыр өткөн. Олор Айганкан менен жоолашты каалабаган. Кыргыз жергесине ол өзү кол салды. Айкашта кыргыздар жан аяшпады... Акырында күчтүү жоонун кылычынын астынан өтүшкө аргасыз болду. Кыргыз уругу кырылды, тириктери бытырады... Долон жер кезип, ашуу ашып, сөөгү калган артуу – Долон аталган дедик.*

*Санжырадан*

*Ал кезде Енисейди жердеген кыргыздар эски доордун 201-жылынан кытай маалыматтарында белгилүү...*

*В. В. Бартольд*





## ЖАШ ТЕГИН

Ата конушу уулга мурас.

***

Башына куш консо,
Журтуна кут түшөт.
*Эски макалдар*

Сүйрү тарткан мүрзөнүн додолонуп күнгө какшыган топурагынан ууштап, аны төгүп-чачпай этиет, аяп жээрде сакал Эр-Киши баланын оозуна кармады:

– Көктөн теңир буюрду. Татып алың, уул! Бу эр атаң жаткан ыйык жердин турпагы.

Бала ыйламсырап турду. Ыйлабады. Момун көздөрү жоодурай жалжылдады, жашыгансыды. Тамылжыган беттеринен кан тамчыдай кызарып-татарып, акырын оозун ачты. Тиштери күрүчтөй агара түштү, мала-кызыл тилин чыгарды.

– Коркпоң, коркпоң, уул! Эр атаң учуп кетти. Ону табгач[1] амалдап өлтүрдү. Ол баштаган кошуундар кол башчысы жок туру... «Уа, эл, жериңде тыныч олтурсаң, сен муңайбайсың, токсуң» деген баба. Биз жерде тыныч олтургаи бейпил журт эдик... Кошуунду баштаган, кыңырды баккан сенин эр атаң эди. Ол эми жок. Асыл жанын теңирим алды! Сен жаш болбо. Эр атаңдын турганын ала жүр!

Эр-Киши алаканындагы топурактан балага үч ирет жалатты. Бала улам жалаган сайын улам сүзмөнүн эзмесин таңдайына эзип жуткандай топуракты шимип жут-

[1] *Табгач* – кытай.





бөтөнчөрөөк: үзүк, туурдуктун жээктери тамгалар менен оймо-чиймеленген. Тек коздоо үчүн сайма ордуна чийилбеген: «Теңир жакшылык этип, үстүдө ачык Көк, астыда түктүү Жер жалгасын, бу Эр-Күлчүрдүн ак ордосун» деген сөз жазылган. Жылкы жылы ада болуп келатканда тоо-тоого найза бою кар жаап, жут болду. Мал кырылды, Эрлер минер ат азайды. Аны билген тээ, амалкөй табгачтардын беш түмөн[1] (Элүү миң) кол келип кыйыр бузду. Эр Күлчүр ушул көк суулук, кызыл-жардык кыргыздарды жоого каршы жортуулга баштады. Бейкутта жаткан журтту түнкү бороондой уурданып келип тыйпыл жоюп – чоң олжого батмак болгон табгачтар чабышка шайма-шай болушчу. Аттары демдүү, эрлери көп, курал-жарактуу жоо чынында тилегениндей түндө кыйырды бүктү. Чет жакадагы журтту талоондоп, үйлөрдү өрттөп, уул-кызды олжолоп кириштиˌ...

Бирок табгачтар кандуу чабуулун уланта албай калды. Туш-тараптап тез жыйылган Күлчүр колу үч жаак болуп чабышка өттү. Олжо самап көздөрүн май баскандай болуп эсирип калган табгачтар жаагын бошондотту. Олжо самаган колу чабыштан мурда мал, мүлк, байлык аңдышты. Алар бытырай баштады. Дал ошол кырдаалын келтирип Эр-Күлчүрдүн түмөн-түмөн колу кыр-кырдан ашты. Көк, ак, жашыл асабалар делбиреди. Сурнай боздоп, ат туягы жерди дүңгүрөттү. Бул чабуул 602-ит жылы чын курандын[2] тогузунчу түнүндө таңдын эре-сересинде табгач колунун башкы кол башчысы Сан-Лин-Хе ээрчиткен он миңдей жөө аскери каптады. Тоо ылдый куюндап соккон бороондой катуу келген Күлчүр колу табгачтарды жай таптырбай кыргынга учуратты. Али майданда беттеше элек төрт түмөн колу бар табгач андан майтарылган жок. Бир аз мизи жапырылды. Баш-

[1] *Түмөн* – он миң. Он, элүү, жүз, миң, он миң эсебинде кол эсеби алынган.
[2] *Чын куран* – ай аты. Март айына туура келет.

УДК 821,51
ББК 84 Ки 7-4
Т 92

Кыргыз Республикасында 2014–2020-жылдары мамлекеттик тилди өнүктүрүүнүн жана тил саясатын өркүндөтүүнүн улуттук программасы боюнча Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыгы (2014-ж. 2-июнь, № 119) жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтомунун (2015-ж. 6-апрель, № 151-б.) негизинде жарык көрдү

Басмага Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институтунун Окумуштуулар Кеңеши тарабынан сунуш кылынды

Рецензент:

Филология илимдеринин доктору *С.Байгазиев*

Редколлегия:

| | |
|---|---|
| Акматалиев А.А. | Мусаев С.Ж. |
| Байгазиев С.О. | Садыков Т. |
| Жайнакова А.Ж. | Токтоналиев К.Т. |
| Маразыков Т. | Эркебаев А.Э. |

Т 92 **Түгөлбай Сыдыкбеков. «Көк асаба».** VIII том. Басмага даярдаган: Б.Өмүров. – Б.: «Имак офсет», 2015. – 561 б. («Окурмандын китеп текчеси» сериясы)

ISBN 978-9967-33-133-4

Бул китепке Түгөлбай Сыдыкбековдун «Көк асаба» романы кирди.
Китеп жалпы окурмандарга арналат.

Т 4702300-100-15 **УДК 821,51**
**ББК 84 Ки 7-4**

ISBN 978-9967-33-133-4

© КР УИА
© «Имак офсет», 2015

**БИРИНЧИ**
**БӨЛҮМ**

*Байыркыны урматтоо – нагыз маданияттын белгиси.*

*Ф. Энгельс*

*...сегиз уулдун улуусу Түрк дедик. Ияфас дүйнөдөн өткөндө Түрк ата тагына олтурду. Ол акылдуу, адептүү падыша болуп туруп чын дүнүйөгө кетти. Түрктөн соң тогуз уулу кандык доор жүргүздү. Бизде тогуздан энчи калганы шондон. Олордон акылдуу, дөөлөттүүсү Түтүк болду. Көп жырымды, салтты ошо Түтүк чыгарды. Эки жүз жыл өмүр сүрүп Түтүк чын дүнүйөгө кетти. Ордуна Элчи кан олтурду...*

*Көп замандар өттү. Падышаны падыша алмашты...*

*Кийин Аланча кандыкка келди. Ол кезде барча эл дөөлөттүү болду. Дөөлөттөн эсиргендер бутпарачтык баштады[1]. Аланчадан эгиз уул төрөлдү. Бири – Татар. Бири – Магул. Олор эр жеткенде элди экиге бөлдү...*

*Ол эки кандын тукумдары да өз-өз бетинче акимдик жүргүздү. Кыйла замандар өттү. Ол замандарда Татар кандын жети уулу доор өткөрдү. Магул кандын ордуна уулу Каракан*

[1] *Бутпарачтык* – Теңирди таанызбай жаман иштерге бет бурду деген мааниде.





ту. Ал «Эми коркпой калдым» дегенсип көзүнүн төбөсү менен Эр-Кишиге карады. Жылмаң этип күлүп койду.

– Бар болуң, журтумдун ээси! – деди Эр-Киши. Анан ал уучунда калган топуракты татынакай тумарча тигилген жибек боолуу жибек баштыкка эптүү батырды. Боосун мойнуна илип, баштыкты анан койнуна катты:

– Эр атаңдын тирүү арбагы сени жердин бетинде баштасын!

Ошентип айтаары менен ал баланы эки колтугунан шап ала коюп, таптак көтөрүп акбоз кунандын айырмачына кондура койду.

– Эми коркпоң, жыгылбайсың!

Өзү да чоң күрөңгө шап атканды.

– Жөнөдүк. Бабаңа жетелик!

Эр-Киши бир азга жандай келатып, анан баланы алдыга чыгарды. Сыйда куйругу артка карай сызылып акбоз кунан алдыга озо чыгып «быш» этпей жеңил арыштоодо. Айырмачтан аз эле башы чыккан бала эми көчүгү ошол айырмачка биротоло жабышып калгандай эпейип Кунандын алга карай тикчийген кош кулагына карап ая жыргап, кубанып, күлүп бараткан сыяктуу. Кара кундуздан тигилген кыргак тебетейинин жылбырскы[1] тышталган шоңшогой төбөсүнө тагылган кызыл чачык желге лепилдейт. Бала эпейип типтик алга карайт. Үстүндөгү кулун-даакысы суу куйгандай – далысы, ийни, жеңдери күнгө чагылышат.

– О, теңирим! – деди баладан көз айырбай Эр-Киши.– Атаңдай болсоң, ийги...

Зор денеси бошоп ал шашып кетти. Бир көргөн кызым, татаал түш сымак өмүр анын көз алдынан чубурду. Чолок-чолок санаа үзүлүп-жулунуп көз алдынан өттү. Тайманбас жоо менен жекеме-жеке беттешкенинде өзүнүн эч жалтанбаганы, тартынбаганы, шерденип кеткени эсине

[1] *Жылбырскы* – ичтен түшкөн улак же кулун териси.





– Арам тилегиң өз башыңа! Арам тилегиң өз башыңа?!

Ушундан улам чынында эле ит ээсинин оюн анын кыймылынан сезет, үрбөчүдө үрбөйт ал, үрчүдө үрөт.

Ак үйлөрдүн алдында парандуу кишилер жардана турушат. Не сүлөөсүн, бөрү ичикти, не кулун даакыга желбегей жамынган сакалдуулар ири алдыда. Бири түпөктүү жанчарды жогору көтөрөт. Бири асаба[1] булгалайт. Каскакка[2] байланган асабалар көк, ак, жашыл, кызыл уруу асабалары. Кыйырга жоо келгенде, өзөн-түздөн, кенен жайыктан ага каршы кол аттанганда: жанчар кармап, айбалта алган элдерди уруу акылманы баштайт, Ал, кол алдында өз уруусун атап, асаба булгалап: «Аттан, эр! Аттан, эр»! – деп ураан чакырат.

Асаба булгалоо – журтка аброй, атак, жеңиш чакыруу.

Азыр да ушул дарыянын өйүз-бүйүзүнө жайгашкан журттун аксакалдары тигил бараткан темир канатка аброй, атак, жеңиш, өмүр тилеп уруу асабаларын булгалашты.

Эркектин үнү:

– Биз жоокериң... Жоого чакыр, барабыз!

Зайыптын үнү:

– Жортуулга башта, барабыз!

Баланын үнү:

– Биз жоокериң, эр-түтүк![3]

Наркы кең өзөнгө карай дарыя жаадай ийилген жердеги жайыкта көп айыл бар болчу. Ал айылдын үйлөрү өзүнчө иреттүү жайгашкан. Отуздай үй он канат болуп – оң жакта, отуздай үй сол канат болуп – сол жакта. Бардыгы бирдей ири, аппак. Дал ошол эки канаттын дал ортосунда эң чоң үч үй алыстан заңкайып көрүнөт. Ал үйлөрдүн чеке-белинде басып-турган адам, жайылып жаткан мал жок. Оң канатынан да, сол канатынан да ал үч үй үн жеткидей окчун. Ортоңкусу берки эки үйдөн

[1] *Асаба* – туу.
[2] *Каскак* – түз копшолгон шыргый бакан.
[3] *Эр түтүк* – эрдиктин наамы.

# ТҮГӨЛБАЙ СЫДЫКБЕКОВ
***(1912–1997)***

Кыргыз адабиятындагы реалисттик прозаны калыптандырууга жана өнүктүрүүгө чоң салым кошкон чебер жазуучу Түгөлбай Сыдыкбеков 1912-жылы Ысык-Көл областынын Түп районунда жарык дүйнөгө келген. Ал өзүнүн чыгармачылык аракетин адегенде ыр жазуу менен баштаган. 1930-жылы 1-май күнү «Ленинчил жаш» газетасына анын «Булар кимдер?» деген ыры жарыяланган. Андан бир аз өтпөй «Чал комузчу» аттуу поэманы жазып, «Чабуул» журналына бастырган. Алгачкы «Күрөш» аттуу ырлар жыйнагы 1933-жылы жарык көрүп, «Баатырлар» (1936-ж.) «Акын-булбул» (1938-ж.) аттуу ырлар, поэмалар жыйнактары жарыяланган кезде эле автор проза жанрында жигердүү иштей баштаган.

Поэтикалык чыгармаларында Т.Сыдыкбеков өзүнүн калемдештери сыяктуу эле ошол учурдагы кыргыз жергесине, элдин турмушуна кирип жаткан жаңылыктарды, социалисттик коомдун артыкчылыгын, жаңы түзүүчүлүк эмгегин, адамдардын жаңы түшүнүктөрүн, жаңы мамилелерди чагылдырууга аракеттенген.

1937-38-жылдарда жазуучунун «Кең-Суу» романынын эки китеби жарык көргөн. Бул чыгарма кыргыз адабиятындагы тунгуч романдарынын бири. Элүүнчү жылдардын орто ченинде жазуучу романды кайрадан иштеп чыгып, «Тоо арасында» деген ат менен жарыялаган (биринчи китеби 1955, экинчи китеби – 1958-ж.). Жазуучу проза жана поэзия жанрларында бирдей иштеп, бул жылдарда «Акын – булбул» ырлар жыйнагын (1938), «Ала-Тоодон жетөө» очеркин (1939), «Түн жарчысынан кабар» поэма-





Чыгармалары көптөгөн чет элдик тилдерге которулган. Ленин, эки Эмгек Кызыл Туу, Эл достугу ордендери, медалдар менен сыйланган.

Жазуучунун «Көк асаба» романы кыргыздардын 6–8-кылымдардагы тарыхый доорун, жоокердик-көчмөндүк жашоо-турмушун чагылдырган чыгарма. Роман 1971-ж. жазылып бүткөн, бирок көп жылдар бою жарык көрбөй, 1989-ж. гана басылып чыккан. Кыргыз элинин орто кылымдардагы тарыхы боюнча маалыматтар өтө аз экендигин жана илимпоз тарыхчылар арасында ал мезгил боюнча карама-каршы пикирлер бар экендиги белгилүү. Ошол себептен Т. Сыдыкбеков бул чыгарманы жаратууга илимий булактардан сырткары элдин оозеки чыгармаларга жана санжырачыларга кайрылган. Алыскы доордун реалдууф элестерин жаратуу үчүн Т.Сыдыкбеков бизге жазма эстеликтер аркылуу жеткен адам аттары жана уруу аталыштары, аскердик титулдар жана курал-жарак, ырым-жырым жана реликвиялар сыяктуу этнографиялык элементтерди чыгармага киргизген.

Т. Сыдыкбеков – көрүнүктүү коомдук ишмер болгон. Кыргыз ССР Жогорку Кеңешине көп мертебе депутат болуп шайланган. Кыргыз Республикасынын улуттук Илимдер академиясынын анык мүчөсү болгон. Көрүнүктүү жазуучуга эгемендүү жаш мамлекеттин эң жогорку сыйлыгы – Кыргыз Республикасынын Баатыры наамы алгачкылардан болуп ыйгарылган.





түштү... «Өйүз-бүйүз олтурган көп журт козголбойт дечү эдиң го. Чердеги кырчын карагай кынылып бүтпөс. Кең мейкинде тынч жердеген момун карт муңайбас дечү эдиң го. О, аркыраган омоктуу ат алдында, өткүр жанчар[1] колунда, болот шамшар кынында, журт кыйырын багып ойдо, кырда, талаа-түздө уйку билбес эрлер, силер, чын азайдыңбы?! Жок! О, жок! Оо эл багып, эр өткөн бабалар колдоң. Арабызда тирүү жүргөн арбагына табынабыз, Эр бабам, бизге күч бериң! Төбөдө Көк, төмөндө түктүү Жер бизди колдоң... Чап, чап уул! Сени бабаң тосуп олтуру. Чап»!

Тизгин кармаган колун атынын кулагына карай демей жаш козунун башындай муштуму бужурая Эр-Киши:

– Чап, чап, жаш бегим! Эр атаң, кой жылы, жашы он алтысында кол баштап, жоо сайган! Сен да эрте жетил. Батман темир курчан, башкадан келген жоого тике чык! Көзүм тирүү болсо, айкырып, билгиң[2] болоормун. Чап, чап, жаш эрен![3]

Ээсинин коңур-каткак үнү күрпүлдөп чыккан сайын сыйда жал чоң күрөң элирип, «бурр-борр» бышкырышып оздукту чоё, башты алдыга чулгута арышын создү. Далай чабуулда элирип көнгөн, талыбай чуркап дасыккан чоң күрөң жайына койсо азыр эле тигил бута атымдай алдыда бараткан кунанды сүрүп жеткидей. Андан озуп кеткидей. Баба жолун жолдоп, эл баккан эр атасындай болсун деп ырымдап, Жаш-Тегиндин тилегин тилеп келаткан Эр-Киши акбоз кунандан озбоо үчүн тизгинин жыйды. Чоң күрөң башты чулгутат, адырандайт. Арыш таштап эркин чуркагысы келет. «Оо жаныбар, эр аты. Сен качан болдурчу эдиң. Качканда жеткизбес, кууганда куткарбас калбыр өпкө, жаныбар...»

[1] *Жанчар* – найза.

[2] *Билги* – акылман. Билгиң болуп – акыл кошкон кеңешчиң болуп деген мааниде.

[3] *Эрен* – баатыр, тайманбас эр.





– Биз кыр-кырда мал артында бололу!

– Аштык айдап эгиндикте жүрөлү!

– Кен эритип, көк темир ак күмүш алалы!

– Момун журт муң билбесин. Жоо келсе, кыйырдабыз!

Чоё тарткан жебе созулуп жеткидей аралыкта артта эми гана өр таяна бараткан Эр-Кишинин эки көзү анда. Бала белеске чыга калганда андан көзүн айырбаган Эр-Киши зоңкулдак үнүнүн барынча айкырды:

– Уа! Эл-журт! Көзү өткөн кыраандын темир канаты учту! Ону үстүдөн Көк, астыдан Жер колдосун! Тилегин тилеңдер!

Ал-аңгыча бала ашкан белеске Эр-Киши өзү да чыга келди. Баятан дарыя көмүскөдө болучу. Азыр алды жак төргө карай кең өзөн жайылып жээги жылгындуу, камыштуу, чок койгондой топ-топ карагай, кайыңдуу. Төркү жайыгы тоого карай созулуп, ийрилип жай аккан дарыя көрүндү. Бала ошол дарыянын оң кашатын бойлой жогору күн чыгышты көздөй баратты. Өйүз-бүйүз отурган көп үйлөрдөн кишилер чыгышты...

Эркектин үнү:

– Келатыр!

Зайыптын үнү:

– Келатыр!

Баланын үнү:

– Келатыр!

Ак боз кунанчан бала үндү укпай, эч бурулбай алга карай кете берди. Замандар бою кишиге жолдош болуп опосу тийген иттер, кейпи ээлеринин каш-кабагынан, башкача кыймыл-аракеттеринен улам алардын ойлорун сезгенби? Демейде үйдүн жанынан атчан кишини бастырбас күрсүлдөк бай-дөбөттөр азыр тигил бараткандарга карап кыңшылап, жаланып үй артына кетет. Мындайда арсылдап ит үрүү – жаман белги. Ал жаман белгини чорт кесип, жакшылык чакырыш үчүн ошол үргөн итти ээси жанчар менен жерге жапшыра саят:

сын (1939) жана «Ач көз ата» аттуу ыр менен жазылган жомокту (1940) жарыялаган. «Согуш күндөрүндө» аңгемелер жыйнагында (1943) топтолгон чыгармалары учурдун өктөм талабы боюнча жазылып, элдин фашисттик баскынчыларга каршы күрөштөгү биримдиги, патриотизми, кайратман эмгеги чагылдырылган. 1938-40-жылдарда жазуучунун Кыргызстандын түштүгүндө совет бийлигин бекемдөө окуяларын чагылдырган «Темир» романын жазып, ал өзүнчө китеп түрүндө 1946-ж. жарык көргөн.

1948-ж. «Биздин замандын кишилери» романы Сыдыбековдун жазуучулук чеберчилиги жаңы баскычка көтөрүлгөнүн айгинелеген. Роман китеп болуп басмадан чыкканга чейин айрым үзүндүлөрү «Советтик Кыргызстан» («Ала-Тоо») журналына басылып турган. Ошол эле жылы Москвада «Советский писатель» басмасы тарабынан орус тилинде басылып чыккан. Бул роман өз учурунда Т.Сыдыкбековду окурмандардын кеңири чөйрөсүнө таанымал кылып, кыргыздын эң көрүнүктүү жазуучуларынын катарына койгон. 1949-жылы роман кыргыз адабиятынын тарыхында биринчи жолу Советтер Союзундагы эң жогорку Мамлекеттик сыйлыктардын бири – Сталиндик сыйлыкка татыктуу болгон.

Согуштан кийин Совет мамлекетинин жаш муундарды патриоттук духта тарбиялоонун таасирдүү каражаттарынын бири катарында балдар адабиятынын өнүгүшүнө көңүл бөлүнө баштаган. Ушул коомдук муктаждыкка жооп кылып, Т.Сыдыкбеков «Тоо балдары» романын (1953) жарыкка чыгарган. Кыргыз балдар адабиятындагы түңгүч романда жеткинчектерди мектептеги жана үй-бүлөдөгү турмушу, билим алуусу, келечек жөнүндөгү ой-пикирлери көрсөтүлөт. Негизги окуялар алдыңкы окуучу Аскар менен кичинекей Динардын, тентек Орусбектин, эски заманда калыптанган Омор карыянын жана мугалимдер Сабыр, Нина Леонтьевна, Сейитовалардын тегерегинде өнүгөт. Жакшы окуган, коомдук иштерге активдүү катышкан, көптү билүүгө ынтызар өспүрүмдүн образы романда Аскар аркылуу берилет. Ал эми Динардын бейнеси балалык кы-



лык-жоруктары менен кызык. «Тоо арасында» романынан кийин жазуучу кыргыз элинин революцияга чейинки турмушуна кайрылып, «Зайыптар» аттуу кеңири пландагы чыгармасын жазган. Анын биринчи китеби «Батийна» (1962), «Ашуу» аттуу экинчи бөлүгү менен бирге толук варианты «Зайыптар» 1966-ж. жарыкка чыккан. Романдын биринчи бөлүгүндө Батийна, Айнагул, Гүлсүн, Канымбү сыяктуу кейипкерлердин тагдыры аркылуу патриархалдык-феодалдык түзүлүш шартындагы кыргыз аялдарынын укуксуз абалы берилет. Ал заманда жалаң гана кедей катмар эмес, байлар чөйрөсүнө таандык аялдар да күңкор абалда өмүр сүргөн. Анткени, патриархалдык каада-салттар алардын бардыгына бирдей тиешелүү болучу. Башкы кейипкер Батийна оор абалдан суурулуп чыгууга аракеттенет, бирок ошол тарыхый доордун шартында аялзаты эркиндикке чыгышы кыйын эле. Анын максаты – революция жеңгенден кийин гана жүзөгө ашат. Батийна жаңы заманда түзүлгөн мүмкүнчүлүктөн пайдаланып, өзү сыяктуу кор болгон аялдардын укуктарын коргоого аракеттенет. Аларды билим алууга, эркиндикке үндөйт. Экинчи китепте атактуу кызылчачы, Социалисттик Эмгектин эки жолку Баатыры Зууракан Кайназарованын тагдыры чагылдырылган. «Курбулар» жана «Сыр ачуу» романында (1977) жаштардын турмушу көрсөтүлгөн. Ал эми «Ыйманбай пейили» романында (1980) «Тоо арасында» романынын негизги карамандарынын бири Ыйманбайдын кийинки турмушу баяндалган. «Жол» (1982) жана «Бел-белесте» (1996) аттуу автобиографиялык чыгармаларында Т.Сыдыкбеков басып өткөн узак жана кызыктуу өмүрү, баштан кечирген окуялары жөнүндө баяндайт. Өзү жашаган доор жана замандаштары, кыргыз адабияты жана маданияты тууралуу ой жүгүрткөн. Т.Сыдыкбеков «Манас» эпосунун кошмо вариантын түзүүчүлөрдүн жана редакторлогондордун бири. Ошондой эле кыргыз маданият жана тарыхынын маанилүү маселелери боюнча көптөгөн макалалардын автору. А. С. Пушкин, Н. А. Некрасов, О. Бедный, А. П. Чехов, А. Серафимович, М. Шолоховдун чыгармаларын кыргызчалаган.





Эр-Кишинин жээрде сакалы чачырайт, ал бирде оң жагына, бирде сол жагына моюн бура бөрү карашты салат. Бул, тек жоого чапкандагы, чабышта бараткандагы эр-адамдын ошентип караган өнөкөт карашы. Ал качкан жоонун артынан соёдой созулуп кууп калган кезинде өзү колдоп жеке бөлүнүп, жеке узап, самсып сейректеп бараткан жоону сүрүп, улам жеткенин улам ыргыта сайып, не «күрс» согуп аттан түшүрө чабычу. Анан улам алга карай сызгырылтып, туш-тушта бизди колдогон жоокер барбы дегенсип маал-маал жан-жанына ошентип карай берүү өнөкөт болгон. Айгайлаган кыйкырык-чуу күчөйт, абыр-дабыр дүбүрт калың жерди дүңгүрөтөт. «О тынчы жок тажаал кишилер, силер, дагы кандай алаамат баштадыңар», – дегенсийт.

– Ыйык жер, бизди колдоң! Бизге дем бериң?

Чоюнбаш көтөргөн жоокер, кол баштаган эрендер ушинтип тиленет. Эр-аты[1] арыш созот, жоокер чабышка эптенет. Чарчаганы тыңып, тайманбас, талыкпас болот.

Ат жалын тартып мингенден эле ушул сезим жоокерди күчтүү кылат, атын жылоолойт. Себеби, ар бир уул чыканактай кезинде эле жоокер болуусун самайт. Ал адегенде тайга, анан кунанга минет. Ошондон баштап дасыгып, бышыгып эр жете берет.

Жээрде сакалын ак чалган тигил Эр-Киши көмүрчүкөөрүкчүнүн баласы болучу. Жаштайынан эле ал көөрүк басышка кызыкты. Чокто кызарган болоттун дөшүдө «чырылдаганын» кармай калгысы келчү. Себеби, ушул жылт-жулт серпилген ширендидей асмандан кут жаап түшөт. Аны кармап койнуна толтуруп алган адам жоо жеңе алгыс шер, супарасынан кешик төгүлгөн дөөлөттүү болот деген кепти укчу. Эр адамдын жан жолдошу ат. Ат адамдын канаты. Атчан эр – канаттуу алгыр деген

[1] *Эр аты* – кунан. Асыйдан жогорку албыр, карылуу, болдурбас аттар – эр аты.





кепти укчу. Өзү койнуна кут толтуруп, канаттуу эр болгусу келчү... Тигил алдыда акбоз кунанды сызгырылткан Жаш-Тегин да азыр өзүн канаттуу эрмин деп баратат! Ал азыр кунандан жыгылам дебейт. Жалгыз баратам деп коркпойт. Ал жана эр-атасынын мүрзөсүнөн топурак жалады. Топурак топуракка окшободу: кичикти тез чоңойтуп коюучу укмуштуу дармек даамданды. Бала укмуштуу дармекти да татып көрө элек. Баба жаткан буурул жердин торко топурагы ошондой кичикти тез чоңойткон, күчсүзгө күч кошкон укмуштуу дармек деп уккан. Бала ошого ишенди. Ал ушул чапкан боюнча чоң сууну бойлой өйүз-бүйүз конгон калың айылды аралайт. Тээ төрдө окчун тигилген чоң ордодо аны бабасы күтөт, эр-адамга айтылчу баба сөзү күтөт. Бала ошого ашыгат. Азыр жолдон адам жолукса бул баланы токтотпойт. Ал өзү балага жол бошотот. Атчаны башын ийип, жөөсү тизесин бүгөт:

– О, Эр-Киши! Ак жол ачылсын! Көк астында, күрөң Жер үстүндө журт муңайбасын, азбасын! – дешет. Азыр чоң-кичик дебей жолдон жолуккандар акбоз кунан чаптырган бул баланын кайдан, кантип келатканын билишет. Ал тургай ага баш ийип, тизе бүгүп калыш үчүн көбү жол боюна ашыгат.

Алдынан кездешкен адамга бала баш ийкейт:

– Арбаң!

Ал токтолбой чаап кете берет.

Жаш-Тегинге удаа Эр-Киши өтөт. Чоң күрөңдүн сом туягы каксоо жолду «дүп-дүп» согот.

Жол боюнда тургандар аларды ээрчий жүгүрүшөт:

– О, журттун Эр-Кишиси!

– О, журттун жаш беги!

– Биз силерге жоокер!

– Жети түлүк[1] төлдөп, эл муң билбесин!

[1] *Жети түлүк* – жылкы, кулан, топоз, уй, эчки, төө, кой.

ээрден түшсө, арбак уялат! Уят– өлүмдөн жаман. Көзү өткөн бабанын арбагы өлөт. О, бу эмне деген кемтик?! Өзүн уялтуу, эр бабасынын арбагын уялтуу уул иштечү иш беле?!

Жаш-Тегин азыр өзүн да, бабасынын арбагын да уялта элек. Ал анчалык мазасыз, күчсүз, коркок эмес. Ал өзү курдуулар менен тургай чоң кишилер мснен ат үстүнөн эңишет. Дасыккан түз аткычтар менен жаа тартышат. Ал тургай «Бука тартыш» оюнунда чоң кишилер менен аркан чоюшка чыгат... Мындан жашында жондо ат үстүндө каалгып-үргүлөп турганында... аны кандайдыр бир чоочун адам качырган. Анда Жаш-Тегиндин аты селт этип жалт берген. Тегин өзү ээрден көчүгү «булт» дей түшүп жыгылган эмес. А тигил качырган жоокер аны далы ортодон чапчып өзүнө тарткан. Жаш-Теги бой бербей тырмышкан. Тигил күчөп тарткан... Эмнегедир, аягында ал, көчүгү ээрден кетип бараткан Жаш-Тегинди кайра коё берип, өзү алда кимдерден корккондой кача жөнөгөн. Анын да ким экендиги таанылган эмес. «Жаш-Тегинди сынап жүргөн бирөө бар», – деп бири болжосо, «О, жок. Сынасак биз сынайт эдик. Биз болбосок, жакындардын бири келмек. Ал бизге көрүнмөк», – деп экинчиси болжогон.

Акырында:

– Арбагы тирүү эр баба, тукумун колдоп жүр! Жаш бектин башына кушу конгондо эле, эр бабанын арбагы ону колдоп койгон. Жаш бекти тирүү арбак сактап, кайтарып жүргөн тура. Теңир, жаш бек жоодон жеңилбес алп болсун! Уа, ак тилек кишилер, алакан жайып коюң, Көкө! – дешкен, ал жолу жылкычылар...

Соңку жолу да таанылбай кеткен жоону жылкычы-жоокерлер эр бабанын тирүү арбагыбы деп болжошту. Деген менен кийинки кол салган арбак эмес кишиге окшоду. Ким экени белгисиз калды.

Жылкыга Эр-Киши келди. Ал адетинче жоо кийимин кийбеген. Канжыгада байланган аркан, кабы, балтасы бар.





тагыдай бейбаш чабышпай этиет сактанып калышты. Алар аздап чегинип, кайра тап берип жаралуу карышкырдай ачуулуу, ызалуу урушту. Эки тараптан тең адам кем кырылбады. Кыр-кырда, ойдо, кокту-коктуда, суу бойлорунда, кечүүлөрдүн чыгаандарында, карагай, кайың арасында сакал, муруту сербейип өлүп жаткан киши өлүгү менен дардайып ичи көөп, төрт буту сунулган ат өлүмү себилди. Айкаштын адаттагы аёосуз кыргыны коңур жердин боорун сыздатты...

Беш күн, беш түн тынбай чабыштан кийин аябай кансыраган табгач алгачкы олжодон ажырап, кыргындан калгандары кансырап иретсиз самсып, теңинен азы качып кутулду.

Бул жолу да кыргыз кыйыры бузулган жок.

Бирок өкүнткүч дүнүйө ал элди чыгымсыз калтырбады: чабышта жарадар болуп кайткан Эр-Күлчүр жараты зилдеп, табыптар берген дармектин эч эми түшпөй жылкы жылы ада болуп, жылан жылы башталганда жалган куран[1] айынын жыйырма сегизи түнү акыл-эси менен ага-тууганын, атпай журттун кеп ээси билгилерин, жарак аштаган эрлерин алдына чакыртты. Жараттын забын тапкан жанын сыздатып, өткүр, сүрдүү көздөрүн алайтып. алсыратып, кишилерди кыдырата карап Эр-Күлчүр керээз айтты:

– Арыгыңды семирткен эдим. Азыңды көбөйткөн эдим. Кырк уруу атпай журттун башын коштуруп, түбү терең кел кылам деген санаам ишке ашпай баратыр... Кеп билген чечениң эшитиң, жоо саяр эриң эшитиң. Мен он экиде эдим. Ага-тууганды н эрке уландары болуп, кунан минип, тээ Коңурдун жайыгына кыргый салып кеттик... О, төшү түктүү күрөң Жер ай... Биздин жерде эмнелер жок? Карабоор, бөдөн, кекилик, чил, кыргоол, каракур быкыйт. Зарыктырбайт. Туяк астынан учат.

[1] *Жалган куран* – февралга туура келет.





– Куш конду! Бак конду! Уа, эл-журт! Азың көбөйдү! Арыгың семирди! – Жакшылык кабар! Куш конду!..

– Ээн жаткан эл-журт эшитиң! Эрөөлдөгү жоокер эшитиң! Жакшылык кабар!

– Кырда жүргөн жылкычы эшитиң! Ойдо жүргөн уйчу эшитиң! Жакшылык кабар!

– Жакындагы тууган эшитиң! Алыстагы жекжаат эшитиң! Жакшылык кабар!

– Куш конду! Бак конду!

– Эгинчиң эшитиң! Көмүрчүң эшитиң! Кенчиң эшитиң!

– Куш конду! Кут конду!

– Жакшылык кабар!

**ЖЕТИЛҮҮ**

Көмүрүнө чыдабай
Көөнө токой жоюлган,
Көөрүгүнө чыдабай
Көк букалар союлган.
*Манастан*

Кыргыз усталары курал-жарак жасоодо өтө чебер болушкан. Кыргыз колунан чыккан темир курал бөтөнчө курч болгондугун, керик[1] терисин да көзөп кеткендигин кытайлар жакшы билишкен жана летописттеринде белгилешкен.
*Л. А. Евтухова. «Южная Сибирь в древности».*

«Жылкычы болчу уул ээрде укта. Ээрде уктачу уул эл багар» деген сөз жуткан кымызындай жедеп канына тарап, биротоло ишендирип, чыйралтып койгон соң Жаш-Тегин жылкыга келгени ат үстүндө уктайт. Арийне, ар

[1] *Керик* – носорог.





бир жаңы жай кичикти да, чоңду да чочутат, көнүктүрөт, бышыктырат. Жаш-Тегин адегенде ээрде уктай албай каалгып, башы шылк этип, ээрдин кашын уруп ээги томпоюп жүрдү. Көздөрү кызарып, өңү керсары тартты. Ошентсе да «Ээрде уктачу уул жылкычы болур» деген кеп аны биротоло ишендирген. Ал ээрде уктай албаса, жылкычы болбосо, эрен болбой калчудай сезет. «А бала атасын тартпаптыр. Ээрден бөлп түшүп калыптыр. Көчүгү бош куурай тура» деген айың, Жаш-Тегинге айтылаары бышык. Аны жылкычыларга узатып жатканда: «Уйкучу болбоң уул. Сен уктап жатканда жылкыга не жолборс чапса, не жоо тийсе аттан айрылбаң. Талаада калбаң. Баарынан жаманы ошол: сен чабаар союл кемийт. Сак жүрүң!»– деген эне.

«Сен чабаар союл кемийди». Баарыдан ушул сөз баланы чыйралтат. Ал кайың укуруктун чылбыр-боосун каруугa тыкан илип, тебетейди баса кийип, даакы-тондун эки этегин тизеге орой кымтынат. Өзү ээрден өнүп чыккандай. Баса, там-түң баскандан өзүнчө айырмачка таңылып, өзүнчө атка бастырган бала азыр жетиден өтүп калганда ээрде бош олтурмакпы? Өскөн жайы ээр, көргөнү ат жалы, укканы байыркы өткөн эр-бааны:

– Биздин эр-бабабыз үч жашында жылкы багыптыр. Беш жашында ууга чыгыптыр. Жаа тартып, бөрү атыптыр. Жети жашында жоокер болуп жоого тике барыптыр. Эми алты жашар бала атка араң чабыыр. Ээ, эр кичиририр, ат азыр... Эр-бабабыз отуз колу менен табгачтын кошуунун чапкан экен. Биздин туштагы эрлер аны иштейби?!

Ушул сөздөр Жаш-Тегинди чыйралтат. «Э, мен бабамдай болом. Жаа тартам, жоого чабам. Чоюн баш согом».

Күндүз ойду, адырды каптап жылкы ыңырсыйт. Жуушаганы жуушап, оттогону оттоп, оюнкараак кулун-тай, кунан-дөнөндөр алышып-тиштешет. Ойдон кырга куюлуша оюн салышат. Таш кордо «быкбык» кайнайт. Жыл-

Мен аябай кызыктым. Кыргыйым учканды куткарбады. Мен өзүмдү арстандан таймайбас эрмин дедим. Урунуп-берингим келди. Ошондо жок жерден чыр баштадым. Маа жологон уланга камчы үйүрдүм. Бир-экөөнүн бетин айра чаптым. Бир-экөөнүн кыргыйы колунан учуп кетти… мен аябай ачууландым. Чабышта жоо чапкан эр сыяктандым. Менден башка уландар маа тизе бүкчү жоо өңдөндү.

Бир кезде күчтүү үн чыкты:

– Тарт, уул?!

Мен кылчайганча чоң күрөң атка минген зор адам тик качырып келди да, мени сол колу менен так дал ортодон аткыды. Колунун салмагына өпкөм куушурула түштү. Анан ол, мени ээрден так көтөрүп бир онду санаганча колун түшүрбөдү. Мен «Абаке» деп жалындым. Ол мени акырын ээрге түшүрдү…

Эр-Күлчүр керээзин айтаарда абдан эле алсыз болчу. Эми эбаккы бир өткөндү эстеп чыйрала түштү. Дайым жанында турган күмүш чөйчөктөн суу ууртады. Тилин уурtunда булгалады. «О муздак суу. Эр суусуну…» деди окшойт. Тынымча ойлоно калып анан керээзин улады:

– Корккон уландар селейип турушту. Зор киши аларга унчукту.

– Канчасыңар?

– Кыркпыз, аке – деди бирөө.

– Калгандар суу ууртап алгандай томсорушту.

– Барың! Экиден чыбык кыйып келиң баарың! – деди ал.

Биз токойдон экиден чыбык кыркып тез жетип келдик. Зор киши бизге карап күлдү. Эркелеткендей айтты.

– Аа… акмактар, менин өкүмүмдү эшитиң!

Бирибизди бирибизге сабатат экен деп биз коркуп кеттик.

– Чыбыктын бирин сындырың. Бирин коюң! – деди зор киши.





ларды тике качырды. Чоң киши алдыда, Жаш-Тегин аркан бою артта бараткан. Ошондуктан ал караанды Жаш-Тегин биринчи байкады. Ал: «Аке! Жоо»! деп айтып жибере жаздап араң калды. «Коркок экен деп ойлобосун»…

Жаш-Тегин оюн жыйгыча тигил караан тике качырып аны куушуруп кирди. Ал сол жактан келаткан. Тегин сестенди. Буйдала түштү. Жүрөгүнүн дүк-дүк соккону өзүнө сезилди. «Эмине, мен коркомбу? Эр акемди тартпай калдымбы»?

Ал аңгычакты болбой чукулдан сунулган жанчар болоту Ай шооласында жаркырай түштү. Жаш-Тегин эптене калып, жоонун жанчарын чокмор менен кагып жиберди. Жоо шаштысы кете түшкөнсүп… ашыгып, жанчарын оңтойлогончо Жаш-Тегин качырып барып, аны чокмор баш менен каруууга какты.

Чыканагы муздап селее түштү бейм? Жоо жазганды, кылчактады. Бул кезде тигил жоокер-жылкычы кайра тартып качырып калган. Жоо кача жөнөдү… Селейген колун капталына бекем төшөп: «Бала тайманган жок. Күч кирип калыптыр»… деп баратты «жоо»… Ал калың черди аралап таптырбай кетти.

Жаш-Тегиндин эрдигин эрөөлдө жүргөндөр укту. Бирок, алар, жоо дегенге ишенген жок. «Өзүбүздөн эле бирөө баланы сынады да. Четтен келген арам санаалуу жоо баланы торойто чаппайт беле?» дешти. Эрөөлдөгү жылкычылар «ооруктагылардын бири» дешти. Ооруктагылар ал окуяны угушканда эч кими аттанып кетпегенин, чогуу болушканын айтышты. Айтор, түндө Жаш-Тегинге «кол салган жоонун» ким экендиги белгисиз калды. «Чынында эле ал жат болсо керек. Ал кандайдыр бир өз тобунан калган жоокер болсо керек? Балким, аты арып жүрбөй калгандыр. Тың, жакшы ат кармап алганы ал жылкыга келгендир?» деген күмөн калды.

Неси болсо да, Жаш-Тегин ээрде уктап жүрүп эрөөлгө жарап, бышыгып калганы макталды. Эр бабанын тукуму





кычылар тыныгат, зериккенди жазышат. Алар не тээ дөбөчөгө тондон каракчы коюп, аны бута кылып мелдеш ачат. Кимиси ал бутага удаа үч жолу жебе матаса, ал «Жылкычы ага» болуп төрдө отуруп учаны алат. Не байгесине сүлөөсүн, суусар алат. Кимиси үч жебенин бирин бутага тийгизе албаса аны жылкычылар даардашат. Ал албарсты сасытып, сыйкырдап кеткен сасытты катары сууга салынат, не отун жыйнап, жылкычыларга тамак бышырат. Айтор, зериккендеги жылкычы оюну: бута атуу, болбосо эки топко бөлүнүп эңишүү; азоолорду үйрөтүү…

Эчен-эчен дирилдеген кунан быштылар, жаңы асыйлар чалма түшкөндө эки аяктап көккө карай атырылып чыңырат. Шамдагай жылкычы аны кулактап, жүгөн катып тердик салып, ээр токуйт, бири шап минет. Азоо так түйүлөт. Арткы эки аягын сырактата туйлап жөнөйт. Ээрде жабышкан жылкычы жыгылмак тургай тентекти жөнгө салгандай камчы салып, азоонун этин ансайын ачынтат. Азоо ансайын туйлайт. Жылкычы ансайын камчы басат. Ондон төшкө карай энтиктирип, төштөн ойго карай адырандатып чапкылайт. Жаныбардан көлшал тер кетет. Ооздук кыйып жамажайы канайт. Көкүлү түйдөктөшүп, көзү жалооруйт. Төшүнөн, соорудан, колтуктан ак көбүк боржоктойт. Аябай алы куруп чарчаганда башын чайкайт, чаалыгат, теңселет. Киши азоону багынтат. Чоң киши бир мингенден кийин ал азоону жылкычы балага мингизет. Арийне, бала салмагын сезген азоо кайрадан чыйралат, кайрадан дирилдеп, октонот, туйлайт. Азоонун ыгын ала элек, азоо үйрөтүшкө дасыга элек баланы ал жалп таштап кеткенде чоңдор бала-жылкычыны шылдыңдашат: «Оо, чөп көчүк, чөп көчүк беди?! Муну эмнеге жылкыга жиберди, не?! Кокус жоо тийсе, бакырып ыйлап, аттан айрылчу борпоң тура. О, уул! Же бышыгың, же үйүңө барып, торпок миниң. Ат секиргенде ээрден болп түшүп калчу уул жылкы күзөтпөйдү!»





дак калбасын! Кирген үйүң чамгарактуу болсун! Артыңдан кошуун ээрчисин! Атыңды эл унутпасын!– Адылтай ажо эки алаканын жаа төбөдөн бийик көтөрдү:– Уа, устү ачык Көк, түктүү ыйык Жер? Мынабу жаш балага, акыл менен күчтү аябаң? Ачка болсо эминеден ачка болгонун байкабаган, ток болсо эминеден ток болгонун байкабаган биздин момун журтубуз баштуу болсун. Дарыя бойлой, кең адыр жайыттарында тыныч олтурушсун? Муңайбасын?

Үйдөн Адылтай ажо сүйлөп жатканда сырттагылар да кошо күңгүрөп турушту.

– Бата!

Үйдөгүлөр да, короодогулар да биринен бири көрүп, бирин-бири улап тээ дарыя боюндагы үйлөрдүн жана жолдо турган улуу-кичүү бүт Көккө алакан тосту. Үч кайра жакшылык сурашты:

– Уа, Көк тенири, биздин журтка кут бериң? – Кут бериң?

– Кут бериң?

Бата айтылган соң, ажо жанатан алдында туура жаткан болот тинтени жалтыратып алаканына салды да балага тосту:

– «Элден кетпейм! Ак жолдон тайыбайм!» деп ак тинптенин мизин өп, уул!

Бала бабанын сөзүн ашыгып кайталады. Чекесин тийгизип анан тинтенин мизин үч өптү…

Жаш баланын башынан кая айланткан эненин үнү эшик алдынан чыкты:

– Өптү, чырак! Ал, чабармандар, эл-журтка кабар жайгыла!

Дал ушул кабарды күтүп турган төрт жоокер мамыдагы аттарга шап-шап миништи. Төртөө төрт тарапка карай бездирип чаап жөнөштү:

– Жакшылык кабар!

– Жакшылык кабар!

ка, эптүүлүккө, коркпостукка бышыктырат. Түнкү оюнда жүргөн жоокер-жылкычы чынында эле кандайдыр бир кыйынчылыкка дуушар болсо, ал андан сактанып, жалтанып кылчакташка акысы жок. Эгер ал корксо, не сактанбай осолдук кетирсе – анда ал жоо кийимин кийинип, ат үстүндө жүрүшкө акысыз. Жолбун үйдү багып, отун алып, от жагып, таш-кордо белендеп, аш-тамак бышырып калат. Бул – эр киши үчүн ашкан кемсиниш. Аябаган уят иш. Кай кездерде ар-намыстуу улан ушундай уятына чыдабай чокмор башы менен өзүн башка коюп өлүп алгандар да болот. Ошондон улам: «Уят өлүмдөн күчтүү» деген макал бар…

«Жоокер оюнуна» катышкан балдар да өзүнүн өлөөртирилерине карабай мойнуна тагылган милдетти тайманбай так аткарууга тырышат.

Азыр Жаш-Тегин жылкычы кошуундан эрөөлдөгү жылкысы жоокерлерге сөз ташып кабар айтып жүрөт. Анын жанындагы жашы кыркка таяп калган жоокер-жылкычы да өзү бала кезинде дал азыркы Жаш-Тегин сыяктанып ошол кезде азыркы өзүндөй чоң кишиге тизгиндеш болгон. Чон киши – чоң киши. Жанындагы баланы сынагысы, аны эрмектегиси, не баш тоголотуп ага эрдикти жугузгусу келет. Ал жанындагы баланы не жазгырат, адаштырат. Не ага: «Жоо келип калды»! «Жолборс, каргыды»! – деп аны күтүүсүздөн чочутат. Бала, ага коркот, сактанат. Элеңдейт. Бирок өзүнүн коркконун чоң кишиге билдирбейт. Кокус чочуп: «Ыйык эне»! деп бала айтып жиберсе, анда ал өзүнүн корккотугун сездирет. Дал ушуну даана сезген Жаш-Тегин не болсо да «Ыйык эне!» деп айтып жибербес үчүн алдыңкы эринин бек тиштенип, чокмор башты такымга кыспай аны камчы ордуна бекем кармап, атта чыйрак келаткан. Жер адырлуу, чер бадал бар. Алар дүпүйөт, шоолаланат, бирди эки кылат. Булар кандайдыр бир жоноюлдун ачыгына келген кезде наркы калың чердин караңгылыгынан чыга калган караан бу-





Биз айтканын иштедик. Ал калган кырк чыбыкты маа бергизди. Кырк чыбык кош уучума араң сыйды.

– Сен күчтүү уул экенсиң?! – деди зор киши маа. – Кырк чыбыкты бир кармап сындырың!

Мен «шык» деп башымды чайкадым. Ол күлдү. Туулгасы баскан саамайынан шуушун кан сызылганын көрө калдым.

– Ошондой! – деди зор киши.– Бирден сынды. Кыркы бириксе сынбады. Мен кырк эр болуп жортуулга аттангам. Табгач жайыгынан берки чөлдө отуз тогузу тарап кетишти… Мен жалгыз чабыштым. Өлөр эдим – …аттын күлүгүнөн жоодон араң кутулдум. Кыркың чогуу болсоң, силерге эр даабайды. Жалгыздасаң бөрү жейт силерди, акмактар! Зор киши жөнөп кетти. Кимсиң деп сурай албадым. Анын кеби өмүр бою менин көөдөнүмдө калды. Ал киши эмес колдоочу болучу. Жортуулда ал менин эсиме түшчү. Өзү көз алдыма келчү. «Колуң аз. Уруунун баарын чакыр!» деген кеби кулагымда… Атпай журт, кыркың кырк жакка тарабаң. Баш кошуң, дедим. Аз кобөйсө, ач тоюнса, дедим. Бир болгондо жортуулдап жеңип кайттык. Аз болгондо бүлүнүп кайттык… Эр кебин эсиңе тут, баба салтын таштабаң, атпай журт!

Эр-Күлчур көп элди кыдырата карап, соңгу демин алды:

– …көрүмдүн чекесине таштан балбал коюңдар! Чоң бетине өмүрдө мен иштеген эрдик сөздөрдү чектирип тамга басыңдар. Тукум билсин. Унутпасын! Уа, эрендер, кырк уруунун билгилери, бектери эшитиң! Ач калганда ток болууну унутпаң. Ток болгондо ач калууну эстең!.. Чогуун тынычсың. Жалкың муңаясың… кош…

Ушундан кийин Эр-Күлчур көз жумду. Андан бери бир кыш кар эритти. Тоодогу бугу жүгүрдү. Эр-Күлчурдун уулу Жаш-Тегин бешке толду. Ал эр атасын эстеп аябай сагынчу. Мейли, сагынсын деп коюшкан. Атасынан жаш калган бала, атасын канчалык көп сагынса, анын арбагын унутпайт. Атасындагы бардык жакшы касиеттерди





ңая болукшуп турган Сайкал эне кан толгон аякты алаар замат канды Жаш-Тегиндин башынан айлантты:

– Баш көзү, журт ээси бол! Каның бөксөрсө, эр уул саа кан толтурсун! Каруун тайыса, эр пишер саа каруу кошсун! Душманың тизе бүксүн!

Эне аякты акбоз кунандын көкүлүнүн үстүнөн айлантты:

– Чабышта арыбаң эр аты. Качканды куткарбаң эр аты. Ээн качса куткарың, эр аты. Сенин каның толсун, жоо аты кансырасын, жаныбар!

Эне канды аягы менен четке карай ыргытты.

Баятан ордо эшигинин алдында аппак ичик жамынып ыйыктай катып-сенип тек турган Умай эне Жаш-Тегинди алкады:

– Жогортон ачык Көк, төмөнтөн ыйык Жер колдосун чырак! Эр бабаң жылоолосун! Жоо бетиңе чыкпасын! Сени эл-журт унутпасын!..

Анан ордого кире берээринде небересин маңдайынан үч кайра сылады. Шакекке толгон чоң эненин жумшак манжалары Жаш-Тегиндин бетин сыдырды.

– Бар, уул. Бабаңдан бата тилең!

Жаш-Тегин элтеңдеп ачык эшикке карай чуркады. Төрдө козголбой, бирок тербелип, күңгүрөнүп, өзү да, сакалы да апакай болуп олтурган ажо бабасын көздөй шашты бала.

Бала түшкөндө чарылдап, канат сермелип айырмачтын кашына коно калган шумкарды Эр-Киши мээлейсиз колуна кондурду. Анан ал баланын артынан үйгө кирди. Бул кезде бала жоокерлердин салты менен сыңар тизелей колун бооруна алып:

– Эр адамдын кушу адегенде башыма, анан ийниме конду! – деди.

Кары эми кайраттанып айтты:

– Бабаң колдоду уул. Башыңа кушу конду. Кичик болбо, чоң бол. Эссиз болбо, билги бол! Минген атың жай-





Ыйлагысы келген бала-жылкычы чоңдун кордоосун укканда кайра чыйралат. Азоого кайра минет. Эми ал ээрде чыйрак олтурат. Тизгинди кыска кармайт. Камчыны жогоруга көтөрөт. Күчүнүн барынча азоону такымга басат. Жели чыккан азоо эми баштагыдай туйлабайт.

Чоң жылкычылар туш-туштан баланы макташат:

– Уа, мал четинде жүргөнгө жарап калдың.

– Андоостон атың үрксө ыргып кетпең?

– Аттан ажырaганда эрдин канаты кесилер, уул! Өлсөң сеөгүң ээрде жабышып жүрсүн!

– Эрди ат жалы сүйөр!

Азоодон жыгылган сайын Жаш-Тегин чоң жылкычылардын ушул жемесин укту. Анан ал жылкы четинде бат эле чыйралып, бышыкты. Айсыз түндө каадалуу чоң жылкычынын дымагын баштап, тээ өр таянган узун кырды кырдап тоого жалгыз чыгып кетет. Ал адеп жалгыз бастырган түнү коркпос кайратман өңдөндү, бирок шектенип-сестенип, делдейип бастырды. Күтүүсүздөн булак этип кырдан бөрү чыга калганда, мингени коркурунду, элтеңдеди, өзү чочугандан: «Эр аба» деп, жылкычы башыны чакырды. Анан чыйралып жүрөгүн токтотту:

«Бөрү ит да. Андан эмне корком… Ит киши уулунан качат, бөрү да качат». Чыйралып менсине бастырды.

Бир жолу (күзгө таяп калган болчу) жалбырактар саргайып, жон-кырлардын, күңгөйдүн чөптөрү куурап бараткан. Таң өөк салаарга жакын, бирок анча жарык чачыла элек. Желарга лепилдеди. Ал түнү жаңы үйрөтүлгөн асый минген Жаш-Тегин өзүн чоңоё түшкөндөй баамдап, чырым этип уктабай төшүн жая, менсине эркин жай бастырып келаткан. Каптал шабырады. Не уй, не топоз экени белгисиз, жер төлөдөй карарган жаныбарлар дүрсүлдөп-күрсүлдөп келатты. Чыны менен коркуп кеткен Жаш-Тегин кылчайбай ката жөнөдү. Ансыз да «шырп» дабыш алса селтең эткен асый жондун шамалын аркыратты… Бирок бул коркконун ал жыл-

өзүнө чакырып алат деген ишеним элде күчтүү. Өмүр бою Күлчүрдүн оң канаты болуп жүргөн Эр-Киши Жаш-Тегиндин бешке толушун чыдабай күткөн. Бештеги уул – адам болом десе, бардык жакшы-жаманды, эрдик эмине, коркоктук эмине дегенди оюна алар кези. Ушул жаштан баланы ат үстүндө эрдикке, мал артында эмгекке, сактыкка көндүрүү байыртан баба салты.

Эр-Күлчүрдүн алдында сөзгө бек Эр-Киши бүгүн анын баласы Жаш-Тегиндин башына бак чакырды. Азыр ата шумкары, не ата чамгарагына, не баланын башына консо, анда ата багы баланы колдойт. Бул далайдан канга сиңген ыйык ишеним – кишилерди чыдамсыздан күттүрдү.

Ортоңку чоң ак үйдүн төрүндө жайкалган ак сакалын жашка чайып олтурган Адылтай ажо[1] баятан тек күңгүрөнүп, тек сыздап, тынчы кетип тиленди: «Уа Көк теңири, ата кушун баланын башына кондуруң? Консо, кем болбоспуз. Конбосо: толбоспуз» деп ичинен зар какшады.

Сырттан үн чуркурады:

– Келатыр!

– Келатыр!

– Жакын калды!

Төрдө алтын тактыда олтурган ажо түрүлүү эшиктен тээ алда кайдан серендеп чаап келаткан небересин бая эле көргөн. Ал азыр жакын калды.

Адылтай ажо колун көтөргөндө кызыл кымкап тонунун жакасы далысынан жылбышты:

– Пө! Шумкарды колума кондуруң!

Ушул сөздү күтүп белен турган боз улан күмүш туурда олтурган шумкарды узун жибек боосун чубалтып ажонун сунулган колуна кондура салды. Адылтай шумкардын тырмагын өптү, көкүрөгүн жыттады, так төбөсүнөн куйругунун учуна дейре үч кайра сылады да анан:

[1] *Ажо* – падыша, баш кан, мамлекет башчысы.





– Уа, кыраан, ачык айтың, так сүйлөң! Калың кошуун баштуу болобу? Эр ээнди тап! – деди да, шумкарды чамгаракка карай шилтеди. Шумкар негедир жан талашкандай чарылдады. Узун боосу чамгаракка чалына-чабыла, өзү да чамгаракка конуп калчудай болуп талпынып, калтылдап анан калкып учуп кетти.

Калтыраган ак манжалар сакалынын учуна катып калган Адылтай ажо жан берчүдөй селейип… эшиктен ары тигил келаткан баладан көз албады. Бир аз үй да, сырт да, теребел да бүт өмүр өчкөндөй жымжырт боло түштү…

«Баба шумкары ээсин таппаса, биздин тукумдан кут кетир, бак качар» деген коркунуч жымжырттыгы.

– Конду!

– Конду! – деген үндөр чур этти.

– Ажо ата, балаңызга бак конду!

– Куш конду, чоң ата!

– Адылтай ажонун көздөрү жашка тумандады. Өзү көрө албай кубангандан ашыга сурады:

– Чын кондубу? Чынбы? Түлөөсүн тартыңар! Аксарбашылын айтыңдар!

Сары башыл ак тармал күрпөң эшик алдында даяр болду. Алаңгычакты эдиреӊ-эдиреӊ арыш созуп кунанын чаптырып Тегин жетип келди.

А дегенде кызыл чачыктуу төбөсүнө коно калып, кайра талпынып баланын ийнин аткып шумкар чырылдап жиберди… Кантсе да чочудубу, не шумкардын тырмагы жаздым кулагына тийдиби? Бала мойнун жыйрып не ыйлай албай, не күлө албай: «Баба-а»! деп чакырды.

Бул кезде чоң күрпөңдү энтиктирип жете келген Эр-Киши озунуп аттан ыргып түштү да, баланы айырмачтан так көтөрүп ала койду.

Мууздалган аксарбашылдын ысык канына толгон күмүш аякты шымаланган жигит энеге карматты. Алтын билерикке билеги майышкансып, келберсине, му-





кычыларга билдирбеди. Өзүн коркуткан эмне деген айбан экенин билбеди. Кийин арадан далай мезгил өткөн соң, өзү түнкү күзөтчүлүккө көнүгүп, түндө далай жырткычты кезиктирген соң гана, баягыда өзүн коркуткан доңуздар экенин билди. А дегенде жер түрткөн доңуздан чычая качканына абдан өкүнүп, ызаланып, өзүн-өзү жемеледи. «Жаман чочкодон коркконума караганда мен эрен болбоймун» деп өкүндү.

Булут сургулт тартып, кар тоо этектеп калган. Жылкычылар жылкыны түзгө түшүрдү. Эки-үчөө жаалдарын оңтойлоп, тээ аскалуу коргулдан теке уулап калышты. Аларды Жаш-Тегин ээрчиди. Тигинден-мындан качкан эчки-текелер соёлоно-созула каргыйт. Эки текени жебе куткарбады. Бир эчкини жарадар кылып кармап алышты. Жаныбар, сур эчки көздөрү жоодурайт. Аны мууздап, Жаш-Тегинге бөктөрдү.

– Шыралгасы сеники. Жылкыдан семиз тай союп, жылкычыларды сыйлаң. Эчкини бабаңа жеткизиң!

Алар жарпы жазылып уулдап-чуулдап, эки жагы чын өзөндү бойлой чер аралап келатышкан. Алаңгычакты болбой оң жак шабырттады. Чөптөрү жапырылып, бопбоз жаткан аянтчадан бери атылып качырып калган каманкды көрүшүп чоң жылкычылар:

– Ой, каман. Чалып салбасын! – дешти. Алар аттарына камчы басып тездешти. Атырылган каманга аңкая караган Жаш-Тегин: «Э, камандан качсам эрен болмок белем» дегиче, кылкыйма жете келип тумшугун согуп өттү. Албарс менен сокконой жоон саны алжая түшкөн күрөң очорулуп басалбай кейигендей кулагын жапырылтып окуранды.

Жылкычылар кайра тартышты. Алар кылчактап баратып байкап калышкан:

– Токтоң! Баланын атын каман чалып салды…

Ушундан кийин гана Жаш-Тегин баягы түнү камандан качканын эстеп уялбай турган болду.





Четинен кетилип аябай эле бөксөрүп чыккан Ай анча шоола бербейт. Саргылт тартып ал аябай азып, аябай муңайгансып жылдыздуу көктө жай каалгып келатат. Түн караңгысынын жарыгы. Дал ушундай түндө жер төлө дөмпөйүп кандайдыр бир жаныбарга окшойт. Карагай, кайың карарып көбөйүп, бадалдар дүмпүйүп түнөрөт. Аны аралай оттогон жылкы дайынсыз болот. Дал ушундай түндө атчан киши обочодон анча байкалбайт. Дал ушундай түндө жолборстун созула секиргени көрүнбойт… Айтор, коопту да, шектүү да. Ошондуктан дал ушундай түндө жылкычылар «Жоокер оюнун» ойношот. Мында жалпы санына жараша алар бешке бөлүнөт. Төрт бөлүгү не бештен, не андан да көптөн болушуп жайыттын төрт тарабына кетишет. Калган бешинчи бөлүгү – негизинен баарынан көбү. Булар баарына четтен байкалбагандай, бирок өздөрүнө белгилүү өңүт жерди ээлешет. Булар – кол башчы, тынычып жаткан кошуун… Аттарды отко коюшуп, өздөрү аш-тамак белендеп жай жаткан болушат. Чынында алар, жай деген менен жай да эмес: өз араларынан бир бала, бир чоң кишиден дагы төрт түгөйдү бөлүп коюшкан. Алар ат үстүндө. Жоокердин каадасы, жоокердин эпчил-ыкмасын иштешип – дыкан, шайдоот. Айбалта не чокмор башты такымга кысып, аттардын жалына жата калышып кырды-кыр, ойду-ой, черди-чер дебей аралай, кыркалай чапкылайт. Тигил төрт тарапта түнкү эрөөлдө (күзөттө) жүргөн жоокерлерден кабар алып, тигил чоң кошуунга билгизет: «Кыйыр тынч. Мал-жан муңсуз»! Андан кайра чапкылашат. Эрөөлдөгүлөргө кабар жеткизет: «Оорук тынч. Эр билги каныбыздын эр жоокери күзөтүп эл-журт муңсуз. Кыз узатып, келин алып, тоюн тойлоп, ашкан чебер-чечендердин, кебине канып, тамаша эрмегине жыргап жатыр журт»!

«Жоокер оюну» деп атап койгон ушул түнкү күзөтүүнүн жеке бул эмес, бир топ түрү бар. Алардын кайсынысы болбосун – тайманбастыкка, шамдагайлык-

тады. Бытырап, тентип жоюлуп бараткан уруулар кайрадан курула баштады. (Алардын көбү жоюлуп да кетти). Ошентсе да, жер тамыры жыш, терең болгондой эле, эл тамыры да жыш, терең. Ал бирде азайып солуган менен кайрадан көгөрүп калыңдап көктөөрүн билгизди...

– Уа, тукум! – деди Адылтай жалпыга – ошол кырдаал биздин башта... Тигил түргөштүн баш каганы Берлик Уч суу ураанына чакырды. Ону менен токтободу.

Тиги Казы-Ак-Көлдү жердеген калың уйсунду өнөктөшөзөктөш журт бололу деди, Берлик түтөп өрт болуп баратыр. Алтургай тигил төөлөстүн эр Карачурун, таттын Танры эренин, Эштектин Алтын каны, карлуктун Келжурун, он октун Жарык тегинин... ураанына чакырамын деген алп Берлик эми Адылтай ажону да өзүнө баш ийдиргени бар. Тоону, жышты, кең жазыкты, тунук дайраны жеке жердейм. Кыргыз атанын журту маа кошулсун. Кошулбаса, жоо экенин билдирсин дептир?!

Ал чын акылман кан болсо, айбалта кагыштырбай, эр баштарын канатпай бириктирбейби? Не күчкө салганда бизди калтаарыйт дедиби, ол?!

– Ажом, биз тек жатпай колду ошо Берликке карай атказсак, кетер?! – деп Азман чыйралган.

– Берлик оолукса да өз. Биздин жоо Сары жазыктан ары тыныч өндөнгөн калың табгач. Ол бүгүн тыныч. Эртең тыныч. Анан ал жай жайлап: жазда мөндүр жаадырып амал менен каптаар. Биз ошол калың жоого белен туралы! – деген ажо.

Ушуну айтып ажо тигил четтен көлчү калың жоого каршы туралы дегенде, ал өз ичиндеги ынтымакка ишенген. Көп уруу журт бир баш, бир кол болуп калды деп ишенген. Көрсө, иш андай болбоду. Жаңыдан бекемдеп келаткан асыл буюмду «тарс» согуп сындыргандай жаңыдан бекемдеп, уюп биригип келаткан уруу ынтымагына доо кетирген тиги эки алпты алдыга матап келишти ажо Эр-Кишиге буюрду:





Кийими эски жука таар. Таар болгондо да төө жүнүнөн согулган ийи майда таар эмес, шоонага жакын жоон жиптен одурая согулган таар. Башына кийгени кара башыл жөн кишилер кийүүчү ак калпак. Калпак болгондо да жээгинде кыргагы жок, тек калың боз кийизден кепсиз тигилген, четтери кесилген кийиз калпак. Мындай калпакты эң кембагалдар, от башында олтурчу барксыз чалдар, көмүр өчүрчү көмүрчүлөр кийишет. Мингени кашаң ат, токунганы кыйчылдаган ыңырчак-ээр. Үзөңгүсү жиптен, куюшканы сызмадан. Кашаң атка жүгөн ордуна катканы түйүн-түйүн жип нокто. Ага жараша өзү жүдөө. Эрди кесилгенби. Жердүлөйдү астыңкы эрдине карартып жабыштырып салган. Көкүрөгү дагдайып төшүнө дейре ачык. Ал тигиндейден эле үн бере келди:

– Ээ, арбаңар, эр-жылкычылар!

– Бар болуң эр-аке!

Эр-Киши сейрек сакал толмоч кызыл кишиге кайрылды:

– Ээ, жылкычы башы эр-Болчур! Сенден бир баланы сурап келдим?

– Э, сураң, эр-аке?

– Жаш-Тегинди бериң? Ордуна үч бала келет...

– Алың, эр-аке...

Эр-Киши Жаш-Тегинди ээрчитип кеткен. Азыр ал экөө чер токойдо карагай бутап, көмүр өчүрүп жүрүшөт. Карагайдын ичке учу салмактан теңселгенде жерде турган Жаш-Тегинге кыйкырды:

– Бери кара, Тегинжан. Мен оормун. Карагай учу майышып, менин башым айланып жатыр. Карагай учунда сен болсоң карагай учу теңселбес. Жеңилсиң да. Мен түшөйүн, сен чык. Бутакты сен бута. Жерден мен жыйнайын. Мен өрттөйүн. Жарайбы?

Эр-Киши карагайдан түштү. Анын ордуна Жаш-Тегин чыгып карагай бутады. Анан көп бутакты алачыктай үймөктөп экөө көмүр өчүрүштү.





ныч эмес, алар да катуу коркуп калган жаныбардай элтендешет, сестенишет, ашыгып жүрүшөт. Соода убактысында нарк бычышкан кезде маалкатуу – жибегин, кымкабын ашыра мактап наркын ашыруу; аң терилерин колдун сырты менен кагып не тескери силкип басып кемсинтүү жок. Айтор, баары бизге ылайык дегендей коогалуу кезде соодагерлер ашыгып соодасын тез бышырат. Тез жол тартышат. Көнөчөктөй коңгуроолор «дүңгүр-даңгыр» этип элүү, жүз төө тиркелген кербендерди жандап айдап, аттуусу атчан, төөчөнү төөчөн соодагерлер кербен тартат. Алар жөнөп кеткен соң: – Күн чыгышта табгач жортуулга камынып жатыптыр. Тигил Ала-Көлдөн аркы жайык журту табгачтарга каршы кол кураптыр... Төмөнкү кең коңур түзүндө жердеген карлуктар чабышыптыр, – деген сөздөр калат.

Уруудан урууга кыдырып жер кезип кайткан чепчи-сынчылар, өткөн-кеткенди жорутуп баамдап ой айтычу даанышман-чечендер, көзү ачык төлгөчүлөр, жыл белгисин кармап, жылдыз караган санчылар баш кошот. Ар кими өз билген кебин, кармаган белгисин, баамдаган ченин, санын, сынын божурап, ортого салат...

– Ак сүйлөң, ыйык? – деп төлгөчү ыңгыранат. Көзүн бир жуумп, бир ачып сыйкырдуу айтат:

– Чукул арада кыйырды бузуп жоо келбесе да... Кабак чытыңкы... Теги коога бар. Жоокер ат чылбырын колдо тутсун? Колдун шайма-шай турганы оң!

Узун сыйда сакалынын учун сылай каалгып коюп санчы да төлгөчүнү кубаттайт:

– Жылдагысынан быйыл эр жылдызы беш күн эрте чыкты... Саал бийиктен өтүр... Муруту кыска, куйругу узун... Артында аз чуусу бар. – Санчы алданемнени эстей койгонсуйт. «Тып» эттире алаканы менен санын чаап алат: – Төлгөчүмдүн төлгөсү төп түштү. Ат жалын тартып мингенге жараган эр-бүлө белен турганы жакшы. Жоо кандай келирди, чабуул кандай болорду болжош кыйын... Жоокер кылчайсаң кары-картаң, күнчүй-улан





жоо колуна олжолонбосун. Жоону кылчайтсак, колго такоол болушсун. Эл-журт олжодон кем болбосун! Жортуулга ат жалын тартып минген эр бүлө кам болсун!

Кементай жамынып кепти ичинен өлчөп олтурган билги киши тыянак чыгарат:

– Сак жүргөн кор болбойду. Коогалуу күн кезек күттүрбөйдү. Жакшылык, жамандыкты бирдей ойлоң журт. Жоо мол, карылуу болуп, биздин кол сүрүлүп, чабылып калса... момун журт арып-азып кыргын таппасын. Баба жердеген ыйык жер бош калбасын. Кары-картаң, күнчүй-жубайың, уул-кызың колго түшпөй жоо жеткис черге кирип, жоо тапкыс тоо-тоого житип кутулсун! Олорго баш-көз болоор тың киши башчылык кылсын!

Кол башчы, акылман-билги, сынчы-санчы ой тапкыч бий тегиз Адылтай бабанын алдында алакан жайышкан:

– Үстүдө теңир бизди колдосун. Астыда күрөң Жерсуу бизге күч кошсун! Ал, улуу-кичүү көпчүлүк ар кимиң каруун келген ишти өтөң!

Дал ушул убададан кийин Эр-Киши жоокерлерге жарак-жабдык камдатууну өз милдетине алган. Өзү баштап көмүр өчүрүшүп өзү баштап барскан согушуп, ал азыр эки аралдагы усталардын кошуунунда, жер төлөөдө.

Жети асый толгон шаа мүйүз көк өгүз кош аралга мууздалаар замат анын башы кайың диңгекке дал ошол эки аралга сайылды.– Бул көк бука уйдун ээси Зеңги-Баба жолуна аталганы, Зеңги-баба колдоп, ушундай өгүз терилериен көп тигилген көөрүктөр чокту күчтүү үйлөсүн, чокту азбай кызартсын. Көөрүк кызарткан чок көк темирди тез кызартып, тез эриген темирдин курчунун эр кылычы, эр балтасы, эр минээр ат турманы бекем, сынгыс жаралсын. Ар бир жоокерге ушул көк өгүздүн күчү берилсин деген ырым. Дал ушул ырым иштелээр замат тигил жер төлөөлөрдө чоң-чоң көөрүктөр «куш-куш» басылды. Көөрүк баскандар карасакал дардайган жигиттер. Жаактарынан тери сызылат. Тыныгышпайт, колтук жазып күч чыңашат. Тажаал үйлөгөндөй

Бирер мезгил өткөндө Эр-Киши Жаш-Тегинден сурады:

– Биз көмүрдү эмне кылабыз, Тегинжан?

– Уста узанат, эр-аке.

– А-а, бали-е... – деди. Эр-Киши анда-санда бир айтты.– Эр бабалар темир казган кен бар. Өзү жанган кара таш бар. Аны да өз көзүң көрөт. Өзү жанган таштын чогу ташты эритет, топуракты күйгүзөт. Андан мөлт-мөлт темир эрир. Ону тундурганда көк болот уюп калыр. Ал болотту балбан төөлөргө жүктөп кишилер бизге алып келир. Биздин көмүр ал темирди кызартады. Уста узанат. Кызарган темирди чыңдайды. Андан балта согоду, көк чыңайды, тинте созоду... Жоодон коргоноор асбаб шол! Биз өчүргөн көмүрдүн эмнеге керек экенин эми билдиңби, Тегинжан?

Жаш-Тегин ызат менен жооп берди:

– Билдим, Эр-аке.

– Ошондой. Жоокер киши өз асбабын өзү жасап алса, анда ал асбаб, аа күч кошоду! Сен өчүргөн бу көмүр темир кызартады. Андан өзүң көөрүк басасың. Өзүң темир чыңайсың. Өз кылычыңды согосуң. Биздин тукум илгертен өзү иштей жүргөн өнөрү. Биздин тукум тынч кезде мал жаяды, аштык айдайды, темир согоду. Кыйырга жоо келгенде аа каршы аттаныр. Ошондо өзү согуп алган асбабы өзүнүн колунан түшпөйдү!

Эр-Киши бир кыйлага үндөбөй алоолонгон отко чегедек ыргытат:

– Эмине үчүн көмүр өчүрүп жүргөнүбүздү билдиңби, Тегинжан?

– Билдим, эр-аке.

– Ээ, ошондой...

– Мен да өз балтамды өзүм согом эр-аке...

– Ээ... чын айтсаң мени ээрчи, Тегинжан!

Жаш-Тегин Эр-Кишини ээрчиди. Ал тигил дасыккан, бышыккан, улгайып бараткан алп кишинин жанында алп жаш чыбыктай солку, али маңыроо бала күйүккөндө тек





Эрдене менен Урдананын ал арамын эми мындан ары улантпас жагын ойлоп Адылтай ажо кырк уруунун башын курап турган або[1]-бектерди, колбашчы-кандарды ордого чакыртты.

Ажо ордосу жасалгада. Жеке ордо эмес, бүт ордону курчаган ак үйлөргө, бүт аймакка кут жаагандай укмуштайып, кереметтенип – байлык ташып калган. Ага себеп соңку бир нече жылдар бого бул элге четтен кол салган жоо жок. Кыш – коңур. Жаз – мелүүн. Мал – төлдүү. Дыйкан – эгиндүү. Темирчи – темирлүү. Ак өргөөдө кыз, келин суйсалып, маек куруп, жар-жар айтат. Кергич керип, сайма сайышат. Ар бир ак үйдө ата, эне балпая тартып жай олтуруп кымыз жутат. Жай сүйлөп – «Улуу сөз» улашат.

Ажо ордосунан тартып эл-журттун ар бир конушунда ушундай бейпилдик болуп турган кезде Эрдене менен Урдананын тигил шоктугу деле жалпы журтка жакпады. Бейпилдик самаган кишилердин кыжырын келтирди.

Жалпы журт эми Адылтай ажодон кеп күттү.

Дале өз кишилер эмес, тиги бөтөн уруу бул кезде баш ажо Адылтайдын эмне айтаарына кулак түргөн кез. Антип кулак түрүүгө чоң себеп бар:

Тээ байыркы заманда көп уруу журттун башында алп Уз кан турганда, ага кайсы жоо чак келди эле? Чалгыны сынбас кыраан болуп ал заманда ошол Уз алп баштаган журт тигил кыжылдаган табгачтын башкы падышасы Узга тизе бүктү. Сары алтын, ак күмүшүн, асыл жибегин аянбады. Аруу кызын тартуулады...

...Соңку урпактар бүлүндү. Эр бабадай боло албай бүлүндү.

...Нечен жүз жылдар бүлүндү. Тымтыракайы чыкты. Эми таптакыр кырылдык, жоюлдук деп турган кезде журт кайрадан көктөдү. Кайрадан куралып баш көтөрө баш-

[1] *Або,– бек* – министр деп түшүндүргөн Я. Н. Бичурин





шуулдап кара көмүр кыпкызыл чокко айланат. Баш-куйругу кесилген алабугадай мелтиреген көк темир-уюткулары чыңалып кызарып... бирпаста ал дөшү жазданат, аны барскан согот. Укмуштуу жаныбар жан талашып безилдегендей ширенди «шыр-шыр» чачырайт...

– Сок, аке! Сок, барсканды. Көк болот созулсун. Кылыч чыңалсын! Сок, аке!

Башкалар тердейт. Эр-Киши тердебейт. Башкалар чарчайт. Эр-Киши чарчабайт. Башкалар суусайт. Эр-Киши суусабайт. Башкалардын тыныккысы, уктагысы келет. Эр-Киши тыныкпайт, уктабайт. Анан башкалар да Эр-Кишиден калышпайт.

– Ак жерден курч мизи кызыл[1] төкпөң.

Ак жерден курч мизи башты кеспең.

Бас, көөрүктү! Басың, аке, Кызарсын көк[2]...

– Сок аке, барсканды, сок!

– Чыңалсын, көк!

Алгачкы күндөрдө көл-шал түшүп тердеген Жаш-Тегин эми тердебейт. Алгачкы күндөрдө тез чарчачу Жаш-Тегин эми чарчабайт. Ал, кез-кез чоң кишилерди улап ырдап коёт.

– Басың аке,

Бас, көөрүктү. Кызарсын көк!

Анан ал керилип барскан согот. Кабагы түйүлүп, каштары түктүйүп, ага нааразы кишиче көздүн кыйыгын салат Эр-Киши:

– Ээ уул. Булчуңуң бышып, күчүң толдубу? Баягыда маа чокморду чала сокконсуң. Ол согушуң каруусуз болучу...

Тегиндин барскан согушу купулуна толгондой Эр-Киши жай сурайт...

– Жылкычылык жакшыбы? Же барскан соккон жакшыбы, Тегинжан?

Тегин баштагыдай кысталбайт:

[1] *Кызыл* – кан. «Көк кирсин, кызыл чыксын» дешкен, байыркылар.

[2] *Көк* – теңир.





аркы ата-бабалары темир эзген усталар экен. Эми ушул кол башчы Эр-Киши – кезинде уста. Анын эрдиги, иш тейлеши, анын кайраты өз уруу тургай чет урууларга, жатжоо элге дайын. Эр-Киши барында Адылтай бабанын колу узун. Эр-Кулчурдун найзасынын сабы жоктолбойт. Кези келсе, Эр-Киши Адылтай бабанын өзүнө акыл кошот. Кыйырга жоо келсе, үч түмөн колду өзү баштайт. Найзасы сынса, айбалтасы алдырбайт. Айбалтасы сынса, чокморбашы алдырбайт. Жараксыз калса, Эр-Киши алп күчү менен жоосун жапырат!

Ушул даңаза өздүн да, жаттын да оозунда. Ошол айдындуу Эр-Киши азыр эл-журт тынч күн өткөрүп жаткан кезде өзү да тынч эмгекте. Бар болгону бир түмөн кол катарын бузбай, бул кезде күн чыгыш тарапта эрөөлдө. Көп жылдан бери бул журттун тынчын алган тигил табгачтар соңку чабышта мизин жапырганы менен түптүү журт дале көктүү. Маал-маал жарым түмөн, бир түмөн колу кыйырды кысып, чет жакадан айылды чаап, малды алып кетүүдөн кала элек. Ал жоону айгыштырбай, эсиртпей жолун бөгөп, күчөп баратса, кыргындашып – жоокерчилик салтты эстен чыгарбай дайым жанчарды, айбалтаны жоокерлер бекем кармап, аттарды тоюнтуп, машташып – ат ойнотуп, кезектешип жаа тартып, эр азыгы деп гүлазык камдашат. Камсызы азыкты жолдон табышат. Эл четин сактап – эрөөлдө жүрүшөт. Ар күн сайын болбосо да, эки-үч күндө бир эрөөл жактан жоокер каттап, ооруктагы журтка кабар жеткирип турат. Бир ай-эки ай кай кездерде бир жылэки жыл табгач жерге сорулгандай дайынсыз жымжырт. Ал кездерде жайдын күнү жадырап тургандай кыйыр тыныч. Кез-кез жерден өнүп чыккандай жоо колу тээ алыстан удургуп, тээ алыстан топурак чаңдатат. Миш-миштен жеткен кабар – алар жоо чоң жортуулга камынганын айтат. Элден элди кезген соодагер – жибек, кымкап сатуучулар; кундуз, сүлөөсүн, илбирс, жолборс терилерин алуучулар; алтын, күмүш, коло алуучулар жай кездегидей ты-

Урдана менен Эрдене кылыч өбүшүп шерттешти. Эки кол башчы өз-өз урууларынан үч миңден алты миң кол баштап барышып изгилдин журтун капылестен чабышты. Бейкапар жаткан журтту камынып аттанган кол, чаап кетүү ар дайым болуп турат. Чабылган тарап – жерди өөп, тизе бүгүп бербесе, чапкан тарап аларды катуу ызалайт. Кулун сапырат. Казанын кыйратат. Малын, үйүн олжолойт. Уулдарын кулдайт, кыздарын күңдөйт.

Бирок, бу жолу изгил журту Эрдене менен Урданага анча каяша этпеди... Эрөөлдө, жүргөн чакан колу чабышып ат көчүгүн салып качып элин аралады. Айыл чабыла баштаганда изгил каны тизе бүктү.

Изгил канын тизе бүктүргөнгө Эрдене менен Урдана керсейишти. Көп мал, көп олжо алышты. Чабышта такаат көрсөткөн жоокерлердин колго түшкөндөрүн кулдукка айдап кайтышты.

Кырк урууну баш коштуруп Көк асаба астында болотун деп, Адылтай ажо бар күчүн жумшап турганда Эрдене менен Урдананын тигил жоругу журт ынтымагына балта сокту. Ээликкен эки алп азыркы душманга аттанышса, не. Кырк уруунун бири – изгилди чабышты. «Көрүнгөн өз эмес» деген Эрденелер изгилди жат көрүштү.

«Өз бирдей эмес» деген Адылтай ажо өздү чапкан Эрдене менен Урдана алптарга катуу кейиди. Бүгүн изгилди өз дебей жоо көргөн Эрдене алп эртең менин тукумумду, менин айлымды да жат көрөт, – деп Адылтай ажо өкүндү.

Билги ажонун баамы туура. Чынында эле тигил эсирген эки колбашчы Адылтай ажого каяша билдиришкен. «Ажобуз карыды-алжыды. Шер уулу Эр-Күлчур учуп кетти. Анын ордун басар Жаш-Тегин темир канат. Темир канат жетилип кыраан болгучакты... биз текөөр жанып шаңшып туралы!» – деген каяшаны ал эки кол башчы ажого эч кеп-кеңеш айтпай изгилге дабуул коюп туюндурушту.





атасын ээрчигенсип ээрчип, атасын уккансып, угуп, атасын сыйлагандай сыйлап Эр-Кишинин ыгында. Эр-Киши болсо чарчоону сезбейт. Өз бет алдынча басып, өз ичинен алданемелерди күңгүрөнүп калың черге, зыңгыраган карагай учтарына көз чаптырат. Анда-санда бир сүйлөп, анда-санда Жаш-Тегинден сурап коёт:

– Жылкычылык жактыбы? Көмүр өчүргөн жакшыбы? Чыныңды айтың!

Жаш-Тегин уяң жылмаят:

– Азыр биле элекмин, эр-аке.

– Аа ошондой деңн... Жүр, анда, мени ээрчиң!

Экөө карагай жыгышат. Токой кыркышат. Эр-Киши теке-жаргак шымдан башкасын чечип салат. Сен да чечиң, уяты жок. Жумушта жүргөн кезде боюң жеңил болбосо, иш арбыбас.

Жаш-Тегин жеңилденет. Экөө тынбай балта согушат. Жаш-Тегин тердейт. Эр-Киши тердебейт. Жаш-Тегин чарчайт, Эр-Киши чарчабайт. Бирок Жаш-Тегин шек берген келбейт. Колтукту созот, балтаны бийик көтөрөт. Деген менен каксыга элек жаш да. Кээде сөлгө бата түшкөн балтасын тартаарда темтеңдей калат. «Каап, чарчадым... Эр-аке билбесин...» – деп өкүнөт ал.

– Эр-Кишинин каш-кабагы түктүйө калат. Ал шек бербей мышыкча кытыйып, алдыртан Жаш-Тегинге көз кыйыгын салат. – «Булчуңу дале ката элек... Эчтемке эмес, баралына келгенде күчтү эч кимден сурабас» – деп сынайт баланы.

Анан Жаш-Тегинден аста сурайт:

– Жылкычылык жакшыбы? Көмүр өчүргөн жакшыбы? Чыныңды айтың!

– Азыр байкай элекмин, эр-аке, – дейт Жаш-Тегин.

– Аа... Ошондой деңн. Андай болсо, мени ээрчиң!

Токойдун жышын аралайт. Моюл издешет. Жерди чеңгелдеген эчен-эчен уркугуй тамырларды балтанын сырты менен согуп, сынайт Эр-Киши. Ээрге каш болоор, жанчарга





кошуунуна келатышты. Темирчилер кошууну[1] Жаш-Тегиндер көмүр өчүргөн токойдон беш чакырымдай аралыкта эки өзөндүн куйганында ойдун кең булуңга жайгашкан. Көмүр өчүргөндөр жалгыз Жаш-Тегиндер эмес экен. Булардан башка да бир нече киши туш-тараптагы токойдон көмүр өчүрүп жүрүшүптүр. Алар да кап-кап көмүр жүктөлгөн жүктүү төөлөрүн жетелеп усталар кошуунуна кайтып жатышты. Эр-Киши, Жаш-Тегин экөө кайткан жок. Кошуунда калышты. (Башта көмүрчүлөр кошууну, усталардын кошууну деген кепти укчу. Бирок өзү андай кошуундун биринде да болгон эмес). Ар уруунун не ар кайсы көп айылдуу чоң атанын тукумдарынын ушундай кошуундары дайым узанып турушпаса, анда ал уруу не ал айыл курал-жарактан өксүйт. Башка урууларга көз каранды болушат. Өздөрү жүдөө тартат.

– О, коогалуу күндө короктоп куру кол чабыштан артык кордук болобу? Эр-бүлө кошуунга камының! Жыгаччың – жыгачыңды кый. Жаага тээктик, жебелик долонолу, табылгыны, ак чечек кайыңды, ыргай менен талыңды тандаң! Ээрге каштык, жанчарга саптык, калканга жараарлык жыгач-ташыңды камдаң! Темирчиң, барскан, дөшүңдү жер төлөөгө орнотуң. Бети ачыкта узансаң ишиң буйдалат. Жер төлөдө жаанды жаан билбей узана бересиң!

Бул тек анчейин кеңеш эмес, акылман берген буйрук ордуна кабыл алынат. Айтылган милдеттерди айтылгандай аткаруу үчүн кишилөр белгилүү жерлерге кошуун курушат. Мындай кошуундар не ай, жыл, не жылдар бою өз ишин улантат. Адылтай ажонун мындайда ишенгени Эр-Киши. Себеби Эр-Киши, Эр-Киши болгону эл-журт тынч жаткан мезгилде анын тейлегени көбүнчө усталар кошуундары. Өз атасы Акберген, чоң атасы Теше, ал тургай андан

[1] *Темирчилер кошууну* – бул жерде темирчи жоокерлер деген мааниде.





– Ар бири өзүнчө жакшы эр-аке!

Эр-Киши сакалын жаныйт:

– Ээ, ошондой деңн! Чын айттыңбы?

Жаш-Тегин тартынбайт:

– Чын айттым, эр-аке!

– Ээ, чының жакшы! – Эр-Киши өз алдынча алдакимдер менен кеңешкенсип: «Чын айтты, уул. Бышыкты, уул. Эр атасы Күлчурдун ордун жоктотпойм дейт, уул! Жарайт! Антты актабаган киши арам өлгүр»!

Ал усталарга эскертти:

– Калганың узана бериң! Биз айылга баралык!

Ушул сөздөн кийин темирчилер бир күн өрүүн болушту. Жылкыдан кысыр эмди тай алдырып сойдурду. Чанач-чанач кымыз ичилди. Кечке тойлошту. Көп күндөн берки согулган аспаптарды, шаймандарды боолоп-тиздеп төөгө артышты. Анан Эр-Киши өзү, Жаш-Тегин жоокер жарагын тагынып, саадак асынышты. Төөнү бири жетелеп, бири аны айдап айылга кайтышты.

Темирчилер узана берди...

## АДЫЛТАЙ АЖО

Ай дээр ажоң жок болсо, элиң ээнбаш.
Кой дээр кожоң жок болсо, койчуң кеп укпас...
*Эл сөзү*

Көрүнгөн киши өз эмес, өз бирдей эмес.
*Эски макал*

Падышасын Ажо аташкан; аны Ажом дешкен.
*И. Я. Бичурин*

Эртеңки коогалуу күндөр жөнүндө кеп-сөз айтылат:

– Жанчарыңды белен кармаң! Эртең жортуул!

– Э коюң. Ажо тынычко?

сап болоор, калкан оёр жыгачтарды тандайт. Аны тек тандабайт. Тандаганын ошол замат кыйып жибербейт. Токойдун ыйык ээси болоорун, ал ушунча көп, ар түрдүү токойду асырап багып туаарын Жаш-Тегинге баяндайт. Токой ээси ыйык, ал өз токоюнун арасында ким эмне иштеп жүргөнүн көрүп-сезип туаарын: көмүрчү керегинче көмүрүн өчүрсө, жыгаччы керегинче жыгач кыйса, отунчу керегинче отунун алса, ага токой ээси ыраазы болоорун; ал эми киши суктук кылып, бейбаштык иштеп өз керегинен арттырып токойго кол салса, анда токой ээси ага ачуусу келерин; ал ачууланганда, кишинин жүрөгүн сыздатып, не көзүнө билинээр-билинбес чырпык серпип, не колун жоорутуп белги берээрин; токой ээсинин ал белгисин киши сезбей-билбей дале токойду артыкбаш кыйрата берсе, анда ал кишини токой ээси каардап-каргап, шал кылып, не бир мүчөсүн майып кылып коёрун Эр-Киши Жаш-Тегинге туюндурат.

– Ошондой Тегинжан, – дейт Эр-Киши.– Сен өз керегинди кесип алың. Керек эмеске тийбең. Аны жөн коюң. Ал тынч өнө берсин. Өнө берсин. Ону да токой ээси керек кезинде кишиге ыйгарады. Ыйык токой ээси өзү алчу нерсесин мезгилсиз өзү түгөтпөсүн деп, жанагыдай тентекти, жарыктык жазалайды...

Экөө бир кезде муздак сууга сүзмө эзип жутушат.

Ошондой, Тегинжан, – дейт Эр-Киши жай айтып.– Кайберендин ыйык ээси да аппак эчки. Онун мүйүзү тик, узун. Учунда шам жанып турат. Киши жаа тартып элик, эчки, теке, кара куйрук, жейренди кырсынчы. Олордун ыйык ээси ол кайберендин ысык жашы тамады. Кайгыдан сыздаган мүйүзүн жыгачка кагады. Анда чер-токойго өрт кетеди. Маал-маал өрт болур. Ач көз кишини касиеттүү кайберен ошентип жазалайды. Киши асыраган колдогу малдын да ыйык ээлери бар. Өзүң билерсиң. Сен кайтарган жылкынын ыйык ээси Камбар-Ата. Ыйык Камбар жылкыны кишиге бергенде – минсе, аа канат болсун деген. Киши жылкыдан ажыраганда канаты кыркылган куштай





жөрмөлөп калаар. Куш канатын тарап асырайды. Киши да өз канатын багып асырайды. Антпесе, ол өзүн-өзү кордойду. Жөө калады. Камбар-Ата жылкыны кишиге бергенде ол, бизге дагы бир жакшылык иштеген: бээ сүтүнөн кымыз чыгарды. Ол – жанга дармек эр суусуну, жер-сууда кымыздан өткөн жагыштуу суусун жок. Ошондой, Тегин жан. Койдун ээси Чолпон Ата, уйдун ээси – Зенги-Баба, төөнүн ээси – Ойсул-Ата, Чычан-Ата. Кулан ээси – Кулан аяк Кулмурза... Кишилер көп түлүктү багып-кагып асырайбыз. Ал жарыктык ыйык ээлериндей боло албайбыз...

Эчен тердеп, эчен кургап, чарчап олтургандан Жаш Тегинден Эр-Киши дагы сурайт:

– Жылкычылык жакшыбы? Көмүр өчүргөн жакшыбы? Чынында айтың Тегинжан?

Бышыккан Жаш-Тегиндин жообу эми так:

– Ар бири өзүнчө жакшы экен, эр-аке!

– Ээ, ошондой деңі! Андай болсо, темирчилер кошуунуна кайталык!

– Жомогуңуз кызык экен... Эр-Каши Жан-Тегинге одурая карады:

– Мен сага жомок айткан жокмун. Чын кеп – ыйыктарды айттым.

Жарыктыктарды жомок дебең. Кишинин ээси– үстү ачык Көк, боору түктүү Жер-суу! Киши көккө, ыйык Жерсууга сыйынбаса, каарга калыр. Эрден күч кетээр. Эл журту бүлүнөр. Азыр, муңаяр. Алп ээси – Киши-пишери. Киши-пишери жылоологон эр чабышта бир башы минден, түмөндөн жалтанбайды. Ол күнү-түн тынбай чабышат. Башы айрылса аккан канды тек коюр. Чөлдөсө ат терип сыдырып жалаар. Чабышыр. Өлсө өлүгү калыр. Тиригинде жоого моюн бербес. Онун сүрүнөн жоо жалтанаар. Киши-пишери жылоологон анык алп шол. Уа, анык алптан ажал оолак...

Булар өчүргөн көмүрлөрүн чоң-чоң каптарга салып, аны төөгө диңкийте артып, өздөрү атчан темирчилер





– Мен айттым. Эшит! Эртең жортуулга аттанабыз. Тигил аз журтун чабабыз. Муну биздин уруунун куту Эрдене алп айтты. Жоокерлер жапатырмак камылгада!

– Токтоң! – деди берки жаш жоокер тигил жаш жоокерге бурула карап: – Жардыкты ажо айтыр. Эрдене алп ошо ажо жардыгын угат. Өзү жардык айтпайды.

Тигил жаш жоокер беркисине кекээр айтты:

– Э-э... Эрдене алп ээликсе, «ай» деген ажону эшитпес, ол.

Берки жаш жоокер тынымдай үндөбөй бет алды күңк этти:

– Ондо элден, ырк кетеди. Билги ажо ого жол бербейди!

Тигил жаш жоокер беркиге тике карады:

– Эмне? Сен өз урууңдун алпына арка болбойсуңбу?

– Аркамын... – деди берки жаш жоокер.– Жамы кыргыз атанын билги ажосу Адылтай акеден да кетпеймин.

– Адылтай ажо өзү кем эмес. Биз олжодон курудук. Эми ону эшитпейбиз. Чуркабай ат тумсак, жебе тартпай жоокер эринчээк. Жортуулга аттанабыз дешти Эрдене, Урдана алптар. Өзүң билесиң. Бу эки шер оолукса кимди эшитер эди?

Тиги жоокер этиет сурады:

– Ондо сен аттанасыңбы?

– Аттанамын. Олор алчу олжодон куру калмак бедим. Маңа олжо-олжо!

Тиги жоокер үндөбөдү. Өзүнчө ичтен: «Олжо»... деп койду.

– Камын! – деди беркиси.

Экөө өз-өз айлына карай чаап кетишти.

* * *

...Чоң-кичине кулак түрүүдө.

Журт капсалаңга, кагылышка, кан төгүлөр чабышка белен. Такымга чокмор баш кысып, чоң кучанган кисеге тинте тагып, ийри кылыч байланып, айбалта, жанчар кар-





мап замандар бою ат үстүндө өмүр өткөрүүнү салт кылып алган кишилер. Жайы-кышы созулган тынчтык аларды тажаткандай:

– Уа?! Бизде кол башчы ада болгон беди?! Элирген жоокерлерди жортуулга баштаар эр уул чыкпай калганбы, урууда? Эр аты тумсак, эрлер борпоң болуп кетпесе, ийги?! – дечүлөрдүн куру демдери Эрдене алпты элиртти. Ал, темгил чаар көк атка минип, көк соот, көк туулга кийип, локуюп бастырды:

– Четтен жоо келет деп күткүдөй камсыз журт бедик. Атакөрү, тигил аздын журтунча жанчар согуп, жебе тартаарды унутуп калсак, ботом, жоо бизди тепсиир, кийин. Сары алтын, ак күмүшү арбын, жибеги жумшак табгачты чабамын, мен! – деп Эрдене алп шердене чыкты.

Ага Урдана тек жоош эскертти:

– Шер, сен экибиз табгачка аттансак шаабыз жетпес... Олор көп...

– Көп болсо, чөп. Мен олорду оруп салчу орокдурмун, – деди Эрдене.

Урдана кылычын шап сууруп алды да, жаланган мизинен өптү:

– Өзүм саа аркамын, алпым! Тил ук: табгачка чаппайды. Бу жолу оноу изгилди чабалы. Жетим уул он ат коштоп олжо алсын. Эр уул жүз ат айдап олжо алсын. От кашында олтурган карыбыз жаа кесип, карта чайнасын. Изгилдин аруу кызы күң болуп иреге олтурсун. Ошондо биздин демди Адылтай ажо өзү көрүр!

Урдана өз кебине өзү маашыр каткыра күлдү:

– Ажо өзү көрүр да. «Уа, журт багар алптар, силерди мен билбей жүрүпмүн. Бириң журт куту – Урдана, бириң эл ээси – Эрдене экенсиң. Эми мен силерди тигил табгачка карай баштаймын», – дээр, ол чын билги болсо.

– Уа, Урдана шер. Чын айттың! – деди Эрдене. Ал кылычын кындан шарт суурду.– Анттан кайтканды курч мизи кессин!

айымдык белгиси. Көйнөгү да, кемсели да көгүш жибек. Жээгине кундуз бастырылтан белдемчеси да бир түстүү. Анын жээгиндеги коңур тарткан кундуз өтө жарашыктуу. Белдемчиде сайма жок. Сайма ордуна эки жоон сандын үстү ченде ак күмүш чөгөрүлүп жылан баштарын элестетет. Алар бир караган көзгө белдемчисинин бүктөөсүнөн көтөрүлүп чыгып келаткан тирүү жылан баштарындай. Ооздору саал ачылып, ачакей тилдери соймоң эткендей. Чындыгында дал ошондой чебер саймаланган жылан баштары. Бул да тек кооздук үчүн эмес – «Ажо ордосуна уу тилдүү бузуку аралабасын. Аны азиз ажыдаар-ыйык азиз арбап салсын» деген ырым. Бул белги да ордо куту – Умай катындын пири. Арийне, ажо-ажо. Эрдиги жогору. Умай-катындын даражасы – ал ордо куту. Ордо кутун сактаган айым эрдин да, ажонун да, баатыр кол башчынын да, ал тургай эр чоролордун да, жөнөкөй жоокердин да камын көргөн – телегейи тегиз камкор, акылман, кайраттуу, уз, билги. Мейли эл-журт байыр[1] кезде, мейли жортуулга аттанаарда, мейли чечим – ой айтаар ушундай ажо жыйынында ордо куту, айым өз милдетин так тейлейт.

Эмесе, бая ажо ордо алдына чыгып көк чапан жамынып күмүш такка ачуу менен олтурган. Андагы ажонун чечими – айыптуу алптарга өлүм жазасын айтмак. Эми билгичтер жыйыны бир сөзгө келишти:

Эрдене менен Урданага алп өлүмүн буйрушту.

Адылтай ажо эми оң жагындагы або, бий, бектерине, сол жагындагы аксакал, алп, эр-колбашчыларына эртеңки журт ынтымагын, журт камын, журт тилегин айтаарында, ал ачуу чапанын үстүнөн түшүрүшү шарт.

Азыр жыйын кезинде Умай-катындын ордодон жайкалып чыга келгендеги жөнү да, ошол ачуу чапанын алып, эми ажого ажолук чапанын жабуу болучу.

Ак куунун түгүндөй жепжеңил түк ичикти Умай өзү

[1] *Байыр* – тыныч.





да желбегей жамына чыкты, дал ошондой жеңил ичикти жоокерлерче кийинген ордо нөкөрлөрүнө көтөртүп келип тактагы ажонун көк чапанын ак ичикке алмаштырды.

Умай-катын эки колун бирдей көкүрөгүнө ала койду эле, шакектердин каухар көздөрү жалт-жулт күнгө чагылышты. Айым бардыгына ийкем этти:

– Журтумдун ажосу айткан кеби элине эм болсун!

Жыйында олтургандар дүр турушту. Ажого, айымга урмат этишти:

– Билги ажом, ыйык Умай-эне! Бийик кутуңар бизди жалгасын?

– Сиз айтың, эшитебиз. Жортуулга баштаң, барабыз! Атам кыргыздын тукумун асыраган алтын ордого арам санаганды ажыдаар жутсун?!

Бардыгы кайра олтурушту. Катын кайра ордого кетти.

Ак буурул өңүнө куп жарашкан ажо тонун жамынып калган Адылтай ажо эми жанагысынан зор тартты. Зоңкоюп, кеңейип айдыңдуу олтуруп ажо оюн айтты:

– Менин чын уулум силердин эр кулуң[1] – Күлчүр, кечээ колдон учуп кетти. Эл баккан эр кул колдон учканда эл мүңкүрүр. Өз муңаяр. Жоо кубанар. Ошондой кезде өздөн чыккан жат кубанган жоого бет алдырыр. Жок! Өз муңайса да, жоо кубанбасын деп, мен ошол силердин эр кулдун да ордун бастым!

Эр аттан айрылганда жөө, эл эрден айрылганда алсыз, жетим. О, көп муңайган момун элим. Мен силерди жетим болбосун деп өлбөй келатамын. Эр баштары сай-сайда таштай тоголончу кыргынды самаган эрге жакшылык жок?! О, момун журт! Ким сени оң жолдон азгырганды билиң. Ким саа жанчар кезеп жоо болорду билиң! Чабышта тайманбассың. Тынч кезде жоошсуң. Момунсуң. Сен ушул момундуктан далай алданың. Кордолдуң. Муңайдың. Жумшак жибегин тартуулап табгач келсе, эми алданбаң! Табгачтын жибеги жумшак. Дили кара. Ал күчү жетпегенде амалы

[1] *Эр кулуң* – эл үчүн кызмат өтөгөн баатыр уул – эл кулу деп аталчу.





лап, жер көрмөйүнчө ал бышыкпас. Эл-журтун аралатып, жер-суусун таанып, – деп улуу баба, сени маа тапшырды. Экөөбүздү тең үстү ачык Көк, бийик Теңирдин эркине койду. Ыйык жер-суунун кучагына берди! Азыр эл тынч: энебала муңсуз. Мал жайытында. Кара-башыл киши тиричилигинде малын көзөмөлдөр. Орогун камдап, орумун орур. Токой кыйып, отунун алыр, тизгин тилир, үй жыгачын тандар. Бири кайыш ийлеп, бугунун мойногунан чылбыр тилир, ат-турманын камдар. Жаз жарыш, күз күрөш – бекер жүргөн жан жок. Сен экөөбүз да бекер эмеспиз. Эл көрүп, жер кезип сапардабыз!

Шилекей жуткуча Эр-Киши күймөлдү. Чоң күрөң ылаалагансып жибек көкүлүн экчеп бышкырынды. Жаңыдан лебин кызытып келаткан күн нуру жибек көкүлдө ойноду. Желе-жорткон аттын мойнунан, сыйда кара жалынан жылуу дем урду. Чөлдө көзүнөн суу учкан киши муздак сууну ууртап, суусуну кана түшкөнсүп, Эр-Киши көөдөнүн кере аттын жылуу лебин ичине тартты. «О, качсам куткарган, куусам жеткирген канатым. Сен алдымда мени алып учканыңда мен ажалга моюн бербесмин!»...

Жаш-Тегиндин мингени баягыдагы акбоз кунаны. Ал бул кезде алты асыйга толгон. Соорусу көмкөрүлүп, жалы тик тартып, эргип-ойноп үстүндө киши барбы? Сезбейт. Акбоз ыргыштап басат. Жаш-Тегин кырчын талдай солк этип теңселгенсийт. Быйыл он экиге толду. Эр уул үчүн бул жетилген жаш. Кооралуу күндө он экидеги уул жанчар сундуруп жоого чабат... Жаш-Тегиндин кырдач мурду көбүңкү. Коюу кара каштары түктүйөт. Оттуу көздөрү тентектенет, ойноктойт. Кыргагына алтын буулап саймаланган ак калпагы кызылдуу жүзүн ачып, бешмантча тигилген төөбозу жаш мүчөсүнө куюп койгондой. Жаш-Тегинге караганда Эр-Киши күпүйүп – карыяга окшойт. Экөөндө тең саадак бар. Жаш-Тегин ийри кылыч асынган. Эр-Кишинин сырттан курчанган боз кисесинде кындуу шамшар салпылдайт. Жоо жарагы жеңил. Баса, өз





– Бизге аты башка, аты кашка табгач жоо десек, кыргыздан чыккан тигил эки арам жоо экен! Уай, журтумдун Эр-Кишиси! Саа өзүңдүн уста атаң Акберген койгон атың – Чогултур эди. Чогултур деп саа өз атаң ат койгондо Көк теңири – «Балаңа ушул атты бер» деп оозуна салыптыр! Сен жеке өзүңдүн билгилигиң менен, алптыгың менен, айлалуулугуң менен отко түшүп, отто күйбөдүң. Сууга түшүп, сууга акпадың. Киши пири – Эр-Киши атын журт койду саа. Жерде бузукуну тезге салсын деп Көк теңири сени артык жараткан! Бар, Чогултур! Баргын да, тиги эки арамды матап келиң, мында!

Ажонун ушул буйругунан кийин Эр-Киши Эрдене менен Урдананын кошуунуна келди. Жортуулдан олжолуу кайтышкан эки алп бул кезде кымыздан арак тарттырып ичишип, кысыр эмди тайдын жаясын чайнап, балбан күрөштүрүп, айгыр алыштырып чардап жатышкан. Алар Эр-Кишини теңсинбейбиз деген болушту... Бирок экөө канчалык алп, канчалык тайманбас болушса да Эр-Кишиге багынаарын билген соң, тек сыр алдырбай керсейишти. Ошентсе да Эр-Кишиге каяша айталышкан жок. Тек Эр-Кишинин айтканын угуп экөө тизе бүктү. Жоо-жараксыз алдыга түштү.

Эр-Киши эрдемсиген эки баатырды эл көзүнчө кордоботу. Тек аттарына мингизип ээрчитип жөнөдү. Качан ажо ордосу көрүнгөн кезде экөөнү аттан түшүрүп, жөө бастырды. Жөө басканда, тек жөө эмес, экөө тең камчыларын мойнуна илип айыптуудай жер карап балбырап-салбырап келатышты...

Бул кезде Адылтай ажо көк чапан жамынып, күмүш тиктыда сыртта олтурду. Бул ачуунун белгиси. Або, бий, бек не кол башчыга, алпка, уруу аксакалына мээрим көрсөтөөрдө, ажо, ак кымкап чапанын жамынып, алтын такта, ордо төрүндө олтуруп, тигилерди кабыл алат. Жортуулга колду баштаарда, кыпкызыл чарайна, соот кийип кисе кур курчанып, кылыч байланып, туулга кийип, мына, азыр аттанчудай белен турат.

Ажонун бул салты эзелки эр баба Ууз кандан бери келаткан салт.

Азыр Эр-Кишинин айдоосунда келаткан эки баатыр – Эрдене менен Урдана камчылары мойнунда, колдору боорунда басынып, келатышкан. Ордого жакындап, або, бий, кол башчылардын ортосунда көк чапан жамынып, жаман белги менен олтурган ажону көргөндө Эрдене алп шердене түштү.

– Э! Эр-Кишисине айдатып, мени каар менен тоскондой ажого жазганым не?! – деп өзүнө өзү айтып алды да, Эрдене тизе бүкпөй камчысын мойнуна алып алды да, Эрдененин мунусу – ынтымак бузуп эл чапкандан ары кеткен адепсиздик. Тоотпостук. Баш ийбестик. Муну иштеген иштейт. Өз күчүнө, өз демине ишенип, ажого өткөзгөн өз эрдигине ишенген алп, не колбашчы баатыр ушуну иштейт. Не теги, туугандыгы ажого тете – кадыр-баркы өткөн адам ушунтет.

Эрдене чоң чабыштарда далай таанылган. Теги да анча дандуу эмес. Ошентсе да анын көктүгү, кайраттуулугу ажону көргөндө намысын козгоду. «Алптын тизе бүккөнү – өлгөнү» деди ал өзүнө өзү.

Аны көргөн Урдана да шердене түштү.

– Экөөбүз эгиз алппыз. Канга, бекке тизе бүкпөс сом темирбиз! – деп убадалашып алган башында.

Тиги Эр-Киши кан да, бек да, або да эмес. Ал – алп пири киши-пишери колдогон киши. Андан жалтанбас бул элде эч жан жок. Ага тизе бүкпөскө бул экөөндө чама жок болучу.

Эми ажо алдына Эрдене тике басып келди да баатырларча таазим этти:

– Алдияр ажо. Айыбым жок. Тизе бүкпөймүн!

Адылтай ажо үндөбөдү, Ажо ордуна жоопту Азман або айтты:

– Изгилди чапканың айып эмеспи?

– Мен өз элимдин алпымын. Жолумда турганды чабамын да, элимди багамын!





– Эсирген экөөнө алп өлүмү ак. Булар минер атсыз, каруу жараксыз тоого тентип кетишсин! Маа жардыгыңды айтың. Эр-Кулчурдун жанчарын жоктотпоймун!

Башка або-бийлер, аксакал, колбашчылар бирдей ажого таазим этишти:

– Тентектерге ошол алп өлүмү ак. Бизге буйругуңду айтың. Журт кыйрына чыгабыз!

Адылтай ажо өзүнчө күңгүрөндү:

«Уа, Көк теңири? Азыр маңа таазим эткен або, бий, бек, баатыр-алптардын дилин түзөң? Мен айткан кепти буларга эм кылың. Бири терс басып кыңыр ишке барбасын, теңир»?

Күңгүрөнүп алып ажо так, жай сүйлөдү:

– Оң жакта олтурган або, бий, бектерим. Сол жакта олтурган аксакал, билги, алп-кол башчыларым, айныбай эшитиң? Ажом Адылтай айтты деп эшитиң! Абоң, бийиң адөөлөт болом деп эшитиң. Алп-баатырың олжо үчүн эл чаппаймын. Эл багам деп, жоого каршы жортуулга баштаймын деп эшитиң. Береги эки эсрик биздин жылдызыбызы өчүрө жаздады. Кырк уруу бирине бири жанчар согуп, ынтымагы ыдырай баштады. Биз туурадан качырсак олордун баш калкалаар бадалы калбайт деп оноу чет жоо. Баарың ошо кара жоонун келээрин билиң! Ичтен ирисек ошо кара жоо оңой чабыр. Ыйык жер-суубуз тепселер. Кыз, келин күң, эр уул кул болур. Мал-табарың чачылар, олжолонор.

Кырк уруу бириксе күчтүү!

Бир жактан обо-тумоо кайсап, бир жактан кыш каарына алып жут жүдөткөн жылдарда капылестен кол салган жоо колун кайрып салчубуз!

Ордо эшиги ачылып Умай-катын чыкты. Жашы сексенге таяп калса да муң билбеген катын али тың. Кийгени жеңил: ак элечек. Элечектин кырбуусу көгүш тасма менен бастырылган. Анда өтө так, жарашыктуу алтын чиймелер бар. Алар тек асем, көрк үчүн сызылган чиймелер эмес, тамгалар. «Ордо куту – Умай-катын» деген жазуу. Бул Умайдын





менен алдайды. Сары алтын, ак күмүшүн аябайды. Жылуу сөз менен эритеди. Ким ошо табгач асылына кызыгып, жумшак кебине азгырылса, ошо муңайган. Ыйык жер-суудан айрылган. Асыл кыздарын күң эткен. Ата, эненин акисин[1] тепсеткен. Менин апыттарым[2] мен айткан ушу кепти эшитиң. Муну мен айтты деп эшитиң! Бизге жакшылык деп эшитиң! Бизге жакшылык самаган ажобуз айтты деп эшитиң!

Карыны төрдө сыйлаң. Баланы чыйрак өстүр – жоодо сынаң! Кыз-келинден уз көбөйсүн. Эр кийими – чопкут, көк күбө тон, чарайна тон ошо уз-зайыптын колунан чыгат. Эр-бүлө эрөөлдү билсе, кары менен жаш үйжайдын, мал-баштын тиричилигин өз мойнуна алыр. Бээң жылда кулундасын, Эр миничү ат арбысын. Кез келгенде үч түмөндү, беш түмөндү, он түмөндү не андан көп колду жортуулга баштап чыгарабыз. Бир жоокерге экиден ат келгидей болсун! Кам болгон – кем болбойду!

Аштыкчың – аштыгыңды айдаң. Малчың – малыңды караң. Кенчиң – кениңди эритиң. Устаң – дөөтүңө[3] узан. Жоокериң – эрөөлдө бол! Билгилериң! Ошолордун баарын баштаң!

Бул кепти башкы ажом Адылтай бабадан эшиттим деңиз. Талаа-түздө, ой-кырда, кенде, орумда жүргөнүңө ушул кепти угузуң, баарың! Бу – ажо баарыңа айткан, баарыңа таккан аманат! О, билги, эриң чабышты өзүң баштабаң! Кыйырды түрүп жоо келсе, андан жалтанбаң!

Бу жардыкты атам кыргыздын: ажосу Адылтай айтты деп эшитиң!

Тетиги эки бузук эми алп эмес, бузуку болду. Бузуктар өлдү деңиз?!

Оң жактагы або, бий, бектери, сол жактагы аксакал, алп, баатыр-колбашчылары жапырт козголушту. Жапырт турушуп бир кишидей ажого таазим этишти:

[1] *Аки* – ыйык касиет.
[2] *Апыт* – наам, даража.
3 Дөөтү – устакана.





лоңдуу жортуулда, капсаландуу кагылышта жоодон коргоорун таанып, түйгүнүңө!

Адылтай ажо күп этип бек айтты:

– Куурушкан болсо, арасына түшүң. Коңшу кондуруң бирин бирине.

Тентиген болсо, ат миндириң. Боорго тартылсын кул. Колуңдан жакшылык көргөн киши эсесин кайтарыр!

Ал, аттаның, эр уул!

## ЭР-КИШИНИН ЖЕБЕСИ ЫШКЫРЫП УЧТУ

Атаң барда эл тааны.
Атың барда жер тааны.
*Макал*

Эрдик дем үчүн эл кезип
Кара канга бардым.
*Таштагы жазуудан*

Ордодон узап чыккан соң Эр-Киши Чоң күрөңдүн бөрү желишин тездетти. Кайдадыр унут калган ишти эстеп, эми ошого ашыккансып өзү тээ токойлуу адыр-тоо жактан көзүн албай жанындагы Жаш-Тегинден чукул сурады:

– Биз кайда барабыз, Тегинжан?

– Билбедим, Эр-аке…

– Көпкө кеттикпи, Тегинжан?

– Билбедим, Эр-аке…

– Уа-а…Ошондой деңиз…

Жаш-Тегин үндөбөдү.

Шарт теминди да Эр-Киши сүйлөй берди:

– Мал багаар – жайыт четинде. Эл багар – эрөөлдө. Эл четинде. Элине арка болуучу уул эки миздүү шап[1]. Эл ара-

[1] *Шап* – канжар.

– Изгил журту жолдо турбады – деди Азман або.– Изгил да биздин бир бутагыбыз. Сен Эрдене тиги Урдана экөөң балтаны ошол өз бутагыңа соктуң. Айыптуусуңар?!

Эрдене чорт айтты:

– Жоо чапкан алптын айбы жок!

Адылтай ажонун оң жагында олтургаи Чекир бий кескин сурады:

– Эрдене сен өздөн жоо көрсөң, өз колуңду өзүң кесесиң?! Жоо кайда? Бизге тиги эзелтеден сөөк өчтү табгач жоо. Андан өйдө чыкса, тиги куруй жоо. Күн жүргөн жакта түпүт журтунун түктүү таман Сорунду каганы жоо. Андан ары ат минбей пил минген, чалбар кийбей жылаңач жүргөн жөө күлүктөрдүн От жутаары жоо. Күн баткан жакта урум, пурум, абар жоо. Атпайдын өз тукумуна келгенде, ким жоо? Атам кыргыздын алтын ордосу башынан атпай тукумун ынтымакка чакырып келген!

Көнгөнү көндү. Көнбөгөнү бизге жоо. Кантели? Майлашканга майлашмак. Жоолашканга жоолашмай?! Эрдене, сен чын алп болсоң, ошол бизге кастарын тиккен кан менен жоолаш. Изгил бизге кастарын тиккен жок.

Эрдене тек актанды;

– Изгил аноодо биздин уруунун жылкысына чапкан Чекир бий токтолбой доо айтты:

– Аноодо жылкыды изгил алса, сен андан өктөңдү ал. Өрүштөгү жылкысын ал. Кыйырын үйрүп, айылын чаап, тукумун кырып, уул, кызын күң, кул кылууга күчтү саа ким берди?! Айдер ажосу жок, адыра чапкан ээн баш жеке баатырдын обу жок жосунун иштедиң. Урдана экөөң?! Ушундан кийин, силер жосунсуз алпсыңар. Мындан ары сен: «Эр куту – Эрденемин» дегениң таштаң. Тиги: «Журт куту – Урданамын» дегенин таштайды. Таштабай көрүңдөр?! Журт бузган бузуку дейбиз. Бузукуга бир жаза – мууздалат! Бу биздин буйрук. Атам кыргыздын баш ажосу





Иштин ушул жагдайын сезип, эртеңкини ойлогон Эр-Киши тактагы Адылтай ажого аста карады. Адылтай ажо Эр-Кишинин дилин туюнду.

Адылтай ажо оң колун жай көтөрүп, мурутун жай сылады.

«Баба жырымы да сакталсын. Тентектер да эсине келсин. Элге да санат калсын. Ойду өзүң айтың Чогултурум. Сенин акылың – менин акылым. Биздин акыл – баба жырымы», – деген ажонун оюн Эр-Киши көз караштан туюнду. Ал ошол замат ажого таазим этти:

– О акылман ажом! Бузуп айтсам түзөп коюң! Түзүк айтсам, улап коюң? Кандын өлүмү – эли терс караганы. Алптын өлүмү – эл алдында уятка калганы. Эрдене алп, Урдана алп – карабашыл кул болсо, экөөнү азыр улактай мууздайт эдик. Бу эки алп акылдан шашты – обу жоктук кылышты. Обу жоктук иши үчүн эки алп эл алдында уят болушсун. Экөөнө эр минээр ат, киер эр тону берилбесин. Жайдак жүрүп экөө эрдик көрсөтсүн. Ошону иштешсе, айыбын өтөйт экөө. Баргы уруусунун кадырман билгилери оноу чабылган изгил журтунун алдында айыптуу! Өлгөндөрүнө кункор. Төгүлгөнүн толтуруп, маталып келген уул-кыздарды кайтарып, өздөрү изгилге кыз берсин. Куда-сөөк болушсун! Баатырлары ок тиштешсин. Аксакалдары төш такашсын!

Адылтай ажо жан-жанында олтурган або-бийлерге кеңеш сала жумшак айтты:

– Ак сөз. Алп өкүмүн Чогултур так айтты. Эл баккан алптын уят болгону – өлгөнү. Ал чын! Боо, оң жагымдагы або-бийлерим, сол жагымдагы алп-колбашчыларым эмине айтарсыз?

Азман або таазим этти:

– Үстүдө Көк, астыда боору күрөң Жерден кийинки ээбиз – Адылтай ажом. Элирген эки арамга алп өлүмү ак! Жардык айтың, угамын. Жоого атказ. Барамын!

Башкы або Азмандан кийин Чекир бий ажого таазим этти:





– Алдияр адил ажобуз. Буйрукту эшитиң! Кабыл туттук!

– Акпыз!

– Акпыз!

– Журт бузганды өлүмгө бериң!

– Журт бузганды өлүмгө бериң!

...Жортуул самаган Эрдене жоо кийимин чечип, жоо куралын таштады. Дабдаарып жеке кетти. Көк чыбык алып күл сабады.

Калайык аны кордоду:

– Киши эди мал болду. Алп эди. Өлдү.

Урдана бороон угулган жонго үч күн, үч түн жатты:

– Эрдик сыйкыр менден качты. Жанчар саяр ал жок. Тирүү өлүкмүн. Топоздун жолбун букасымын. Эми баш сөөгүмдү ит-куш кемирсин?!

Эл оозунда лакап сүйлөнду:

– Ээликсең, Эрденедирсиң. Оолуксаң, Урданадырсың. Бири күл челип, бири ашууда калды. Экөө тең алп эди. Тирүүлөй өлүк болду.

* * *

...Адылтай ажонун амирин тутуп, жортуулга аттанбай кол башчылар үйдө. Эл тынч көчүп-конууда.

Жаш-Тегин акыл эргитти:

«Күчкө кайрат өбөк. Акылга билгичтик өбөк деди Эрake. Чын кеп. Эр-акем күчтүү. Ал барскан сокту. Кажыбады. Жаш жоокер чарчады. Эр-акем чарчабадыБиз көлшал тердедик. Ол кишинин чекеси чып этпеди, Жылкычы, темирчи, көөрүкчү, уста – баары Эр-акемди сыйлар, коркур. Тигил түмөн кол баштап, изгил журтун чапкан Эрдене, Урдана алптай жалгыз барган Эр-акемдин алдына түшүп беришти. Эр-акем болбосо, ол эки алп эч жанга багынбас болучу... Эр-акемди мен да сыйлайм, андан мен да корком. Эр-акем эч качанда өлбөс дөө. Ал, Киши пири. Мен Эр-акемдей боло алар белем?»





жазгырма амал табады. Биздин ташка, жибекке, агачка, кийизге, баскан тамгабыз ошол табгачтын амалына айла тапса, кана?! Ал көптүгүнө салыр, амалын ашырыр. Антпесе, ат үстүндө болсун, мейли жөөдө эрдик-чабышта бизге такаат көрсөтө алчубу... О, жок! Катуу анган, кара чабышты кээде, аксак жайчынын амалы алдап койгону болбой койдубу?.. Айбалтаң өткүр, саадагың катуу, жебең сыздап учыр. Бу сенин артыкчылыгың элимдин эр уулу. Атың үч аяктап калса да чуркыр, эриң башын жарса да чабышыр. Бу да сенин артыктыгың элимдин эр уулу. Кемтигиң, уруу ичинде эрлериң арбын. Эр мүнөзү көпкөлөң-көөдөк келет. Күч менде, жеңмекке эмине дечүлөр көп. Олор бирине-бири эрегишет. Атаандашат, артыксынат. Анан өз-өз ара чабышат. Ынтымакка доо кетип – урyу арасы ирийди. Бу бир боштугуң, элимдин эр уулу. Билгиликти, кээде, эрдик башкарып эсиртип кетир. Бу бир боштугуң, элимдин эр уулу. Ат үстүндө, жоо бетинде күн өткөргөн эр бабабыз далайдын көксөсүнө көк талкандай тийип койгон. Эрдиктин түбү – өзүнө жоо көбөйүр. Азыр, дүнүйөнүн төрт тарабынан бизге көз арткан жоо бар. Ыйык жеримдин алтын, күмүшү, жези арбын. Темири курч. Түйшүкчүл момун журтумдун малы-мүлкү арбын. Ушуларды олжолосом дечүлөр күч. Муну, сен жакшы билесиң. Муну саа атайы айтканым – береги Жаш-Тегинге айтканым. Ал мал күзөтүп, барскан согуп бышыгып калгандыр? Эми шумкар салып делөөрүй берсе...– Ажо тек сырдуу күлгөн болду.– Шумкары каз алыр. Өзү кыз алыр... Анан жаштыктын кызыгына батып... бабасынын эрдик салтын унутуп калыр. Шумкар качпас, кыз карыбас. Аа дейре, Жаш-Тегин – Жаш-Тегин деген атын өтөп: атпайдын эл-журту жердеген жер-сууну кезип көрүп алсын. Ойдо-кырда, кенен жайыкта мал асырап, аштык айдап, кен эриткен түйшүкчүл момун эл-журтун таанып алсын!

Элимдин эр уулу, муну эшит: тиги Тегиниңди жаныңа ээрчитиң. Ол эл-журтту, жер-сууну таанысын. Жобо-

жашы токсонго толгон Адылтай баба айткан буйрук. Аны ажомдун оң колунда олтурган адил бийи мен – Чекир айттым! Өздү жоо деп, опсуз чабуул баштадың. Ыйык тактыда олтурган ажонун алдына тике басып келдиң? Бу адепсиздик?! Бу чоң айып!

Эрдене да, Урдана да унчуга алышпады. Эсине келдиби? Эрдене тике карабай жоошуй түштү. Урдана жер карады.

Чекир бий өкүм айтты:

– Чабышта кол ириткенге, ынтымак бузганга, тыныч кезде ушак сүйлөп, ууру кылганга, журт ыркын бузганга, өтүрүк таратып өз журтуна капсалаң келтиргенге бир жаза – өлүм!

Бул азыр мен айткан кеп эмес, эзелкиден келаткан баба жырымы![1]

Або-бийлерден үн чыкты:

– Тизеңди бук, Эрдене!

– Тизеңди бук, Урдана!

Эрдене да, Урдана да айбаттан коркуп кетишти. Камчыларын моюнга илишип, колдорун боорго алышты. Тизеге бүгүп чөкө түшүп олтура кетишти да чекелерин жерге тийгизгенче жүгүнүштү:

– Айыптуубуз, ажо ата?

– Айыптуубуз, ажо ата?

Азман абонун жоон үнү зоңк этти:

– Баатырлар акылдан адашып, аңыра чааптыр, ажом. Экөөнүн тең канын бериң?

Бардыгы Адылтай ажого караштьы.

Адылтай алаканын оң санына койгон калыбында тигил тизе бүткөн баатырлардан алыс карап чечкиндүү айтты:

– Эсирген эки арамдын башын мен кес деп буйрук айтпаймын. Журт ынтымагына балта соккон бузукуну журт алдында мууздалсын деп салт калтырган арбагы тирүү бабанын жырымынан[1] кайтпаймын!

[1] *Жырым* – кодекс, закон.





– Айыптуумун! – деди Эрдене.– Өлүмүм ак...

– Айыптуумун! – деди Урдана.– Өлүмүм ак...

Кыргагы алтын ак калпакчан ак күбө тон кийген аксакал оң колун алга карай көтөрүп, сөөмөйүн чочойтуп кескин айтты:

– Баары – өз уруум. Бул экөө менин тукумум. Ынтымак бузган бу экөөнө өзүм деп жан тартпаймын. Баба жырымынан мен да чыкпаймын. Бүт уруунун чоң-кичиги ыраазы... Бу эки обу жокту ээрчиген бир түмөн колдун шагы сынаар... Мен ошого кейидим...

Уруу аксакалынын минтип айтышы тике каршылык эмес. Өз баатырлары Эрдене менен Урдананы өлүмгө кыйбай сактап калуу аргасы да эмес. Арийне, аксакал өз баатырларын өлүмгө берүүгө. каршы. Каршы болгондо аргасы канча? Алар ынтымак бузду. Өлүм жазасын алууга өздөрү барды. Эми кол менен иштегенди моюн менен тартыштан башка бул экөөнү сактап калаар себеп жок. Эзелкиден келаткан баба жырымы мындайларга өлүм буйрат. Канчалык кадырман болушса да, канчалык эрдемсиген тайманбастар, жоо чабаар алп болушса да, экөө тиштенип өлүмгө моюн сунушу абзел. Ага-туугандар да, уруулаштар да аргасыз жырымга каяша айталышпас...

О, ошентсе да биринде болбосо, биринин дилинде кек калышы ыктымал. Адылтай ажо токсондон ашты. Киши уулунда темир өзөк өлбөсү жок. Адылтай ажо да учат... Артта, алтын такты ээлээр Жаш-Тегин так ээсиби? Аны теңир билет. Салт жырым аны такка олтургузган менен Жаш-Тегиндин өзүнө Көк теңири акыл, айла, эпти, эрдикти бердиби. Жокпу? Ал азырынча белгисиз...

Кечээ Эр-Күлчүр барында тиги Эрдене менен Урданага окшоп кайсы уруунун алпы бейбаштык иштеди? Бүгүн бул эки алптын өз билгениндей минтип кол атказып, тыныч журтка чабуул коюшу да... – «Эми бизди кой дээр ким? Эр-Күлчүр учуп кетти. Кары ажону эми биз тоотпойбуз» – дегени болучу.





Дайым ушуну самаган Жаш-Тегин эр жетти. Анын кебин билгилер дит коюп эшитти.

Дили ак өз:

«Уа, эсен бол, жаш бек. Теңир саа түз карасын. Адылтай бабаңдын ордун басың» дешти.

Аласын ичте сактаган уруу башчылары:

«Уа, өрттүн кулуну. Адылтай ажо көз жумган күнү мен саңа бийлетпесмин. Өзүм баштап, өзүм баштар журт бар. Мен да чыңдын зыңгыраган зоосумун. Түздүн түнт жышымын...[1]

Ажонун алдында сыртынан баары өз жайында, баары тынч, түптүү көрүнгөн менен ичтен тигиндей ала дүйнө баш бакканын Жаш-Тегин сезбеди... Ал, аны сезмек тургай дале болсо, жаштыктын чакмагында чагылат. Табгачтын жибегиндей уяң, үлбүрөк эргиген курч кыялы, жаш көңүлү, күлүк санаасы улуулардын жанынан эрте кетип, тээ көгүлтүр дарыянын наркы жээгинде кечээкидей шумкар салуу. «О! Каздын көбү ай. Өрдөктүн көбү ай. Шумкар закымдап бийик көтөрүлгөндө олор шабырап сууга чумуйт. Суудан окчун кургакта жайылгандары бытырап, баркылдап, кээсинин канат-жүнү сабалап барпырап, кээси коркколдон тезегин ыргытар. Ай, ха-ха... жыргал ай. Шумкарың бир атылып, бир кудур. Канаттары шөлпүйүп, моюндар шылкыйып каркылдашка шайы оол каз-өрдөк көктөн жаайт. Ай жыргал ай...»

Ушул оюна алданып кеткенде, «..жортуулду койгула. Эл-журт тыныч болсун» деген бабасынын буйругуна Жаш-Тегин кошулгусу келбейт. Ал, өзү жортуулга аттангысы, жоо менен чабышкысы келет. Ал, өзү Эр-Кишинин жанында жүрсө, ал эр агасы экөө жоо колун тымтыракай чыгарчудай сезет. Дал өз шумкары – мындан бир топ жыл мурда өз башына конгон шумкары каз-өрдөктү «тарс-тарс» тээп түшүргөндөй, өздөрү да жоону «тарс-тарс» чаап түшүрчүдөй көрүнөт...

[1] *Жыш* – токой.





Жаш-Тегин ушул оюн ажо бабасына айтып жибере жаздайт. Билги аболор, кандар, бийлер, бектер, кол башчы алптар ажо алдында унчугушпай олтурганы Жаш-Тегиндин кыжырын келтирет. «Барабыз. Беленбиз. Барабыз!» деп жабылып айтышса, бабам көнөөр, ыраазы болоор. Жортуулга кезек берир. Бу коркоктор, эминеден жалтанаар»?

Ушул оюна кызып кеткен Жаш-Тегин жоокерлик салт менен сыңар тизелей берип, колун бооруна алып бабасына бүгүлдү:

– Жортуулга жол бериң, баба?

Небересинин кайратына ичинен ыраазы болуп, көзүнө жаш келчүдөй мууну бошой түшкөн Адылтай ажо шек бербей кескин айтты:

– Эрдене менен Урдана өлүмүн эсиңе тут, уул! Чабышты өзүң көксөбө! Өзүң көксөп жортуулга аттансаң, анын жолу жоболоңдуу болур. Мен ошо жоболоңдуу жортуулга жол бербейм! Жоо кыйырга келсе, амал барбы? Токсондо кезимде сан колду өзүм баштаармын!

Күндөрдүн биринде Адылтай ажо ордого Эр-Кишини чакыртты. Умай-катын кашында, жакын ага тууган өздөрүнчө олтурган жерде ажо Эр-Кишиге тапшырды:

– Өзүмдүн сынбас канатым, элдин эр-уулу. Эми сенин өзүңө жеке айтар кебимди эшит! Атпай кыргыздын ажосу Адылтай айтты деп эшит! Абону або, бийди бий, алпты алп көрө албайды. Аларды өз-өз оюна койгондо эсирген бука бир-бирине мүйүз такашкандай тигилер оозушуп кетир. Ыгы жок сүзүшкөндө зыян чоң. Биринин мүйүзү сынар, бирөөнүн көзү чыгар... Ал арамдардын өкүрүгүнөн капчыгай-зоо жаңырар. Жер тытылар. Билги бабанын сөзү деп эшитиң: тээ, кулак уккан, көз көрбөгөн эртеги замандан бери карай күч эсиргенде ону билгилик башкарчу. Билгилигиң мокосо, кара күчүң жетим. Ону жоо оңой майыштырыр.

Адылтай ажо каалгып, күңгүрөнүп, анан өкүнүп айтты:

– Ата-а... Тээтигил кара таандай кыжылдаган табгачтардын бир артыкчылыгы – терс окулган бичигинен көз

Үн баланыкы экен.

Үнду улай экөө тездей жетишти.

Чолок жең илбирс-чаар бешмантча кийген, бирок этеги чолок, кол, буту тартайыңкы жылаң баш бала тизелери бүгүлө чалкалаган адамдын башын сүйөп безилдейт:

– Атаке, атаке... Ичегиң чыгып жатыр. Эмине айла кылайын?..

Буурул чачтары түктүйгөн жылаң баш киши эки колу менен бирдей өз курсагын өзү жогору жыя басып, бала коркпосун дегендей шашпай айтты:

– Кындан кездик алың. Карын майдан кол учундай кесип оозума салың![1] Анан, анан... Чубалган ичегимди ичиме жыйна. Жарылбаппы? Жарылбаса оң. Коркпо! Басып турайын...

Окуяны айттырбай баамдаган Эр-Киши аттан түштү.

– Коркпоң, уул.

Жаралуу киши Эр-Кишини көрмөксөн болуп кебин улады:

– Коркпоң... Өлбөймүн... Атакөрү, эң болбогондо мени жолборс алсачы... Жарадар бугудан адашпайын деп ашыгып келатсам, капыстан чыга калган каман согуп өттү. Уа, жаман доңуз, өз жанынан чочуду окшойт. Мен аа тийип не кылам. Ойдо жок жерден курсагым жарылып... ичегини көрүп... бала коркуп... Ата-а, жакшы келдиң. Курдагы киседе жибек жип боло турган, ийне боло турган. Ала жүр деп байкуш зайып дагы бирдемелерди салдырып коючу...

Жаралуу тиштенип-чыйралып айтты:

– Унутпаң, карын майымдан оозума салың, курсагымды тигип жибериң!

Чечине салган Эр-Киши тамашалап күлгөн болду:

---

[1] Карды жарылган кишиге өз карын майын жедирсе, жарат ырбабай тез сакаят деген ишеним болгон. Бул ырым, айрым жерлерде, XIX кылымда да колдонулган.





эли-журтун аралап, ата-баба жердеп өскөн жер-суусун көргөнү аттанган сапарда оор жарагы не керек?

– Э, Тегинжан! – Эр-Киши эми Жаш-Тегинге күлө карады.– Экөөбүз күч сынашалыбы? Же эп сынашалыбы?

Жаш-Тегин балача жымыйды:

– Өзүңүз айтыңыз, Эр-аке?

– Э, өзүм айтсам, сак болуң! Эп сынашам!

Ушундан кийин Эр-Кишинин эмине иштээрин билгиси келип ичтен жээлигишин Жаш-Тегин сездирбейт. Тек, ийменген кишиче үнсүз жылмаят. Акбоз ооздугун чогоп, моюнду силкип, башты чулгутуп коёт. Тал-талынан төгүлгөн жибек жалы сеңселип күмүштөй жылтылдайт. Суудай куюлат...

Эр-Киши тымызын талдайт. Жаш-тегин да, Акбоз да дайым анын баамында, сынында. Күжүлдөгөн жылкычылардын ичинде Жаш-Тегин элирип, шак-шак күлүп, ат чапканга кызыгып, түнкү оюнга, ат оюнга, азоо үйрөткөнгө, өңүткө аттанып илбирс, жолборс чабышканга кызыгып, оттой ойноо, тентек жүрдү. Арийне андан анын эрдигин баамдаш кыйын. Буту баскандан айырмачта, анан ээрде өскөн чабарман балдардын кимиси Жаш-Тегинче ат оюндарына, түнкү оюндарга, азоо үйрөтүшкө не илбирс, жолборс чабышка кызыкпайт? Ал ар бир эркекти, алтургай алты саны соо зайыпты кызыктыраар кумарлуу иш. Жаш-Тегин биринчи жолу ат оюнуна катышканда ал эң элпек, эң күлүк атка мингиси келген. Биринчи азоо үйрөткөндө ал удаа үч азоону үйрөткүсү келген, таптак түйүлгөн азоо ойдон-тоого алып жөнөгөн. Бир-эки жолу таштап кеткен. Тээ Гүл-Өтөктүн үстүндөгү ачыктан айгайлап жолборс чабышканда Жаш-Тегин өзү курдуулардан артыкчылыгын байкаткан эмес. Ырас, ал бышык, чыйрак, капылестен карс эткен коркунучтан «селт» этпес жүрөктүү көрүнгөн. О, эзелтен ат үстүндө коогалуу өмүрдү баштан өткөргөн жортуулчу журттун уул-кызы болор-болбостон элтең-селтең этишчү беле? Эс тарткандан баштап эле, аюу, жолборс менен же-





Токой, тоо, суу шары. Түнкү шаң, түнкү каңырт-жаңырык баары түссүз, коркунучтуу ажаандын курсагына оп тартылып бараткандай...

Жаш-Тегин каалгыды. Эзги төшүнө сайыла калып, көзүн ачты. Ал ат үстүндө чырым этти. Жолборс эсине түштү. Уйкусу ачылып кетти.

Эр-Киши камырабай жай айтты:

– Арам чаар, бизди аңдыганыңа бир топ болгон. Бая, башттан бастыргандан кийии эле Акбоз селт эткен. Жаныбар кошкурам деп кошкурган эмес... Эр аты үстүндө жоокер барда азуулуудан анча коркпойт. Кишинин сүрү азуулууну жалтантар. Кишинин деми атка да, итке да бел. «Эки жашар уулду көрсөм, эки кырды аша качам, жети жашар уулду көрсөм, жети кырды аша качам» дейт экен, бөрү. А сенин жашың эки алтыны арымдап салган! Улуу бабаң туура он экисинде жолборс чабышкан. Өз атаң Эр-Күлчүр он төртүндө жортуулга аттанган. Ой, аттигиниң, ай?! Улам кийинкилер ушак тартып баратыр...

Жанагы жерде уктап жатсак, жолборс бизди алып салмак. Чер-токойдон дабыш алсаң, ошол жакка тике караң! Кишинин көзү обочодон эле азуулууну жалтантаар. Көзүңдү терс бурсаң, ал сени алып салыр. Эр көзүндө көрүнбөгөн жебе бар. Ол азуулуу тургай кол башчыны жазгантат. Чабышта, жалтанбай айбалта сокон эрен ажалсыз. Көзүн жумган коркок өлүр.– Эр-Киши кебинин ток этээрин айтты:

– Күч сынашалыбы, эп сынашалыбы дегенимде, сен, өзүмө койдуң. Мен саа эбимди көрсөттүм. Андан эмине алып калдың? Эми аны, сен, маа көрсөт.

– Түндө мээлей албаймын. Жарыкта жазбаймын, Эр-аке...

– Жарыкта жазбаган, түндө сезе алат!

– Таң... Баштан өтө элек да...

– Башыңа да келет. Ошондо ыйык эне деп бакырбасаң, ийги.





Эр-Киши солкулдап күлдү.

Улан арданып акырын айтты:

– Бакыра элекмин...

Дүнүйө шоолаланды. Таң сөгүлдү. Жаш-Тегиндер токойсуз анан өзөндү өрдөп, анда кандайдыр бир борчук таштуу, арчалуу, жылгын кырчындуу кайкаңга чыгып келишти. Бул кезде жер-суу агарып калган. Ал аңгычакты алды жактагы борчуктун арасы кыймылдап калды. Киши дабышын алып союл куйругун созултуп качып калган илбирсти көргөндө Жаш-Тегиндин көзүнө ал ташты аралап жойлоп бараткан кандайдыр бир укмуштай коркунуч боло түштү.

– Кезек сеники, Тегинжан! – деди, Эр-Киши.

Тегин саадак чойду. Ал жебе узаткыча Эр-Киши колтук астынан өкүндү:

– Ок жолун өткөзүп ийдиң? Тигинин ажалы жок тура...

Айткандай эле илбирс: аман кетти.

Жебеси кайып Жаш-Тегин аябай ызалуу. Ал баарыдан да өзүнө таалим берген Эр-акенин көз алдында жебеси илбирстеи жазып калганга ыйлагысы келди. Акбозду улам колтукка ыкый теминет. Өзү тыяк-быякка элтеңдей карайт. «Сени. Се-ни... Эминеси көрүнсө да. Сени-и».

Ал ызаланат, арданат, кыжарланат. Тек кыйратчудай саадагын оңтой кармайт.

«А-а, уул, – дейт Эр-Киши: өзүнчө, – арыңа келиң, арыңа келиң. Арсыз киши чабышта өлөрүн эстейди. Ашыкпа! Ардан жүрөгүң жарылыр. Аны: эр кайраты эмдейди; Чабышта далай башың жарылыр. Кансырысың. Аны да эр кайраты эмдейди. Кайраты жок алп кара күчүнө өзү кул»...

– Коркоктун башкы жоосу өзүнүн кара күчү, уул, – деди Эр-Киши...– Ушуну эстеп кой! Ол кара күчүнө ишенип жоого чабар. Жанчар этегин тепчип, айбалта башына тийсе, ол кайсалап калыр. Коркок хандын башына туулга турбас. Аны чабышта көзүм көп көрдү. Жылаңбаш башты жара чаппай жоо жебеси кумга сиңиппи? – Эр-Киши корс-корс, күлдү да кебин улады. – Чындап чокмор чабышка-

кеме-жеке кармашууну самабаган уул эркекмин деп санабас өзүн. Жаш-Тегин кичинесинен ошондой кайратман өстү, өзүн да уулмун деди. Ал ошол өзү теңдүү уландардай эле шайкелең, шамдагай, ар кандай коркунучтан жалтанбас болду. Жаштык элирткен кезде ар-бир улан ошондой болсом дейт. Кыйын-кыстоодо, катуу коркунучтан «селт» эткени, жалтанганы четтен... Жаш-Тегинди ошондой коркок болуп калбаса экен деген Эр-Киши жан-дилин коюп, ага өзүнүн ыкмасын, тайманбастыгын тымызын тартуулады. Чын эрдиктин салты ал аракет! Баягыда, түн каракчысынын кейипин кийип Эр-Киши Жаш-Тегинге кол салганында баланын жалт качып бербегенинен улам, ага ыраазы болгон. Бирок бала чокмор башты анча таамай шилтей албай калдастай түшкөнүнө Эр-Киши бир аз өкүнүчтүү. «Ай бала... Эр атасынын ордун басалса, ийги» деп күмөндө жүргөн Эр-Киши Жаш-Тегиндин баягыда, каман качырганда, аны аңкая карап калып, атын каманга чалдырганын эстесе, бырс күлөт: «Ай бала... Каманды таанып туруп, коркпой аңкайса, жакшы. Тоотпостугу. Эрдиги. Эр аңкоо. Көзүнөн чаар чымын учуп, калтаарып, камандан кача албай туруп калса, анда, бу бала жанчар сундуруп жоо саярда көз жумат, коркок»?

Жаш-Тегинге барскан соктуруп, анын күчүн, бышыктыгын сынады. Саадак[1] чойдуруп, анын так-таамай баамын, мергенчилигин сынады. Ага азоо карматтырып, анын ыгын, шамдагайлыгын сынады. Түн каракчысынын кейипин кийип Жаш-Тегинге өзү «кол салып» анын жүрөктүүлүгүн, тайманбастыгын сынады. Жаш-Тегинди билгилердин катарына отургузуп, аны кеп-сөзгө аралаштырып, анын акыл-эсин, жөн билгилигин, чечендигин сынады. Анын баарында Жаш-Тегин шыдыр болбоду. Марымчынын[2] алдында такалган шакирттей[3] эле ал бирде сынга толсо, бирде толбоду. Ошен-

---

[1] *Саадак* – жебе, жаа огу.

[2] *Марымчы* – нуска, жол-жобо үйрөтүүчү. Илим берүүчү.

[3] *Шакирт* – окуучу.





Булар маектеше келатып байкабай калышкан. Бир үйүр жыпаркиндик айлуу түндө көрүнгөн сыйкырдуу элестей ак шыйрактары кылактап-эрбелеңдеп, кызгылтсур соорулары жалт-жулт этип адырды тепчий качып баратышты. Алар бир далай узап баратат. Жаш-Тегин кызыгып кетти.

– Эр-аке! Ано качкандар эң сонун кийик экен. Атып калалы да?

Аттарына камчы басышты. Чоң күрөң менен Акбоз жанаша түшүп оздук кагышты. Дайым жортуулда, чабышта, жарышта дасыгып көнгөн жаныбарлар камчы салдырбай арыш созууда. Леп эткен жел жок, аба дымып турган эле. Ызылдаган шамал чыгып бетке урду. Дөбөчө-жоноюлдарды артып төтөлөй чабышты. Мына эми жебе жетер-жетпестей калганда Эр-Киши Жаш-Тегинге эскертти:

– Кез сеники! Жебе учуруң!

Чаап келатып Жаш-Тегин саадак чойду. Жебе ышкырыгы жаныбарларды аябай коркутту белем? Алар жарылып, бөлүнүп чачырай качты...

Эр-Киши тизгин жыйды:

– Болду, уул... Жебең бул жолу да желге сайылды.

Адырда чачыраган жыпар киндиктерди Эр-Киши жайына койду. Жаш-Тегин кыжырланды. Уялды. Улам жебе учуруп, улам тийгизе албай калганына ыйлагысы келди. Таманы кызыган аттар оздук чоюп ээлигет, атырылат.

Дагы бир белестен эңкейип черлүү, камыштуу өтөктө келатышкан. Ачуу чаңырган үн кокустан чыга түштү. Теребел кайра жым болду. Үн ургаачынын үнүбү, эркектин үнүбү? Байкалбады. Алтургай ал адам үнүнө анча окшобой калды. Булар ошол үн чыккан жакка элеңдей карап, ошол үн чыккан жакты иликтей тездеп келатышты. Бир аздан кийин үн алды жактагы көмүскөдөн даана угулду:

– Атаке тирүүсүңбү-ү?





нымда тогузда болчумун. Э, тиги короо четинде уландар жоолашып далай чеке томпойгон дечи... Жылкыда жүргөндө бөрү, аюу, жолборс, кайсар көп кездешчү. Теги баарынан кайсар жаман. Теңир, аны каргады окшойт: кийин тукуму жоюлуп баратыр. Жоюлганы жакшы. Ол жаман жырткыч. Малга, кишиге тике азуу салыр. Колтук түпкө канжар матырып эми өлдү го десең, ол сени кажап жатыр. Ошондон улам: кыргыз, ону кайсар дейт. Кайсарды сен көрө элексиң, уул. Ону көрбөң, кебетеси суук: бөрүдөн ири, жолборстон кичик. Тумшугу торпоктукуна окшой түшөт... Балким андан да думпук. Астыңкы жаагы саал жазы тартып, түптүү курч азуусу арсайып, ууртун жогору тиреп турат. Жүндөрү кылчык, тыкыс, куйругу бөрүнүкүнө окшоп келип андан жоон, андан келтек. Бөрү ар качан куйругун чатына кыпчыйт. Кайсар антпейт: союлдай сойтуп куйругун көтөрүп жүрүр. Ол жойлогондо тап берчүдөй ар качан алдыга качырып-ыкыс берип жутунур. Жыландын көзүндөй чекир тартып жээктери кызыл шумдуктуу көздөрү кишинин шилисин тешет. Теги жүрөктүүмүн, алпмын деген эр-кул кайсар менен тикшеше албас. Кайсардын сүрү көзүндө. Күчү мойнунда. Бычагы оозунда. Ал жарадар болуп кансыраган сайын ыкчам жутунат. Жаны чыгаарында азуусуна илгенди аткый жатып өзү менен кошо өлтүрүр. Андай дажаал чанда. Киши – ыйык! Киши кайсардын тукумун үзмөк болду...

Мен тестиер тартып калгам. Жылкыда жүргөн кезим. Эй, эр-аке ай. Жылкыч башы Карлук эрдей жумур баштуу шамдагай коркпос жан болбос. Өзү анча ири деле эмес. Чыканактай чымыр. Эки бети кыпкызыл. Ар дайым каткырып күлүп жүргөн киши. Урушса да күлөт, чабышса да күлөт, айтышса да күлөт. «Ой, күлкүңдү кой»! – десе, анда ал: – «Эмине, мени күчүнөн тайысын дейсиңби»?! дейт. Ошол Карлук акени башкабыз «Эр-аке» дейбиз. Деги акемдин эри эр болчу. Башкасын кой: ошентип жылкы четинде аркан чоюшуп жарышып жатканбыз. Өр жактан «чаң-чуң» дабыш чыкты. Жалт карадык. Кулун, тай, бээлер бери ка-





Жоодон токмок жегенде эчен кансырадык... О! Аттегиниң, а! Чабыш чөйчөгү толбос үңкүрдөй. Аа, сенин каныц куюлыр, жоондун каны куюлыр. Окшош ал толбойду. Сени да, жоону да аябас, кылыч. Эр башын тандабас, ал. Кыйырын сактап, эл баккан эрен болчу киши өз башын канжыгада байлай жүрүп, аны жоого да чаптырбай, бөрүгө да тарттырбай сактап калбаса, эрен болобу! Же кылыч кайраган жоо, азуу жаныган айбан эр башын аяйбы? О, аямак кайда-а»...

Дасыккан карт күрөң селт туурага карады. Эр-Киши шап тээк чойду. Куйруктуу жебе токойду-тоону жаңыртып ачуу ышкырып барып кандайдыр бир жумшак нерсеге житкендей «лып» басылды... Эр-Киши камырабай өкүнгөн болду:

– А-тээ... Колтук түтөп жүрөккө мадалар дедим эди... Бөйрөктү тепчиди окшоду... Мүрт кетпес, зилдеп өлүр...

Эр-Кишинин кеби Жаш-Тегинге мактангандай угулду. – Ал эмине, аке?

– Эмине болсун? Азуулунун чаары да...

– Тийди дейсизби?

– Колум кубанды...

Жаш-Тегин унчукпай бастырды. «Колум кубанды»? дейт. Кол кубанганы кандай? Караңгыда кантип мээледи»?

Эр-Киши уландын оюн сезгенсип мыңк этти:

– Жебең сая кетпесин десең, узак мээлеп кыйналбаң! Булчуң түйүлгөнчө жебеңдин тиерин сез! Сезбей учурган жебең кайып кетир. Жарыкта көрүп мээлегенди, караңгыда сезип мээле! Анча жебе учурбасам, жолборс маа секирет болчу. Жебенин ышкырыгы аны чочутту. Азуулуу анча акмак бекен. Ал да жанын коргор. Жалтана берди окшойт. Жебе жумшак жерине тийгендей болду...

Эр-Киши бирер убакыт өткүчө унчукпай бастырды. Түн мойну кыскара түшкөн экен. Тунгуюк көк тереңдеп агаргансыйт. Тунук, жарык жылдыздар узун, узун карагай учтарынын шооласынан аралай жымындайт.

Коркунуч сөздирген жымжырттык мемиреди.

рай түрүлүп үркүп калды. Баарыбыз ошол жакка жапырт чаптык. О, жаныбар, Камбар-Атамдын насили жылкы баласы касиеттүү да. Айгыр, ат жал-куйрукту сеңселтип кошкурунуп, кулак жапырып алданемеге айбат көрсөткөндөй…

Жылкычылар жетип келдик…

Эй… бетин көрбө?! Боз аттын капталы эшилип, канжини төгүлүп, өзү жаныбар, жан кейите кишинеп дапдаарып келатыр. Башка айгыр-ат куюндай удургуп жырткычка айбат кылат.

Көрө сала Карлук акем, айкыра чапты:

– О-айт!! Кайсар!! Кайсар!!

Жаныбар айгырлар куюндай удургуп жарыла берди. Ортодо жутунган кайсарга эр-акем тике карады. Кайсар ат үстүнө эр-акеме тике секирди. Ой, жырткыч ай. Тим эле Айга атырылгандай созулганда арсайган азуулары азыр да көзүмө көрүнүр. Ой, укмуш. Ошончо секирген кайсар эр-акеме жетер-жетпестей болуп желбоого байланган тулуптай теңселе калып, жерге шалак түштү. Биз жеткенде, кайран эр-акем каткырып карап тур:

– Ой, шумпай… ушул алыңды билбей маа секиресиң, э?!

Ал дагы күлдү. Жаныбар айгыр-ат кошкурунуп удургуп кетпей койду. Карлук акем, каткырып санын чабат:

– Ой… карасам: азуусу чагылышып алкымдан алчудай… Эки үзөңгүнү тең тээп, ээрде тура калып, шумдуктуу көзүнө тиктей карап, как чыкыйга соктум… Ай, колум кубанды! – дейт, эр-акем. Уа-а бүт жумур баштууда Карлук акемдей тайманбас киши болбос. «Меннн сыйкырым – күлкүмдө. Күлө албай калсам, өзүмдү алсыз сеземин» дечү алп-акем!

Акбоздун көкүл-жалында күн нуру кубулуп ойноп, анын жылуу илеби уландын бетин, колун ысытты. Ансыз да ал Эр-акенин жанатан айткан маегине берилип: «Мен да ошо Карлук акедей тайманбас болсом» деп, чымырая кызып келатат.

Толук жайдын магдыраткан мезгили дүнүйөнү чымыраткандай. Тээ алыста керилген жайык, дүмпүйгөн токой,





Аттар ары-бери кайсады. Өздөрү дагы бир аяктан сусун жутушту. Алданемнени эстей койгонсуп Эр-Киши ашыга турду.

– Аттан!

Ал Жаш-Тегинден мурда шап аттанды да бастыра берди.

«Капсаландуу жортуулда тыныгып жатышка чолоо кайда»?

Анан ал жандай келаткан Жаш-Тегинге эскертти:

– Түнү бою жүрөбүз! Уктагың келсе, ат үстүндө каалгып ал… Эр уйкусу – куш уйкусу. Жоо качырган коогалуу күндө эрден уйку качар. Анда кантесиң? Кишинин бир жоосу уйку. Уйкучуну, мергенди жолборс тытыр. Уйкучу алпты койчу матыр. Уйку – жоодон түмөн кол кыргын табыр…

Жанчар бою кар. Жыш-чытырман ак бубак жамынып, каалгып, калтырап, аяз кычырайт. Ак чилде[1] муз сакалы жайкала суу түбүндө уктап жатыр. Чилде-ата муз сакалын силккен сайын аяздын алаканы токойду, тоону, кенен мейкин жайыкты чыпылдатыр. Ушундай суукта, азыркыдан беш бетер журттун тынчы кетир: жоо жакалыр. Эр уулду төшөктө тынч уктатпас…» Колуңду кура жортуулга аттаның. Тигил табгачты, бул татыны, ано он окту карлукту барып чап! Озунуп сен чаппасаң, озунуп ал чабыр. Катуудан казаның кыйрыр, жумжактан күлүң сапырылар. Баштуун башын иет, аяктуун тизесин бүгөт. Эл болуп аман калам десең, жоондон сен озун»… Журт башында коога. Аттуусу атын минир, тондуусу тонун кийир. Жанчар учтап, балта тапталыр. Уйкудагы колду жоо озунуп басыр. Э, ата-көрү, ай?! Эки жоо тең басканда аны күзөтүп турчу эр кайда? Уйку-дөө менен Билги эр бир баскан соң, түмөн кол бүлүнүр. Журт өз жеринде кырылып, жоого тизе бүгүр. Уа, жоону көп жолу уйкуда бастык. Шумкар кара таанга тийгендей жоо колу далай бытырады. Уа, өзүбүз да уйкуда бастырдык.

[1] *Чилде* – сууктун колдоочусу. Ак чилде муз сакалын жайкалтып, өзөн башына суу түбүнө түшкөндө – темир аяз күчүндө деген кеп бар.





гак сеңселип, жекен чыккан саздак көлчөлөр айнектей, үстү жагы боз адыр тартып күнгөй каксоо. Кейпи, ошол боз адыр; кескелдирик, жыландуу белем? Жогорку жоноюлдан ашып камчылана учкан сары тээ туурадагы бадалдуу, табылгылуу бетти көздөй зыпылдап ашыгып барат. Кайран неме таштын үстүндө күнсөп ийрилип жаткан жеринен илсе керек? Башын сарыга бек чеңгелдетип жылан абада ийреңдеп жанталашат.

Жаш-Тегин ага оозу ачыла таңдана карады:

– Эр-аке, сарынын чеңгелинде жылан баратыр:

Эр-Киши мылжыя карады, тек мыңк этти:

– Сарыга жем керек. Оо, жаман сары, жыланга жараганын көр ой? Сабалап жыргап баратыр…

– Аны жылан кантип чакпады экен?

– Чактырбас эбин табат да…

– Шордуу жылан…

– О, үстү-ачык Көк менен боору күрөң Жер ортосунда талаш-тартышты баштаган жеке киши бекен? Тигине, топуракта сойлогон жыланды канаттуу сары алып кетти. Дал ушул кезде туяктууну[1] азуулуу[2] жарып жатпайбы?! – Жаш-Тегин дале аңкайып үн чыгарбады. Эр-Киши өкүнгөнсүп санын тып чапты:

– Тү-үү… Тээ Улуу Тоодо, ак ала зоодо көк жалкаяк таш кычыгына кысылган эчки-текени оңбогон илбирс сүрөдү. Эй; жырткыч ай. Бирди, экини жарып тоюнса не?! Зоого камап жаныбар кайберенди кырат дейсиң… Зоо боздоор, таш ыйлаар. Капчыгай кызыл жаян. Үстүдө бүркүт шаңшып, кузгун бир жактан куркулдап: Тээ беш кырдын ар жагында жору айланып тарп издеп каалгыйды… Карасаң, боору күрөң Жер койну талаш-тартыш – уңкулдаган бөрү чаарчыкты бир сугунур. Көл түбүндөгү балыкты суу бүркүт алур… У-ай… непир, непир зомбулук бар, бу дүнүйөдө?!

[1] *Туяктуу* – кацберен-элик, каракуйрук, бугу, марал, кулжа, жыпар киндик… бардык чөп оттогон кайберен.

[2] *Азуулуу* – арстан, жолборс, илбирс, бөрү, тайбас сыяктуу жырткыч, бардык алгыр кыраандар.





тсе да такыр эле үмүттү үздүргөн алсыз, коркок, жамандай эндей-эпсиз эмес. Мейли акыл-эстен, мейли, кайрат-күчтөн, тартымдуулугунан болсун, ал кыйла жөндөмдүүлүгүн байкатты. Ажо бабасын да, Эр-Кишини да, анын тилегин тилешкен ага тууганадарын да, эл-журтун да ал өзү жөнүндө чоң үмүткөр кылды.

Бул сапар Жаш-Тегинди сындан өткөрүүнүн эң жооптуу кырдаалы. Муну, ошондой деп Жаш-Тегин өзү да түш жоругандай ой жорутуп болжойт. Эр-Киши бирде бажылдап өткөн-кеткенден кеп салат, Жаш-Тегиндин көңүлүн таптакыр шашылбас жайбаракаттыкка бурат. Анан чочугандай, кандайдыр бир коркунучтуу эрдикти айтып калат. Ага адегенде кызыгып, элее карап, таңдана берген Жаш-Тегин бир аадан кийин Эр-акенин оюн баамдайт, ал кайра камырабайт.

Ошентип, булар бир күнду тек кетиришти. Экинчи күнү түшкө чейин тынбай жол жүрүштү. «Күч сынашалыбы, Тегинжан. Же эп сынашалыбы»? деген Эр-Кишинин суроосу эми уулга анчейин кеп өңдөнду. Аны жаш улан ойдон чыгарып койду. Эки күндөн берки жол Жаш-Тегинге анча кызык болгон жок. Ойдо, тоодо, тээ адыр-жайыктарда ар түлүк мал жылдыздай чачырап жайылууда, аларды көзөмөлдөгөн уйчу-койчулары көрүнсө көрүнөт. Болбосо, мал тек боору жайык жерде ыңырсып жайылып, төлдөп көбөйүп жаткандай. Көп түлүк мындай турсун, ой-тоону оттогон жапайы кайберендер тынч, бейкапар: черден чыга калган бугу атчандарга маңкая карайт. Анан ал жай секирип далдага кетет. Не кайра бурула берип чер арасына житет. Кээде экиден-бирден чаарчык ээрчиткен телкилер көрүнө калат. Кара куйрук көзгө илешпей тызылдайт. Кээде куйругу булак этип түлкү коңулга буйткайт. Аюу, не жолборс жолуга элек. Бир жолу гана анча бийик эмес борчукта көк чаар тартып кандайдыр бир жырткыч жойлогону алыстан көрүнгөн. Илбирс, сүлөөсүн не башка бир жырткычыбы, ал таанылган эмес… Мал четинде, не жыгач кыйып, отун артып

жүргөндөр, не айылдан айылга жолоочулап жүргөндөр, не көчүп-конгондор болбосо, киши-баласынан да жат бирөөлөрдү булар жолуктурбады. Жолукпайт да болучу. Өз эл, өз журттун кыйырынан али узай элек.

Күн кечтеп баратат. Булар токойду жарып аккан чоң сууну бойлоп келатышат. Токой бирде ачыла калат, сейрек тартат, бирде калың чер чытырмандап аларды аралаган атчандар ат жалына эңкейип, чубай бастырышат. Суу шары оң жакта. Чоң, чоң каракурлар тарс-тарс канат каккылай карагайдан карагайга конот. Кайдадыр бүркүт шаңшыйт, кайдадыр кыргый чырылдайт. Түнгүюк чер чытырманында дүңкүлдөп-күрсүлдөп каман жүрөбү? Коркулдагансыйт. «Карс-курс». «Доңк-дүңк» доошу кошул-ташыл. Аларга кадимки эле доңкулдактын тумшугу жыгач койгулап доңкулдап дырылдайт. Черде чаң-чуң этkенсийт. Айтор, чын доош, жаңырык кошул-ташыл токой ыргагы, токой күүсү... Бала кезинен уккан укмуштуу баяндар Жаш-Тегиндин эсине түштү. Азыркы теребел көрүнүшү, дайранын доошу, токой уу-чуусу өзүнчө эле коркунучтуу, укмуштуу дүнүйө Жаш-Тегиндерди оп тартып бараткансыды. «Жез тумшук бар, киши-кийик бар, жалгыз аяк жалмагыч бар, токойдун түктүү ээси бар»... деген укмуштуу баяндарды башка балдардай эле Жаш-Тегин да эчен уккан. Азыр өзү ушул жашына дейре аралап көрбөгөн ошол токойду-жышты эми биринчи аралап келатышты.

Күүгүм караңгысы чер-токойду тез бүркөдү. Керегедей кыркар таштын түбүнөн кайнап чыккан көк кашка булактын башатына келгенде, дайым ушул жерге токтоп жүрүп көнүккөн кишиче Эр-Киши атынан түштү. Чоң күрөң ооздук шылдыратты. Бирок суугa жутунган жок. Улан да аттан түштү. Акбоз делө жол баспагансып, деле үстүнө жан чыкпагансып «быш» этпеди. Тек туруп калды. Кулагын кайчылаштыра дабыш алгансыды.

Эр-Киши күпү тонун чечип мындай койду. Жаш-Тегин айттырбай жанбаштыктан аяк алды. Ага куржун-





дан эки курутту салды, булак башына басып келди. Бул кезде Эр-Киши күпү тонун чыканагына коюп, жамбаштай калган. «Карылык... үч күнгө жетпей ээрде жанчыла калгамымбы»? деген оюн: «Э-э... балам, тезге түшкөн бугунун мойногунан бетер ийге салармын сени» деген ою жеңди. Башат жакка көз кыйыгын узатты. Башат башында жүүртө басып, нары карап олтуруп аякка курут эзген уландын келбети Эр-Кишинин көзүнө толду. Ал кабелтең, жотолуу тартып калыптыр. «Баса, кыраан учаарында, күлүк чуркаарында сынына чыгады... Балам жортуулда жүрсөң, жетиле тургансың»...

Курутту эзип аяктап калганын сезген Эр-Киши чарчагансып, уйкусу чыдатпай бараткан кишиче үргүлөп калды. Ымырап-чымырагансыды... Калкагай сейрек жээрде муруту кыймылдаганча ууртунан жел үйлөдү. «Бух-х...»

Анткен менен көзү кирпиктердин арасынан уландын кыймылын сынап көрдү. «Уктап калайын... Кантээр экен? Тике келип ойгото алса, тартынбас болур...»

Жаш-Тегин куруттун эзмесин жан аякка мелт-калт эттирип жай басып келатат. «Чарчаган экен, Эр-акем» деди ал.

«Уктап калайын... Кантээр экен»? – деди Эр-Киши.

Жаш-Тегин тынымдай токтоло калды да чукул келип жазып-тайгансып Эр-Кишини чочутту. Ал аны сезбегенсиди. «Ойготоюн дегени. Чорт ойготпогону да жакшы. Адеп күтөт да...»

Улан сыңар тизелей берди да Эр-Кишини жоон сандан жаздым таянды.

Эр-Киши чочугансып башын селт көтөрдү:

– Оохх... Тегинжан чырым эте түшүпмүн. «Белчи суусунуңду!

Ал шашкан кишиче атайы «белчи» деп алды. Колуна алаар замат жан аяктын кыры чекесине тийди.

Бахх, муз булактын суусу ай. Куруттун эзмеси менен балкымыз болуп калган тура! Эми өзүң ичиң!





эчен албан сонун откo-чөпкө, эчен түркүн гүлгө, бадалга, өсүмдүккө толгон адыр-түз, ой-кыр, ак-ала баш чакыйган алыскы тоолор, түнөргөн, керилген өзөндөр, жайкалган жайык төрлөр – баары укмуштанат. Үстү ачык, түбү калың, боору коңур дүнүйө тармал тартып сонун көйкөлөт.

«О, өрдө өбөгүм, чыңда[1] жөлөгүм – Эр-Киши... Сени үстү ачык Көк, боору күрөң Жер-суу сактасын! Уулду сен сактаң! Атка отургузуп жылкыга бериң. Он жашында отко салып ийлеп бышыктыр... Эл аралатың, жакшы-жаманды көрсүн. Жер аралат – жер-суусун таанысын... Бөрү бөлтүрүгүнө баш тоголотур. Анан ол бөрү болур. Көк төрдүн үстүндөгү калың көрүстөнгө алпарың. А жайда тынч уктап жаткан бабаларынын баянын сүйлөп бериң. Улуу сөз эшитсин уул. Тээ жазыктын токол токоюн аралатың. Жолборско жебе узатканды билсин. Тээ коңурдун чөл-мейкининен жейрен кубалатың. Жыпаркиндикке[2] ууга алпарың. Кызыкка батсын. Жарыктык жыпаркиндиктин укмуш жыпары күн чыгышта табгачтын падышасына чейин, тиги чоң көлдүн этегиндеги чоочун журтка чейин, күн жактагы ындынын журту – жылаңаяк жар-башка, тиги торгут, тыргоот, уйгур; күн жүргөн жакта улуу тоонун ары жагында жоокери төө минген, жөн кишиси пилге жүк арткан кишиден башка жыланач журтка чейин, – коңур, кең дүнүйөнүн баарында өмүр өткөргөн эчен, эчен баштуу, падышалуу, алтыны төгүлгөн акылманы көп, битик[3] жаттап, амалын ашырган көп журтка жеткен биздин жыпарды жаныбар-жыпаркиндик берерин Тегин жанга көрсөтүң? О жарык дүнүйө... бу жарыкчылыкта ошол жыпаркиндикке мергенчилик этиш өзүнчө табышмак. Ой жаныбар, жебе сайылган жерин жыттар... «Мени аткан киши, сен эми менин киндигимдеги жыпарымды коротпо, ал, ал»! дегендей көзү жоодурур.

---

[1] *Чың* – тик ылдый, зоого тете эңиш.

[2] *Жыпаркиндик* – Кайберен. Анын киндигинен жыпар алынган. Ал – мускус деп аталган кыргыз жыпары өз кезинде эң баалуу болгон.

[3] *Битик* – китеп.





Жакшы-жаманды көрсүн, бу дүнүйөнүн жыргалын, коркунучун башынан өткөрсүн уул... Кош! Керээзим мойнуңа аманат»...

Азыр Эр-Киши ошол жан курбусу Эр-Күлчүрдүн керээзин актап, аманатын мойнуна алып Жаш-Тегинди ээрчитип чыккан. Кырсык чалып өлүп кетсе, айла жок: өлүмгө ким наалат айтат. Тирүүсүндө жанындагы уланды көптү көргөн Эр-Киши тездеги кайыштай ийлейт – аны өзүндөй коркпос этет. Кокус, жазып-тайып жанында жүргөн уланды ажалга берип койсо, анда Эр-Киши аманатты мойнуна аркалайт. Эр-Киши деген атын өчүрөт. Эзелтен бабадан калган эрдиктин бийик наркын актай албаса жаман болот. Андай кырсык чалбасын. Кокус, андай кырсык чалса, журт, Эр-Кишинин эрдигин баалаca баалар, бирок, анын баарын кийинки осолдугу жууп салат...

Бу болгондо да, жортуулдун, жоокерчиликтин чоң жүрүштөрүн өтөп жүргөн алаамат күндөрдө: кишилер актыкты, адалдыкты, эрдикти бекем сактап, аны даңазалап, аны улап: укум-тукумдун кор болбосу үчүн, ага калтырган керээзи! Азыр Эр-Киши ошол керээзди өтөөдө...

## ТЕКЕ МЕРГЕН

Алп көңүлүн калтырба,
Ат аркасын жоорутпа.
*Эски макал*

Эр деми – эм.
*Макал*

Шилби, чычырканак, бадал дүпүйөт. Долоно кочкул тартып, арча, четин өр талаш. Жыбыт жылгадан булак сызылат, өзөндө суу теминет. Камыш аралаш кара кый-

Жүктүү төөлөр тизделип, чөгүп, жүктөн бошогондору дардайып жай каалгып басып турат. Төө арасында кишилер көп эле экен…

Күлдүн, ысык кордун иси кеңилжээрге урду…

«Аа, кен кордосу тигил экен. Дөө-аке да ушунда го» – деп Эр-Киши ылдамдай бастырды. Кантсе да мындай атчандар кен кордосуна келип-кетип турушса керек. Тигилер бейкапар өз иштерин иштей беришти. Килеңдеген үч-төрт дөбөт күрсүлдөп үрүп чыгышканда кишилердин бир-экөө башын көтөрүп бурула караашты.

Эр-Киши алыстан эле камчысын бооруна алды:

– Бар болуңдар, туугандар! Көөрүк долу болсун, кен темирге толсун!

Иштегилер Эр-Кишини каршы алып учурашты:

– Арба, жолоочу! Айтканың ордунан чыксын! Өз сапарың жолдуу болсун!

Эр-Киши токтолбой бек-бек унчукту:

– Дөө-акеге жол айта кетелик дедик… Мында бир балаңарды кырсык чалыптыр…

Жылаңач этине жаргак тон кийген апсайган кара киши кайдан-жайдан көрүнө калды. Ал, ата наркы менен жөн-жай сурашкысы да келбей балт-салт басып, күрсүлдөк үнүн күп-күп чыгарды:

– Так, бэк! Тетиги Барс тетигилерге кайдан учкашып алган?!

Жана Барс сыпатын сүрөттөп айтуусу менен Дөө-акени тааный койгон Эр-Киши сагынган досун көргөндөй аттан түшө калды:

– О! Дөө-аке! Көөрүк долу болсун, кен темирге толу болсун!

Дөө аке Эр-Кишиге апсая карады. Анын карашында таңдануу да, ачуу да, жапайылык да көрүнөт. Ал, кеткис кеги бар жоосу алдына өзү келип бергенсип, көзүн кызартып, Эр-Кишини соруп алчудай кекете айтты:

– О, сен, кайсы жоосуң?! Чын айтың!





– Мен чын эле тайбас чалган экен десем… Каманга чалдырган эпсиз экенсиң?! Чымыркан, азыр курсагың тигиледи! Тегинжан, оттук чагып, куу күйгүз. Акеңдин тердигинен оюп кийиз күйгүз…

Теке мерген тиштенип эскертти:

– Карын майдан оозума салың?

– Ие, укумчул экенсиң, – деди Эр-Киши. Текени кепке алаксытты.– Карын майыңды каман жулуп кетиптир…

– О… чымчым калгандыр. Жарат ырбабай айыгады. Кишинин өз майы өзүнө эм…

– Укумчул экенсиң… Ал, Умайдын эми деп жутуң!

Эр-Киши көгөрүп-жыйрылган ичегини курсакка житирип, жарыкты басты:

– Коркок көрүнөсүң, коркпоң! Жарыкты тигип, күйүк басып таңып салам… Бүтөт. Ата-а деле азуусу курч каман чалыптыр. Жымпыйта тилиптир… Азуу эмес жанчарга жарылган курсакты көргөнбүз. Эмине, баш жарылса кадатып, шыйрагы сынса шакшак коюп таңдырып, бутун канжыгасына байлап алып, кайра чабышка кирген алптардын жаны деле темир экен. Биз азуу чийген курсакты басып, эсибиз оойт…

Тиштене араң чыдап Теке сурап койду:

– Какшыгың өттү… Өзүң кимсиң, сен?..

Эр-Киши тамашалады:

– Атам кыргыздын Эр-Кишисимин! Унчукпа! Калган кардыңды мен жарам!

Теке өткүр көздөрүн жашылданта тирмие үнсүз тиктеди. Ал, Эр-Кишини билет болучу. Жанатан чыдатпай ооруган жаратынан улам (анын үстүнө, чынында эле кансырап, көзү бозоро түшүп) Эр-Кишини тааный албай калган. Ал, Эр-Кишинин атын укканда өз атын атабай тиштенди. Көп жылдар мурда кол салып турган күчтүү жоого бул кишинин уруусу тымызын көшөкөрлүк көрсөтүп, өз журтуна чыккынчылык кылып турган кезде, бул киши бала-жигит кези. Чогултур да Эр-Киши атын ала элек бала-жигит кези. Ошондо жаш эр атанып турган





колуна чокморбаш карматып, ата-эне, ага-тууганы Жолборсту Эр-Кишиге кошуп берди.

Тээ, сейрек токойду аралап, андан аркы мунарык баскан боз адыр кырды артып караандары көрүнбөй кеткиче, Теке, ага-туугандары менен сыртта тигилерди карап турушту. Үнсүз турушту. Качан кырдан ары эңкейгенде атчандардын караандары көрүнбөй калганда Теке кубанып айтты:

– Жолборсум анык жолборс болур! Ак жолун эми тапты! Журтум, көңүлүм тынды. Алтымыш беш жашымда мен силерден бөлүндүм. Сөөгүмдү Кара сеңирге коюңдар. Ташка каман чегиндер…

– Эр деми эм. Муңайбаң, Теке, сакаясың! – деди карыя.

**ЭР ТЕКЕШ ӨЛҮМҮ**

Киши өлөт,
Жакшылыгы калат.
*Эски макал*

Енисейдин кезинде кыргыздын кол өнөрчүлүгү бөтөнчө өнүккөн. Аларда темирди жана башка металлдарды казып алуу, иштетүү биринчи орунду ээлеген.
*Л. А. Евгухова. «Южная Сибирь в древности».*

Эми үчөө болушту, булар.

Эки күндүк сапардан кийин жылкычылардын кошуунуна тыныгышты. Кысыр эмди тай союп, кымыз чайкап, алар Эр-Кишиге сый этти. Тээ эбакы жигит чакты эсине салып, жадырап-жайнаган Эр-Киши эчен албан окуяны көз алдынан чубуртуп кеп салып берип, жылкычылардын таңтамашасына батты. Баарынан кызыгы куудулу Шаптын





жоруктары бир көргөн Жаш-Тегин, Жолборс, Эр-Кишиге тургай күндө аны менен чогуу жүргөн тигил жылкычылардын боорун эзди. Шап ошол кезде отузга таяп калган, бою чыканактай, тыртагай арык. Өз боюна караганда мойну, шадылары опсуз узун. Жалтактаган кууш көздөрүн жумуңкурап, «киляк»тап кон жоруну тууроарда: калпагын башынан ала коёт. Төбө тазы жалтырайт. Кууш көздөрүн тирмийте, арык моюнду коржойто, тээ алыска карайт. Эги тартыла түшүп, куш мурду коңкойсо, деле ойлобогон кишинин көз алдына тарп аңдыган кон жору келе калат.

– Жорунун тарп аңдыганы.– Ал мойнун дагы созуп, көздөрүн тирмийте, тумшугун коңкойто түшөт. Анан ал андан мадылдын тарп кызганганы деп бат эле түсүн өзгөртө салат.Көздөрүн жуумп-жумбай, шадыларын быржыйта бүктөп, тарпты тытып тырмактап, кызгангансыйт…

Жылкычыларда боор калбайт.

– Өзү, өзү…

– Бу киши бала эмес. Жин таштап кеткен сасыткы…

– Ата-энесин билебиз. Киши эле баласы…

– О, жок… өлсүн, жин.Кой дең. Боорум эзилип өлө турган болдум…

Анан Шап мадылга жолой албай четте, таштын далдаасында чычкыланып кыйпычыктаган түлкү болот. Көздөрү кыбың-кыбың жумула калып, тумшугу чучтуя түшкөндө аны карап тургандардын эзилип ыкшып күлбөгөнү жок:

– Ой, жин, токтоң дейм… болду, болду…

Жаш-Тегин менен Жолборс башкалардан бөтөнчө кытылдашты. Шап болсо бирде айбанды, бирде адамды, бирде жезтумшукту элестетип күлдүрө берип, кишилерди чарчатты. Күлүп жатышып «Уа! – деди Эр-Киши. – Муну тапкан эне киши кызы эмес. Кишиден мындай шумдук төрөлбөс».

Күлкүсүнө локуйган зор денеси солкулдап Эр-Киши Шапты жанына чакырды:

– Колуңду көрсөтүң, куудулум!

Чогултурду өлтүрүш үчүн Теке көмүскөдөн жебе жумшап, аны жарадар кылган. Табыптын эминен кийин Чогултур аман сакайып кеткен. Кийин имиштен улам: Чогултур өзүн аткан төлөстүн мергени Теке экенин уккан. Ошол Теке ушул. Кийин Чогултур Эр-Киши атанып, бүт журттун тайманбасы, жоо саяры, кол башчысы болгондо да, ошол Теке бир кезде ушундай эрге жебе жумшаганы үчүн, өзүн журт алдында айыптуу саначу. Сыздап, өзүн өзү жемелечү. Ал тургай элдик салтын колдонуп, өзү барып Эр-Кишинин алдына түшүүнү ойлоп, ага чыдай алган эмес.

Азыр жарылган курсагын тигип жатып Эр-Киши аны улам-улам шылдыңдады:

– Эйа… мазасы жок коркок болуп туруп, уулум, бу атаң кантип ууга чыгып жүр, ыя?

Көз жашы бетинин отуна чейин сызылып кургап калган улан, үнсүз-сөзсүз Эр-Кишиге кол кабыш кылууда.

– Эпилдеген ырас бала экенсиң. Жаман атаңды ээрчисең, ошондой коркок болуп калар бекенсиң, уул?

Тиштенип, өңү саруулай түшкөн Теке чынын айтты:

– Коркокмун, чын эле… Эр-Киши…

– Э, ошентиң, мойнуңа алың?!

– Теңир атайы жазалады мени… Сенин алдыңа мени атайы айыптуу этти…

Эр-Киши күлгөн болду:

– Сенин каманга чалдырганыңда менин тиешем эмине? Бу кандай кеп?

– Эй, Эр-Кишим… мени ушу жолку өлүмдөн алып калың… Мойнума камчымды салып, жебе тиштеп туруп алдыңдан өтүнөм. Кечиресиң?

Кандайдыр бир маанилүү окуянын сырын баамдаган Эр-Киши эми күлбөй, тамашалабай токтоо айтты:

– Эр салтына биз барбыз! Өлбөйсүң, сакаясың!

– Сакайсам экен…

– Баба салтын эсте тутпаган киши сенчилеп каманга чалдырур.





Тургула, ага-тууган. Жөрөлгөнү жөнөтүңдөр!

Баятан үнсүз жүйүргө басып, жазалуудай олтурган кишилердин эки-үчөө тура-тура калышты. Чынында алар, өздөрү сыйлаган эр-Текенин айткан өкүмүн ишке ашырышмак. Аны баамдай койгон Эр-Киши колун көтөрдү:

– Уа, олтуруңдар!

Тигилер кайра олтурушту.

Эр-Киши жай сүйлөдү:

Теке сен мени жоо дебең? Жок! Жоо эмесмин, саа. Саа, сенин журтуңа жоо эмесмин! Кагылышта кан өлөр. Миң сан жебенин бири мени жарадар кылганы чын. Апей, чабышта жоокер жарадар болбой калычубу?! Байыркы бир болуп өткөн жолбун кырсыкты кектеп, азыр жанымда олтурган журтуңду тул калтырбаймын! Баба наркын сыйлап сырды ачык айттың. Бу эр жоокер салтына мен баш ийбей коё албаймын. Ак тайлакты коюңар. Ак улак мууздалсын. Теке экөөбүз канынан ууртапып, төштөшүп, достошолу.

Ак улак союлду.Баятан кымыз жутуп, байыркыдан баян козгоп жадырап олтурган журт эт бышкан соң эт жешти. Анан жаралуу Теке ордунан сүйөтүп турду да, Эр-Киши экөө журт наркы менен төштөшүп кучакташып, ийин тийди кылышты. Жан кыйышпас дос болушту.

Эр-Киши кескин айтты:

– О, досум Теке! Жолборсту аяш-атасына кошуң? Жортуулда жоокер болсун, Жолборс. Тынч кезде билги болсун, Жолборс, Жер көрүп, эл таанысын!

Тек Жолборстун энеси Жагул, башка ага-тууган тегиз жардана алакан жайышты.

– Үстү ачык Көк, боору күрөң Жер-суу, силерге күч берип турсун. Атанын алп күчү, эненин ак сүтү саа күч кошсун, уул, кубат берсин, чырак. Эл четинде-кыйырда жүргөнүңдө бизге кырчоо бол. Оорукта, ойноп-күлгөнүңдө, бизге арка бол, уул!

Жер-суу, сени колдосун!

Батасын беришкен соң, жолборс-чаар кунанга мингигип, жолборс-чаар тонун кийгизип, жонуна саадак асып,





Шап шадылары тарбайган арык алаканын Эр-Кишинин алаканына коё койду. Эр-Киши чыны менен айтты:

– Киши колу экен! Киши эле колу!

Жылкычылар кеп күтүп унчукпай калышты.

– Ата-а, – деди Эр-Киши. – Ушул узун шады менен айбалта кармасаң катуу согор эдиң. Ай өзүңдө күч жоктур эя?

– Апий?! – чочугансып Шап колун тартып алды. – Андай дебең, аке?! Мен ушул колум менен жиндин дөөсүн муунткам…

– Жиндин дөөсүн?

– Анан эмине? Кадыркандын жыш токоюнда жалгыз келатсам дүмүр кучактап кара дөө уктап калыптыр. Ал адегенде төөдөй болуп көрүндү. Минип алып үйгө кетейин деп өркөчүнө чыга калсам… төө эмес, дөө. Ошол замат тамагына Шап акең чап жабышты. Корккон дөө тура качты. Мен тамагына асылып калдым. Ол корккондон безе берди… Бир кезде муунуп кулап баратат. Мен иттин алдында калбайын деп тумшукка тээп туруп, бир секирип карагайдын ачакейине барып минип калдым. Дөө өлдү. Мен карагайдан түшүп үйгө келдим…

Эр-Киши күлгөн болду:

– Жеке эле куудул эмес, калпычы экенсиң. Шап.

– Апей, калпычы деген эмине?! – Шап көздөрүн тирмендетип ирмегиледи.– Калп айтсам төбө чачымды көрбөйүн. Былтыр эле тетигил тоодо жалгыз келатсам, бир үйүр чөө мени тегеректеп алды. Чөөлөр мага күлдү. Мен чөөлөргө күлдүм. Чөөлөр мени кытыгылады. Мен чөөлөрдү кытыгыладым. Ичек-боорум катып мен too ылдый куладым. Чөөлөр кошо кулады. Баарыбыз кулап келатып бир кезде зоодон алыс кеттик. Мен кишимин да, зоого чыккан арчаны кармап аман калдым. Чөөлөр биринин артынан бири чулп-чулп күрпүлдөгөн көк сууга түшүп, агып өлдү. Аман-эсен үйгө келдим…

Шаптын куудул жоругу, укмуш баяны басылбай ал түнү Эр-Кишилер уктагандай болгон жок. Эртеси жыл-





– Анан эмине Дөө-аке дейсиң?

– Ал өзүн дөөнүн жээнимин дер. Өзү биздин эле уруктан.

– Чоңбу?

– Чоң! Сакалы тармал, көздөрү кызыл. Укмуштай киши. Ачуусу келгенде жанына киши чыдап туралбайды. Чын эле дөөгө окшош. Энеси Күлүк-Апаны илгери жортуулда жүргөндө асканын түбүнөн таап алган экен. Чымылдап атка жеткизбей коюптур… Чын эле дөөнүн кызы экен, деп кишилер айтыр. Дөө-акем өзү болсо, энесинин дөө кызы экенин чын дейди. Эч ким аа шек кылбайт. Калп десе, Дөө-акем, аа айкырар.Тигил калп деген киши жерге кирип кете жаздайт.

Барстын кебинен улам Эр-Киши өзү да Дөө-акени көрүүнү самады. «Атаа-аа, ал кандай неме болду экен? Баланын жүрөгүнө мынча тийиптир, Уай, дөөбү?, бөөбү? Бара көрөлү»…

Неси болсо да Эр-Киши Дөө-аке менен сынаа учурашууну ойлоду. Булар жалгыз аяк чыйырдан чоң жолго өтүштү. Аны менен бир аз жүрүшкөн соң, таз жорунун башындай жылаңач тартып бопбоз турган үч дөбөнү көздөй бурулушту. Булак суудан өтүштү. Кечип бараткада ал булак капкара көө өңдөнүп көрүндү. Көрсө көө эмес эле жыбыраган сансыз көнөк баш суу бетин каптап алыптыр. Ар-арасында булактан ит чабак көрүнө калат. Жаш-Тегин эңкее берип ат үстүнөн суудагы ит чабакты чаап өттү. Булар бир-эки имерилишти айланган соң, алды жактан топурак додолонгон боз дөбө көрүнө калды. Чөгүп жаткан төөлөр, андан жүк түшүрүп жүргөн кишилер жүрөт. Кандайдыр бир кызарыңкы тарткан жер төлө өңдөнүп домпойгон «курулуштун» бийиктиги найза бою, жоондугу үч-төрт кулач аркан курчалып жеткидей «керней» сороёт. Анын жан-жанында жүргөн-турган, олтуруп алышып бирдемелерди иштешкен кишилер бир топ.

Текенин бүткөн бою дүр этти. «Билет экен го». Анан аста айтты:

– ...ошону айтың...

– Кыйырдагы чоң жоого каршы чыксаң ийги.

Алы куруган Теке көзү тунарып, алсызданды.

Саргая түшкөн иреңине карап, Эр-Киши: «О...ок тийгир... өлүп кетпес бекен? Кансырап өлбөсө, киши өлчү жаратпы? Жүүнү бош урган көрүнөт. Чын мерген мындайды тоотпойду»...

– Тегинжан, суусун алып келчи... Теке тиштенип жанын сыздаткан катуу ооруга эзилип кыйналды. Чекесинен мончок-мончок, тер тоголонду., Анын катуу кыйналганын сезип, Эр-Киши зекип койду:

– Сен чын мергенчи эмессиң?! Чын мергенчи болсоң минтпейт эдиң...

Теке араң айтты:

– Жан кыйналганда...

Эр-Киши анын тамырын кармады:

– Жаның курусун... Жаның да өзүңө окшош-дырылдаган сокур чымын[1] көрүнөт. Төбөңдө дырылдап тур.... Чалап жутуң! Жаның оозуңа кошо кирсин...– Текени башынан сүйөдү Эр-Киши, ага чалап жуткурду. Ал ынталап-энтиге чалапка чачап көңүл улады:

– Ыраазымын... Мени өлүмгө бербедиң...

Эр-Киши тамашалады:

– Жолборс чалса, бу өзү жолборс экен деп мейли, сырттандан сырттан өлө берсин дер эдим. Жанагы дуңкулдаган жаман камандын азуусу тийгенде сокур чымының төбөңө дырылдап уча качыптыр. Уа, одон киши өлбөсүн. Тоо таш кезген мергенчиси жаман камандан өлүптүр десе, төлөс журтуна кеп кетеби деп, сенин урууңду шылдыңдан сактадым. Дырылдаган сокур жаныңды, канатынан алып, чалапка кошуп саа жуткуздум. Эми өлбөйсүң!

---

[1] Кишинин жаны көк чымынга окшош чымын деген ишеним болгон.





өксүткөн арам чунак мен болчумун... Кийин, акылыма келгенде, эр атын жетелеп, жолборс тээктен барып алдыңа түшөйүн дедим. Баралбадым. Корктум, өз айыбымды өзүм ачуудан уялдым. Сенден уялдым. Журттан да уялдым, корктум... О, Эр-Киши, бир көргөнүңдө эле менин коркок экенимди билдиң. Мен коркок экем... Ыйык жерди башым жазданарда мен арамдыгымды ошол коңур жерге ала кетпейин. Андан жер жийиркенир. Сени теңир өзү жолуктурду. Саа иштеген арамдыгым үчүн, азыр сен ушул олтурган ага-инимдин көзүнчө менин башымды көсиң! Башымды үч чоң жолдун айрысына таштатың. Эрге кара санаган жамандык менин башым менен кетсин!

Эр-Киши да, Жаш-Тегин да, ага-туугандар да тымтырс олтурушту. «Кебин бүтсүн. Айтсын, – деди Эр-Киши ичинен.– Башын аламбы, үч жолдун айрысына таштаймынбы? Ал ананкы иш»...

Теке жүйүртө басып, башын жерге салып жазыктуу олтурган Жолборско көрсөтүп, кебин Жолборско айткандай болду:

– Жолборс, сен, өзүңдүн эр-атаңды таптың! Ал сени жортуулда жоокер, тынчтыкта мергени кылып өзү менен алып жүрүр. Сенин жаның эр-атаңа аманат! – Анан ал үнсүз олтурган ага-туугандарына карады: – Силер боо ыраазы болуң баарың? Карабашыл журту өз ээсине ак ниет болсун. Биз акылдан адашып, жатка жанашып көрдүк. Андан абийир тапкан жокпуз. Чабылдык, тоздук, кордолдук. Эми, билги журт беги теңирдин жиберген менен өзү келди. Биздин журттун башына куш конду. Боо кары-жаш баарың кубаның! Мындан кийин эч бириң, жатка жанашып, өзгө арам санабаң! Муну мени айтты деп эшитиң. Өзүбүздүн билги эр Теке айтты деп эшитиң!

Кана, менин ол сапарым ак болсун: ак тайлак муудатыңдар. Онун канын ууртайын. Анан Эр-Киши: мени өзүң муузлаң. Өз колуң менен, өз тинтең менен, жоону мууздагандай кекенип, кайтпас болуп ачууланып мууздаң?





кычылар менен кош айтышаарда Шап бир бутун бир бутуна сүйөп сыңар аяк турна болуп мойнун койкойтуп Эр-Кишиге айтып калды:

– Жоо келсе, маа кабар бериң, Эр-аке! Адегенде турна болуп учам. Анан туйгун болуп сызам, анан жоонун кол башчысынын колуна коном. Күмүш боом болот. Ал мени жонумдан сылар. Мен анын көзүн чокуп алам, – Шап шумкарча чырылдап, койкоңдоду.

Эр-Киши күлүп бастырды:

– Бар бол, Шумкарым. Эл четине жоо келгенде, сени үндөп алам!

Ошол бастыргандан булардын кеп кылганы Шап-шумкар болду! Анын кызык кебетеси, укмуштуу жоруктары, кыймылдары, айткан калптары эске түшө берди. Жаш-Тегин менен Жолборс балдарча ыкшып, кыткылыктап күлүштү. Аларга кошулуп Эр-Киши андан көңүлдүү. Мал каптаган адырларды артып, андан өзөн суудан кечип өтүшүп, андан токойдун жээгин кыркалай үчөө бейкапар келаткан. Озондоп ыйлаган ый угулду. Ал адегенде улупуңшугандай болуп, анан кадимкидей киши ыйлагандай – киши болгондо да эркек. Кантти-кантпеди тестиер.

Үчөө ый чыккан жакка ылдамдай бастырышты. Ый жакындады. Булар жыш талды айланып, наркы ачыкка чыга беришти. Не киши эмес, не мал эмес, кандайдыр бир топтомолок нерсе жылып баратканын көрүштү. Жаш-Тегин делдейип унчукпады. Жолборс күбүрөп сурады:

– Эр-аке, тетиги жанагы Шап куудул айткан дөө тукуму болбосун?..

«Бу не болуп кетти»! деп Эр-Киши тигини таанып албай келатты. Чынында ал таанылбастай болуп диңкийип баш-аягы билинбей өзү эле жылып бараткан бопбоз капка окшоду. Эр-Киши атын теминди:

– Неси болсо да бара көрөлү.

Үчөө чаап жетишти. Чынында эле диңкийте көмүр салынган кап экен. Аны тестиер уул арчындап көтөрүп алып-





Алар бат эле капты Жолборско артышты. Барсты Жаш-Тегин учкаштырды. Азыр кепке-сөзгө алаксыган Барс бат эле балалык кыялы чыгып жандана түштү. Эр-Киши андан жөн-жайды сураштырып келатты:

– Көмүскөгө көчүп келгениңер көп болдубу?

– Былтыр кыш чыгаарда келгенбиз...

– Жакында көчпөйсүңөрбү?

– Кен жакын дейт, Дөө-акем. Тоого бир күнчүлүк жол. Коога чыкпаса, эл көчпөсө тура беребиз дейт.

– Уа... эки күнчүлүк жерден да кен ташылат.

Ие, биз оноу Кара Сеңирде кезде түш жарым жерден кен ташылчу. Онон ол жак коогалуу боло берди...

Эр-Киши кайдигер айтты:

Коогадан теңир сактаар... – Бир азга унчукпай бастырып мыңк этти.– Ким билет? Кеги бар табгачтар тынч жатпас...

Барс балалык ачыктыкка салып айта салды:

Дөө-акем, изгил журтун чаап алабыз дейди. Ошо изгилдики өттү. Сороктон калыр. Жайытты тарытады. Бектери бел бүкпейт. Ошол изгил журтун чабабыз. Темир керек. Темирдин курчу жебенин огу, айбалтанын мизи каскактын учу. О, сасыган жамандар. Уктабаңдар, Темир калды дейди, Дөө-акем. Баарыбызды уктатпайды. Эрте кетели деп атам эрте турган...

Атасы эсине түшкөндө Барс кайра бышактады:

– Эми мени Дөө-акем урады...

– Ыйлаба уул, урбайды, – деди Жолборс. – Эр акем бар! Эр акем ургузбайды.

– Ооба... – деди Барс, ишенбей. – Дөө-акем коркпос киши. Өз айтканын иштейди.

Эр-Киши сөз уккусу келип унчукпай келатат. Баятан таңданган Жаш-Тегин түз сурады:

– Дөө-акең, эмине кишиби?

Барс ага таңдана карады:

– Киши эле...

Теке тек көңүл улады:

– Жо... эми өлбөймүн...

Эр-Киши келеке айткандай эле Теке кайратсыз жаман эмес болучу. Өз тукуму кадырлаган, жоокер, адис мерген өзүнчө эр атанган киши. Жортуулда кол баштаган – жүз башы. Ооруктa журттун билгилерине кошулган көп ээси. Далай жолу дал ушул Эр-Кишичилеп, башына күч келгенге өзү кайрат берген. «Коркокту өлүм өзү издеп табыр» деп макал айткан Теке жортуулда жүздү баштан айкырык салып, табгач колуна беттешти. Чабышта көбү чыгым тартты. Ошондо айбалта тийип, баш сөөгүнө доо кеткен Теке жоодон араң кутулуп, башына күйүк бастырып, кайыш менен чырматып ооруккa келген. Эр десе эр чыдамдуу десе чыдамдуу Теке жеке эле жаратка, ооруга чыдамкай эмес, ал башка түшкөн оор күнгө, чоң кайгыга кыңк этпей чыдаган таш жүрөк киши. Үч жолу зайып алды. Үч зайыптан жети уул, беш кыз көрдү. Үч уулу чабышта өлдү. Ортончу зайыбы менен эки кызы элин чапкан жоонун колуна туткунга кетти. Керген деген шер баласы ошол коркпостугу себеп болду. Өзү, анча адис мерген боло элегинде ууга чыгып, тээ Кара Тоодо капылыстан жолборско алдырды. Капсаланда, кагылышта ооруга чыдап, эчен кайгылуу күндөрдү башынан кечирген Тekeнин ушул жашындагы өбөгү – жанында жүргөн жолборсу. (Эр уулу Кергенди жолборс алган жылы төрөлгөндүктөн анын арбагын ушул уул алып жүрсүн деп атын Жолборс койгон) Тамтуң баскандан тартып ага, жолборстун күчүгүнүн терисинен жылбырскы даакы кийгизди. Ал тургай ушул уулу төрөлөр замат Кара-Тоону артып, изине саядай түшүп Кергенди алган жолборсту атып келип, ошонун жүрөк канын сыгып, жырткыч жолборстун каны менен периште Жолборсту оозанткан. «Жолборстой алгыр бол, уул, Жолборстой:тайманбас бол, уул. Атаңдын кайгысы терең. Аны журтту чапкан жоо, Кергенимди алган жолборс тереңдетти. Аман чоңой, эр бол. Кайгымдын түбүн тешкин. Мени заардаган кайгым жоо менен жолборстун башына төгүлсүн»!





Дал ушундай жөрөлгөлөгөн Теке кенжеси Жолборсуна баш тоголотуп, ага мергенчиликтин, жоокерчиликтин адистигин берип: уулун кадик мерген, коркпос жоокер болсо дегенде эки көзү төрт болучу... Уулду ат үстүндө чоңойсун деп жылкычыларга да кошкон. Ал мергенчиликке кадик болсун деп аны, өзү жанына ээрчитип ууга алып чыгуучу. Тестиердей эмес колу, буту сөөктүү, өзү жотолуу, мүчөлүү өскөн Жолборс бой тартып калган балажигиттей. Илбериңки, сак, сергек. шамдагай. Ага алдыртан кол салган атасы: «О, көк теңири. Тилегимди бер – Жолборсум, жолборстой болсун? Жоодон журтун коргогон эр болсо ийги? Кагылайын уулга! Боконо сөөгү ката түшсүн, балтыр эти толо түшсүн. Журт кыдыртып эл таанытам, жер кездирип, жер таанытам» дечү.

Катуу жарадар болгондон кийин Теке ал тилегине жете албачудай сыздады, өкүндү. Эр-Кишини кетирбеди. Бирер күндөргө дейре Жаш-Тегин экөөнү кысыр эмди тай союп сыйга алды. Ага-туугандарын чакыртып, аларды Эр-Кишиге, Жаш-Тегинге тапшырды. Анан Жолборсту да тапшырды. Бирок тапшыраардын алдында башын көтөрүп тың олтурган Теке сыр чечти.

– Ано-о-о байыркыдан табгач жоо жибегин тартуулап, жан эриткен сөзүн айтып, дүнүйөгө азгырылган чолок акыл бектерди, колбашчыны, бийди амалдап колго түшүрдү. Ичи арамга жик салды. Журт ынтымагы чатынады. Бири ойго, бири тоого карады... Ошондой кезде жоо бизди оңой булүндүрдү, оңой олжолоду...

Тили кургай түшкөн Теке кымыз жутту да кебин улады:

– Ошол алданган жандын бири мен болдум, журтум. Тээ бөлөк элден көп олжого батарды самап... өзүмдүн өзөгүм Эр-Кишиге жатташкам. Тээ-ээ, Акчамбылдын белиндеги көн кыргында жоо колун шумкардай тийип, сүрүп жүргөнүңдө, Эр-Кишим, капылыстан жебе жумшап, сени





тыр. Өзү эч-эчтемкеге карабай озондоп ыйлап келатат. Шабыратып жетип келген атчандарды туйган да жок.

– Оо-уаай, атакем, айй... Өлдү-ү, өлдү-ү...

– Токтоң, уул! – деди Эр-Киши.

Тигил токтобой басты:

– Оо-уаай, өлдү-ү, өлдүү-ү...

– Ким өлдү?

– Ата-акем...

– Эмине болуп өлдү?

– Кара биураны, атакемди жолборс чалып салды-ы... ооуай...

– А сен кантип аман калдың?

Кан көтөргөн тестиер жаш толгон көзүн жалжылдатып эми гана Эр-Кишиге карады. Анан ал озондогонун басты. Шолоктоп-бышактап энтигип араң айтты:

– Биз көмүрчү эдик... Атам экөөбүз өчүргөн көмүрдү Кара буурага жүктөп кенге жеткирчүбүз... Таң эртең атам биураны таап келем деп кеткен. Анан жок... Анан мен издеп барсам, буура өлүп, атам өлүп жатыптыр... Ооуаай, атакем аай...

– Ыйлаба, уул... – деди тестиерди аяп Эр-Киши. – Атаңдын жаны ыраазы. Жолборс алган киши тиги дүпүйөдө шер болур. Атаң эр киши тура. Ыйык киши тура. Сен аа кубан!

– Эми мени урады, – деди тестиер улутунуп.– Мени Дөө-аке урады.

– Дөө-акең кайда?

– Ол кенде... Ол темир эритип жатыр. Көмүр бүттү. Тез келиң деген буура жок, атам жок. Өзүм кап көтөрүп баратам.

– Кенде Дөө-акең жалгыз беле? Жалгыз киши темир кенде иштей алабы?

– Киши көп... Дөө-акем ошондой. Ал ачуулуу. Ура берер. Өлсөң да урады. Баягыда бир кишини каман жыгып кетсе, жаман камандан жыгыласың деп урган. Анан





бир жигитти чөөлөр таласа киши болуп туруп чөөгө таланасың деп урган. Анан бир атты бөрү жарып өлтүрүп кетсе, сен Камбар-Ата болуп туруп итке жардырасың, деп аттын башын токмоктогон... Эми, жанында жүрүп, атаңды жолборско жардырасың деп мени ол урады. Калп айтсам Көк сорсун, мени.... Уааж, а-такем аай......

Эр-Киши тестиерди аяп жалына сурады:

– Ыйлаба, уулжан. Өз атыңдыг айтчы?

– Атам – Текеш, өз атым – Барс.

– Баргынын эр Текешиби?

Барс таңдана карады. «Менин атамды кайдан .билесиң жолоочу» деген караш.

– Чочуба, уул, – деди Эр-Киши.– Баргынын эр Текешин ким билбейт. Жети атасы алп өткөн шер ол...

Барс жооп берди: – Атам, Баргынын эр Текеши!

– Ээ-ээ! – деди Эр-Киши кыял эргитип.– Мен, билген Текеш кайтпас болучу. Ол жолборстон өлбөйт болчу... Бууранны алган азуулуга жалаң кол качырган го ал?

– Ооба, аке. Атам өзү эле кеткен. Жадаса, жанында кездиги жок барыптыр...

– Ошондой... Кайран асыл! Ол ошентип жолборс колдуу болмок.

Барс анча туюна албай Эр-Кишиге аңкая карады.: Сөз айталбай улутунду.

– Кайран асыл!.– деди Эр-Киши кейип.– Ол жаш кезинде сендей ыйлаак экен. О, ыйлабай калсын.?! Ол жоого чапканда айкырып чапчу.... Ажалдан жалтанып көрбөгөн. Көөнү келсе, азуулуу-баатырга ол, жылаңач качырды... Кой, алтын уул.. Ыйлаба! Сен атаңды тарт. Көмүрүңдү Жолборс артынсын. Өзүң Жаш-Тегинге учкашың. Кен алыспы?

Каптын түбүн жерге коё коюп, Барс колтурмачтанган кыл аркандын учун чыгарды...

– Оноо Үч-Дөбөнүн көмүскөсүндө.

– Бол, артын, Жолборс...

– Жат эмесмин, өзмүн, Дөө-аке…

– Текеш кана? Кара буура кана? Көмүр кайда? Ой, Барс?! Барс?! Барс деймˮ?! Маа бат угуз?! Баары кайда?! Булар ким? Уу-уу, ыы-ыы.

Дөө-аке балт-салт ары-бери басты, тытынды… Барс ыйлап жиберди. Ал аттан түшпөй дале Жолборско учкашып турат. Өтө сабырдуулук менен Эр-Киши жайды түюндурду:

– Уа, Дөө-аке, куйбө? Куйгөн менен өткөнгө өкүнгөн болбос. Текеш эрди, кара буураны жолборс алды… Жалгыз ыйлап калган Барсты биз алып келдик…

Дөө-аке таң калгансып, түшүнбөгөнсүп Эр-Киши жакка апсая, эңкее карап калды. Анан башынан ылдый ысык суу куюлгандай айкырды:

– Жалгыз калган?! Ол Барс эмине жалгыз калды?! Ол Барс, эмине жолборсту чаппайды?! Ол кайда, коркок күчүктү тирүүлөй жутуп салайын?! Көк! Көк!

Эр-Киши камчысын кайра бооруна алып. жоокөрлик салты менен башын ийди:

– Ачуунду сурайм, Дөө-аке! Бала, ансыз да саргайып келди.

– О, саргайса, ал коло эмес, киши. Киши болгондо атасы Текеш, энеси – Төр-апа! Ал жаман ошончо коркок бекен? Коркогун билсем, мен ону былтыр эле кен коруна салып майын сызгырар эдим?!

Дөө-аке буулукту, ууртунан ак көбүк буркулдатты. Айкырды. Бирде жаргак тонун чече салып, бирде көөрүк үйлөгөн оттун оозунан чок ала коюп… кайра Эр-Кишиге жутунду:

– Айт, айтың! Сен кимсиң? Сен кимсиң, деймин?

«О долу, – деди Эр-Киши ичинен.– Бу чын эр, чын алп. Байыркынын ак долулугун жолдоп мура туткан алп. Мындай долу алп чабышта өлөрүн билбес. Ар кимди өзүндөй долу, дөө болсун дейди. Бул киши – дөө»…

– Айт, айтың! Кайсы жоосуң укмуш?!





– Текеште акыңар жок беди? Ак айткыла? Киши акысын Текеш эр моюндап кетпейди. Андан кутулуп коёр уул бар!

– Акыбыз жок, акыбыз жок!– дешти кенчилер.

– Текеш жакшы киши беди?

– Жакшы киши болучу, жакшы киши болучу! – дешти көпчүлүк.

Дөө-аке күл салынган кумараны өзү кош колдоп көтөрүп барды да карагайдын бутагына илди:

– Эмдиги жазга дейре теңирге аманат!

Анан ал тыяк-быягында тургандарга эшиттирди:

– Көмүрчүң көмүргө аттаның. Кербенчиң кен ташың. Төөлөрдү чубатың. Корчуң кордогу кенди эритиң!

– Бу биздин Дөө-аке айткан мыйзам деп эшитиң, баарың!

– Тездеңдер! Кор кысыр калбасын!

## ЭР-КИШИ МАТАЛДЫ ЖЕ УЙСУН ЖЕРИНДЕ

Бычак канча өткүр болсо да
Өз сабын жонбойт.
*Эски макал*

Кулаалы салып куш кылдым,
Курама жыйнап журт кылдым.
Тели куш салып куш кылдым,
Тентиген жыйнап журт кылдым.
*Манастан*

Дөө-акенин эмине деген киши экенин Эр-Киши адеп эле Барстан укканда билген. Өзү эрдикти даңазалаган, жоодон, оттон-суудан, өлүмдөн кайтпаган – өзүн кишиден бөтөнчө эр, ыйык деп тааныган кээ бир кишилер: ушул Дөө-акечилеп чынында эле өзүн башкача күчтүү, тайманбас жүрөктүү,





коркунучтан кайра тартпас алп санайт. Өз зоболосун таанытат. Өз жоругу анын өзүнө атайы иштелген жорук болуп көрүнбөйт; аны ага көзгө көрүнбөгөн, бирок кишинин колдоочусу киши, дөөсү киши-пишери берген касиеттүү сыр, ыйык күч болуп сезилет. Кейпи, тек ишенүүнүн гана эмес: берилүү самоо, үмүт биригип Дөө-акени ушундай алп кыларын Эр-Киши билүүчү. Ал өзү да бала-жигит кезинде ошентип ээлигип көргөн. Бирок, ал ошондой апыртма эпке, күчкө, апыртма айлага берилбей, акыры аягында: чын күчкө, чын эпке, чын айлага берилип кадик болгон. Ошондуктан, Эр-Киши, ар дайым эрегиште, кармашта жеңип чыгат. Күчкө – күч, эпке – эп, айлага – айла жумшайт. Жалганды чын кыйратат.

Чынында Дөө-аке опсуз күчтүү, ачуулу, эч-эчтемкеден жалтанбас эр киши. Ал айтканын иштейт. Эрдик наркы отурса-турса, ал тургай уктаса оюнда болуп, ичкен тамагы менен канына сиңген. Анын көзүнө жоодон качкан жоокер эмес, коркок. Жырткычтан (артыкча карышкырдан, илбирстен) майып болгон киши киши эмес, сөлөкөт, аттан жыгылган уул уул эмес, куурчак болуп көрүнөт. Дөө-аке эрдикти, дөөлүктү гана самайт.

«Бөлө» болуу менен Эр-Киши, Дөө-акени жеңди. Эгерде, ал жөн киши болуп беттешкенинде, Дөө-аке, ага оңой менен тизе бүгүп, баш ийбейт болучу. Кишиге киши баш ийгендей дөөгө дөө баш ийди. Дөө-аке Эр-Кишиге багынуу менен аны аябай сыйлады, сыйынды.

Текештин сөөгү өрттөлүшүнө, күлү кумурага салынышына – баарына Эр-Киши катышты. Муну Дөө-аке үстү ачык Көк Текештин арбагын сыйлап, Эр-Кишини атайы жиберген деп чечти. Ошондуктан ырым-жөрөлгөнү, аштамакты, өлүккө болгон ага-туугандын, үй-бүлөнүн жоктоо ыйын – баарын Эр-Кишинин жолдуу жолуна жышааналады. Эми бардык ырым, бардык сый аяктагандан кийин урук-туугандар, жесир энеси Күлүк-Апа, Дөө-аке баары жадырап Барсты Эр-Кишиге тапшырды:





ого такаат көрсөтөт. Эчен жолу салгылашта болуп, майданда кадик жоокерлерден кай кездерде тестиерлер калышпайт. Ырас, бетме-бет, бир-бирден айбалта чабышканда чоң кишиге бала такаат бере албас. Ал эми айгай-чуу аламан чабышта алар кадик жоокерден кем калбайт.

Тынч кезде, коогалуу күндөрдө кишилердин көңүлүндөгү бир салт – ал жоокердик, шайдооттук, эптүүлүк, мейли түндө, мейли күндүзү, мейли жазда, мейли кышкысын.: «Аттан сал! Аттан сал! Жоо келди»! деген айгайы жер жарат, добулбас дүпүлдөп, сурнай бапылдап – бир заматта кол куралышы, буту менен баскан эркек-ургачы ээрде – ат үстүндө болушу шарт! Бир заматта шамал айдаган булуттай зампылдап түмөн кол түрүлүп, түнөрүп агылып жөнөйт.

Тээ ойдо-тоодо жылкы артында жүргөн жылкычылар, тоо артында жүрүшкөн төөчүлөр андай коогалуу күндө коймаарек калышка эч акылары жок. Баарыдан мурда дал ошолор капсаланда ашып-шашпай, камылгалуу. Себеби, дал ошол жылкычылар, төөчүлөр, күзөткөн мал жоо колуна кетпесин. Калың токойго кийирип, буйтка-булуңга жазгырып ийрип алаар малды жоого бербей сактап калуу үчүн жоокерлердей шайдоот, сак, белен. Алардын милдети жеке эле мал четинде бейкапар бастыруу эмес, кадимкидей тыякбыякка аймактарга эрөөлгө чыгышып, кулак түрүү. Алыска байкоо салуу. Мейли бирин-серин болсо да шектүү көрүнгөн кишилер жүрсө, колго түшүрүп, алардын жөн-жайын билүү ушул жүргөн малчы-жоокерлердин иши.

Уйсул журту соңку үч жыл аралыгында үч ирет чабуулга учураган. Эки жолкусунда малга, башка анча зыян келтиртпей жоону сүрүп салган. Бир жолкусунда калың кеч үстүндө чабыш болуп малдан, жандан бир кыйла чыгым чыкты. Ошондон кийин жаралуу жолборстой ызалуу, ачуулуу журт жоо дагы кол салбасын дешип кулак түрүп турган кез. Жылкыны тиги чытырман токойго ыктай кайтарышып төөнү көздөн далдаа, жолдон окчун дешип Сары-Адыр түзүнө түшүрүшкөн. Чынында бул жак жоо колунан

«Боо өз жөрөлгөсүн салайын» деп ойлоду, Эр-Киши ага күлө карады:

– Бөлөңдү тааныбайсыңбы? Мен тиги эле Алтын-Тоодогу көк дөөнүн өз жээнимин! Сен бу Өтекен тоосунун ээси буурул дөөнүн өз жээнисиң!

Дөө-аке таңданды.

– Бөлөм?

Эр-Киши:

– Бөлөң!

Дөө-аке:

– Көк дөөнүн?

Эр-Киши:

– Көк дөөнүн! Атайын келдим учурашам! Дөөлөрдүн жээнибиз! Дөө мурасы: булкушмай. Бирин-бири жутушмай. Экөөбүз ошол таякелерче жутушалы! Чечиң тонду. Кел бери, сунуң колду!

Ушул сөздөрдү айтып жатып: Эр-Киши өзү да курду чечип, сырт тонун таштады. Кишилер абажаарып карап калышты. «Теңир сактаң? Бу кайдан келген укмуш жан? Дөө-акем муну өлтүрбөсө экен? Жеп салбаса экен»? – деген караштар.

– Дөө-аке ачуусуна чыдабай-ыйлап жиберди. Жаргак тонду чечип ыргытты.

– Бөлө?! Бөлө!?

– Ооба, бөлөм?! Бөлөм үчүн өлөм?!

Дөө-аке тоодон кулаган дөңгөчтөй атып Эр-Кишиге карай жүгүрдү. Ал ошентип Эр-Кишини өз эпкини менен эле ыргыта коём деп ойлогон. Бирок анын арам оюн баамдай салган Эр-Киши күрөштүн ыкмасына салып эки колун жайып, муштумун таштай түйдү, күчүн көөдөнүнө чогултту. Чукул келгенде көзгө илешпес тездик менен тигини кагып жиберди. Эр-Кишиге урунам деген Дөө-аке октос берип, күүлөнгөн боюнча эки аркан боюндай жерге чуркап кетти.. Ал өңкөң-дөңкөңдөп бараткanda Эр-Киши ага көрсөтүп каткыра күлдү:





– Алдамчы-ууруга жан ачытыш жок!

– Ал, матаңдар! – деди тигил жээрде сакал сапсагай. Башкалары канжыгадан кыл аркан алышып Эр-Кишинин матап киришти. «Мейли, матасын... деди Эр-Киши:– Ачуулары тарасын. Акылдарына келсин. Төө кымызын көп ичип кызып алган эр-кулдар, бир кезде сөзгө келур. Келбесе, бир айла тургандур...» – деди да кол кайырбай тек турду Эр-Киши:

– Жоо көрсөңөр болуптур. Матагыла!

Эр-Киши кол көтөрбөй ээрде тек олтурду. Барс ыйлап жиберди. Жорборс менен Жаш-Тегин айбат көрсөттү эле. Эр-Киши аларды кой деп токтотту.

Маталган Эр-Кишини ыйлаган Барска жетелетти. Жаш-Тегин менен Жолборсту качпасын деп аттарын куйрукташтырып өздөрүнүн кошуунуна алып келишти.

Кошуун – төөчүлөр кошууну деп аталганы менен ал өзүнчө эле эреөлдө жүргөн көп кол болучу. Ушунча калың малды тоюндуруп, аны асырап багыш бул журттун негизги иши. Артыкча жылкы менен төөгө бай журттун минсе – канаты, бир жерден ташынса – көлүк күчү болгон соң: бир конуштан экинчи конушка көчүп конуу булар үчүн адеттеги көндүм тиричилик. Айрыкча, арттан жоо сүргүндөгөн коогалуу күндөрү зиркилдеген бууралarга, букулдаган атандарга үй-үбүн жеңилдеп артып алып, уулкыздан өйдө бирден ат минип көч узаткан кездерде сар талаа шамал айдаган коңур тумандай жык-жык толуп түнөрөт. Жер бети малга, жанга жык-жык толот. Көчкөн көчтөй күймөлүү, токтоо жок: жортуулдагы кошуун сыңары селдей каптап түрүлүп-төгүлүп жер жайнап жүрүп олтурат. Туурадан чыккан жоого жеке шайланган жоокерлер эмес, бүт ат үстүндөгү эркек-ургачылар ат койгондой. Бир даары жүк артылган төөлөргө ээ. Бир даары жаш балдарга, оорулууларга, кары-картаңдарга каралаш. Бир даары калган малды башкарар. Андан башка ат үстүндөгү журт бир кол курап жапырт түрүлүп, жапырт толкуп жо-





– Сөөгү биздики, эти сеники, Эр-аке. Жараса жоокер этип таптаң. Жарабаса, отунчуң болсун...

– Биздин бир тукум жолуңду жолдосун, марымчысы болуң, таалимиңди алсын, Эр-аке?

– Баарыңарды тирүү арбак колдосун! Жортуулда, жылдызыңар оңунда болсун!

Ушул сөздөр айтылып жатканда кен-очогунун оозорунда укмуштанып көөрүктөр күпүлдөп, очок ичинде көмүр көк жалындап, чок аптабы ташты-кумду эритти. Кыпкызыл чок ыйлагандай «мөлт-мөлт» тамган кызыл тамчылар көбөйүп суудай мөлт этип жатты.

Бастыра берээрде эсине келгендей ашыга калдастап Дөө-аке кендин оозунда сууп калган темирди Барстын куржунуна салды.

– Атаң Текеш өчүргөн көмүрдүн табына эриген көк. Ушундан өзүңө кылыч таптап, уул!

...Булар эми төртөө.

Соңку күндөрү ээн талаа, эрме чөлдүү бозоргон жайыкты басып өтүштү. Түмөн, түмөн кол келаткандай алыстан дүпүйүп көрүнгөн калың жаныбарга жакын келишкенде анын ыңырсып жайылып жаткан төө экени байкалат. Эки өркөчү эки сокудай типтик, көкүл жүндөрү жибектей сеңселип, чуудалары жер чийип жай оттогон ингендер, атандар, кайгысыз тайраңдаган сүтбото тайлактар, каймалдар тарпаңдап оюн салууда. Ничке көркөм куйруктарын жыландай ийрилтип, башын жогорура көтөрө жоодураган бото көздөрүн жайнатып, «Бугх...» Укмуштуу элеске айланып, үстү ачык Көк менен боору күрөң Жердин үстүндө азыр уча жөнөлчүдөй... Анан калса, төө жаныбар жалгыздан жүрсө ал азыркыдай шаңдуу, сыйкырдуу боло албайт. Ал көздөрүн жоодуратып маң-маң басат. Аянычтуу боздогу муңканып жоодураган капкара көздөрүнөн жаш тамызат. Балким, жалгыз төө ошентип боздогондо ал жеке эле сүтботосун издебестен ушундай калың үйрүн сагынаар? Арийне сагынат! Бул сагыныч туудурчу эң таасирдүү көрүнүш ушул асыл





Баарынан Күлүк-Апа катуу күйдү. Ал бетин аткып, кан агызып, кучагын жая Текештин артынан кетчүдөй, Текеш сөөгүн кучактап отко түшчүдөй алкынды, жулкунду, тытынды. Бирок аны башка салабаттуу зайыптар коё бербеди. Алар:

– Акыл тутуң. Эсиң жый! Арбак Көктө. Тирик ыйык Жерде күн көрүр!

– Уул, кыздын амалын тилер. Олорго кут болуң! – дешти.

Салабаттуу зайыптар Күлүк-Апаны кармап турушту. Чачы жайылган, бети канаган, кара жамынган Күлүк-Апа ингендей боздоду.

– Атасынын күлүн Барс карапа-кумарага салды. Кумаранын оозун адегенде калай аралаш коргошун эритип куюп, анын үстүнө коло капкакты Дөө-аке өзү жапты. Анан ал Текештин күлү салынган кумараны көөрүктүн үстүнө койду да, журтка кайрылды:

– О, журт, эшит, сен! Бу сөзду, мен Дөө-аке, айтат деп эшитиңдер! Текеш жортуулда алга чапкан тайбас жоокер эди. Оорукта жан тындырбас көөрүкчү, көмүрчү эди. Текештин балтасы, тийбеген агач аз. Текеш баспаган көөрүк аз. Текеш эриткен темир көп! Текеш эр, Текеш көк жал биздин уруунун эр кишиси болчу! Мен чоң досу Дөө-аке, силер ага-туугандары Текеш эрди сагынабыз. Сагынчыбыз жазылганча анын арбагы арабызда, сөөгү көз алдыбызда болсун! 'Жыл өтсүн. Аны анан жерге берели. Макулсуңарбы, туугандары?

– Макулбуз, макулбуз – дешти үндөр.

– Макулсуңарбы, тааныштары?

– Макулбуз! Макулбуз! – үндөр.

– Макулсуңарбы, үй-бүлөсү?

– Макулбуз! Макулбуз! – дешти үй-бүлө

– Макулсуңбу, чоң досу?

– Макулмун, макулмун! – деди, Дөө-аке өзү.

Анан ал жалпы көпчүлүктөн сурады:

лоп, жин бүркүүдө. Өмүрүндө мындайды көрбөгөн Жаш-Тегин ызаланып кетти да, булдурсун камчыны төбөгө ойнотуп жутунган төөлөрдү башка-көзгө чапкылады.

– Тарт, теңирин тааныбаган өңкөй кесеп! Тарт!

– Өй, мноо баласы кайратты, көрүнөдү?! Өй, Марка, жүрөгүнө жебе суктур...

– Суктурбайсың! – Эр-Киши тигини жекирди.– Бул, саа бала эмес, Эр-Күлчүрдүн ак шумкары башына конгон мүлдө бир журттун, жаш беги! Токтоң! Тартың, буйлаңды!

Төөчөндөрдүн бир даары сестее калышты:

– Эяя... оноу соо эмес...

– Эй?!..– деди апсагай-саксагай зекий.– Сенин айтканыңа ким ишенеди?! Бир журттун Тегини, бир журттун Эр-Кишиси бул жакка не издеп келеди? Буктурмасы буураны жуткан, уктурмасы ууру каткан, Көк-Адыр, Сар-Дала деген жер, бул жак! Бул жактан бир өтсө, оноо күндүн батышынан чыккан соноо табгачка карай чыккан кербен өтөр. Бир өтсө, оноо Кара-Тоо кыркып Казы-Ак-Көлгө жердеймин деген биздин журттун калың көчү өтөр. Андан артса шол биздин журтка көз арткан жоонун колу келер. Басканда ол жоо бул далада башын калтырар. Жоо бөрүсү эр-кишилер биздин журтта аз бекен?! Ол, энди журт жыргап казан толо эт кайнап, сабаа толо кымыз ачып, кыз-келин өлөң айтып, кемпир-чал маек куруп, журт тынч жатканда бул жайыктын ой-түзүндө төөлөрүбүз жайылады. Соншо калың, төөнү азуулу жырткычтан, аяктуу жоодон күзөткөн сакчылары биз болобуз!

Бизди көңүлгө албай, көзгө илбей, алданган балдарды азгырып «Өзүм Эр-Кишимин, оноу Тегин» деп жалган айтуудан уялбаган сендейди тирилей көмсөм деймин. Ал жан-жанын каранды:

– Өкүмүмдү не дейсиңер, шумкарлар?

– Өкүмүң, дурус!

– Айтканың билгилик!





– Аа-ха-ха!: Буурул дөө жээни буурул дөөчө жүгүрдү. Ха-ха!

Карышкырча мойну менен бурулуп кайра келгенинде Дөө-аке чыны менен ызалуу, ачуулуу кайтты. Бул жолу оңтоюна келсе, Эр-Кишини майып кылып коёру анык. «Аахх! Ахх! деп, азуулуу жырткычча акактап көзүн кызартып качыра келип Эр-Кишини түз эле колдон алмак болду. Эр-Киши андан жалтанбай ага билегин тосту. Тигил билектен алам дегенче болбой абдан тездик менен Эр-Киши анын өзүн билектен алды. Экөө билектешип турду. Адегенде Дөө-аке сезген жок. Эр-Кишиден билегин оңой эле жулуп алам деди. Ага Эр-Киши жулдурбады: улам саалытып, улам кысып, билегин чымыратып Дөө-акенин билегин колунан чыгарар эмес, «Э, күчү чың. Соо коёр эмес. Кары күчү, опсуз, чындап таанылбасам... Дөө чалыш, бакшы чалыш болгон неме жан аябай мени майып кылур. Мен да чындайын. Жаны чаар чымын болуп көзүнө көрүнсүн...»

Эр-Киши Дөө-акенин билегин аткыдай аткып, жанын чыгара кысты. Бирок сөөгү сынчудай чыңалып, колунун башы сөөктөй кумсарды. Эр-Киши андан аста сурады:

– О, Дөө-аке. Экөөбүз бөлө экенбиз. Тааныдыңбы?

«Чын Көк дөөнүн жээни экен»... деди. Дөө-аке анан угуза айтты:

– Бөлө экенбиз... бөлө экенбиз... – Ал сөөгүнүн сыздаганына араң чыдап тиштенди.– Көк дөөнүн өз жээни сен экенсиң.

Эр-Киши дөөгө окшоду:

– Ха, Бөлө. Дөөлөрчө төштөшүң! – Билегин коё жиберип Эр-Киши Дөө-акеге кучагын жайды. Сенделе түшкөн Дөө-аке: «Мунун дөө таятасы менин дөө таятамдан алп тура»... деди ичинен. Анан жаш балача өзүнөн өзү теңселип Эр-Киши менен кучакташа кетти.

...Ошол эле күнү жакын ага-тууганы, ошол темир эриткен кордо иштеген кишилер Текештин өлгөн жерине келишти. Кейпи, жолборс кара буураны алып салып, канына анча





Ошондон улам Күлүк-Апаны Текеш менен кошо узатылбасын билген Дөө-аке ого бетер туталанды. Муңканды. «О, кайран дөөлүк жосун калды го, бул чабал дүнүйөдө», – деп муңканды Дөө-аке.

Ортодо алоолонгон от Текеш сөөгүн сызгырып күйгүзүп жатканда бирде бири ооз ачпады. Бардыгы алоолонгон отко сыйынды. Тек, алоолонгон оттун майга албырган жалыны лапылдаганда кишилер салтанаттуу тымтырс. Тек ичтеринен күңгүрөштү:

«Ыйык от. Текеш эрдин асыл жанын Көккө учуруң? Текеш эр эми тирүү арбак болуп бизди Көктөн жалгасын» деген караш.

Табынуу, сыйынуу, жалбаруу тынчтыгы...

Качан сөөк сызгырылып күл болуп, жалын кичирип от өчкөндө гана Дөө-аке айбалтанын сабын бөйрөгүнө таянып өкүрүп жиберди:

– Оо, Текеш эр. Оо, Текеш алп! Чабышта кайтпас арка элең, алп! Мени жеке калтырба. Ала жатың...

Ага, ини, тууган өкүрдү:

– Алптан айрылдык!

– Алтын тоо-аркадан айрылдык!

– Чабышта жоо сайган, эр жоокерден айрылдык!

– Бейкутта темир эриткен устадан айрылдык!

– Элүү беш жашында бизден бөлүндү. Учуп кетти, боорум...

Кызы, келини, карындашы кошок айтып чуу салды:

Кечээ Күн тутулду.
Бүгүн Эр-акем өттү.
Шумкар боосун тытты.
Төр-Арпа чачын жайды.
Көчкөн көч тоого такалды.
Уул, кыз муңканды...
А-а-а, и-и-ий, эсил ата-а,
Бизди ала жат, арма-ан...
Ала-ажа-атың!





малдын эзелтен сезимине жедеп баткан болуш керек? Неси болсо да Чоң үйүрдүн бууралары сак, кишичил болушат.

Укмуштуу жаныбар төөлөр экени таанылган соң, Эр-Киши жаш жоокерлерге этиет эскертти:

– Жаныбар, калың жаткан төө экен! Жылкы кишиге канат! Төө кишиге күч!

Жаш-Тегин менен Жолборс төө ыңырсыган талаага кызыга караштты:

– Эр-аке, жакын баралы да? – деди Жаш-Тегин.

Эр-Киши кесип айтты:

– Ыраактан эле көргүн, Тегинжан, Төө дөө эмес, төөнүн буркулдаган бууралары үйүрсөк, кишичил... Теңир колдосун? Мынча калың төөгө көп атчан, жаракчан келбесе, бирин-эки кини кишини өлгөнү келур. Жапайы кайылган төө өз ээсин таанибайды... Көп мал жата берсин деп багуусуз таштаганбы?

Эр-Киши эки үзөңгүсүн бирдей тээп, ээрден тура калып тыяк-быякка карады. Жолборс дагы суранды:

– Буура качырса, жебе тартабыз! Жакын эле баралы, Эр-аке?

Эр-Киши күлгөн болду:

– О, буура Дөө-акедей жалгыз эмес, алар сансыз. Жебең чак келбес. Кой, обочолой жүрөлү. Жакын арада көп айыл болур. Төөнү биздин журт да, тыргоот журту да, табгач журту да асырайдур. Окшош, баары биригип тигил Казы-Ак-Көлдү жердеген калың уйсундарга жетпес. Ал журт: төө ээси – Ойсул-Ата жарыктыктын өзүн көрүшкөн беймй? Төө жаныбар алардын асыл малы! Башка журт унаадан өксүгөндө ошол уйсундардан миндеген-сандаган төө күчүн алышар. Бул журттун уул-кызы жоокер. Уул-кызын айтпаң. Байыркы бир заманда «Төө чабышы» болгон деген кеп бар. Ал мындайча болуптур: Буларга касташкан жоо чаап алганы келген го. Ошондо уйсундун билги-беги эрен «өз колун качты» кылып, жоону кең жайыкты көздөй жазгырды. Жоо кең жазыкка капталганда, эрен колу көмүскөдө өңүп колдун жоон тобу

тоюна электе Текеш карп-курп үстүнөн чыкканбы? Кантсе да чочуп кеткен Жолборс, чочуп кеткен Текешти камынтпай алып ыргыткан көрүнөт? Узун-узун кыйгак баскан сандыктай ташка белинен арта салынып мурт кетиптир. Аны көргөндө Дөө-аке өлүктү айлана басты:

– О-у! Сырттан! О-у! Бөрү! Ушундай өлмөк… ушинтмек, ушинтмек: капылыстан мурт өлмөк. Ажалы өзүнө. Арбагы тирүү, бизди колдоп жүрсүн. Кара буура экөөнү бир күйгүзөм! Дал өзү жаткан ташты башына балбал коём. Жолборсту арбагы тушасын, балбалга ошол жолборстун сөөлөтүн ойдурам. О-у! Чоң досум, сен, маа ошондо ыраазы болуң? Ошондо ыраазы болуң?

Башкалар Дөө-акенин кебин бөлбөдү.

– Бол, болуңдар, бат! Бат! Отун чогултуңдар! Текеш арбагы ыраазы болсун! Жолборстон каза тапкан кишинин арбагы тирүү. Ол адамдын ыйыгы, эри! Онтоп жатып сасык тумоодон өлгөн жок, Текеш. Эрдин ак өлүмүн мойнуна алды кайран сырттан! Кайран бөрү, кайран көк жал, кайран кайсар, кайран тайбас![1] Ак өлүм эрге ылайык: байыркы бабанын наркы: илгерки жоокерче коём, Текешти!..

Бардыгы Дөө-акенин айтканындай болду. Текештин сөөгү байыркы баба салтын улады. Ага Дөө-аке ыраазы, Текешке жакын ага-тууган, аны билген куда-сөөк, башка журт баары ыраазы.

Текештей эр жоокердин өлүмү – муң. Сөөгүн жергө берүү машакат. Башта мындан көп заман мурда өлгөн жоокер зайыбын да өзү менен бирге ала жатчу. Жортуулда минген аты, кийген эр кийими, жоо-жарагы, о дүнүйөдө татаар аш-тамагы, өзүнө кызмат этээр кул-күңү менен сөөк кайтпас сапарга узачу.

Кандайдыр бир себептер менен эр сөөгү не атсыз, кийимсиз, не аш-тамаксыз, күнчүйсүз жалгыз көмүлсө, тирүүлөрү эр жоокерди муңкантып учурдук, жоокер уул-

---

[1] *Көк жал* – бөрүнүн кырааны, кайсар, тайбас – эң жырткыч айбандар.





дун эрдик ишин актабадык, асыл санаасын өтөбөдүк. Ол эр ушинтип сөөгүм жалгыз жатып калбасын деп өрүштө мал күзөткөн. Кыйырда жоого чапкан. Биз онун эрдигин актабадык дешип ата, эне, ага, тууган муңкүрөшчү. Зайыптар чачтарын жулуучу, беттерин аткышып, отко жулунчу.

Ажалы жеткен эрге сопсоо жарын кошо узатуу – эл тукумуна доо кетирди. Кырчын жоокер чабышта каза тапса, анын кырчын жарын кошо узатуу – баарыдан мурда жетим калган кызыл чие балдарга муң. Өз эне, өз атадан бир жолдо ажыраган соң жетимчелер, көп учурда багаар көрөөрү жок кул, күңдүн кейпин кийишет. Жоо бөрүсү эр уулдун тукуму кул, күң кейпин кийүү – ата арбагынын сыйкырын качырат. Беш бетер намыс төгөт…

Ушундай оор салаканы көргөн соң, баштакы жөрөлгөнү калың журт өзү өзгөрттүбү? Не аны билги ажо, билги кол башчы буюрдубу? Неси болсо да, көзү өткөн эрге тирүү зайыбын кошо узатуу тыйылган.

Эрдин көзү өтсө, чамгарак отто. Зайыптын көзү өтсө, кут качканы. Экөө бирдей келгенде артта калган уул, кыздын муңу арылбайт. Алтын чамгарак отко түшкөндө, аны кут кайра өз ордуна коюп, уул, кызды жетимсиретпей асырасын. Чамгарак жаңыртсын! – деген салттын качан улангандын да азыр ачык айтуучу киши жок. Тек эскини жаңы алмашты:

Эр учканда артта калган зайып чачын жайып, бетин аткып кан агызат. Белин бек бууп, эки бөйрөгүн таянат – ала жатың, арстаным! – деп муңканат. Эр жоокер эри менен баштагыдай бир көрдө жатпай калганга эми арманын айтып, учуп кеткен жоокер теңин даңктап кошок кошот.

Ошол байыркы салтты улап, азыр Дөө-аке Күлүк-Апаны Текеш эр менен бирге узатышты бир ойлонду. Арийне, Дөө-аке бул санаасын ачык айтса, ага Эр-Киши көнмөк эмес. Деле ага-туугандар, карыялар көнмөк эмес.





жоого каршы сансыз төөнү үркүттү. О, төө да, жылкы да бир дүрбөп үркүп алганда баш бербес. Сан жетпеген төө буркулдап-зиркилдеп жоо жолун бөгөдү… О, алданган жоо төө менен урушмак беди?! Калың төө жол бербей – кишилер айкырып, төөлөр буркулдап-боздоду. Көккө тозоң сапырылды.

Ачык күн көрүнбөй боз каптады. Анан катуу бороон чыкты… Ошондо жоо колу «Бул бизге белги көрсөткөн сыйкыр, чоң кырсык» дейт да самсып кайра кетти.

Ошондон кийин бабалардын оозунда: «Төө чабышы» баян болуп «Улуу сөзгө» өттү – деди.

Эр-Киши жаш жоокерлерин ошентип алаксытты:

– О, төө жаныбар көп жайылганда андан алыс бол! Болбосо, бу малдын ошондой сыйкыры бар!

Ушундай маек менен булар төө жайытынан алыстай беришип, кандайдыр бир ийрилип жай аккан суудан кечип өтүшкөн. Андан ары дагы бозоргон чөп адыр уч-кыйырсыз жатат. Бул мейкинди түз кесип жүрө бергенде төө жүрүшү менен он-он беш күндүк жол баскан соң, тап-такыр башка журттун жерине өтөөрүн кеп салып, бул аймакты жаш жоокерлерге айтып Эр-Киши капарсыз келаткан… Калың чийлүү адырга өтүштү. Эми оң тараптан дагы жанагыдай тумандап карарып, ыңырсый жайылган калың төө көрүндү.

Барс кубанып айтты:

– Карагылачы, эми бул жакта калың төө жүр! Ооиийй, жанагыдан да калың экен!

– Эмине, бул жакта башка мал болбойбу?

Алаңгычакты болбой «Зуу! Зуу»! учкан жебелер булардын арасынан өттү…

Төртөө бирдей тизгин жыйып токтой калышты.

– Тизеңди бүгүң, жоо!– деген үн менен бирге жерден өнүп чыккандай төөчөн кишилер туш-туштан пайда болушту. Көрсө, булар төөлөрүн буктуруп, чий арасында өздөрү төөгө жашынышып, Эр-Кишилердии жолун тороп жатышыптыр.





– Эй жоо, аттан түшүң! Чекеңе жебе мадалар!

Эр-Киши аста түйүндүрдү:

– Бар болуң, агайын? Биз жоо эмеспиз…

Тигилер кишини жалмап жиберчүдөй төөлөрүн буркулдатып качыра келишти. Эр-Кишилерди курчап алышты. Чуудасы сыйда эриндери шалпагай, чунак кулак ак буура минген кээрде сакал зор киши, кантсе да, булардын башчысыбы? Өзү да чоң түлкү тумак апсайып-сапсайып башы бир укмуш. Ал ачуу айкыра чабуул самап, Чоң күрөңдү жөөлөттү.Буура «бук-бук» эткен сайын анын жини Эр-Кишинин бети-башына чачырады.

«Э… Алтын-Тоонун арстанынан тайманбаган бу башым мунун буурасынын жинине булгандымбы»? – деди Эр-Киши…

– Жоо болбосоң, кимсиң, куу? Ылгый балдарды алдап-согуп алып бараткан жоксуңбу, өзүң?..

– Жайга келиң, агайын? Мен киши баласын алдап көргөн жан эмесмин…

– Энди кимсиң?..

– Эр-Кишимин!

Тигил саал жоошуй калды:

– Ия? Кай Эр-Киши?

– Эр-Күлчүрдүн түмөн башчысы! Атам кыргыздын журтунан…

Тигил аюудай айкырды:

– Алдаба?! Атам кыргыз журтунун түмөн башчысы бу жакка не сандыpraктап жүрсүң?!

Башкалары апсагайга кошулуп туш-туштан демитишти:

– Өтрүк, бизди алдап согот…

– Башын чап?!

– Буурага бастырабыз!

Эттери кызып, капсалаң көксөгөн атан-бууралар узун, ийри моюндарын силкилдетти. Чунак кулактарын чунайта жапыра, чоң-чоң көздөрүнөн ачуу чыгарып, «буркулдап» ортодогу төртөөнү тепсеп, сүрүп кетүүчүдөй омуроо-

– Булар ошентип бети ачык апай бетке да түнөштү. Күндүз илбээсин уулап, түн бою – зампылдап жүрүшкөн кездери болду. Тегин менен Эр-Кишиден башкалары бирибирине жат ээн жерде кездешсе, каракташаар, жоолашаар азаматтар (арийне, ажосу, абосу, шады, билгиси кара өзгөй уруунун кишилери бейбаш болгону бирдалай). Булардын, ичинен бөтөнчө, Барстын бала кезден көргөнбилгени оройлук, зомбулук болучу. Себеби, дөө-киши, бирөөгө иштеген зомбулугун, оройлугун, ал эрдик деп билүүчү. Ээн жерден эки-үч атчан кездешсе, аларга урунуп-беринип күч сынашууну, табышууну өзүнчө өнөр көрүүчү. Ошондуктан, анын өз жүрүм-турумy, иштегени, сүйлөгөнү ошондой «жолбун эрдик, жолбун өнөр» жөнүндө болучу. «Алдынан чыкканды бир чаап жыккан, арстандан жалтанбас» деп макал айтып, эл баккан эр болом деген киши карамүртөз, таш боор. Боорукер, жашык ал, чымчык өлтүрө алабы?! О, теңир атсын, андай жаманды. Жоо куушура тике чапса, андай жаман башын этеги менен жаба калады... Эр болом, эл багам десең, бетиңе чыга түшсө, өз боордошуңду соройто чап! Ошондо сен жоо бөрүсү болорсуң»!

Эрдикти самаган Барс Дөө-кишинин ошол айтканын чын деп билчү да, Дөө-киши ага арстандан жалтанбас, адамдан жеңилбес укмуштуу болуп көрүнчү... Ошол укмуштуу кишиси баягыда Эр-Кишиге буйдамга келбей жеңилип, тизе бүгүп, баш ийгенин көргөндө Барс оозунан алдыргандай аңкайган. «О, ыйык Умай-эне, ыйык Эл-Тууган апа-а? О-ай, укмуш. Дөө-акени жеңген киши бар экен э-э«? Ошол аңкайыштан кийин ал, Эр-Кишиге чоро болуп ээрчигенине аябай ыраазы. Ал, азыр, Эр-Киши үчүн от келсе отко, суу келсе сууга кетүүгө даяр. Себеби, ушул сапарда Эр-Кишиден уккандары, Эр-Кишиден көргөндөрү ага өзүнчө эле сонун таалим. Ал, баягыда төөчүлөр Эр-Кишини мактаганда ыйлап жиберген себеби да: «Дөө-акени буйдамга келтирбеген Эр-Киши эмне





буйткада. Төөчүлөр кошууну чоңунан кичинесине чейин жарактуу. Күлүк атандарды, күчтүү бууралары тандап минишип, өркөч менен такымдын ортосуна чоюнбаш айбалтаны кысып каскак кармап, саадак асынып, жайыктын бул четинен тигил четине көз ачып-жумгуча зампылдап жетишет. Кызыган атандар моюнду жебедей созуп тарпаң урганда арткы аяктары алдыңкы аяктарынан аша серпилет, шамал ызгыйт. Айкыра-кыйкыра жоо көксөп элирген төөчүлөр «күүлөп-зампылдап» баратышып жебе жарыштырышат. Атан, буура жарыштырышат.

Жегендери эт, ичкендери төө кымыз. Мейкин жарып заңгырап айткандары өлөң...

Калың төөнүн четинде ошентип бейкапар жүрүшкөн төөчүлөрдүн бири жана алыстан атчандардын караанын көргөн. Анан алар байкалбай жолун тосуп бугуп калышкан. «Жоо! Жоо»! деген алар. Ошентип жоо көксөгөн төөчүлөр Эр-Кишинин жоо эместигине ишенбеди.

...Төө күзөтчүлөр кошуун тобу бул жайга жаңы келип жайгашканы али уйпалбаган бетегеден байкалды. «А» дегиче болбой туш-туштан беш-он жигит жабыла турса, төөлөргө арта салгыдай жолбун алачыктардын жан-жанында төө комдору жыйылып жатат. Алачык он бештей. Ар биринин жанында он-он бештен түпөксүз каскак жерге жанчылып жөлөнүп турат... Тыяк-быякта байлоодо ком тартылган төөлөр көп. Алар дүнүйөдө эмине болуп жаткана эч иштери жок: тек жоодур көздөрүн ачып-жуумп, тынч чөгүп, жай кепшейт. Ошентсе да, киши үстүнө шап минип, «Чу» дегенче «Бук»! этип элпек турчудай... Тарпаң атып ийри моюнду жебедей созуп зампылдап уччудай... Килеңдеген бай-дөбөттөр, тумшугу чуштуйган, кол-буту тартайган тайгандар чындаса кишини ат үстүнөн, төө үстүнөн алып салчудай. Бирок төөчүлөрдү «өз» деп билген немелер күрсүлдөп-арсылдап аба жарып үрбөдү. Бири туурага өтө чыкты, бири булт коюп чагарактап басылды. Сары тонун сүйрөлтүп, сары тумагын салпылдаткан бирөө жин-





кандай болсо – мал эмес эки дажаал, эки ажал кармашып жаткандай.

Кишилер, той-тамашаларда буура кармаштырат. Жеңгени үчүн арбын байге сайылат. Буурасы жеңген кишинин намысы колдо, зоболосу бийик, өзү олжолуу, кадырдуу. Буурасы жеңилген киши жылдызы түшөт, намысы кетет, багы басылат. Өзү курдуулардан келеке-шылдың эшитет.

– Уа, буураң атан болуптур. Өзүңдө не касиет?!

...Агуш атайы айдынын арттырып тамашасын Эр-Киши көрсүн деп, айдын жарыгында буура чайнаштырды. Айткандай эле ай жарыгы чагылышында бири чуудалуу кара, бири чуудалуу ак эки бууранын чайнашканы укмуштанды, өзүнчө зор, сыйкырдуу элеске айланды. Буурлар тизелеп чөгөлөй калышканда сокудай, типтик өркөчтөрү соксоктой. Капталдары кагыша кеткенде эки укмуш жөөлөшкөндөй... Андан кайра кош аяктай туратура калышып узун моюндары көккө созула жин чачышканда, карс-карс чайнашканда, бири ак, бири кара өркөчтөнгөн эки ажыдаар чырмаша түшкөндөй...

Карап тургандар кеп-сөз айталбай тым-тырс. Калтаарып-дирилдеп карашат.

– Көк сактаң?

– Теңир сактаң?

– Ак буура, кара буура бирин-бири чайнап салбаса, ийги?

– Ия, Ойсул-Ата...

– Жаныбар ай. Ай астында эки буура керемет...

Бирде кобур, бирде тымтырс. Кишилер чайнашкан бууралларга алданат.

Чапкан аттын бири чыгат. Айгышкан, азуулунун да бири өлөт. Согушкан алптын да бири жеңилет. Күч менен күч тизгиндеш. Каруулаш – дайым кармашта. Бирде агы, бирде кара жагы басым. Кара басым кезде калайык муңдуу. Ак үстөм болгондо калайык камсыз, тынч. Бул эзелтеден келаткан эреже.





...Азыркы алышта ак буура жеңди. Бул жакшы белги. Күндүзү, тээ араң көз жеткен боз дөбөдөн бери коё беришип атан жарыштырышты. Ат чабуу – өзүнчө жел учкандай элпек, көркөм көрүнсө тээ жарыш-жерден булут учкандай бул да, өзүнчө өтө шаңдуу. Жарышка кеткен төөлөр токсон тогуз болучу. Эми ошол токсон тогуз жараган атан ар бирөө жаадай созулганда жер четинен бери карай сыйкыр агылгандай, сыйкыр чубагандай боз чаң көтөрүлдү. Чаң ичинде төөчөндөр жерден көтөрүлүп уча баштаган чоочун элестей, сыйкырдай созулду...

Төө жарыштан кийин атайы айыгыштырып көндүргөн буура менен Тарпаңдын кармашы болду. Ырасын айткан-да, кирген бууррага адам оңой менен батынбайт. Буура күлүк, күчтүү, чайнагыч. Ал жаадай атылганда аттын күлүгүн узатпай баса калат. Кишини бир тиштеп ат үстүнөн алып түшүрөт. Анан ал аны чычканды баскандай тизелеп, салмагын салып үстүнө чөгөт. Кишини эзе басат. Ал эми төө кармашта эчен жолу болгон Тарпаң, азырынча бууррага тизелете элек, (балким, буура аны тизелеп да коёр беле?) Чет-жакада белен турган төөчүлөр Тарпаң жеңилерде аны сактай калышат.

Эр-Кишини таанбыбай, аны матап келгени үчүн Тарпаң уяттуу болучу. Көөдөк баатыр болсо, Тарпаң мактанмак. «Мен атам кыргыздын баш алпын матадым» демек. Бирок антишке Тарпанда жөнү жок. Ал кармашып матабады. Тек туруп бергенде матады. Анда, Тарпаң «Бул жоо коркту. Айласыздан туруп берди деп ойлогон. Көрсө, жоо дегени – Эр-Киши. Ал корккондон эмес, алпты таанбыбаган немени уят кылганы, айыпка жыкканы тек туруптур. Азыр кирген буура менен кармашарда Тарпаң Эр-Кишиге тизе бүктү:

– Алп пишери, өзүңдү таанбыбапмын. Айыптуумун? Айбымды тартам. Айыгышкан буура мага чайнаса, андан мени куткармандар. Мен женсем – күчүм сизге, Эр-аке!

Тарпаң жерди өптү. Күнгө карап сыйынды. Анан боз айгырга шап минди.

дидей эки колун делбектетти. Бир алачыктан экипчи алачыкка, андан үчүнчүгө карай шолпулдөп чуркады:

– Төөчүлөр, чыккыла! Көргүлө! Тыякта бизге кул матап келатыр! Кул! Кул! Чыккыла, көргүлө!

Сыртка абажаарып кишилер чыгышты. Ичтеринде улгайганы байкалбады. Тек жоо бөрүсү жигиттер. «Кимдер?» «Кайдан»? «Алып келгиле»! «Сабагыла»! «Сырын айттыргыла»! дегендей биринен бири кектүү. Чыйында ооздон чыккан сөздөрү да ошондой.

– Эй, кай жоо?!

– Тилеги эмине?!.

– Аттан түшүрө кергиле?!

– Ким экенин айтабы? Айтпаса, ширигe кергиле?! Келгендер опур-топур аттап, төөдөн түштү. Бир-экөө Эр-Кишини матоодон чечти. Ушул кезде ортодогу чоң алачыктан каржайган чоң киши чыкты. Үстүндө кең-мол төөбоз чепкен, жыңалбаш, дагдайып төшү ачык. Бутунда кара кийиз өтүк, кончунда кызыл оймо-чийме, абайлаган кишиге аскадан атырылган арстандын сөлөкөтүнө окшойт. Айтор, неси болсо, да, арстандын көчөтүн кончуна түшүргөн бу киши жөн эмес. Ушул журттун эри, башчысы экенин Эр-Киши көрөөр замат билди. Ал тургай анын жалжылдаган өткүр, айбаттуу көздөрү көзүнө учурай түшкөндө: «Бул көздүн», баягы эки уруунун чоң чабышында, өзү менен бетме-бет келгенин эстеди. О, анда ушул уйсун журту Күлчүр эли менен чабышкан. Эки тарап бирдей калың кол болуп, жааган кардай бирине бири тике качырышкан. Бирин-бири кектешип, кеги канбаган чет жоодой жекирип-жапырып кырчылдашкан. Эрлер каскак сундуруп, айбалта көтөрүп жан аяшпай чабышты. Эри өлгөн аттар чылбыр сүйрөп мойноп, аты жыгылган эрлер айбалтасын төбөгө көтөрө жөө чуркап… кең талаа азан-казан, уу-чууга толгон. Дал ошол айыгышкан чабышта Эр-Киши азыр тигил үйдөн чыккан, каржайган куш тумшук зор киши менен беттешкен. Анда бул киши жаш, келбеттүү, кучтүү, тайманбас





– Жол артып, жер кезипсиң, тааныганга киши-пишери – шер дедирдиң. Таанышбаганга өзүңдү «ууру» атандырдың, эр! Аттарың тыныгып, өздөрүң сый көрүң. Жат жоо коогаласа, мал, чабышка бөгөт болбосун дегенбиз. Жылкыны токой жакалатып, түени Сары-Жазыкка түшүрүп, уйсундун калың журту муңайбай турганы! Эрөөлгө аттанган кол бар. Башка күн түшсө, катын-бала ат үстүндө. Камчы көтөргөн бүлө чабышта болор… Азаматтардын бир азы түе күзөтүп ушул жакта. Жүк артууга керек-лөк, атан-бууралар, кысырлар бирин-эки саалгандары айыл үстүндө. Көк сактасын. Жау колуна өлү түшсө түшөр, жылкы, түе түшпөс. Жүк көтөрүп, кен ташыган түе күчү журтту марытары, жарытары. Кырк күнчүлүк чөлдө арып-талыбаган асыл малды минсең канат: анада, эки уруу элдин чабышында түе минген кошуун атчандарды курутту…

Ушуларды айтып, төөнүн аттан артыкчылыгын ашыра мактап жибергенин сезе коюп, Агуш карс-карс күлдү. Анан дагдайган төшүн манжалуу алаканы менен сыйпалап, зоңк этти.

– У-а, Тарпаң! Мыноо «уурулар», «Түе жарышын», «Түе ойнун» көрсүн! Таярданың!

Эр-Кишилер төөчүлөрдүн кошуунунда эки түнөштү. Кең жайыктын Сары жазыгын оттогон калың үйүрдүн күзөтчүлөрү да, ээлери да өздөрү. Бир үйүрдө бир буура. Азыр буура кайыр маалга дагы далай бар. Бууралар көбүк буркүп жинденбейт. Үйүр баскан ак көкүл, кара көкүлдөр каалгып жай басат. Жайыт четине атчан жакындаса, үйүрдөгү буура жер тарпыйт. Башты чулгута «Бух»! этет. Кутургусу, качыргысы келет. Чоочун үйүрдөн жакындаган бууралы өз үйүрүнө чендетпейт: жата калып оонап-оонап алып, кутургандай жин чачып тигил экөө чайнашат. Айтор, кызыкка батам десең да, коркунуч сезем десең да айыгыша чайнашкан бууралардын жанында бол. Чуудалары сеңселе жер тарпыша, моюндары оролуша калып жин чачышкандай болсо, бирин-бири шилилеп, тизелеп чайнаш-





Салтанаттуу жымжырттык мемирей түштү.

Кызыл чачыктуу күмүштөлгөн кайыш нокто катылган кара бууранды төөчөн эки киши кош жаактап нары жактан коштоп чыкканда, куйругу тыгыз үйүлгөн боз айгырга минген Тарпаң төбөсүнө камчыны булгалай качыра барып бууранды кордогондой, ызалангандай жазабуза чапты, анан алдыга кача жөнөдү. Ошол кезде колдон куш учургансып тигил экөө бууранды коё беришти. Букулдап, оозунан ак көбүк бүркүп жинденген буура жер тарпып оонап-оонап алды да, тура берип мойнун жебедей созду. Тарпаңдын артынан уча жөнөдү. Ничке куйругу жыландай ийрендеди. Чуудалары шамалга ышкырды. Буура жер тарпып оонап тургучакты Тарпаңды боз айгыр алда кайда алып кеткен. Сызгырылган буура көз ачып жумгучакты Тарпаңга жакындады.

Аттуусу атчан, төө мингени төөдө жардана караган журттан кобур чыкты: – Жетип калды…

– Эми качан?

– Бир аткыса, аттан алып түшөр…

– Уа, Тарпаң аке алдырчу беди.

Ат соорусун салып бараткан Тарпаң да көз ачып-жумганчакты кайра тартып бууранды тике качырды. Буура ага бүт тулкусу менен созулду. Оп тартып соруп алчудай узун мойну түптүз азыр Тарпаңды ат үстүнөн аткып, азыр аны тизелеп басчудай – сүр. Укмуш тажаалдык менен тике качырган эң айбаттуу качырыш. Эң татаал, эң коркунучтуу сүр.

Селдин шары, арстандын учканы,[1] бууранын качырганы бирдей. Биринен бири калышпай, биринен бири айбаттуу, коркунучтуу тажаал. О, мындай сүрдү жүрөктүүнүн жүрөктүүсү, күчтүүнүн күчтүүсү тайманбай тосот. Жазганбай чабат. Тек кара күч айбат эмес. Шамдагайлык, эпчилдик, билгичтик такаат. Кай кезде төө көтөргөн алп эп-

[1] Бир зоодон экинчиге карай арстан бой таштап качырганын – арстан учту дешкен.





руга какшыган өтөккө-түзгө кеткен өстөн-жоон, жашыл аркандай бурулат…

Тигинде-мында чабыш сугарган, эгин сугарган кишилер көрүндү. Келки, келки эгиндиктер, кээде баш-аламан. Бир тилкеси узунча, бир келкиси төрт бурч тартат. Бир тилкеси, бир башы жазы болсо, бир жагы ничке, ала. Үч бурч тарткан булуңчалар да айдалган. Такта тарткан арпа кер жаак болоюн деп, көк жашыл буудай арпага караганда агыш тартып кылканын жаңы сайган. Ал эми башка эгинден артыкча кара таруунy баалаган бул журт арпадан да, буудайын да, таруунy арбын эккени көгүнөн эле көрүнөт. Бир тилке буудай, эки тилке тарыу. Эки тилке арпа болсо үч тилке тарыу болуп, эгин талаасы кээ жерлерде өзүнчө эле сайма-чийме!

Далайдан бери жол кезип, суусунга куруттун эзмесин жутуп, дайым эттен башка тамак жебей калган Жаш-Тегин жай олтуруп сүткө көптүргөн таруунy шимигиси келди. Тaруунун ширин шилеси оозунда татыды, мурдуна койдун коргошун сүтүнүн жылуу көбүгү жыттанды… «Эр-аке, айылга түшүп, сүт ичип, тарыу жейли да» деп бир айтайын дейт. Аны айталбайт. Антип айтуу чынында осол, уят иш. Минтип жер кезип жүрүүнүн өзүндө айыл-айылга коноктоп тамактын ширинин татыш эмес: эрөөлдө, жортуулда, чабуулда жүргөндө кандай күн башка келсе, ошону көрүп, ошону самап, ошондогудай оор, коркунучтуу, капсалаң кездерди баштан өткөрө жүрүү. Аны Жаш-Тегин жакшы туюнат. Эмесе, «Тарыу жейм. Сүт ичем» деш баланын айтаары. Аны угузса, Эр-Киши капа болоор…

Ошондуктан, чөлдөсө да, карды ачса да, Жаш-Тегин сыр алдырбай келе берди. Маал-маал Эр-Киши:

– Э, эрендер! Чөлдөдүңөрбү? – десе, чынында каны катып келаткандарына карабастан уландар:

– Чөлдөгөн жокпуз, Эр-аке! – дешет.

Эр-Киши тизгин кагат.

болучу. Ошондо бирине-бири айбалта кезешкенде анын айбалтасынан да күлүмсүрөй калып айбаттуу, өткүр тиктеген көзүнүн курчу Эр-Кишиге сес берген… Кийинки кездерде ошол чабышты эсине салганда ошондогу бу кишинин көздөрү көз алдына тартылчу. «Ай, кайран эр, ай. Онун сүрү, колдогону, ошол оттой жайнаган өткүр көзүндө. Тике карашканда. Ол, айбалта көтөрбөй көзү менен атып салаар, анан-мунчаны…» – деген.

Ушинткен Эр-Киши тигини ошол көзүнөн азыр жазбай тааныды… Бирок өзүнүн ким экенин айтып тааныткысы келбеди.

Апсайган-сапсайган Тарпаң аттан түшө берип тигил кишиге тизе бүктү:

– Агуш-аке! Алдыңызга кул байлап келдим!

Агуш «тек» дегендей Тарпаңга кол жазгады. Тарпаң оң колун бооруна алып башын ийген калыбында мындай болду. Агуш да көрөөр замат Эр-Кишини тааныды. Агуш Эр-Кишиге караганда Эр-Киши Агушка белгилүү болучу. Эр-Кишинин эрдигин ал сыртынан билүүчү. Андан бетер, ошол чабышта Эр-Кишинин жар кабагы Агуштун сесин алган. «О-ай, мен алгыр бүркүт болсом, бул чалгыр тайбас тура! Мунун балтасынан аман калганыма кантип ишенем. Мени теңир сактады…»

Ушунткен Агуш жар кабак. Эр-Кишини эсинен чыгарбай калган.

Ошол эки эр-эр болгондо да экөө айтылуу эки уруудан чыккан биринен бири кем калбас алптар; биринен-бири кем түшпөс намыстуулар. Экөөнүн тең эрдик даңкы журт арасында дайын. Чынында Эр-Кишинин ызалуу, кордолгон акыбалы өзүнө күлкүлүү болуп көрүндү. «О, укмушу көп шумдуктуу дүйнө"– деди ал: – Бир кезде балтасы менден кетилген жандын алдына маталып келдимби? Чынбы, ушу»?

Эр-Киши зор, далбайып, күлүмсүрөдү. Ал ошентип «алсыз» абалын шылдыңдады.





эл мындан ары тааныш болсун– жоолашпасын. Мени ушуларга кошуң? Өтүнөм, кошуң. Атасыз эдим, аталуу болоюн?

– Тек… – Агуш ушундай чечен баланы бөтөнгө бергиси келбеди. Ал ачык жооп айталбай бөгөлдү.

Жаш-Тегин жоокердик салт менен Агушка ийкем этти:

– Бөтөн эмес, өзбүз, Агуш-аке. Мындан кийин маташпайлык. Тегибиз бир, уйсундун бир кулуну эшим[1] болсун?

«Эя, билги ажо кулуну текти таанып кишинеди ау» – деди да Агуш:

– Ии, барсын… жетим кулун аталы болсун! – деди.

Айлаң арстанды кармайды,
Күчүң чычканды качырады.
*Эски макал*

Байыркы төө чабышы болчу эле.
*Эл сөзү*

Эр-Кишини жазбай тааныган соң, Агуш анын «жоо» эмес экенин да билди. Өңкөй уландарды ээрчитип, журт аралап, жер кезип жүргөн санаасын табышмактап түйдү. «У-ай, акылман тайбас, ау! Эр билги абосу Күлчүр учуп кеткен соң онун кандык ордун басар уул жаш деген… Уа, уул жаш, эр ага, учуп кеткен[2] шумкарды сыйлайды. Баягы жоокердик ыйык наркты улап бу билги уландарын баштайын деген экен. Баштасын, баштасын.

Агуш Эр-Кишини өзүнчө чатырга киргизди. Төө кымызды чайкатып, эки өркөчү сокудай семиз каймал сойгузду.

---

[1] *Эш* – жолдош. Эшим – жолдошум. Эшимбек – Жолдошбек. Байыркы тилибиз ушул сыяктуу тымызын өзгөргөнү байкалат.

[2] *Учуп кетти* – көзү өттү, өлдү. «Шумкарым колдон учту» деген кошок сөзү ушул кезде да айтылат.





сиз болсо, ал жай козголсо, далбайып алдырат. Жеңилет. Алдыда калат. Шамдагайдыкка жаштайынан кадик болуп, бардык ыкмага жаштайынан машыккан киши эч-эчтемкеге жеңилбес, эч күчтөн жалтанбас жоокер ошол!

Тарпаң күчтүү да. Шамдагай да. Ал, буура кармашка алда нече чыкты. Алда-нече жолу жеңди. Алда нече жолу чайналып да кала жазды. Анда аны каскак кармап белен турган төөчү-жоокерлер буурадан куткарды. Тарпаң азыр буурага чайнатса, аны башкалар буурадан куткарбайт. Себеби, Эр-Кишиге айыптуу. Тарпаң, ошол айыбын жууш үчүн, азыр өз күчүн, өнөрүн Эр-акеге таанытмак. Бул бүтүмдү ага башка айтпады. Тарпаң өзүнө-өзү айтты. Бул Тарпаңдын жоокердик салты!

Эмесе, жоокердик салтты бекем туткан жоокер кармашта бар күчүн, эбин, айласын жумшайт. Кан акса жайына коёт. Кармаша берет. Чөлдөсө ат терин жалайт. Кармаша берет. Аты жыгылса өзү жыгылбайт. Кармаша берет. Алы куруп акыркы деми чыккычакты кармашуу, кармашуу эрдик салт.

Буура менен беттеше түшкөн Тарпаң боз айгыр ойт бергичекти бууранын башка чапты. Буура улам жетип, Тарпаңды тиштээринде боз айгыр жазгырат. Боз айгыр коён түйүлгөн элпектик менен ойт берет. Тарпаң бар күчүн, бар эбин, айласын, тездигин жумшайт. Бууранын сабайт. Өзүнө жолотпойт. О, бир гана аткыса, буура анда Тарпаңдын айласы кетээр беле? Деген, менен эти оор, эби-сыны келегей буурага караганда айгыр элпек, тез, шамдагай жылкы да! Ушуга машыккан жаныбар боз айгыр ошол жылкылык элпектигине салып бууранын Тарпаңга жакындатпады. Мында, Тарпаң эмес, айгыр менен буура өнөр салыштыргандай көрүндү. О, жаныбар жылкы ай. О, элпек, күчтүү, амалдуу киши ай. Жин чачып кутурган буура менен эт бышымдай кармашты. Көл-шал тер кеткен боз айгыр суудан коңур тартты. Аны минген киши көздөрү канталады. Өңү кумсаңдады. Тили кургады…





тулаң булайт. Илбээсинге көз тойгудай. Өрдөк, чүрөк, соңор топ-тобу, үйүр-үйүрү менен суу бетин бербейт. Кишиден качуу, чочуу деген жок. Алардын анча тынчын алып, үйрүн бузуп куш учургандар чанда. Жаа тарткан мергенчилер да анда-санда. Теги жаныбарлар, бул жайга ушунча толуптур дейсиң: суудагысы сууда, көктөгүсү көктө көз тойгудай. «Уа-а, шумкар учуруп, жебе тартып сайран куруп жүрчү жер ушул өрөөн, көлдөр, ушул түздөр экен, э»? – дейт, илбээсиндерге кызыга караган Эр-Киши. Кумары чыдатпай кетти бейм? Желдирте келатып, жебе узатты эле, шуулдап бараткан калың каздан бири канаты бүгүлүп так алдыга далп түштү. Болгондо да көк моюн экен.

– Ат чалдырган жерде отко кактай салабыз! – деди Эр-Киши.

Жаш-Тегин, Жолборс, Барс, Буйлаштар таптакыр эле жаштык кызыгууга берилишти. Уландар жебе учура беришип, атып түшүргөн каз, өрдөккө канжыга толду…

Тыяк-быякта калың конгон айылдар көп. Мал кайрып, эгин сугарып, не анчейин бул, не тигил тиричиликте жүргөн кишилер буларга анча көңүл бурбайт. Тек, кездешкени жалпы нарк өтөйт:

– Арбаңдар!

– Бар болуңдар, туугандар!

– Ат-тонуңар, биздин журтка окшободу. Жолоочу экенсиңер?

– Ошондой тууган…

– Э-э… сапарыңар карыбасын! Жолдуу болуңар!

Ар ким өз-өз жолунда.

Улам илгерилеген сайын тиричиликте, оокатта жүргөн кишилер буларга көп учурай баштады. Тээ алкымдан бери керилген түздөн туура кесип өткөн өстөндөр кездешти. Кашаттары балырлап, суусу тунук аккан өстөндөрдөн тарам-тарам танаптанып жайытка, айдоого карай созулган арыктар ийрендейт, Дайым суу акканга арык-арыктын жээктери көк-жашыл тартып, айрыкча, тээ жого-

Агуш ата салтын унутса, эрдик-жоокердик эрежени бузса, ал, азыр, Эр-Кишини кандай кордотсо, ызаласа, кандай жазаласа өз эркинде. Ал жараксыз. Ал матоодо. Ага такоол болоор бели каткан кайратман жоокери жок. Агуштун колу бул төртөөнү көкбөрү тартчудай…

Бирок Агуш Эр-Кишиге тек каржая карады:

– Эй, арбаң?!

– Э, бар болуң? – деди Эр-Киши. Анын үнүндө ыза да, ачуу да жок. Тек окунуч ыргагы байкалды.

Аны Агуш да байкады, тек сынап койду:

– Алың калай?

Эр-Киши жооп айтпады. Тек Агушка карап тамшанып кулумсүрөдү.

– Жооп айткың келбейди?!

– Көрүп-сезип тургандырсың?!

Тарпаң бүгүлө түшүп ашыгып айтты:

– Бу, алдамчы, бегим. Эр-Кишимин дейди… Ненин Эр-Кишиси?! Бул жакка келгендей ал адамдын башына кандай күн түшсүн…

Агуш Тарпаңды зекип койду:

– Болду?! Бара тур, көкө?!

Анан ал Эр-Кишиге табышмак айтты:

– Көз ыйласа, жаш тамар. Күн ыйласа, не тамар? Муну айтып коюң! Атан өлсө, чом калар. Атым өлсө не болор? Муну айтып коюң! Жалгыз ак куу үч турнаныээрчитип көккө учуп чыгыптыр. Ол нени көздейди? Ону айтып коюң!

Эр-Киши ээгинче башын көтөрдү да шашпай айтты:

– Көз ыйласа, жаш тамарын өзүң айттың. Күн ыйласа, кан агарын мен айтайын. Түбү бир журт жоолашса, баягыдай кан акпайбы, анан! Атан өлсө, чом каларын өзүң айттың. Атың өлсө, эл кыйрарын мен айтайын. Баягыда жөө калганыңда уйсун журтуң, кыйрабай койду беле, анан. Жалгыз ак куу үч турнаны учуруп көккө жүргөнүн сен көрүпсүң. Анын эмине көздөгөнүн мен айтайын, куу куркулдап чалкар көл самайды. Турналар ыйык канат кагат.





Куу сүзчү көл, турналар кезип учкан боору жайык Жер чандабаса дейди. Турнанын асыл канаты жеткен жердеги эл-журт муңайбаса дейди. Ошону самап ак куу турналарды жол баштап учуп келет.

Көңүлү ыраазы Агуш жайланып айтты:

– Аа, билгим, бу жандырмак көңүлүмө уюду. Өзүң, эмине дээр эдиң?

Эр-Киши өкүнүп койду:

– Мен эмине дейин? Күн ыйлабасын деп ак куу учту, Куу төлдөр көлдү төгөмүн деп Жер артында дөө чыкты. Аны кантебиз?. Дөөгө бет багалык десек, коломтомдон өрт жанат. Ачуу түтүн көзүмдү ачыштырды. Ал тайыды. Муну кантебиз? Ал тайбасын десем, атчанды төөчөн жоолайт. Ол экөө жоолашса, эки ортодо карга, кузгун тойлор. Аны кантебиз?

Агуш Эр-Кишинин Табышмагына жандырмак айтпастан карс-карс күлдү да, жарданган төөчүлөрдөн сурады:

– У-ай, кымызга канып, этке тойгондор?! Бу «уурунун» кебин кимиң түюндүң? Кана, түюнганың айтың. Түюнбасаң, таруу сугунгандай дымың чыкпасын?!

Ээрди желки сары бала алдыга өтө берип сыңар тизеледи:

– Агуш-аке, жол бериң? Мен айтайын, бу кишиге жандырмагын. Ыйык Жер тепселбесин, эл-журт муңайбасын, деп тилейт экен бу киши. Бу жакка кастык самаган жоо бар экен. Ону кандай тособуз, дейди.

Жоого бет багалык десек, акылы аз кагандар, эсирген бектер ыркты, ынтымакты кетирип – күч кетет. Муну кантебиз, дейди, бу киши.

Ынтымак куралык десек – бирибизди бирибиз билбейбиз. Билгибиз келсе, минтип жоолашабыз. Бирибизди бирибиз карга, кузгунга жем кылабыз, дейди бу киши!– Желки бала бүгүлө түшүп сөзүн аныктады:

– Агуш-аке, жаңылсам, жазалаң. Жаңылбасам, биз жоо дегендер өз экен! Эр салтын жөрөлгөлөп коюң. Эки





Буура да баягыдай тез эмес, чоң көздөрү арга издегендей кекене, жутуна калып букулдайт. Жинденет. Жутуна качырат. Акырында ал: «Эй кишим, эми тиземе басам дедиби? Сабаганга карабай жутунгуч, эң элпек соргуч болуп кетти. Тарпаңды алда нече кайсады. Чайнап сала жазды. Кантсе да бууранын кашка тиши тилди го?

Тарпаң кийген төө чепкендин бир өңүрү үзүлүп түштү. Жыңалач билегинен кан жошулду.

– Жарданган кишилер чуулап жиберди:

– Көк теңири сактаң?

– Тарпаң алсырап баратыр…

– Ал антын актады. Куткарыңдар, бууradан…

Кантсе да, дал ушул үндөргө Тарпаң намыстандыбы? Таң. Тике качырган кара буураны эки үзөңгүнү тең тээп тура калып, так эки көздүн ортосуна сокту.

Кара буура Тарпаңды каруудан аткый жаздап… узунунан түштү...

Буураны киши женди!

Тарпаң Эр-Кишиге таазим этти.

Бирге төө багышкан Агуштун эки уулу Жаш-Тегин менен төштөшүп достошту:

– Ач белде, куу чөлдө кездешсек эшимдешпиз. Кыйырга жоо келсе, эл четинде бир бололук!

## ЖАШЫЛ КӨЛ ЖЭЭГИНДЕ

Ата кебин эшиткен уул адеп тутат.
*Эски макал*

…Булар эми бешөө!

Эр-Кишинин табышмагын жандырган эрди желки сары бала – Буйлаш буларга кошулду. Жоокердик салтты бекем туткан Агуш Эр-Кишиге ийкем эткен:





– Сөөгү биздик, эти сендик болуп, бир уул, Эр-аке, жанда болсун! Жоо самаган биздин кишилер, ыйык башыңды тааныпбай сени ууру тутту. Колуңа матоо салды. Ошол айыбыбызды тарталык. Буйлаш жолуңду жолдосо, кол баштасын. Коркок болуп чыкса, колго ат багар, от жагар болор…

«Уа, тентиген болсо, тере жүрүң дебеди беди ажом» деп көңүлү жай Эр-Киши төөчүлөргө кош айтышты.

Күн-түн ак, кара шурудай салаадан түштү…

Эми жер-суу баягыдай тоолуу, токойлуу не адыр чөл, мейкин эмес. Залкар тоолор алыска чалкаят. Азуудай арсайган чокулары алыстан агарат, аска-зоо, чыңдары мунарыктайт. Улам барган сайын токою алыстан дүмпүйүп, күрөң-жашыл чер, чытырман уч-кыйрына көз жеткис. Андан бери ийрейип-буралып укмуштуудай жалтырап жашыл көл жээгин ачты. Арийне, көл суусу жашыл эмес: бирок теребелдеги жер-суу көркү аны ошондой экилентет беййм? Көл суусу жашыл төр сыяктанат. Тек жылт-жулт нур чагылышынан улам анын көл экени байкалат. Айтор, бул жак сулуу да, саздактуу да, көлдүү да бейм?

Жылкычынын ыры Жаш-Тегиндин эсине түштү:

Жашыл Көлдө өрдөгүм,
Жайылма көкүл мөлмөлүм,
Э-э ийй, мөлмөлүм,
Мен жортуулга кеткени
Мөлмөлүмдү көрбөдүм.
Э-э ийй, мөлмөлүм…

Анда жылкы четинде алчактата бастырып Жаш-Тегин жаагын жаныган.

Көрсө, Жашыл көл ушул, беле?

Күн чаңкая тийип теребел мемирейт. Салкын аба аңкып бөтөнчө таза! Жер кыртышы кандуу-сөлдүү. Тыякбыякта малдын жайылганына карабастан жерде оту-чөбү жашыл-ыраң. Көлчөлөрдүн жээк-жээги, саздактар, ой-чуңкур, өзөн-түздөрдө камыш, жекен сеңселет. Кара кыйгак,

калышкан кемпир-кесектер бөкчөңдөй, какчаңдай каргыш жаадырышат:

– Арамдар. Эя, булар кайсы жоо болуп кетти дагы?!

– Арам аздар го? Үстү ачык Көк каардасын силерди?! Баш сөөгүңө жат суу куюп ичсин?!

– О, жел учурсун, от куйкаласын, силерди, арамдар!

Аз журтунан деп баамдаган чаалар эбаккы кектерин кектеп зиркилдеп биротоло ачууга уугуп калган кишилер Эр-Кишилерди качырып, демитип кирип жөөлөтө келишет:

– Уа, аздардын кимиси, бу?!

– Дагы атыбызды уурдап, кулубузду бузуп-жарганы келишкен го, каскактар?!

– Чаа журту чаян экенин билбейт бекен арамың.

– Билбегенге билгизүү бизден...

– Бу бузуктарды билгиге алпарып не убара. Мууздап башын алып келбейсиңби, ой Элчур!..

Үкү көзденгөн куу сакал арык абышка чайчуй этип бок-топ-сактап, чайылдап келип такымындагы чокмор башын ала коюп Эр-Кишини жон талаштыра басып өттү. Эр-Киши ага тек түксүйө карады. Барс тытынып ыйлап жиберди...

– Биз аз эмеспиз! – деди Жаш-Тегин кызаңдап:-Көп жашаган киши экенсиң. Атам кыргыздын Эр-Кишисии таанybай эмдиге кайда жүргөн жансың?!

Чал жаак сакалын сексейтип, тезгинин кекчейте тартты:

– Уа... Кайсы Эр-Киши?..

Буйлаш меселдетип айтты:

– Алп эсирсе, аңыра чабыр. Кан эсирсе, элинен чыгар?! Көзүн май басат, өзүн. Теңирин таанybай калат, ол...

Ансайган чал Буйлашка таңдана карады:

– Боконо этиң боло элек бала экенсиң. Айткан кебиңе оозуң толот. Тегиң ким, бала?

– Бизди бала дегендин иши чала, аке. Ырас, биз жаш улан болсок да бизди баштап эл таанытып жүргөн пирибиз – Эр-Киши менин марымчым!

Апсагай чал аюудай айкырды:





үчүн төө баккан салпаяктардан маталат. Же ушул кемдерге чын эле күчү жетпейби?» деп ардаңган. Ал ошентип, коркунучтан эмес, ардан, ызадан ыйлаган...

Кийин, Эр-Кишинин айласын, эбин көргөн соң ал, өзүнүн антип ыйлап жибергенин эстеп азыр уялат. Оңтойсуздук сезип кызарып, кыйпычыктайт. Эми ал, чын эрдик, чын билгилик Дөө-Киши айткандай үстүртөн көрүнбөстөн тереңде буккан бийик касиет экенин байкаган сайын Барс таптакыр өзгөрдү. Өзгөргөндө да энесин сагынган баладай энөө тартты. Ким эминени айтса, ошого макул болчудай... оозу ачылып аңкаят...

Барстын ошол өзгөргөн кебетеси берки жолдошторуна да байкалды. Коркунучта ыйлап, кубанычта аңкайма немеден Эр-Киши өзү анча чоңду үмүт кылбайт. Жаш-Тегин менен Жолборс аны шылдыңга алышат:

Бири:

– О, Барс, шер, аңкая туруң, оозуңа өрдөк түшүп келир?! – десе, экинчиси андан өтөт:

– Шердин оозуна багылдыр теке кептелир да?

Кытылдаган күлкү, шаңкылдаган каткырык тыякбыяктан илбесиндерди чочутат. Шабыр шатырап, өрдөктөр уча берет.

– Барс аке, аңкая туруң. Жебе коротпойлу. Оозуңа өрдөктөр өзү чубап түшсүн?!

Дагы күлкү. Барс өзү да жалжая калат. Терикпей, ызаланбай шылдыңды мойнуна алат.

Барс ошентип аңкая берсе, курбуларына күлкү болуп жаман атанып, чөгүп, төмөндөп ат багаар болот беле? Бирок аны ойлонткон ички чоң баамчылдыгы аны тынчыткан жок. Тек көзү көргөнгө, кулагы укканга канааттанбастан ал дагы көптү угуп, көптү билгиси келди. Кыябын келтирип Эр-Кишиден кеп-сөз сурайт.

– Эр-аке? – деди бир жолу Барс.– Атам, кеп салчу.

Өзү чоочун жакта жүргөндөй жанында олтурган бизди таптакыр эсинен чыгарур эди... Анан өз атам – Бай,





## ЧАА МЕНЕН АЗ

Көгмен жер-суусу элсиз калбасын дедик.
Аз, кыргыз калкын жыйнап келдик...
*Күл-Тегин күмбөзүндөгү жазуудан.*

Тикенди түбүнөн үз.
*Макал*

Узун, узун долоно шишке тепчий сайышып, ар биреө бирден казды чокко кактап шишкебектеп Жаш-Тегиндер бейкапар. Буйлаш куудул кеп айтып, ага беркилер боору калбай күлүп көңүл жай. Тек каздын семиз буртасынан майы сызгырылат. Чок чыр-чыр этип, от май жыттанат. Май тамган чок жалындап казга жармашат. Анда Буйлаш, тап берип, жалынды көсөө менен уйпалайт:

– Уа, ыйык от! Талашпаң? Эптеп атып алган казымды өзүмө коюң? Элден кеткен Эрдене, уяттан өлгөн Урдана жок, мында ыйык от?

Беркилер күлүшөт.

Додолонгон таптуу чок, какталган каздар. Аба май жыттуу, теребел жайлуу. Тоюнган аттар ыңырсып ыла-алап турат.

Эр-Киши кездиктин сырты менен каздын жонун кырып-кырып, дал май чылпылдаган буртасын кесип оозуна салды. Өмүрдү эрөөлгө өткөрүп, насибин жолдон татып, жедеп дасыккан кары жоокер чыжылдаган ысык майды чыжылдата чайнаганына өзү ыраазы... «Уаа... Жашыл-Көлдө ойногон жаныбарым. Жаның Теңирге. Майың маңа» дейт май чайнаган Эр-Киши. Анын кылкан мурутары майланышат. Каз этин ашыкпай кесип ашыкпай чайнайт. «Ата-а... ушундан кийин чоң кара аяк суусун турса? Же бозо, не кымыз»...

Эр-Киши жаш жоокерлерге эскертти:





– Тойгонуң, курут эзиң!

Береги каланган калың камышты аралап суу шары бир калыпта шылдыр. Не чегирткеби, не бир «ырчы» жандыкпы? «Чыр-чур», «ыз-быз» тынбайт. Кайдадыр камыш арасында жолборс күркүрөгөндөй. А балким ал жакта жолборс жоктур? Ал тек ошондой «күркүрөп» чыккан кандайдыр бир доотуур... Кандайдыр мадыл чаңыргансыды. А балким, чынында эле– жолборс бардыр? Мадыл экөө беттеше калгандыр. Жолборс аны «чап» алдыбы? Таң. Кайрадан жымжырт...

Арткы бутун созуп мойнун кайрып, өз ичин өзү жыттагансып үргүлөп жаткан Чоң күрөң «селт» чочуду. Сырайган бутун жыйнап, ашыга тура калды. Ал элеңдеди, кошкурунду. Жуушоодогу аттар тура калышты: үркүчдөй, элтең атып чочугандай баштарын силке кошкуруна, от жакалай олтурган ээлерин тегеректей келишти. «Эмине олтурасыңар. Жоо! Жоо! Силерди жоо курчады. Тез аттангыла»! дегендей, жаныбар аттар окуранып жер чапчылайт. Элтеңдейт, чет жакага сестене карашат.

Барс эзген курут ширесин Эр-Кишиге жаңы эле сунган. Жолборс ыргып турду:

– Эр-аке! Жоо!

Эр-Киши жан аяктагы суусунду ашыкпай жутту.

Ошондой эле камырабай айтты:

– Суусун жутуң, баарың! Жоо дейсиңерби? Келсин...- Кездешсин?!

Анан ал ашыкпай турду да кездигин кынына салды. Чоң күрөң «мени мин» деп аны ашыктыргандай ийининен жыттагылап Эр-Кишинин артында турат...

«Зуу-зуу» учкан жебелер үстүнөн өттү.

Эр-Киши жебе учкан жакка карады да айбаттуу үн берди:

– Уа! Жаа тарткандар! Арбаңар? Жебе коротпоң, бери келиң!

чоң атам – Алпжүрөк, аркы атам – Азман, андан аркы бабалар – Агуул, Тогуул, Алтын-Тамга, Кадыркан деп чубуртуп санап жиберүр эди... Жети атасы жоктор биздин журтта кул атанур.

Биздин журт Кадыркан тоосун жайлаган жылы бабабыз төрөлүп, аты – Кадыркан коюлуптур. Ошо Кадыркан баба жети жашынан жер кезип, көзгө атар мерген болуптур. Бейпил күндөрдө аштык айдап, малын асырады. Жер кезерлер болуп кен издешти. Ошо кен издеп жүрүшкөндө алар кийиктин кызыгына батып, тээ Каңгайга[1] өтүп кетти. Ал жак бизге жоо журттун жери. Жоолашкаи эки журттун кыйыры ыйык дер эди атам. Аны бир жер ченчиси, бир эл элчиси басур. Жоо эл менен бир табактан насип татыш сый менен сында. Өз үйүңдөгүдөй апырандаштын арты зыян. Андай шамшаркыт мамиле бирде болбосо, бирде намыска тиер. Чабышка көкүтүр. Айылыңды чоң кайгыга салур...

Кадыркан ата ошо Каңгай жеринде марал өңтү. Эрөөлдөгү жоо колуна туткун болду. Коңшубуз – суулашпыз деди, эрөөл башы[2] ага кулак какпады. «Жоосуң. Колума түштүң. Кыңк этпең»?! дейт. Ошондо Кадыркан баба эрөөл башын намызга чакырды: «Ой, жоо бөрүсү эрен! Ишенсең– биз жер кезип жүргөн кеңчи-бакылбыз. Элжурт кабыргалаш тынч турган байыр кезде эки элдин кишилери бири-бирин кулданчу салт жок. Бу жорук эл ынтымагын бузар, Бизди кулдансаң, – эркиндебиз Арт жагын ойлон: Тигил Кадыркан тоосунан аркы кең аймакты жердеп жаткан калың журтум эртең кыйрыңа келур. Башы кара, боору ачык бей-бечара сенде мол, менде мол. Ошо бечара журтка бүлүк салган кол башчы жаман киши. Эр салтын бузбаң, эрен? Ырас, сен мени колго түшүрдүң. Мен ыйык маралдын кызыгына батып

[1] *Каңгай* – Орхон тоосу.

[2] Чек арачылардын деген мааниде.





көбүнүн башына кайгы салаңдап турган кезде Эр-Киши дал ушул айыгышкан эки уруунун кыйырын басты.

Чабыш башталa элек, бирок эки тараптан тизгин кармаган эр бүлөсү жапырт ат үстүндө болучу. Булар эбак чабышмак: эки тараптын тең токтолгону ай толо элек. Айдын толооруна дагы беш күн бар. Ага дейре, эрөөлгө чыккандар көрөгөч, сак, уганаак болушка милдеттүү. Шектүү, чоочун жан көрүнсө, ошол ким болбосун маталып, ал билги алдына келтирилет. Кокус, кимдир бирөө чоочун жанга «боорукердик» көрсөтсө, анда, баарыдан мурда ошол боорукердин өзү мууздалат. Бул да эзэлтеден келаткан жоокер эрежеси. «Жаш тамызган көзүңдү өзүң чукубасаң жоо башыңды кесет» деген кеп чоңгокичикке эмчек сүтү менен ишеним болгон.

Ошого ишенген жоокер азыр Эр-Кишини жаш жоокерлери менен элтебери Чагылдырдын алдына алып келатышты. Бул кезде чаа журту чоң-кичине дебей эрөөлдө. Чет жакада обочо жайлаган айылдар ийрилип-үйрүлүп бирине ыкташып, калың айылдын уч-кырына көз жетпейт. Кейпи, уй, кой, эчки ыктоо тарапта; Аларды күзөткөндөр да өзүнчө калың кол бейм? Күн батыш тарапта түнөргөн калың токойдун ичи не мал, не киши экени таанылбай – жер түгүнө жан киргендей быкыйт...

Айыл-үстүндө жөө баскан жан жок. Бала да, карыкартаң да, зайып да ат үстүндө. «Уа, ушулардан көрдүк. Тыйпыл кырылып түгөнүп берели. Не ушул жолу, аздын белин сындырып, журтун баш көтөргүс кылалы дегендей. Жоокери кайсы, жөн кишиси кайсы? Сырт-бычынынан аларды таанышы кыйын.

Эрөөлдөгү жоокерлер Эр-Кишилерди айдап келатканын көргөндө атчан жүргөн жоон топ тестиерлер чаап жетишти. Кээси ат ойнотуп тигиндей кайкыта чыгып, кээкиси түз эле Эр-Кишини, Жаш-Тегиндерди сабачудай ыкыс беришет. Ызырына кектене сөгүнөт... Алар айылды далайга аралашты. Тигил үйдөн, бул үйдөн чыга-чыга





Саламына жооп бергендей «зып» өткөн жебе Эр-Кишинин туулгасына тайыды. «Ча-арк» этти.

Эр-Киши карс-карс күлдү:

– Бале-е?! Мергенчи экенсиң? Башымды көзөп өттү, жебең. Эми келиң, жакын! Жөн-жай сурашалы?

Эр-Кишинин кеби тигилерди жиндентти бейм? Тыякбыяктан камыштар шабырап ылгый жапалдаш сур минишкен жоон тобу шуулдап жетишти. Булардын кийгендери да, мингендери да жат, бөтөн. Түспелдери да коркунучтуу. Байланган ийри кындуу кылычтары салпылдайт. Айбалта ордуна баары бирдей чокмор баш кармаган. Тамыр көңдөйлөрүнө коргошун кыт куюлган чокмор баштары жаш козунун башындай саал сүйрү тартып бужугур-быжыгыр. Кийгендери кементай, этектерин кайрып курларына илип коюшуптур. Баштарында карабашыл кишинин боз калпактары. Өздөрү ушунча жарактанып жоо самап, салыш самап кезип жүрүшүп туулга ордуна кийиз калпак кийгендери Жаш-Тегинге осол көрүндү.

– Өз эмес, Эр-аке? Татабыбы, татпы, таң...

Тигилерди жазбай тааныган Эр-Киши уландарга айтты:

– Өз. Өздөн чыккан жат... Корпоңдор.

Жаш-Тегин намыстанды:

– Мататпаң, Эр-аке. Жолборс менен Барс жарыша айтышты:

– Чабышабыз, Эр-аке.

– Тек туруш жок!

– Өздөрү да чабышпас... Чабышса оңбоспуз. Көрүндөр. Мингендери өз кулан... Булар Адылтай ажомо тизе бүкпөй жүргөн Чаа[1] уругу...

Буйлаш чыны менен делдейди:

– Куланды үйрөткөн эр журтко, аке?

Эр-Киши үндөбөдү.

[1] *Чаа* – жоокер. Ал, каарман чабышчыл болуп, аты ураанга айланган болуу керек. Кыргызда Чаа деген ат ошол эскиден келатат.





багар. Биздин журт кыздан да уулду көп самаган жөнү ушул. Биздин кулундар бешиктен жер баспай атка минген жөнү ушул. «Атың барда жер тааны, атаң барда эл тааны» дөгөн кептин түйүнү ушул.

Мен ата ордунамын. Баарыңар, маа бала ордундасың! Боо дейре аз жер бастык, аз эл көрдүк. Эгиңерге кыл сакал сайыла элек өзүңөр кырчын-талсыңар. Мортсуңар. Күркүрөп жолборс чаба элек, силерди. Айкырып жоо качыра элек, силерди. Эр-Киши мыйыгынан күлгөн болду.– Э, силер көргөндөр кеппи?! Төөчөндөрдүн матоосу матоо бекен?! Анык жоонун колунда маталбаң! О, андай жоо матап олтурбайды. Чарт башты кеседи. Канды шимиреди... Аны ойлоп жанын аяган киши жоого чаба албайды. Эрөөлгө аттанганда: «Башым канжыгада, каным көөкөрдө»! деп аттанмай. Өз жаныңды өзүң жекте, антмейин жоо башы колуңа тийбейди, Барсжан!

Эр-Киши Барска карап күлгөн болду:

– Төөсүн жолборско чалдырган атаңды мен анча баалаган жок эдим. Көмүр жүктөнүп көөлөнүп жүргөн шордуу экен. Баласынын ыйлаактыгы ошондой дегем... Уаа, бабаларың элдин отун жагышкан эрендер тура.

Барс чочугандай айтты:

– Коркуп ыйлабайм, Эр-аке. Бирдемени эстесем эле, бүт теним чымырайды. Ыйлаганымды өзүм сезбейм. Коркпой кетем...

– Уа, ал сонун белги!

– Алп жүрөк бабам жоону качырганда ыйлап барчу экен! – деди Барс.

– Мен сени коркуп ыйлайт деп эдим, – деди Жаш-Тегин.

– Коркконумду билбейм. Көзүм ымыр-чымыр. Бирөөнү тытып ийгим келеди.

Жолборс менен Буйлаш ага унчукпай таңдана караштты.

бүлө чабышка чыкты. Дайым кектешип, жөөлөшүп, бирде басынып, айбын тартып, бирде ашып айыбын алып жедеп айыгышка көнүккөн чаа журту бейкапар эмес болучу. Баарынын ат-тону, жарагы белен. О, эзелден азы да, көбү да эрөөлдө ат үстүндө, жоо бетинде текөөрлөшүү ичкен ашындай өнөкөткө айланган бул элдин чабыштан жазганганы чанда. Чабышта жазгануу, чабышта жеңдирүү менен бирдей: каршылашкан жак элинди кулданып, малыңды булап-талап алса, эрки анда. Эмесе, өлбөгөн жерде калуу: канжыгадан баш, көөкөрдөн кан төгүлгөндө гана биротоло чабылып, чачылып баш ийүү салт. Ага дейре чабышуу, чабышуу, чабышуу! Эр атын жоого мингизип, асыл жаркын жарды, ыйык ата-энени, уул-кыздарды куң, кул ордуна мататып кордолгончо өлүү, кырылуу алда канча жеңил деген анык көк мелтей тукум ушул – чаа уругу.

Чаа менен аз экөө бирине-бири алыстан келишкен, кектешкен жоо эмес. Антсе да «Бир казанда эки кочкордун башы кайнабас»… Бул дүнүйөдө ар кимдин өз акылына жараша кектешээри, жоолашаары болот. Теңтайлаш эки урууну айыгыштырган дал ошол эзелки эреже өчөгүштүрүп, кайраштырып эми ушул эки уруу далайдан бери бирине-бири маал-маал ат коюшат. Анда булар, тээ-эбактан көзү өткөн бабаларынын урпагын эстейт. Эбактан берки унутулган өч, кек эске түшүп, көз алдыга тартылып: чабышка от жагып, чабышты айыгыштырат. Акыры аягында бир тарабы басынып, жеңилип, кансырайт. Экинчи тарабы андан кем эмес кансырап, бирок тогуз кабаты үзүлүп, бир жалкы кабаты эптеп кармап калган жиптей үлдүрөп туруп… берки тарапты өзүнө багынтат. Айтор, анын малын талоондойт. Бүлөсүн кулданат.

Ошентип эзелтен келаткан айыгыш – эзелтен айыкпаган жаман жарадай ырбап, аздын да, чаанын да дене-боюн лукулдатып, ириңдетип, ушул эки урууну кишилеринин





бейкапар калыпмын. Сен колуң менен мени бугупсуң. Мен аа армандамын. Айыгышкан жоодой экөөбүз бирибири-биризге ажал чакырышпайлы. Өнөр, күч сынашалы. Ошондо сен жеңилсең бизди азат кой. Достошолу. Мен жеңилсем анда амал барбы? Саа кулбуз.

– Э! – дептир анда тигил эрөөл башы. – Сен аштама керкиге сап болом деген ноён көрүнөсүң?… Арманда болбоң. Эр салтын мен танбайм. Мөрөйүңдү айтың! – дептир ол.

Анда баба ойлонбой жооп бериптир:

– Жебе тартышалы. Кимибиздики бийик учса, мөөрөй ошонуку.

– Көндүм! – дейт, ол.

Бабам менен эрөөл башы жебе тартышты. Ошондо көккө кеткен анын жебеси меңдей болуп араң көрүндү. Баба жебе тартканда, ол көккө житти…

– Анык эр ноён экенсиң! – деп ол бабама баш ийип бүгүлүптүр. Экөө достошуптур. Ол эр бабамды коё бериптир. Кетээрде, башка күч келсе, бирибизди бирибиз унутушпайлы, ноён. Сени кул тутуп айыптуу болдук деп ол бабама алтын кездик белек бериптир…

– Алтындын кенин издеп, жер кезип, кийик уулап кеттик. Кийик бизди жазгырып, жоо колуна тапшырды. Жоо бизди кулданам деди. Мөөрөй бизди куткарды. Тек кутулбадык: издеген алтынды таптык, – дешип ырдап элге кайтып келишет. Ошол кезде ыйык чоң энебиз уул төрөптүр. Кадыркан ата атын – Алтын Тамга койду.

Алтын-Тамга баба он эки жашынан эрөөлгө аттанды. Кыйырга келген жоо каскак сунду, айбалта сокту. Айры төштүүдөн жеңилбеди, жеңди. Журт муңайбай тынч турган кезде кумдан алтын чайкап, таштан кен эритти. Балдары аштык айдап, мал-табар өстүрүп боору кара байыр болду. Ошондо Алтын-Тамга баба: «О, ыйык теңир, менин тукумуман эр чыкпайбы? Кылычымды дат баспайбы? Маа эр уул бериң, теңир»!– деп, ол үч суунун кошул-





Барс эки жагына карап унчукпай калды.

Ал оюнда Эр-Киши эми мени атаң Текеш жолборско чалдырды деп шылдыңдаар деген. Бирок жанатан анын кебин бөлбөй дит коюп уккан Эр-Киши аны бышыктап койду:

– О, Барс жан! Бабаңдын тегин айттың. Эшиттим! Агуул баба Алпжүрөк бабанын эрдиги биз жакка да жеткен. Жер тамыры чөп өстүрөр, эр тамыры от күйгүзөр деген.

Саамайынан ак тал чачы жылтырап, локуйган Эр-Киши али кайраттын оту жанган өткүр көзү кайнай түшүп, тээ тереңге жите карады. Бүркүт мурду ансайын коңкоё калып, кирпилене тике-тике сайылган каштары түктүйөт, көздөрүнүн жээктери канталайт. Чап жаак тарткан узун бети чөп оттогон аттын жаагына окшой калат: бет булчуңдары тарамыштанып, түйүлүп, узун жээрде мурутуна караганда сакалы кыска, саал быжыгыр. Кантсе да азыр Эр-Киши өз башынан өткөн алааматты көз алдына келтирди бейм?

Өз сөзүн кайталады:

– …эр тамыры от күйгүзөдү! Барсжан, сен эшит муну. Тегинжан, сен эшит муну. Жолборс, Буйлаш, баарың эшит, муну?! Эр тамыры от күйгүзбөсө, бу боору түктүү Жердин тынчы жок тентек балдары эмдигиче бирин-бири талап кетмек. Жеп салмак бирин-бири… О, ансыз да бу кишилер, биринин тынчын бири кетирип, кешигин төгүп, өмүрүн кесип жатышкан жокпу? Нени айтайын, кырчындарым! Биздин журт аз кулдү, көп күйүндү. Боору ачык карабашыл кишилер көп кырылды. Тээ байыркы, байыркы замандан бери журт кыйырын кычыраткан жоо кан-кор келди. Ушул бабам жердеген ыйык жерди тартып алып, кырчындай уулду, жаны асыл кызды, ата, энени – боору ачык карабашыл кишилерди кулданам дегендер тыяк-быяктан мол жүрдү… О, биздин алп бабалар, бирде өзү аргасыз тизе бүксө; бирде жоого тизе бүктүрдү! Аны үстү ачык Көк билер! Ата, эне кадырын билген уул эл





«Уа, бу Чаа уругу жазда жааган кар. Бу журт жазда кар калап, от жагар. Азы көптөй жоо чабар чогоолу».

Эр-Киши угуза айтты.

– Жоо бөрүсү, булар. Жоокерден жоокер минген куланы кырс…

Уландар чыны менен сестеништи. Баса, үйүрүнө киши эмес, жолборс жолотпос куланды үйүрүнөн бөлүп, куланды үй жылкыдай колго асыроо, аны ат ордуна минүү ким көрүнгөндүн колунан келебербесин уландар жакшы билишет. Эр-Киши бир кездери өзү кулан үйүрүн камашкан. Кулан үйүрүн колго үйүр алдырып асырап көргөн. «Куланды үйрөткөн эр-кулжаны эңген бүркүт» деген лакап бекер эмес. Дүркүрөгөн кулан үйүрүнөн бирин бөлүү – кум ичинен тамчы сыгып алуу… Өздөрү анча ири эмес: колу-буту булчуңдан, тарамыштан өңүп чыккандай чулу. Моюну жумур тартып, жалы, куйругу сыпсыйда, тумшугу саал томпоктонуп өзүнөн-өзү дирилдеп үркүп турган жаныбардын көздөрү алая калып, кош кулагын жапыра чунайтып, үтүрөйүп качырганда болот туягы жанча чапчыйт, курч тиштери жан чыгара капшыра аткыйт. «Куландын тиши – курчтун мизи»! деген макал бекеринен айтылбаган. Үйрүнө тийгенде, куландын ызаланган айгырлары башка-көзгө сокконуна кайып, эчен эрди атырыла келип далыдан аткый ат үстүнөн ыргытып тепсеп кеткени бар, Эр-Киши өзү да бир жолу дал ошентип айыгышкан кулан айгырына аткытканы бар. Күчү ташыган Эр-Киши анда тайманбай, коркпой кулан айгырын дал маңдайга айбалта менен таамай согуп аман калган…

Айтор, кулан үйрөтүү, кулан асыроо эрдин эринин колунан келээр кесип. Куланды үйрөтүп, аны ат ордуна минген эр тек өзүнүн айбатын ошол куланды минип жүргөнү менен сездирет.

Кула жылкы кур жылкы!
Кур оттогон сур жылкы![1]

[1] *Кулан* – «Манаста» ушундай сүрөттөлөт. Элибизде да ал, жылкы аталат. Жапайы эшекти кулан дешпейт.

ган жеринде үч түн ыйлады. Ошондо, суу ээси Сулайман Үч-Суунун куйганынан, созулуп чыкты. Бою жаш карагайдай, ак-жүзү сүттөй. Күмүш сакалынын учу суу түбүндө укмуштанды... Өзү кебездей колу менен Алтын-Тамга бабанын жашын сүрттү: «Бар, бар, бечара киши. Үйүңө кайтың. Тилегиң ордунда» деп, өзү созулуп кайра сууга чөгөт. Алтын-Тамга баба үйгө келсе, Гүл-Эркин эне кош кабат. Андан төрөлгөн кенжесине – Агуул деген ат койду. Кийин ошо Агуул баба – Агуул дегендей алп, ашкан билги чыгыптыр. Агуул бабанын тушунда кыйырдан жоо кетпей, чабуул күчөйдү. Агуул баба баштаган калың кол жаздын күнү жааган кардай жоо тобуна мүшкүл түшүрдү. Суугa, көлгө жакын жерде Агуул баба жоого киргенде анын жап-жанында арстанга минген ак сакал кары айкырып жүрчү эди дейди. Чөлдө суу шары шаркырап, андан булут удургуп, шамал чыгып, мөндүр сабалап жоонун жанын чыгарчу эди дейди... Аэй, Эр-аке, эл-журттун шору экен. Агуул баба узак жашабады дер эди атам.– Бир жолку чоң чабышта табгачтын колу чилдей бытырады. Агуул бабанын айдыңы, оң-каруу, сол карууга, тыягы Улуу-Тоого, быягы чытырман токойго чейин тарады. Ал элин жоодон багып, билги ажо болуп турганында Жашыл-Көлгө ууга чыкты... Ошондо жээктен бабага кара каз – көрүндү. Баба аны атпай кармайм деди. Өңдү. Өзү көлгө кандай киргенин байкабады. Ошол бойдон кара каз Агуул бабаны көлгө тартып кетти. Ал жөн каз эмес, суу атасы Сулаймандын пири. Өзү берген уулду акыры кишиге кыйбай суу атасы өзүнө чакыртып алды... О, биздин журттун шору, ада дер эди атам. Агуул баба журт башкарып турганда биз өнөр өстүрүп, тамга көбөйтүп, окуу улайт эдик дешер билгилер... Агуул бабадан жалгыз бала калды. Анын аты – Тогуул. Тогуул бабанын тушунда биздин журт жоодон коога көрбөдү. Агуул бабанын айдыңы ашыркы журтка катуу угулган... Ошондон улам, отуз жылдай биздин журт муңайбай тынч





турган. Ошол туш Тогуул – бабанын тушу экен. Тогуулдан он уул болду. Онунун кенжеси – Азман баба! Эми Азман бабаны айтпаң! Ал ыйык, алп десе – алп, шер десе – шер. Билги десе – билги! Бул да Агуул бабасындай каарданса жер куйкалаар, жалгаса суугa от жагар болду. Бечара тукумдун шору: Азман баба, Агуул бабадай жаш кезинде өз ажалынан учуп кетти – шумкар болду. Азмандан үч уул калды. Экөө мал багар. Ортончусу – Алпжүрөк шер чыкты. Эми алпжүрөк чоң атамдын шердигин мен айтайын, уулдар. Силер жакшылап кулакка куюп койгула дер эди атам.– Алпжүрөк аяты жашынан: жылкы четинде болту. Он жашынан эрөөлгө аттанды. Он бешинде жеке сайышка чыкты. Жүрөгүндө кара жок[1] өлүмдү билбес адам пишери көк жал эчен жолу колдон болунуп жоонун курчоосунда жүрдү. Алпжүрөк эр өлдү деп жоокер тобу муңкүрөп ыйлап турганда, не жарылган башын таңып, не сынган бутун канжыгасына байланып, күркүрөп жетип келер экен.

Ата бир топко кебин айтпай үңкүйүп олтуруп калып анан күрсүнүп коючу:

– О, акыры алп жоодон да?! Табгачтар менен болгон чоң чабышта жеке өзү жоо колунун коюсун бургуп[2] жиреп чабышып жүрүп жоо колунаи каза тапты. Андагы биздин колдун тарткан кайгысын, чабылышын мен айтпайын, силер укпаң уулдар...– деп ата жер караганда көз жашы тып-тып тамаар эди...

Анан көптөн кийин гана күрсүнүп коючу:

Өз атам – бай чоң атамдай болбоду. Малдын, түйшүктүн кишиси болду. Ал өзүм болсом бөртөй-шөртөймүн... Каскактаган мергенчи болуп калдым. Жолборско алдырсам жакшы, бир күн арам каманга чалдырып саламбы деп чочуймун, дечү...

[1] *Жүрөгүндө кара жок* – коркпос, коркууну билбеген деген мааниде.
[2] *Бургуп* – уюлгутуп.





Аталган куланды жылкы ордуда күтүнгөн кишини-Камбар-Атаны өрүшүнө түнөткөн эрен киши. Ыйык дабагер өзү колдогон сыйкырдуу, күчтүү, касиеттүү ал, деген ишеним бар.

Азыр дал ошол ишеним жаш жоокерлер тургай Эр-Кишинин өзүн чочутту. Ал ылгый кулан минген жоокерлерге тизе бүгүп олтура кала жазды. Бирок олтурган жок. Олтурушка тийиш да эмес. Азыр ажого каяша айтып көк жээк кызыл асаба көтөргөн чаа элтебери Чагылдыр өзүн або атабай элтебер[1] атап өз ураанын чакырат. Ошентсе да, ал чындаганда кыргыз ажосуна баш иймек... Жаш-Тегинге, тигил уруу-уруудан кошулушкан уландарга эл таанытып келаткан Эр-Кишинин башкы максаты– өз-өз алдынча көрүнгөнү көрүнгөн жакка тизгин чойгон урууларды ынтымакка чакыруу. Өзүн элтебер санаган Чагылдыр сыяктуу алп кол башчыларды кепке муюштуруу _ «Бычак канча курч болсо да өз сабын жонбойду, шер. Асабаң ала болсо, күчүң чала. Чала күчтү, күчтүү жоо мойсоп коёду» деп айтар кеби белен Эр-Киши өң, куланчан жоокерлерге сыр бербеди. Айбат көрсөттү.

– Тек?! Тизгин жыйың, ээнбаштар! Биз силерге бөтөн эмеспиз! – деди.

Тигилер да Эр-Кишинин айбатын, кейпин, сүрүн сезишти. Тек атырылып-опурулгандары менен ичтеринде алар Эр-Кишиден сестейе, сактана, иймене калышты.

– Кул издеп жүрөбүз! – деди тигилердин башчысы. – Эки аймак айыгышып калды. Калың кол чабышып тур. Аздын Байыркуусу чаанын айылына тиш кайраганына айдан ашты. Жакшы аттарды уурдап, ирегедеги кул-кутандар сыртка чыкса, аларды бузуп-жарып... айтор, биз менен чабыш самап калды. Байыркуу?! Силерди матайбыз. Кеткен кулдарыбыздын ордуна кулданабыз! Кол кайырбаңдар. Кайырганың мууздаласың?

[1] *Элтебер* – эл башчысы деген мааниде.





Чынында чабыш көксөгөн жак аз журту эмес, чаа Күлүк эр атын уурдады. Кулубузду алып кетти деген шылтоо таап, элтебер Чагылдыр азды чапмак. Чабыш отун тутандырыш үчүн анын кулан минген эр жоокерлери жер кезип жүрүшөт. Эр-Киши бул сырды баамдап сезди! Чагылдыр элтебер менен кездешүүнү самады:

– Билгиңе апар, бизди! – деди Эр-Киши жай.– Биздин кул болор-болбосубузду журттун билгиси айтур...Эрөөлдө жоокердин иши колго түшкөн жоону матайды. Биз маталгыдай жоо эмеспиз?

– Анан кимсиңер? – Кызыл бет чекир жоокер, ээрде обдула.– Айткан азгырык кепке ишенип башыбызды алдырчу биз эмеспиз! Боорукер жоокерди биздин кайраттуу элтебер – кол башчыбыз улакча мууздайды. Ону билиң? Сырт-бычынын жөн эмес – көптү көрүп, көптү билген жансың?..

Туш-туштан ар кими демитти:

– Ким болсо, а болсун. Матаңдар. Аттарына мингенде кол кайрып чабышар...

– Өлөрүн самаса чабыша берсин?!

– Колго түшкөн соң, бай, бек, шат – кул?!

...Алар Эр-Кишилерди айдап алышты.

Чагылдырдын ирегесинде жүргөн кулу качат. Ал качкандан бир аз мурдараак анын чабышка минер аты жоголот. Бул кырсыкты Чагылдыр аймакташ аздан көрөт. «А дегенде эр атын уурдап алып, анан кулумду азгырып качырып... аз мени каакы көрөт?! Анын журту аз болсо, мен азды чайнап салчу азуумун. Аз кимче?! Бериси түргөшкө, арысы табгачтын сан колуна такаат берер чаркым бар. Элим аз. Аз болгон менен туз. Чоң жоого бүркүп коёр уум бар?!

Ат жалын тарткан уул каскак кармап аттаның! «Чабышам»!

Уруунун билгиси Чагылдыр мындай деп жар айттырганда минер эр аты, чабар эр жарагы дайым белен эр-

– Уай, Элчур? Сен чаага жааган кар алып келдиңби? Жайнаган жаз алып келдиңби? Аз менен айыгышып ансыз тынчым кетип жатканда, атам кыргыздын ажосу каардаса неттик, теңири?

Апсагай чал үнүнүн баарынча айкырды. Анын дарылдак үнү тыяк-быяктагы айылга шашпай угулду бейм? Аттуу-жөөлүү кишилер жерден өнгөндөй көбөйүп кетти, бат эле. Алардын жөө тургандары аттана калышып, атчандары такымга чокмор баш кысып, шамдагайланып «О», десе, «У» деп чү коючудай элирип, элтең урууда.

– «Олор ким, теңири»?!

– «Матап не келбеди?!»

– «Ким болсо о болсун. Көгөндөйбүз?!

Кектүү ызырынып обочодон эле Эр-Кишиге сезилди. Эл аралап, журт кезип ар башка уруунун, жоокердин салтын жедеп туюнуп калган Эр-Киши тигил айыл арасында дирилдеп жүргөн кишилердин ой-санаасын обочодон туюнду.

Эр-Киши азыр мынабу жоокер тукум чаанын кайратына ыраазы. Баса, дал ушул чаа өз колунун аздыгына карабай жер жайнаткаи көп колго каршы чабышканы далайга угулган. Далайды ыраазы кылган. Тек калыс журт тургай, чаага чаптырып, чаадан жеңилип калган эр колбашчы:

– Ба... Дарыядай чалкып келип, булакка сорулдум. О, теңир?! Ташыган күчүмдү ким алды? Аскага кылыч сынур. Чаа кишиси эр, аты болдурбас тулпар тура. Олор айкырып тике качырып чабышканда ар бири алп болур.

Олордун күчүнө ыраазымын...

Башка элдин баатыры ушундай деп баалаган чааны Адылтай ажо жайына койгон. Тек: «Кырк уруунун бири» деп жонунан эсепке кошкону менен чаа Адылтай ажонун бийлигинде эмес. Чындап айыгышып, Адылтай ажо чааны баш ийдирбеди. Тек: «Бөлүнгөндү бөрү жейт», деп Чагылдырды ынтымакка чакырат. Ага жети атасынан бери кол башчы өткөн Чагылдыр муюшпайт. «Бөрү төрт аяктууну жейди.





– Кыйрыбызда жоо тур, Эр-Киши. Сыктаган көп. Айлыбыздын үстүндө жаан турганы шол. Жоо биздин уулдарды кулдап, кыздарды күңдөп жатыр. Биз олордун колго түшкөн уулдарын көгөндөп мууздадык... Айлыбыздын арасында кан булагы акканы шол, Эр-Киши.

– Жооң ким? – деди Эр-Киши.

– Жоом – аз...

– Аз өз эмеспи?

– О, аз бизге өз эмес...

– Ондой болсо силерге ким өз?! Күн чыгар жакта табгач, куруй, жапан, күн баткан жакта урум, пурум, абар, билген; күн жүргөн жакта түпүт, парсы, ынды билген Адылтай өз ажоң. Ону терс карады дедиң. Кырк уруунун бири азды жоом дедиң. Бир өзөктөн куйгөн өрт, өздөн чыккан жат ким?! Ортосу он ок журту жок, карлук жок, эштек, уйгур жок, алакчын, тат, татабы, жок кыйрында. Ол будун бизге жат беди? Же эр бабам ураанын олор чакырбай койдубу? Ала койду бөлө кырккан жүнгө жарыбаган. Эки атаны төрткө бөлгөн кол башы жоодо өлгөн.

Өлгөндө да, ол аттан айрылып арам өлгөн...

Чагылдыр бир кеп айтчудай ээрден обдулду. Алдыга ыкыс берип кескин айтты:

– Чаа тукуму чогоол болбосо, түндүгү отко түшөр...

– Чогоолдукту өзгө иштебең, Чагылдыр шер?! – деди Эр-Киши. – Көрдүм?! Жоо деп силер мууздаган жоокерлер – өз. Онун жазыксыз жаны шумкар болуп көктө чырылдап, жазыксыз каны боору күрөң жерге сиңбей булак болуп агып жатыр. «Өз элек. Өз элек. Өзөктөн бөтөн чыкты. Жазыксыз жанымды чыркыратты» деп эки үй арасы кан булагы сыктап агат. Боо не десек болот, Чагылдыр шер? Андан бери өттүм. Онодо чоң ак үйдүн алдында көгөндөлгөн кишилер мал болуп бөгүп жатыр. Карысы бар, жашы бар. Бөтөн эмес өз. Билги эр бабабыз, кечээ, тели кушту таптады. Кыраан этти. Тентигенди кураштырды. Журт этти. Бүгүн биз төрткө бөлүнүп ошол баба курап берген журтту





бир баш, бир кол кылып уюткулуу болсок деген ажомо ачуу каяша айттык.

Бул кепти мени айтты деп эшитиң, чаа тукуму? Кыргыз атанын Эр-Кишиси айтты дең. Ачык жооп бериң?

Биз өздү жоо дебесек, билегибиз каруулуу болур. Өздү жоо санап кырк бөлүнсөк каруубуз корс сынар!

Өз колубузду өзүбүз кайрып сындырыш, өз каныбызды өзүбүз төгүп жаткан жокпузбу?

Жооп бериң!?

Эр-Кишинин ачуусунан жазганып атчан турган чаа билгилери аттарынан түшмөк болушту эле Эр-Киши аларга тек буйруп койду:

– Кыйырда жоо бар деп аттаныпсың. Жортуулга тизгин бурганда аттан кайра түшпөйдү. Эр бабанын ол жөрөлгөсүн бузбаң. Жоопту ат үстүнөн күтөмүн?

Чагылдыр бир аз жоош, ардуу, басынып акырын айтты:

– Аз өз болсо болгондур. Олор биздин кыйырга кол салып тынчытпады...

– Кыйырга ким кол салса, ол жоо.

– Ие! – деди Чагылдыр чыйралып.– Кыйрыма аз келди. Аз ордуна табгач келсе, тат келсе, алакчы келсе, он ок келсе, төлөс келсе... мейли ким келсе а келсин, баары жоо! Мен кыйырма келген жоого тизе бүкпөймүн. Алым жеткенин белинен бүктөймүн!

– Ие! – деди Эр-Киши.– Келген жоонун белин бүктөң! Жоо аяган жаралуу. Ошентсе да тондон тондун айырмасы терисинде. Жоодон жоонун айырмасы эңишинде! Кан көксөп, ата конушту тепсетип элди тыйпыл чаап, баарыңды олжололойму деп келген жоо менен тек, ачууга алданып намыс талашып, айыл четин басып койгон жоонун айырмасы чоң, Чагылдыр шер?!

– Э... Эр-аке... жоону салмактаар тараза жок менде...

– Кындан кылыч суурбаң. Агар кызылды билиң.

– Чогоол жанга акыл күч кошпойду...

Эр-Киши ачууланды:





– Уа?! – деди Чагылдыр. Анын үнү өкүм чыкты– Азда кегим бар десем... Байыркуу, сен доо салдың? Менин эр башына тете эр атымды сен уурдатып кеттиң. Ирегемдеки кулду сен азгырдың. Ичимден иритип, өзүмдү өзүмө каптырдың?!

– Онуң аяксыз доо, Чагылдыр шер. Эр атын аз албады.Кул качса, аны аз көрбөдү. Биздин көп кишибиз бейкүнөө өлдү...

– Чаадан аз өлгөн жок, Байыркуу эр. Сен да, чаанын уулун кулдандың, кызын күңдөндүң... Чабышам!

– Чабышсаң, чабышам. Ана, кол жаакта белен!

Байыркуу да ат ойнотту. Чагылдыр да ат ойнотту.

Эки жол башчы бирине-бири кылыч кезеше жасташты.

Эч-эчтемке болбогонсуп Чоң күрөң үргүлөп, Эр – Киши тек турат. Бирок тек турган кезинде үргүлөгөн арстанча көзүн ачып-жуумп, Жаш-Тегинге тымызын белги берди:

«Арaага түш. Көк болоту кындан чыкпасын! Кызыл акпасын. Ачуу чыксын»! – дегендей белги.

Жаш-Тегин ыкыс берди. Эти чымырап элирип турган Акбоз бийлеп кетти, Элирген ат ойноктоп тизгин чоюп башты чулгутту. Кекенишкен Чагылдыр менен Байыркуунун ортосуна түшө калды. Алкынган эки уруунун алптарын Жаш-Тегин арачалады:

– Ачуу чыгарыңдар, Эр-акелер! Араңарда кыйрагыс зоо болуп мен турмун! Эр-Кулчурдун Жаш-Тегини тур! Бабанын көк кылычын аттаганыңды зоо басат!

Чагылдыр менен Байыркуу кезеше карап токтой калышты. Ызырынган, кекенген караш. Тек койсо, эки алп айыгышкан буурадан чайнашканы турушат. Бирок...

«Бабанын көк кылычын аттаганыңды зоо басат»! – деген кеп тек айтылбады. Чынында эле азыр ынтымакка келбегени тыйпыл чабылары анык. «Тикенди түбүнөн үз» деп макал айткан баба, ыкка, эпке көнбөй будун ынтымагын бузган өздү да чаап – тизе бүктүрүү ээзелки жырым.

Эки аяктуу алп жеке» дейт. Ажону да, абону да, бекти да, алпты да тоготпойт, чаанын Чагылдыры. Өзүм канмын – өзүм элтебермин деп бабанын ураанын чакырат. О, бул анын эр Түрк бабанын тирүү арбагына сыйынып, анын жолун жолдогону да эмес, тек көшөргөн эрдиги. Чабыш көксөгөн жоокердиги. Чындап көшөрсө, ошол бабанын асабасын көтөргөн каганга да каяша айтат. Төш тирешет. Чабышат. Ал эмес, жолуна турса, өз жатындашына кылыч суурат.

«Агач чулусу – уюл. Эл чулусу – чаа» деген макалы бар Чагылдырдын.

Азыр айылды четтен аралай бергенде эле чаа тукумунун жоокердик салты-каары байкалды. Кан болгон дөңгөч жанында башы чорт кесилген киши өлүгү жатат.

Жоокерлердин бири күбүрөдү:

– Ол – өз…

Башкалары үндөбөй бастырышты.

– Өз, не ууру. Не ичтен сыртка кеп ташыган бүлдүргүч. Ону карабаңдар?! – деп Элчур буйрук салды.

«Бул каар – деди Эр-Киши.– Чабыш көксөгөн чакта кол башчы да, журт башчы да таш болур. Чагылдыр ушул тажаал жырымды улаган экен. Мунун түбү жакшылыкка алпарбас… Канды кан жууйт»…

Тигине обочодо он бештей киши көгөндөлүү.

Алар кадимки кошоктогу койдой аркы-терки баш тийгизип колдорун бооруна жаздашып, бүк түшкөн калыбында. Кантсе да көгөндөгү койдойсуң. Козголбойсуң деп-кезеп салган го? Алардын эч бири кишиге окшободу. Тек малды туурап малча бүк түшүп аргасыз, алсыз. Жадаса атчан бастырып жанынан өтүп бараткан кишилерге кароодон коркушабы? Не биротоло денелери өлүк нес болуп калышканбы? Айтор, ичинде сакалы ак карыя деле, жээрде сакал жашы, алдуусу деле нес, аргасыз – кул.

Кулан минген жоокерлер аларга кектүүдөй.

– Олор – жоо, – деди бири.

– Көк кессин, – деди экинчиси.





– Асманда күн ачык. Айыл үстү жаан, Чагылдыр шер. Мөңгү башы ак кар, көк муз. Өзөн-өзөндө көк кашка суу тунук. Айыл арасы булак, булак кан агат. Бу неликтен, Чагылдыр эрен?

Ачуу каткак үн менен Чагылдыр корс-корс айтты:

– Көк ташка кылыч жаныган эрен калбады! Жанымда Эр-Киши жок?! Ажом ары карады…

– Тек! Ары карады дебең! Ажом алтын тагында!

– Ие! Ажоң алтын тагында саа карады Чогултур?! – Чагылдыр «Чогултур» деп Эр-Кишинин ата койгон өз атын атады. Журт берген ыйык атын атабай коюш «Сен деле мендейсиң. Сен Чогултур болсоң, мен Чагылтырмын. Сенин эрдигиң менин эрдигимден ашык эмес. Мен сенден кем эмесмин» деген каяша болучу.

Чагылдыр аны атайы айтты. Анткенде, ал ошентип Эр-Кишинин айдыңын, даңкын, аброюн өзүнө теңеп сүйлөгөнү. Өз аброюн, өз даңкын, өз айдыңын көтөрөм дегени болучу. Чынында Чагылдыр алп, баатыр колбашчы, акылман да. Бирок, анын акылмандуулугун анын эр көкүрөктүүлүгү, даңкты самаган мансапкордугу, байлыкты көксөгөн ач көздүгү жеңет. Чагылдырдын дал ушул терс сапаттары Чогулдурдан аны кем түшүрдү. Калайык анын тайманбас алптыгын баалайт. Бирок, анын ачкөздүгүн, даңкка көксөгөн мансапкордугун жектейт. Калайыкка тегиз жакпаган, ага кандайдыр бир терс сапатын ачкан алпты кут ээрчибейт. Кут ээрчибеген киши – Эр-Киши наамын да ала албайт.

Азыр Чагылдыр элтебердин Эр-Кишиге атаандашып, аны эл берген наамынан атайы атабай, ата койгон атынан атап чакырышы – башкадан мурда жан-жанында турушкан өз канат-бутагына жакпады.

Боз айгырга минген чечени тартынбай айтты:

– Элтеберим. Эр-Кишиге атаандашпаң! Бизди тирүү арбак каардар!

Анан чаа чечени боз айгырдын жалына чекеси тийгиче таазим этти:





– Тил эшитиң? Күч көтөргөн кылыч ташка согот.

Акылсыз кол башчы өзү жат көрөдү. Аз – өз. Мен да – өз. Сен да маа – өз… Те чыгышта эзелки кан өчтүү табгач баягыдай кыйырыбызга чабуул койгону тур дагы… Биз ушинтип кырк түйүн жиптей үзүлөбүзбү дагы. Же үзүлгөндү улайбызбы? Өз жүз башым, өзүмдү жоолап матаймын деп жатканда, тыякта, табгачтын ычкыры бош айымы этегин көтөрүп күлүп жатыр… Эр намысы – эл намысы. Мен намыс төкпөймүн. Же күчкө салышалыкпы?

Тигил боз атчан чечен айкырык салды:

– У-ай?! Эселек Элчур! Сен түпкү бабанын Эр-Кишисин таанызбай кайда жүрөсүң?!

Жүз башы Элчур аттан ыргып түштү. Жерди өөп, жалбарып жиберди:

– Эр-аке… айыбым башымдан зор. Аягыңа баш койдум. Чаап салың башымды? Эсирген акмак кулду өлтүрүң, Эр-аке? Өлгүрүң…

– Тек! – деди ачуусу тарай түшкөн Эр-Киши жүз башы Элчурга.– Өйдө болуң! Сен жоокердик ишти өтөдүң. Жоокер ишин так өтөгөн жоокердин башы алынбайт. Өйдө болуң. Этегиңе чөп жукпасын. Кагып салып, атыңа миниң!

Сестее-сестее калышкан чаа журтунун колбашчы билгилери туш-туштан жалбарышты:

– Билбеген уу уурдар, Эр-аке? Баарыбыз айыптуубуз. Баарыбыз тизе бүгүп, баш иебиз? Өз-жатты, жакшы-жаманды айра бил, – деп уулга угузбапмыз…

«Уа, чаа лөктөрү көк асаба ураанын тутпай кеткенин эстедиби? Эстесе, ол оң, Өздөрү туюп, өздөрү моюндаганы оң. Айтып моюндатуу табылгы шишти көзгө саюу»… – деди Эр-Киши ичинен. Анан жай жалпыга угуза айтты. Бирок анын кеби ушул турган эки жүздөйүнө буйрук катары угулду:

– Камданып калган кол аттан түшпөсүн. Кыйырга жөнөсүн! Ано маталгаи кишилер агытылсын! Олор да кыйырга барсын! Чабышсаң чабышарсың, Чагылдыр шер. Чабышпасаң элдешерсиң, аз менен!





сууну онтотуп канга жууган ким эди? Кана, эки тараптын билгилери ак айтың, ачык жооп бериң? Э-э, ун-дебейсиңер! Ыйык жер-сууну четтен келген жоо канга жууйт. Өзөгү бирге аз менен чаа экөөң бириңди-бириң жоолаганда, тээ сырттан келген табгач жоо колу экөөңдү бирге жоруптап салур.

Кой эки агайын, басылың! Чабышпаң! Арбак кейибесин! Ыйык Жер канга жуулбасын! Кан көксөгөн эрдин ачуусун басар кан жокпу? Ак кочкор мууздап, канына кол матырышып элдешкиле, эрендер. Бириңдин карындашың болсо, бириңдин иниңе кыйың! Бириңдин кызың болсо, бириңдин уулуңа бериң! Өтмө катар куда-сөөк болушуп ынтымак-ырашкер сактаң!

Ие, жоолашкан эки жак. Бу ынтымакты мени айтты ден эшитиң! Атам кыргыздын Эр-Күлчүрүнүн Жаш-Тегини, анын марымчысы Эр-Киши айтты деп эшитиң. Аз менен чаанын билгилери, эр колбашчылары!

Чабышта эл муңаяр, калайык сыздайды. Кара башыл боору ачык киши силерде аруу. Ошолор муңайбасын, сыздабасын? Элдешиң!

Күн чаңкая тийип турду. Аттардын жибек көкүлүн сеңселткен желаргы бар. Эки тараптын жаакташкан колу чийдей каланып – экөө эки жакта тек обочодон тиктешкен арстандардай эки кол бирин-бири обочодон зекип, бирине-бири атырылышка, секиришке белен. Чопкут-тон, соот-тон күнгө чагылышат. Найзалар сороёт. Калкандар тирешет. Туулгалар жалтырайт.

Чоң топто асаба делбирейт.

Суналган албуут жээрдеде локуя олтурган Байыркуу тек жоош туруп доо айтты. Анын ошол жоош айткандагы үнү бекем сүр менен угулду:

– Чаага мен тийбедим. Ал өзү сөйкөндү. Элдеш дедиң элдешейин, Эр-аке. Чаа менин өрүштө мал жайган малчымды, түздө эгин баккан эгинчимди матап кетти. Көп кордоду. Алардын кул тонун кийгени кордук. Көбү муздалды. Канга – кан деп аттанды, кол…

эки уруу – аз менен чаа силердин чабышыңардын үстүнөн чыктык! – Жаш-Тегин тигил орто-арада калган топ жакка жаңсап койду. – Тигил ортодо калыс болуп Эр-акем тур! Чакырыкка мен келдим! О, аз агайын, О, Байыркуу! Чабышты коюң, сөзгө келиң! Тигинде калыс күтөт!

Жал куйругу сыйда аргымак тору ат минген шыңгактай Байыркуу корс унчукту:

– Тааныдым! Жаш-Тегин экенсиң! Саа каяша айтар аргам жок! Эр-Киши калыска түшсө, ачуумду тоскон тура, журт? Баба салтын аттай албаспыз. Калыс алдына барып көрөлү, билгилер? Айтканын эшители?

Калыс калыстыктан тайыса, чабышканым чабышкан! Кол сак турсун!

Байыркуу шарт бастырганда булардан да элүүдөй колдон бөлүндү. Акбоз ээлигип тизгин чоюп, баш чайкап топтон озо чыгып, Жаш-Тегин алда. Желгени таскактан калышпас тору аргымак шымаланып Акбозду жандай салып, шуулдап-уулдап булар бат эле жетип келишти.

Берки топтон Эр-Киши жалгыз тигилерди утурлады эле, Чагылдыр аны узатып кошо бастырды. Орто ара эки аркан боюндай калганда Байыркуу тобу токтой калды. Жааксташкан эки топтун дал ортосуна аты да жоош, өзү да жоош турган Эр-Киши кебин жалпыга угуза салмактап айтты:

– Арба, аздын билгиси Байыркуу! Мен келгенде орум көбөйсүн, дыйкан-баба кызыл толтурсун деп кырманга чеч сайып келсем болор эди. Не кен толсун, курчуң көп болсун деп көөрүк бассам болор эди. Не тойго той улансын, ирегеден май аксын деп береке-кешикке бата берер болсом не?! – Эр-Киши үнүн жанагыдан да бийик чыгарып зоңк-зоңк айтты: – Бириң, тээ Кадыркан тоосунун артынан келген маңгулдан бетер, бириң, бул боз адыр чөлдү басып кыжылдап келген табгачтан бетер, өзөгү бир-эки агайым айыгышып турганыңда үстүңдөн чыктым!

Мени бу ак сапарга Көктөгү теңир, бабалардын арбагы бар дептир, көрсө... Байыртан баба жердеген күрөң жер-





Бул жолу Элчур үндөбөдү. Тек эки жагынан карышкыр караштЫ салып кылчактай бастырды.

Эчкирген уландын үнү чыкты:

– Уай, алп аке-е!..

Тике алды жакка карап бастырган Эр-Киши үн чыккан жакка жалт карады. Көгөндөлгөн кишилердин эң аяк жагында корккондунан купкуу болгон улан ыйлап жиберди:

– Биз жазыксыз Эр-аке?

Эр-Киши тизгин жыйбады. Эл эчтемке укпагансыды. Көгөндөгү бечараларды көрбөгөнсүдү. Түз бастырып баратып угуза айтты:

– Эр уул жоого жашын көрсөтпөс, акмак!

Эр-Кишинин үнү баласын жемелегендей болуп угулду.

Чаа журтунун колбашчы-билгиси Чагылдыр элтебердин айылы төр жакта: keминде жүз элүүдөй болуп бадырайып канатташ конгон боз үйлөр. Ошол калың айылдын чок ортосунда башкалардан окчун дал ортодо заңкайган чоң ак үй. Ошол ак үйдүн алдында карааны эки жүзгө таянган өңчөй туулгачандар үй муйүз тартып атчан турушат. Ортодо уруунун көк жээк кызыл асабасы желбирейт. Туш тараптагы айыл-апаларды аралаган аттуулар, үйдөн чыккан кемпир-чалдар дебей чөйрөдөгү чоң-кичиктин көзү ошол төрдөгү айылда. Кишилердин кулагы тигил эрөөлдөгү колдо болчу. Азыр ошол колдон бир жүз башы чоочун кишилерди айыл аралата тигил  төрдөгү асаба турган топко карай баштап келатты. Кишилердин көздөрү эми келаткандарда:

– Олар кимдер?

– Э жоо да...

– Бөтөн көрүнөт.

– Ким болсо а болсун, колго түштү– кул.

– Колго түшкөндөй эмес... Тирик.

– Э тирик өлөт да. Чагылдыр алп буйруп койсунчу.

Көгөндөлөт. Ондойлор азбы...

Чоң-кичик аба жарып карай беришти. Жебе жетердей калганда жүз башы Эр-Кишиге буйрду:





– Арбаң, жалпың. Эр чаа ураанын ыйык туткан калайык!

Тигилер колдорун бооруна алып чуркурап жиберишти:

– Арбаң, атам кыргыздын Эр-уулу!

– Бар болуң!

– Бар болуң!

Эр-Киши жол бою айыл арасы эч-эчтемкени байкабаган киши болуп, тек сапардан келаткан жолоочу сыңары өзүн обочо, сый тутту. Бул анын тек сырт кешпири, сырт көрүнүшү. Ал эми оюндагы максаты – дал ушул катаал учурда келтирип, тигил баш ийбес лөктөрдү, алп Чагылдырды муюштуруу. Ишендирүү. Көк асаба астына баш коштуруу максатын көздөдү.

Баса, баягыда, акылман билги Адылтай ажо: бычак канча курч болсо да өз сабын жонбойт, Эр-уул. Сен ано уйсунга түнөң. Ано аз менен чаага жетиң. Карлук менен найман, изгил, курыкандан кайт. Жер-сууну уланга таанытың. Битик чийген марымчыларды көрсүн. Улуу сөз айткан уламышты эшитсин. Арстан чапкан алпты көрсүн. Сөз элеген чеченди эшитсин. Караңгыда, жарыкты, жаманды билсин. Оор менен жеңилди ажыратсын!

О, Эр-уул, аттаның. Жаныңдагы уланга үстү ачык Көк, буурул Жер ортосундагы салмакты сездириң. Тараза өлчөр салмакты сезсин ол. Антип көзү каныкпаса, атанын ордосуна ээ боло албайды, тукум! – деп ажо аманат таккан.

Ажонун ал аманатын Эр-Киши боо дейре так аткарды, Жаш-Тегинге тек жер-суу көрсөтүп, тек эл таанытпастан, ага арка-бел болучу уландар жанында. Ар бир урууу өз-өз уулун Жаш-Тегинге кошту. Жөн кошподу. Эш тутушсун. Арка болушсун деп кошту. Бул:

– Биз, тирүүдө бир дөбөдөбүз. Өлгөндө бир көрдөбүз! Уулга уул тизгиндеш болсо, казандагы аш-тамак бир кайнайт, деген эң эскиден келаткан жырым эрежеси!

Эмесе, ошол бир казандагы калайыкка тең насип – аш-тамакты бөлүп-жарган чаа билгилерине Эр-Киши тике айтты:





Бөлүнсөң бөрү жейди. Бөлүнгөн кыргыз журтун бөлөк журт тепсейлик дейди.

Эр-Киши ушуну айтты, Чаа журтунун ушул турушкан билги-колбашчылары сөзгө сынды. Аз менен болоор чабышты эстен чыгара салышып, Эр-Кишиге, анын кашындагы башына куш конгон Жаш-Тегиндин алдында мүңкүрөй түштү баары...

...Аздын билги колбашчысы Байыркуу шайма-шай аттанган беш миңдей колун баштап чоң өзөндүн чаа жаккы кашатына кечип чыкты. Колдун алды Өтөкен черин карай казганактап, он-он бештен самсып калганы болбосо казкатар келатат. Чаанын айдыңы катуу. Чабышпай тынар эмес! – деген кабар келип, аздын колу да эл четине жыйылган. Эми аз кошууну удургуп, чыйралып, өз кыйрында чааны тосту...

Чаанын колу балким, тигилерден аздык кылаар? Аз болгону менен булар – жоо бөрүсү. Ылгый кулан сур ат, мингени. Баарынын саадак кабы илбирс, жолборстун терилери менен капталган. Баарынын тең башында буура киндик туулга. Темир туулгага жетпегендери кум ширетип кош кабат басылган көк кийизден туулгача кийишкен. Аты кийиз дебесе, кум ширелген неме салмактуу, бекем – жебе тешпейт, чокмор өтпөйт, ага. Ошондой эле кум ширелген кош кабаттан чолок жең, чолок этек чокут тон, кийишкен. Анын сыртынан жеңил, бышык тыкан кементай кийишип, этектерин кайрып курупа кошо, курчануу салты бар. Бул салт жоокерлерди жеңил, шайдоот, ыкчам кылып көрсөтөт. Каршы тараптын жоокери көп учурда чаа колунун ушул сүрүнөн жалтанып, анын тайманбастыгына такаат бералбай калчу.

Саны аз болсо да, айдыңы катуу ошол колду баштоого Чагылдыр жаңы аттанып жаткан кезинде Эр-Киши келди. Жоокердик ырым жөрөлгөсүн ыйык сактаган Эр-Киши колбашчыларын токтотпой өзү алардын ичинде, айылдан узап кыйырга чыгышты. Ат, жалына кол ти-

– Аттан түшүң! Элтеберим тур. Билгим алдына тизе бүгүп, баш ийиң!

– Биз тек баралы, жүз башы, – деди Эр-Киши.

Эр-Кишинин өтө ишеничтүү, кайраттуу айтканына жүз башы Элчур эрксизден жалтанды. Ал кайпастай түштү да, жалынычтуу өтүндү:

– Жашың улуу экен, аке... Чагылдыр элтеберимдин салты катуу. Мени аяң?

– Коркпоң, жүз башы! Жолум улуу!

Жолум улуу дегенди укканда Элчур эмине дээрин билбей калтаарый түштү. Ыйлап жиберүүчүдөй болгон аяннычтуу үн менен жалынып айтты:

– О, аке? Чын Эр-Киши экенсиз. Эми мен өлбөдүмбү?

– Коркпоң! – деди Эр-Киши Элчур жүз башыга. – Сен өлбөйсүң. Эрөөл милдетин так аткарган жоокер өлбөйт, ол макталады. Маа ишенбегениң эрдик!

Сыйда жал сур атка минип, айбалтанын сабын санына таяна дагдайып, туулгачан бакыйган Чагылдыр жанатадан кыжырланып турган.

«Олор качан аттан түшөдү. Качан тизе бүгөдү?!» Азыр жакын келгенде Эр-Кишиге бушүркөй карады:

«О, теңир? Көзүмө ким көрүндү. Эр-Киши чын келдиби, төгүн келдиби? Онун арбагы эмеспи»?

Чагылдырдын зор денеси алдындагы сур атты кичиртип басып койгондой..» Чымырынан келген сур ат жаныбар, кантсе да, кулан тукумунан чалышкан беймˀ? Тумшугу домпок тартып, кулагын чунайта ачууланып турат. Үстүндөгү зор салмакка «быш» этпөөчүдөй. «Чу»! десе болду, жер менен жер жата калычудай. Жотолуу Чагылдырды томуктай көрбөй алып уччудай...

Ак жүздүү, кыр мурун, койгулт көзү терeңге теше караган Чагылдыр жан-жагындагыларга сыр бербеди:

«О, Теңир? Береги жүз башы Эр-Күлчурдун үзөңгүлөшү Эр-Кишини баштап келатыр да. Тигил, кырчын жигит башына куш конгон Жаш-Тегин тура... Аз курусун?! Түпкү бабанын каарына калбадыкпы»?!





Бирок аз колу асаба булгаганда чаа тарап аларга булгап жооп кайырбады. Эр-Кишини ээрчип колдон элүүдөй бөлүнүп чыгышты. Алар улам узаган сайын аздыктар асабасын булгалашты. Бул: «Биз эч кеп-сөзгө келбейбиз. Чабышабыз! Чабышабыз»! дегендери.

Жол ортосуна жеткенде Эр-Кишилер токтоду. Ошол замат Жаш-Тегин менен эки жоокер топтон бөлүнүп аздарга чаап кетишти.

– Өзөгү бир эки журттун чабышынын үстүнөн чыгып калдык. Көз жумду кылып кайдыгер бастырып кетишке салт койбойду. Бабалар каргайды, мени! Биз арага калыска түшүп, айыгышкан эки колду жөнгө салбасак, тыйбасак, тындырбасак, бизден бак качаар! Тегинжан, сен элчиликке бар! Атам кыргыздын кечээ, көзү өткөн Эр-Күлчурунун башына куш конгон Жаш-Тегини келди, алдыңа, агайын, де. Аздын эр колбашчысы Байыркууну элчиликке чакыр!– деп, Эр-Киши Тегинге сөз үйрөткөн.

Акбоз ат алчактап, ары жаш, ары сымбаттуу, Жаш Тегинди эки жоокер жандап булар кол алдына бастырып келгенде кийген кийими, минген аты, атка олтуруш салты чаа кишисинен бөтөн көрүнгөн Жаш-Тегин Байыркуу тобун таңдандырды. Баятан баарын байкап, баарын баамдап турушкан аздын билгилери бул келген элчинин жөн-жайы башка экенин айттырбай туюнду. Эр-Кишиден таалим алган жоокерлик, элчилик эрежесин далай уккан Жаш-Тегин жаштыгын байкатпады. Шашпай, коркпой, айдыңдуу келди да бек-бек айтты:

– Оо! Өзөктөш өзүм – аз журту! Аз билги-колбашчылары, арбаңдар!

Тигилер үнсүз жарданып турушат. «Эй, жол бууган сен кимсиң. Ким болсоң а болуң. Жол бөгөбөй тизгин жый?!» дегендей кектүү, ачуулуу алар.

Тегин баш ийген жок. Камчысын санына таяна калып сөзүн улады.

– Атам кыргыздын кечээ көзү өткөн Эр-Күлчурунун Тегинимин! Эр-акем болуп журт таанып келаттык. Өзөктөш





йип, тизгин алып калган соң, аттан кайра түшүү, айылга күймөлүү жоокер жолуна кырсык болот деген ишеним, мындай учурда баарынан ыйык.

Аттанган кол белгилүү эрөөл чегине жетип токтошу шарт.

Чаа колу казканат тартып Өтөкен черинин түштүк жакkы жээгине салып зампылдай келатышат. Алды жакта – оң жак, сол жакта элүүдөн жоокер сакчы. Алар кээде текирең-таскактан жазбайт. Ортодогу калың колдун алдында. Аларга удаа чаа аскеринин өз кол башчылары – Чагылдыр, Бертебестер.

Кол токойдон бөлүндү. Орто ара кайкалап кең түз тарткан адырдын түштүк жакkы жоноюлуна агылып, түрүле келип чаа колу токтоду. Ой түзүнөн наркы каршы жоноюлда аз колу бая эле калдайып түнөрүп туруптур.

Беркилер көрүнгөндө аздын колунан алды жакка ат ойнотуп чапкандар болушту. Бул айдың-айбат көрсөткөн жоокерлик салт. «Эмине кечиктиң, чабыштан корктуңарбы?! Жакында! Чабышка чык»! деген ал майдан жышаанасы, беркилерге билдирген чакырык.

Аз көк жээк жашыл асабасын булгалады! Ал: «Биз чабышка камбыз! Ат коюшабыз»! деген белги.

«Чабышка! Чабышка чакырабыз!»– дешсе, чаа тарабы да өз асабасын ошентип булгашмак. Анан эки тарап бирине-бири каршы ташыган селдей сурулуп жакындамак... Асаба кармаган эр чепте, ордунда турмак. Аны курчаган өңкөй бир чабар эрендер алкак болуп асабаны сактамак. Жоокерлер кызыл канга жошулган карсылдаган чабыш ортоңку түздө бықып, кошулуп, сүрдүгүп, удургуп, тирешет. Жоокерлер майкандашат, былчылдашат... Ээси өлгөн аттар чылбыр сүйрөй четке мойноп, өлгөн эрендер жер кабыша жатат. Жарадар болуп кансыраган жоокерлер ээрде теңселип, ат жалына ооп... Айыгышкандары жоңго асабага карай самсып... Айкырык-кыйкырык: «Аз! Аз!», «Чаа! Чаа»! деген ураандар асманды жаңыртып, бул арада канаттуу учпай калмак.





Өз ичинен ушинтип сактана калган Чагылдыр сыртынан сыр алдырбады. «Ким, бу келаткан» дегенсиди. Кекенип бекингенсиди.

Атчан турушкан лөктөрдүн көбү Эр-Кишини билишчү. Анын күчүнө, акылына, айласына сыйынышчу. Кыргыз атанын урааны ушул Эр-Кишинин колунда. Эр-Киши барда Адылтай ажо да айдыңдуу. Эр-Киши чабышта шумкар болсо, көк асаба жыгылур. Ажонун алтын ордосу бүгүлөр. Анда үптөлгөн[1] сары алтын, ак күмүшү чачылур. Жаш улан – кул, асыл кыз – күң. О, Эр-Киши барда көк асаба урааны бийик деп туюнган кишилерде ишеним бар. Ал жадаса, дал ушул чаанын менсинген кишилеринин да ишеними болучу.

Азыр ошол Эр-Кишини көргөндө Чагылдыр да, анын катарындагы канат-бутагы бүт сестее калышты.

Күбүр-кобур чыкты:

– Уа, Көк теңири. Бу келаткан чын Эр алпбы?

– Бизге келген жакшылыкпы? Же...

– Каарданса... неттиң?

Өзү да ушуну ойлоп турганын сездирбей Чагылдыр күңк этти:

– Уа, эрендер. Чаа ураанында турдук? Бекем болуңдар!

Анан ал күтүүсүздөн теминип койду. Сур ат элпектенип катардан бөлүндү. Бул кезде Эр-Кишилер саламдашчуудай аралыкка келип калышкан. Чагылдыр алдыга өткөндө озунуп Эр-Кишиге саламдашуу үчүн эмес, тек ачууга буулуп, не иштээрди билбей көгөрүп, бекип, бир чети чочулап иштеди. Келаткандар Эр-Киши эмес, бөтөн, башка уруунун, не бөтөн журттун каны, беги баатыр кол башчысы болсо, анда Чагылдыр аны кара көк таштай солк этпей туруп, кабыл алмак. Эр-Кишинин айдыңы аны шаштырды.

Жоон үнү зоңк-зоңк этип жалпысына угулду:

[1] *Үптөлгөн* – жайылган, катылган деген маанидe.

рин жалайсың. Ээрде каалгып уйку кандырабыз. Жол үстүндө жоокер тыныкбайды. Ол Улуу сөз жырымы!

«Жол үстүндө «Улуу сөз» эшиттик. Тыныкпадык. Эрбаба арбагы бизди көрүнөө жалгады. Жылоондон алды. Эй, коркок уул, тың бол деди арбак» деген ата кебин уулдар далай эшитишкен.

Жол үстүндө Улуу сөз айтылган кезде кулакка эмнелер эшитилет? Көзгө эмнелер көрүнөт? Эмки айтылчу Улуу сөз күчү уландарды кызыктырды. Кумарлантты...

Эр-Киши Чоң күрөңдү жылоодон алды да жортуулга аттанып жаткансып, суулукка үч колун тийгизди. Анан үч колунун учун өптү. Аттын жибек көкүлүн сылап койду да, үзөңгүнү тептей ээрге шап минди.

Эч кимисине карабады. Буйдалбай шарт жөнөп кетти. – Бул жортуул жүрүшү.

Уландар запылдай Эр-Кишинин жан-жанында. Улуу сөз баштаңыз. Биз эшитебиз, Эр-аке дешкендей, адеп сактап тек бастырууда.

– О, кылычың кыйрагыр дедим э, мен? Онун жөнү азыр биз эшитер Улуу сөз сабагында... О! Оонон бери көп заман канат сермеп кетти. Ажо, кан-бектердин бири кыраан бүркүт болуп шаңшып учту, бийикте. Бири кон жору болуп тарп аңдыды, отокто... О! Оонон бери кыйла, кыйла замандар катмарланды. Эч бүтпөс узун жолдо кара буура, ак буура чууда силкиди. Жолду тарпыды. Эчен кыраандын, күлүктүн, алптын баш сөөгү чөлдө кууралды. Сары-Жазыкта саргайды... О! Оонон бери чоң дайра соолду. Булак дайра болду... Онун несин айтсам эп!

Эр-Киши өзүнөн өзү сурагансыды:

Түпкү Түрк билги болду. Адеп сактады. Ол өз кезинде, өз журтуна адил падыша болуп турганда Теңир ого шумкар болорун аян этти. Уа, сынбас темир жок, өлбөс киши жок. Баба учаар алдында, уулу Түтүктү өз ордуна койду. Ол Түтүкдөн соң, тогуз уул падыша болду, мына, ошол замандан ушул кезге бизде тогуздап кыр ашыруу-





Азыр ынтымакка келбеген эки тукум чабылаарын көз алдыларына келтирдиби?

Чагылдыр да, Байыркуу да кылыч суурубай токтолушту...

Ошол кезде Эр-Киши өкүм айтты:

– Эрдемсинген экөөң азыр аттан түшүң!

Тигил экөө аргасыздан аттан түшүштү.

– Чылбыр беришиң! – деди Эр-Киши.

Чагылдыр Байыркууга, Байыркуу Чагылдырга чылбыр ыргытышты.

Эки тарапта жардана турган атчандар жапырт аттан түшүштү. Бул:

«Чабыш ада. Жоолашкан элек – элдештик!» – деген ырым.

– Чабыш ада!

– Элдештик!

– Элдештик!

– Ак болот алдында ант бериң! – деди Эр-Киши тигилерге.

Жаш-Тегин алтын кындуу ийри кылычты эки алаканына салып, алдыга созду.

Байыркуу кылычты өптү:

– Кек тутсам, кек кессин, кызылым чыксын!

Чагылдыр кылычты өптү:

– Кек тутсам, кек кессин, кызылым чыксын!

Эр-Кишинин арага түшүп ынтымак сурашы, эки тараптын тең ачуусун таратты. Ачууда жаагы катуу, боору таш болгону менен демейде момурап бооруккер өскөн журттун баба жырымын бек туткан жөрөлгөсү бул жолу да айыгышкан эки колбашчыны тез ийге салды. Эрлер ынтымакка келишти.

Эки элден эки ак буура мууздалды. Кирген бууранын кутурган жинин каккан чилде аязы жаз менен чыгат. Суу менен агат. Эмесе, ал эки буура эки өзөндүн кошулган жеринде мууздалып, буура канына баатырлар – миң ба-





колбашчылары менен сырдаш-кептеш болуп жүрүп, анан алар менен жоолашып, чабышып бардык ыгын алгандай, сырын билгендей күңгүрөнөт. Анан ачык-айтат:

– ...ошондой журтум. Азыр билги-кан болуп туруп азыр колго түшүп, кул болуш көз ирмемде» Теңир сактасын! Алыстан каптап жоо келсе, кыйыр бузулады. Ичтен түтөп жоо чыкса, өзөгүң өрттөнөдү. Кара башыл, боору ачык малдан бетер айдоо жеп кордолоду. Кырылады, тукум. Киши кул болгондо малдан төмөн. Мал азыгын аяк астынан оттойду. Киши чөп менен күн көрө албас. Малга камчы чапсаң бирине-бири ыктай басаар. Кишиге камчы чапсаң, ал кайра бирин-бири кажайды. Кулду кул сабайды. Ачты ач талайды... Кыйын-кыстоо күнү киши-киши кейпинен кетеди. О, дал ошо кезде өзүн ыйык тутуп: өзүн да, журтун да ошо азаптап киши-пишери куткарады.

Анын айдыңын, кайратын, амал-айласын, күчүн көрүп, аа ыраазы журт, аны – Эр-Киши! – дейди.

О, Көк теңири? Биздин урпакка эрдик бериң, эс бериң, күч бериң, ырыс бериң!

Ушул тилекке улуу-кичүү бата айтышат. Бардыгы эрдикке сыйынат. Жоокерчиликтин ырым-жөрөлгөсү, көксөгөн ак тилеги ушул. Күнгө сыйынган кишилер суу боюна жыйылышат. Акбоз бээ мууздап жер-суу тайышат.

– Эчкиден котур кет. Койдон боор курт качың. Уйдан көк көйнөк качың. Төөгө чымын тийбең. Жылкыга маңка келбең! О-о, алас! Алас! Балекеттен калас! Жер көгөрсүн, көк чык. Желин толсун, сүт чык. Кышта кар тегиз жат. Жазда жамгыр тегиз себелең! О-о, алас! Алас! Балакеттен калас!

– Уулга келчү улуу тумоо эшиктен кайт. Кызга келчү кызыл тумоо тешиктен кайт. Уул, кызды Умай-эне жалгаң. Карыны кадырдап узатың... Жоокерди киши-пишери – Эр-Киши марытсын. О-о, алас! Алас. Балакеттен калас!

Табынуу Ай батканда уланат. Билгилер баян эткен «Улуу сөз» купуяга өтөт... Купуя сөз – эл жобо туткан жырым!





...Учкан куштай, жорткон желдей кайдан келип, кандай кеткени билинбей күнү-түн ээрден түшпөй киши-пишеринин тирүү арбагын бул кезде алып жүргөн – Эр-Киши Акберген устанын уулу – Чогултур. Чогултур атынан – Эр-Киши атына өткөнүнө бирер жылдар болду...

Соңку он-он беш жылдай, кыргыз жергеси жоого чабыла элек. Журт кыйырына келген жоо айкырып айбаттуу кол салат. Кыргын таап өзү самсыйт, өзү безет. Муну, журт, арбак конгон Эр-Кишинин айдыңы, сүрү деп билишти. Чынында эле Эр-Киши түмөн башында баштап жоого аттанганда анын буйругун алган ар бир миң башы, жүз башы, элүү башы, он башылар ат үстүндө болушка ант берет. Ар бир жоокер ок тиштейт:

– Башым жарылсын. Ээрде калам! Жоодон качсам Көк урсун! Эр-бабанын тирүү арбагы каардасын! Эр-акенин кылычынын мизи урсун! – деп аттанат.

Чабышта колбашчы, бейкутта уста, көмүрчү Эр-Киши азыр тек жер кезип, журт кыдырган жолоочу. Соңку жолу табгачтар менен болгон чабыштан кийин эл-журттун алжайын байкоо, уруу билгилеринин сырын тартуу. Табгач амалдуу жоо. Ал билгизбей өлтүргөн туюк жара сыяктуу. Кылычынан амалы, арамы өткүр. Тээ байыртан бери эле алдыртан тыңчысын жумшап коюп өзүнө жаат издеп көнгөн. Колбашчыга колбашчыны жамандап, урууга уруууну кайраштыруу эч байкалбай иштелет... Өзү жоолашып, чабышып турган табгач Эр-Күлчүр өлгөндө ал баш душманым өлдү деп кубанганын сездирбеди. Кайра муңканды, «аза күтүштү».

Эр-Күлчүр дүнүйөдөн учканда анын атын уккан башка журттун кандары, бектери асалап келишти: Карлук каны Гелчүр, баргы каны Текечар, Үч-Суунун беги Урун-хэ, тат эрени Тайра, те алыскы түпүт журтунан бери эчен урууу-журттун каны, беги, баатыры Эр-Күлчүргө аза күткөндө бул аз менеп чаа, тигил Казы-Ак-Көлдүн уй-суну, Тогуз-Суунун төлөсү, баргы... Кыргыз атага өзөктөшпүз өзүбүз.

шыдан тартып он башыга дейре эр жоокерлер канга кол матырышты:

– Эр чабышмак. Баш кесилип кан төгүлмөк. Биз эр чабышын ада эттик. Ынтымакка келдик.

– Бу ынтымакты бузган жак ушул суу аралында, ушул бууралардай мууздал! Биздин ачууну ушу кан чыгарды. Кекти ушу кан алып кетти!

– Өтмө катар сөөкпүз! Сөөкпүз!

Чагылдырдын он алтыдагы кызы – Акберметти Байыркуунун ушул жолу миң башы болуп кол баштап келген он жетидеги Күлүчүр деген уулу алды.

Жоолашкан эки тукум эми куда-сөөк агайын болушту…

## ДАСТАНДАН КАБАР

Улуу сөздү улаган –
Укумчудан кеп уктум:
Эртегилер эңиште –
Укмуш болчу деп уктум.
*Эл сөзү*

Кайткандан калган сөз экен,
Каруум келбес калп дээрге.
*Манастан*

Булар эми жетөө.

Байыркуу менен Чагылдыр – аз менен чаанын эки колбашчы, эки билгиси ачуу тарап, экөө куда-сөөк болушуп ынтымакташкан соң өздөрү баштаган чабыш, эгер, чабыш менен аяктаса, журтка кайгы, алаамат, кыргын алып келээрин ошондо баамдашты.

Балта сабы тул калды,
Аны кармар кол жок.





алыш ээлтен келаткан– баатырдыктын эң бийик даңкы! Бул кайсы заманда эреже катары эл колдонгон салтка айланганы түңгүюк, купуя баян. Ал баяндын кеби тек; көрүнгөн жайда көрүнгөн кишилерге айтыла бербейт. Ал эрдикти чакыруу үчүн кишилер жоо жарагын тагынышып, анан айыл четиндеги бийик дөбөгө чогулат. Күнгө жүгүнүшөт.

О, ыйык Көк, жарык Күн! Бизге дем бериң! Айткан кепке күбө болуң? Сенин демиң боору күрөң Жер көк чыгарур, жамгырың жаайды, токой өнөдү. Суу агады. Жан-жаныбар ырыскы алар. Кишиден тукум өсөр. .Тукумдан Эр-Киши чыгар!

Бардыгы бир тынымча үнсүз турушуп, анан:

– Оо, үстү ачык Көк, бизди ыйыктаба? Биз кишипишлеринин эрдигин эстеп сыйынабыз.

Ушундан кийин уруунун көп ээси – билги чечен кеп баштайт.

– Киши-пишеринин тирүү арбагы жылоологон кишиыйык! Аа жетем деп жетпейди. Ат жалын тартып мингенден эр бүлө өзүн ыйык алып жүрсүн! Ач калдым деп кубарбасын. Жок калдым деп муңайбасын. Өзү өлсө, ал анда жоо беттегени. Арбак жылоолосо, ал анда өлбөс эр болгону! Баарыңды киши-пишери жылоолосун!

Асыл болуңдар!

Билги саймедиреп кеп айтканда эч бир жан анын сөзүн бөлбөйт. Тээ эбаккы, эбаккы замандарда эл-журттун башынан өткөн эчен албан катаал окуяларды тизмектеп, дал ошол кездердеги майдандарга өзү бирге катышып жүрүп… кылымдарды бүктөп өлбөй келаткан касиеттүү кишидей, сыйкырдуу ыйык кишидей өзү агарып, термелип, күңгүрөнүп олтуруп кеп чубуртат. Ал, жеке өз бабасы өткөн аймактын, өз журту жердеген жердин кебин салбастан, тээ үч-кыйырына көз жетпес дүнүйөнүн төрт тарабын чабыттап кезип келип, ал жакта күн өткөргөн эл-журт менен насиптеш-ырысташ, кайгы-муңдаш болгондой эчен албан жат, душман журттун каарын көргөндөй: алардын билги





Эр-Күлчүргө кызмат кылабыз дешти. Кой, жылкысын, төөсүн айдай келишип конок ашка союш кошту. Өздөрү эрендерге кошулуп кылыч таянып өкүрүп турушту:

– О-о… эсил эр! Эсил эр!
Кыйырга табгач жоо келди.
Эр-Күлчүр ак боз ат минди,
– О-о… эсил эр! Эсил эр!
Эли эрин катар тең сайдың.
Экиси аз деп сен сайдың.
– О-о… эсил эр! Эсил эр!
Жети эрин катар тең сайдың.
Жетиси аз деп сөз сайдың
– О-о… эсил эр! Эсил эр!
Ак бозуң окко учканда.
Чоң буурул миндиң, чаң сайдың.
Чогуусу аз деп мол сайдың.
– О-о… эсил эр! Эсил эр!
Чоң буурул ок жеп аксады.
Чоң кырдан Күндүн батканы.
Чогуубуз менен карайлап
Көп журттун сөөгү какшады…
– О-о… эсил эр! Эсил эр!

– Журт ушинтип мөгдөп турган кезде да, ошол табгач каны Сен-Лин-Ха тигил калыс деген Үч-Суу беги Эсенлайды элчи салды: Кагылыш! Кагылышта кан өлөт болду. Мен Эр-Күлчүрдүн билгилигин, эрдигин сыйлаган

жоо болсом да досу эдим! Чабышта ошол мен сыйлаган чоң эрен жаздым үчүн кеткенине муңайдым… Достой сыздап жаш төгөм. Билги ажоо Адылтай, түмөн башчы Эр-Киши, жесири, Сайкал-Апа, тукуму Жаш-Тегин билгилер, бектер баары менин кайгымды билсин! Ошо журттун салтын сыйладым: тогуз төө жүгү, жумшак жибек сары алтын, ак күмүш буюм, кымкап тон аса жибердим. Эр-Күлчүр бейитине тул коюлсун! Кечээ кый-





Тике сүйлөп, ак айткан, өзүндөй көрүп, башкадан арамдык күтпөгөн момун, ишенчээк көчмөн тукум табгач амалына арбалып, алданып калганын кийин сезчү: Кеч өкүнчү. Ызалуу арстандай долуланчу… Албуут өжөрлүгүнө салып, майданда таптакыр тыйпылы чыккычакты салышчу. Көп учурда ошол долулугу, айбаты жигер берип үйөрдөн ошол амалдуу жоонун сан колун жеңип чыгуучу… Көп учурда, ташкындап келип кумга житкен дайрадай өзү соолуп, өзү түгөнчү. Чабылчу. Чабылчу…

Кекенген чоң жоосу ошол табгачтын тажаалдыгы, жайылдыгы, амалкөйлүгү көз алдынан чубурган Эр-Киши өзүнөн өзү кобурап алды:

– …э кылычың кыйрагыр э…

Жандай бастырган Жаш-Тегин такып сурады:

– Эр-аке, кимди айттыңыз?

Эр-Киши үндөгөн жок. Бүркүт кабагы түктөйө, көздөрү тереңге тиктейт. Чоң күрөң, бир калыпта алчактай басат.

– Эр-аке, айтың? О, кимдин кылычы?

«Уа, – деди Эр-Киши өзүнчө, – байыркы Ууз-Кан бабаны кеп салып, бу чунактарды жети күн, жети түн уктатпайын. Кимиси эр сөзүнө кызыгып, Улуу сөздү эшитеди. Кимиси эрдикти самайды»…

Анан ал угуза айтты:

– Суусун жуталык, Күнгө сыйыналык? Булак барбы?

– Ана булак Эр-аке, – деди Жолборс.

Эр-Киши тизгин ийди. Жапырт булак кашына түшүштү.

Аттар от кайсады. Суусаганы булактан жутту. Уландар жан аякты алып туптунук муздак суугa курут эзди.

– Чөлдөгөнүң ичиң! – деп Эр-Киши тек эскертти.

Жан аякты колуна алаар замат мелт-калт чалапты тынбай жутту да:

– Ичиңдер! Мындан кийин суусун жок, бизге! – деди ал – тынышыш болбойт. Чабышабыз. Чөлдөгөнүң ат те-

жоо саначу… Эзелтеден көчмөн өткөн бабалардын жоокердик салтын ар дайым бекем туткан ушул журт баласынан чоңуна, эринен зайыбына чейии эр намысын бербес каарман. Бул журттун байыркы өмүрү – ат жалында өткөн! Эл-журтту эчен билги кан, эчен кайтпас алп-эр баштаган. Ал тургай тамга басып жазуу жазган, бичик окуган «көзү ачык» даанышманы бар, бул журттун тукуму эр-тизгинин кылымдар бою чойдурду. Кылымдар бою ат даңканын сапырды. Улуу-Тоо, Алтын-Тоо, Кара-Корум, Сары-Далаа арасында чаңды-кумду сапырды. Көк ташка болот жаныды. Кыйырын чыңады. Наркы табгач журту ал кезде багынып коркконунан ушул Үч-Суу журтуна бүгүлүп алман-тартуу тартты…

Бирок бир кезде мизинен кан тамган кылычты дат басат. Бир кезде тизе бүккөн журт тик туруп башканын тизесин бүктүрөт. Бул кең ааламды бир жолу түн караңгылыгы каптап, түнөртөт; бир жолу Күн жарыгын сээп күлүңдөтөт. Эл-журттун тагдыры да ошондой оош-кыйыш. Эми ашол чоң уруу Үч-Суу журту эки дөшүнүн ортосунда кысылчу эски барскан сыңары чулуюп-дулуюп эрк бербейин дейт. Сыр алдырбайын дейт. Ошентсе да аны башкарган Элтерес алп, Эсенлай бек, Салим билги сыяктуу эрбилгилери тигинтип өзүнүн алсыздыгын, арамын сездирет. Чынында Сен-Лин-Хадан Эсенлайдын аса алып келиши журт салтына сыйбады. Аны ызалады. Бир чети аны кордоду. Эр-Киши тургай эс тарткан ар бир эле эр-бүлө бул ызага арданаар, намыстанаар, кекенээр, сактанаар жорук.

Эр-Киши даа аябай намыстанды. Сактанып, кулак түрдү. Кылычты жейденин[1] ичинен байланып, чекеси жерге тийгиче жүгүнүп, жазыксыздай кылыйып келген табгачтын элчиси ажоонун, кандын, алптын ичээр ашына тымызын уу тамызып кетчү… Жумшак сүйлөп, жолго жибек төшөп, күлүңдөп туруп кебез менен мууздачу…

[1] *Жейде* – көйнөк.





Кайың сынды, чер кыйрады
Аны жагар от жок.

Деп кыз чагында тул калган эчен асыл-аруу кыз, келин жубайларын жок издешмек. Өз ирегесинде «күң» атанмак. Ак саамай, кызыл көз кемпир-чалдар бөгүп-чөгүп зар кагып кырчындай кыйылган тукумдарын бирден жоктон муңга батмак. Ботосуз инген боздоп, уйлар өкүрмөк… Айтор, боз-адыр чөлдү куюндатып-чаңдатып соккон бороондой эзелтен эл-журтту сактатчу алаамат чабыш бул жолу да эки– уруунун журтун аябай муңкантмак.

Эки тарап кепке-сөзгө келишип, ошол алаамат кыргын сап болду. Теңир, журтту аяды. Аны өзү сактады. Ачууга, сокур намыс жеңдирген Байыркуу менен Чагылдырды эсине келтирди. Ат жалынан кан төгүлөрдө бизге Эр-Кишини жиберди теңир дешти кишилер. Чоң-кичик, жакшы-жаман бул кезде Эр-Кишини, анын жанындагы Жаш-Тегинди, ар уруунун уулун даңазалашты. Жылкычы, койчу, төөчү Эр-Киши баштап жүргөн уулдарды мактады. Булар конуп өткөн кошуундун жылкысына жолборс чанбайды! Жанагы жолборс-чаар ат минип, жолборстон кийген уулдун аты Жолборс экен. Ону Эр-Кишиге теңирим өзү тапшырыптыр! – деп бири сүйлөсө, анда экинчиси:– Э, берки Буйлаш уул уйсундун эр уулу экен. Аны теңирим өзү жалгап Эр-Кишиге кошуптур. Булар түнөгөн кошуунда төөсүнө кара чымын тийбеди.

Анда үчүнчү бири кепти улайт:

– Жылкы, төөнү айтып не. Булардын ичинде дөөтүнүн пири Барс бар экен! Байыркы Барс аке Алтын-Тоого карап айкырганда алтыны эрип чубурчу, Кара-Тоого карап айкырганда темири эрип төгүлчү, Күмүш-Тоого карап айкырганда күмүш эрип төгүлчү Барс акенин бир тукумун элге кошуптур. Ол атасы арстан чалган баланын өзү тигил Эр-Кишинин жанындагы Барс бала экен! Ушул Барс бала, дөөтүдө узанса, колунан көөр төгүлгөн уста, чабышта ат-





күчү болучу. Башкалар «Эр-акени жылоологон колдоочусу тирүү арбак, ошол колдоочусу жүргөндө, Эр-аке жоого жеңилбейт» дешчү.

Эр-Кишинин ата койгон өз аты Чогултур. Атасы Акберген эгин эккен, мал баккан, көмүр өчүрүп, кен эриткен өз тушундагы аркыл кесиптен куру эмес «өнөрлүү» киши экен. Ал, дөөтүдө узанып үзеңгү ийип, кош, миз шамшар, шап, ийри кылыч чыңаган чебер уста экен. «Мал жайыш, аштык айдаш ар кимдин колунан келир. Өнөр алды кенчилик, темирчилик. Алтын куюп, күмүш согуш устанын устасы, – зергердин колунан чыгады…

«Кылычы курчтун кыйыры бек. Ийнеси курчтун үстү бүтүн»! – деп макал айтычу Акберген уулдарына дал ушу темирчиликти үйрөттү. О, уул, сен, эр-жоокер болом десең, бой-жарагыңды өзүң камдаң! Өз жарагың өзүңдү чын сактайды. Ошону билиң»! – деди Чогултурга ата.

Кантсе да эбактан бабадан атага, атадан балага айтыла берип, бул нарк сөз – эреже болуп калган беим? Акберген аны айтканда тек ар дайым эсте сактап жүрчү эң ыйык кепти айткандай өзү бекем, сестүү бойдон калып:

– Муну унутпаң. Унутсаң баба керезин билбес эссизсиң. Ондой уул ата конушун ээлебейди. Ата кесибин улабайды, – дечү.

Чогултур – Эр-Киши атын алган соң да атанын ушул осуятын эсине бекем тутту. Аны аткарышты өзүнөн соңкулардан да талап кылды.

Жөн уул жоокер болуу, жөн жоокер эр атануу: эр жоокер колбашчы болуу, ар бир эле кайратман киши жетишчү иш. Арийне, колбашчы болушка жеке кайрат, күч, эрдик, эп аздык кылат. Ага акыл, айла, билгилик, көрөгөчтүк кошумча!

Колбашчыдан Эр-Киши атын алуу бийлик кеңешип берчү наам эмес, бул зор ат эл тарабынан, жалпы колбашчы, жалпы жоокерлер тарабынан берилет! Жоокер – эр-жоокер, эржоокер – эр-колбашчы, эр-колбашчыдан – Эр-Киши атын





ырда жоо болсом, бүгүн төрдө досмун! Тилегим бир, элчиликке бармын! – дептир.

Сен-Ли-Ханын бул «элчилигине» журт ыза болду, Арага келген Үч-Суу бегине Азман або ачуу айтты:

– Карыш-карыш! Сөөм-сөөм, Эсенлай?! Үч-Суу журту да Тогуз-Сууну жердешкен тигил төлөс, он ок, багырдай – өз! А тигил өз кыйырын таш чеби менен бекиткен Сен-Ли-Ха маа жоо, саа жоо?! Чоң кырда Күн батып бүт өз журт муңайып турганда сен, жоодон жоон алып келгениң не?! Өз болсоң, минтпейт эдиң Жибегинен сөзү жумшак табгач асылын берип, алдап, жумшак сөзүн айтып азгырса, анын ала жибегин алып, азгыргыч кебин айтып сен кайгыма кайгы кошпоң?! Аманыңда кайтың?!

Азман або Эсенлайды кайра жолго саларда Адылтай ажо аны тыйды. Табгач канынын амалына ичтен сыздап сестенип, сактанып олтурса да сыртынан сыр алдырбай Адылтай:

– Жылан ийри сойлосо да ийинге түз кирди… Жылуу келген душманды суук чыгарбаң, тукум! Биздин момун журттун эри шашма, тайманбас. Кылычты бийик шилтер, сөздү катуу айтур. Арамдыгы аз… Жумшак жибек, жылуу сөзгө тез алданар. Сен-Лин-Ха ошону билет. Сен аа бир оройлук кыл, ол саа эки ийилер. Ачууң ада этип жибегине не кызыгасың. Алданасың. Багынып, кул болосуң. Эл-Журт муңаяр… Сен аа алданбаң! Орой болбоң. Жибегин, асыл белегин алың. Алданбаң. Жымыйса – жымый, ийилсе – ийилиң. Алданбаң! Берсе – ал, көлсе– сыйлаң. Алданбаң. Сен-Ли-Хадан Эсенлай, Элтерес сөөм жакын, бизге. Ошентсе да, ал эки ортодо дайра. Биз кечебиз, аны. Табгач кечет. Элтерес, Эсенлай чалчык болгусу келбейди. Олор ортодоку көк таш. Берки көп уруу аа кылыч кайрайды. Аркы түмөн табгач кылыч кайрайды. Эсенлай, Элтерес кайрак болгусу келбейди. Олор өз журтунун асабасын тиги Тал-Чокуга сайсам дейди. Алы келсе, берки көп урууу журтту ийсем дейди. Алы келсе, аркы сансыз

танса, айбатынан жоо сүрдөгөн эрен, жыйында олтурса кеби журтка эм билги-чечен деди. Аны билген Эр-Киши өзү таалим берип өз жанына журт көрсүн, жер көрсүн, эл таанысын деп бирге алып жүрүптүр...

– Э-э-э! – деди анда бири. – Малды, кенди айтып не. Эр-Кишинин ээрчиткен жаш эрендердин ичинде дыйкан-бабанын бир тукуму бар экен! Баба-дыйкан ыйык өзү жалгаган жылы ташка көк өнөр. Кумга дан бышур. Куураган жетим токочко тоюнат деген. Жанагы чоң тору минген зоңкойгон уул жер жырткан, кызыл буудай, кара таруу үрөнүн сепкен дыйкандын уулу экен! Аны теңир, Эр-Кишиге кошту...

– Токтоң! – деди бири. – Малды, кенди, дыйканды айтып не! Эр-Кишинин жанында Жаш-Тегин жүрбөйбү! Ол башына куш конгон баарыбыздан бийик уул! Мал баккан, эгин эккен, кен эриткен, кол баштап жоого каршы чыккан башы кара, буту айры киши деми ошондо! Эр-Киши өзү Жаш-Тегинге күч берип, жол көрсөтүп, кайра өзү баш ийир экен! Ошол билги колбашчынын жанында биздин тукум жок болмок беди? Эр чыкса, кол башчы болсун, коркок чыкса, от жакчу болсун дешип Байыркуу менен Чагылдыр экөө эки тукумду өз-өз урууларынан Эр-Кишиге кошту. Олор: Агуул, Бозуул. Баягыда чаа айлында көргөндө маталган жетим Тогуул Эр-Кишини ата этти – өзү кошулду.

* * *

...Жаныбар аттар кишинин оюн анын салмагынан сезгендей. «Мейли Бу макулуктун иши ойлонуу. Ойлонсун, каалгысын» дегендей аттар бир калыпта желип басат. Көптөн бери жаан жок. Жер каксоо тартып катып калган жол бети «Топ! топ»! эткен туяк дабышы жаш жоокерлерди тердетти, алдейледи. Алар ээрде каалгып уктап кетет. Алдыртан көз салат. Тигилердин бири ээрде каалгыса Эр-Киши тизгин кагат.

«Уа, уктатпасмын уулду».





Ээсинин оюн сезгендей Чоң күрөң желишин тездетет. Аны ээрчип берки аттар элпек желет. Ээрде каалгыган Барстын, не Жаш-Тегиндин мойну шылк этип ээги алкымына сайылат.

Уйкусу ачыла түшкөн Барс чочуп элтеңдеп алды. Ыйлап жатып уктап ойгонгон баланыкындай көздөрү кызыл, шишимик. Ал эсине келе түштү бейм. Теминтип тың бастырды...

Эр-Киши сезмексен. Уйкусу келген кишиче шылкыйып бастыра берди. «Топ-топ»! Тып! тып!» эткен туяк дабышы кайрадан терметти...

«Эрөөлдөгү жоокерге уйку жоо. Сол көзү үргүлөп, оң көзү сак карабаса, жоокердин чын ажалы уйкудан. Э-эй, уланым, уланым. Каскак кармап, айкыра чаап жоокер болуш ар кимдин иши. Алты күн аттан түшпөй, жети түн кирпик какпай эрөөл күзөтүш чын жоокердик! Караңгыда жол табыш, каплеттен сөз табыш чын билгилик»!

Чоң күрөң элпек басат, Эр-Киши шылкыят. Ал арып, үргүлөп келаткандай камчылуу колу көтөрүлбөйт. Кең далысы үңкүйөт.

«Жети күн, жети түн ээрден түшүрбөсмүн буларды. Эрен болчусу ошого чыдап коё-ёр. Баса...»

Жыл бою ээрде каксыккан кайратман жоокер өзү чарчаар эмес, уктаар эмес. Тек шылкыя... «Топ! Топ»! «Тып» чыккан туяк доошун тыңшайт...

«Баш ат! Жоокер аты, эр аты – адамга канат! Жаныбар. Жолду таптаң».

Өз өмүрүндө Эр-Киши далай чабышта көп жолу жоону жеңген. Жылдызы көктө жанган. Далай жолу өзү жеңилген, жылдызы аяк астында тепселген. Зор башы кулдукта болгон. Жоо жеңип жылдызы учканда да, кул болуп жылдызы тепселгенде да Эр-Кишини жылоологон бир күч жанында жүрдү. Ал көз көрүнөө колдогон, ага жолдош болуп күч берген киши кебетесиндеги тайманбас алп элес. Көзгө көрүнбөгөн, бирок Эр-Кишинин үмүтүн улаган ишеними-





табгачтын таш сепилин бузсам дейди... Олор ошентип, кээде эки ортодо арачы болуп калур. Доо доолап жалаачы болуп калур. Аны олор, кээде аргасыз иштейди. Кээде амалданып иштейди... Ошондой кезде, сен олорду жоо көрсөң, олор бизге кежигесин салур. Аркы чоң жоого кетип калур. Өзөнгө өзөн куйса – дарыя. Дарыяны ат кече албайды. Элтерес менен Эсенлайды өзүңө бур. Ал шаркырап саа куюлсун. Аа ийкем кылың, олор анда саа кеңешин салар. Эки учук бириксе, күч артур. Ол аркы чоң жоонун сырын тартур. Ушуну баамдаң! Журт муңайып көздөн кан таамп турганда «өзмүн» дегенди какпаң! Боорго тартың, тукум!

Адылтай ажо ушинтип жөнгө салган. Чоң душман Сен-Ли-Ха жиберген Үч-Суу беги Эсенлайды башка канбектердей эле кабыл алды. Ичте таарыныч турса да, сырттан элпек болуп сый көрсөткөн або-бектер, Эсенлайды а жолу сый-сыпат менен узаткан...

Бирок ага ажо да, Эр-Киши да, башка або, бий, бектер, билгилер анча ишенбей: «Жоонун жолун жолдоп келген бу Эсенлай табгачтын асыл жибегине сатылган тыңчы болбосо ийги?! Арамы болсо, андып калың, сыры болсо сындап калың»! – деп, Эр-Киши Санжар сынчыны Эсенлайга кошкон. Санжар Эсенлайды эки элдин кыйрына чейин узатып баратып жол бою эчен албан кеп-сөз баштап чечендиктин чакмагын чакты. Эчен эски баяндан баштап, тамсилдеп: Уч бириксе уланат. Уюткусу ирисе – айран сары суу. Биз тээ ээелтеден кийин оронуп, уй, төө менен жылкынын кумалагын жагып, ат жалына казан аскан журтпуз. Таш Сепилдин бектиги, табгач кандын амалы канча жолу кылычты кетилтти. Тулпар арыды, эр өлдү, – шумкар болду? Сенден да өлдү. Менден да өлдү. Олжону тигил чоң жоо көрдү...

Ак жүздүү Санжар сейрек жээрде сакалын кол учу менен кармап курч көздөрү менен аттын кош кулагын тиктеген болуп, тымызын Эсенлайдын сырын тартты...





Өз журтуна кадырман локуйган Эсенлай ээрде түз олтурган калыбында коюу кара каштарын түрүлтө алды жагына тике карады. Чорт айтты:

– Кайсыл жактан бороон соксо ошол жакка калкан тосом! Табгач кылыч тоссо, кагам, жибек сунса, алам. Кыргызга иштерим ошо: ат берсе, минем. Айкырса, кыйкырам. Мен өз кыйрымды жоодон коргоймун!

Ушуну айтып Эсенлай кеткен.

Анын Сен-Лин-Хадан белек алып арага келгени да, жоодон кыйрымды тосом дегени да Эр-Кишиге күмөн калтырды. «Жоо» деп Үч-Суу беги кимди айтты?

«...мени айтты?! – деди Эр-Киши кыжырланып: – Бу Үч-Суу беги мени менен тилдеш. Тэ, чоң жоо – Сен– Лин-Ха менен дилдеш?! Көп уруу кулундарына чыккынчылык кылабы, ал?! О, кылганы ушул, табгачтын жумшак кеби кимди алдабады. Асыл жибеги кимди кызыктырбады? Жибек жиптин эриш-аркагы дал жөргөмүштүн үлбүрөгүндөй көрүнбөй, сездирбей эчен мыктысынган канды, күчтүүсүнгөн алпты козгогус чырмады, Сыйкыр азгыргандай азгырды – ата баланы, ага инини, тууган тууганды таанывай табгачтын азгырыгын ээрчиди. Эсенлай ошол. Аны амалкөй Сен-Ли-Ха чырмап албаса, ал арамдын сөзүн айтып, асылын алып арага келет беди»?!

– Келбейт болчу?! – деди Эр-Киши угуза. – Намыска бек турган эр өз намысына шек келтирип жоонун кошун артпайды. Жоо кошун арткан эр: коңшу-колоңдун отуна суу төккөндөн кайтпайды... Же Эсенлай эсине келур... Же коңшунун казанын көөлөр...

Анан... аны Алтын-Тоонун көк дөөсү жөөлөр?!

Ушинткен Эр-Киши Үч-Суу алпы Элтереске, беги Эсенлайга ишенчү эмес. Ал ар дайым Күн чыгышка эрөөлгө кол аткарганда же өзү баштап жортуулга чыкканда наркы табгачтан мурда берки Улуу-Тоо, Кара-Тоо сеңиринен тарта беш өзөнду, мейкин түздү жердеп чоң дөңгөлөк арабасына кош артып көчүп жүргөн көп уруу журтту

жырым салтына өттү. Тогуз эр бирге жолго чыгып, тогуз эр, атын кермеде кармаш, тогуз өзөндү жердеш, тогуз күн, тогуз жылга ант-сөз бекитиш... Коюң, уландар. Жаңырган айдын тогузунда жортуулга аттаныш... Бул ырым о, замандан ыйык сакталган бир белги. Түтүк каган эң, узак доор өткөрдү. Кишидеги жамандыкты жоюп, жакшылыкка жол ачаар ырым-жырымды ол чыгарды.

О, ол баба жер кезип, эл көрүүнү осуят калтырды. Ол өзү көп Көк теңирин пир тутпады. Журт мийзамы бузулду. Эрден сук артты. Кандан, бектен адеп качты... Эл азап чекти. Эне карынынан көзү ачык төрөлгөн. Уз атасы Караканга капа болду... Атам, өкүм сурагын терс буруп, терс динди кабыл тутту, Мен ого чыдабайм деп каршылык көрсөттү...

Атасы Каракан уулу-Ууздун ол айтканын эшитпеди. Өзүмдөн чыккан тикенди түбүнөн суурам деди. Ол аз турумуна кек сактады. Акылман Уз өз атасы сурагын бузуп, жору болгонуна өкүндү.

Өтөктө тарп тыткан кон жору кетсин. Онун орнун бүркүт бассын. О, эр, жоокер, бир сөздүү, бир далилдүү. Ишенген пири – Көк теңири! Теңир эмине буюрса, жоокер ону орундаар» – деди Уз. Ол бир жолу өз жоокерлерине айтты:

– Азыр Көк теңири минер эр атыңа жебе тарт деди! Мен Теңирдин ол амирин өтөймүн. Минген эр атымды атамын. Атын атпагандын башын чабам – деди.

Онон соң ол өз атына жаа кезеп, жебе матады. Өзүн ээрчиген жоокерлер аман. Атын аяган жоокерлердин башын чапты Уз.

Мындан соң жалпы элге даңаза кетти:

– Уа, Уз-алп айтканынан тайбады! Жалтанчаак онун жолунан качың!

Бир жолу ол Уз жоокерлерге дагы айтты:

– Азыр мен иштегенди баарың иштең. Онон баш тарткандын башы кесилур. – Ол Уз-алп ону айтып жаа





амал-айла билбесе, киши, төрт аяктуу жырткычтын жеми болмок. Э-э, Барсжан, атаң Текеш эр болчу. Акылдуу, айлалуу болучу. Ол ошо айлалуу эрдик менен жоону чапты, жырткычын чапты. Эр болду. О күнү таң эртеңден бейкапар төө издеймин деп өзү жолборско алдырды.

Ол атаң Текештин алсыздыгы– ажалы болучу. Эми сен ошол атаңды алган жолборско аңыра чапканда аны жыга чабат бедиң? Ким билет? Балки чабат эдиң, балки алдырат эдиң. Эр өз башын антип «Балкиге» байлап коюш опуртмалуу. Ал эрдигине эпти, айланы эриш-аркак кылар! Антпесе, ол жоого алдырар. – Эр-Киши эки жагына карады.– Бириң эмес баарың эшит: бөрүнүн айласы – оозун ачып малга чабады. Ошондо ол жазбай малды жара тартар. Ошентет. Киши эмес, айбан амалданады...

Тери сыйрылды, аттар от чалды, биз суусун жуттук – жан сеп алды! Ушу жети күндүн бир гана күнү батты...

Ал, аттандык! Олжо сеники, Терини бөктөрүң, Барс.

## АЛТЫН КҮЙМӨ

Желдей сызып, куштай учуп,
Келгенинен кеткени тымызын.
*Көчмөндөр жөнүндө*
*табгачтын айтканы*

Кытай кебез менен мууздайт.
*Макал*

Аттар желип басып, тогузу өзөндөн чыга беришкенде too койнун иңирт каптады. Жылдыздар жымың-жымың. Дүнүйө коңур. Ой-тоо койну салкын, таза. Суу шары алыстап баратат...

Бая жолборстун кесири алаксытып үзүлүп калган баянды кайра баштады Эр-Киши:





– Оо чакта биздин-тукум көп сыктаган. Оно-о күн жүргөн жакта таш сарай куруп, жер алдына зындан казган парсы падышасы канча жолу кыйыр бузду, онун таш жүрөк колу көп жолу жер көчүрүп биздин конушту каптады. Олор бизди кийиз оронгон, сүт ичкен күчү кем деп кордоду. Уул кул болду. Кыз күң болду. Төрт түлүк кыргын тапты... Биздин Эр уулдун канчасы парсынын зынданында сыздады. Чириди, уа, о чакта асыл кызыбыз эр кийимин кийди. Эр жарагын алды. Жоого барды... Чабыш... Чабыш. Кыргын. Үңкүрдөн чоң сасык жылан чыкты. Жин кутурду. Журтка алаамат келди...

Эр-Киши тамшанып-тамшанып караңгыда уландарга житире карады:

«Кимиси каалгыйды? Кимиси борпоң, чыдамсыз? Кимиси бекем, тың? Кимиси? Кыйырга жоо келсе, ого айкырып тайманбай тийүүчүсү барбы? Эр, кайтпас колбашчы болчусу барбы? Же... аяк бошотор киши каракчыларын ээрчитип жүрөмбү«?

Эр-Киши жаш жоокерлерди тымызын сыноодо. Ал ушул эмгегим сая кетпесе деп тиленет.

Те алды жактагы дүмпүйгөн каран-курандан көзүн албай макалдатты:

– Малды жер асырайды. Элди эр асырайды, уландар! Эр кол башчы жокто кол жетим. Биягы ажо жокто – эл жетим. Эчен алп эл бакты. Эчен айласыз коркок кол башчы колду таштап жоодон качты. Эчен билги ажо, або журт баштады. Эчен айласыз, эссизи сары алтын, ак күмүшкө алданды. Журтун сыздатты... Бузук ажо – ол жолдо турган дөңгөч. Момун журт кор болур ондо. Кыйыр сактаган кошуун эрдигин унута жазар ондо... Укум-тукум таш казып, жол салып тигил жоо падышасына кул болур ондо. О, ат жалында төрөлүп, ат жалында чоңойгон уул-кыз андай кордукка чыдабады. Ар-намыс уулап кырылады олор. Мен момун журттун кырылышын көргөнчө өз атамдын өлүмүн көрөмүн дебедиби, бая... Ууз-Алп.





Отуз эки түмөнү көп бөксөргөн Ууз Алп жоону майтардым деп кубанып кайтты. Тирик калганы айгай салды:

Ат ойноттум
Кылыч кыны тул калбады.
Бөрү койго чапкандай
Жоого тийдим.
Өлөр баатыр жалбарды...

Жоокерлер ырдап кайтышты. Эл тойлоду.

Ошондон кийин табгачтын мизи кайтты. Асылын аябады, алтынын тартуулады. Элчилигин айтты. Арадан жылдар өттү. Акыры ушу көп уруу көчмөн журт айтырбай каптаар сел экенин билген соң табгачтын падышасы билгилерине, кол башчыларына кеңеш салды.

Ол кезде табгач падышасы алтын чапан Лю Гин[1] болчу. Аны биздин журт, кээде узун сакал падыша деп коюучу. Ол табгач падыша көп чабыштан казынасы бөксөрдү. Кошуундары ыргылжың. Жоокерлери жадакай болду. Ону акылы тербеп баамдаган узун сакал Лю Гин Ууз-Алпты күч менен тизе бүктүрө албасына көзү жетти.

– Моде[2] атасын өлтүрдү. Жортуул баштап күч менен коркунуч салды. Хе, ол жапайы кан күн чапчыган арстан. Ол жылуу сөз эшитпес. Кызым Люй-Хэу аа айымдыкка кыйдым. Акылдуу кызым каныша болур. Каныщадан төрөлгөн жээн кан атасынын тагына минер. Хэ! Өз каным жээн-балам бизге тага атасына кылыч суурубас. Куштай учуп, желдей сызган ол калк бизге багынып баш ийип калганын сезбес... Биз олорду, Сары-Жазыктын кумун элегендей элеп, күлботого[3] жуургандай жууруп... өз насилибизге кошуп салабыз! Хэ!

[1] *Лю Гин* – Эски доордун эки жүзүнчү жылдарында өткөн кытай императору.
[2] *Модэ* – Уузкан. Аны кытайлар Модэ Шаньо деп атаган.
[3] *Күлбото* – Цемент, эң майда тоголок.

тартты. Онун көк жебеси ышкырып барып, абдан ысык көргөн өз күнчүйүнө[1] кадалды. Ону ээрчиген жоокерлер аман. Күнчүйүн кыйбагандардын башы алынды.

Мындан соң элге дагы даңаза кетти:

– Уа, Ууз-алп айтканынан тайбады. Коркок онун жолунан качың!

Бир күнү өз жоокерлери менен Ууз ууга чыкты. Олор тайбас уулашты. Жолборс атышты. Көп кызыкка батышты. Ол ууда жүргөн атасын көрүп калды. Ол кезде Каракан атасы да ууга чыккан. Бирок онун тилеги ууда жүргөн өз уулу Уузду өлтүрүш болучу...

О, кишиге көр казсаң, ону кең каз деген ошондон калган да. Атасы Каракандын арам оюн туюнган Ууз андан озунду. Ол өз жоокерлерине айтты:

– Кан аргымагына жебе мадаймын. Ким мени ээрчибесе, онун башы алынур!

Ол ошентти да атасынын аргымагын атты. Бул жолу анын амирин укпаган жоокер калбады. Өз-өз аталарынын аттарына жебе учурду.

– Уа, жоокерлерим, анык кайтпас эми болду дейт, Ууз-алп, Ошондон кийин ол кан жору болгон атасын өлүмгө кыйды.

– Элди терс жолго салган кара жору тирүү жүрбөсүн! – дейт.

Ошондон кийин Уузкандын доору жүрөт.

– Уа! – деди Эр-Киши толкундана. – Эрдикти да алптын алпы, билгинин билгиси улаар. Ол Уузкан өз күчүн чыңаш үчүн өнөр улады. Онон мурда биздин журтта агачсоот кийчү жоокерлер, темир соот кийди. Кийиз чопкут кийүүчүлөр ок өтпөс тон кийди. О, онон да жоокер атына ок өткүс үртүк чүмкөндү. О, онон да тартканда ышкырып учкан жебени Ууз-алп чыгарды... О, онон да ал балки онон бир аз кийиндир? От алып учкан жебени дагы чыгарды!

[1] *Күнчүй* – айым.





Алпка канат тулпарды жоого берүү – кыйырды жоодон коргобой коюу. Ууз-Алпты алп кылган анын канаттуу Акбозу деген кеп бар. Жетинчи күнү от чалып тыныккан ошо Акбозун кайра мингенде Ууз-Алпка миң балбандын күчү кирди бейм? Улап айткан бабанын Улуу сөзү ушундай дейт:

Ууз-Алп жоого айкырып тийди дейт. Үйөрдөй үйүрдү дейт...

Ансыз да кырк түмөн кол менен келген табгачтын башкы кол башчысы чабыштан тайсалдап турганда... кум-чөл каптаган боз адыр мейкиндин үстүндө боо дейре адам угуп-көрбөгөн бороон көтөрүлдү. Ано! Көп куюн көк менен жерди танаптады. Чаң арасында чабышкан жоокер тозокто жан талашкан элестей укмуштанды. Майда кум зуулдап учту. Калкан, соот, бадана тон, чопкут тонго кум тийгенде «дыбыр-дыбыр» доошко кулак тунду. Бет, колго кум тийгенде миң-сан темене сайылгандай бет, кол тызылдады... Кай кездерде «зуу» эткен кум жоокерди чочутту. Ат кулагы кумга ширелди. Тозондон көрүнбөй калып жатты...

Бороон тыйылбады. «Күү-күү!» этти. Улам күч алды. Улам улуду бороон. Аттардын жал, куйругу «ыз-ыз» ышкырды. Эрлердин көздөрүнөн жаш тыйылбады. Кыш чилдесинде темир аязды тоотпос кол-бут селейди. Аалам аңтарылып, дүнүйө тегеренип, жер бети үбүлүп бараткандай сезилди.

Эки тарап бирдей коркуп кетишти:

– Бу асман каары!

– Бу Теңир каары!

...Ошондон кийин чабыш ада болду, самсыган кол өзөз жагына бөлүндү. Өлгөндөрдүн эсеби алынбады. Калгандардын алы курулду. Куштай учуп, желдей сызып келген-кеткени билинбес Ууз-Алп колу чаалыкты... Табгачтын кырк түмөнү кайышып кум чөлдө көбү кыргын тапты. Азын Асман жалгады. Улуу бороон улуп, ызылдап эрди ат үстүнөн учурду. Тириктер эптеп кутулду.

– Чабылдык, – деп табгач сыктап кетти.





Онон соң ол өзү журт тизгинин колго алды го! Уа, эл туткасы, билги баба!

Эр-Киши алдыртан көз кыйыгын салды.

«Уландардын кимиси чаалыгады, кимиси?»

Тек улуу сөз кызыгы аларды араң чыдатып келатканын сезди. «Э, ээрде каалгып, кеп укпай турган болду акмактар.»...деди ичинен өкүнүп. Анан ал алда немнеге ашыккансыды. Чоң күрөңгө камчы басты:

– Уа, ат астында эр-уул, доңузду, чаап алмакка эмине?!

Чоң күрөңдүн деминен берки аттар элире чуркады. Үргүлөгөн Барс «болп» ээрден түшүп кала жаздап араң түзөлдү. Адегенде чочуп, ээрге түзөлгөн соң өзүнө-өзү күлүп ийди:

– О... иттики...

Ээрден ооп бараткан– Бозуулду Жаш-Тегин чаап келатып дал ортодон аткый кайра ээрге олтургузду.

Караңгылык. Аттардын «бырр-бырр» бышкырыгы, үзөңгү кагышы. Жана алды жакта дүмүрөйгөн караан эми көбөйүп кетти. Дабыштан чочуп алар туш-тушка дүмүрөңдөп качкандай болду... Чынында эле алар чогуу жуушаган доңуздар болучу. Уйкуда жаткан немелер өздөрүнө түз аралай келаткан ат дүбүртүнөн, адам каңыртынан кача жөнөшкөн.

«Уа, каман качырбаса ийги»... деди, Эр-Киши. Жаш-Тегиндин эсине баягы куудул Шап түштү. Шаптын бирде кымыңдап-жымыңдап түлкүнү туураганы, бирде коңкоюп жору боло калганы, анан төө экен деп жинге миндим, деп айтканы эсине келе калды. Тигил домпулдап-дүмүрөңдөгөн доңуздар эми Жаш-Тегинге ошол Шап айткан жинге окшой түштү. Жаш-Тегин кытылдап күлүп айтты:

– Эр-аке! Карарып качкандар аноодо Шап айткан жин тукуму болбосун?

– Уа, улан! Уктаганыңды ошол жин-тукуму азгырды... Сасык-канатыңа кысып, үңкүрүнө алып кетер. Тың бастырың!





– Э! Барсжан... Жолборсту сен чаптыңбы, мен аттымбы? Коркпо! Эми түшө калып жаратын көрчү...

Барс Эр-Кишинин жебесин таанып, уялып кетти да ызасына чыдабай ыйлап жиберди:

– Атпасаңыз чаап алар эдим.

Эр-Киши шек бербей айтты:

– Сени көздөй каргыганда шашып кеттим...

– Эр-Киши да шашат бекен?

– Таң... Алып ыргытабы дедим да...

– ...алып ыргытабы дейт дагы...

– Жолборс саа тик атырылганда...

– Тик атырылса эмне кылар эди?! Атамдын кунун алат эдим...

– А-а...– деди Эр-Киши эми туюнгансып.– Эми бир кезек келгенде өз жайына коёюн.

Көбүк аралаш кочкул кан оозунан түтүктөгөн чала жан жолборсту Барс башка тепкиледи:

– Сенин жүзүңдүн, миңиңдин канын төксөм да кегим канбайды. О-ай, эсил атам! Эр атам! Ушу жаман күчүккө кантип алдырдың? Жырткычтын жырткычы кишиден коркот дечү эмес бедиң?! О-ай эсил атам!..

Жаш бала көгөрүп долуланып ыйлаган сыңары Барс тытынып жолборсту, жерди тепкиледи:

– О-ай, эсил атам. Эр-аке муну атып салды... Өзүм чабаарда-а...

Барстын эрдигине, көктүгүнө Эр-Киши ыраазы. Бирок анын көзү жок эрдикке эсирген дөдөйлүгүнө өкүндү.

– Кара күч ташты талкалар. Кара күчтү таруудай акыл матайды. Э, эссиз уул, жанагы жолборс сени эбак алып ыргытмак. Биз башыңды кучактап ыйлап олтурмакбыз...

Эр-Киши сакал сылагыча ойлоно калды да анан кебин улады:

– Жолборсту менин жебем өлтүрдү. Бу кишинин амалы. Киши айбандан акылдуу болбосо, ол жебе ойлоп таппаса, ол айбалта-чокмор баш курал жасап албаса, ол

ры чукулдан алсыз. Ал эми Ууз-Алптын түмөндөрү селдей жапырады…

Чабыш! Чабыш!

Түмөн, түмөн кол эки тараптан аралашканда кум-чөл жазыгы быкып-кайнап кетти. Буга дейре киши уулу угуп-көрбөгөн укмуш кыргын, чабыш, укмуш алаамат!

Ууз-Алп беш жолу ат которду. Өлгөн жоокердин атын аты жүрбөй калган жоокер минди. Чөлдөгөн жоокер ат үстүнөн суусун жутту. Суусуну ада болгондо ат терин жалады… Уйкусу келген жоокер өз башын өзү муштады. Жоого беттешкенде эки үзөңгүнү тең тепти. Жалтанбай жоо бетине тике карады, чоюн башты бийик көтөрүп таамай сермеди. Жоо чаптырып алы куруп өлгөнү жер кабышкан жок: ыйык Көккө карап чалкасынан сулады… О, өлгөн ээсин аттар четке карай ала качты. Ала кача албаган ат сулаган ээсин чыр айланып жер чапчылап окуранды. Жебе жеген аттар кош аяктап тура калып азынады, асмандан тилек сурагандай азынаш.

О, чабыш! Чабыш!

Калкан кагышты, кабышты… Чоюн баш кагышты. Туулга кабышты. Баш жарылды. Жарылган башты канжыга менен чырмап таңып, кайра чабышка киргендер илikте[1]. Ол, жүрөктөн кан кеткиче эр чабышты салы… Саадакта жебе ада, колдо жанчар сынды. Ошондо да Ууз-Алп ат которду. Онун эр жоокерлери алптын жолун жолдоду…

…Жети күн, жети түн жоокер чырым этпеди. Алп минген ат «ырп» от чалбады. Ат арыш созуп баратып үргүлөдү, О! Бу не деген ат кайраты! Ат эрки! Ат күчү! Эр киши көтөрүп баратып үргүлөдү… О! Бу не деген эр кайраты? Эр күчү! Эр эрки! Киши, киши! Ал – жоокер! Жаныбар жылкы тукуму ай! Ону ыйык асман кишиге канат этип берген беле, теңир? Үстүндө айкырып киши жүргөндө эр атынын алсыз болуп калганын чабышта көрө элекмин. Алп аты алпка канат.

[1] *Илик* – кол – колдо, катарда.





Уа, ыйык Ууз баба. Онун кезинде не сонундар табылды. Биздин журт Көк теңирин пир тутту… Ууз-алптын күчүнө ишенген жоокер калың чабышта аман чыкты. Ишенбеген кырылды.

Эр-Кишиге катар бастырган Барс кубанып койду:

– Ууз баба иши алп иши экен, Эр-аке!

«Уа, бу улан кеп туюпур. Эл-жер камын кутүнөр», – деди Эр-Киши ичинен. Анан ал угуза айтты:

– Ишеним кишиге аска. Ишенбес киши көпшөк. Ол коркок…

Агуул, Бозуул үндөбөй бастырышты… Жаш-Тегин кепке кызыкты:

– Онон кийинки сөздү улаң. Эр-аке?

– Уа, улан, Улуу сөздү жалган дебең, Улуу сөз өткөн өмүр! Ууз баба иши сан күн айтса, ада болбос… Ону эшиткен тукум өзү да армансыз. Ол алп баба кийизге жатпады – таш төшөндү, таш жазданды. Чырым уйку оңо күч кошту. «Эрге уйку жоо» – деп айтты Ууз. Айсыз караңгыда аргымак сызгырылтып, жебе учурду.

Жоосун көзү көрбөдү. Болжолу сезди: жазбады. Өзүндөй жебе тартпаган жоокерди киши каракчысы деди. Ону ийлеп, ийлеп кайыш кылды. Коркпос жоокер кылды. Ийленбей көпшөк болгонду – талпактын бучкагы деди. Чабышта коркконду, тынч кезде ырк бузганды өлүмгө кыйды. Жаман киши жер булгап жүргөнчө, топуракка барсын деди.

Уландар үндөбөдү. Эр-Киши аларды кайраттантып койду:

– Уа, Ууз баба, ол элге ырыс жаасын, үйгө кут түшсүн, жерге көк чыксын деди. Журт ордосу бек болсун деди. Кыйыр кеңисин, тукум муңайбасын деди. Ол ошол адил иш үчүн, алкы кетип кон жору болгон өз атасын жолдон алган болучу. Күн чыккан жакта Сары-Жазыкта[1] ат ой-

[1] *Сары Жазык* – Түндүк Кытай.





Эр-Киши сак, жааны оңтойлой кармап, эки көзү жолборсто. Чоң күрөң ээсинин оюн сезгендей башты чулгута таскакты тездетти. Агуул, Бозуул, Тогуул, Буйлаштар Эр-Кишинин алдына озбой, тизгин жыя Эр-Кишиге удаа. Бул кезде Жаш-Тегин менен Жолборс кокту таманын көздөй тизгин алышты. Алар кантсе да жолборсту сол жагынан күңгөйдүн борчугуна жеткизбей капталдан тосолу дешти белем? Ал экөө коктуга түшүп, андан күңгөй бетине чыкканча жолборс алардын оюн сезе койдубу? Не азуусундагы оор жүктү сүйрөлтүп өргө тик чыгалбадыбы? Оң жакка бурулуп өзөндүн тескейиндеги четин, талдуу черге бет алды. Барс ага утурлап тездей чапты. Эки ара жуукташ… «Теги ушул соёчорду сага эле кармата салайын» дегендей жолборс эми кайра капталдай Барска утурлады. Барс андан жазганбай: «Бери алып кел, соёчорду» дегендей, Барс камырабайт, не жолборско жебе узатпай, не чокмор башты оңтой кармаганы байкалбайт. Тек адырандатып чаап баратат.

Ачуулуу жырткыч соёчорду таштай салып тике качырбаса ийги. Ай, алаңгазар»… деп Эр-Киши айтып жибергиче аргамжы боюндай калган жолборс Барска атырылды. Ал соёчорду таштай сала, күүлөнө секиргенинде, кызыл чаар укмуштай созулуп жерден бөлүндү. Ат үстүндөгү Барсты дал ийинден аткычудай келатты… Жырткычтын тажаал сүрүнөн чочулап буурул ойт берди. Жаа тарта албай калып чоюн башты жазгай берген Барс чоюнбаш жетпей жолборстун жерге күрс түшкөнүн көрдү.

Жерге түшкөн жолборс кайра секирем деп секире албай алдын тытынган тажаалча жазылган тырмактары менен бет алды чапчылады. Ал аркырап-күркүрөгөн сайын арсайган ак азуулары кан боёду….

Жолборстун бир колтугунан кирип бир колтугунан чыгып турган жебени көрүп Барс аң-таң болуп турганда тигилер дүбүрттөтүп жетип келишти.

Эр-Киши тек сурап койду:





Жаш-Тегин кытылдады:

– Бозуул далп этерде мен ону калпактай эңип ээрине отургуздум!

Барс өзүнүн ээрден оогонун эстеп намыстанып унчукпады. Тың келаткан Жолборс шылдыңды улады:

– Бозуул менен жанаша эдим. Эр-аке чу дегенде Бозуулдун аты аңгек аттагандай атырылды. Бозуулдун ээги төшүнө сайылды. Мойну үзүлүп кетеби деп корктум…

Каткырык, күлкү теребелди жаңырткан кобур, абырдабыр далайга басылган жок.

«Э-э… акмактар. Уйкулары умачтай ачылды. Көр азабы өлүмдө, жол азабы неде? Көзүңөргө көрсөтөйүн, жамандар»… деди да Эр-Киши «Улуу сөздү» улады:

– Тек аңга-дөңгө карабай аңыра чаап күчкө ишенген колбашы онду саяр, жүздү саяр, миңге чабар. Жоонун амалкөй кишиси ону күчү жетпесе, акылы менен алады. Э, тек эр колбашчы алп болсо да, ол жалаң кабат… Онун чыйрак кабаты калайык деми, Калайык колдогон алп–журт ээси!

Ууз-Алп өз журтуна ошондой кош кабат колбашчы болду. Парсы падышасынын созгон колун Ууз-Алп кайра какты! О, ол өз кезинде обу жок айбат! Дүнүйөнүн төрт бурчуна күрсү соккон чөлдө төө мингенди, черде пил мингенди, ысыкта жылаңач жүргөндү, чоң көл артында темир ийгенди – бу аааламдагы эчен күчтүү, эчен өнөрлүү журттун кыйырын сындырып, журтун кулданган парсы падышасы босого сайып, кийиз жайган чоң өнөрү – мал баккан бу журттун казанын кыйратам, күлүн сапырам, уул-кызын кул, күң этем деп чамынды… Чамынганда не? Ууз-Алптын калканына кылычын сындырды. Уул-уул! Ал энеден төрөлгөндө тизгин кармап ат жалын тарта-түшпөдү. «Кыйыр баккан-жоокермин, мал баккан малчымын, журт баккан сакчымын»! деп төрөлөт, уул. Узун чачы кырк өрүм, кылыгы, кызыгы күч кызбала ошол капсалаң күндө уулдан кем калбады. Уул кол

нотту. Амалдуу табгач амалданды. Ол тизе бүктү. Ол кара таандай кыжылдап көп эди. Ат ашалгыс сепил көтөрдү...

Жолборс кубанды:

– Уа, Ууз баба олжого баткан экен да ондо, Эр-аке?

– Э-э, бу улан олжокор экен го, – деди Эр-Киши ичинен. Жолборсту саал жактырбады. Анан ал угуза айтты:

– Э, уул туюн. Ууз бабаны ол жакка олжо чакырбады. Ишеним алпарды! Өз күчүнө, өз ишине ишенбес болсо, Ууз баба тек жатмак. Онон соң өзүнөн күчтүү жоо ону кой баскан бөрүдөй басып жемек. Ууз баба ошо өзүн жечү бөрүдөн сактанды. Журтун бакты!

Жортуул жайы ошондой ак, адил болбосо, алп жеке калур. Ону бил, улан?!

Тигил-бул кыйырда кылычы кынга батпай биздин журтка сук арткан шах, падыша, кан, бек көп болчу онда да. Олор сук көзүн амалданып ачып-жуумп марал аңдыган илбирстей туш тарапта бугуп жаткан. Эми каргып, эми бассам, эми татып, эми жутам деп суктанып тургандарды Ууз баба озунтпады. Олорго өзү каргып, олорду өзү басты, олор биздин журтка жоо болушчу, Ууз баба басканда, олордун тизелери жерге батты, чекелери топуракты өптү. Өздөрү алптын алпы Ууз бабага сыйынды...

Чоң күрөң селт этти. Эр атынын селти бекеринен эмес. Эр-Киши оң жагына карады. Соёчорду белден капшыра тиштеген жолборс өзөндүн куушунан каргыды. Соёчор эбак өлүптүр. Жансыз узун шыйрактары жер чийип, аны жем кылган жырткыч кыжырлуу ыкыс берип узап баратат.

Күн эбак кырды ашып, өзөн ичи салкын тартып калган. Салкында сергий түшкөн аттар да тизгин какса болду, атырылып жөнөчүдөй. Ошентсе да Эр-Киши «олжолуу» жолборсту жайына койду. «Бара берсин» деди.

Баятан баянга берилип, эрдикке тиленип келаткан Барс атына камчы басып айкыра жөнөдү:

– Уа, Эр-аке! Оонодо...– ал кебин айталбай өр талашып бараткан жолборстун артынан кетти.





Жаш-Тегин менен Жолборс да кызып кетишти бейм? Барстын артынан чабышты:

– Эр-аке, оноу жырткычты кетирбейли!

«Уа, уландарда дем бар. Тек ысык жармага кызып... жоого чабышпаса ийги. Кайтпас эр болчусу ким? Кызыганы тик чабам деп, жолборско чалдырып салбаса... Теңир сакта?».

Беркилер да атка камчы басып, тигилердин соңунан кетээрде, Чоң күрөңдүн тизгинин кекчейте тартты Эр-Киши:

– Уа-а, бир күчүктүн артынан баарың чаппаң?! – деди.

Агуул, Бозуул, Буйлаш «Чү» жөнөп баратып ат башын бурушту. Эр-Киши токтотуп койгонго алар өкүнүчтүү. Булардын оюна койсо айкыра чапкылап, кимиси жолборсту атса, ошонусун макташмак. Бирок жаш жоокерлерди Эр-Киши атайы токтотту. – Ээрчиме эрдиктин опуртмасы көп... Алабарман чабыш эр атын чарчатур. Азуулууну киши күчү менен жеңбейди, эби менен алур. Эбин билсе, бир жолборско үч жоокер көп. Эбин билбесе, бир жолборско жүз жоокер аз... Жапырт чаппаң. Абайлаң. Жолборстон көз алмаң. Олорду майып кылбасын...

Мышык келемишти кашпыра тиштегендей жолборс соёчорду белинен ондоп капшыра тиштеп ылдамдап өр талашты. Сейрек карагайлуу көк бет менен сызгырылтып Барс жырткычтын алдынан торой баратты. Этинен жарап калган буурул эликтен бетер арышты эркин таштайт. Жайына койсо, ал азыр күңгөй талашкан жолборсту баса калчудай, Бирок жолборс-жолборс. Ал азуулуунун күчтүүсү, элпеги, тези, тайманбасы. Кокус соёчорду таштай салып азыр кайра тике качырса, ат үстүнөн Барсты алып ыргытаары да ыктымал. Жолборс ошентип өзүн тике качырса, эрдемсинген улан алапайын таппай калар деп Эр-Киши эми өзү ошол жакка жорго жөнөдү. Эки ортону көз болжолу менен ченейт. «Жебе жетер жерде... Жолборс Барска чапса, тартып калайын. Жазбармын»...





башчы жоого жеке жанчар, чоюн баш көтөрүп чапканда.., кыз кол башчы жебеден өткүр амал-айласын жумшады. Жаа тартышта эрден ашты. Амал-айла тапканы билгиден өттү. Байыртан чабышта уул күчтөн тайып баратканда аа такаат берип кыз жоокери аттанчу салт, ошо журтту – карылуу кылды!

Өнөрдүү жоону Ууз-Алптын жоокер колу кыйратты!

Күн батышта урум менен пурум, оң жакта парсы менен ындыга, Түпүткө, күн чыгар жакта табгачка Ууз-Алптын эрдиги, күчү, билгилиги угулду... Аа даап, анын журтун чаап алам деп баштагыдай кол аттануу азайды. Кырк жылдай Ууз-Алп журту бүлүнбөдү: кыйыры кеңиди, канаты жайылды. Күчтүүсүнгөн табгач каны эчен жолу кол атказды. О, Ууз-Алп анын колун тосту, жолун бөгөдү. Анан өзү чабуулга өттү. Жоого куюндай тийди Ууз-Алп! Табгач Сепилин узартты, Сепилине катылды! Ууз-Алптын жоокер колу борошодой куюндады. Күн чыгыштын чоң көлүнө жетти. Андан кайра төгүлдү. Андан кайра себилди. Жоо жеринде бороон болуп улуду...

Ууз-Алптын эрдигине таңданган Барс Эр-Кишиге ыктай бастырды, Жаш-Тегин, Жолборс, Буйлаш, Агуул, Бозуулдардын эч кимиси үн чыгарбады.

«Уа, Эр-аке! Анан эмине болду»?– дегендей алар шайдоот келатышат.

– Дагы беш кыш, беш жаз тынч өттү, – деди Эр-Киши, жай сүйлөдү. Кырк беш жылдан кийин табгачтын кырк түмөнү кыйырга келди. Аа, Ууз-Алп отуз эки түмөн кол баштап беттеди! Э, акмактар. Мен анда ол чабышта болгон жокмун. Ол бизден эң көп жыл мурда болуп өткөн алп майданы! Уламыштан уккан сөз, билгилерден билген сөз. Өз кезинде ташка, жибекке, агачка, кийизгө тамга болуп басылган дейди. Ол тамганын бизге жеткени да аз. Муну – чечен чегип айтур, билги билип айтур, ырчы ырдап айтур. Бири кошуп, бири эптеп койгону болур? Жолду чаң басар, ташты эңилчек каптар.





Көбү төгүн, көбү чын,
Көсөлдөрдүн көөнү үчүн, –

деп күпүлдөгөн ырчынын тилин кесер эдим?! Бизге бул кести эр бабанын арбагы айттырды! Жалганы жок, чыны көп, жамагы аз болгон көп! Бу, бизге бабадан калган Улуу сөз деп мен айтырмын. Ошо, мындан эчен жүз жыл мурда болсо да, ал чабыш азыр менин көзүмө көрүнүп тур. Ана! Акбозун минген Ууз-Алп отуз эки түмөндү илек-илек кылып: жанчар саярды оңго, чоюн баш чабарды солго, айкырып чабуул коёрду алга коюп өзү отуз эки түмөндү баштады. Баарынын алдында жаа тартып жазбай жебе учурар мергендер. Ыргыткан калпак жерге түшкүчө жетиден жебе мадачулар! Доолбас «дүпүлдөдү», сурнай, жезнай «бапылдады»! Алдыда жалындай жээрде минген жебечилер зымырыктын канатындай жайылып кум-чөлдүн мейкинин жалын кылды!

О, эзелки эски журт табгач колу сан! Ал алдыда жардай түрүлөт. Жөө аскери ортодо. Жаа тартаарлары ошолор. Олор жебе жаадырганда өтүрүк эмес, эки орто жебеден көрүнбөй калыр. Алыстан жоокерди мээлээр, жакындаганда аттарын мээлээр. Атсыз жоокер канаты сынган куш. Табгачтын дал ошо амалын эске тутту. Ууз баба өз жаачыларын алдыга салганы да ошол. Алар канаттай жайылып жебе жерден өзүнүн табгач колуна, ано, жебе узатты. О, ано! Эми биздин жаачылар учурган жебеден күн көрүнбөдү... Эки орто жакындап жоо аттары мээлей турган болгондо, ано, жаачылар жалт бурулду. О, ол качканы эмес, амалдап атканы, артка, кылчая карап жаа тартышы укмуш... ар бири. Жол бошоду. Атайы кезек күткөн күрсүчөндөр, найзачандар айкырып салды. Үйөрдөй ташыды. Жанчар сайылып, чоюн баштар төбөдө ойноду. Жанагы ойт берип жол бошоткон жаачылар эми куюндай уголгутуп бөйрөктөн тийди. Олордун жүрүшү ителгинин учушу. Жоо колунун жаачанда-

Лю Гин падышанын жанында эң акылман абосу, беги, эң баатыр кол башчысы олтурушту. Олор көздөрүн кылыйтып, сыйда сакалдарын төшүнө тийгизип падышасына таазим этти:

– Асман уулу жакшы айтты!

– Асман уулу чын айтты!

Асман уулу туура айтты!

Падыша олорду кубаттап, улуу кызын даңктап койду:

– Падыша кызы жоону тууган кылур. Улуу кызым – Люй-Хэу чабуул салып, тынчыбызды алып турган алп кандын канышасы болсун!

Падышанын акылчылары жүгүнүштү:

– Люй-Хэу, каныша, жапайы алптын бар сырын тартып турур... Хэ! Агач катуусун курт жыгат...

О, падыша кызы күң эмес да. Жапайы канга барбайм. Зордуктап жиберсеңер, уу ууртап өлөм деп кыз каяша айтты.

Узун сакал падыша улуу кызын зордоп узатпады. Онун ордуна падыша сарайында иштеген чоң абосунун кызын узатты. Сары алтын, ак күмүш, жумшак жибек, ак күрүч, ачуу шарап, ар кыйла шекер, шербет, ширин аш-тамакты белектеп, ар жылына Уз бабага табгач падышасы узатып турду.

Эки арада элчи жүрүп калды...

Узун сакал, алтын тон табгач падышасынын бул айласы Уз бабаны бир аз жоошутту. Уа, арстан колго үйүр алса алар. Ол башына нокто каттырбайды, уландар!

Узун сакал Лю Гин амалы алп Уз бабаны капканга чаап салалган жок. Ырас, табгач Уузду тууган дешти. Ууз-Алп да тууганмын деди. Шонтсе да, табгач падышасынын амалы Ууз бабанын оюн бөлдү. Кыш өтсө жазда, күн батса түндө табгач кыйырды басар. Ол амалданар. Ууру желдей тымызын келир. Ууру сойлогон жылан ачуу чагар... Мен ана чактырбайм деген Ууз-баба аттан токум алдырбады. Жоокерди төшөктө уктатпады.





жанында дал өзүнөн кем эмес аруу, таза нөкөрлөрү бар Лай-Фу күймө ичинде кыңылдайт:

Кылыч мизи –
Ала башын кесет,
Акылман сөзү –
Падыша жүрөгүн ээет.

Лай-Фунун жан-жанындагы нөкөрлөр ырдайт:

Бороон чыкты, бороон чыкты –
Сары куюн чөлдөн учту.
Аты арык, өзү алсыз –
Алп кол башчы буюкту...

Мундуу кыздар үн алышат:

Канатыма кубат бергин Будда?
Илек-илекпиз, илек-илекпиз.
Сары куюн бизди ая?
Илек-илекпиз, илек-илекпиз...

Жазда салкын, кышта жылуу падыша сарайын калтыруу; ысыкта чөмүлчү көлдү, зериккенде көлөкөсүндө сейилдээр гүлзар багын калтыруу, көңүл ачаар эчен албан күү муңкантаар оюн-зоокту калтыруу, тээ байыркыдан уламыш жомок айтаар чоң энени, улуу акылман конфуция илимин мөлдүр тамчыдай мээге тамызган чечен марымысын калтыруу; көз ачканда оюнда, сейилде, той-тамашада, бичик окулган ыйык жайда бирге болушкан курбу-курдашты, бийчи, ырчы, саймачы уз кыздарды калтыруу– азыр күймөдө муңайып келаткан Лай-Фунун, анын жанындагы нөкөр кыздардын каалоосундагы иш эмес болучу. Падыша тукумун жеке уул даңазалабайт. Кыз бала, андан туулган жээн падыша тукумунун эң сөөлөттүүсү, белдүүсү... Эмесе, билги Лю-Гиндин жатындаш карындашы Лай-Фу династиянын





сынбас түркүгү сыяктуу – сарайда көзгө басардын бири болучу... Арийне, бийлик турган кезде күнүлүк тыйылбайт. Тактыга ээлик тукумдан эже-синдини, ага-инини жектөө биринен-бири ата тактысын кызгануу, талашуу чин династиясын улантуучулардын дилин уялаган. Күч менен бирин-бири басынталбай турганда алардын амалдуусу жеңет. Амалдуусу күчтүүсүн өлтүрөт. Өлтүргөнүн журтка билгизбейт. Өлүктүн атын сатып өз ишин иштейт. Качан өзү ал арбак аркылуу максатын ишке ашырып, өзү күчтүү болуп алып, анан мурасчыны «Өлдү»! деп жарыялайт. Анан ал өзү бирден бир алтын тактыы ээлөөчү болуп «Жалпы журт, бийик такты талап кылды. Ыйык Асман буюрду»! деген сөздү колдонот. Мурасчы күчтүү, айтканы айткандай ишке ашып турган кезде мунун арам оюн сыртка чыкпайт...

Ушуга тагдырлаш Лай-Фу азыр өзү Ууз-Канга тартууга келатканына муңаят. Сыздайт. Ошентсе да, ал өз тагдырына макул. Алп-Ууз канга эрке катын болуп келатышы бир чети аргасыздан тартууга келаткан жагдайда эмес. Баягы долу суунун жолуна туура туруп, аны тарам-тарам өстөңгө бөлүп салычу тоскоол өзү экенин билет. Эмесе, байыркы чин журтун түптүү, бийик көтөрчү бийик тактыны дал ошол баш бербес жапайы бирок, тажаалдай тайманбас эр Ууз-Кандын ээн жеринде, жапайы журтунда династияны улантуу. Ээлтен душман журтту тууган кылуу, бул эң бийик сыймык! Ал сыймыкты жүзөгө ашыруу, ак жүзү күн көрө элек, жибек ичинде чоңойгон өзү да ошол жибектен бетер үлдүрөк канайым-кызга тапшырылды. Дал ушул уядан уча элек ак күп-балапан... түмөн-түмөн кол баштап келип тилегине жетпей кыргын тапкан падыша кошуунун иштей албаган ишти тымызын өтөйт... Ууздун алп жүрөгүн назик муюштурат. Кечээ баш кесишкен колбашчылар бүгүи туугандашат... Ууздун акылман айымы, табгач кызы Лай-Фу эми журт энеси Билги катын аталат.

О, бул алыскы жеңишти көздөгөн укмуштай амал ат жалында өмүр өткөрүп баарын ачыкка салган момун жур-





## ДАСТАНДЫН ТӨРӨЛҮШҮ

Ата сөзү уулга эм.
*Элден*

Отко куйбөс, сууга эрибес
Мурас калтырдым урпак.
Ол – бабаң айткан Улуу сөз.
*Улама сөзү*

Бабаларды урматтабоо – барып турган наадандыктын, адепсиздиктин белгиси.
*А. С. Пушкин*

«Алптарга жараша алп-оюн»...

Буйлаштын көз алдынан аттары зор, өздөрү зор жети атчан чаап өтүштү. Бирок алар чын атчандар эмес, кыялындакы элес болучу. Ошондуктан жети атчан элес болучу. Ошондуктан жети атчан элеси абадан суурулуп чыгышты. Алар үй жеткидей жерге чейин көрүнүп барып... кайрадан житти.

Адегенде, аларды чын эле алды жактан чаап өткөн жоокерлер экен деп ойлогон Буйлаш чочуп айтты.

– Эр-аке! Жоо!

Ой-тоону бүркүт көзү сак чабыттап келаткан Эр-Киши Буйлаштын «жоосун» көргөн эмес. Чынында тыяк-быякта шектүү атчан жүрсө, аны баарыдан мурда Эр-Киши сезмек. Эчен албан жортуулдарда из чалып, жоонун санын, алардын ашыгып кеткенин, не ашыкпай жай жүрүшкөнүн, кол башчысы кандай? Жортуулда дасыккан баамчыл, кексе, амалдуубу? Не тек эрдикке салган эрдемсиген көйрөң дардаңпозбу? Ээликмеби, тек олжо самаган кара өзгөй, алабарман шашмабы? – деп.

– Эрди көңүлүндө сыйлаң. Жоону көрбөй баалаң! – деген баба сөзүн колдонмо этип жортуулда жоону көрбөй ту-

Падыша сарайынан тартууга келген табгач кызы Ууз Алпка айым болду. Өзү аңдууда жүрдү. Ошентти. Ууз баба сак. Көк кылычты ташка жанытты. Жоокер аттарын конурчакка семиртти. Жоокерге бадана тон, күпө тон тиктирди. Маал, маал табгач кыйырын түрүп бөрү кой үркүткөндөй калың табгачты бийик Сепилине камап, олжого кошуунду марытты...

Уа, эсил Ууз баба!

Ол барда ушу журттун кыйыры суюктан үйөр алгыс, катуудан көк өткүс бек эди го, Теңирим...

Эр-Киши бир саамдай үндөбөдү. Чоң күрөң бөртө-бөртө желүүдө. Жашыл көйнөк жаз саргылт чачык тагынып тоону көздөй бараткан кез. Көгөн тоо таяп калыптыр. Баятан аттардын нымдалган моюн-башына конуп соро берип тынчып алды. Азыр Чоң күрөң чыдабай көгөн жабышкан кулагын силкти. Мадалып кан шимип калган көгөн козголбоду.

Эр-Киши камчы жазгап көгөндү түшүрдү. Күрөң жүндүн арасынан кан сызылды. Ал тек чычкан көзүндөй тостоюп кургай түштү.

«Күн аптаптуу. Эртең жаан жаагыдай эди» деди Эр-Киши оюнда.

Барс чыдамсызданды:

– Сөзүңдү улаң, Эр-аке. Оонон соң эмине болду?

– Уа, уул. Оонон соң не болсун. Суурган кылыч кынга сыйбас. Кылыч кында катылса, жооң жайнайды. Ууз-Алп жоосун жаңгактай чакты. Жаңгак тек чагылбас. Ол тиш сындырур. Кагыш, чабыш, ада болбоду. Кылыч кындан чыкты. Кызыл акты. Ат туягы эзди, жер онтоду. Онон соң албан-албан чабыш өттү. Ууз-Алптын кошууну артты. Асабасы жыгылбады.

Онун арасында табгачтын узун сакал, алтын чапан билги падышасы шумкар болду. Билги падыша көзү өтсө онун арты чуу. Бир кол башчы бир кол башчыдан артыкмын деур. Бир билги бир билгиден эстүүмүн деур.





«Э-э, чунактар. Мен силерди эми да беш күн, беш түн уктатпаймын. Экинчи, үчүнчү түн оор. Андан өтсө, жоокер өзү көк болур. Киши көк болсо, бет алганын кесер. Уа, чыдаң, эр болом деген улан».

– Уа, ол жолу табгач чындап бүгүлдү – деди Эр-Киши тездете бастырып, – Бийик Катын оо жолу айтканын өтөдү: аруу Лай-Фу кызды көп күң, кулу, көп себи, белеги менен камдады... Элчиден элчи эки арада тил ташыды.

Кышында кылычтап кан тамызып кар кечпейлик деди. Жазында ат тердетип суу кечпейлик деди. «Биздин кол менен сенин колуң жоолашып чабышканда жеке киши эмес, уядагы балапан туякка жанчылады, чердеги чаарчык тепселеди... ыйык Көк, буурул Жер ортосу жин-шайтан сапырган чаңга толду... туяктан сапырган тозоң асманга көтөрүлдү. Чөлдүн кум, топурагы киши канына жуурулду... Андан биз пайда таппадык... Ат менен жоокердин тарпын жору тытты... Желди жаман жыт сасытты... Чабышкан биз сыздадык. Жору, кузгун тогонду. Сен жоолашпаң: Мен кылыч мизин жерге караттым. Саа жоо эмесмин, тууганмын»– деди табгач падыша. Элчини узатты... Көк ташка болот кайрап, тулпар таптап эми эрөөлгө кол атказганы турган Ууз-Алп чабышпай кулдук урган падышанын жумшак сөзүнө кылыч көтөргөн жок... Кечээ ат жалынан кан агызып кырчылдашкан жоо эл бүгүн дагы куда-сөөк. Түмөн, түмөн кол жүрүп ажал түрүлгөн жолго эми жибек төшөлдү... Күмүш чөгөрүлүп, дөңгөлөгү алтынга буулган укмуштай кооз күймө-араба күндөн түшкөн жумуртка сыяктанып падыша сарайынын алтын капкасынан камгактай жеңил термелип чыкты. Тамандарына жибек кепич илген, өздөрү чылк күн түстүү жибекке оронгон эркектөр алтын күймөлөрдү узатышты. Алар салмак сезбейт. Тек жибек жолдо бөйпөң-бөйпөң, кедең-кедең секиргенсийт, бийлегенсийт... Кооз дөңгөлөктөрдөн «кылт» кыймыл байкалбайт. Тек сүйрү тарткан алтын жумуртка тек каакымдын сары гүлүндөй жеңил, леп сызып келаткандай... Жан-





ттун башына кандай күн түшөрүн анда эч ким алдын ала баамдабаган...

Табгачтар Лай-Фу кызын бөрүлөрдүн Лайфу каньшасы дешти. Бөрүлөр аны Жол-Апа дешти.

Ууз-Алпка айым болуп келген Лайфу-Жол-Апа сонун күймөсүндө жол бою муң создуу:

Канатыма кубат бергин Будда!
Илек-илекпиз, илек-илекиіз.
Сары куюн бизди ая?
Илек-илекпиз, илек-илекпиз.

Эр-Киши баяндын кайгылуу жерин айтаарда аңоо муздуу, кардуу чокуларга күн нуру чачырады. Асманды ала булут ат жабуулап опсуз өрт чыккандай чыгыш тарап кызарды. Туш-туш жак кан чачырагандай боло түштү. Анан тээ түнөргөн алыскы тоо артынан күн кудактанып чыкты. Асман анча ачык болбогондуктан күн көзү уялыңкы, тек булут катмарында кочкулданып, эң опсуз тегерек чара сымак болуп керүндү. Көздү уялтпады. Бардык табын, ысыгын кең ааламдагы созулган булуттарга, асман бетине, жерсуу бетине сээп жибергендей. Күн өзү өчүп бараткандай...

Аттардын көкүл-жалы, кулагы кызаргандай болуп көрүндү.

Эр-Киши эки алаканын бирдей төшүнө коюп, башын төмөн салып күнгө салам берди:

– Амансыңбы, ыйык Күн! Малга тынч жайыт, элжуртка бейпилдик бериң, Күн?

Уйкудан тынчтыктан калган уулдар Эр-Кишини ээрчип Күнгө учурашты. Баарынын тең көздөрү кызыл, жүздөрү кубакай тартып чарчап турушту.

– Уйкуну шайтанга бериң, Күн? – деди Эр-Киши эң кичи пейилдик менен күчтү, акылды кишиге бериң, Күн?

Ооздук шылдырады, аттар от чалышты. Кээси бой түзөп жылкы-жышаанасын иштеди.





«Жоо аяган жаралуу»! Бу байыркыдан айтылган баба сөзү, балким ошондон кийин калдыбы? Аны мен айталбайм. Не айтаар, эң асыл тартуу – белек жолдоп... Жол-Апа те табгач падышасынын жатындашы – Лай-Фу аруу нөкөр, күң, кулу менен: алтын сарайды кыйып: жол азабын жеп, көп күн, көп түн сапар кезип келип... Ууз-Алптын боз үйүнө кирди. Көчмөн журттун Жол-Апасы болду!

Ал кезде салт өз заманына жараша эди.

Ар замандын өз ырааты бар: жоодон жеңилип кырылгандан калган кол самсып кайтканы бөрүдөй улупуңшуп, жер бетин муңга толтуруп ата сакалын аткып, айкырык салур:

О, жоокер уул өлдүбү? Сакалым жулундубу?

Эне өз башын өзү муштап казанын көмкөрөөр:

– Казаны сынды? Кардым ачты? А-ай... кулунум кайдасың?

Жар чачын жаяр:

– Кара башыл болдум, кайгы мени тытты?! А-ий, шумкарым кайда учтуң?

Чоң-кичик, уул-кыз муңканат. Үй-үйдү, айыл-айылды чуу каптайт. Ит улуйт, уй бөкүрөт, жылкы кишинейт. Күн-түн от жагылбайт. Күн-түн казан асылбайт. Киши муңкүрөйт, эл-журт сыктайт...

Кол жоо жеңгенде муң ада. Казан толо аш, үй толо ырыс... Ата сакал сылайт, эне казан астырат, жар чачын тарайт. Бала кичине жаасын алып тайга минет. Үйдөнүйгө, айылдан-айылга– сүйүнчү! Конуш жаңырат:үйлөр көк конушка, жаңы төргө, суу-суунун боюна конот. Бээ эмчеги ийип кымыз төгүлөт, жер эмчеги ийип таруу көктөйт. Сыбызгы сыздайт, чоор боздойт. Жезнай менен сурнай күү алыша, жылаажын дирилдеп-дыңылдап, доолбас күпүлдөйт... Ат оюну, ат кулагында чимирилген жигит оюну; төө жарыш, жолборс чабыш, аюу күрөш! Колго түшкөн уул, кызды олжолоор – күңдүккө, кулдукка ыйгарыш.

Бир чечен бир чеченден чеченсинир. Олор бак талашты. Бак талашкан кишиң – тарп талашкан жорудай. Бирин-бири жектейди, бирин-бири тытады. Алтын так кирдер. Ак сарай бозорор. Калың эл муңканар. Узун сакал, алтын чапан билги падышасы шумкар болуп учкан соң, табгач ошондой болду. Кан катыны – канышаны эрдемсиген кол башчы тоотподу. Амал ашынса – уу. Өзүнөн чыккан эр кол башчы көп колун баштап келип эми Уз-Алпка кошулду. Ол өз жеринде Жан деген аймактын каны Лу Гуань деген кан. Аны биздин журт Мажик дешчү.

Ошол Мажик көп колун баштап Уз-Алпка келгенде, табгачтын катын падышасы – Бийик Катын[1] бир чети чыккынчыга кыжырланды. Бир чети өз эрдени бөксөрүп жатканга коркту. Ошол тушта Уз-Алптын көк асабасы көкөлөп турган чак.

Уа, уландар, эсирик кесири бирден чыгар да...– деди эмнегедир Эр-Киши күрсүнүп алды да сөзүн улады:– Ошо кут жаап кешик ташып турганда, табгачтын падышасы Бийик Катынга Уз-Алп кесирдүү кат жазды[2]... Уа, уландар. Ону эстеген сайын Уз бабага не деримди билбей кетемин. 0, арбагы тирүү билги алп неликтен ол анча тийишти экен?..

Жолборс Эр-Кишинин оозуна аңкая карады:

– Уз баба эмине жазды ондо, Эр-аке?

– Уа, не жазсын баба. Ол чакта Уз-Алп толуп турган... Ол өзүн да, табгач падышасы Бийик Катынды да келекелеген:

«Алжыган, чылгый теридей ылжыраган кан – менден деп билиң. Мен сазда төрөлгөм, уй, жылкынын арасында тезек жазданып, тердик төшөнүп өстүм. Асман уулун жектедим. Алда нече жолу Сары-Жазыкта ат ойноттум.

Азыр ушу маңа окшоп алжып ыдырап турган Бийик Катын падыша жалгыздыктан тактыда зарыгар. Эки

[1] *Бийик Катын* – Гао-Хэу каныша.

[2] *Эр-киши* «кесирдүү кат» деп атаган катты Уз-Алп Кытайдын падышасы – Бийик Катынга эски эранын (доордун) 192-жылында жиберген.





Жайпап кетсе агын суу
Биз болобуз жоо өтпөс...

Эр-Киши алда кимге кыжырлангандай Чоң күрөңдү моюнга чапты:

– Уа, долу суу, долу суу?! Бир ук, бир өзөндө ташкындап, сен, долу суу эдиң. Айлакер душман амалдап сени тарам-тарам өстөңгө, арыкка, андан шакапка[2] бөлүп кетти го. Сен долу суу кур бака ойногон чалчык болдуң э, шондо?!

Жаш-Тегин намыстана кетти:

– Уа, Эр-аке? Уз баба чалчык беди...

– Э-э... уул, – деди Эр-Киши күңгүрөнө, – Уз баба алптын алпы эди го... Уа, сынбас көк, өлбөс алп кайда? Уз кан барында кыйыр бек турду... Биз ону чалчык кылып кечебиз деген кара жоо акыры тилегине жеттиго, Теңир?! Кулан кудукка түшсө, кур бака айгыр аа...

Эр-Киши дагы үндөбөй бастырды. Барс менен Жолборс жарыша сураштты:

– Айтың Эр-аке? Не, муң болду?

– Муң... муң – деди Эр-Киши.– Ол жолу табгач чындап бүгүлдү...

Жоокер сырын сезген эр аты камчы салдырбады. Элпек басып, тездей жүрдү. «Кана, сен качырар жооң. Качырың. Жетем. Кана, сени качырган жооң? Качкының, куткарам» дегендей Чоң күрөң тың, карылуу, тынч. Эр-Кишини термелтип келатат...

Уландардын уйкудан калганына эки күн, эки түн ооду. Эр-Киши өзү да бир аз талыкшып, уйкуга карамыгып-каалгыйын деген, о, каалгымак кайда. Төөнү сел алса, эчкини асмандан көр дегендей Эр-Кишинин көзү жумулса, араң келаткан уландар суукка тоңгон сагызгандай аттан топ-топ түшкүдөй...

[1] *Шакап* – майда деген мааниде.





«Мейли... ат демин алсын. От кайсасын», – деди Эр-Киши. – Күн-кулактанат... Бороон согур? Жаан-чачын болур? Күз мойну кыскабы... Тоо жактан кар жыттанды... Мал-башка көз болушсак... Кыйырдан кабар албадык...– Анан ал алда немени эстей салган кишиче чочуп, атын моюнга чапты. Уктабаса, эр башы чоюн. Тынбай жортсо, ат туягы болот!

Куш качырган кишиче Эр-Киши таскак соктурду. Кең далысы далдая, чоң денеси күрсүйө тартып өзү ээрде түз олтурат... Чоюн баштын кайыш бүлдүргөсү билекте. Шап ала коюшка оңтойлуу жаа аттанаар жагында ээр кашында илинүү. Илбирстин териси менен тышталган саадак камчыланаар жакта. Негизинде жоокер саадакты оң канжыгага дыкан байланат. Эр-Кишинин салты жааны, саадакты жанаша алып жүрүү. Ат арыштап чуркаса да, андан-дөңдөн секирсе да ыргып кетпес кылып жааны, саадак боону ээр кашына чып кыстырган жез чампасы. бар. Айтор, жаа менен саадагы кол алдында белен. Өз жоокерлерин да ошого үйрөткөн. «Э!» дегиче экиден жебең учпаса, жоо саа бута болуп бербейди! Ийменчектик кызкелинге жарашаар, күймөнчөктүк эрдин колун байлайды. Шап курал алганда «Шак» огуң тийсин. Шамдагайлык эр күчүн эки эсе кылды! Баягы куудул Шап шамдагайлыгынан азыр түлкү болуп туруп, кайра жору. Жанында туруп биз ону таанышбай калабыз. О, ол аа Теңир берген шык! Жоокерге да шамдагайлыкты Теңир берген! Ыкшоо жоокер, ычынма, уйкучу жоокер, уттурма, коркок жоокер кор болмо?! Коркуп жүрүп колго түшөдү. Кол-буту маталып кулдукка кетээр. Эр кишиге жоо колунда кул болуудан өткөн кордук барбы?

Ар дайым ушул кепти жоокерлердин кулагына куйган Эр-Киши «Буларды ийлейин. Көп ийленген мойнок сууда ээилбейди, күнгө катпайды. Көп бышыккан жоокер чыдамдуу» дечү Эр-Киши күн чекеге көтөрүлгөнчө Чоң күрөңдүн таскагын урдурду. Өрткө ашыккан кишиче шоолдап жүрүп олтурду.





гандай... Эр-Киши ага чын дилинде ыраазы. Ал тургай Жаш-Тегинге караганда Буйлаштын антип чыйрак келатышын күнүлөдү. Эр-Күлчүрдүн ордун басып, жанчарын саптаар өз тукуму Жаш-Тегин тиги жолдон кошулган «бөтөн» уруунун уулу Буйлаштай чыдамдуу боло албаганы жаман төлгө. Буйлаш мыкты чыкса, Жаш-Тегин андан кем болсо, бул күчсүздү күчтүү жетектеген заманда эртедир-кечтир жолдон кошулган Буйлаш Эр-Күлчүрдүн өз тукумуна каяша айтаар. Ал тургай аны басаар, аны кордоор... Эр-Киши бул жагына өтө сак. Ушулар бири отко түшүп, бири үчүн бири ажалга барып алптардын. эзелки асыл салтын бекем сактаар бекен? – деген санаа эми Эр-Кишинин тынчын алды.

«Так үчүн атасын сойгон азбы? Дүйнө үчүн агасын сойгон азбы? Даңк үчүн эл-журтун саткан азбы? О, кыраан ай, о, кыраан ай. Сенин тукумуң уядан жегенин чабыттан алады. О, адам ай, адам ай. Сенин тукумуң көргөнүн иштейди. Бир бузук өз айылын таласа, аны көргөн бузук эки айылды талайды... Киши тукумун андай бузуктардан ада кылуу не колдон келбейби»? Ушуну ойлогон Эр-Киши тигил уландардын кимиси кандай экенин эмитен баамдап, таанығысы келди. «Бу эр-кулдарды кыйнайын, кыйнайын... Кыйналганда киши өзүнүн ким экенин таанытады»...

Ат от чалып, өздөрү суусун жуткуча күймөлдү. Эң бийик чокудан күн кызылы сөнгөндө, ал азыр гана аттанган кишиден бетер жайкала бастырды. Бая аяктабай токтолгон «Улуу» сөздү кайра баштады:

– Сөз бөлгөнүңдү каргаймын! – деди Эр-Киши күрсүлдөп. – Азыр айтаарым жөн сөз эмес – оор сөз! Эси жок уул эсине тутуп, башына күч келгенде эстей жүрчү сөз!

Боо дейре мен чырпындыдан тутанган от өрт болгонун кеп салдым. Эми ошол эч өчпөөчүдөй албырган чоң өрттүн кантип кичирип, кантип өчүп жок болгонун, кеп салам. Аны кайсы күч, кандай амал өчүрдү, ошону кеп салам. Сыңар кепти кетирбей эшитиң!

падыша экөө тең көңүл ачаары жок аябай зеригип тур. Өзүмдө барды өзүмдө жокко алышмакка… мен чылгый падыша Бийик Катын сени каалаймын»– деген кат.

О, табгач падышасы – Бийик Катындын ачуусу кайнады. Ошол замат өзүнүн або, бектерин сарайга чакыртты. Кат алпарган Ууз баба элчисинин башын алдырып, ол, биздин журтка жортуул баштаарын айтты. Шондо эрдемсинген Пен И деген бир колбашчы падышадан өтүндү:

– Маңа он түмөн кошуун бериң. Мен Модэни чабам! – деди.

Шондо дагы бир билгиси Ги Бу мындай деди:

– О, бийик падышам. Жүз миң аскери менен Пен И эмне кылар. Өткөндө үч жүз жыгырма миң аскер менен чабуул койдук. Ошондо ол көп кошуунду баштаган Пен И эмне кылалды… Эт жеп, кымыз жуткан жапайылардын сөөгү чулу, булчуңу катуу. Олор бөрү тукуму койго тийгендей биздин колду аралады. Алдыга келгенди олор кардын жарды. Канын жутту. Олор күчтөн таярда кайра күч алды. Аш-тамакты чөпкө чыктап жеп чилмайда өскөн биздин кол жети күндүк ачкалыкка чыдабады. Өз боюн алып кача албай көбү кум чөлдө сандалды. Тизгин жыя албады. Саадак тарта албады. Качты. Кырылды…

Наар татарга тамак жок,
Жети күн, жети түн ач калдык.
Жаа тартарга дарман жок,
Кум чөлүндө сандалдык…

Деп ырдаганбыз анда. Ону тез унутсак ансыз да алдан тайып турган өлкө ого бетер алсызданар. Аа коркунуч бар. Тиги куштай учуп, желдей сызып, жырткычтай айыгышкан көчмөн журтту күч менен көндүрө албайбыз. Олордун жылуу кебине кубанбайлы. Олордун ачуу кебине кейибейли. Олордун жамбашына кебез төшөйлү, башына





жибек жаздайлы. Алдына жан жыргатар шарап коюп, жүрөгүн билгизбей уулаар «дармек» менен «эмдейли»…

Уа, шондо табгач падыша Бийик Катын билгиси айткан бул акылды эшитти. Битикчисине өзү айтып катжаздырды:

«Үбүлүп араң турган ордону Шанья унутпапсыз. Эске тутуп кат жиберипсиз. Үбүлгөн ордо жаны чыкканча коркту. Өлөр күнүн эсептеп жиберди… Ол ал-күчтөн ажырады; чачтары жыдып, тиштери шалдырап түшүп жатыр. Аяк шилтеп басалбас. Шанья, жаздым көрбөң, жаманатты болбоң. Үбүлгөн курган ордого арка-бел болуң. Көз салың. Саңа падышалык эки алтын күймө, төрт күн атын[1] тартуулаймын… Маркум Асман уулу саңа ордодогу кызматкеринин кызын кыйды. Азыр мен Асман уулунун жатындашы аруу Лай-Фуну жанындагы нөкөрлөрү, аа, саа кызмат өтөөр кулдары, эң көп себи энчиси менен узатам. Өтмө катар тууганмын».

Катты берди. Көп асыл белек тартуулады. Ууз-Кан элчисин олор чоң сыйлап кайра узатты…

Уа, амалдуу Бийик Катын ушундай билинбес уу тилин салды. О, канча ишенбейин десе да, Ууз баба ак көңүл да… Ол, аруу кызга, жибектей жумшак сөзгө, алданганын сезбеди. Табгачтын бийик падышасы маа тизе бүктү. Айласы түгөндү деп ойлоду. Жортуулду токтотту. Туугансыды. Бийик Катынга кайра элчи жиберип кат узатты. Тууган болду. Ыраазычылыгын айттырды…

Ол, уулана баштаганын сезбеди. Көк асабасын ордонун түндүгүнөн чыгарды. Чоң той айттырды…

– Кынга сыйбас көк кылыч кынында! Табгач падышасын тизе бүктүрдү! – деди.

Ууз-Кан колу ырдады:

Азуулуунун долусу –
Бөрү менен эмчектеш.

[1] *Күн аты* – Чылк жээрде аргымак ыйык жана баалуу саналган.





«Уйку сураган немелер ээрде эзилсин. Уйкулары качсын»! Бир нече жолу туяк астынан коён качты. Түлкү көрүндү. Орто арадагы ачыкта ордо тепкен каракурлар жүрдү. Бир-эки жолу жолду туура кесип каркаң-каркаң арыш таштап бугу өттү.

Алардын эч бирине Эр-Киши көңүл бөлбөдү. Тек көрбөгөн киши болуп тизгин какты. Бирде сейрек бадалды, топ-топ кайыңды, карагайды аралап, бирде шар сууну кечип, адырга, апай бетти этектеген жалгыз аяк кой жолго салып, бирде эч жолсуз шиберди жойкундап кете берди…

Ал ошентип ашыга алдыда бараткан менен анын бар оюу, дили, кулагы артта келаткан жаш жоокерлерде эле. Арийне алга карап бараткан кишинин көзү арттагылар ды көрбөйт. Бирок ал өзүнүн сергектиги, сезгичтиги менен аларды көргөндөй болот. Бул ар бир кишинин сапаты эмес. Чабышта, эрөөлдө көп жүрүп аябай сак болуп көнгөн, чабышта көп болуп дасыккан жоокер гана ушинтип сезет. Антпесе, жоокер өз бет алдындагы жоо менен алек кезде аны арттан келген жоо торойто чабат. Арткы жоосун сезе билген жоокер анын кантип келатканын, ал өзүнө канча калганын карабай көрөт.

Азыр Эр-Киши арт жакта келаткан жаш жоокерлердин кимиси кантип келатканын кылчайбай сезди, карабай «көрдү». Ана, ат үстүндө келатып үргүлөп кеткен Жолборс көзүнө кийиле түшкөн калпагын түшүрүп ийе жаздап илип калды. Бозуул болсо жерден тыйын эңчүүдөй ат жалына эңкейе түшүп кайра түзөлдү. Кечээ намыстанып калган Барс бүгүн каалгып уктабады. Кез-кез өз жаагын өзү муштап алып ыйлачудай кызаңдап, зызырынып камчыны абага жазгалайт… Жаш-Тегин ээрде түз мадалын туурда олтуруп уктаган куштай маал-маал көзү жумулат, өзү казыктан бетер түзөлө калат. Агуул гана бир жолу арттап калып, аттан түштү. Ал, не заарасы кыстап атайы түштүбү? Не уйкусуна чыдабай уйкуга жендирди-





би? Айтор, ал бир далайга арттап калып, жолдошторуна араң жетти…

«Мейли, – деди Эр-Киши.– Жол азабы неде? Бу уландар көрсүн. Сезсин. Сезсин… Анан айкырган чабышта аттан түшүп калганы не болур. Маталып кул болор, ол».

Эр-Киши тигилердин ар бирин көз жаздымда калтырбады. Өз баамында: «Уа, ай балтага сап болчу уулдар» дейт.

Айбалтага сап болгон жоокер журт акысын мойнуна карыз кылбайт. Азыр Эр-Кишинин жанында келаткан уулдар баралына келгенде ар бири эрен жоокер, эрен кол башчы, чечен, ченчи, билги, або, бек болууга тийиш! «Биздин бир уул жанында жүрсүн»!– деп Эр-Кишиге бир баласын кошкон ата, эне баарыдан мурда өз баласына ак жол тилейт. Эптеп алдындагы ашты ичкен аяк бошоторду ата, эне мал четине, отун-суугa ыйгарат. Ал эми кол башчыга кошуу, демек, ушул уул – айбалтага сап. Ушул уул эр жоокерди колдоп кыйыр багат. Ар-намыс сактап, журт тиреги болоор деп тилейт. Бул доордун өз тушуна жарашкан жарык мектеп! Эр жоокерди, эр кол башчыны ээрчип андан таалим албаган уул өз заманынын билимсизи, алсызы.

Эр-Кишиге уул кошкон уруу ал уулдан келечекте чоңду күтөт. Тарбиясындагы жоокерлерди чыдамкай, айлалуу, күчтүү кылып өз милдетим деп ал азыр уулдарды чоң сыноодон өткөрүп – жол азабын тарттырууда. «Жол азабы – көр азабы. О, ошо көр азабын үч жолу баштан өткөргөн уул төртүнчү жолу алдынан карп-курп ажал кездешсе, андан аман кутулады! Ал тургай ажалдын калканын колунан түшүрө чаап, өзү кан жолдо каткырыр… О, бу уулдардын кимиси ошо жол азабына чыдайды. Алп салтын улайды? Кимиси»…

Эр-Киши алдыртан баамдаган сайын тигилерден сыр бербегени – Буйлаш! Ал беркилерчилеп ат үстүндө каалгыбады, не ээрден эңкейбеди. Үзөңгү теминиши, ээрде олтурушу, камчы таштаашы тың. Эми гана атка минип бастыр-

руп эле, алардын өткөөлдөн өткөнүнөн, адырлуу жерде, түздө, ашууда кандай бастырган изинен улам жоонун күчүн, максатын баамдаган Эр-Киши кийин чындыкты иликтегенде өз баамынан анча жаңылбай болжолу төп келчү. Бул көзү ачыктык эмес: тек, жоокердик баамчылдык. Учурдун окуусу – турмуш өзү сабак берип үйрөткөн илими болучу!

Ошо турмуш сабагынан каныга таалим алган Эр-Киши сак келатты.

Буйлаш: «Эр-аке, жоо»! дегенде ал мыйыгынан күлдү.

«Баса, баса, жол азабын эми сезейин дешиптир. Токтоң баарың! Дагы эрте. Дагы боло элек. Түпкү аталардын тирүү арбактарын көзүңөргө үч кайра көрсөтөм. Уа, ошондо ээрде уктап баратып… Капылыстан жоо чыкса, жазбай сайгыдай болосуң, ар бириң!»

Эч-этчемкени сезбегендей Эр-Киши шыдыр кете берди. Буйлаш андан алыс эмес, ат мойнунча арттап келаткан. Анын айтканын уккудай эле болучу. Ошентсе да, анын «жоо» дегенин Эр-Киши капарга албай шыдыр кете бергени Буйлашты уялтты. Эчтемкеден эчтемке жокто, көзүнө кандайдыр бир атчандар көрүнө калганга коркуп кеткен кишиче, «жоо» деп чочуп айтышы, эми өзүнө осол сезилди. Деги булар уктубу дегенсип, жолдошторуна элтеңдей карады. Не Жаш-Тегин, не Жолборс, не башкалары Буйлаштын «жоо» дегенин угушпаган сыяктуу, угушса да, капарга алышпадыбы? Алар, тек жортуулдагы жоокерлердей ээрде олтурушта бекем, тың. Уйкулары умачтай ачылып коло үзөңгүлөрдү тыкан теминип, ээрде казыктай солк этишпейт.

«Уа, итиң… кайдагы элес көрүнө калды эле?!» деп эми Буйлаш өзүнөн өзү кейиди.

Чоң күрөң тизгин кактырбай, камчы салдырбай бөртө желди. Эр-Киши үнүн көтөрө салып, баянын улады:

– Уа, капсалаң-чабыш болбой, катуу багыт жут келбей, чоң-кичикти орумдай оруп улуу тумоо каптабай… эл-журт өсүп-өнгөндө эмдиге жер жүзүнө киши тунуму сыяр беди?!





Кары өлүгү жаткан жер.
Кара таш жошо боёлуп,
Кан булактап аккан жер.
Ыйык Асман ал ыйлап,
Жан-жаныбар чурулдап,
Бооруу күрөң калың Жер,
Боорун чулгай өрт каптап –
Боздоп муңга баткан дейм…

Деп айтылган «Улуу сөздү» эшиткиниң, кулакка куй, көңүлгө түй! Ата наркын улап киши болом дегениң, ушундан кийин мени ээрчиң! Жок, атта жүрбөс борпоңуң, жоого чаппас коркогуң эрте жарыкта ушул жерден

кайтың. «Мен Эр-акени ээрчибедим. Марымына арзыбадым. Корктум деӊ. Чынын айткан киши ак. Корктум деӊ, өз журтуңа. Башка айтканың өтүрүкчү болосуң. Өтүрүктүн бети кара. Ол, сапарда, кандуу чабышта жеке өз жанын сактайм деп жүрүп, эшине зыян келтирээр. Элдин төрүнө түкүрөөр… Баба сөзүн ол эшитпес. Эшитсе аа кеп жукпас.

Эр-Киши бирде кебин жомоктотот. Бирде күпүлдөп доолбастын согулушун, эр атынын чуркашын, сурнайдын бапылдашын эске салып обондотот.

Баягыда, эр атасы Күлчүрдүн мүрзөсүнөн топурак жалаткандан бери ушул Эр-акенин марымын алып, жолун жолдойм деген Жаш-Тегин азыр, аны жаңы көргөндөй, ага таңданды. Анын азыр эмне болуп келатканын сезе албай: «Эр-аке! Жол каргышын албасын. Эр-аке жинденбесин»? деп чочулады. Эр-аке жинденген киши эмес: анын айткан Улуу сөз сабагы уландарга күч, дем, эс бергендей…

– Бу күч – Эр-акемдин бизге берген марымы! Улуу сөздүн күчү – деди Жаш-Тегин. Эч бири Эр-акенин оюн, кебин бөлгөн жок.

– …Коркогуң, кеткин! Коркпосуң, жүрүң! Борпоңуң кетиң! Чымырың жүрүң! – деди, Эр-Киши. – Коркокко





кырга чыккан жалгыз аяк тал жоо болуп көрүнөр. Борпоңго айырмачтай кыр ат ашкыс дабан болур. Дал ошондо коркок менен борпоңдун акылын-эсин арам жеңеди; арам киши өз башынын сагын самайды. Бири азгыргыч, бири жазгыргыч болур. Колду иритир. Арам киши өзүнө ага издер. Будуң үстү чаң уюсун, өз башым таза калсын деур. Эр жоокерди жер жутсун, атын минип калайын деур. Билги кан өлсө-өлсүн, мен үңүкүргө жашынайын деур.

О коркоктор: кокуй дечү эди,
Будуңга[1] бүлүк түшүрүп,
Бутбарач жолун көрчү эди.
О, борпоңдор бошко желчү эди.
Жоо мергени жолукса, –
Бута болуп берчү эди?!

Ызасы түйүлө түшкөн Барс бакырып ыйлап жиберди:

– Мени коркок дебең, Эр-аке?! Коркок десең, сынаң?! Сындан өткөрүң. Чын марымчым, бизди бирден сынаң?..

Эр-Киши ага кылчайган да жок. «Э, эссиз, сени сынаганым качан? Сени сынабасам, баарыңды беш күн, беш түндөн бери уктатпай коёр бедим?! Бабамдын арбагын көрүрсүң. Кардында тамагы, үстүндө тону жок калгыча, чабышкан эр кишилердин жылаңач басып жүргөнүн көрүрсүң. Олор, амалкөй, жоону канча кыйратты. Өздөрү да кыйрады… Олор ошончо көп кырылды дейсиң, өлгөндүн сөөгүн жабаарга топурак жетпеди, моло курарга таш жетпеди… Олор эрдик көрсөттү – ыйык өлүм тапты. Ол эрлерди көк аяды: баарын жылаңач арбак этти. Олор таш сыяктуу болуп калды. О, арбак кайдан таш болсун. Олор коркокко таш болуп көрүнүр. Коркпос эрди чылбырдан жылоолоп, жоого баштар! Жолоочуга жол көрсөтүп тур ол, арбак болгон эрбаба! Ано, эңилчек баскан чоң моло таш жарылып, жылаңач бабам сурданып чыкты! Баса, ол биздин момун тукумду

[1] *Будуң* – эл-букара деген маанилде. Кара будуң – кара букара.



**ЭКИНЧИ БӨЛҮМ**

Патриотизм – Ата Мекенге карата эчен миң жылдап, кылымдар бою чыңалган өтө терең сезимдердин бири.

*В. И. Ленин*

Кеги кетпеген,
Келгенин эптеген,
Кеткенин жектеген,
Намыска айланган,
Ажалга байланган,
Урушка шайланган –
Кырк уруу кыргыз элек…
Кыйлага ырыс элек.
Нээтибиз Эгеме жагып,
Не түрлүү малды багып,
Кенжебиз калмак болду.
Кеңири дөөлөт конду.
Тарап таранчы кетти.
Талабыбыз далайга жетти,
Тогуз уруу кыргыз калды.
Көкөтөйдүн ашы деп.
Тополоңду жаман салды.
Катарында казак болду.
Калгандарга аш деген азап болду,
Ууз уулу Манаска мазак болду.

*Манастан*

(Кыргыздардын) – Калкы жалпы ноочо (бойлуу), жээрде чач, жээрде сакал, кызыл иреңдүү, чекир көздүү… Зайыптарына караганда эркектери азыраак… Алар нарктуу жана чыдамдуу…

*Н. Я.Бичурин*

Ашып-ташыган казандын эрдениnен аш-тамак төгүлөр. Ашып-ташыган кезинде кан, бек кара өзгөй тартыр. Кара будун бүлүнүр. Көп жашап Ууз-кан шумкар болду. Көп жашап Жол-Апабыз учту... Журт кыйырын күзөткөн алп кеткенде өз жоолашыр. Душман көк ташка кылыч жаныр. Ол кан самыр. Олжо алгысы келир... Ууз алп учту. Табгач кайра жоолашты. Ол койнуна каткан жыланды кончунан чыгарды. Жанчар бою кар түшүп эр аты кар кайсап, теskей эмес, күнгөйдөн жылкы тукуму кар тебе албады. Жазгы тукум кар кайра калыңдады. Эрип-эрибей ой-тоонун калың кары ыңкыды. Жыланач жут короо-короо койду кырды. Согум эти ада. Кысырактын жалы шимилди, ириктушактын куйругу шимилди, бодо мал жер томпойтту. Кой, жылкыдан бычакка илинээр калбай – жут тажаал көп түлүктү орумдай орду бейм?! Уа, бөрү этектеди, жоо жакалады: жылуудан суугу катуу дүнүйө ачуу бүркүт о, жылдар... Биздин эр журттун чамгарагы түштү, казаны көмкөрүлдү. Жут бир келип ада болбоду: ар эки жылда, ар алты жылда, ар үч жылда жуттун муз туягы ушул Улуу-Тоолорду тээп турду... Чабыш бир болуп ада болбоду. Жоокердин жаак эти шимилген сайын каршыккан жоо күздүн күнкү куюндай күттүрбөдү: түндөсү түндө, күздөгүсү күздө ат терин кургаттырбай каптады, тажаалданды. Бала ат үстүндө төрөлүп, ат үстүндө чоңойду, кыз ат үстүндө шөкүлөсүн алдырып, көшөгөсүн ачты; кары-картаң ат үстүндө төшөк тартып, көргө коюлду; жоокер ат үстүндө чырым уктап, ат жалында суусун жутту; уа, биздин журттун көргөн күнү, кечирген тиричилиги жортуул, чабыш, чабыш?!

Чоң чабуулда жоокерлерди чабышка узатып тургансып, Эр-Киши колун алга карай көтөрдү. Кайыш бүлдүргөсү билекке илинген ыргай сап булдурсун салбырады. Камчынын музоо тиш өрүмдөрү күндүн чагылышына жалтырай калды эле, ал келте куйрук жоон жыландай дирилдеди. Эр-Кишинин көздөрү оттонуп, сейре-





– Сабыр этиңдер, эр чоролор. Силердин күчкө даар эч жоо жок. Силерди мунан соң киши-пишери жылоолоор. Көк теңири сактаар!

Баятадан уюлгуган кара булут калыңдады. Адегенде ири-ири жаан тамчысы «тып» «тып» жоо кийимин сабалап... анан бат эле калбырдан төгүлгөндөй нөшөр төктү.

Аттар да, кишилер да бат эле шөмтүрөп суу болуп кетишти...

Барс, Жаш-Тегин, Буйлаш, Жолборс, Агуул, Бозуул башкалары да эстерине келишти. Баятан көздөрүнө уйку конгон уландар ат үстүндө араң келатышты.

Эр-Киши тек бажылдап, кубанып айтты:

– Жаан суу кылса, күн сууну кургатур. Жүрө бериңдер!

Коңур булут тоо башын чулгап алган Асмандын түбү тешилгендей нөшөрлөп жаан сабап турат. Аттар бир калыпта жумшак желет. Шөмтүрөк. Жер-дүнүйө жаандан корголобогон эч бир жандуу жок сыяктуу...

– Ээрде каалгып уктай бериңдер, – деди эми Эр-Киши уландарга:

– Жоо жок. Кыйыр тынч. Ат өзү желип-жортуп кете берир.

Жумшак гана желип-жорткон ат үстү мамык тартты, уулдар ээрде жыргап мемиреп укташты.

«Уа, уулдар уктаң эми. Уктаң. Ончо болбосо чындап жииденээр эдиңдер», – деди Эр-Киши өзүнчө...





ушунча кырган, асылын талап ак жүздүү кыздарын күң, эр уулдарын кул эткен жоого ачуулуу. Боорукер эр таштай катуу болду: Ол эр-баба жоо алдында күчүн кетирди, жоо аяган жаралуу да?!

«Хэ, – деди жоо.– Бу журт бүттү. Бээ байлап, ордо тиккен конушуна бөрү уңшуйт. Күлүк сугарган тунук булагы эми чалчык. Алтын-Тоосунун алтыны эми бизге калды. Эгиндигине биз эгин эгебиз. Хэ?! Желдей сызган алптарынын канаты чабылды. Өзү бүттү. Аны биздин колдун жанчары жанчып бүтүрбөйт эди. Бу жортуулчуларды жумшак сөзүм азгырды. Жумшак жибегим кызыктырды. Бу журттун алпы, эрен-баатыры көп болучу. Онун кийген эр кийимин жебе тешпес эди. Ону биздин жумшак сөз тешти. Ону, биздин күндөй аруу кызыбыздын сүзүлгөн көзү тешти. Хэ?! Эми булар тыйпыл. Эми булар ат ойнотпойт. Эр баштары кагыраган куу сөөк? Ха! Ха! Кыргындан калган назик кызы биздин кулдун күңү. Аттан ажыраган эр-уулу биздин күңдүн кулу. Ха! Ха»! – деди, жоо.

Бизди ушинтип жаман кордоду.

Эр-Киши кайрадан күчөдү:

– Айт, айтың, чын уул болгонуң? Кордолобузбу? Айтың, билгениң? Уа, жоо, ошо ак пейил тукумду тыйпыл куруттук деп үч ай бою той тойлогон. Алтын чамгаракты тээп сындырышты, анда. Доңуз кыгы жандырган отко жакты, анда. Жебе жетпес аргымак-күлүктөрдү үй айдаган уйчуга мингизди, анда. Күндөй аруу кыздарды кирилдеген кары кулуна берди, анда. Ойдон жыпаркиндик, жейрен качырбас тайгандарды кутурган итке талатты, анда. Оо бийиктен жырткыч алган кыраанды кызыл түлөк кылып корозго тепкилетти, анда...

Уа... андагыны мен айтпайыи, силер эшитпең. Жадаса, ыйык жердин топурагын күл кылып жиберсек деп... колунан келбей калды. Таш баба жоого баш бербеди... «Тыйпыл болду» деген будуң урпагы ар кырк жылда, ар сексен жылда, ар жүз жылда таптты жарып чыкты. Туюктан сок-





муңкан, эркинче божура, ыйла, ушкур. Мен, сени ушинтип алга карай алып кете берейин»... дегендей бир калыпта желип, анда-санда кулак силкип, чымынды чочутуп, андасанда «бырр» бышкырынып коюп жоокер жүгүн көтөрүп аттар бир калыпта топ-топ, бүлк-бүлк желип басууда.

Эр-Киши жанагыдай кейип муңканбады, томогосун алган бүркүт чабытка темине карагандай эми жагалданып өзүнчө күүгө салып, күп-күп айтты:

> Бабаңардын жомогу,
> Дал ушундай болучу!
> Муну –
> Айтпай койсок болобу!

Анын кексе, кектүү карашында эми тайманбас кайрат бар. Ал күпүлдөгөн сайын Чоң күрөң селтең этет, кулактарын кайчылаштыра, жоодур чоң көздөрүнүн агы көрүнө калат. Үстү «дирт» этип, туягы жерге бек согулат: «Эмне? Жоо келдиби? Сызгырылайымбы? Суудан сүзүп, кырдан ашайынбы»? дегендей, жаныбар эр аты, жоокер аты Чоң күрөң элтеңдеп, башты чулгута тизгин чойдура таскагын чыгарды. Эр-Киши күпүлдөдү:

> ………………………………
> Карындары дардайып,
> Ат өлүгү жаткан жер.
> Кайран колу шалдайып,
> Эр өлүгү жаткан жер.
> Чачпак, шуру чачылып,
> Жар өлүгү жаткан жер.
> Ууз эти жылаңач –
> Бала өлүгү жаткан жер.
> Узун чачы чубалып,
> Нурдуу жүзү кубарып
> Кыз өлүгү жаткан жер
> Кардай чачы агарып,

– Кач, жолдон жырткыч! Кач!!

Эр-Киши солкулдап күлдү. Чын эрдиктин күлкүсү. Кубанычтын күлкүсү. «Уа-а, уулдарым. Жети күн, жети түн уктатпай Эр бабанын тирүү арбактарын көрсөттүмбү көзүңөргө. Киши башын кемирген жырткычты да көрдүңөр го. Эми өрт каптаса, отко түшүп бересиңер... Суу ташыса, селди бөгөп бересиңер. Баба арбагы силерди эми тар жолдо колдойду. Силер эми тайбассыңар! Көзүңө жырткыч көрүнсө, жырткычты сабаң. Ажыдаар көрүнсө, ажыдаарды сабаң»...

Эр-Киши каткырды:

– Уа, сабаң-сабаң! Мен силерди ушинтсин деп: жети күн, жети түн уктатпадым. Тындырбадым. Жинденин, эми ар бириң! Жинденмейин алп кылычы курчурбу. Жиндени-иң, уул!

Жоокер болучу уулду ийлеп жетилтип, аны эрдикке бышыктыруунун эң татаал сабагы да ушул Эр-Киши марымчы баштаган уландар көргөн машакат. Дал ушул узак жолдогу мынабу ээлигип эрдемсиген уулдардын баштан өткөргөнү эрдиктин бышыктыруусу. Чынында буларды эч кандай киши, эч кандай жин, эч кандай жырткыч курчабады. Тек элес көрүндү. Уулдар аны элес деп билбеди. Чын жоо, чын жин, деп ишеништи...

Эр-Киши ак тилегине жеткен алптай кубанды. Жанына ээрчиткен уландар ак ишти сатпас, коркунучтан тайманбас чын баатыр болооруна ишенди. Өз тилегине жеткенине кубанды:

«Уа-а, булар чындап жинденип кетишпесин. Жоошутайын. Ак жолго баштайын» – деди Эр-Киши. Анан ал Чоң күрөңдү такымга басты, айкырды:

– Уа! Эр чоролор! Токтоң! Токтоң! Жоо кырылып качып берди силерден! Токтоң! Таш жарыгынан чыккан жырткычтар өлүштү. Токтоң!

Уландар жоошуй түштү...

Эр-Киши да бир аз жоош айтты:





гирээк муруттары тип-тик, кара-сур ирени сузданып, жар кабагы түйүлүп, каштары түктүйдү. Зор тартып жаш жоркерлердин көз алдында өсө түштү. Азыр чабуулга ат коюучудай белсенген түрдө айкырып айтты:

– Уай, аттигиниң, ай! Тээтигил жер майыштырган калың жоонун каптаарын билген бабам, азыр алдан тайып канатсыз калды,[1] э?!

Азыр Эр-Кишинин көзүнө байыркы бир болуп өткөн чоң чабуул элестеди. Кырдан эр башы тоголонгон, каны булактаган кыргын чабыш бабадан атага, атадан балага жомок болуп калган. Жоокер минээр ат арык, жоокер кармаар айбалта кетилип... журт мөгдөп турганда, анын ишенген алпы, акылманы аттан ажырады. Күчтөн тайыды, акылдан мокоду. Ал – баягы Теңир өзү күч берип, Теңир өзү жалгап ак жолборс колдогон Ууз-Алптын небереси Түмөн болучу... Түмөндүн тушунда жоо күч алды. Алар дембедем кыйырды бүгүп чабуул салды. Калың жут, кандуу кыргын кезекме-кезек алмашты. Акыры алдан-күчтөн тайыган көчмөн журттун башына кара казан көмкөрүлдү. Кайран элди асман өзү каардады: күкүк чакырчу теке какшыкта тизеден кар жатты. Ак калпак кийип тай туйлатып балдар ойночу чакта, тай эмес, жоокер минер ат арык. Эне май томуруп, келин курут кайнатаар чакта, журт ач, ата, эне күлүп олтураар чакта уул-кызды кызыл тумоо[2] каптады. «Чечекке чектирбеген чымчыктарымды кызыл тумоодо кырып алдым» деген сөз калды. О, ошондой катуу багыт, капсалаң, кандуу кыргын болгондо жер бетин көрүнбөгөн кырсык каптаар.

– Киши уулу тарамыш болуп калыр. Көздөн жаш тамбайды, от жакпай ол кар калап жылынаар. Наар татпай, жел ууртап тоюнаар. О, киши уулу, киши уулу. Каарына алаарда ол ошентип күчтүү болуп кетеди. Ошентип от

[1] *Канатсыз калды* – жутта аттар кырылды. Атсыз жоокер – канатсыз куш.

2 *Кызыл тумоо* – кызылча, ызамык сыяктуу жугуштуу ооруу





үйдү. Акырында ошондогу чоң чабуулга биздин кол жылаңач аттанды...

Ано, жылаңач кол кыргын тапты, ташка айланды. Олордун тирүү арбагы жылаңач көлөкө болуп жер кезип калды. Кыз-уландын кырчын өмүрү, сай-сайларда жаш кайың болуп өстү. Ата-эненин көз жашы өзөн-өзөндө булак болуп акты...

Ано, ой-түздү дөмпөйткөн таш мүрзө, таш моло, таш күмбөз, таш дөбө?! Олордун алды толгон жылаңач жоокер, жылаңач ач киши. Көмүлгөн ата-бабаң?!

Эр-Киши тамшанып шилекей жуткуча унчукпай калды. Ат арытып келаткан жаш жоокерлер кеп-сөз айтпастан салбырап турушту. Адыр-түздөрдө корумдалган таштардын, дөмпөйгөн дөбөлөрдүн эмнеликтен пайда болгонун булар эми түюнду. Ушул калың мүрзө, ушул корум таштар, дөбөлөр жанданып келаткандай. Таш күмбөздөрдүн астынан жылаңач арбактар жабалактап чыга калгандай, булар сестенди, коркту...

– Бу бир чети?! – деди Эр-Киши, үнү муңканып чыкты. – О, бу бир чети?! Өр жагы Бай көлүнөн бери, тиги күркүрөгөн Кем өзөнү, тигил Алтын-Тоонун адыр түзү, күн чыгаар жакта ошол табгачтын Сары-Жазыгына чейин бу дүйнөнүн ой-тоосуна ошондо жылаңач жоокер аттанды, жылаңач өлүм себилди... Таш корум, таш дөбө, таш элес, таш баба – баары ошол чоң чабуулда сапар тарткан баба?!– Бабаң, жан талашып өлбөдү. Бабаң, жерсуу коргоп кырылды! Онун алдында аты, үстүндө тону болсо, өзү кырылбас эди. Жайыра жүргөн, жеңе жүргөн жоосун туландай жапыраар эди. Чалчыктай тепсээр эди...

Жаанда майышкан жаш кырчындай жаш жоокерлер мөгдөп, салбырашты. Алар тизгин какпады. Аттар бир калыпта желип басты. Ээрде олтурган адамдын ой-максатын сезгендей, жаныбар, жоокер минген аттар да, адамдын кыймылынан, анын үнүнөн, салмагын, оюн билгендей... Тек: «Болуптур, байкуш киши сен эркиңче кыялдан,





кон бороондой жоо десин суутуп келатыр, Түгөнгөн сайын түтөп келатыр. Кырылган сайын кызып келатыр. Өлгөн сайын өрчүп келатыр! О, эрендер!

Эр-Киши күрпүлдөк обонго салып, дал көзү көрүп, өзү аралашып келаткан окуяны айткансыды. Эр кийимин, анын жоо-жарагын, анын кебете-кешпирин бирден санап көз алдыга сүрөтүн тартты. Калың колдун дүбүртү чыкты. Аттардын бышкырыгы, адамдын кыйкырыгы угулгансыды. Туяк соккон таш чертилип, даңкан учкансыды. Куюшкан соорудa шартылдап, үзөңгү кагышкансыды. Сурнай, жезнай бапылдап, сыбызгып... доолбас согулгансыды... Тоо көчкөндөй дүңгүрөдү, суу ташыгандай шарылдады. Өзөн-өзөндөн кызыл-тазыл көч чубагансыды...

Ой-тоо силкинип, жанданып, күңгүрөнүп кетти...

Эр-Кишинин баяны күнү-түнү чырым уктабай келаткан жаш жоокерлердин көздөрүнө ушундай шаңды, жандуу элести көрсөттү. Жаш-Тегин да, Барс да, Жолборс да, Бозуул да, Буйлаш да, Агуул да – деле бардыгы азыр көзү көргөндөргө ишеништи: «Ыйык жер-сууну сактап, жан аянбай салышып эр-жандары тирүү арбакка айлаван эр-бабаларыбыз, азыр ташты жарып чыгышты деп ишеништи. Көзгө көрүнгөн элеске чын сыйынышты, «Эрбаба бизди жылоолоду»! деп ишеништи.

Эр жүрөгүн титиреткен «Улуу сөзүн» улады Эр-Киши:

Каңгайдын кара тоосунан,  
Каз айланбас зоосунун –  
Кара ташы жарылып:  
Жарк-журк этип от чыкты.  
Оттон киши унчукту:  
– Ок өтпөс тонду кийиң, деп,  
Ок өтпөс тулпар миниң, деп,  
Кыйырды каптап жоо келди.  
Кыйкырык салып жүрүң деп,  
Коркогуң калып, кой багып,

жакпай кар калап жылынып, наар татпай желге тоюнуп калган тажаал колду бабам Түмөн жоого баштады! Көбүнүн мингени чобур эди. Андан көбү жөө эди. Амалкөй табгачтын отуз түмөн колу караңгыда сойлоп келген жыландай ийрилди. Тигил тоо менен бул тоону курчоого алды.

Желе баскан Чоң күрөңдүн тизгинин кекчейте тартып Эр-Киши токтой калды. Ошол эбаккы чабыш эми көз алдында болуп жаткансып шадылуу күрөктөй алаканды маңдайына серепчилей калды:

– Уа! Арбагы улуу уул Түмөн! Ол даа атасындай алп, атасындай айкөл, тайбас шер экен э...

Эриндери бүлкүлдөп күңгүрөнүп алыстан көз айырбай турду Эр-Киши:

– Түгөнгөнүн билгизбей түтөп кирди, чабышка! Бале! Бале! Бале! Табгачтын темир кийген колуна тозоктон чыккан тукум жыланач чабышты, не дейин?!

Буркурап ыйлап жиберчүдөй Эр-Киши терең күрсүндү. Чоң күрөңдү шарт теминди. Зампылдата жөнөдү. Не Жаш-Тегин, не Барс, Буйлаш, не Агуул, Бозуулдар батынып Эр-Кишиден «Анан эмне болду?» дешип сурай алышкан жок. Далайга тизгин жыйылбады. Далайга үн чыгарбады. Эки жагымды көрбөйүн деген кишиче, тек ат жалына көз түшүрдү. Сакалы жашка жуулду... Алп ыйын ыйлап, ат жалына жашы тамды. Кайышпас Эр-акенин ичинен боздогонун тигилер арт жакта келатып сезишти, Баатыр кейип, баатыр сыздап ыйлаганда, али уурттан боз түгү түшө элек боз баш уландар чыйралмак беле?!

Алар да нөшөрдө калган жолоочудай шөмтүрөштү...

Бир кезде ызага ууккан Барс жиндене түшкөнсүдү. Өзүнөзү башка муштагылап, айкырып атын такымга, басыпбасып алды да качырып келип Эр-Кишини чылбырлады:

– Токтоң, Эр-аке!

Алыстан чыккан жаңырыкты араң уккан керең-ден бетер Эр-Киши Барстын айкырганын араң укту. Себеби, ал тэ-э эбаккы болуп өткөн чоң чабуулда жүргөн болучу... Бүт





өмүрү, дили менен кыялга баткан Эр-Киши азыр ошол байыркы бир болгон чоң чабуулду көз алдына келтирип, ошол чоң чабуулга өзү кошо аралашып кеткен...

– Токтоң, Эр-аке?!

– Ая? – деди Эр-Киши өзүн тартып.– Менден эмнени сурайсыңар?

– Чоң чабуул эмине болду? – деди Барс.

– Түмөн акени айтың?

– Кол эмине болду? – дешти Жаш-Тегин менен Буйлаш.

– А... – деди, Эр-Киши алданемнени эстеп жаткансып. Анан камчыны айланага жаңсады.– Чоң чабуул ий болгонун, кол не болгонун, ано, ой-тоо, жер-суудан сурап алың?!

Жаш жоокерлер теребелге делдее караштфы. Эр-Киши эсине келип чорт айтты:

– Көрүңдөр! Жер-суу азыр да боздоп тур. Ано, калың мүрзө, калың таш – кырылган кол. Баары таш болуп селейген. Кышта өлгөндөр жазда араң көмүлгөн. Жазда өлгөндөрдү ач-жылаңач-тирүүлөр, эптеп көмгөн...Уа, адам уулу үстү ачык Көк, боору күрөң Жерде күн көргөнү бул жакта катуу чабуул, катуу кыргын ошондо болгондур? Таш кучактап эр өлдү, эр кучактап жар өлдү, эне, эмчеги оозунда чүрпө өлдү, анда. Несин сурайсыңар, уулдар?! Жерин жердеп, малын төлдөткөн момун журт, тоо чукулап таштан темир сурап, алтын, күмүш сурап алды... Бийкечке шөкүлө кийгизди. Жубайга чачпак такты биздин журт, түйшүкчүл эди. Момун эди. Ат үстүндө чоңойгон сергек эди. Жоого моюн бербеген кайратман эди. Амалдан, алдоодон алыс. Түз сүйлөп, түз көргөн. Карды ачса эмнеден ачканын билбеген, карды тойсо эмнеден тойгонун элес албай өскөн. Ырас, чабышта ар бири айбалта болуп жоого чабылчу. Тизгин колунда, өзү ат үстүндө жүргөндө тэ-э Улуу Сепил менен Улуу-Тоо ортосунда куюн болуп сапырылды. Чабышта жоо аяган өзү жаралуу. Жумшактан күлүн сапырды, катуудан казанын кыйратты, жоонун... Ол да албады... Теңир да каардады: алаамат чоң кырсыкты башка





Коркпосуң жанчар илиң!. – деп
Борпоңуң калып, уй багып,
Болумдууң жоого тийиң! – деп.
Э, кагылайын кулундар,
Тигинде кыйкырып бабаң турбайбы:
– Кыйырга келген душманга
Кыргыйдай тийип сүрүң деп...
Күлүстөндөй күлүңдөп,
Күл эрен жоого жүрүң деп,
Тетигине, алдыда –
Көкборчук минген эр бабаң,
Күркүрөп жолду баштады!
Ак чопкут тону жаркырап,
Ак борчук аты алкынат,
Алды жакта эр бабаң –
Агын суудай шаркырап,
Алдыга жолду баштады...

Буурул жер дүңгүрөп кетти: жылкычы, төөчү, уйчу, койчу чаап жетишти... Кулак байлап суу жыккан сугатчы, орокчуга дейре самсып ээрчип алышты. Бир кездери те калың токой жышынан көмүр жүктөнгөн темирчилер кошулду. Бир кезде тек сейилде бастырган жоон топ аксакал карылар кошулду. Тигил кыйыр жактан жер кезип эрөөлдөн келаткан жоон топ жоокер кездешти. Алар адегенде иштин жайын жакшы түюналбай ат коюшчудай жоо жарактарын оңтой кармашты эле. Анан өз эл, өз журттун кишилерин таанып салышты окшойт, тек аттарын дыр бердирди. Шамдай-шамдай болушуп жандай салышты. Баба баянына булар да эрип, булар да уюп ээрчий беришти. Бир кезде кызыл-тазыл көч кошулду. Алар шаан-шөкөт менен кыз узатып, бири келин алып келаткандар экен. Журт тукумун улаган ыйык жөрөлгө баштаган байбиче алдыда, берекелүү келаткан кудалар экен. Булар да эр баянын укканда: ак жолдуу келин кирди! Ушундай ыйык адамга кишилерге сапардаш болдук дешти ичтеринен кы-





пындап кубанып, алар да эр баянын дит коюп угушту. Бир кезде айкырып-кыйкырган бейбаштар көрүндү: бири баш бербес букага миниптир, бири жайдак айгырга миниптир, бири башын кызыл бөз менен бууп, көк талга көйнөгүн байлап асаба кылып булгалайт. Атка учкашкан экөө аттын эки капталына оор түшүп каткырышат. Саан уйга, аксак байталга мингендери жылаңач, тек баштарында үкү таккан, калпак. Өздөрүнчө ызы-чу... Ыз-быз, бөрүчө уңшуу, арстанча күркүрөп, аюуча айкырып, жапайы чаңырыш...

Алар өздөрүнүн жапайы уу-чуусуна батып, башка дүнүйө менен эч иштери жок-тек жин ургандай уулдашып-чуулдашты, жин ургандай топурап-үймөлөктөшүп ажылдашты. Ортолорунда алда немнени талашкан сыяктуу... Ол бейбаштар кадимки суу бөгөй калган ыпыр-сыпыр сыяктанып жолду бөгөй калышты...

Дал ошол тынымда асман жаргыдай айкырык чыкты:

– Уай, жин шайтан?! Кайт, жолдон?!

Айкырган, шымаланган Барс болучу. Ал эки үзөңгүнү тең тээп ээрде тура калып, тигил чуулдакты сабап кирди. Камчынын уусу өткөндөр тең жарылып чачырай качты... Чуу тып басылды.

Бооруна бөрүнүн, жонуна жолборстун чылгый терилерин жамынган кара «дөө» ортодо шаа мүйүз көк буканын үстүндө өбөктөп, башка окшош тоголок нерсени камырабай кемире берди. Эң шумдуктуу жырткычка окшоп көрүндү. Ал Барска атырылчудай ыркырады...

Бирок ачуу-ызага ууккан Барс андан сестенбеди. Качырып келип тигини жон талаштыра чапты:

– Чык, жолдон, ит?! Сен тери жамынган калп жолборс болсоң, мен чын жолборс – Барсмын. Кишимин! Жолду бошот?! Эр-акеңе сыйын?!

Тигил тоотподу. Камчыга уукмак тургай деле эчтеме болбогонсуп жолборсторчо күркүрөдү...

Ал башты кемире берди... Барс долуланды:

## КУМ ЧАЙКАГАН ИЗДЕБИЗ

Адамдын от менен суудан өлгөнүн көрдүм, зили адамгерчиликтен өлгөнүн көрбөдүм.

*Конфуций*

Акыл иштеринин эң маанилүүсү жана пайдалуусу – өткөндөгү окуяларды сүрөттөп жазуу.

*Саллюстий Гай Крисп*

Мейли сапарда, кан жолдо келатканы, мейли көмүр өчүрүп, кен эритип тоодо түйшүктөнгөнү, талаа-түздө мал кайырганы, жер чийип, суу буруп, орок тартып жер ырысына энчилеш дыйканы, тай минген балдар, чийге жүн чабактап, өрмөк керген зайыптар, сайма сайып, олпоктон тиккен келин-кыздар деле ким-кимиси болбосун бул кездин улуу-кичүү кишилеринин колдору иште, ооздору маекте.

Жууркан жакасынан чыкпас кепти не ууру-кескиликти кишилер оозго алышпайт. Алар айтууга арзыбас майда кеп-сөз. Андай майда кеп-сөзгө ич ара ыркы кеткен журт ынак. Ичкенине наз, ээк астынан наркка кызыкпас бечаралар, ошондой майда кепке семирет. «Бөрү атар уулду бөркүнөн тааны. Журт баштаар уулду сөзүнөн тааны» деген лакап бекер эмес. Жоокердин кайратын жанчар сундургандан, келиндин кайратын кадам шилтегенден сынаган көксө кишилердин таң күнү саймедиреткени – эр уулдун кантип жоого аттанганы, чабышта кандай эрдик көрсөткөнү, аны, узаткан зайыптын ошол жоокер эрге кандай кам көргөнү сүйлөнөт. Сайышта жанчар сынса, ага эр айыптуу. Кармашта бүчү үзүлсө, буга зайып айыптуу. Кыйырга жоо келген коогалуу күндөрдө олоң чачты төбөгө түйө салып, эр кийимин кийинип тыканданып зайыптын мыктысы эрин жандай жоокер катары аттанса, анын таккан бүчүсү бош келсинби? Теги кылычтын баа-





Сайганың чоркок, шибегең мокок,
Саймандын түрү элде жок, бийкеч,
Сагызган канат – карала,
Сасык үпүп – сарала...
Сайман бир сенин неге окшойт, бийкеч –
дейт оймокчу.

Анда саймачы:

Сайганым сайма, шибегем илме,
Саймама жаңы түр салам күндө!
Сагызган куштун сакчысы, ынак.
Таажычан үпүп жакшысы, ынак.
Саймамды мактап. Сактап ал, ынак.

Коңур тарткан келин үнү ыргактуу сыбызгыган кыз үндөрүнө алмаша кайым айтыш. Кыз-келин майышчаак манжаларын майыштыра колдору эпилдей жарыша, атаандаша сайма саюуда. Чоң-кичи тынч күндөгү тынбас, бүтпөс оокат артында жашоонун, күн көрүүнүн мээрман улуу сапарын артуудa.

...Адылтай ажонун тукумдары да бул кезде тынч түйшүктө.

Көп жашаган Адылтай аппак болуп, ичтен күңгүрөнүп, алда-кимдер менен сырдашкансыйт. Эбакжы санжырадан кеп салат... Кишилер тымтырс олтуруп баба сөзүн угушат. Адылтай ажо эч өлбөс кишидей болуп көрүнөт. Чабыштарда айбалта өтпөй, кылыч кыйбай, кеселден сак узак өмүр сүргөн кишилер ар бир үйдө болбосо да, ата тукумдарында бар. Алар ошол өз тукумунун, өз-өз айылынын ыйыгы, куту... Адылтай ажонун «баба» атанган жөнү ошо көп жашаганынан. Көп жашаганы түпкү бабаларында да болуптур. Артыкча чоң атасы – Эдил ажонун чын жашын билген бир киши болгон эмес. «Жүз кырк бирдин кырын ашты, Эдил акебиз»! дешип, өз тукумдары айтышса: «Атамкыргыздын Эдили, ыйык, жүз сексендин тузун татыды»! дешип, кыйыр уруунун кишилери сукташышты.





Айтор, Эдил бабанын чын жашы журтка табышмак бойдон калган. Неси болсо да ошо Эдил бабанын касиеттүү арбагы тирүү делет, бул кезде. Өз урпагы Адылтайды ол баба жылоолойт. Алкап, сактап жүрөт. Эми Адылтай ажо да ошо ыйык өткөн Эдил бабасындай көп жашайт деген ишеним бар...

– Уа, жалпы жандууларда өлбөс, болду бекен?..

– Адылтай бабабызды тапкан Эл билги-катын боюнда бар кезинде талгагы канбай... Теңир аңа аян берип, түшүндө мнң кузгундун жүрөгүн балыктын майына куурдак кууруп жеп, Эл билги-катын эненин талгагы канган деген кеп бар. Акебиз, жүз жылдын тизгинин чойдуруп, биздин укум-тукумдун кууралын да көрүр, жыргалын да көрүр... Тукум жергеси кеңип, эли-журту көктөп, асаба көкөлөп уютку бузулбас болгондо... Адылтай баба өлбөй тек, өзүнүн Акбозуна минип Күндү көздөй сапар тартып кетир! – деген даңаза бар.

«Баба арбагы ажомду жылоолур. Адылтай баба өлбөс болур»! – деген ишенимди тукумга Теңир берип тургандай сезилди...

О, төрөлгөн – өлбөй калычу беле?

Ошентсе да киши санаасы өлбөстүктү самады...

...Үч жыл удаа кыш каарсыз, жаз мээримдүү болду. Кыштан мал семиз чыгып, төл арбып турду. Эл-журт бейкапар тартты. Кишилердин пейили кеңейди. Той-тамаша, кыз узатуу көбөйдү. Айыл – калыңдады. Чоң-чоң ак ордолордун жанына жаңы түшкөн келиндин томогодой өргөөсү аппак жумурткадай көрүндү.

Тестиерлер тай, кунан жарыштырышты. Кыз-келиндер кашатта темир комуз шаңшыды. Тактеке бийледи. Ыр. Кубулжуган мукам обон, таңшыган комуз, сыбызгыган сурнай, жезнай, кошнай айыл үстүндө тербелет, безеленет. Кулак курчу канат, жүрөк толкуйт, сезим чымырайт.

Талаа-түздөгү дыйкан, мал четиндеги күзөтчү тынч эмгекте, эрөөлдөгү жоокер кыйырда жүргөн жаз айында Адыл-





тим. Жетимди жектеген, кордогон көп болур. Сен, журтум, ушуну билиң! Акылсыз киши журтка бийлик кылса, онун артындагы кол да бузуку талоончу, Ол өзү таланып кор! Бабаң айткан ушу акылдан адашпаң!

Кешикти жер-суудан сураң! Караңгыда жарык түгөй. Жакшы-жаман тизгиндеш. Ач-ток өнөктөш, Бир күнү ач калсаң, муңайбаң. Эртесинде кардың тоюнур. Бүгүн чачылсаң, эртеңкиден үмүт үзбөң. Эртең чачылганың жыйылур. Бүгүн кырылсаң, тыйпыл болдум дебең. Тирүү калганың тукум. Ыйык от коломтоңдо жанып турганда, сенин тукумуң тыйпыл эмес!

Өздөн чыккан жоону ынтымакка чакырың, ынтымакка келбесе, онун башын аябаң. Четтен келген жоону тилге келтириң, ол тилге келбесе, кылычыңды тосуң!

Адылтай аба кебин бөлбөй отко карады. Күмүш тулгадагы арча от жалындап, жыпар-киндиктин жыты менен арчанын жыты кошул-ташыл аңкып турат.

Адылтай колун алдыга создy. Жаш-Тегин алтын чөйчөктү бабага сунду. Баба чөйчөктү алып кымыз жутту. Кайра тактачага коюлду.

Алда немени эстегендей ажо ээгин көтөрдү:

– Эр жарагын бериң!

Жаш-Тегин күмүш табакты ажонун алдына көтөрдү. Эр-Киши ага кылыч койду. Адылтай ажо кылычты туура кармап салтанаттуу айтты:

– Сунган моюнду кеспең, баба кылычы. Сорунган тоого чабыл!

Ийри кылычтын курч мизи түндүктөн түшкөн күнгө чагылыша калды. Чагылыштын жалт-жултунан көздөр уялып жалтанды. Кылыч мизи укмуштанып, сүрдүү. Аны, ажо Жаш-Тегиндин колундагы табакка койду. Табакты кылыч менен эми Жаш-Тегин кош колдоп бийик көтөрдү:

– Атам кыргыз, уруум ногой, атым Адылтай, ушул журттун ажосумун. Мен, ушул сапарымда, баба сөзүн таныл, өз журтума ичим ала болсо, ак болот кылычтын мизи

ры нар кеспес… Адамдын баары кайраттуу эмес. Алардын бири жалтак, бири эр жүрөк, бири коркок, бири чыйрак, бири борпоң, бири эптүү айлакер, бири эпсиз, чоркок. Ошентсе да, албан-албан кагылышты баштан өткөргөн бул көчмөн журттун борпоңу – тың, чоркогу – ишмер, бышык болушту моюндарына алган. Деле андай боло албаганы эрте адашып, азып кордолот, өлүп жоголот.

«Алсыз эле, бечара», «Коркок эле, бечара», «Чоркок эле бечара» деген сөздү уккан жан ар-намысынан бышыгып чыйралат, не басынып, чүнчүп унут калган эски кийимдей барксыз. Андайлар чабуулга жолтоо, жакындарына жүк, тирүүнүн өлүгү. Ошондой чабелестери жөнүндө тамсил-лакап, уламыш-жомок эң көп… Аны айткан кезде, айткан адам да, уккандар да калпактарын баштан ала коюшуп, камчы менен жер сабаганча күлүшөт. Бул тек күлкүсү келгендиктен ошентип кызып күлгөн шылдың күлкүсү эмес, ал чабал өз уруусунан болсо, ал үчүн арданып, кейигендик. Себеби, калпакты баштан ала коюу: «Акылдан адаштың» – дегени. Камчы менен жер сабоо – «Ирегеден төргө келаткан ырысты төктүң, жоого баш уруңдуң; ата конушту ушинтип камчы менен сабаттың» – дегени.

Тек күлкү эмес, ошол уламышта, тамсилде, эске алынган бош, жаман, коркокту сөгүү, каргоо, жектөө:

– О, төө тепсин, итти?!

– Ашын ит ичпесин, жамандын?!

– О, өлүгү чөлдө калсын, коркоктун?!

– О, кызын эр албасын, арамдын?!

«О!» деген сайын ошол жаманды, коркокту, ошол арамды өз араларынан «Кет! Жогол» деп кубалап жаткансыйт. Күлкү күчөйт. «О»! Катуулайт. Аны угуп-көргөн жан ным жаны турганда өз жамандыгын, алсыздыгын, коркоктугун жан кишиге сездирбеске бекинет.

Коркок, борпоң, жаман – «Чабалес» аталып аларды кемсинтүү, кордоо эр уулдар түзгөн жоокердик салт. Бул салтты, кантсе да турмуш өзү адам алдына милдет ката-





Өз ичиң адал, өз тукумуң ынтымак бузбай бир турсаң, сени четтен келген жоо жеңе алмак беди? Ичиң ирип ыйтымагың кеткенде жоо сени жеңип, кордоп турду.

Өзөктөн күйгөн өрт мени күл этти.
Өздөн чыккан жоо мени Кул этти.

Деп өз уулуң айтты:

Уз колум сайган сайманы
Жоо үйүнө тарттым,
Жоо отун жактым
Зар айттым...

Деп өз кызың муңканды.

Күмүш тулгадагы арча жалыны пастады. Үнү каргылдана түшкөн Ажо токтоло калды…

Кызыл киши отко арча демдеди. Адылтай кол создy, Жаш-Тегин седеп чөгөрүлгөн тактада турган алтын чөйчөктү алып бүгүлүп сунду. Ажо чөйчөктөн кымыз жутту. Жаш-Тегин чөйчөктү алып кайра тактага койду.

Аппак колдору сыйда сакалын учкай чымчып бир самга үнсүз көзүн сүзүлттү ажо.

Кишилердин бирде-бири козголуп койбоду. Бардыгы таш балбалдай катып-сенди. Кишилер олтурган калыбында бекем, тынч. «Уа, ыйык от өчпөң? Уа, Билги баба, акыл сөзүңдү кулакка куюң! Баба саа ант беребиз. Ынтымак барда от өчпөйдү. Уул кул, кыз күң болбойду»! деген олтуруш.

Адылтай колун сакалынан албады. Көзүн ачты. Чок ортосуна арстандын башы көчөттөлгөн шырдак тамандын астында жаткан. Эми ошол көчөт баштан көзүн албай күңгүрөнүп айтты:

– Оң каруумда шаттарым акылман або-бектерим, сол каруумда алп-эрлерим, кол башчы эрендерим. Баба сөзүн эшитиң! Зоо кыйраса – кум. Көл соолсо – чөл. Акылман-билги өлсө, журт акылсыз. Эр кол башчы өлсө, – кол же-





тай ажо күткөн ак ордо чоң суу боюндагы көк конушка конду. Ак ордонун оң жагына Жаш-Тегиндин, сол жагына Эр-Кишинин ордолору тигилди. Алардан тай чабым окчун баба тукумунун аксакалдары, алардан дагы окчун уруунун айылдары канат жая конуш алды. Тигил кыр-кырдын бийигинен караган көзгө – ортодогу ажо ордосу эң зор жумурткадай агарып, укмуштанып, айланасындагы эң көп жумурткаларды багып-каккан энеси сыяктанды. Айланадагы кырка-кырка тизилген калың жумуртка, мына, азыр, ошол ортоңку чоң энесин көздөй жамырап, аны жакындан курчап, тегеректеп калчудай, сонун көрүнүш көз алдыга тартылат.

Адылтай кыргыз журтунун ажосу! Азыр андан .акылман да, кол башчы да кеңеш алат. Көп түлүк жүнүн кырчып, семизинен дирилдеп турган күздө жер-суу көккө оронуп, мал төлдөп турган жазда ажонун алын сурап, андан акыл угабыз дегендер ат изин суутпайт. Жылыга болучу ушул жолугушуулар журт мойнундагы парыз.

Кеңешчил киши кемибейт.: Кеңешип кескен бармак оорубайт. «Кан ак кеңешсе, кул оң көрсөтөр», – дечү Адылтай жаздан бери өтө кооптуу. Көптү баштан өткөргөн ажо кырсык күттүрбөй келээрин эстеп: «Уа, соңку жылдарда журт кыйыры тынч болду. Алтын чара ырыска толду. Жетим уул эр жетти. Теңир, журтумду коогадан сактаң», – дейт.

Ажо азыр ордо төрүндө, алтын такта олтурат. Сакал, кашы аппак. Калпагынын кыргагы алтын түстө саргылт, үстүндө ажолук ак тон. Бул жоого кийинчү, кийими эмес. Ордо кийими болгондуктан кең, мол, көрктүү. Аягына кийгени кончу кең, өкчөсү бийик ажо өтүгү. Чылк ак күмүшкө алтын чөгөрүп, оюу-сызуу чөгөрүлгөн сыяктуу. Баса, кончу иймайда ийленген мойнок, ал ышкын түпкө ичирилгендиктен сапсары болсо керек. Алтын менен өңдөшөт. Кончтун кырына күмүш жээктеген. Ал жарашыктуу.

Ажонун оң жагында Жаш-Тегин, сол жагында Эр-Киши, аларды улай тизиле олтурушкандар бабанын жолун жол-





кызын күңдөнөт. Эрдик салт, жоокердиктин жөрөлгөсү: «Кишисин кулданбасаң, малын олжолобосоң, анда чабышың каран калсын»!– дешет.

Ошондуктан, бул жосун ант ургудай терс жосун болсо да олжокор кандар, чабышчыл кол башчылар өздөрүнүн кара өзгөйлүк жосундарын акташ үчүн «палан уруу антка баш ийбеди» деген шылтоо менен ал палан урууга, түлөн тукумга каршы кылыч көтөрүшөт…. Жазыксыздарды айыпка жыгышат. Талоондошот. Палан або, түлөн баатыр, салтка жол көрсөттү болуп, кара өзгөйлөр макталат.

Тигини азгырган кишиңди калың жышка сүрүп салың… моюн бурду. Жумшак жибек, сары алтынды мол алгысы келди. Жоо жерине жайытын ыктай журтун кондурду. Ынтымагыман кетти. Келсе, келди. Өз ырысы. Келбесе, анты– мойнунда. Ол журту менен кылыч мизинен кыргын тапсын! – дешет.

Тек олжо самап эсирген канды не кол башчыны кылыч менен жөнгө салуу – чабыш эмес, уруу ичин, эл-журт ичин бир баштуу кылып, улус түзүлүшүн бекемдөө! Мындай кагылыштар журт бузган майданга жатпайт. «Палан уруунун бейбаштыгы, түлөн баатырдын, не кандын, абонун, бектин кара өзгөйлүгү, тентектиги»… деп аташат.

Неси болсо да баягы калайыкка каран түн түшүрүп, журтту муңга чөктүргөн чабыштар жок, бирер жылдардан бери кыйыр тынч. Дайым кыйырда, эрөөлдө, майданда жүрүшчү жоокер-кишилер эми тек ээрде каалгып, айыл арасында жай бастырат. Күн-түн көз майын түгөтүп жоо кийимин тигүүчү зайыптар, эми жоо кийимин тиксе тигээр. Көбүнчө, алар саймага өтүштү. Ак ордону, көк чатырды жасалгалоо, тестиер тарткан кызына сеп камдоо, шөкүлө, такыя, сайма кемзел, чачпак, бой тумар камдоо эненин, жеңенин, эженин колун байлайт. Өрмөкчү менен өрмөкчү атаандашат. Бычмачы менен тикмечи, оймочу саймачы акыйлашат.

Ирeге жакта олтурган жээрде сакал кызыл бет киши чатырап олтуруп, арчаны отко демдейт. От басаңдай түшсө, ал кишинин бетиндеги кызылы азайып, өңү кумсарып бараткансыйт. Жалын оок-оок күч алса, ал кишинин албырган бетинен жалын уланып жаткансыйт… Бул кандайдыр бир сыйкырдуу көрүнүш, купуя күч эмес, не көзбоочулук дубакөйлүк эмес, адамдагы улуу ишеним! Улуу сыйыныш, жан-дили менен отко берилиш!

Жеңилгис күч отто деп ишенишет кишилер…

Отту, өчүргөн киши эң башкы душман. Кыйырга четтен кол салып келген каардуу жер да, сенин отуңду өчүрөм деп келет. Ал ырас, Жоо чабышта сени жеңсе, отуң өчөт. Башыңа алаамат түшөт. Тукумуң менен кулдукка байланып кетесиң, кулдукта кетпесең тыйпыл кырыласың. Мал-мүлкүң олжолонот. Чачылат. Урпагың кунсуз тартат. Адылтай ажо журт чабылып-чачылбасын деп тилек тилеп, кишилерге акыл-кеңеш айтып жаткан кезде ажо коломтосунда от жалынын пастатыш, не өчүп калыш жаман төлгө. Ал, баба сөзү кишилерге эм болбогону. Укум-тукум нарктан кетип, салтты бузуп, бирине-бири жоо чыкканы. Өзүн-өзү талоондогону. Өзүн-өзү олжолоп байлап-матап кулдаганы, кордогону…

– Уа, тукум! Коломтодо отуң өчпөсүн! – деди Адылтай:– коломтодо отуң өчсө, сен өзүңдү өзүң кажыйсың… Отуң жанса зоболоң көктө!

Болот таптадым –
Кылычым курчуду.
Кулун таптадым –
Тулпар чыкты!

деп, өз уулуң кубанмак. О, биз, ошентип көп кубандык. О, көп жолу кылыч сынды. Болдурбас тулпар окко учту, Жеңилбес эрен өксүдү… Уюткулуу журт эдиң. Уюткуң бузулду, отуң өчтү. Сулуу кыз-келиниң күң, эр уулуң кул болду. Асыл мүлкүң олжолонду… Мал табарың чачылды…





ры койгон болуш керек? Ар кандай жакшы-жаман, пайдалуу-пайдасыз жөрөлгөнү киши ойлоп чыгарат. Ар бир жорук-жосундун, ырым-жөрөлгөнүн чыккан себеби бар. Турмушта ал ырым-жөрөлгөнүн кишиге келтирер пайдасы, не зыяны да бар. Билги адам алардын пайдалуусун иргейт, улайт. Аны киши үчүн колдонууга калтырат. Алардын зыяндуусун кырманда иргелген чар-чур сыяктуу турмуш калбырынан өткөрүп таштандыга жиберет…

– Уа, алп чабышта, чечен сөздө!

– Коркокко кой башы кош көрүнөр?!

– Эйа, чын эр өбөк!

Ооздон-оозго айтылган ушул сөз чоң-кичикке таалим. Ушул таалимди кабыл тутпаса жеке бир киши, бир үй-бүлө, не бир уруу эмес, бүт эл чабалес, Ал чабалес элди карылуу журт кордойт. Кордолгон журттун салты бузулат. Үмүт-тилеги мокойт… Басынат, чүнчүйт. Тоздурат…

– Уа, айлаң арстанды кармайды!

– Ээ, ташкын суу кечүүсүз болбойду!

– Эйа, атан өлсө тайлак бар, чому жерде калбайды! – деген таалим тозгондорду эсине келтирет. Алар кайрадан күчтөнөт… О, бул качандыр, байыркы замандардан бери ат жалына казан аскан эчен шайдоот, каарман жоокер өскөн будуңдун башынан өттү. Күн-түн алмашкандай турмушта бардык чоң-кичине нерселер оошот. Ага киши бирде кыңк этпей баш ийип берсе, бирде ага каршы күрөш ачат: өз амалын, акылын, өз күчүн болмуштун зор күчүнө каршы койгону байкалат. Албетте, бул, тек кишинин адамдык жеңил ойлуулугу, көйрөңдүгү эмес, анын кишилик күчү!

Дал ушул адамдык сонун күчтөн биздин бабалар да куру эмес болушчу!

…Алар, байыртан эле жашарып турмуш үчүн күрөшүштү. Жакшыны жаманга, күчтүүнү күчсүзгө алмаштыргыч улуу эрежеден алар тышкары калбады. Бабалар баскан эчен татаал чыйыр жолдор, бийик дабандар, терең кечүүлөр эрдикке баш бербеди. Кезинде, эч күч жеңе





## АСМАН ЖАНА ОТ

«…биз кыргыз деген элге жеттик… …Алардын өзүнчө туткан жосуну, ой-пикирлери, жазуулары жана ибадатканалары[1] бар. Алар чыракты өзү өчмөйүнчө өчүрүшпөйт. Алардын кафиялык сөздөрү – өлчөм менен так уйкалышкан кереметтүү, касиеттүү кыраат менен окулчу сөздөрү бар, алдыларына жыпар жыттуу нерсе коюп, сыйынышкан кездеринде, аны кайталап окушат. Алардын бир жылда бир нече майрамдары болот. Жышаанасы, белгиси көк… Чолпон, Алтын кызык (Сатурн) жылдыздарын урматташат. Миррих-кечки кызгылт жылдызы жактырышпайт, аны кырсык деп эсептешет… Аларда кечкисин жарык кылар бир таш бар, ошон үчүн чыракка муктаждыгы жок. Ал таш алардын мамлекетинен башка жайда болбойт. Бардыгы моюн сунган бир падышасы бар. Анын жанына жашы кырктан өткөн гана киши олтурат.

*Абудулаф. Мужамул булдон*

Отумду өчүргөнүң,
Өзүмдү өлтүргөнүң.

*Эл сөзү*

Соңку беш-он жыл журтка тынчтык берди. Тек уруу ичинде кектешкен, жектешкен кишилер эрдемсип кылыч көтөрөт… Аны бир даар өнөктөштөр айгактап, ички чабыштар боло калат. Бул өз ара талаш-тартыш, тек балдардын оюнундай кеп. Эзелтеден эреөлдө ат жалында казан асып, маек баштап, ат жалында ынтымак куруп өскөн жоокер журт мындай чабышты зайып чабыш дейт. Ушул зайып чабыштарда биринин айылын бири талоондойт. Биринин эр-бүлөсүн бири кулданат… Сулуу келин-

[1] *Ибадаткана* – сыйынуучу жай.





догон жашы улуу, жолу улуу кишилер… Азман або Жаш-Тегиндин катарында, Чекир бий Эр Кишинин катарында. Бул эреже бузгандык эмес. Жашы кичүү болсо да ажолук тактын эртеңки ээси Жаш-Тегин эми далайды көрүп жетилип калган кези. Эр-Кулчурдун кылычына ээ Жаш-Тегин эми ушул бийик жаштан төмөн бир да адам жок. Бул, билги бабаны сыйлагандык. Деле улууну урматтоо жеке баба ордосунда, ар бир үйдө. Атанын кеби балага, аганын кеби иниге, эненин кеби кыз-келинге, эженин кеби сиңдиге эм.

Азыр ажо ордосунда кырк уруудан киши олтурат. Булардын бири кол башчы баатыр, бири журт билги акылман, бири журт ичинде көп жашаган аксакал-карыя. Баарынын сыйлаганы – Адылтай ажо!

Ордо түндүгүнүн алкагына, чамгарагына уук, керегесине алтын бууланган, күмүш чөгөрүлгөн. Көчөттөрдө аска, кыр, ак чоку элестейт. Жебедей узарып секирген эчки-теке, илбирс, жаа тарткан мергендерди элестетип күмүш жип[1] күмүш сызык чөгөрүлгөн. Уук боолорунда күмүш суу[2], ал уук билегине жеткенде үч тарам болуп керегe башын көздөй төгүлүп турат. Кереге баштарына чалынган ууктун көк жибек боолору ал сууларга укмуштай жарашат. Кереге оймосуна чөгөрүлгөн алтын, күмүш суулардын ортосун бөлгөн асман түстүү көк мөлдүр сызык тек жандуудай сызылып чубургансыйт. Деле төрт бурч кереге көздөрүндө көңүл көтөргөн, сезимди сылаган укмуш коoздук бар. Аларды көз айырбай карагыдай. Түндүк боолор, жабык баштар, сызмалар, кереге чалгычтар, уук чалгычтар чылк жибек. Бардыгы жибек жиптерден чалынып, ага саргылт, көгүш коңур түс, түр берилген. Төрт тараптан түшкөн опсуз чоң ордолордун түндүгү төрт боолуу болгон боолордун түндүктөн түшкөн жери төгүлгөн жибек чачык. Чачыктын бир жиби жибек, бири күмүш, бири алтын. Ал төгүлүп, кубулуп ук-

[1] *Күмүш жип* – эң ичке сызык.

[2] *Суу* – узун сызык «суу» деп аталган.

алгыс кара зоо болуп бекем зыңгырады. Кезинде дабан арты кең жайык тартып, өмүрлөр боз жоргодой сүлкүлдөп жумшак өттү…

О, жумшак өмүр кишини тез эсиртет. Киши уулу эсиргенде – анын арты кырсык алып келет. Анан ал кырсыкка каршы киши өзү күрөш ачат. Бардык акыл-эсин, эмгек-күчүн сарптайт. Каардуу кырсыктын тамырына балта согот, бирок, балта тийген кырсык күм-жам түшпөйт, ал дагы өжөр, кайрадан күчөйт. Анда, киши уулу анын жүрөгүнө жанчар согот, бирок, анда кырсык биротоло сулап түшпөйт. Ал бир башталган жагына жөө тумандай каптайт.

О, кырсык-кырсык да?! Ал көп учурда «күтүүсүз», «кокустук» иштен башталат. Тек азыр эле сап болуп калычу болор-болбос иш сыяктанат. Анан ал ашынат. Көп учурда аны киши өзү ырбатат. Тек аны сап кылам деп күрөшөт. Бирок аны сап кылуунун ордуна кайра күчөтөт. Өнүктүрөт. Ал аябай өнүгүп алган соң дал туюк жаранын өзүндөй денени лукулдатат, чиритет… О, ал ушундай тез айыкпастыгы, чытырман кесепеттүүлүгү бир түгөнүп, бир толгон үчүн – кырсык?!

Ошон үчүн киши уулу ар дайым тиленет:

– Оо, Теңир. Бөйдө кайгы-кырсыгыңдан сактаң?

– Кырсык келди дегиче – каргыш келди дең?!

– Кыргындан сактаң. Эшигинди ачың!

Киши уулу ушундайча сактанып, жакшылык иштеп жатып эле, ошо өзү баштап алган кырсык кара канатын сабалап турганда киши зарлайт, сыктайт. Алсыз тартат. Бирок…

Киши уулу… кырсыкка каршы укмуштай күрөш ачат. Аябай каруулашат.

Бардык акыл-айласын, эбин-күчүн ошол кырсыкка каршы жумшайт.

Кырсыкка каршы кылыч көтөрөт, киши уулу.

Кырсыкка каршы сөзүн сүйлөйт, киши уулу.





Кырсыкка каршы ырын ырдайт, киши уулу.

О, киши уулунун эң күчтүү күрөшү ушул эң акыркы – ыры!

Созолонгон, муңканган – ыр! Толкуган, ыргаккан – ыр! Сезимди чымыратып, жүрөктү соктурган, каруууга албан күч кошкон – ыр!

О, ырдан, күлкүдөн күчтүү киши уулунун куралы кайсы?

О, бабабыз күү маштады. Албан-албан ыр жаттады! Кан чыгарбай баш кесээр макалын айтты. Кылыч суурубай жоо жеңээр сөз улады!

Ал сөзү жортуулда баатыр баскан узак жолдо алтын күкүм кум болуп чубурду. Ал кумдан тоо өндү. Ал тоодо урпак өмүр сүрдү.

О, Ошол кум тоодон алтын күкүмдү изилдеп аны байлап, аны өнүктүрүп, сактап алчу урпак барбы?

Бар!

Ал ар дайым обон созуп ыр ырдаган киши.

Ал ар дайым суукка тоңдурбас, ысыкка күйгүзбөй кийим бычкан киши.

Ал ар дайым мал асырап, төл төлдөткөн киши.

Ал ар дайым эгин эгип, көчөт сайып дарак өстүргөн киши.

Ал акыл тердеп кум тоодон алтын күкүмдү издеген киши.

Ал өлөөрүн болжоп туруп, эртеңки үчүн тынбай түйшүктөнгөн киши.

Бир серпилген чырпындыдай жылт эткен өмүрү сап болуп бараткында бабалар:

– Уа, урпак, кырсыктан сактаныӊ, Көктөң! – деп кетишкен…

Биз алардын кум чайкаган издерине туштук. Тереңден күңгүрөнгөн добуш келди. Осуят-керээздери эшитилет. Анан, тынбас-бүтпөс чабуулдарда жүргөн алп бабалардын укмуштуу элеси көз алдыда.

Уа, бул сапарда да бизди Теңир, кырсыктан сактаң?..





муштанат. Тактын артында, төрдө, тартылган туш кийиздин чок ортосунда чачылган, шамал учурган туулга оймолонгон. Жоокер башы анча ачык эмес. Аны эң ичке күмүш сызык белгилейт. Туулганын оң-сол жактарында учуп келаткан эки ажыдаар. Төбөдө аппак созулган булут. Булар көк мөлдүр асман түстөнүп ак жибекке сайылгандыктан, алар тек уз колунан сайылган сайма эмес, учуп келаткан жандуу ажыдаар, жорткон булут, чаап келаткан жоокер башы сыяктуу. Ошол туш кийиздин эки жагында эки күмүш ала бакан. Анда ишенген ажого таандык жоо кийими, жоо куралы. Башка артык жасалга жок. Ордо ээн, таза, көңүлдүү, сүрдүү. Жыпаркиндиктин атыр жыты аңкыйт. Ортодо үч буттуу күмүш тулгага коюлган ак калайда жанган арчанын иси жыпар жытка кошул-ташып аңкыйт. Адамды сергитип көңүлдү ачып турат. Кантсе да, жыпар жыт ушул ортодо жанган арча менен аралаш чыккан сыяктуу.

Адылтай ажо ортодо оок-оок жанган жалындан көз айырбай, не токтолуп кары кишидей демигип калбай бир калыпта жай сүйлөп олтурат. Бабанын үнү пас, уккулуктуу:

– …Киши уулу жерге келгени кыйла заман кетти. Онон бери канча жыл өттү? Онун санына жеткен акылмансанчы жок. Теңир өзү билир. Аа күбө тоо-таш, боору күрөң Жерим! О, акылман-билги, кол баштаган Эрен, бул менин ксбим: силердин ажо айткан кеп! Муну Адылтай өз акылынан чыгарып айтты дебең бириң! Анткениң кебимди унутасың. Кийинки тукумга жеткирбейсиң. Мен айткан кеп баба сөзү! Боору күрөң жерде шамал менен кошо жортуп, киши уулуна акыл кошкон Улуу сөз! Түпкү бабам – эр, билги Түрктөн бери келаткан сөз!

Адылтай ушул купуя сөздөрдү меселдетип чечен сүйлөдү. Эң эбаккы өмүрлөрдөн кабар айтып: ал заманда киши уулу кантип жашап, кантип оокат кылганын; канча жолу элжурттун чарасы ырыска толуп, кайра тукумдун азып-тозуп бөксөргөнүн айтты. Айтканда да, ошол көп кылым





мурда өткөн кишилер менен шыбагалаш, үлүштөш, тизгиндеш болуп жүрүп… эми ошолордон өзү жалгыз өлбөй ушул-күнгө жеткен кишиче, ошол байыркы турмушту азыр көз алдына элестеткенсип сүйлөп жатты. Карылыктан оту өчүп бараткан акылдуу көздөрү терең тиктеп тунган кудуктай тынч. Тиктегенде да тигил оок-оок жанган арча жалынын тиктейт. «Сен байыртан жанган жалынсың. Мен тукум-улаган кишимин. Көп окуя жадыман чыгып кетти. Уа, жалын, сен байыркы окуяларды унуткан жоксуң. Ошолорду эсиме салчы, ыйык жалын»? – деген караш.

Бабанын пас, саал, дирилдек, бирок коңгуроо үнү комуздун жел «черткен» кылындай дирилдейт. Чымын учса угулчудай ордо мемирейт. Кишилер дем алып олтурганы, не ошол байыртан бери таштай болуп катып, селейип калган элестерге айланганы таанылгыс…

«…О, эр баба! Ошо сөзүң, купуя сырың, ташыган күчүң азыр, бизди жалгаса ийги? Кантсек, биз, касиеттен ажырабайбыз. Андан күч алып, карылуу болобуз? Оо, эсил баба».

Кишилер азыр ушуну ойлонгондой. Жымжырт, тек мемирешет.

Ортодо күмүш калайдагы арча жалын пастай калса, Адылтай баба да токтоло калат. Үнү каргылдана түшөт. Ыйык от нпстаганда бабанын жаны кыйналгандай демин ийни менен алганcыйт. Алсызданганcыйт. Жалын өлүмтүк тартса, баба сөзү да пас…

Ыйык от пастоого тийиш эмес, от – күч, кубат. От – өмүр! Ал, жалын канатын сермейт. Өрт чыгарат. Жиншайтанды качырат. Суукту качырат. Бирок анын тажаал өртү бардык жандууну өзү мойсойт.

От киши уулунун коломтосунан өчүүгө тийиш эмес! Коломтодон от өчүү – адам үйүнөн ырыс, береке, жылуулук качуу. Ырыс, береке, жылуулук кеткенде адам адам болбойт…

Ыйык от өчпөөгө тийиш!

Жолборс менен беттешкен эрдин бири жырткычты чапса, экиси жырткычтын азуусунда!

Шонтсе да, эр кайраты аны жолборско чыгарат...

Ууга чыккан Жаш-Тегин кошуунга кайтканда, чоң суу боюна ак боз бээ союлуп, калайыкка аш-тамак тартылды.

– Жолборс алган эрдин жолу ачык!

– Жолу ачык эрдин тизгинин жылоолоң, журту!

Эрдин тизгинин жылоолоп анын тиреги болуп, артынан такаат берүү. Журтунан такаат алчу эр журтка башкөз! Эмесе, жер кезип жер-суу көрүп, эл-журтту тааныган, эрен эрдин эбин, ыгын алган Жаш-Тегин бул кезде сөз ээси. Сөз ээси киши – журт көзү. Ал жолборс чапты. Жолборс чапкан алп – алп кол башчы! Эмесе алп кол башчыда жаштык жок. Ал – баш!

Умай не бардык ырымын жөрөлгөлөп калайыкка угузду:

– Башына куш конгон Жаш-Тегин эр жетти. Ол журтка баш бүгүн. Жаш-Тегин эми Баш-Тегин! Баш-Тегин! Баш-Тегин!

Калайык Умай энени кубатташты:

– Жаш-Тегин эми Баш-Тегин!

– Баш-Тегин!

– Баш-Тегин!

Жер дүңгүрөп турду.

Ушундан баштап Жаш-Тегин – Баш-Тегин атын алды!

Быйылкы оор кышта, журт кыйырына бир түмөн кол такты. Албетте, бир түмөн кол анча көп эмес. Бар болгону он миң. Атайы аттанган жоо колу, он миңден көп келиши бышык. Бирок мал тукумун сактап калыш кыйырга келген жоону жеңиш менен бирдей.

Каруу берээр эр уулдар азыр мал артында...

Эрөөлдөкү Баш-Тегин кол азыр кулазыкты[1] сактап, жаш эт жеп жаткан кези. Ансыз да бул оор кышта жут алган

[1] *Кулазык* – узакка бузулбас азык.





урсун! Үстүдө ачык Көк, астыда күрөң Жер урсун! Ыйык От куйкаласын, мени!

Адылтай ажо эми гана тактыдан тың эңкейип, кылыч мизин өптү. Анан ал тактысына олтурган жок. Ажо турганда билгилер, або-бектер, кол башчы-эрендер бүт орундарынан турушту. Бардыгы уруусун, атын атап, кылыч мизин өбүштү:

– Уруум ногой, атым Эр-Киши. Үстү ачык Көк урсун!

– Уруум төлөс, атым Азман. Боору күрөң Жер урсун!

– Уруум аз, атым Чекир. Үстү ачык Көк урсун!

Ордо сыртынан үндөр чыкты:

– Уруум уйсун, атым Буйлаш. Үстү ачык Көк урсун!

– Уруум аз, атым Жолборс. Боору күрөң Жер урсун!

– Уруум төлөс, атым Барс. Ыйык От куйкаласын мени!

Бул кезде ордо сырты, андан аркы калың акбоз үйлөрдүн алды – толгон кишилер болучу. Ордодо айтылган ант эми аларга жетип турду. Таң эртеңден бери жоргого минген жарчы-ырчылар үйдөн-үйгө айылдан-айылды кыдырып жар чакырып, ордо сөзүн айылдан-айылга жеткиришти.

Ансыз да кооз кийинген ырчы-жарчылар жорго айдатып жар салып келатышса, алар башка дүнүйөдөн келгенчоочун жандардай. Ант сөздөрдү шамал эпкини ооздон жулат:

– Көк урсун!

– Ыйык От куйкаласын!

Ант-берүү салтанаты аяктаар замат ар амылдын четине үйүлгөн арчаларга от коюлду. Майлуу, бүрлүү көк арча, бажылдап жанып, жалын тили асманга созулганда бакшылар отту чарк көпөлөк айланды. Кээси үкүнүн терисин башына кеп кийип, жылан оролгон аса-мусаны алган. Кээси бүркүттүн терисин башына кеп кийип, кандайдыр бир укмуштуу мукур таякты тиштеп тоңгочук ата жумаланып кетсе, таш кулагандай. Кээси буура минип келаткансып бук-бук желет. Үстүнө кийгендери да кийимге окшобойт.





тап кеткен ыйык күн дешсин. Коркок уул конушун сатса, бабанын сөзүн эстесин! Сени ыйык От куйкалайт дешсин, билги тукум. Узак сапарда арыбандар. Журт тизгини билги колунда калса, көп уруу бир баш. Журтум, муңайбайсың, күчтүү болурсуң».

## КОЛ УЙКУДА ЖАТКАНДА

Өзөктөн күйгөн өрт жаман,
Өздөн чыккан жат жаман.
*Эл макалы*

Кыргызды көздөй жортуулдадык; найза боюкар жаткан Көгмен тоосун ашып, кыргыз журтун уктап жаткан жеринде бастык...
*Кул-Тегин күмбөзүндөгү жазуу*

Адамга башкы душман – уйку.
*Эл макалы*

Арадан жылдар өттү. Улам соңку жыл тонолбогон төөдөй жай каалгып баскан сыяктуу жай алааматы да, жыргалы да, берекеси да, каары да кошул-ташыл: бир жылы кышы кара чыкса, жазы жамгырлуу, бир жылы кышы кардуу жатса, жайы каткалаң болуп, тек жылдар да табышмактуу... Баса, жылдар катары менен жылуу, берекелүү... «Мындай коймаарек жакшы жыл көптөн бери болбоду. Байыркы бир заманда ушундай болуп киши уулуна көп жакшылык келген эди. Эми ушул соңгу тукумга береке берир»? деп кишилер кубанышкан...

Эми ошол «момун» жылдардан кийин тонолбогон төөдөй каалгыган жыл кербени оош-кыйышы бирдей кишини зериктирди: «Э, мындай жылдар далайдан болгон эмес, – дешти, улуулар. Берекеси да бар, кемтиги да бар. Кара





өзгөй кишидей ишеними аз мындай жылдын. Бирде кара тумоо[1] күч, бирде улуу тумоо[2] күч... Бирде койду кыл курт алыр, бирде төөгө чымын тиер. Уйду өлөт алыр, эчкиге кара өпкө тиер. Бирде кыз бала көп төрөлүр, бирде уул көп төрөлүр. Төрөлгөнү арбын, тураары аз... О, коймаарек болуп жыл тынч өтсө ийги».

О, бир өмүр канчалык узак жашабасын, ага жаратылыштын оош-кыйыш кубулуштарын толук баамдаш кыйын. Кишинин көбү көзү көрүп, кулагы укканга каниет, эртеңки үмүтү, жыргалы тукуму үчүн түйшүк, курган өмүрдүн кем-кетигин толтурам, жыртык-тешигин бүтөймүн менен алек... Бир күнү ач көлөкөдөй ырсыйып билинбей келген ажалдын жетегинде кыңк этпей аргасыз солдоёт.

Көргөн-билгени да, турмуштан байкап, баамдап ишке ашырам деген үмүтү да өз менен кошо кетет. Киши кулунун күчү да, алсыздыгы да тек бир аз өмүрүнүн чегинде... Улам жаңы төрөлгөнүнө дүнүйө, аалам жаңы көз менен көрүнөт! Анын бардыгы эмес, билги-акылманы жаратылыштын зор күчүн, татаал сырын жаңыдан байкайт. Алар анча-мынча билгенин тукумга мурас калтырат. Андан улам кийинки тукум насаат айтып, ага өз билгенин кошуп, өз байкаганын улап дагы кийинки тукумга узатат... Ошентип, тек Көктөн тийген Күн ааламга жарык берсе, улам мурунку бабалардан калган, ошол бабалар учуктап улаган илим улам соңку тукумдун көз алдына чырак жагат. Көзүн ачып, көрөөр-билээрин көбөйтөт...

Жаратылыштын кубулуштарын байкап, андан өзүнө сабак алган, анан ал, өз байкаганын мурунку баба айткан белгилерге салыштыра өз эсебин айткан – жыл эсепчиси бар. Санжыра жаттап, эл-журт өмүрүн саймедиреткен марымчысы да бар. Чоочун калайыктын кыйырын кыдырып, башка падышалардын алдына элчиликке барып алардын ти-

[1] *Кара тумоо* – келте.

[2] *Улуу тумоо* – чечек. Бул коркунучтуу дарттарды кишилер тергеп аташкан.

Тек төө жүндөрү, аюу жүндөрү, не кандайдыр бир жомоктогу сыйкырдуу жаныбар сыяктангысы келгенби? Ал букулдап, зиркилдеп отту аттайт. Үстүндөгү «жүн» көрүнгөн «кийими» отко күйбөйт.

Айыл кыйыры алыста. Ийреле мелтиреген дарыя тээ көз учунда түнөргөн жыш токойду көздөй созулган. Балким, ошол жышты аралай калың конгон айыл бардыр. Балким, төрт тарапка канат жайган калың айылдын учу-кыйырына кез жетпес… Ооба, көз жетпес: жеке ушул дарыя бойлой, жеке ушул туш-тарап мейкинде, ойдо, түздө, токой аралыгындагы ачыктарда гана эмес, тээ ашыркы аймактар азыр ушул салтанатка кулак түрүшөт. Ырымчыл карыялар, чапканы сая кетпес эрлер, нускоолуу энелер, азыр ошол аймактагы айылдарда Күнгө карашып, арчага от жандырышып, чоң-кичикти табынууга чакырып жатышкан кез. Эдилдин урпагы – Адылтай ажонун канатынын астындабыз деген журт азыр ант оозанып Күнгө, Отко табынууда!

Мал-жанга кар, бороон-чапкын алып келген кыш кутурган ак буурасын букулдатып, энтигип-ашыгып тигил Улуу тоолордун муз чокусуна, муз төрүнө кетип баратат. Ой-адыр, токой-өзөндөр көккө аңкып, жаз күлүп келди. Ансыз да соңку жылдары кыш буурасы кутурган жок. Кар мезгилинде жаап, мезгилинде эриди. Мал-баш кыш каарын сезбеди. Байтал бээ жалдуу, боз токту куйруктуу, кыз элечектүү, кемпир-чал карылуу, келин кызыл жүздүү кыштан чыгышты…

О, бул, мал-жанга тынч, эл-журтка береке сепкен коймаарек «момун» жылдардын арты кандай? О, бул, канат-бутак өскөн көптөн бери мемиреп тынч күн өткөргөн атам-кыргыздын эл-журтунун алдыңкы көрөөр күнү кандай? Тынч кезде тек эгин эгип, кенин эритип, тек малын асырап, уул-кызын чоңойткон бул момун, жоош журттун камын ойлогон билги ажосу Адылтай кырк урууну кырк жакка ыдыратпай башын кошту. Өз уруу, өз тукум тур-





Чоң-кичик табынган ыйык Күн да эртең санатсыз кербен түзүп өтө берген жөн күнгө айланат. Ошол жөн күндөрү кишилер кантээр экен? Бүгүнкү табынган табынууну, сыйынууну унутуп салышып, бүгүнкү айтылган «Улуу сөзүн» эстен чыгарышып, эртең бири-бирине кастык самаар. Бирине-бири союл көтөрүп зомбулук кылаар. Бирин-бири алдап-азгырып жолдон чыгараар…

Киши уулун ардайым жакшылыкка башташ үчүн ушундай Отко табынуу, Күнгө сыйынуу күнүн бир акылман киши баштады го? Албетте, муну тээ байыркы бир заман, биздин бир билги бабабыз, билги энебиз баштады! Аны улам соңку тукум ыйык тутту. Улады, күчөттү, жаңыртты. Эгерде, ошол киши урпак үчүн баштаган жакшылык иш, жакшылык жөрөлгө, калыс башталыштар ушинтип барган сайын уланса, улам жакшылыкка толуп – жаңырып, бекемделсе, улам соңкулар камчы чабышпай кыргын таппай, кордук тартпай, ач калбай өнөрүн арттырып улам көктөй берээри да анык.

О, арамга адал, жакшыга жаман, ыйыкка бузук тизгиндеш бул дүйнөдө татаал тура ушундай.

Ушуларды ойлогон Адылтай ажо, жылдар өткөн сайын эл-журттун кийинки тагдыры үчүн көп ойлоп, көп кейиди. Соңку жылдары ынтымак сактап, көк асабанын алдында көп уруу бир болгону – биздин улус тигил табгач, ынды, парсы менен, урум, пурум менен танапташ болуп элчи жиберишип, тилкат беришип байланыш күчөтүп, соода жүргүздү. О, бу уланарбы? Же өчөбү?

Башынан көптү еткөргөн журту эми да табылыш-чачылбасын, эми да кордолбосун. Кыйыры кедейип, бекемделсин. Тукуму өссүн. Өнөрү ашып, билгилиги көктөсүн. Көп уруу бир баш, бир кол, болгон журт бийик! Көп урууну бир баш, бир кол этиш үчүн Адылтай ажо ушул табынуу күнүн шаңдуу салтанатка айландырды:

«Туулган өлүр. Мен темир өзөк болсом да, жашым жетти. Тукум көпкө унутпасын, бу күндү. Адылтай ажо баш-





лин, дилин билген баамчыл, чечени, ишмери да бар. Ташка тамга басып туңгуюк «сырларды» байкаган көзү ачык битикчиси – тамгачысы бар…

Айтор, өз дооруна туштук өнөр-билимден куру эмес кыргыздар, бул кезде улус түзүп, аны башкарып калган ажосу, абосу, бийи, беги аксакалы бар. Жоокер жыйнап кол баштаган; он башы, элүү башы, жүз башы, миң башы, түмөн башылары бар. Кыргыз улусунда кошуун иши жеткилең уюшулгаи. Эчен албан чабыштарда кол бышыгып, жетилген. «Кыргыздын темири көк, кылычы курч» деген даңаза табгачтын тынчын алып, алар кыргыз ажосу, абосу, бийи менен эсептешет. Ажо жоолашчу журтка сыр ачпайт. Ынтымак түзгөн уруулар бирине-бири өбөлгө болуп, кыйырга сая аттанган четки чоң жоонун чабуулуна такаат берүүдө.

– Көк асаба астына чогулуң! Эл-багар эрениң аттаның. Жоо келатыр! Жоо келатыр! Кыйырга! Кыйырга! – дешип тигил жергелеш журт ураандашат:

– Көк түрк! Көк түрк! – дешет.

Ошол көк асаба астына келген журт: «Карга көзүн карга чокубайды» деген ынтымакка бекем. Бирок бул ынтымак кайра чатынайт… Дале болсо, өз-өз көмөчүнө күл тартышкан кагандар көк асабаны өз-өз ордосуна сайгысы келет. Жалпы журттун баш каганы өзү болсом дейт. «Эки кочкор башы бир казанга сыйбайды. Жеке кочкор өзүм» дейт, чоң будуң кагандары… Кыргыз ажосу да «бечел» калгысы, кемигиси жок. Көп уруу көк түрк менен бириккен колдо да, не деле көк түрктүн көп журту менен касташып, жоолашып, чабышкан кезинде да кыргыз улусунун орду өзүндө.

– Он октун жону, Үч-Суу элинин теги, төлөстүн, аздын, чаанын, карлук, пайманДын теги отуз татардын пири, изгилдин пирлери баарына жат эмес, өз. Баарыбыз киндиктеш: түрүлгөн журтпуз! Аш-тойдо төрдө олтуруп уча алыр, акыл-кеңеште тизелеш олтуруп кеңеш берир, чабышта айкырып алда жүрөр – биз! – дешет кыргыздар.





жолборсту сайды. Анда: «Таамай соксоң алдың. Көзүңдү жумсаң алдырдың. Жоон менен беттешкенде көзүнө карап балта көтөрүң!» – деген Эр-Кишинин насааты кылт эсине түшүп, өзүн көздөй жебедей созулган жолборско жанчардын болот учун тосо берген. Таамай тосулган жанчар так төштүн сүбөсүнө мадала түшкөндө жолборс «Арр-кырр» этип чапчуудан өксүдү. Жанчар жолборстун салмагынан корс сынып, Жаш-Тегиндин колунда кулач жетпес дүмү калды. Жолборстун сүрүнөн дирилдеп корккон Аксур кошкурук атып ойт берди. Тизгинди жыя кармап Жаш-Тегин айбалта менен жолборсту чабайын десе, жырткычтын ачуу, ызалуу күркүрөгү Аксурду коркутту. Айгыр жолборско жакындабай дирилдеп, кошкурунуп безип турду… Жаралуу жырткыч эми кек алчудай бооруна жанчар сайылганын сезбей… улам күч алып каргып качыра берди. Бирок алсыз тарткан неменин секириги улам кем түштү. Айгырды, Жаш-Тегинди чапчый албай жатты… Дал ошол кезде «шак» табыш чыкты. Жолборстун так мандайына сайылган жебе тикенектей агара түштү. «Бу кайдан келген жебе»? деп Жаш-Тегин акылын жыйгычакты Барс каткырып туурадан чыга келди.

– Э, жолборс аткып салса кантесиң, Тегин?!

– Жолборстун азуусу болсо, менин жанчарым бар…

– Жанчарың сынып калган тура.

– Сабы сынса, курч мизи анын кардында!

– Эйа, сактык керек да…

– Сактандым да. Болбосо, азыр мени жолборс кемирмек…

Жаш-Тегиндин дал ушул эрдиги анын жоодо тайманбас кол башчы болооруна жол ачкан. «Жолборс чапкан эр жоону чабат» деген макал байыртан айтылат. Жолборс чабуу – эр даңкын чыгарат. Дал ушул эрдик даңкты көксөп алп болчу улан жолборс чабууга аттанат. Жаны ширин үйдө. Жолборс чабар уул түздө деп ууга аттанып, азуулуу жырткычка өз башын кемирткен эрлер канча.

гай Адылтай ажонун адилдигин, айкөлдүгүн, кеменгердигин укканда, башка журттун, башка элдин кишилери көз артты: өз бегинен, өз канынан запкы көргөн далай уул Адылтай айылына келди. Баягында Жаш-Тегинге жер-суу таанытыш үчүн аймактан аймакка өтүп, уруудан ууга өтүп журт кыдырган Эр-Киши менен Жаш-Тегинге уул кошкон уруулар, бул кезде ажого арамы болсо, арамын унутту. Кеги болсо, кегин унутту... Бир кездери катуу жоолашкан тигил Казы-Ак-Көлдү жердеген калың уйсундар, тигил Алтын-Тоонун жышын жердеген чаалар, аздар, изгилдер, ич ара чабыш баштап, мал таланып, уулкыз кул, күң болуп турганда алар тек өз ара кектешпестен жоо журтка кошулуп кыргыз колун кырышып, кыргыз айылын чабышкан. Бул өз колун өзү кыя чапкандай өз уруу, өз журт өзүнө чабыш баштаган жаман жосундуу салтсыз күндөр эми жок сыяктуу. Адылтай бабаны сыйлаган билгилер баш кошуп урууларды ынтымакка чакыргандан кийин:

Бөлүнгөндү жоо тилейт
Кыркы кырга кетсе дейт,
Кырк бөлүнгөн кыргызды,
Кырып-жоюп бөрү жейт,
Уа кырк уруу баш куруң.
Асаба аштап бек туруң!

Деген чакырык ураанга айланды.

Бул ынтымак түбөлүккө калабы? Не кайрадан жаман кишилердин арамы-амалы, ач көздүгү, бузуктугу артабы? Журт ынтымагы түбөлүккө бекемдесе ийги! Журт камын ойлогон кишилердин тилеги ушул. Бирок...

Ысыктын суугу, арыктын семизи, токтун ачы бар?!

Не, ушундай өзгөрүштөргө киши уулу өздөрү себепкерби? Аны тактоого кишилерде чама чак. Неси болсо да, соңку бир катар жылдар бою журт башынан кечирип келат-





жан жок. Акелердин катарында энелер олтурушат. Айтор, эркек-зайып дебей өз теңи, өз катары, өз-өз ордун ээлеш өзүнчө салт. Булардын эч бири өз ордунан жогору чыкпайт, не төмөн түшпөйт. Кимдир бири өз ордун таппаса, кызуу сөздү бузса, ал – салтсыз, адепсиз...

Төркү үйлөрдө ушинтип кеп учугун чубап кадырман кишилер олтурганда: тээ обочодо очок кашындагы кул, күң этиет басып, этиет жүрөт.. Бак-бак сөз, кыйкырыкчуу жок!

Кул, күң тек казан асып, от ичкелештирет, көсөө түртүп, майга матырып, кол чырак кармайт. Тигил үйүйдө сүйлөнгөн Улуу сөз демин булар ушул жерде кызмат кыла жүрүп сезүүгө тийиш. Ушул обочодо жүрүшүп, өз ара тамаша-шылдың, азил кеп баштап, көңүлдөрүн башкага бурса, анда булардын көңүлүн жин азгырган ниети арамдар делет. Улуу сөз укпас дөдөй кырсыкка энчилеш. Ошондон улам бул карабашылдар өздөрү ушинтип от кашында калганы аз келгенсип, бардык адам уулуна кырсык тийгизип, кесепет алып келбейин дейт... Жоош, коркок, басынып жумуш иштешет...

Бул күндө кул-күң тургай кадырман атанын эрке уулу, жибек кийгеи эрке кызы тынч. Күндө бул маалда, төрдө жайылган шырдакты жеке ээлешчү. Кызылга, көккө, сарыга боёлгон ашыктарды уул үймөктөп чачып салчу. Анан ал ашыктарын түскө бөлүп: сарысын «табгач», кызылын «түрк», көгүн «кыргыз» уулу деп, үч топту үч тарапка жайнатып кулжа, теке сакаларды кол башы деп алдыга жылдырып, анан «түрк» менен «табгачты» чабыштырып. «кыргызды» калыска коюп, не «кыргыз» менен «табгачты» чабыштырып, «түрктү» калыска коюп... «Чабыш» оюнун ойногон эрке талтаң уулдар азыр керегеде илинген тулубун карап, андагы чүкөсүн сагынып, ыйлагысы келет... Бул күнү бала «Чабыш» оюнун ойнобойт! «Билги кыл, коркпос кыл, мени, ыйык Теңир» – деп «тек олтур!» деген эне эрке уулдарын от кашынан жылдырбай салган.





Ага урууларды анча-мынчасы болбосо, көпчүлүгү ич тардык кылбайт. Ажонун айткандары айтылчу чындык!

Бул чындык менен эсептешпей калуу чанда. Не кайбир кара өзгөй журт бузарлар бийликке келип, өз жеке намысын талашаарда, жеке атын чыгараарда, не касташаарда ажо кеби эм болбой уруулар ичтен ыдырап ынтымак бузулат...

Эл-журт ынтымактан кетээрде аны алдын алып баамдап айтып койгон белгилер бар. Андай жаман белги жакындап калганын баамдаган билги ажо, не шат, элтебер, не кан, бек не або, бий не кол башчы баатыр (эгерде ал жеке эле кол башчы жоокер болбостон, кол башчы акылман болсо) ошентип журт ынтымагы ирий баштаганын алдан баамдап, алдан туят...

Анын алдын алып, чатакты басуу, журт ыркын кетирбей ынтымакты сактап калуу – эми эки тараптын иши. Бул да көп аракет, чоң күчтү сарп кылаар татаал иш. Улус иш!

Журт ыркы киндиктеш өз тукумдан бузула баштадыбы? Не четки чоң душман ага себепкерби? Мунун мааниси да өзүнчө! Айтор, эл-журт аралык дал ушундай кагылыштар, өзгөрүүлөр, не чоң чабыштар да жанагы тонолгон не тонолбогон төөлөрдөй тынымсыз чубурган жылдардын мүнөзүнө, жаратылыштын кубулуштарына байланыштуу. Муну баамчыл-билги кишилер көрүп билишет. «Жыл оор, белги жаман. Эрөөлдө кол сак болсун. Оорукта журт камылга көрсүн» деп ошол билги-эсепчилер кабар беришет. Билгинин бул кабары менен ажо да, шат, элтебер да, або, бек, кан да, кол башчы да эсептешет. Эсирик басып эсептешпей койгону болсо, ал жеке калат. Чабылат. Таланат. Өлөт.

Неси болсо да эсепчи-билги жеке эле өзүнүн акылы тапканды айтпастан ал жаратылыштын кубулушуна карай душмандын ойлогон оюн, арам максатын баамдайт. Баса, ушул момун журттун эзелки жоосу тигил табгач кыйыр түрүп кол салаарда жыл оңтоюн келтирип, өзүнө зыяндуу жылы тим калып, өзүнө пайдалуу, жоосуна зыяндуу жылы кыйыр ба-





Мал-жандын башына дал ушундай оордук келип турганда каңырыш кабар келди:

– Жоо табгач эмес, тигил Үч-Суунун калкы бизге жанчар сундурмак болду. Эр-Киши менсинир. Мени кемсинир. Онун жанчарын сындырам, ордосун бүгөрмүн, – дептир Үч-Суу беги Элтерес.

Бул каңырыш кабарга кыргыз колу ишенбей да коё албады. Ишенип да жибербеди. Коогалуу кезде, кыш каарына алганда бөрү этектейт, жоо жакалайт. Неси болсо да, малга каралашкан жоокерлер эрөөлдө болсун! – деген буйрукту ажо берди. Эр-Киши да жок. Ал жоокерлери менен жүз башыларды ээрчитип эрөөлдө. Табгач жолунда, алыста. Касташкан чоң жоо келүүчү жакты көзсүз, кулаксыз калтырыш болбойт эле. Ошондуктан, бир миң кол, тек колдой эмес, тек жер кезген, журт аралаган кишилердей ошол табгач жолунда болучу. Эр-Кишини ал жактан чакыртыш да опуртмалуу. Аны издеп таап келиштин өзү кыйын.

Баса, кыш Үч-Суунун журтун маңдайынан сылабас. Кыш аларды да калтыратты. Бизге түшкөн кар алардын да отун басты. Жанчар бою кар жатканда бул жакка ким келээр? Каңырыш – зайып кеби. Жер-суу кардан бошомоюн жоо аттанбайды дечүлөр тек камырабады.

– Сактанган сактапыр. Отсуз түтүн жок. Оксуз кан чыкпайды. Эл четинде кол жатсын! – деген ажо буйругу бир түмөн колду аткарды. Ал кол, азыр тигил Көкмен жышында, кар тээп жайдак жатат. Түмөн башчы Жаш-Тегин. Жаш-Тегин адегенде он башы болгон. Кийинчерээк жүз башы, андан миң башы болуп үч жылдай колду эрөөлдө баштады. Жеке өзү чоң чабышта аз болду. Четжакадан келе калган азгын колдор менен болгон кагылышта кол алдында айдыңдуу чабат. Кайраты бар, бирок, жекеме-жекеде кылыч чабышаардагы айбаты жоо көзүнө анча көрүнө элек. Өз тукуму Жаш-Тегиндин кылычты бийик көтөрөөр эр экенин билип калышты. Өткөн жылкы күзгү тосмодо черден чыгып өзүнө тике каргыган

кан коймаарек тынч күндөр, берекелүү өмүрлөрдүн арты кандай болоор экен?

Көп жашаган Адылтай ажо дал ушул жагдайдан улам эл-журттун эртеңки тагдырына санаасын бөлдү:

«Төрөлгөн өлбөй калабы? Уа Теңир, көп жашаттың мени. Алтын чара толо ырыс бердиң. Ырыс татып эсирдим... онон муң бердиң. Өз башымдын муңу эмес, калайыктын муңу. Канча жолу менин элим кара буура чөгөрдү. Канча жолу ол муңга батты. Онон эр уулдарыбыз элди муңдан куткарды... Эртеңки көрөөр күн маа муң менен кайгы жапты. О, момун журт, сенин жоокердик салтың жок болсо, алда качан таланып, таркап, көрүнгөн жоонун алдында кул-күң болур эдиң. Сен шол момундугуңа жараша жоокер болуп калдың. Жоокер болгонуңа жараша амалкөй, айлалуу, зулум, канкор болбодуң. Ак көңүл ишенчээк болдуң. Башкага жамандык самабадың, өзүң да жамандыктан сактанбадың. Сен бардыкты көзүң көргөндөй кабыл туттуң. Кыбындап күлүп келген арамдын түбү саа жоо экенин, саа санаасы арам экенин сезбедиң. Сен ону өзүңдөй жоош деп туюндуң, уа, карга карысын ким билир. Киши аласын ким табар. Сен өз деген жоо чыкты. Ол саа арам амалын билгизбеди. Ол сени жылуу сөзү менен ишендирди. Арам амалы менен алдады. Сен ошол арам жоого алданаарыңды билбедиң, байкабадың. Энөө жүрдүң. Алданып алың куруп, каруун тайып калган соң, сен жоого кылыч көтөрдүң. Алданбасаң, карулуу чагыңда сак болуп кылыч көтөрсөң, сен жоого жеңдирбес эдиң. Сенин тукумуң бир баш, бир кол тегиз аттанса, саа Теңирим күч берир...

Бардын акыры – ада. Алп акыры – кор. Бу, Теңир иши. Мен бузалбасмын... О, момун журт, сенден эрдик ада болсо кантээр экенсиң? Сенден биримдик ыдыраса кантээр экенсиң? Бу дүнүйө ушул ол күн барда жарык, күн жокто караңгы. Ол жаз келсе жылуу, кыш түшсө суук... Көк теңири өзү ушинтип оош-кыйыш кылып, баарын салмактап теңдештирип туру... Бүгүн аш койгон жагына эртең таш





коёр. Бүгүн суук берген жагына, эртең нур берир. Көрүң! Менин жаржором, атам-кыргыздын тукуму, сен өзүңдөн байкаң! Айкөлсүң. Сунган моюнду кылычың кеспейди. Момунсуң, ишенчээксиң. Ошон үчүн канча жолу кылычы курч, сөзү кара мүртөз жооң жериңди канга боёду... Ол өзү да кырылды... Момундугуң жалган, сен аман болоор бекен? Же кара буура чөгүп, муң бүркүп, казаның көмкөрүлөөр бекен? Күлүң сапырылаар бекен? Момун болсоң болуң, жооңдун арам амалын билгендей болуң. Эрдигиңден кайтпаң! Жазыксыздын башына кылыч чаппаң, өзүңдүн амандыгыңды сактаң»!

Адылтай ажонун ушул сөзү, азыр отко, күнгө табынган кишилерге жетти.

Азыр чоң-кичик отко табынып баары ант берип жатышты.

– Жоого сатылганды От куйкаласын. Жер каардасын!

Эне кызын, ата уулун, ага инисин колдон жетелеп От айлана чуркашты. Алаканын жерге тийгизип Жерди өбүштү. Көккө карап Күнгө жалынышты. Анан баары колдорун бир-биринин ийнине артып ортодо алоолонгон арча жалынынан көз айырбай тилек тиледи:

– Караны өрттө, акты кой, ыйык От?

– Жаманды өрттө, жакшыны кой, ыйык От?

– Бузукту каарда, түздү жалга, ыйык От?

Ак чачы жайылган энелер:

– Ыйык Умай! Жибек созоор кыз өстүр! – десе:

Ак сакалы жайкалган аталар:

– О, Дөө аке, журт багаар уул өстүр! – дешти.

Отко табынуу Күн кызылы баткыча созулду. Күн кызылы баткан соң, ар айылдын билги карыялары төркү чоң үйлөрдө олтурушту. Алар төрдөн эшикке карай улуулаша орун ээлеп, ортодо От жанды.

«Улуу сөз» сүйлөндү.

Кеп ээси төрдө. Кеп угуучулар аксакалдап төрдөн тарта ирегеге карай үйдү үч курчап жым. Сөзгө кулак койбогон





сып келгени төгүнбү? Баса, негизги кол канаты ат болгон биздин журт үчүн оор жыл эки эсе каар салаары: атчан жоокер жөө калаары, азыксыз калаары төгүнбү?

О, дал ушундай оор жылда кыйыр түрүп чабыш башташ табгач үчүн пайдалуу го. Аларда аскердин чоң бөлүгү жөө. Алардын негизги азыгы эт, сүт эмес, чөп, жашылча. Алар азыкты көп учурда жолдон табышат. Жоону тике беттешип кылыч менен чабышуудан мурда – аярдык, митаамдык, алдоо, азгыруу менен жеңет. Жылдын оору алдоо-амалга, колду жүдөтүп азгырууга көмөкчү...

...Быйыл жыл дагы өзгөрдү. Бул, жолу, не баягыдай коймаарек болбой, не кийинкидей каалгыган төөдөй оош-кыйышы болбой те кеч күздөн кар калың жаады. Мал оттогон токой, тиги адыр-сеңирлерде атчан киши бастырып жүрө албайт. Үзөңгү кар жирейт. Күңгөйдү тээп оттоочу жылкы кар малтап калды. Уй жыш аралап карагай, кайың, тал, бадалдын бүрүн, бүчүрүн, бутагын жалмалайт. Өз азыгына анча муңайбаган төөлөр да киши көрүнсө алыстан эле жоодурай карайт. «Көр, ээм, сен мени тонойсуң жылуу тыбытымды алып өрмөк согуп, андан эр чалбарын, эр тонун тигесиң. Өзүмө отун артасың. Лөк унаам дейсиң, жүгүмдү артасың... Эми мына, кыш каардады. Мага төө куйрук ачып бер?» дегендей жалдыраш. Анан калса, жаныбар төө баласы кишиге жоодурай караганда, анын момун кебетеси аянычтуу. Жоодураган чөйчөктөй кара көздөрү кишиге жалынып айткандай. Ичтен боздоп-сыздаганы ээсинин сай-сөөгүн сыздатып ээнин кейитчүдөй... Кышта, муз үстүнө оонап кирген бууралар не кар, не ак буура экени таанылбайт. Боору менен күртүк жирэп, чыйыр жирэп, чыйыр түшүрүп, атанды, ботону, саймалды, ингенди те күцгөйдүн бадалына, чычырканагына, не тигил өзөндүн талына, жылгынына баштайт. Ир алдыда кар жиреген буура кара болсо, анын төө экени таанылат. Алдыда кар жиреген буура ак болсо, ал көзгө көрүнбөс сыйкыр сыяктуу тек кандайдыр бир укмуш кар жирэп бараткандай... Неси болсо да, өз азыгын көбүнчө тикен чайнап, жалбырак кай-





сап, бадал башынан тапкан асыл мал азыр кардын калыңынан жүдөдү. Жыш аралап, өзөн бойлоп агач үчүн сыдырган төөлөр анча ач эмес. Башка малга караганда кулан суукту тоотпой, тиги эле сары талаа чөлгө безип кетти. Деле жыл каарын алдын ала сезген сыяктуу те эрте күз башында эле куланчыга тостурбай куландар куюндай удургуган болучу. Анан алгачкы чоң кар түшөөр алдында жер тешигинен чыккан шумдуктай удургуп бирине-бири ыктай, топтоп бөлүнгөнүн айгыры кайра топко ийрип... бардыгы бир баш болуп те жазыкты, чөлдү көздөй агылган. Алыстан карагаңга кулаңдын калың үйрү кандайдыр бир сур, зор укмуш айбан сойлоп бараткандай көрүндү. Жакындагы кишиге алардын курч туягынын дүбүртү «тыпыр-тыпыр», «дүпүр-дүпүр» деп жер дүңгүрөтүп кулак тундурду.

Неси болсо да артынан кеткен куланчылар тизгин чоюп, атка камчы салып жетпей баратышты. «Бизден кайгырбаң. Алаамат кышта жан багышты өзүбүз жакшы билебиз» дегендей жаныбар кулаңдар удургуйт. Дирилдейт. Үркөт... Тээ ашыркы түздүн ыктоо-ыктоо адырына жеткенде кулан үйрү токтоду. Кулан тынч алды. Өзүбүз жер төлөгө кирдик... деген кабарды айттырып коюшуп куланчылар анда.

Көп жыл катар оош-кыйыш жатканга журт бейкапар, кышка камы аз. Теңир сактаар. От калың, күңгөй кара...– деп жазда кишилер тынч болучу. Чөп аз орулган.

Деле бардык орок тарткан киши орумга чыкса да колго караган ушунча жандыкты тоюндуруш кыйын. Анын ойноп, жибек созоор уул-кыздан өйдө күрөк алып эми талаага чыгышты. Кар жука, оту бар деген күңгөй беттери күрөлдү. Бет-беттерде, күңгөйлөрдө кар күрөгөн кишилер да, алардын чыйырына түшүп от издеген кой-эчкилер да кардан таанылбайт. Тек көз тайылган ак тондун өңүрүндө чубаган кумурскадай кашаттанган күртүк арасында чубалган жандуу кыймылдар. Эптеп өлбөстүн азыгы, кырылбастын аргасы. Бул аргада мал-жан эч тыным албады. Майда жандык ошентип күрөк улап өлбөстүн отун татты...

мал арыктап кырылат. Бекер кырылганча мал семизинде союлсун дешип муздалган ириктерди териси менен катырып жыгач башына илип сактоодо. Жаасы таман бээлер, кысырлар союлуп азыр жеке кол кошуунунда эмес, оорукта ар бир үй-үйдүн сересинде, ит-куш жеткис жайларда илинген семиз эттер, бул журтка бир кыш эмес, жыл бою жеткидей. Азыр тоңо турсун. Кыштын ак буурасы кыр алып, жаздын жашыл жоолук айымы күлүп келгенче бул муздалган малдын эти өз эби менен сакталат. Сүрсүгөнүн сүрсүтүп, катырганын катырып бузулгус кылып койгон соң көп эт оорук түлүгү. Ал эми семиз бээлердин, кысырдын эттери жоокерге күлазык. Майына куурулуп, күлмайда тартылып куурма унга, сарымсактын уругуна аралашканда – бир бээнин эти бир чаначка сыят, не бир жан баштыкка батат. Бир кумган кайнак сууга чоң ууч күлазык салсаң, бир он башыга аш! Көп жылга бузулбас күлазык жоокердин азык-түлүгү!

– Азыктуу арыбас! – деген макал ушундан улам айтылат.

* * *

...Оорукта да, эреелдө да эл ушундай тымызын камылгада жаткан кезде, тигил Үч-Суунун Элтереси кыргызча чабуул койгону каңырыш эмес, чын болучу.

– Эки кылыч бир кынга сыйбайды! – деген макалды эске туткан Элтерес жортуул самады...Көп олжо көксөдү... Бул коогалуу дүнүйөдө киши уулу өзү түзгөн эреже чабыш беле? Не деле жаратылыш өзү түзгөн эреже беле? Эки теңдеш кол башчы не эки теңдеш кан, не деле эки теңдеш уруу: «Элбиз, журтпуз. Ынтымак курдук» дешип угуза айтып коюшуп, коюнга таш катмай байыртан келатат... Карганын жашын, кишинин ичин билиш кыйын... Күлө кирген эрдин аттанып бастыра бергенде артынан туруп жотосун караң. Басынып, сыйынып кеттиби? Не сени ичтен





ган кардай билинбей келген бул жоо үстөм кылып бараткансыды. Чынында эле найза бою кар жаткан улуу дабан ашып, аязда чыйрыгып, ачууга уугуп калган Элтерес колу, эми түн жамына келип, уйкудагы Баш-Тегин колун өтө суктук, ызырынган ачуу кек, кайрат менен басты. Көптөн изине түшүп жетпей жүрүп ачыгып калганда жеткен илбирстей топ-топ кошуун, кошуун болушуп уйкуда жаткан жоокерлердин далайын дал ошол уйкуда ойгоно электе жанчып кирген Элтерес колу азыр жинденип, кутуруп чабыш баштады...

Кар астынан, күрткү оюгунан ашып-шашып жоокерлер туруп жатышат. Далайы уйку ачыла электе өзүнө согулган айбалтадан кайра жумаланып жатты. Далайы белинде байланган ат чылбырдан ажырабай уйкулуу көзү менен атка ыргып минүүдө.

«Кайдан келген жоо»?

«Өзбү, жатпы»?

Ушул суроо ар кимдин көңүлүн бөлүүдө. Бирок бул бир серпилген чырпындыдай ойдон учат. Ким болсо да, из жашырып, уурданып келип тымызын кол салган бул жоодон жан аяшуу жок. «Үйдө өлгүчө жоодо өлүң» деп тарбияланган кол, тынч уйкусун бузган тигил салтсыз душманга кеги ачынды.

Карсылдашкан катуу чабыш башталды.

– Өлдүм!– деп үн чыгарып онтоп ыңкыстаган бири жок. Тек кырчылдаган чабыш, «Түрс-күрс... «Чак-чук»... Айбалта менен айбалта кагышкан сайын, кылычка кылыч айкашкан сайын курч миздерден жалт-жулт от чачырайт. Асманга карай албан жан күлгүн өмүр «чырылдап» качып-безип жаткандай. Калкандар кагышып, туулгалар тейишет... Бири тиштенип оор онтойт... Ат мойноп чыга берет...

Уйкуда жаткан кол адегенде эле көбү аттан ажырап, атка жете албай калган. Азыр алар жөө чабышта. Бирок, урдуруп-соктуруп селдей каптаган аттуу колго та-





каат бере албай далайы туяк астында тепселүүдө. Далайы үстүндөгү эр кийимин жүк кылбай жең чечип ыргытып жөө чабышууда... Деген менен ээрде көнгөн эрлер, жөөдө тукул болушту. Өксүп, өкүнүп... башы жалма-жалма кан жаланып сулап жатышты. Өлгөндөр муруттары сербейип кол-буту сенектенип бат эле тоңууда... Түндө башталган чабыш же ат демин албай, не эр суусун жутпастан эртеси кечке тынбады. Эки тараптан тең кол кемиди. Эки тараптан тең өлүм аз болгон жок. Ошентсе да, бастырып койгон кыргыздардан чыгым арбын. Жан аябай салгылашкан эрендер кол шалдайып, көз жалдырап калгыча балта көтөрүштү, кылыч шилтешти. Качан кан көп кетип, билектен ал тайып, көз тунарганда гана аттан ажырап, не куралсыз калып сулап жатты...

Миң башы Жолборс өзүнүн миң колунан калганын баштап, эртеси түштөн кийин бирде ат соорусун салып кача берип, токой аралап, жазгырып, кайра күтпөгөн жактан айкыра кирип жоону далай шаштырды. Эки жолу Жолборс Элтерес менен беттешти. Найзаны тике сундуруп, тайманбай эр сайып каныккан кандим болгон Элтерес, Жолборсту адатынча ошептип тике качырды... Жолборс ат соорусун салып кача берген болду да, Элтерестин найзасын айбалта менен кагып салды. Ошол замат От-Жээрдени чукул бура тартып, Жолборс Элтереске кол салды. Экөө ат үстүндө бой тирешти. Элтерес мындай чабышта алптар менен көп беттешип, чабыштын ыгын билген неме, чабыша кеткенде эле, Жолборстун айбатынан сестенди. «Э билеги күч, жаш жүрөк, өлүм билбес бадирек көрүнөт. Боо күч жумшап кагышсам чалынып калаармын»... деди да кекселенип жазгыра берди. Ачууга биротоло уугуп калган Жолборс адетинче айкырып, күркүрөп качырды. Анын эрдик айбаты Элтерес алпты чыны менен чочутту... Ал кача берди. Бирок Элтерес сыртынан баккан наркы жүз башы өзүнүн тандалган бал-





жырымын бузаар? Не оноу, Түбүттүн Айкан каныбы? Не ындынын ак оронгон жылаң балтыр олуя-пириби? Не оноу, урум менен пурумдун, онон аркы таш сепили бек темир туулга кийген мүйүздүү алпы кол баштаган четки журт Көк теңири түзгөн жырымды бузабы? Уа, Теңир жырымын бузууга Жер тукуму алсыз. Аргасыз.

Биз киши уулу бирибизге бирибиз ак болбодук?! Пас болдук?! Бирибиз уңшуган түнкү бөрү болдук. Бирибиз таш короодо камалган жазыксыз кой болдук. Көк теңири ак бол деген бизге.

Уа-а, киши семирген сайын зулум болооруна көз жетти, Теңир. Сен биздин урпакты эсиңде тутуң. Ол жолго баштап, олорго акыл берип туруң, Теңири? Семирген кезде киши эсирбеспи...

Уа-а, эсирген Элтерес, бир тамырдан өзөк тарткан бай чынар эдик. Сен эсирдиңби, энди.?! Сени Теңир каардасын...

Батман темир көтөргөн алп кара жанын алып басалбай шумкар болду, ондо. Жебедей учкан күлүктөр ыргалып жыгылды. Көк жайначу талаа-түздөрдө аркайган сөөк жатыр. Сен ошол күндү көрүң. Шермин деп шерденбең, эссиз арам. Жанчар бою кар басып, калайык кар күрөп, кар астынан тулаң жулуп мал асырап жатканда уңшуп келген бөрүсү болдуң. Уа-а, алкы бузук. Бабамдын арбагы тирүү болсо, сакалымдын акиси кылыч болуп чабылаар, саңа»?!

Жол бою ушундай заарканып, каргап, чыйралган Адылтай өзүнүн алдан тайыган кары экенин унутуп аны көрүнбөс күч жылоолоп алгандай ал тың, чыйрак, кектүү.

Тек кар жиреген аттар тигинде-мында бырр-бырр бышкырына, тыноодон урулган ак буу, ат тери, киши деми үстүгө кыроо жаап салган. Түн бою жол тартып келаткан ушул жети миңдей кошуундун тиги четинен бул чети бууланып көбүктөп, анан бат эле эр тонуна, ат жүнүнө кыроо туруп, муз катты... Жортуулдун албуут жүрүшү кайрадан буу көтөрүп, кайрадан жылуу дем бүркүп, Адылтай баштаган кошуун мына чукулдап, кысып кирип келди.

кекетип жоо болом, деп баратабы? Көргүч болсоң, анын сырын жотосунан, байкап кал, дечү бабалар...

Ошол айткандай эле кечээ жазда, көк асаба астына баш коштук деп ураан чакырышкан көп уруулардын баарынын ичи ак, ою бир эместир. Көбүнүкү ак болсо да бириники, карадыр. Айтор, киши аласы ичинде. Аны сыртынан байкаш кыйын. Ал өң-түсүнөн билинбейт. Киши сыры анын иштеген ишинен билинет. Эмесе, ошол кечээки жазда журт ынтымагын чакырышкан аздардын бир кишиси Керген деген бүгүн көк асабанын ынтымагынан чыкты... Ал керт башынын кызыгын самадыбы, не өз эли аздын зоболосун арттырмакпы? Азырынча белгисиз. Неси болсо да аздын бир адамы Керген, Үч-Суунун алпы Элтереске алдыртан кол сунду.

– Ушул катаал кышта, Адылтай колу камдуу болгон күндө да кошуун күчү бөлүндү. Эр-Кишиси алыста, эрөөлдө. Анын Жаш-Тегини бир түмөн колун карга көөмп жыштын черинде. Ол оно-о кежигеси Улуу-Тоо жактан жоо күтпөйт. Ол жактын жолун ошол кыргыздын өзү, аа оторлош аз – биз билбейбиз. Түңгүюктан жол баштап, кыргыздын жыры-лаар талуу жеринен чыгарам! – деп Керген жол баштады.

Алп кол башчы Элтерес баатырдын үч түмөн колу Кергенге жол баштатып, кыргызга карай аттанды.

Элтерестин максаты: кыргыздын алтын, күмүш асылын олжолоо. Малын айдап, баш ийбеген баатырын тизелетүү... Үч-Суу журтунун зоболосун көтөрүү. Кала берсе, көк асабанын даңкын басып, өз бабасынын ак асабасын ордо босогосуна көтөрүү.

Кышында тургай күн күлгөн жазда кол аз ашчу катаал дабанды көздөй Элтерес колуна жол көрсөткөн Керген көп күндөн бери уйку көрө элек. Өзөндү, жонду, кырды, бөксөнү бирдей баскан калың кар жол бербейт. Жүздөй киши «Агач ат минип»[1] сонорго из салды. Кар тапташ-

[1] *Агач ат* – лыжа.





ңур заман. Заман арты казандын көчүгүндөй түнөрүп кетти... Билги кебинен тайып, баатыр чабыш жырымын бузуп... уңшуган ач бөрү болуп жазгырып, алдап-согуп, кар жамынып, караңгыда басып... уа-а, бул этеги ачык зайыптын ишидир, Элтерес. Сенин эр атаң менен тизгин кагышкан киши эдим... Атанда салт, уят бар эди. Уа-а, сен кимден, кайсы кулдан төрөлдүң эди... Өгүз токулгасы астынан табылган уул сендей арам болур. Сендей жырым билбес жөн болур...»

Жол бою тек ичтен күңгүрөнгөн Адылтай ажо, өзү ичтен эми Элтерес алпты колго түшүрүп, тизе бүктүрүп, анан ага кебин айтып жаткансыды. Чабыштагы эрендер эмне болду. Чабылгандан калган жоокерлердин алы кандай деп ойлонбоду ажо. Тек Элтерес алпты каарлады. Камынтпай келген кара жоого кекенди ажо.

Бул кезде аккуп балапандай тек тыбытка оронуп, кымыздан тарткан шарап ичип кысыр эмди кулундун өрүктөй этин жеп жай жатмак. Уа, коогалуу күндө ажо антип жатып алганда кара башыл кишинин көрөөр күнү каран. Кыйырды кымтып келген жоо ириде анын ажолук ак ордосун өрткө чулгайт. Ажолук тагын булгайт. Калкынын жылдызын түшүрөт. Ата-эне, келин-кызды муңга чөгөрөт.

«Көп казды баштаган баш каз желээ тарткан урпагын алааматтан сактап, кыйын жолдон алып кетиш аргасын издээр. Калың жышта уюктаган аары тукуму да, өз анасын ээрчип удуруп, уюлгуп, күүлдөп анасынан адашпай учады.

Уа, жан-жаныбардын жалпысына Көк теңири өзү энчилеген улуу жырымы ошо. Курт-кумурскадан тарта, жышта тукумдаган жан-жаныбарлар, сууда тукумдаган балыктан асманда учкан канаттуудан тарта, эс тутуп, акыл ойлогон киши уулуна дейре Көк теңиринин арнап койгон ол жырымы бирдей эмеспи? Ону ким бузаар? Түн жамынып кол салган, Элтереспи? Не оноу, ажыдаар уусун болот мизине ичирип, жазыксыздай кылыя карап, жымыйып туруп кебез менен мейманын мууздаган табгачпы, Теңир





та согорлору менен жол тороду. Ары-бери карагыча Жолборсту үч айланып жоо колу курчап калды.

Карсылдашкан чабыш! Чабыштан кулак тунгудай... Тулгасы көзүнө кийиле түшкөн Жолборс эми ээрден көчүгү кыйшайып, үзөңгүдөн бут тайып жыгылаарында аны кимдир бирөө колтуктап сүйөй берди.

Көзүң ач, Жолборс! – деген Баш-Тегиндин үнү кулагына шак этти.

Келбээрсип, ээрде теңселип... Сары чийкил жүзү кумсарып бараткан Жолборс Баш-Тегинди көрүп күлүп жиберди. Аа алптын бул күлкүсү күлкүгө окшободу. Өкүнүч ыйга окшоду...

Өзү да аябай ызалуу Баш-Тегин азыр өлөөр-тирилээрди карабай калган. Аксур жүрбөй калганда, Эр-Киши минчү Карт күрөңдү минип, өзү чалап жутуп, чабышка кайра кирген. Ошондо курчоодо алдан тайып турган Жолборсту көрүп, четтен куушура качырды. Токойдун ачыгында өз чордонунан бөлүнө түшкөн Элтерес тобу эми Баш-Тегинге такаат бере албай ат соорусун салып, өз колунун чордонун көздөй чыга беришкен...

Оолжуп ат жалына жыгыла жаздап турган Жолборско каралап Баш-Тегин токтой калды.

Азыр, ар дайым чамынып-теминип тайманбай жүрчү Жолборстун алдан тайып турганын көргөндө түмөн башынын заманасы куурула түштү. Баса, эр өлүмү – эл кайгысы. Бир өзү миң колго такаат берүүчү Жолборс шер азыр минтип кансырап турат...

Барс менен Буйлаштан шашкеден бери дарек жок. Алар ат соорусун салышып чабышып аман барбы?. Не бир жерде дердейип өлүп жатабы? Белгисиз.

Чабыш сээлдеди. Кол суюлуп калган экен. Канчалык бой тирешкен менен чабышта бир чети түрүлүп, ооруkка карай сүрдүгө берди кыргыз колу...





эрендерди, эчен капыядан сөз таап, жоо элчисин сөз менен басынткан билги-чеченди айтышты. Анан:

– Жоо жакаласа, бөрү этектер! Камырабас аял капылыстан чанчылыр! Сак уктаңдар!– дешип миң башылар өз-өз кошуунуна кетишкен.

Жал-куйругу төгүлгөн кара айгырга шап минген Буйлаш жалпыга угуза:

– Кылыч кесер. Уйку тумчуктурар! Оң көзүң уктаса, сол көзүң кароол карасын, эрен!– деген.

Буйлаштын бул кеби өзүнө да, Баш-Тегинге да, Барска да, башка миң башы эрендерге – жалпы жоокерге айтылган болучу.

Буйлаштар өз кошунуна кеткен соң, Баш-Тегин чатырга кирди. Чатыр аппак кийиз жабылган жылкычылардын жолум үйү сыяктуу жеңил. Тек жабуусу дебесе, ичинде эч жасалга жок, тек аяздан, желден ыктоо. Обочодон караганда анын чатыр экени да байкалбайт. Кар менен кар – кандайдыр бир шоңшойгон ак дөбөчөнүн шаңы тургансыйт. Түндө ал да байкалбайт.

Баш-Тегин чечинбеди. Жоо кийими менен кийиз жазданып уйкуга кетти. Ал тургай туулгасы башында. Буйлаштын жаңкы айтканы эсине түшүп оң көзүн жуумп, сол көзүн ачып бир тынымда жатты да, күлүп койду.

– Минтип укташ кыйын экен да...

Улам, талмоорсутту, улам чымырап эр уйкусуна батты, Баш-Тегин.

...Ие чай кайнамдай, не эт бышымдай мезгил өттүбү? Ким билсин. Кандайдыр бир «чак-чук» эткен алаамат доош Баш-Тегинди ойготту. Ал ыргып турары менен чатырдан жүгүрө чыкты. Ээсин көргөндө Аксур окуранып жиберди. Ал оттобой жер чапчып тегеренип турган экен. Аксурдун чылбырын белине байлап жоокер касабанын оюгунда эчтемке туйбай коңурук тартууда...

Кол кошуунун тепсей жоо баса киргенин Баш-Тегин айныбай көрдү. Кантсе да дымып туруп балпактап жаа-

ган кары жоокерден кабар алар замат, Адылтай ажо Акбозго минди. Азман або, Чекир бий экөөнүн бири жок. Алар, эл кезип уруу ичинде жүрүшкөн. Ажо өзү атка мингенде ак ордо аймагында калың кардан малды жуттан сактап оорукта калган эр-бүлө атланды. А деп ажону ээрчиген кошуун миңге жетпеген. Тыяк-быяктагы айылдарга кабар жетип, улам жолдон кошулуп олтуруп ажо чабыш майданына келген кезде ал баштап келаткан колдун саны жети миңге таяды.

Алардын бардыгы эр-бүлө эмес. Миң беш жүздөйү чачты төбөгө түйүп эр кийимин кийип, саадак кармап аттанган зайып зат.

– Уа, кагылайын ыйык Умай жылоолоң ушул кыргындагы урпагыңды? Тынч кезде эне болуп уул, кыз асырадык. Жоо келди. Саадак тартып кыйырга баратырбыз. Ак элечек урпагына күч бериң Умай эне? – деп тилек тилеп үзөңгү тепкей шап аттанган Сайкал эне бул жолу да ошол миң беш жүз зайыптын кол башчысы. Буларда айбалта, чоюнбаш сыяктуу билек күчүн сынашаар каруулар аз. Баарында саадак. Тек ууга чыккан мергендердей зампылдай келатышат. Көк асаба жанында ажонун эки жагында жайылган кең канат – дал ошол Сайкал эненин саадак тартарлары.

Демейде тактыда олтурганында ажолук ак тонунун жакасынан сыйда тартып жарашып төгүлүп туруучу ак сакалы азыр буралып оң ийинин көздөй жабат.

«Эй-а, муң арылбас калайык. Караңгыда бөрү чабыр. Капылыстан жоо тиер. Муну өзүбүз айтып, өзүбүз сактана албадык… Жанчар бою кар каптап, буурул Жер ыңырсып уйкуда жаткандан дили кара жоо келир. Уа-а, Элтрес алп, таш жүрөксүң. Кан ичээрсиң. Суктурсуң. Ачкөздүрсүң. Малтабарга, атак-даңкка анаңды кармап берээрсиң?! Уа-а, ит?! Ак чапкан алптын мүдөөсү ыйык. Баба наркына түкүрдүң… Жоого чабаар алптын ак салты ушул беди? Караңгыда бөрү болуп ким келир. Чабышаар алп жышааналайт: эшик алдына калканын коёр. Чабышаарын билдирир… Уа-а, ко-





ты. Бирок агач ат түздө, эңиште жүрөт. Өрдө жок. Эчен күүлөнгөн айгыр-аттар өрдө чыйыр бузат, бирок чай кайнам кар малтап, калың карга омуроо жиреп араң чыдайт. Суuктун чытырап тырс-тырс чертип турганына карабай көл-шал тердейт. Кулак түптөн азыр мөлт эткен тер азыр жүн учуна мончоктоп муз болот. Калың кол күндүз черге ыктап жашынып, түнү бою ашса, эки күн жеткидей жолду араң артат. Анын үстүнө Айдын караңгысына карабастан аппак топ кийген дүнүйөдө түндө да кол жүргөнү байкалгыдай… Учу-кыйыры тээ алда кайда созулган, алда кайда чубалжып алыста калган колдун алды-артынан кабар алуу кыйындады. Анын үстүнө тек абада кычыраган темир аяз кол-бетти каарыды. Суук жандууларды катырып салчудай күчүндө…

Кишилер эндирей түштү…

Колунун самсып, чабышпастан эле арый баштаганын көргөндө Элтерес алп Кергенден шек санады. Аны өзүнө каруулаш дебеди. Жолдон келген амалчы, мени алдап азгырып-аздырып жоого салып бергени келаткан ичи арам жоо киши экен деп ойлоду.

Анан чекеге тырс-тырс черткен темир аязды тоготпой жылаңбаштана калган Элтерес агач ат таптап чыйыр түшүргөн сонорду жирете, алдыдагы Кергенге такай келди. Бул кезде Элтерес алп суuктан эмес ачуусунан калтырады:

– Токтоң, сен!– деди, тек.

Элтерестен шеги жок тек аны аязда тоңуп кеткен экен деп түюнган Керген тамаша айтты:

– О, Шер… Ак-Термелдин ыйык дабаны тоңдурдубу? Калтырабаң…

«Уа, эмитен мени табалагысы бар» деген Элтерес ачуу бүркту:

– Не дедиң?!– Элтерес каардана карады. Айдын караңгысына карабастан анын көзүнүн агы Кергенге байкалды.





энөөлүккө берилчү бул журт деле эзелтеден укумдан-тукумга ушундай бейкапар ишенчээк, момун болуп калган сыяктуу…

Ар кишинин өз мүнөзү, кыялы, сапаты болгондой эле, ар журттун да ушундай өзүнө таандык өзгөчөлүгү, ушул өз мүнөзү, өз кыял-жоругу, өз сапаты бар белем?

Ушул кар тепкен жоокерлер кеч киргенден тартып, үркөр жанбашка түшкүчөктү, аяз ачынып ак буурасын букулдатып ойду, түздү артып, жыш арасына жарым түндөн кийинки каарын төгүп, аязын кычыраткыча жоокерлер тынган жок. Бири уламыш айтты. Бири укум сөз сүйлөдү. Анан бардыгы Улуу сөзгө өтүшүп эрдикти даңазалашты: – Үйдө өлгөн – өлүк, жоодо өлгөн – ыйык! – дешип, сөз улап макал айтышты… Мойну узун кыш түнү узундугу менен да, чытыраган аязы менен да эч зериктире албай, кайыктыра албай киши эрмегинен тажагандай болуп түңгүюк тартып, дүнүйө кычырап, тоңуп турган кезде… Баш-Тегиндин жоокерлери касаба үңүп, кар тээп, уйкуга кетишти. Кар, аяз, түндүн караңгылыгы, асманда балбылдап жоодураган жылдыздардын шооласы, түнкү каңырыш-жаңырыш, кайдадыр күбүр астында күжүлдөгөн суу шары; кайдадыр токой түңгүюгунан чыккан доош; кар жыты, аяз илеби, шакектеле тизилген аттардын деми; оздук-суулуктардын шылдыры, тердин, демдин, теринин, куурдун иси, ортодо додолонгон чоктун өчүп бараткан илеби, бышкан, желген тамак-аштан калган май жыты айтор, бардык нерсе аралаш кошул-ташыл болуп, кошуун жаткан бул жай өзүнчө кереметтүү, укмуштуу, өзүнчө көңүлдүү болуу менен бирге кандайдыр бир көмүскө кайгы азыр буларды каптай басып тумчуктуруп салчудай ыңырсуу бар…

Баш-Тегин бая он миң башчысы менен өздөрүнчө бирге тамактанышкан. Ажо бабасы Адылтай өзүндөй күчү толуп турган чагында жоого аттанганын кеп салышып: эчен эрдикти, жоо жеңгендикти, эчен жекеге чыгып сайышкан





## САЙКАЛ ЭНЕНИН ЖЕБЕСИ

Үзүлгөндү улаган,
Чачылганды жыйнаган,
Абам Бакай экен деп,
Көргөн адам жыргаган.
*Манастан*

Элин саткан жоодон өлөт.
*Макал*

Тарыхты күзгүдөн көргөндөй көрүп, мен баян
эткен каармандык иштерден өзүмө үлгү алуу менен
өз өмүрүмдү жакшылыкка баштоого тырышамын.
*Плутарх*

Ооруктагылар түрүлгүчө ошол Өтүкен этегин жердеген уруулар катуу чабылды.

Үч түмөн кошуун баштап камына чыккан Элтерес бул жолу кыргыз бүткөндү мүңкүрөтүп, катуудан казанын талкалап, жумшактан күлүн сапырат болучу. Баш-Тегиндин түмөнүн жапырган соң, Элтерес кыргыздын канынын колун чаптым. Кара журту эми таманда. Айдасам – малым. Пулдасам – үбүм деп текебер айтып эрдемсип калды. Кардын калыңдыгына карабай кошуундарын каптатып, Адылтай ажонун ак ордосун өрткө чулгатып, кыргыз жергесине ат ойнотуп чыгышка самады.

Албуут тилегин жүзөгө ашырыш үчүн Элтерес чабуулун күчөттү. Баш-Тегин түмөнү тозбоду. Оорукка карай чегине берди. Көбү кыргын таап, азы калган кол улам самсып, улам суюлуп жедеп эскилиги жеткен тигиштей үзүлүп-тытылганына карабастан – ит урушту салды. Караанды көбөйтүш үчүн алдан тайып бараткан жоокерлерди кол башчы улам алды жакка жиберди. Тыңдары арттышты. Баш-Тегин, Барс, Бозуул, Агуулдар улам ат которуштуруп жоого кайрадан чабышат:

«Э-э… бу менде ачуусу бар беди? Жок. Алптын ачуусуна турбаң жаным», – деп коркуп кеткен Керген жумшак айтты:

– Кар калың Шер. Ой-Тоо тегиз ак. Жол уусу чатыш…

Элтерес ансайын шектенди:

– Жол уусу чатыш деңˀ?! Алдамчылык кимден?!

Кергенден жан чыкты. Ант айткыча ашыкты:

– Арамдыгым болсо Көк урсун…

Элтерес жумшарбады… «Сени ушуну менен бир чапсам, ажалың төбөңдө чырылдаар» дегенсип ал булдурсун камчыны бүктөй кармап, Кергендин мурдуна сундурду:

– Жыт билесиңби? Эмне жыттанады?!

Керген калтырап ксткенин сездирбей, кебин тамашага бурду:

– Кан жыттанады, алп!

– Кан жыттанабы? Кимсиң, чының айтың. Мени амалдап жазгырган жоонун канын жутармын. Маа ак болсоң, бул жол эмине мынча татаал?

Ансыз да жоон сандан жогору карга батып турган Керген эңкее бергенде анын чекеси карга тийди. Ал өтө төмөнчүлүк менен ишендире айтты:

– Арамым болсо, каным эмес, жинимди өзүмө жуткуруң, Шер! Ичим арам болсо, өз атымдын такасы чекеме батсын! Өз журтумдун кешигинен татпай калайын… Көк урсун! Көк урсун! Көк урсун!

Мындай үч кайтара айтыш эң күчтүү ант.

Элтерес каарынаи жазылбады:

– Ичиң адал болсо, Жол кана?! Туюкка, чыңга баштап келгениң неңˀ?!

Керген баш көтөрбөй туруп тез-тез айтты:

– Ырас, бу терс жол. Ондон бир аз адашып жатам… О, жолдун оңуна салганда… кыргыз кылычына такаат берсрге көз жеттиби?.. Ол жакта калың кошуун, көп айыл… Жүргөн-тургандар мол… Жалкы көз кол бараа-





нын көрсө, бир-эки күндө кыргыздын кылыч көтөргөн уулдары орто жолдон төш тирейди. Ошондо аны жеңээриңе ишендиңби, Элтерес шер? Жок! Күчтүү жоону купуя бассак дедиң. «Купуя жолду билем» дедим. Ырас, татаал, коркунучтуу, бу жол. Жаздымы көп бу жолдун… Ошентсе да бу жак коопсуз. Эрөөлдөгү кошууну уктап жатканда тумчуктурасың, Шер…

Элтерес бир аз жумшарып буйруп койду:

– Баш көтөрүң! Чын айтсаң, элиңдин ырысы. Ичиң арам болсо, элиңдин шору. Анда жумшактан күлүң, сапырылыр. Катуудан казаның талкаланыр. Ыйык деген каныңдын башына карга конур. Ушуну унутпаң!

Башта, жолду!

…Бул кезде кыргыз кошууну тек эрөөлдө жатабыз дегени болбосо, жоодон бейкапар болучу. Он башы, элүү башы өз-өз жоокерине кар тептирип, кар күрөтүп ортону ачтырышты. Орто чоң короодой ачылып, анын айланасын касаба жары тосуп өзүнчө эле кең короого-ыктоого айланды. Күндүзү ортого отунду үйүп, алоолонто от жагып жан казандарга[1] аш кайнатышат. Жаш . эт, ысык шорпо менен тамактанышат. Суусуну бозо. Айткандары эр баяны, ыр, жомок, табышмак. Анан кимдин кантип сайышканы, кантип чабышканы; кимдин кантип жазып калганы, кантип аттан жыгылганы, күрпүлдөгөн агынга аты акканда баш айланганы, капылыстан аюу чыга калганда «Апа-а» деп бакырганы… Айтор, шылдың-калжың, тамаша күлкү асманды жарып, жоокерлер баягы бабадан калган «Улуу сөздөгү» «Бозосуи ичсе .тойбогон. Ордосун атып ойногон»… жоокерлер жан сеп алган тынч кезде ушинтип, эрдемсип, ушинтип көңүл ачып бейкапар жатмай адаты. «Кылычың курч болсо, аны энөөлүгүң мокотоор».. «Кайратмансың, момундугуңдан алданасың» деп макалды өзү айтып, кайра эле өзү

[1] *Жан казан* – жоокерлер ала жүрүүчү казан.





– Уа-а! Алп баба, колдоң!

– Уа-а! Эр-аке деми, күч бериң.

– Уа-а! Атам кыргыз жылоолоң!

«Уа-а»! – деген сайын ар биринин аркасында түмөн кол такаат бергендей… Баягы таш коргон калың мүрзөлөр ачылып кеткен сыяктуу. Таш жырылып, анын ар бир жырыгынан алп айкырып чыктыбы?

– «Өлгөндө өөрчүң, тукум».

– «Түгөнгөндө, түтөң, урпак»!

Деген айкырык Жаш-Тегиндин кулагына угулуп турду.

– «Жоодон алып качкан, жан арам»!

– «Чабылган элдин күнү каран»!

– «Канжыгада башың кетсе да, көөкөрдө каның кетсе да журт кыйырына чеп болуң, уул»!

Деген айкырык Барстын кулагына угулуп турду.

Марымчы Эр-Киши кулакка куйган сөздөр. Бабадан калган «Улуу-сөз» тарамы. Чабышта муну көңүлүнө туткан эрендин каруусу таш жарат. Өзү жоого алдырбайт деген Эр-Киши.

Жоо колу менен айыгышкан алптарга арка-бел болгон, аларды чарчатпаган күч дал ушу баба сөзү. Баатырлар албууттанып улам чабышка бет алган сайын алардын жанжанында айкырып дем берип жүрүшкөн күч бар сыяктанды. Кара чаар кабылан, көк жал бөрү, оозунан от чачкан ак ажыдаар элесинде эр баба арбагы жылоолойт деген ишеним ар бирин ошол укмуш колдоочулар курчап сактап алгандай…

Баш-Тегин да, Барс, Буйлаш да өлүмдү билбеди. Айкырык салып жоону тике качырышты… Жалтанбай айыгыша чабышты…

Элтерес тек көптүккө салып, кыргыз түмөнүн күч менен жапырды.

Бул кезде Элтерес кошуунунда олжо самап аттанган кол башчылардын далайы чет жакадагы айылдарды талоондоп кетишти. «Ой-э?! Кыргыздын кыраандары карга





болду. Эми олордун кыз, келини бизге күң» дегендер эбак Элтерестин көз жаздымынан чыгышкан.

Олжо самаган жоокерлер кызылды көрөөр замат сук арткан бөрүдөй малга, үпкө, дүйнөгө сук салды. Коргоосуз кыз-келинге напси агытты…

Элинин ар-намысын талашкан Баш-Тегин жоокерлери кыргын тапкан сайын албарстынын каныңдай өрчүп айыгышып баратты…

Дал ушул кезде баятан тээ жээк жакта акчамбыл таргып дүпүйгөн калың жышка жан кирген сыяктанды. Дал ошол акчамбыл жыштан бөлүнүп чытырман тартып зампылдап кол келатты.

Чабыш майданында кырчылдашкан эки тарап аны али байкаша элек. Чабыштагы эрендер тек үзөңгүнү тең тээп айбалта көтөрүү, не жанчарды түз суктуруу, не саадакты жазбай мээлеш менен алек болучу.

Баш-Тегин тобу ыдырап-тытылып… бирок үзүлө жазып үзүлүп кетпей такаат берип ит чабыш салды. Элтерес колу аларды улам ныкып, улам жанчты:

– Эй-а?! Эми жыгылдың! – деп Элтерес качырса:

– Уа~а! Өлөр жериң ушул болду, таш билек?! – деп Баш-Тегин андан тайманбай жолун тосот. Кайрадан айкаш. Баш-Тегин минген Карт күрөңдү ак көбүк басып, үстүнөн көк буу көтөрүлүп, үстүндөгү алп тумандын арасында келаткандай Элтереске сүрдүү боло түштү да… анын артынан айкайлаган калың кол көрүндү.

Бул тек ушундай чабышта чаалыккан баатырлардын көзүнө көрүнө түшкөн элес, сүр, арбак эмес. Чын сүр, чын кол болучу.

Ооруктагы бир түмөн капылеттен жоого бастырды. Кызыл кыргын, айыгышкан чабышта баатырлардын далайы шумкар болду. Жоокерлер таш жарып чыккандай айбат менен салгылашып жатыр.

– Уа-а! Ажом. Жоо түмөнү мол! Биз аздык кылып чабылып жатабыз, – деген кабарды араң айтып эстен тан-

Барс, Жолборс, Буйлаш бирдей келишип баба кылычын өбүштү:

– Биз жортуулда, кол алдында жүргөндө, эрөөлдө журт кыйырында жүргөндө кара болсок кошуунда эр кол башчы эмеспиз. Бизди баба жарагы ак болот кылычтын мизи урсун!

Баба жырымына такпыз!

Баш-Тегин баба кылычын өптү:

Мен өз бабам ажомо кара болсом, ажо тукуму эмесмин. Мени ак болот кылычтын мизи урсун! Баба жырымына такмын! Умай эне кылыч мизине үч колунун учун тийгизди:

– Журттун ажосу, менин арстаным, сен тапшырган аманат жырымды эшиттим! Бу ак жырымды уул-кызым так өнөрүн күбө эттим!

Ким кара болсо, ону ак сүтүм урыр!

...Адылтай ажонун үнү пас угулду:

– Кош, жолуң ачылсын, тукум...

Эр-Кишинин кирпигинен ачуу жашы серпилди. Сайкал эне бурулуп кетти. Жаш-Тегин баба жарагын бабасы Адылтай ажонун колунан алды да, болот кылычты күмүш кынына батырды...

... Ордо ичи тыптынч. Кайгыны, өкүнүчтү, мүңдү баскан салтанат тунжурашы.





Ортодо көк асаба лап-лап этет.

Дүбүрт жок. Тек алдыңкы катардагы аттар текиреңдеп малтаган сайын үбөлгөн кургак кар ак толкун болуп серпилүүдө.

Адылтайдын оң ийинине жабылган ак сакалы Баш-Тегинге биринчи көрүндү. Лапылдаган көк асаба астында тек жайкалган сакал өзү учуп келаткан бир тутам аппак асыл чачыктай болуп кетти да, Баш-Тегин баарынча айкырды:

– Уа-а! Бабамдын акиси колдоң-ң!

Элтерес жалтана түштү...

Чулу темирдей козголбос алптын тоодой кара кызылы карга малта мүдүрүлдү. Көзүнө чейин карга бата түшкөн кара кызыл очорула түшүп, кайра турду. Эч чочубас Элтерес алптын күрөгү алданемнеден сестенди. Дал ошол саамда куйруктуу кош жебе удаа-удаа калканына согулду.

Жебе учургандар Сайкал эненин мерген колу болучу. Кыз кезинен көмүрдөй кара жоргого минип, ат соорусуна чалкалай калып саадак тартып машыккан Сайкал:

– Саадакты чоё тартың, бейбактарым! – деди жанжанындагы мерген-зайыптарга. Өзү баягы салтына салып, кара жоргонун соорусун көздөй чалкалай берип үстүүстүнө жебе учурууда.

Ышкырып учкан куйруктуу жебелер бир демди үстөмдүк кылды...

Ооруктан арка болуп кошуун келгенде алсырап, кансырап бараткан жоокерлер тыңып кетишти.

Эми Элтерес арка салып, ит урушун баштады...

Көк асаба лапылдап алга жылды.

Ошентсе да чабыш тез ада болгон жок. Эки кол бирдей айыгышкан. Эки колдо тең тайманбас алптар кектүү. Аларды өксүткөн кардын калыңдыгы. Аттан түшкөн киши карга чөмүлөт. Деген менен канаттуу жаралган жылкы тукуму кар кайсап, кайра тыңыйт.О, ошентсе да болдурбас жандуу барбы? Жоокер минген аттардын далайы боругуп, кар малтап туралбай жатты...





Айдыңы күч пири тирүү Адылтай баба кол баштап келгенде Элтерес колунун ушу качты. Алп өзү баштап айдыңдан, күчтөн жалтанды.

Элтерес ит уруш салып чегине берди.

Жедеп азуулары карышып калган эки көкжал ажыраша түшкөндө бирине бири кайрадан тиш салышка батыналбай кылчак-кылчак карашып илкип басып ажырашкандай бул жолу эки кол аргасыздан чабышын токтотту.

Чабыштын акыры мындай ада болуш Адылтай үчүн ыңтайлуу болду. Кыйыр жепирилип, чет-жакадагы айыл чабылган менен көп уруу аман. Ажонун ак ордосу аман. Сайкалдын жебесине Элтерес алптын жарадар болгону билингенде Баш-Тегиндин зоболосу ашты.

– Эр атасы жогун, мерген энеси билдирбеди. Уа-а, жесири жоо сайган журтка Элтерес алп кол салып не эсирди?!

Ак кар жамынды
Элтерес алп тоо ашты.
Уйкудагы кошуунду
Ууру болуп басты.

Ууру алп эмес.
Алп болсо да ол арстан эмес.
Саадак кезеди энем
Элтерес ууруга.

Кыр ашкыча шашты ол.
Кылчайбай качты ол.
Айрөк алп ууруга?!
Айрөк качкан кулга?!

деген ыр элге жайылды...

Чынында ал жолу качкан колу кыр ашып, өзүнүн жылдызы түшүп жаралуу жаны ызалуу Элтерес кара кызыл очорулуп баспай ат короруштуруп минген соң, бар ызасын тигил өзүн азгырган Кергенге салды:





– Эй-а?! Оно-у баш жоону чаап салың?! – деди Элтерес он башыга.

Аязда зоңк этип чыккан Элтерестин үнү тигиндейде бараткан Кергенге шашпай эшитилди. Саз ирециинде кандан-сөлдөн эчтеме жок купкуу болгон Кергенди бир он башынын жоокерлери тегеректеди.

Корккон Кергендин үнү аянычтуу чыкты:

– Уа-а, алп? Арканда эшиң болоюн. Үйүндө от жаккан кулуң болоюн. Жанымды калтырың?

Ансыз да кечээки каадасыз чабышта жедеп ызаланып калган он башы Кергенди унчуктурбай салды:

Алп сөзү бир бузуку. Теңирге жалынын?!

Он башынын айбалтасы шилисине таамай согулду. Керген аттан ооп түштү. Анын өлүк башы карга сайылды.

– Өз ураанын танган баш талаада калыр... ушш-унтиип... – деди айбалта көтөргөн жоокер кыжынып.

Күчтүү келген кошуун эми тытылган жүндөй үлдүрөп, болдурган аттар кар малтап илкип, самсып баратышты...

## БАБА ЖЫРЫМЫ

Баба жырымы урпакка үлгү
*Эски макал*

Алардын (кыргыздардын) мыйзамдары эң катуу. Чабыш алдында ишти иритүүчүлөрдүн, элчилик милдетти өтөбөгөндөрдүн, ажого кыңыр кеңеш айткандардын, ошондой эле уурулардын баштары чабылат. Уурунун кесилген башын атасы өлөөр-өлгөичө мойнуна илип жүрөт.
*Н. Я. Бичурин*

«О, шамалым. Бул канды кылычымдан сүртүп салың! Болотто так калбасын!» – дегендей...

Чабыш күнү-түнү уланды. Далай эр ажал тапты. Карга көмүлдү. Чабышты улоого эки тараптын тең бирдей алы куруду. О, биротоло кыргын тапмайын, бир тарабы үстөм чыгып, жеңилген жагын биротоло өзүнө тизе бүктүрмөйүн мындай чабыш токточу эмес. Бирок…

Бул жолу да эки тарапты бирдей муңкүрөтүп, бирдей алсыратып туруп экиге бөлгөн Көк теңиринин улуу күчү сыяктанды…

«Уа-а, киши уулу. Эсиңе келиң. Мен бир ирет жанчар бою кар сыйладым эди. Муз дабан ашчу аттарың карга малтады. Батман темир көтөргөн алпың балта сого албай калды. Алты жыл катар муз бүрксөм нетесиң. Он эки жыл катар кар төксөм кантесиң. Жүз жылдап ылай чайып, толкун каптаткамын бир жолу. Оноу жылуу жактагы сенин калаа куруп, өнөр өстүргөн мактанчаак тукумуң такаат бере албаган. Көп катар таш үйлөрүн мен төккөн ылай ботконун алдына калтырып өздөрү алда-жалда менен араң качып чыккан. Мен булкунсам сен алсызсың мактанчаак, шордуу киши уулу, – деген сыяктуу Көк.

Асман түнөрүп турду…

…Чабышкан эки тарап аргасыздан ажырашты.

Эрдемсиген алптардын маанайы басылды. Не келген жоо эзелтеден кектешкен ашыркы табгач, куруй, , түбүт, ашыркы парсы, ынды болсочу… Анда, четки жоого чаптырдык дешип, кишилер кайгыны моюнга алышмак. Азаны чындап күтүшмөк. Чындап муңга батып биздин журт чоң жоого такаат бере албай калды. Ат туягы кетилди, эр колу карышты. Анан кансырап туруп бердик. Аргасыз чабылдык, боздук, тоздук… – дешмек.

Төк атаандашуу, эрегишүү гана буларды жоолаштырды. Чынында Элтерес алп, билги деле. Бирок ал өз зоболосун көтөргөн атаанчыл алп. Чокуга Күн эрте тиер. Алпка алп жүгүнүр. Жазык бороонун мен токтотом. Мен кылыч кайрасам ким токтотур?! Өз арка болуң. Артымда жүрүң. Жоо бетиме чык, башыңды чабам!– деп Элтерес чабыш





кок болду, ач көздүк кылды. Ол жаман иштер киши уулунда жок эди.

Эки айтканым – ол жаман иштерди ыйык Отко салып күйкалаң! Киши уулу ыйык. Жаман иштерден сак болуң деген.

Баарың эшит!

Бул мен айткан кеп – баба тапшырган жырым!

Биз жаман ишке алдансак, башыбызга муң үйөрбүз!

Эртең коогалуу күн келир, журтум. Ошондо бир баш, бир кол болбосоң, муңга батарсың.

Баба жырымын ак эшитиң. Киши уулунун ыйык ишин баштаң, баарың эртең ыйык жортуулга бир болуп аттаның!

Үйдөгүлөр ажого таазим этишти.

– Эр жарагын бериң, уул! – деди Адылтай.

Баш-Тегин ажо кылычын алып чоң атасынын эки алаканына койду. Ажо кылычты алдыга көтөрө кармады:

– Ыйык баба арбагы маа тапшырды! Мен эми буурул Жер үстүндө жүрбөймүн! Мени шумкар болду деп бөкпөң баарың!

Тирүү арбагым силерге булут астынан дем берир!

Эр-Киши баба кылычын өптү:

– Санаама жаман иш чөксө, колуман жаман иш келсе, ондо Эр-Киши эмесмин. Кара болсом ак болот кылычтын мизи урсун! Баба мийзамына такмын! Азман або кылычты өптү:

– Мен: ажомдун баш абосу Азман, ордодо ажо алдында, топ жыйында журт алдында кара болсом, журтка або эмесмин. Мени ак болот кылычтын мизи урсун!

Баба мийзамына такмын!

Чекир бий кылычын өптү:

Мен ажомдун сол колу Чекир бий, ордодо ажо алдында, топ жыйында журт аддында кара болсом, журт бийи эмесмин. Мени ак болот кылычтын мизи урсун!

Баба мийзамына такмын!





Бат эле чоң чабуулдарда болгон калың кыргын жомокко айланат. Бат эле ал чабуулдун каары унутулат… Бат эле жер-суу эч-эчтемке болбогондой жайкалып көктөйт. Кечээ кан көп төгүлгөн өзөн-өзөндө, талаа-түздөрдө бүгүн көк жайнайт. Жер семирип анда тамырлаган өсүмдүктөр укмуштанып уюлгуп, буралып дуулдап өнөт. Эчен түстө байчечекей чайтын ачат, сонун кулпурат. Көз жоосун алат. Гүлдүү, оттуу жайыттарда мал ыңырсып жайылат. Көк тайпанда тызылдаган балдардыи кызаңдаган балтырына шибер оролот, гүл чабылат. Кыздар сонун гүлдөргө кызыгат.

О, дал ушул кырсык, ажал тизгиндеш таш боор дүнүйөдө, кечээ, Элтерес колунан чабылган соң кыргызды кырсык үстүнө кырсык басты. Кайгы үстүнө кайгы чөктү. Ансыз да жашы жетип калган Адылтай ажо элинин кыйыры чабылып калганда муңкүрөдү, мөгдөдү. Ажо темселеп турбай калган да күндөрү, өлөөрүн самап чөгүпбөгүп калган да кездери болду. «Уа, Көк теңири. Сен, мени алсыз болуп калганында калайыктын муңуна батсын деген бедиң? Боо чыдаймын. Муңга чөкпөсмүн. Көп жашап, көп күчтү төгүп, көп ашты ичип, көп укмушту билипбилги болдум. Эми ак тиленип журтума күч беремин»!

Ушул деми менен Адылтай баба эми ордого эң жакын кишилерди чакыртты. Алар – небереси Баш-Тегин, Эр-Киши, Азман або, Чекир бий, Умай эне, Сайкал эне, Жолборс, Барс, Буйлаш…

Ажо ордосу баягыдай эле жасалгада. Ортодо күмүш тулгада баягыдай эле ыйык от жанып, баягыдай эле ордо ичи жыпар жыты аңкыйт. Төрдө жеңилбестиктин белгиси – алп туулгасы булут астында, жер үстүндө учуп келатлансыйт… Тек жалгыз өзгөрүү, жалгыз жаңылык, береги босого үстүндө илинген көк желекче. Ал желекченин төмөнкү четине кара жээк салыныптыр. Сабы жогору, желекчеси төмөн түшүп салбырап турат. Бул: журту чабылып, калың элге муң чөккөндөгү аза күтүү. Ошол журттун ажосунун ордосуна муң белгиси болуп, босогого илинчү





– Эр салты – жолун тоскон жоонун башын алыш?! Баш-Тегин менин жолумду тоссо, мен анын башын чабам! – дейт да Элтерес алп табгачка деп кайраган кылычын эми кыргызга сунду. Ал колун чогултуп, жоо камын көрүп жолго чыгып калганында ой-тоону кар басты. Кыш кычырады. Кардын калың түшкөнүнөн улам Элтерес кошууну чочулады. Бул терс белги. Көк теңири бизге эскертти. Тизгинди кайра иелик, баатыр? – деп Элтереске Салим акылманы кеңеш айтты. Өзү да «Бул жаман белги» деп ичтен чочулап турган Элтерес акылмандын кеңешин кабыл тутуп, кошуунду бул жолку жортуулдан кайра бургусу келди. Бирок бир оң жолго баштанган кол, тек чабуулсуз кайра тартышы бул да жакшы жөрөлгө эмес, аны ойлоп күңгүрөнгөн Элтерести өз башынан чочулаган Керген көкүттү:

– Жортуул башталды. Башталган жортуулду чабуулсуз кайтарыш жебесиз жаа тарткандык. Жебесиз жаа тарткандык – алптын жылдызы өчкөндүк. Жылдызың өчпөсүн Элтерес алп. Кыргызга бараар жол уусун мен билемин. Жол уусун билиш – жоонун үшүн качырыш. Ууру жолду басып, Актермелди артың, жооңду шилиден басың, алп. Арстан таамай чапчыганда атан жанталашыр. Жанталашканда не. Ол өлөр. Ошентип жооң кыргын табар. Аз журтума арка болуң. Ошондо аздын беги болуп, аркаңдан чаң чыгарып жүрсөм эдим! – деген Кергендин кеби эки анжы болуп турган Элтересті баштап келген.

Элтерес чабышта арабөк кайтам дебеди. Жоо элди тыйпыл чаап олжого батам. Күчүмдү арттырырмын. Кыйраган колдун калганы алдымда тизе бүгөт. Тизе бүккөнү жоокерим. Тизе бүкпөгөнү чабылыр. Уулу – кул, кызы – күң Адылтайдын. Үч-Суунун ар түтүнү кул-күң жумшайт деп аттанган. Элтерес канчалык күч салса да, ал тилегине жетпеди. Капылыстан бастырганына, түмөндүн кемдигине карабастан Баш-Тегиндер аянбай айыгышты. Алар улам кырылган сайын албарстынын канындай чачырап көбөйүп – күч алып кетти…

ач көздүгү башкаларга жугыр. Улак уурдагандын сөөмөйү кесилсин, козу уурдагандын бармагы кесилсин, кой уурдагандын колу кесилсин, ат, төө уурдаган – мууздалсын. Уурулуктан канбай айып үстүнө айып тартып, ал айыбын койбой дагы уурулук кылган арамдын кесилген башы атасынын мойнуна илинсин!

Ууру асыраган жаман атанын тартар жазасы ошол.

Жаман сөз:

Ушак – эл бузар. Ага-ини арасында ынтымак бузган ушакчынын эрди кесилсин. Ажону, абону, баатырды, канды, бекти, кол башчыны ушактаган ушакчынын тили кесилсин, өз эл-журтун ушактаган ушакчы арам мууздалсын!

Арам сөз:

Коогалуу күндө жаман киши айла издер. Ол өз арам жанын сактаймын дер, Жоого сатылыр. Өз журтун таштап жоого сатылып киши уулу иштеген кылмыштын эң арам иши. Ол арам ишти эң арам киши иштер. Эл-журтунан кетүү – энесин сатуу. Эне балага ыйык!

Бир айтканым – ушу арам ишти иштеген киши – мууздалсын. Онун ата-энеси, ага-тууганы тогуздап айып тартып, өз эл-журтунун алдында кул-күң болур!

Ыйык сөз:

Бу үстү ачык Көк, боору күрөң Жер жаралып, киши уулу Жер үстүнө келгени, ол башка жан-жаныбардан акыл-эси менен жогору болду. Ыйык болду. Бөрү тытышса бөрүлүгү. Ит кабышса иттиги... Киши уулу кабышыптытышпайт болучу. Ыйык жер киши уулунан ушуну күттү.

Бир айтканым – киши уулу Жер бетине келгенде, ол, ач-ток болду. Азды, адашты. Жалгыз калган уул-кыз бөрү эмчегин эмди. Жерге түшкөн урук тамырлап кетир.

Адам уулунда эки кишинин урушу да, эки уруунун чабышы да шол бөрү мүнөздөн уланып калды.

Бул, киши уулуна четтен келген кырсык. Киши уулу бул кырсыктан арылса жакшы эди. Ол ушак айтты. Кор-





көксөгөн кылычы өткүр кол башчы. Кепке келбеген зорду кылыч ийдирир! – деген жоо бөрүсү. Анын өз атасы да, түпкү бабасы да кол баштап, чоң чабуулдардын кылычын көтөрүшкөн. Өз журтунун даңкын чыгарып өткөн. Ар дайым, мына эми кыр ашам деп келатып, кырга жете албай, жетсе да ары ашып кете албай уктап калган жолоочу сыңары... алар көздөгөн чоң максаттарына жетпей өксүп калып жүрүштү. Ал өксүгө өздөрү себепкер. Тек мемиреп турган күндүн артынан күтүүсүздөн чыга калган куюн сыяктуу тынч жаткан журтка купуядан кол салат. Аны аёосуз чабат, аёосуз олжолойт. Дал ошол кара өзгөйлүгү үчүн өзүнө тектеш, коңшулаш эл-журттан алар арка-тирек таппады. Тектеш эл-журтка өздөрүн жек көрсөттү... Канча ашыпташып карылуу келишсе да, жеңилбестей болушуп күчтүү чабуул баштаса да, акыры алар көтөргөн кылыч өксүп тийди. Акыры миздери жапырылчу. Ал тургай өздөрү запкы тартып чабылып калчу.

Айтор, эзелтеден келаткан жоокерчиликтин октум-соктуму. Жеке Үч-Суу журту эмес, деле башка элдердин баштан өткөргөн күрөштөрү ушуга мүнөздүү. – «Жоо капылыстан чабат, өлүм суратпай келет» деген макал ушул киндиктеш будуңда ар качандан айтылат. Ушул киндиктеш будуңдардан кыргыз атанын журту чабышка белен: уул, кызы ат үстүндө жоокер боло туруп өзү момун, жоош. Себепсиз чабыш көксөбөйт. Жан багууну эмгектен, тиричиликтен күтөт. «Иш этсең – аш этесиң» – дейт билги ажосу. Тигил Үч-Суулук кол башчы Элтерес ырыскыны жеке тиричилик бербейт дейт. Алптын, чоң энчиси олжо. Жоого аттанып, олжо таап кан казынасын алтын, күмүшкө толтуруп турбаган кол башчы үйдөгү зайыптын эрмеги. Ат жортуулда суубаса, эр чабышта бышыкпаса, ал экөөнү май басат. Май баскан соң, ат ылаалайт, эр зерикчээл тартат. Ылаалаган ат арыш созбойт. Зериккен эр кылыч көтөрбөйт. Арыш созбогон ат согум, Кылыч көтөрбөгөн эрге өлүм...





аттансак үйөрбүз»! – дешет. О, айтылган акыл сөздү кара өзгөйдүн албуут аракети бузат. Дал ушул Элтерес алп кыйыр баскандай бирин-бири таш атат, көп уруу... Байыркы Каракан уулу Ууз-Кан алптан беи ушул көп урууураандашкан кезде гана табгач көтөргөн кылычтын өз кылычы менен тосчу! Ат туягы тозоң сапырчу. Асман-жер ортосу тумандап алаамат башталчу. Табгачтын кыйыры жашырылчу. Алардын эр кол башчылары кансырашчу. Баш каны – асман уулу арага элчисин салчу. Сары алтынын, жумшак жибегин тартуулачу. Жанына аябай күч келип баратса, көп нөкөр, кулдары, кымбат, асыл себи менен сулуу кызын баатыр кол башчыга берип кудалашчу... Бул ар заманда элүү жылда, не жүз жылда, не эки жүз жылда бир ушундай чоң кагылыш, анан ушундай бийик аброй, сый болуу бар. Ал чоң кагылыштан кийинки ошол сый, кымбат олжонун, атактын даңазасы элдик бийик аброй атак катары улам кийинки тукумдарга сыймык болуп калычу.

Соңку жылдарда баба ураанын чакыргандар: кыргыздан Эр-Күлчүр, карлуктан алп Барскан, Үч-Суу журтунан ушул Элтерес шер болушту. Эр-Күлчүр тилегине жетпей эрте өлүп кетти. Анын тукуму Баш-Тегин баба жолун жолдойбу, жокпу? Ал азыр белгисиз. Барскан баатырдын эли жардыраак, азыраак, колу кыска. Ал айласыздан тиштенип... түптүү журтка бет багып чыгалбай араң жүргөн кези. Элтерес каруусун чыңап, табгачка каршы аттансам мен аттанам, баба даңкын улап, табгач колун тоссом мен тосом деп күүлөнүп ашып-ташкан тосмодой серпилип чайпалып турганда тигил эрөөлдөн колго түшкөн аздын Кергени Элтереске Баш-Тегинди чагымдады... Баш-Тегин кол курап, жаз алдында Үч-Сууну чаап алганы камынып жатыр. Үч-Суунун салтсыз Элтересин тизе бүктүрүп туруп... анан табгачка аттанам дейт экен деп чагымдаган Керген Элтерестин көңүлүн бурду. Чагымга тез ишенген Элтерес кирген буурадай жинденет:





желек. Киши ооруса, анын оорусун алып кетсин деп, ал ооруган кишинин элесине окшоштуруп куурчак көчөт көчүртүп өрттөп жиберүү бир кишинин керт башына карай ырым. Ал эми бүт журтка карай болгон ырым, ал журттун башчысы, ажосу не каны, не билги кол башчысынын үйүнө журт кайгысы кырсыктын көчөтү катары ушундай аза босогого илинген бул желекче, кыргын таап, муңга чөккөн бул журт кайра күч алып кол аткарып, жоодон кегин алаарда ушул аза желекчесин ортодо чоң жалындаган арча отуна ыргытып, ажо анан аттанат. Бардык кырсык ушул аза менен бирге күйүп кетти. Эми кезек бизге өттү. Эми биз кылычты бийик көтөрөбүз. Жоо бизден кыргын табат, жеңилет. Муң азасы эми жоо эшигине илинет деген ырым.

Кызыл кымкап тон кийип, алтын кемерди тарта курчанып, тактысында олтурган Адылтай ажо, калтырап алсыз тартпай, оң колун жоон санына таяна, тура калчудай бет алдыга түз карап тың олтуруп жардык угузду:

– Сөзүм ак, эл-журт камы! Кечээ, тигил эр Элтерес кызып кылыч сокту. Бир мүйүзүм сыздады. Сынган жок! Кыш каары өттү. Арык мал семирди. Жоо жылдызымды түшүрдү. Өчпөдү! Эми кегим артыр. Атам кыргыз өлөрдө тирилир, кырылганда көбөйөр, түгөнгөндө түтөр эди. Элтерестин кылычы сынар. Мен айттым. Сынар, деп силердин бабаңар айтты деп эшитиңер! Элтерести мен эл кылайын десем, ол өзү жоолашты. Эми аа муң өзү барсын. Мении кылычым аа согулсун. Аза анын босогосуна илинсин! Менин кылычым силерде! Азаны жоо босогосуна илиңдер. Кол эрте аттансын!

Эр-Киши баштап Азман або, Чекир бий, бардыгы ажонун тагына таазим беришти:

– Жардыкты эшиттик, ыйык баба!

Жалгыз гана Умай эне таазим берген жок. Ал журт энеси билги ажосуна дем берип турган элес сыяктуу түз карап козголбойт. Умай эненин ак жуумал жүзү да, кийген

Ушул лакап сөздү, тек лакап катары сүйлөшпөдү Элтерес бабалары. Аны айтып, эрди намыстантып, аларды жоокерчиликке маштачу. Бабаларынын дал ошол салтын улап, алардын жетпей калган тилегине мен жетем деген Элтерес чынында эле кол баштап жоого беттешкени колу жеңилип көрө элек. Элтерес колу, дайым чабыштан олжолуу кайтат.

Биздин Элтерес алп чыкты
Ээ бербес арстан болуп чыкты.
Башка алптар ноён болуп букту…

Ойноо-тентектер ушундай ырдашты. Уз кыздар Элтерес алптын эр жоокерине арнап белекке сайма сайды.

Өбөктөгөн энелер Элтерести алкашты. Ал эми кандары, бектери Элтерес алпты ичтен күнөлөштү, сыртынан сый көрсөтүштү. Дайым чабышта жолу болуп турган көк ташка кылыч жаныды.

– Мен озунуп башын албасам, башы аман озунар. Башымды алар. Мен жеке өзүм эмесмин. Мен – каарман будуңум!..

Ушинткен Элтерес, чынында эле калың колун кайратман эткен.

– Бабам ашпаган дабанды мен ашам! Жеке ашалбаймын. Сени арка этип ашам, будуңум!

Эр кол башчынын ушул чакырыгы ат жалын тарткан уулду өзүнө ээрчитти. Ал ээрчигендер чабыш самашты…

Эки кылыч бир кынга сыйбайт дегендей, дал ошол чабыш самап күүлөнгөн Элтерес эми өзүнө теңдеш, акыры тигил көзү өткөн Эр-Күлчурдун Баш-Тегини, тигил Эр-Киши колу деп болжоду. Бир туруп ошол кол менен аркалаш болоорду, бир туруп жоолашаарды билбей күңгүрөндү.

Ошондуктан анын он башы, элүү башылары бирде бул, бирде тигил кыйырда чапкылашып эрөөлдө, тек урунаарга тоо, урушаарга эр табалбай күүлөнүп жүрүштү. Башка





элден чакан кошуун кабылса; ага чабыш баштады. Сапар кезип, тээ түгөнбөстөй узак жол артып, арып, каалгып, чаалыгып келаткан кербенчи кездешсе, аны талашты.

Тигил же бул кыйырдан кездешкен жалгыз-жарым баатырды колго түшүрүп, матап алыш Элтерес алптын жоокерлери үчүн тек кесип сыяктанды. Бул чынында, салттан чыккан бейбаштык. Мындай бейбаштыкты бир баштаса, эл-журттан кеткен, кыр кезип талоончулукка өткөн каракчылар тобу иштейт. Не бир иштесе, атайы табыш көксөгөн башкаларды чабышка чакырган согушчул кол башчынын эрөөлдөгү жоокерлери иштейт.

Эмесе, Элтерес, кыр кезген талоончу эмес. Ал кеп кошуун куруп, көп кол баштап чабышта сыналган алп кол башчы. Анын көздөгөн максаты – өз башынын, өз журтунун аброюн көтөрүү, даңкын чыгаруу. Өз журтуна байлык алып берүү. Жер-суу алып берүү. Элтерес алп жыл өткөн сайын күч алды. Күч алган сайын кычаштык баштады. Элтерес кекенген табгачта талап түгөткүс байлык бар; алтын, күмүш, жумшак жибек, эчен асыл ошол табгачта. Анын ат ашалгыс Сепили бийик, анын куюн учургус үйлөрү бекем. Окуганы бичик, өлгөндү тирилтээр эмчиси бар. Сыйкырчысы көп, ачык күндү жаадыраар жайчысы бар. Ошо түптүү журт – табгачка жеке Элтерес эмес, деле ушул ат жалына казан аскан көчмөн будуңдардын башкы душманы ошол табгач! Ага каршы баруу демдүү кол башчылардын көктөгү тилеги. Бирок көбү ал тилекке жетпей өксүп калышат… Неси болсо да күчтүү жоону анын өзүндөй карылуу кол башчы багынтаар. Азыр ошол карылуу кол, жеке ак асаба көтөргөн көп уруу Элтереспи? Жок. Не тигил көк асаба көтөргөн кырк уруу кыргызбы? Жок, не тигил калың карлукпу, он ок, түргөшпү? Жок! Эмесе, амалдуу, күчтүү жоонун кандуу кылычын кимдер тосот? Алар канткенде тосушат? О, ал канткенде тосулаарын ушул ар уруунун билгилери ар дайым өздөрү айтышат: Көп тукум баш кошуң. Бир ураандын астында





кийими да таза, айдыңдуу. Оң колун ээгинече көтөрсө, бүгүлөр-бүгүлмөксөн бармак, сөөмөйү калтырагансыйт. Анча калың эмес эриндери былк-былк ичинен сүйлөгөнсүйт. Бирок оозунан сөз чыкпайт.

Адылтай баба кебин улады:

– Коркпос эр кылычын, коркок жан багар мокотур. Бөрү тарткан мал жаралуу, жоо чапкан журт каралуу. Жаралуу жанды муң баспасын. Ол күч алыш үчүн чоң-кичик, жакшы-жаман баары кың дебей баш ийсин. Ажосун эшитпес жоого тизе бүгүр! – Адылтай Умай-энеге карады.– Уа, журт энеси, мен айтканды так эшит! Ар кепти көңүлүңө түйүң! Анан тамга окуган уздарыңа жибекке сайдыр! – Ажо Азманга жүз бурду: – Уа, сен аболорумдун билгиси Азман, мен айтар кепти так эшит. Бирин бузбай көңүлүңө түйүң! Тамга окуганга ташка бастыр. Түбөлүк калсын!

Ажо Эр-Кишиге, берки баатырларга жалпы айтты:

– Уа, силер, менин журтумдун баатыр-алптары, тайманбас кол башчылары, мен айтар азыркы кепти так эшитиңдер. Бир сөзүн кетирбей көңүлгө түйүңдөр! Чоң-кичик жоокерге жеткириңдер!

Адылтай эми тактысынан турду да салтанаттуу түрдө ант берип жаткандай салмактуу айтты:

– Жылан жыл өттү. Киши уулунун канаты жылкы жыл азынап турган кезде… бүгүн, теке айынын беш жаңысында, мен силердин або-ажо, байыркы баба баштаган жырымды эстеттим:

Бир айтканым – чабылган журт чачылып калбайды. Чабылган журт, ыйык баба мийзамын колдонсо, ол тез чыңалыр. Тез кек алыр. Тез көгөрүр.

Эки айтканым – чабылган журттун жаман уул-кызы коркок болур. Коркок уул-кыз баба тукуму эмес. Ону арбак каардайды.

Үч айтканым – чабылган журттун жакшы уул-кызы коркпос болур. Коркпос уул-кыз баба жолун жолдойду, Аны арбак колдойду.





Төрт айтканым – чабылган журтту башка калк кем көрүр. Онун ыйык жерин тепсир, суусун булгар:

Беш айтканым – чабылган журт кем болуп кордолбойм десе, коркок уул-кызы коркпос болуп, чачылганды жыйып-терип ыйык жерине, суусуна өзү ээ болурун эстейди. Эр атын тулаңга семиртир, айбалта таптар. Эр кылычын көк ташка кайрар. Жортуулга аттаныр.

Биз киши уулу болуп жер бетине келгени эчен оор күндөрдү баштан кечирдик. Киши өзүнө өзү күчтүү жоо болду. Өзүн өзү кыргындады, талады, олжолоду, кулдады. Киши тукуму такыр кырылып калбады. Кайра жыйылды. Кайра күч алабыз!

Ал үчүн:

Бир айтканым – биздин тукум ооруп үйдө өлгөндү каалабаган. Коркуп, жоодон качып союлуп өлгөндү жектеген, каргаган. Эр уул, эр кыз качып өлгөн эмес, атып өлгөндүр. Жеке калсаң алсызмын дебең. Алдан тайысаң өлөм дебең. Кармашып, жоо колунан өлсөң ыйыксың. Сенин ыйык арбагың бабанын ыйык арбагына жарык жүз менен кошулыр. Жоодон качып коркуп өлсөң, сенин коркок арбагың көчөт болуп чөлдө кезер. Муң басып сыздап, сыктап жүрүр.

Эки айтканым – чабышка кол кайратына шек этип жоону күчтүү санаган киши, башкага элчиликке барып, милдетти өтөбөй келген киши, ажого терс акыл кошуп, жырымды бузган киши, кол башчынын жардыгынан баш тарткан жоокер, мал жайытын, айыл өрүшүн өрттөгөн киши, жортуулга карай кам көрбөй өз кардын тойгузган киши, жортуул кезинде кулазыгын сактай албаган, атын бага албаган жоокер, бирөөнүн тамагына көз арткан ууру – ушулар арамдар.

Үч айтканым – арам кишинин тартар жазасы бир – мууздалыр.

Бөтөн сөз:

Уурулук – киши кыялына батпас эң ыпылас жосун. Ууру ыйык жерди басып, таза сууну ичип, катарда жүрсө, онун

Айбатым болот курч эдиң.
Аябай соктум, таш кести.
Кылычым албарс курч эдиң,
Абайлап чапсам баш кести.
Жоо жанчарын тосподу.
Олпогум эмне морт болду!

Деп каруулашкан жоокер уул өксүп калса, бизге каргыш, уздар.

Умай эненин ушул сөзүнөн кийин Арууке жаш чайыды.

Эне жашык келинди үйрүлүп эркелетти:

– Жаш тамызбаң, эркем! Эр кийимин тигип олтурган кезде уз көз жашын көрсөтпөйдү! Ый – кайгынын жарчысы. Ый – жаштыктын айгагы. Боорукер киши да жашык болур... Ошентсе да жоокер жары жаш көрсөтпөйдү!

Умай эне тактадан турду:

– Сайкал балам уздарың, уктабасын. Киши зериккенде уйкучу...

«Улуу сөз» учугун уландар, уйку качсын. Ишиңер илгери болсун!

Босогодо турган жоокерлер эшик ача беришти. Өкчөдөгү жалпак жылаажын жумшак шылдырады. Умай эне кандай келсе ошондой басып ажо ордосуна кетти.

Тик турушуп таазим этип канышаны узатты да, уздар өз-өз орундарына олтурушту.

Кандайдыр бир зор күч көрүнбөй туруп, көрүнбөй чыгып кеткендей болду, Уздар жеңилдик сезишти...

Арууkенин көз жашы чертиле түшкөндө Сайкал эне шекшиди. «Арууке эмнеге жашыды? Не Тегинжан зайыбына купуя сырды ачып койдубу? О, акылман зайып, эрдин солуп бараткан көлүн толтураар. Акылсыз зайып толусун бөксөртүр. Жакшылык иштеймин деп жамандык этер. Жардам беремин деп салака тийгизер. Акылсыз зайыптын санаасы – тушоосу жок малдай селсаяк. Ол жакшы-жаманды ылгабай эрге да, элге да зыян кел-





## САЙКАЛДЫН ОРДОСУНДА

Алтымыш келин, кырк кызга
Алты кабат курдатып,
Кырк бир күндөн шырдатып,
Жакпаганын сөктүрүп,
Табак, табак болотко –
Албарс эгеп аралаш
Арасына төктүрүп.
Кийгендин көөнүн тындырган,
Жоого ылайык кылдырган»
Ушундай ишке жорогон
Арасынан баарына –
Арыптан окту сологон,
Ички-тышкы сегиз тон,
Аны кийип турсаңыз.
Айгайлаган душманга
Аралап бойду урсаңыз.
Акыры сенин өзүңө –
Ажалы жеткен катылар.
Айбалта менен бир салса,
Алтымыш жерден атылар
Ажалга өзү чагылар...
*Манастан*

Байыркы Кыргыз маданиятынын эң сонун жетишкендиги өзүнүн жазуусу болгондугунда.
*История Сибири*

Сайкал эненин ордосу бул күндөрү уздарга толду. Сайкал эне өз тактысында. Анын оң жак, сол жактарында кырка олтурушуп демейде сайма сайышчу уздар, азыр жоокер кийимин бычып, жоокерге кийим тигишип, күн-түн тынымды унутушту. Күпө тон, олпок тон, бадана, кандагай чалбар, шырыма чепкен... айтор, эңиште да, сайышта да жеңил, бышык болучу кийимдерди тигүүдө. Сайкал өзү





Эчен момун баатырлар аа алданар. Эчен алп, чабышта алдырбас шер эрендер ошол жылуу сөз, жумшак жибекке алданып, башын чаптырды... Ошондон улам: «Табгачтын сөзү жылуу, боору тар. Жибеги жумшак, тилеги ок» деген макал бар.

Башта табгач, бизди журт ордуна санаган эмес. Турар турагы, коноор конушу жок жер кезген жапайы ажаан дечү экен. О, ошол жапайы ажаан деген уруу журт, кийин аа чабуулун баштады. Тиги ыйык Уз-Алп Жерге келгени туюктан соккон бороондой атчан кол табгачка үйөр болуп каптады!

Ол өзүнчө сөз, узун баян!

Сайкал эне эми алда немени ойлогондой оймогун сылай тийгизе, зэгин таянганcыды. Бирок таянбады. Келбээрсип олуу кебин улады:

– Кыргыздын демөөрү... өз ара тамаша нретинде айтылган сөз. Кийинки тукум Улуу сөздү майдалатып, чоң маанисин ушактап жүр. Демөөр – башта эрдиктен чыккан. Чабышта улам кылычты демдеп чапкандан – демөөр делир. Биздин тукум жоокер болбосо, өзүн сактай да албас беле? Жоокер уулдар чабышта кылычын демдеп чапканда... алда душман колу түрүлүп келатса да качып көргөн эмес, бабалар!

Кыргыздын шамалы... бу байыртан калган лакап сөз. Эң байыркы заманда, ыйык Уз-Алптан алда канча мурда биздин журт бу жакта эмес экен. Ол заманда кишилер зор, аттар аргымак болучу дейт. Андагы биздин журт таштан сепил куруп, сепилге шаасы жетпегени тек мал асырап жайдак туруп күн кечирчү дейт... Ошол чакта, башка жактан биздин бабалар көрүп-билбеген жат жандар түмөндөп калың кол болуп келет. Чоң чабуул жүрөт. Жоо да кыргын табат. Биздин журт да кыргын табат. Кырылган жоо колунун артынан жаңысы каптайт. Кыргындан аман калган кишилер таш арасынан кайрадан баш көтөрөт. Кайра чабыш, дагы кыргын. Ким билет? Бу Улуу





сөздө айтылган уламыш кеп! Муну төгүн десек, баба арбагы каардаар. Ошо кыргын кырк жыл болуптур. Кышта өлгөн өлүк жазда араң көмүлүптүр. Кар, муз эригенде кокту-өзөндө суу кан болуп агыптыр. Ошондо ар-жагы кумчөл, бери жагы кардуу тоо арасында кан көл жаралган дейт. Ошо кан көл жаралган чоң кыргында сепилдеги журт тыйпыл кырылып бараткaнда берки жайдак журттан кол куралып чабуулга өтүптүр. Чабуулда кыр кезип аз тукум калган дейт. Ошо кыр кезген аз тукум, байыркы баба конушунан ооп ушул жакка келген дейт. Ал кезде бул жактын өз журту жайдак экен. Чабыш журтту бөксөртүр, кыргынга дуушар кылыр. Тирүү калганы чыйрак сөөр. Келген аз тукум тиги калың жыш, кызыл оттуу Алтын-Тоонун койнун жердейт. Ачтын арты ток, жоктон кийин бар болгон оош дүнүйөдө кыргындан калган аз тукум тынч күн өткөрүп, тез көгөрүп, тез байып, тез түптөнөөр. Аргымак жылкынын тукуму, жээрде сакал кызыл бет кишинин тукуму Алтын-Тоодо дейди...

Ошол чакта көкүрөк тирешкен дос журт да, кылыч кайрашкан кас журт да бар эди. Көкүрөк тирешкени менен туугандашты, кылыч кайраганы менен жоолашты, бабалар... Ошондо бир акылман койчу сыбызгынын тешигине окшоштуруп жебенин түбүнөн тешик чыгарып, жаа тартат. Жебе ышкырып учат. Ошондон кийин кыргыз жебеси ышкырып калды. Жана мен айткан жыгач соот кийген чак ошол кез. Бир жолку чоң чабуулда кол амалданды. Жоого кылыч тирешип, кайра ат соорусун салып, жоонун колун кызыктырды. Түздө башталган чабыш өр таянды. Ошондо «эми жеңдик» деп артта кызып келаткан жоо колуна чоң коркунуч түштү. Алдыдан асманды сыздатып ышкырык чыкты. Сызгыган ачуу, ачуу ышкырык кулакты угундургандай... Чабуулда сүрүп кызуу келаткан жоо колу алдастады. Алдыңкылар тизгин тартып, токтой калышат. Ышкырган калың жебе болучу. Боо дейре бу кол ышкырып учкан жебени көрүшкөн эмес. Олор коркуп кетишти. Ошондо, тегиз

тактыда тек көз салып башкарып олтурбайт. Ал киши өзү да иште. Көз курчу кайта элек уздун узу Сайкалдын ийне сайышы, иш бүтүрүшү башка уздарга үлгү. Анан калса, Сайкал шырыган күбөгө жанчар батпайт. Ушул улгайып калган кезинде да сөөмөйдөн оймок түшүрбөй тек уздун узу, ийнечинин устаты Сайкал эне жаш кезинде сыртта ат үстүндө жебе тарткан жоокер, үйдө ийне сайган уз болгон байыркы уздарды улаган чеберден сабак алган. Сайкал уз сайган учук тигиштен кетпейт. Сайкал уз тиштеген тондун кыры эскиргенче жазылбайт деп башка уздарга лакап болуп: «Сайкал уздай чебер болуң. Уз колунан бүткөн иш жоокерге дем» деген сөздөр кыз-келин арасында көп сүйлөнчү...

Ошол уз эми Сайкал эңе, журт айымы болуп, Эр-Күлчурдун ордосун күтүп турганда анын азыркы энелик милдети эки эсе. Ордо ээси Эр-Күлчурдун көзү өттү. Эми ордо жесирдики. Тек шатыра-шатман салтанат, ыр-күлкү, жыргал баштай бериш шарт эмес. Арийне Эр-Күлчур эсен барда бейкапар жыргалчылык чакта айым өзү жаш кездерде, бул ордодо таң күнү чоң салтанат – оюн-күлкү болуп турчу. Азыр ал тынч кез жок. Бир жактан жоо жакалап, бир жактан бөрү этектейт... Өз кишилерге керээз-жырымын айтты ажо.

Кокус учуп кетсе, азыр аны өз кишиден башкалар билишке тийиш эмес. Жоо жакалап турганда билги ажодон айрылыш оор. Көп каз башсыз учпайт деген журт мөгдөөрү чын. Азыр ыйык жортуулга кам көргөн кезде, кишилер ажоодон айырылдык десе, тилекке бөгөт болоору да башсызбыз, акыл берип, жол көрсөтөөр билги-ажобуз жок дешип улуу-кичүү мөгдөөрү да анык. Азыр бардык иш ажо тапшырган жырымдын атынан иштелип, кол жортуулга камынып жаткан кез. Учук учтап, ийне сайган зайып, азыр чүрпөлөрүн тамактандарышып, ыпча жагын башкарып коюп оймок алып жоокер кийимин тигүүдө. Колуна чот кармаган кары токой аралап түркүк кыйып, не айбалта сап копшоп жүргөн кез. Көзүнүн курчу түгөнө элек кары мойнок ийлеп,





жыгач ат чанда. Азыр чабышка аттанган жоокер чопкут тон киет. Чопкут тон жылуу, бойго жарашыктуу сулуу. Ону жоо кылычы кеспейт, жоо жанчары өтпөйт...

Сайкал эненин ушул сөзүнөн кийин уздар тек жымжырттыкты бузушту. Бири аны айтып, бири муну айтып өз-өз ара маек башталды. Уздардын кеби да ушул өздөрү шырып, өздөрү тиккен жоокер кийими жөнүндө.

Арууке жоодурай карады эле, суу мончок жээктеген тастары[1] эң жарашыктуу тартып ак жуумал жүзү маңкая түштү.

– Табгачтын өнөрү менен амалы, кыргыздын демөөрү менен шамалы, деген кеп эминеден улам айтылды экен, айым эне?

Сайкал эне алда немени алыстан көргөндөй жабыкбашты карап, оң колун көтөргөн калыбында токтолду. Сөөмөйдөгү алтын оймоктун каухар көздөрү түндүктөн түшкөн Күнгө чагылыша калды. Анын оймок экени билинбейт, аземге, кооздукка салынган алтын шакектен эч айырмасы жок. Ошентсе да абайлаган көзгө анын ич жактагы майда быдыры оймок таманын билгизет. Жибек учугу узун чубалган темене тигиште сайылуу...

– Табгачтын өнөрү... Олор, калаа курган түптүү журт. Киши уулуна жат, өздөрү тапкан окуусу бар. Купуя сыр айткан бичиги бар. Бичик окуган билгилери ар өнөрдү билир. Бири кызыл ажыдаардын тилин үйрөнүп, бири жайчынын окуусун билип, олор өнөр салыштырганда, ажыдаар тилин билгени оозунан от үйлөтүр, жайчынын окуусун окуганы ачык күндө түнөртүп күн жаадыраар деген сөз бар. Ону көзү көргөн киши жок...

Өнөрлүү журт амалдуу да. Табгач, тынч кезде тымызын. Сүйлөсө сөзү жылуу, ийилсе ийкемдүү. Койнунда алтыны, колунда жибеги менен элчилери сый келир. Ачуу сөзү айтылбай ичте. Кылыч согор кезде жибегин тешер.

[1] *Тастар* – жаш зайыптын баш кийими.





жалындаган жээрдеге минген калың кол алдыңкы буктурмадан атырылып чыгышты. Не көк тәңири жалгагандыр? Уа катуу качырган ат демидир? Ким билсин? Ошондо ышкырган жебе менен кошо учуп, жалын жээрде минген кылыччандар, балтачандар качырганда жоо колуна алдынан куюн, шамал чыккандай болуп кеттиби? Көптүгүнө карабай ат соорусун салып жоо качып беришти.

Сайкал ошондогу качкан жоону азыр көрүп тургандай кубанды:

– Баса, качкан жоону катын алат да. Көп жолу кыргын тапты. Жоо жеңилди. Кыйырды сакадай черткен алпым, кыргыздын шамалынан учту деп ошол каардуу колдун баш каны ыйлап кеткен эди деген кеп бар.

– Арууке балам, ошондон кийин кыргыздын шамалынан сактаң! Табгачтын амалынан сактаң деген лакап калды. Биздин журттун демөөрү ошол шамалы болбосо, тигил түптүү эл, эбак чаап алмак, бизди. Аруу кыз-келин күң, эр уул кул этилер эди...

– Ай-ий, бу кызык жомок тура, айым эне?– деди бир уз.

– Жомок дебең кызым, – деди Сайкал эне.– Бул байыркы бабадан келаткан Улуу сөз. Мен чолуп айттым. Бул сөздү жез таңдай билги сүйлөгөндө ыйлачу кезде ыйлап, күлчү кезде күлүп эшитет киши!

Уздар божурашты:

– Эң кызык кеп экен...

– Ай, Теңири... чоң кыргын болбосо, биздин журт сепилде турмак экен да.

– Турса туруп калмак, – деди Сайкал эне.– Ол чабышта сепилдеги тукумдун тыйпыл кырылышы, калган тукумдун көңүлүндө кетпес дат болду. Жоо келсе, киши өзүн-өзү камап-матап берерби?! Сепил бизге жакпады. Көп тукумду жоо матады. Ийинди келемиш казар. Андан ашса, кашкулак менен суурга берген, Теңир. Киши уулу ыйык. Ол асман-жердин ортосунда желдей сызып, куштай учмак. Биздин тукум ошентип учуп калды...





– Күн батkычa күн жарыгы сеп. Күн баткан соң ордонун күмүш түлгасына асыл таш койдуруң, шам жандырың балам. Уздардын чечекейи тунаарар. Бармагы ийнеден канар. Чыдашсын! Жоокер кийими көп керек... Кечээ тигинтип жоо жакалап кетти. Тим жатсак, эртең кара казан төшүбүзгө көмкөрүлөр... Ата-а, тынч кезде мээрмандык салтын ушинтип уласак. Улуу сөздү жибекке тамгалап саят эдик. Силер жибекке сайган сөз соңку тукумга битик болмок...

Умай эне эстей койгонсуп жанакы узга карады:

– Баса, балам, сен биз неликтен кыргыз аталып калдык дедиң э? Көп сөздү чегип айткан санжырачылар, улап айткан уламалар, байыркы бир чоң чабуулда кырылган көп журттан калган аз колдун кол багачы баатырынын аты – Кыргыз болуптур, десе кеп-сөздү улап айтчу уламачынын бири: «Ошо-кыргындан калган аз колдун уруусу кыргыз экен» дейди. Ал тургай кыргыздын бабасы – бөрү деген уламыш бар...

Биз билгилер керээз айтып калтырган Улуу сөзгө ишенебиз. Биздин түп тек байыркы – атам кыргыз! Ол тиги эле эзелки Түрккө куяды.

Ошол атам кыргыздан калган керээз: «Көп түлүк мал арык болбосун деп, жер каймагын тандадым. Тукумум карып болбосун деп, кылычымды көк ташка кайрадым! Мен конуш күткөн жер каймагы элсиз калбас. Тоо көк ташсыз эмес, тукумум башсыз эмес. Баштуудан акыл тутуң, күчтүүдөн күч алың, тукум! Кылычыңды көк ташка жаны. Атың – канатың. Атыңды суу боюнда тердетип, аязда суутуң. Эриң эрде чырым алың. Жериң элсиз калбас – деген экен. – Ар жүз жылда кичик кырдаал, ар миң жылда улук кырдаал башыңа түшөт, тукум. Ошондо кичигиң чоңдой чыйрак, зайыбың ирдей кайратман болсун, тукум»! деген экен кыргыз-ата! Ошо жүз жылда бир келээр кичик кырдаал кыргыз-ата тукумунун башына түшкөнү тур, уздар! Ыйык ишке көз май түгөнбөйт, жаркындарым. Эр жоокерлер жортуулга аттанаарга жакын. Ат тизгини колдо, үзөңгүгө аяк койгону турушат, эрендер!

жырым тилип, булдурсун камчы өрүп, нө жан кайыш, канжыга сызып, не басмайыл, жүгөн өрүп тыным билбейт.

Ат жалын тарткан эр-бүлө бир жоон тобу субайды ийрип, азоого чалма ыргытып азоо кармап, аны так түйүлтүп үйрөтүп жүрүшсө, бир жоон тобу малдын семизин тандап союуда. Бул, кишилердин этсиреп кеткени не той бергени, аш бергени жаткан эмес; союлган мал, эртеңки аттанаар колго күлазык камдоо үчүн арналат. Союлган семиздин өз майына өз эти куурулуп, күлмайда тартылып, куурма унга аралашкан соң бир бодонун эти бир идишке батып карагай бутагына илинет...

Тек унаа минип жай жүргөн кишилердин да көргөн камы кол үчүн, эртең жортуулга аттанчу жоокер уулу, не иниси, не агасы үчүн көрүлгөн кам. Чабыш күч алса, ал өрт болуп тутанат, жалын болуп каптайт. Мындай учурда тек жай жатып, тынч туруучу бир жан калбады. Бешиктеги бала гана чоңго жүк. Буту басканы айырмачка таңылып, өз тизгинин өзү алып, чоңдордон калбай ат чаптыргыдай болсун. Чоң-кичине «О!» дегендер, «У!» деп ат үстүндө болсун. Жөө калган эр-канаты сынган карга. Аны кулаалы да алат. Түлкү да тытат. Уа, тың бастырса, айырмачтагы кунан минген үч жашар черге кирип кетпей жаны жокпу...

Дал ушул салт уул-кыздарды бышык, тың, бүйрө кылып чыйралтып койгон. Буга чоң-кичине бардыгы кам, бардыгы белен. Аттан жөө, аштан кем калганы жүүнү бош жаманы?!

Ооруктa уйкучул уул чабышта башын сайга таштайт. Жоокерге тон тиге албаган жар, жоо босогосунда күң деген лакапты айтпаган ата-эне, укпаган уул, кыз журтта жок. Уулду ата бөпөлөсө, кызды эне үйрөтөт...

Эмесе, ажо атанын жырымын өтөп Сайкал айым өзү баштап, бул кезде жортуул камында!

Айым ордосу ажо ордосунан кичине болсо да, башка ордо үйлөрдөн алда канча кең. Умай эненин ак ордосуна тете бар. Төрдөгү айым тагынын сол жагына да, оң жагына да тизи-





ушул мен айткан лакап. Эрдин да, тондун да бышыгы өтөр.Тон тиккен жар бышык болуш жөн. Чопкуттун көбөөлөрүнө болот күлүн тыгыз ширеӊ, кош кабат жибек жип менен майда шырылсын дегенимдин жөнү ошол. Калың тон жоокерди күймөлтүп салыр. Күймөлгөн жоокер айбалта чабыштан өксүп калыр. Байыркылар жыгач соот кийишчү экен. Ол чакта калкан да жыгачтан экен. Жука жыгач морт, калыңы оор, ыксыз, эпсиз. Оор «тонду» көтөрөргө күч керек. Ал чакта өнөр анча уланып кете элек... Түтүн башы эркек жыгаччы. Көз май түгөнгөнчө керкисин эпилдетип жыгач соottон ойгон карыларды биз тестиер чакта көрүп да калдык... деп чоң атабыз айтар эди.

Тигил чопкут шырышып олтурган Жибек таң калды:

– Ойе, айым, жыгач тонду жоокер кантип кийир? Туюк да?

– Жыгач тон туюк чабылбайт, Жибек жан, – деди, Сайкал эне. Ийин жабар, далы жабар, каруу жабар, көкүрөк жабар... деп, кишинин талуу-устуканына төп жыгач келки оюлуп, алар, кадимки эле биз бул кезде курак курап, тон тиккендей жабарлар бири-бирине куралат. Куранды жерлери бөздөй жымпыйып билинбей калбай жазса жазылып, ийсе ийилген. Антпесе ал жыгач тон киши үстүнө кийилеби?!

Жыгач тонум[1] тозду.
Жыгач атым[2] – сынды.
Муз жазданып эр калды.
Музга чөгүп төө калды.

Деген ыр ол заманда айтылган. А кезде, жерди онтотуп кар баскан маалда бабалар жыгач атка минип, жай кезде ууга, коогада чабышка чыгышчу экен. Жыгач тон эми жок,

[1] *Жыгач тон* – жыгач чопкут.
[2] *Жыгач ат* – лыжа.





Киши – уулу – өз атым,
Атым – канатым.

Азыгым жондо,
Кылычым колдо,
Чабышка баратам,
Көк Теңир жол ачың!

Жортуулга аттанган жоокер ушуну ырдачу....

– Ай-е, эртегини эшитсем көңүлүм өсөт, – деди бир уз.

– Эчен жолу кыр кезген экенбиз да – деди экинчи уз.

– Ай-е, сандаган ай-күн каркыра тизип, гыв-гыв-лап асманга төнгөн тура эже.

– Сиңдим, ай. Көп тукум чабышта кырылды. Азы тукум улады. Бу оош-кыйыш дүнүйөдө бир толуп, бир кемибеген чоң көл бар дешет Жер четинде.

Уккулуктуу жылаажын шыңгырлары сырттан угулду.

– Умай эне келатыр, уздар, – деди Сайкал ойчул көздөрү жоодур.– Күтөлүк. Айткан акылын көңүлгө түйүң, баарың...

Жылаажын шыңгыры жакындады. Умайды баштан келаткан нөкөрлөрү эмес, жоокерлер болучу. Алар ыкчам, шайдоот. Ажого кандай ийкем этишсе, Умайга иштеген ийкем, сый, кызмат ошондой. Ажо жокто да, ажо барда да Умайдын айтканы бардыкка жардык катары айтылат. Умай, тек ажо айымы – каныша эмес, ал – журт энеси.

Адылтай ажо керээз-жырымын айткандан бери Умай эне өзү да ойчул, сабырдуу, өтө укумчул, камкор. Уктаган-уктабаганы, аш ичип-ичпегени байкалбайт. Тек ордодо олтурса да кулагы сыртта, ою усталар узанган дөөтүдө. Келин-кыз олтурган өргөөдө. Өрүштөгү жылкы, түздөгү кулач үйүрү чачылбасын. Жүз башы, миң башылар минүүчү албыр аттар алыстабасын. Тапталсын. Жоокерге ала кетүүчү күлазык идиштерде кам турсун...– дегенди Умай эне Эр-Кишиден тарта небереси Баш-Тегинден – баарынан талап этти.





Умай эне антип өз насилин төмөн түшүрүп, баатыр ажо наамын төмөн түшүрүп, зайыптык этиш каныша иштээр иш эмес деп билет...

Умай эненин купуя сыры азыр журтка белгисиз. Аны азыр калайык билүүгө эрте. Эгерде, азыр Умай эне билген кайгыны калың журт билсе, алар баш көтөрбөй мүңкүрөп калаар... Балким, деми сууп, элдин кайраты мокоп, алдыңкы жортуулга аттанган кол алсыз, кайратсыз болуп жеңилип калаары да ыктымал. Ошондуктан бул чоң кайгыны Умай, Эр-Киши, Баш-Тегин, Сайкал эне, Азман або, Чекир бий... анан дагы ишеничтүү кол башчылар, өз тукум гана билишет.

Башсыз журт – баш аламан көч– деген макал азыр, ушул кайгыны билген кишилердин ой-санаасын мүлжүп турган кез. «Журтубуз башсыз эмес, жер-суубуз ээсиз эмес... Жоодон кек алабыз».

Ушул максатты өтөөгө бекем турчу кишилер – ушул Умай эне, Сайкал эне, Эр-Киши, баба ишин улаар өз тукуму – Баш-Тегин!

Умай эне уздарга айтаарын айткан соң аларды колдоп койду:

– Маек куруп иштеңдер. Жакшы сөз кишини иштен талыкшытпайды.

– Ие, ол чын, эне, – деди бир уз.

– Улуу сөз айтып олтуруп иштетиң, балам, – деди Умай эне.

– Ие, Сайкал энем эртегиден айтты, – деди уз.

Умай күрсүнүп койду:

– Эртегинин сөзү уккулуктуу. Таалим берир.

– Биздин журттун теги кайда куят?

– Уа, кызым биз байыркы журттанбыз...– деди Умай тек ишенимдүү.

– Баса неликтен кыргыз ата аталып калдык экен? Умай эне уздун суроосуна жооп айтпай Сайкалга эскертти:

ле олтурган уздар иштин ыгына, жөнүнө карай – бир үч-төртү өздөрүнчө үй-мүйүз тартышып күпү-тон тигишсе: бир үч-төртү өздөрүнчө тизилише кандагай тигишип чыгарууда. Торгой көз кылып сайма житирип, тигиш улай бүктөөдөн суу улап, бир чети көркөмдүк түр беришсе, негизгиси капылыс тийген жанчарга сөгүлүп, айрылып кетпегидей бышыктоодо. Дагы бир үч-төртү өздөрүнчө маек курушкансыйт, баштарын тийиштирип эпилдешет. Бирок бул топ ушинтишкенде, тек бирине-бири күбүр-шыбыр айың айтып олтурушкан бекер оздор эмес. Чынында жумуштун эң жоопттуусун, татаалын бүтүрүп жатышкандар ушулар. Булар күпү, чопкут тигишине болот шилеп, анан алардын тигиштерин кош кабат жибек жип менен темепелеп шырып жатышат.

Жебенин огу жетпеген,
Айбалта мизи өтпөгөн,
Жээгине жибек кайытып,
Тигишке болот солотуп
Бек шырылган чопкут-тон
Кырчылдашкан чабышта
Баатырлар кийчү тон ушул!

Деп ырчы мактаган чопкут азыр айым ордосунда тигилүүдө. Чопкутту көрүнгөн зайып тиге бербейт. Муну оймокчондун чебери, устасы тигет. Чопкутту бардык эле жоокер кие бербейт. Муну кол баштаган кол башчылар, жекеге сайышка чыккан, тайманбас чабышка кирген ашкан эр, ашкан баатырлар кийишет. Атаганат, мындай бекем, чыйрак эптүү эр кийими ар бир жоокерге жеткилең болсо гана. Буга жетүү ар бир жоокердин ата-энесинин колунан келбейт. Ошентсе да ар бир ата-эне өз уулун жортуулга өз колунан келишинче тың атказат. Жоокер уул тың аттанып, тың узаса, ата-энеде кайгы жок. Уул капылыстан сайдырып, арманда калбас… Тону бышык, жанчары курч, аты тың. Калганы өзүнөн дешет. Жоокер уул тың аттанбаса, үйдө калгандар кайгыда.





– Жанчары курч болсо да, тону жука, өзү шамдагай болсо да аты арымсыз кетти уул. Кантээр экен? Өксүп арманда калаар бекен? Уа, жоого сайдырып ажал табаар бекен?

Чоң салгылашта армансыз өлгөн уул макталат. Аны тың узаткан ата-эненнн журт алдында жүздөрү жарык. «Жоокер атказбаган жаман элиң. Кара башың кул болсун» дейт, уулду жабдый албаган атага башкалар.

Дал ушундай эр уул намысын, журт намысын ойлогон Арууке көз алдына Баш-Тегинди келтирди. Бул кезде жашы отуздан өткөн Баш-Тегиндин алп мүчөсү зокуюп, эки ийини түпсүз шыңгактай, көкүрөгү жайыла келберсип, толукшуп турат.

Күйөөсүнүн келбетине ичи элжиреп, ага суктанып, кызыгып, аны жакшы көрүп кеткен Арууке, ошол келбеттүү Баш-Тегини алп менен беттешкенде кокустан өксүп калбаса деп… эминегедир ичинен селт чочуду. Анан тактагы энесинен сурады:

– Айым эне, алп уулга арналган чопкут тон калың болсо кантет?

Кыраакы айым келиндин оюн сезди. Ичинен ага жалынып айтты да, тек туюндурду:

– Калың кийим чабышта бөгөт. Чопкут бышык тигилсе, ол калыңга тете. Болот күлү шыкалып, шыруусу жетишсе, калың-жука кеп эмес…

Эринин чопкуту калың болушун каалаган Арууке дале кыйылды.

– Таң… Калың өтөр…

Аруукенин шекшинген жөнү «Чопкуттун калыңы, кементайдын жукасы» деген лакапты секелек кезинде энесинен уккан. Ошол эне макалы ага таасир калтырган. Эми айым энеси тигинтип айтканда не өз энесине, не айым энесине ишенээрин билбей кош көңүл. Эстүү келиндин көңүлү оорубасын деп, эми Сайкал эне тымызын макал айтты:

– Жардын деми чопкутта, оттун деми оттукта! Чопкут тону калың болсо, эрге жанчар өтпөс, деген сөздүн түйүнү





– Бөрү түндө күч. Жоо камсыз кезде чабады! Ажо аманат табыштаган жырымды эске тутуң, баарың!

Умай эненин бу жардыгын Сайкал да эшиткен. Умайдын ишенген оң илиги[1] да ушул эр уулу Күлчүрдүн ордосун күткөн келини – Сайкал. Бул күндөрү Умай эне Сайкал ордосуна ар күнү келет. Кол башчыларга жоо кийимин тиккен уздардын ишин көрөт.

Эки жоокер ордонун эшигин ачты. Ордого Умай эне кирди.

Сайкал төрдөгү тактасынан туруп, капшыт жакка өткөн. Уздар тик турушуп, улуу канышага таазим этишти!

– Арбаң, ыйык эне.

– Бар болуң, баарың! – деди Умай эне.– Муң билбең, баарың!

Шыдыр төргө өттү да Сайкал келининин тактасына олтурду:

– Иш өксүбөсүн. Олтуруң баарың. Иштей бериң. Сайкал балам, Тегинжан кие турган олпок шырылдыбы?

– Шырылып жатыр эне, – деди Сайкал.

– Кош катыбы, төрт катыбы?

– Төрт каты…

– Э бүтөйүн дептир. Шырымы бышык болсо, болот күлү оошпойт. Уа, тону бек алп жоого алдырса өз шору…

Уздар тымтырс… Умай эненин кебин угууда.

Адылтай ажого айым болуп келген Умай тек эрке каныша эмес Адылтайга, бир чети жары, бир чети акыл кошкон кеңешчиси болуп, Умай чоң сыйга жеткен. Умай кыз кезинде – атасы Төлөс кан Ынанчы тамгачыны үч жыл ордодо тутту. Ынанчы тамгачы жаш кезинде кол башчы болом деп тиленет. Бирок анын чоң атасы табгач падышасынын сарайында он жыл кызча кийинип нөкөр болуп жүрүп, табгачтын салтын, өнөрүн, ал тургай окуусун билип кайтат. Ошол баба, эр-уул да, кыз да өнөр билбесе кем.

[1] *Илик* – кол – оң колу дегени.





Менин тукумумдун эр-уулу, эстүү кызы өнөр үйрөнсүн. Кыз баланын ырысы башкадан… Кыз тукум – назик, асыл, ыйык. Ону ата төрүндө сыйлап, эстүү өстүрүп узатың! – деп керээз калтырыптыр.

Ошол акылман атанын уулу Ынанчы азыр тамгачы-билги. Андан тамга үйрөнүү, таалим алуу – кадырлуу атанын уулдарына милдет. Ал милдетти аткарчу киши не ажо, не кан, або, бек, не кол башчы, не журттун аксакал кадырманы. Умайдын атасы Төлөс ошол Ынанчыны ордого койду. Ынанчы жеке уулга тамга үйрөтүп, уулга таалим берип тек олтурбады. Ал Төлөс кандын кызынын марымчысы[1] болду.

Кыз кезинде ошол Ынанчы тамгачыны көрүп, ошол билги марымчыдан таалим алып калган Умай кийин өз ордосунда акылман кишилерден кол үзгөн жок. Ташка тамга баскан, жибекке жазуу жазган, көзү ачык билги, байыркы өмүрдү сүйлөгөн санжырачы, замандын азыркы салтын, келечегин жоруптап айткан даанышман кишилер Адылтай ажонун ордосунда көп болду. Умай айым ал билгилерге сыйын көрсөттү. Сый үстүндө бирге олтуруп эчен тунук жол-жобо эшитти. «Улуу сөздү» эшитти. Анан улам саамайы агарып салабаттуу тарткан сайын Умай айым билгилигин журтка таанытты. Умай эне деген сыйга жетти!

Умай эне азыр өз акисин[2] ыйык санап тек өз ырахатын самаса: «Өсөрүм бүттү, өлөрүм калды. Ордомдо чымын учпасын. Алдыма мамык төшөп, оозума ширин аш тутуп, мени жаш баладай баккыла»! – деп айымдыгын кадырлап тек жатып алмак. «Учуп кеткиче жыргарым калды» – демек.

О, журт энесине андай жорук жарашпайт! Ал, жашында сулуусунган, карыганда кадырмансыган тек жөн айымдын талабы. Эссиз айымдын жоругу ал.

[1] *Марымчы* – таалимчи-окутуучу.
[2] *Аки* – кусур.

рып, ошол ак тоо чокусуна карап калыр… Ошол чакта, ал карынын этек-жеңине жармашкан тукуму болур. Ал тукумга «Улуу сөз» калыр…

Кечээ тигил ак тоо чокусуна карап турган кары энебиз, бизге ушинтип айткан. «Менин айтканымды көңүлүңө түйүп кал, кызым. Ыйык энем, өз энем Жаркын айтты деп эшитиң»! деген…

Азыр мен силерге ошо Жаркын энемден эшиткен Улуу сөздү айтам. Анан айым эненин асыл иши өзү уланат. Улуу сөз салты ушундай!

Жакшы эшитиң. Көңүлгө тутуң!

Бабанын бизге айтып калтырган аманаты – ата-эненин учугун улаш! Жети атасын билбеген уул – кул. Жети энесин билбеген кыз – күң. Бу тек берки чек. Киши уулу өз тегин те байыртан улап билиши милдети. Биздин тукумдун байыркы теги: ошол уул, кызы бирдей эрен жоокер эл экен…

Ошол жоокер чакта элин баккан кырк уул болот. Кыркынын тең минген аты кызыл жээрде. Кыркынын тең кийген тону кызыл күрмө. Ар бири жан-жанына бештен жоокер ээрчитет. Ол ээрчиткен жоокерлер да ашкан мерген. Ошентсе да, ар бириндеги бештен жоокер, берки кырк мергендин жанында мерген эмес. Кыркы чаап баратып, алдындагыны жазбай атканда, берки бештени чаап баратып тууралдагыны жазбай атат. Кыркы чаап баратып үстүндөгүнү жазбай атканда, берки бештени чаап баратып артындагыны жазбай атат.

Ошо кырк мергенге мергенчиликтен атаандашкан кырк кыз болчу. Ал кыздар, тигил кырк эр мергенди мөрөйгө чакырды. «Силер уул мергенсиңер. Биз кыз мергенбиз. Мөрөйлөшөлү» – деди кыздар.

«Кыз баштаган мөрөйдөн уул качабы. Уул атканды кыз атабы»?– дешет уулдар.

«Уул атканды кыз атпай кем калабы? Улуу-Тоонун уусуна тең баралы» – деди кыздар.





тирер… Аруукеге уул сыр айтып койдубу? Не акылман келин журттун оор жүгүн эстеп жашыдыбы?»

Неси болсо да өкүнүчтүү, кайгылуу кеп-сөздү күлкү жеңеди. Уздар жадырап-жайнап олтуруп иштешсин деген Сайкал эми сөз учугун жаңыртты:

– Эр – түркүк, зайып – онун жаны! Зайып болбосо, эр тамырынан кыйылып куурап калыр… Эр бизден кубат алыр. Кубаттан тамыр көктөр. Тамырдап тукум өнөт! Бул ыйык Көк теңирдин буйругу! Жеке адам уулу эмес, Көк теңири жерди, сууну ушундай көктөтүр. Таш – ата. Топурак – эне. Экөөнүн деминен суу көк буу чыгарды… Көк-буу асманга булут жыяды. Булутту шамал айдады. Ол улам удургуп жерден адашат. Зарыгып жашын төгөдү. Топурак жааңды энсеп күтөт. О, бул Көк теңири буюрган асыл насип тукумга эм. Көк күлкүсү – ый. Көк ыйласа, жамгыр төгөр… Күрөң жер көктөөрүндө көктүн ыйын күтөр. Киши уулунун күлкүсү – кубаныч. Киши уулу көктөөрүндө зайыптын күлкүсүн күтөр!

О, жаркын уздар, мен силерге бул сөздү тамсил айттым. Акылдууң туюндуң. Акылсызың элейип эшиттиң. Сөз төркүнүн туюнганың туюнбаганыңа айтып, бой жазып, көңүл ачып күлүп алыңдар! Мен сөзүңөргө аралжы болбой чоң ордого барайын…

Бул, тек баятан уздар менен бирге иштешип чарчаган Сайкал эненин дем алайын дегени. Сыртка чыгып, бой жазып, сергийин дегени. Менин көзүмчө ээн-эркин көп айталбай уялып олтурган уздар, мен кеткенден кийин өз ара эрмектешип, тамашалашсын, ырчысы ырдасын. Маекчиси кеп айтсын. Жаштардын айтаар маеги өзүнчө. Алар аны айтып күлүп алышпаса, чери жазылбас… Чер жазып күлүп алышса, чарчаганын билбей калышат дегени.

Сайкал купуя айткан мааниси – жаштыкта…

Кымкап чапанды ийинге салып Сайкал эне келбээрсип чыгып кеткенден кийин ордо ичи ээндей түштү. Баятан камалып, кысталып олтурган уздар эми жадырап чечилип кеп-сөз башташты:





өскөн асыл жан. Эгерде бул асыл жан болбосо, баягы чабышта жылаңач киши эмес, чопкутчан эр кылычка кыйылып, жанчарга сайылып жатканда… аман калаар бедик? Уа, ондон жоо коркту. Эмине деп коркту… Дал ушул табышмак жылаңач Шерди ыйык, сыйкырдуу кылды…

Киши уулу экенине ишенбей кишилер өгүзчөн Шерге таазим этишти:

– Сен киши уулу болсоң да, ыйыксың, Шер! Биз саа сыйынабыз! Биз сени бийик көтөрөбүз!

– Ийе, арбак болсоң бабабызсың, Бизди ыйык колдоң?

– Киши уулу болсоң, сенин коркпос жүрөгүң тоодой экен. Биздин уландарга кол башчы болуң?

– Сен жоо асабасын жыктың. Өрүшкө мал, супарага кут чачтың!

Журт, Шерди ыйык эсептеди. Анын зоболосун көтөрдү. Алдына эр атын, үстүнө эр тонун кийгизишти. Жыл жылжып, эр жеткен сайын Шер – шердей тайманбас баатыр болду. Тек айбалтаны бийик көтөрбөдү. Амал-айласы ашып, жоо ыгын билди: өзү да, сөзү да өткүр Шер баргы журтун баштады. Кырылбады. Жоосун жеңди…

Кийин кыргыз атанын журтуна карлук кол салганда, бүт баргы журтунан жыйылган колдун түмөн башчысы болуп, дал ошол Шер душманга каршы аттанды. Ал жолу сегиз түмөн кол аттанган. Ошол сегиз түмөндүн бардык түмөн башчылары баштынан чабышта кол баштап, жоо чаап шер атанган баатырлар. Алардын ичинде чоң чабуулга биринчи аттанган ушул Шер. Башта ал уруу арасында болгон чабыштарга катышкан. Канчалык жоолашса да, канчалык кан серпишип чабышса да түбү бир киндиктеш журт бирин-бири кырып жоюп жибербейт. Бирине-биринин аянычы болот. Кол баштап чыккан Шер (журт аны ыйык кайберен тукуму деп эсептегендиктенби, айтор, жоосуна боорукер болучу), жалпы атпайдын кыйырына келген чет душманга Шер кычырап, таш боор. «Кыйырды түрүп, уйкуну бөлүп сен келдиң, маа. Алсыз





болсом өлөм. Алым болсо курутам, сени деп кекенди, бул жолу Шер.

Ал чабышта Шерди канат туткан баатырлардын бири Текеш. Кадимки эле Барстын атасы Текеш, ал кезде өз уруусу баргынын бир мыктысы. Текеш да тектүү эмес, атасы кара башыл киши. Бирок ал Шерчилеп ыйык болуп журтка таанылбады. Ал тек өзүнүн кайраты, деми менен чабышта таанылды. Сайкал эне айткандай – кылычын демдеп чапкан эр жоокер Текеш жеке өзүнүн эрдиги менен журт алкышын алган.

Эмки чоң чабышта ошол эр Текеш Шерде миң башы, миң башы болгондо да, башкалардан айдыңдуу, тайманбас, башкалардан айлалуу, башкалардан боорукер да!

Неси болсо да ал жолку карлуктар менен болгон чоң чабуул эки кыш, үч жайга созулду. Өрүштө мал тукуму соолду. Конушта айыл азайды. Чабышта жоокер катары бириндеди. Жеңиш оош-кыйыш болуп чабышкан эки тараптагы калың кол кылыч тирешип, кол кыргын тапты. Оош-кыйыш кармашта – чабыш кажашкан айыгышка өттү.

Кыргыздын сегиз түмөнү суюлуп, эл көп деген түмөндө алты миң, андан ашса жети миң кол калып… өлгөндөрдүн ордун толукташ үчүн ооруктa калган кары-жаштан кол селбинди. Кыргыз колунун башкы каны Эр-Күлчүрдүн каруусу тайып турганда, баргы колунун түмөн башчысы дал ушул Шер, өз түмөнүнүн бир бөлүгүн чабыш жүргөн майданда калтырып, эки бөлүгүн өзү баштап карлук колунун ооругуна, айылына кол салат, оорук кансырап алсыз болучу. Алар чабуулдаган колго такаат бералбайт. Оорукту жоо чапты деген кабарды эшитип, майдандагы карлук кол башчылары шашып калышат. Алар өз колун бөлүндү кылышты чочулашып, ат соорусун салып чабышат. Кыргыздын калган түмөндөрү аларды дем алдырбай сүрүп киргенде Шер оорукту жайына коюп, карлук колун өз ооругунан тосот. Алдыдан жоо күтпөгөн карлуктар-

– Айым, купуя айтты. Баамдай албай калдым, – деди кызыл тору уз.

– Эне, ачык айтыштан өзү ийменди, – деди токтолуп калган зайып.– Айым сөзү билгенге сабак...

Акжуумал уз алда немени туюнган кишиче күлүңдөдү:

– Жарыктык. Көк буу жер сагынып ыйлайт дегенде өз жоокеримди эстедим...

– Баса, өз жоокерин ким эстебесин.

– Жортуулдан аман кайткандары ырыстуу да...

– Жыпар сээп узаткан казанды коломтого көмкөрүп калбасаң...

– Кой... ак тилекке кам көргөн чакта, ойго жамандык алыш күнөө.

Уздар тынымдай үнсүз калышты. Кайдадыр алыста-алыста жылкы кайырган жылкычыбы, не азоо үйрөткөн үйрөткүчтөрбү? «Айт-ойт», «Жаң-жуң»– каңырт угулду. Бул чынында эле тээ тай чабымдай алыс көк булуңга субай камап, азоо кармап жатышкан уландар болучу. Алардын бак-бак үндөрү ордодогу зайыптарга жетпейт эле. Жетпесе да, те алыскы жаңырык сыяктанып аба аркалуу ошол эртеңки жоокерлер тагдырын эстеген зайыптарга жаңырып келип турду. Бул, тек сезимдин алыстан чакырганы. Алыстан сезген назик сезим болучу.

Арууке өзүнөн улуу зайыпка күлө карады. Кырдач мурду атайы адам каалап көрсөм дегидей аксаргыл жүзүнө жарашып татынакай. Койгулт мөлтүр көз карашында акыл-эси, мүнөзү, адамдык насия сапаты жүзүндө күлүңдөйт. Узун кара кирпигинде, каш-кабагында жылдызы жанат. Жалпы эле ирең-түспелинде Аруукенин ички касиетин купуя сездирген көзөлдүк, сулуулук бар. Жаш айымдын курч, тунук акылы, адамгерчилиги жаркын жүзүндө каймактап кадимки катка жазгандай, ташка баскан тамгадай дапдаана окулуп, дапдаана көзгө көрүнүп, кишини өзүнө тартат. Улуу киши да Аруукенин жылдызынан жазганат...





Киши уулун толгоп, толгоп тезге салаар куюн жокпу... Баса, эчен албан толгоо баштан өттү. Кызыктуу жыргалыбыз аз. Кыйраган кыргыныбыз мол. Чайт ачкан байчечекейибиз аз, уйпалган шиберибиз көп. Гүл аңкыган төр-төрдө бат эле кан жошулат. О, бул укмуштун учугу байыртан келатпайбы?!

Көзүнө алда кандай элес көрүнгөндөй зайып жабык баштан аша карап калды да кебин улады:

– Ана! Тыңшаңдар, уздар? Тээ алыстан дүбүрт келеди!

Эр кийимин тигип олтурган кыз-келиндер чыны менен ишеништи. Делдейип тыңшай калышты. Кыз чочуп, сактангансып койгулт көздөрү жоодурай түштү:

– Коркуп жатам, уз жеңе?

– Коркпоң, бийкеч, – деди Арууке. – Эмнеден коркосуң?

– Коркпоң, кыз! – деди Уз жеңе. – Коркпоңдор!

Бабасынын дүбүртүн эшитип, элесин көрүп жүргөн тукумду Теңир жалгаганы! Бабасын унуткан тукумдун ниети кара. Ону азгырык баштап, жин-шайтандын жолуна түшүргөнү!

Баба аманат калтырган Улуу сөз. сүйлөнгөн кезде, ыйык элес көзгө көрүнүп, сүрдүү дүбүрт кулакка эшитилип турганы жакшы. Андан коркуу чабалдык. Кубаныңдар. Кубанганда да, баба арбагына кубан тукуму!

Силер менден айым эненин кыз кезин сурадыңар. Мен айым эненин кыз кезин айтаардан мурда байыркы бир өткөн Талмыз кызды айтайын. Ошо байыркы Талмыз кыздын арбагы соңку сиңдилерине дем бере жүрдү да. Биздин айым эне кыз чагында ошол байыркы Талмыз эжедей болом деген го. Ие, уздар. Эмесе, айым эненин кыз кезин кийин эшитиңдер. Азыр, ошо Талмыз эженин кебине өтөлү. Ону бизге ушул уздукту үйрөткөн чебер кол уз жеңебиз айтты деп эшитиң. Эшиткен ыйык сөздү ар бириң көңүлгө бекем түйүң. Өмүр – киши уулуна өлчөлүү берилген. Кары кары, жаш жаш бойдон жүрбөсү да анык. Бүгүнкү кары эртең ак тоону көздөй учуп кетир. Бүгүнкү жаш эртең ка-





дын шаштысы кетет. Не өз ооругунан тың байланыш болбой, күчтөн тайыган соң карлук асабасын түшүрөт. Кол башчылары тизе бүгүшөт.

– Жеңилдик!.. Кулуңбуз!..

Бул чабыштын даңкын чыгарган баргынын түмөн башчысы Шер! Айлакер Шерге, карлук каны Жарык-Тегин кызы Гүлкайырды берет. Ары акылман, ары баатыр Шердин бул сыймыгына Эр-Күлчүр ыраазы: эл даңкын эр чыгарыр. Эр даңкын күнчүй чыгарыр! Карлук журтунун билги канынын кызы бизге бүлө болду. Ыйык Шер сенин тукумуң, өзүңдүн жолуңду жолдосун!– деп Эр-Күлчүр Шерди куттуктап ак шумкар, тогуз күлүк ат жиберет.

– Биз эми жоо эмеспиз, сөөктөштүк! Киндиктештик. Мындан кийин ураанызбыз бир!– дешип карлук менен кыргыз элдешет...

...Дал ошол баргы журтунун мыкты баатыры Шердин Гүлкайырынан төрөлгөн кыз ушул Арууке! Арууке – Арууке дөгөндей эле асыл жаралган зайып, заттын тазасы. Баш-Тегинден эки жаш кичүү. Эр-Күлчүр каза таппкан табгач менен болгон чабышта, жоого курчатып салган Шер күнү-түнү чабышып жатып, аты өлүп, өзү кансырады. Айбалта кармаарга алы калбай... ошондо да жоого каяша айтып каткырды. Тике келген ажалдан кутулбады. Шумкар болуп учуп кетти...

Шердин көзү өткөнүн билгенде жарадар Эр-Күлчүр көзүнөн кан тамгыдай болуп өксүдү.

– Алп Шерди жоктоп, алп Күлчүр жаш төккөндө таштан жаш тамды, – деген сөз калды...

Ошол чоң алп замандашын жоктоп катуу кейиген Эр-Күлчүр:

– Алп Шерим учту. Ал менин канатым эди! Канатымдын күүсү тукумумда күч берсин. Экөөбүз куш агытып жүргөндө ыйык тирешкенбиз. Тамырлашканбыз. Тукумдарыбыз түбөлүк өз болсун дешкенбиз. Менде уул, анда кыз калды. Экөөнү кайындап койгула!





Баргы журту ушинтип, Көк теңирге сыйынып, байыркы Багыш бабанын тирүү арбагы колдоду дешип жалпысы той тойлоп жатышканда дагы бир укмуш иш болду.

Ал ошол байыркы Багыш бабанын тирүү «арбагы» жылаңач баланын өзүнүн тойго келиши. Келгенде да эч кандай арбак эместигин, Теңир жибербей эле өзү келгендигин айта келгени. Ал болгондо да ушул эле баргы элинин бир жарды кишисинин баласы экендигин билгизди...

– Атым – Шер. Атамдын аты – Чаки. Энемдин аты – Туйгун. Өзүм эс тартканы уй багам!

Шер каткырып, эч эчтемкеден капарсыз, Шаа мүйүз өгүзүн теминип койсо, ал аттан тез демите ойноктойт. Көп элди көзүнө илбей жөөлөй кирет. Өзү уй баласына окшоп да, окшобой да койбойт.

Шер ансайын теминет, каткыра күлөт:

– Тек, тек! Шүдүңдөйт!

– Тек, тек! Шүдүңкүт!

Шүдүңкүт тек турбайт. Ал мүйүздөрүн каркайта башты чулгута сүзүп жиберчүдөй ыкыс берип күшүлдөйт. Шер баягысындай жылаңач. Кынсыз чолок кара кылычын кезей кармап, сырты менен өгүзүн мүйүзгө аста ургуласа, кылычы «кың-дың» этет. Өзү каткыра күлөт:

– Тек, тек, шүдүңгүт! Атаң бука, энең марал, шүдүңгүт. Ача туяк таш кетип, шүдүңгүтүм уч! Мүйүзү канжар, жүргөнү шамал, шүдүңгүт,

Кишилер шектеништи. Шердин чын айтканына деле ишенишпеди. «Бу ыйык, тирүү арбак бизди сынап жатыр» деп бир даары ичтен сыйынды. «Теңир жиберген ыйык жан», дешти.

Кишилер Шердин киши уулу, киши уулу, болгондо да, өздөрүнүн журту баргынын бир тукуму экендигинен шек кылышты. Деле, бул жылаңач шер бала киши уулу болгон күндө да, өздөрүнүн баргы тукумунан болгон күндө да, кадимки эле эне төрөп өстүргөн кадимки эле бала болуп чоңойгон күндө да, бул жылаңач бала ыйык жаралып, ыйык

Арууkenин атасы анча чоң уруудан да эмес. Тиги баргы уруусунун кара башкы кишиси. Кылыч кезеп, жоого аттанган жоо бөрүсү эмес. Амал-айла, акыл менен жоого кылыч көтөргөн укмуштай сергек эрен!

Анын аты да Шер, өзү да шер болгон. Он төрт жашында тизгин тартып, жоокер болду. Тизгин тартканда Шердин мингени алкынган жоокер аты эмес, шаа мүйүз таргыл өгүз. Шер, ал жолу башкалардай атчан чабышка чыкса, ал анча байкалмак эмес.

Кырсык аяк астынан табылгандай, бакыт да кишиге айттырып келбейт. Шаа мүйүз өгүзгө минип жоого аттанган Шер, ал жолу өзгө да, жатка да укмуш болуп көрүндү. Үстүндө өзүн сактаган жоо кийими жок: теке жаргак шымды киндигинен курчанган. Көкүрөгү жылаңач. Башына жыгачтан топу оюп кийиптир. Ал жыгач топунун так төбөсүнө жыпаркиндиктин сыңар мүйүзүн мадап алган. Ошол шаа мүйүз өгүзчөн жылаңач бала-жоокердин бар куралы кынсыз чолок кара кылыч. Аны таякча соройто кармап каткырып күлөт. Өгүзү шудуң деп аттан калбай жүгүрөт. Көргөндөр аны соо эмес, не жин оорулуу, не колдогону Зеңги-баба дешти. Ушул куралсыз, таргыл өгүз минген баланы өз аяды. Жоо капарына албады... Бирок эки тарап кылыч тирешкен кандуу чабышта ушул өгүзчөн Шер өнөр көрсөттү: сол керүүдөгү дөбөдө чабышты байкап толукшуп, чымырканып турган жоо тараптын баш канына Шер тике тапты. Өгүзү үй баласындай бөйрөгүн согуп бөлп-бөлп желбей сүзүп жиберүүчүдөй башын жерге салып шудуңдөй чуркады. Шер тек балача кылычын төбөсүнө булгалай:

– Зеңги! Зеңги! Зеңги!– деп айкырып, каткырып жетип келди.

Өгүзү каман сыяктуу атчандарды жара качырчудай шудуңдөйт... Жылаңач балага кылыч көтөргөн, балта сокkon эч бир жан болбоду. «Уа, Теңир? Бу бир эстен ажыраган байкуш экен»...– дегичекти, шаа мүйүз шудуңгут атчандарды жара кирди, асаба көтөрүп турган локуйган аса-





бизге жардам этти. Биздин түпкү тегибиз Багыш. Ыйык Багыш![1] Башыбызга кыйынчылык түшкөндө бизди ошол түпкү Багыш бабабыздын тирүү арбагы жандайт. Бу жолу да ошо түпкү Багыш бабабыздын тирүү арбагын бизге Көк теңири өзү жиберди. Ол, бая чабышта, шаа мүйүз өгүз минген, жылаңач бала болуп келди! Ол жылаңач ыйык, түпкү бабанын тирүү арбагы. Биздин журттун чоң колдоочусу!

Баргы журту байынан жардысына чейин чоң сууну жээктей конду. Баба арбагына жалынды! Ыйык Көк теңирине сыйынды!

Акбоз бээ союшту. Таш очоктордо катар-катар казан асылды. Ортолордо арча отунду алоолонто жагышты. Бирок булар жыгач көчөт көчүрүп, аны отко салган жок. Антиш кайгынын жышаанасы. «Көк теңири биздин муңду кетир» дегидей баргы журту бул жолу муңдуу эмес, жеңишке ээ, бактылуу! Бакшынын оюнунан баштап от айланган кишилер көңүлдүү. Моюн алыша тизилишкен уландар, моюн алыша тизилишкен кыздар бири-бирине бет маңдай туруп ырдашты.

Уландар:

Кыжыр жактан эр келди,
Аты терден, өзү шок.
Онун сырын ким чечет?

Кыздар:

Ак өргөдөн кыз күлдү.
Эрди көрүп көңүлү шок.
Онун сырын мен билем, –

дешип, улан, келин кайым айтып ырдады. Карылар ага жыргап күлдү. Жаш кездерин эстешти. Мооку канышты. Уландарга алкыш айтышты. Шаан-шөкөт кубаныч менен ырым-жөрөлгөлөрүн иштешти. Бирок...

[1] *Багыш* – бугунун бир түрү.





Эр-Күлчүрдүн бул керээзи ишке ашты. Баргышын бир баатыры Текештин уулу Барс бул кезде Баш-Тегиндин оң колу. Баргынын ыйык уулу Шердин асыл кызы Арууке Баш-Тегиндин арзып баш кошкон жары!

Азыр Арууке Сайкалдын ак ордосунун куту болуп, уздарды жыйды. Балким, Арууке болбосо, Сайкал эне өз ордосуна минтин ишке чебер зайыптарды чакыртмак эмес. Тек ата тукумундагы келиндерге:

– Бабанын келиндери жоокерлерге кийим тигишсин!– деп буйруп коймок да, өзү маал-маал кыдырып көрүп жүрмөк. Өз келини Арууке башкалардын алдында каада күткөн, курбуларга таалим көрсөткөн чыйрак, бышык, ары жөн билги акылман болуп өсүшүн самаган эне,

Арууkenи баш кылып ордого иштиктүү зайыптарды чакырткан жөнү, аларга өзү баш-көз болуп иш үйрөткөнү, байыркы баба сөзү – Улуу сөздөн кеп салган жөнү ошол. Ордодо иш тиккен зайыптар Сайкал энени ыйыктай сыйлашат. Ордо чамгарагынын ээси Эр-Күлчүрдүн көзү өтпөгөндө, ал ажо болмок. Адылтай атанын кан тактысында олтурмак. Сайкал ордо куту – журт энеси аталмак. Көзү өтсө да журт баккан Эр-Күлчүрдүн айымы Сайкалдын ак ордосуна кишилер таазим берип, анан кирет. Чыгаарда төргө артын салбай, ордодо байбиче болсун-болбосун төр жакка таазим берген калыбында эң элпектик ийкем менен бүгүлүп арты менен басып сылык чыгат. Ордого болгон бул сый жеке Сайкалга, анын айымдыгына гана болгон таазим эмес, жалпы эле улууга, эр өткөн баатыр кол башчынын арбагына болгон урмат. Бул урматты ар бир үйдүн жашы өзүнүн ата-энесине, кары кишилерге иштөөгө милдеттүү. Арийне, бир үйдө ал анча бекем эмес, жөнөкөйдүр. Бир үйдө мындай урмат-сый жашка көрсөткөн зомбулук эмес, баба салты. Байыртан келаткан элдин бийик, бекем эрежеси. Ар уруунун, ар тукумдун, ар үйдүн касиети ушул кары-жаш ортосундагы, өлү-тирик ортосундагы сый-сыпат менен бааланат. Улуусун күтпөгөн жаш уятсыз. Андай бей-





– Бул кезде кыз-келин ыпча асырап, казан-аякка жакын болуп баратыр. Бабалардын тушунда, биздин журтта ургаачы үй багып калчу эмес тура. Уул аштаган балтаны кыз аштаар, эр чапкан кылычты зайып чабаар деген лакап бар. Ол заман – бир заман. Аргымак чапкан, төө-желмаяны канаттуудай учкан күлүк заман болуптур... Ат-аргымак, эр-ноочо жөн кишиден алпы көп... Киши уулу мындан бетер тынчы кетип тыным көрбөй, төрөлгөндөн өмүрү ат үстүндө өткөн, киши өмүрү чабыш менен өткөн байыркы убак – улук заман тура...

Ошол улук заманда биздин журттун уулунан кызы, эринен зайыбы калышпаган тегиз жоокер, тегиз балтачан, кылыччан, жанчарчан, тегиз туулгачан... Жоо күн келсе күн, түн келсе түн жапа тырмак шамдагай жалаң эрен атка минип төш тиреп, кылыч кезеп жол бөгөп калышчу тура. А, ол чакта, азыркыдай киши уулу ушак тартпай... тегиз зор, тегиз балбанбы, кандай?

Улап айткан уламыш, баба аманат калтырган Улуу сөз, ал чактын укмушун унутпасын тукум деп санжыра тапшырды бизге бабалар. Кийинки укум-тукум байыркы тегин билсин. Тегин унутпасын. Жакпаганын таштап жакшысын улап сыйбаганын сынап, сыйганын сыйлап, баба жолу, баба иши деп барктай жүрсүн деген тура бабалар...

Биз азыр, ошо баба тапшырган аманатты сактай алдыкпы, же жокпу? Аны Теңир өлчөөр.

Арканды тескери чыйратып, оң эшет. Суу сээп бышырган кийиз суудан да, сууктан да сактайт кишини. Жарык Күн астында, күрөң Жер үстүндө күн өткөргөн киши уулунун көргөн күнү да ошол оң-тетириси менен кызык. Айэ уздар, билгилердин айтканы:

Бүгүн көргөн эртең жок,
Бүгүнкү ач эртең ток...
Тоюнганда топук күт,
Толгоп салар дүнүйө шок...

бачынын атын шудуңгүт чандырга сүздү. Каткыра күлгөн Шер укмуштай тездик менен чолок кара кылычын шилтеди. Кармаган думүнөн асаба сабы кыйылып түштү:

– Зеңги! Зеңги! Зеңги!..– деген боюнча Шер өтө чыгып шыдыр кетти…

Бул ойдо жок шумдуктун көз ачып-жумгучакты иштеген кырсыгына жоо тобу эндирей түштү. «Уа, асаба жыгылды. Жеңилдик» деген эндиреш… Өгүзчөндү кубалаарга эч бири батпады. Мурда көз көрбөгөн бул укмуштан жоо тобу чочуду.– «Тири арбак… Теңир бизди каар этти. Тири арбак келип асабабызды жыкты»… дешти.

Кол асабасы жыгылганда жоо колу сүрдүктү, жалтанды. Бир четтен кайра түрүлүп кача баштады. Берки тарап шыкап, кызып чабышып качкан колду сүрүп калды…

Ошентип ал жолу жоо жеңилди. Ал жоонун жеңилишине себепкер жана таргыл өгүз минген жылаңач бала. Ал күтүүсүздөн кайдан келсе, кайра ошондой токой аралап житип кетти. Бул көрүнүш баргы уруусун колдогон касиет, кайберен тукуму сыяктанды. Жоо тарапты каардаган сыйкыр сыяктанды. Неси болсо да ал жылаңач бала өзү да, анын минген шаа мүйүз өгүзү да, баланын төбөсүндөгү сыңар аяк мүйүзү да далайга сыйкыр боюнча калды. Баргы журту, аны бабабыздын арбагы, кыйын кыстоодо бизди колдоп кетти, ыйык деп жүрүштү. Кол асабасы жыгылып чабышта жеңилип кайткан тигил изгил журту, бизди Зеңги каардады, Колубуз тайманбай каруулашып, тың чабышып жатканда, жанагы жылаңач арбактын чыга келиши баргы журтунун башына бак берди. Теңир бизди каардады. Бу биздин урааныбызга жин-шайтан уюктаганбы? Не, биздин малда киши билбес жаман ылаң барбы? Не биздин кишилердин рамы толдубу?– деп кейишти. Изгил журту көз көрүнөө келген кырсыктан аябай чочулашты. Коркушту, жер-суу тайышты, Күнгө сыйынышты.

Изгил журту алсыз баргыга чаптырып коюшканына катуу кайгырышты. Апта бою үйлөрүнө от жакпай ка-





зандарын көмкөрүп салышты. Анан айыл-айыл, суу-суунун боюна арча түтөттү. Жыгач куурчактардан көчөт көчүрүштү. Арча жалындаган кезде отту айлана бакшы ойноду. Кишилер Көк теңирине жалбарышты… Анан бакшы жыгач көчөттөрдү отко салгандан кийин чоң-кичик Көккө алакан жайышты:

– Үстү ачык, ыйык Теңир, биздин жаңылып-жазганыбыз болсо, кечириң? Малыбызда жаман ылаң болсо, андан сактаң. Кишибизде кесир, кырсык болсо, андан тазалаң. О, ыйык Көк теңири, биз момун, боорукер, өз отун жагып, өз казанына адал аш кайнаткан жазыксыз журтпуз. Бизди жалгаң, бизди колдоң, Теңир?

Ушул ырым, ушул жалыныч, ыйдан кийин изгил журту үй-үйлөрүнө күлүп кайтышты. Келиндер жабылуу түндүктү күлүп тартышты. Энелер көмкөрүлүү казанды күлүп ачышты. Аталар төргө күлүп олтурушуп, байыркы баба кебин башташты. Ортого от жагылып, казан асылып, үй башына эт кайнатты. Журт той тойлошту:

– Көк теңири эми жалгар? Мал жаман ылаңдан соо. Киши жаман иштерден сак. Оорукта тынч жаткан кезде, көңүлүбүз ток. Жортуулга аттанган кезде жолубуз ачык, кылычыбыз курч! Эми бизди Зеңги каардабайды! – дешти.

Изгил журту ушундан кийин гана тынчып калышты. Мал бакканы мал артында, эгинчиси орокто. Жыгаччысы токойдо, кенчиси кенде, сапарчысы жолдо, жоокери эрөөлдө…

Жортуулду, чабышты көксөгөн изгилге караганда берки баргы журту чабыш каалаган эмес. Алар өз кыйырында оокат-тиричилигин иштеп тек жаткан. Ошол тек жаткан кезинде тынчын алып кыйырын түрүп келген изгил колу чабам деп келип, кайра өзү чачылып, тигинтип качкан соң, баргы журту өз тагдырын туура таразалап, өз чамаларын туура баалап:

– Биз аз эдик. Изгилден алсыз эдик. Биздин ошо алсыздыгыбызды, момундугубузду, Көк теңири өзү көрдү. Өзү





башты ага-ини бат эле жөнгө салат. Арбагын барктабаган журт салтсыз. Өз арбагын унуткан салтсыз журтту четжоо оңой басынтат. Оңой талоондойт.

Бул жөнүнлө өзүнчө эреже да бар:

Өз ата-энесине урмат көрсөтпөгөн баланы эненин ак сүтү, атанын акиси урсун;

Жалпы улууну урматтабаган баланы журттун тузу урсун:

Бабанын арбагын унуткан тукум – тексиз жеке калып, тентип, кул болуп өтсүн!

Баба аманат тапшырган «Улуу сөздө» бул жырым «Үч сөз» деп аталат, Ушул «Үч сөз» жырымын бузган ким болсо, а болсун. Ал жалпы уруу аксакалдарынын алдында тизе бүгүп: чөгөлөп туруп ант берет:

– Мен ушул уруунун баласы «Үч сөз» талабын унутсам, мени журтумдун тузу урсун! Мени арам тукум катарында араңардан бөлүп, сатсаңар пул болоюн. Өлтүрсөңөр кунсуз болоюн! О, тузу ыйык журтум, силерге кулдук! Кулдук! Кулдук!

Ушинтип, үч кайтарып кулдукту айткандар да, аны айтпагандар да «Үч сөздүн» эрежесине баш иет…

…Сайкал эне ордодон чыгып кеткенден кийин уздар кысылбай өздөрүн эркин сезип калышты. Деген менен жаш кезде мейли ургаачы, мейли эркек болсун, баарыдан мурда жаштыктын маегине жакын да. Сайкал энени сыйлашкан– асыл санашкан келиндер, деги ушул ысыл айымдын жаш курагы кандай өткөнүн билгилери келишет. Бирок, бирде бири ооз ачып андан суроо кайда. Сурамак тургай ал киши олтуруп-турганда бардыгы таазим этишет.

Жана Сайкал эне ордодон чыгып кеткенде, эненин дабышы узап угулбай калгычакты ийкем этип бүгүлүп туруп анан олтурушкан.

Эрке Аруукe өзүн эркин тутуп, өзүнөн улуу зайыпка карай күлө сурады:





– Уз жеңе, сизди билет дешет. Айым энемдин баштан өткөргөн эски кебин эскерип коёр бекенсиз? Уздар угуп коюшсун.

Токтолуп калган орто бойлуу каратору зайып адегенде кепке көңүл бурбагансыды, тек айтты:

– Ол өзүнчө узун кеп… Айтса айтып да берейин. Дит коюп эшитиңдер. Кыз-келинге эм болчу кеп бул…

Уз жеңе Сайкал эненин кыз чагын, анан кантип Эр-Күлчүргө айым болгонун айтаардан мурда, биздин журтта болгон байыркы бир окуяны эске салды мындайча…

## ҮЧҮНЧҮ МӨРӨЙ

Айкөл Манас кабылан  
Катуу кордук көрдүк деп,  
Кабарчыдан кеп угуп,  
Күйүп жанып чок болуп,  
Акылман энең Каныкей  
Кантип турсун токтолуп…  
– Найза сунуп, жаа тартып,  
Айкалышып көрөйүн,  
Ажал жетип, күн бүтсө  
Кайран жанды берейин.  
Намысы жоктун ары жок,  
Ары жоктун баары жок,  
Кыйшайбай найза сунайын,  
Айкөлүм азап тарткыча  
Кайран жанды кыяйын…  
*Каныкей*

…Тарыхтын негизги милдети ак пейилден сөзгө алынып, жаман сөздөрдөн, жаман иштерден жана абийир төгүлүүдөн урпактар качсын деймин.  
*Тацит*

«Э-э... ыйык Көк, жер оңутун келтирдиң. Эми биздей кул-күңүңдүн тилегин да ордунан чыгарың?»

Ортодо чоң жагылган отту айлана түн жартысы ооганча ырдап, бийлеп, шахзаада кишилери сайран курушту. Оттун, отко какталган илбээсиндин, кайберендин эт-майларынын жыты кары жылкычы менен Талмыздын, кыз мергендердин мурдуна келип турду:

«Биздин уул мергендер, азыр, зынданда сыздап жатыр. А булар сайран куруп, жыргалда?» – деди Талмыз ызырына.

Кошуун жактан көз албай кары жылкычы күңк этти:

«Кейибең, Талмыз чырак. Кайгы менен күлкү куйрук улаш»...

«Бизге каруу кошкон ошо тилек, аке».

«Учу жат жоо жеринде бизди Көк теңири жалгасын! Кыздар чочубаң?!»

«Чочуган кыз мерген болбойт, э болсо да, ол бу жакка келбейт»...

«Киши уулунун башкы жоосу – уйку – деп, эр баба айткан. Жоодон жооп алам деп жолго чыккан тукум уйкусуна сак болсун деген. Кыздар чырм этишсин. Уктап калбасын. Жерге жарык кирбей кошуунду өңөбүз. Күн чыгаарда тигилер теңирине сыйынаар. Анан жанагыдай жалпы ашка олтурур».

«Эй-э, Көк теңири ишти оңдосун дең».

Жылкычы шашпай чырт түкүрүп, сакалын сылады. Деле өз төрүндө бейкапар олтургансып кенебей айтты:

«О, чырак, сен экөөбүз шахзаада олтурган калың жерден өңүп чыгабыз»!

Талмыздын үнү пас, бекем чыкты.

– «Жакшы тилек айткан оозуңуз майга толсун, аке»!

Эртеси Күн нуру ой-тоого чачырай баштаганда, шахзаада, алдыда, анан бекзаадалар, анан нөкөрлөр, жандоочтор, казанчылар тизилишип Күнгө жүгүнүштү. Теңирге сыйынышты. Анан ортодогу кең түзгө дасторкон жайылды.





«Улуу-Тоодо бөрү уңшуйт, азуусу курч, Аталбасаң, кардыңды жарып салар»– деди уулдар.

«Улуу-Тоодо ач бөрү коркуп уңшуйт. Жебе жеткен уңшукту көзгө атмайдан уулдар», – деди кыздар.

Кыз атаган мөрөйдөн уул качабы? Көзгө десең, болуптур. Көзгө атмайдан!» – деди уулдар.

Ошентип мелдеш айтып, кырк кыз, кырк уул мерген Улуу-Тоого чыгышты. Илбээсин көп, илбирис көп Улуу-Тоодо. Мергендердин мелдеши бөрү атмайдан. Илбээсинге, илбирске ок жумшабайт эч бири. Көзгө илээшкен бөрү аман көтпеди. Жакындан чыкканды мээлемей жок. Аны узаганча иликтемей. Жебе жетер барганда көзгө мээлемей. Бирде кыз мерген, бирде уул мерген өз кезин бербеди.

Кырк кыз мерген кырк бөрү атты. Кыркы бирдей бөрүнүн көзүн соолтту.

Кырк уул мерген кырк бөрү атты. Отуз тогузу көзгө, бири жазып калды. Бөрү атуудан мөрөй кырк кыз мергендики болду.

Ошондо уул мергендер ызаланды. Алар кызып, жаңыдан мөрөй айтты:

«Бөрү атышта кыздар жанбайт. Себеби, кыз бөрүнү атпаса, ал кызды жарып салыр. Силерге да, бизге тең: куу атмайдан кыздар. Кууну дагы асмандан көзгө атмайдан, кыздар!» – дешти уулдар.

Кууну көзгө атуудан кыздар качпайт.

«Кыз айткан мөрөйдү уул эшитти. Уул айткан мөрөйдөн кыз качпайды» – деди кыздар.

Ошондон кийин кырк уул, кырк кыз мергендер өз-өз жолдош жоролору менен Жашыл-Көлдүн кылаасын көздөй жол тартышты. Бул чак эрте жаз болучу. Тээ жер четинен бул жакка куулар желээ тартып учуп келип жаткан кез. Куу жарыктыктар, эч жазыксыз ыйык канаттуу. Кыз мергендер, кызуулук менен байкабай убада берип коюшканын асманда желе тартып «гыв-гыв»лаган куулар учуп баратканын көргөндө билишти. Аталык дешсе, куулар кай-





Ол, Күн жагындагы пил минген ындыны чаап, Күн өткөн жагындагы төө минген арапты чаап, Күн баткан жактагы чоң көлдүн кылаасына чыгып, ал жактын жандан бөтөн эр журттун көлдө сүзгөн кемесин кыйратып, мүйүздүү алптарын туткундап... бу парсы падышасы боору күрөң Жер үстүн жеке билемин деп текебер айткан карылуу падыша... Чөл-талаа менен кардуу тоо арасында мал жайып, эгин эккен биздин энөө журт ал кезде тынч өз күнүн өзү өткөрүп, чабыш-тартыш менен иши эмне? Мергени тоодо, зэгинчиси ойдо, жылкычысы кырда, карыясы төрдө. Билгиси айткан сөздү чоң-кичик кулагына куюп, тынч күн өткөргөн биздин момун журт байыркы бабадан бери өзү башка жакка кылыч кезеп, кан төгүшкө аттанбаган. О, күн самап кыйырына келген канкор жоого баш ийип бербеген. Өз кыйырын, арын, өз эркиндигин коргоордо биздин журт шерденип кетир. Бу анын эзелки салты.– «Жаттын канын көксөбө. Өз тукумуңдун канын төктүрбө, тукум!» деген бабанын аманат сөзүн чоң-кичик эске тутат...

Ошо жоокери күчтүү парсы падышасы багынтам деп, эчен кол аткарып багынталбай жүргөн жоосу ол кезде ошо биздин момун журт болду. Күчтүү падыша кандуу кылычына сыйынса, биздин момун журт өзүнүн адил ишине сыйынды...– «Момунду Көк теңири өзү жалгаар»... Кара жоо колун каптатып келген кезде... биздин момун бабалар, парсыга кырылып бербеди, алдына түшүп кул, күң болуп кетпеди. Пил минип келген жоокерин камышка жазгырды, биздин момун бабалар. Анан, өздөрү камыш ичинде арстан болуп күркүрөштү. Пилчендерди камыш ичинде калтырды... Ат минип келген кол башчысын чөлгө жазгырды, биздин бабалар. Чөлдө өздөрү көк туяк[1] кулан болуп чаң көтөрдү. Парсынын атчан колу чөлдө кыргын тапты. Ошентти. Тоодогусу – тоодо, чөлдөгүсү – чөлдө буюкту, адашты, анан кыргын тапты. А биздин момун бабалар

[1] *Көк туяк* – болот туяк деген мааниде.





өлгөн өлүгүн муң жутуп жерге берип, үстүнө таш үйүп, ыйлап жоктоп коюп, кайра тынч күнүн көрдү.

Парсы падышасы кыжырланды. Кекенди. «Бу азуулуу журттун уулун кул, кызын күң жумшаймын. Жерсуусун жердеп, андагы асыл байлыкка казына толтурам»– деди. Үзбөй биздин жакка кол атказып турду. Эптеп чатак чабыш баштасам, деди...

«Дал ошо чатагымдын чакмагы чагылаар, кууга от тутанаар. Тутанган оттон орт жалындаар. Ол өрт ушу азуулуу иттерди куйкалаар. Онун баарыга кенч жер-суусун мен ээлээрмин. Ак күмүш, сары алтынга казына толтуруп, эрдигим, ташыган байлыгым менен жер бетине даңкым кетээр»– деген падыша биздин журттун кырк мерген, эки жүз жоокер уулду матап кетишти... Уа, ал эки жүз кулун – эки жүз шер болучу. Ошо эки жүздүн жанагы кыркы кырк чоң атанын баласы. Аталардын кыркы тең кара башыл киши эмес: кырк урууну тиреги – бири – көрөгөчү, бири – сүйлөгүчү, бири – жол көрсөткүчү, бири – кол башчысы, бири – аксакал кадырманы, бири – чебер устасы... Уландардын кыркы бирдей ошо кездеги биздин журттун эң кадырман балдары. Парсы падышасы олорду туткундаганда дал ушуну эске алган:– «Кыркын туткундасам, аталары кырк уулду өлүмгө кыялбас. Уулдарынын өлөөрүн билип, ол иттер дөбөдө ит улушун салып, Күнгө сыйынып, сыздашат. Дал ошо кезде, мен жиберген элчилер, уңшуган иттердин алдына барып, атты туура тартат:

«Биз падышанын падышасынан келдик! Силерге уул жаны кымбат болсо, жерге чеке тийгизип, багының, падышанын падышасына! Жок! Багынбасаң журт багып шер боломун деп кызыл кийген уулдардын ит өлүмүндө кыңылдап, териси сыйрылганын көз алдыңа келтир... Андан кийин журтуңдун чабылганын көр. Жумшак күлүң сапырылат. Катуу казаның талкаланат»!

Кызыл жээрде ат минип, кызыл тон кийип, жел менен жарышып кырда-түздө эркин жүрчү, суусаса кымыз жут-

гылуу «гыв-гыв»лады... Кыз мергендер кууну атпай токтой калышты.

Анда уул мергендер кубанышты:

«Кыздар мөрөй алдырды! Кыздар мөрөй алдырды»!

Кыздар эмне үчүн токтолгон жөнүн айтышты:

«Уя салганы учуп баратыр. Кууларды аткыбыз келбеди».

Уулдар артын ойлонбой өкүм айтышты:

«Кyy аяган жоксуңар. Асмандан куу атыштан качтыңар».

Анда кыздар эриндерин тиштешти:

«Андай десеңер макул. Мөрөй үчүн атса аталы, кууну. Убалын биз аркалабайбыз».

Кырк кыз мерген, кырк уул мерген асмандан куу атышты эми. Кырк кыз кырк куу атты. Кыркы бирдей көзгө атты. Кырк уул мерген кырк куу атты. Отуз тогуз жебе көздү тешти. Бири куу моюнун тешти. Бу жолу да уул мергендер кыз мергендерге мөрөйдү алдырышты. Уул мергендер минген аттарындай, кийген тондорундай өздөрү да уятынан кызарышты...

Эки жолу удаа мөрөй алдырган соң үчүнчүгө жол жок. Болсо да аны аткарыш шарты эң оор. Ошо үчүнчү оор мөрөйдү ойлоп, уул мергендер Жашыл-Көлдүн жээгинде калышты. Кырк кыз мерген ар бири бештен жолдошун ээрчитип, мөрөйдү үстөм, зоболосу жогору үй-үйүнө кайтышты. Кайтаарда күлүп айтышты:

«Уул атаган мөрөйдү кыздар алды. Уятынан кызарып уулдар калды. Айрөк, айрөк уулдарга. Келээр жолку мөрөйдөн жалак калба, ой кырк бала».

Элден элге кыз мергендердин даңкы кетти. Мөрөй алдырган кырк уул мерген уятынан кызарып, ар бири бештен жолдошу менен Жашыл-Келдүн жээгинде калыптыр деген кабарды төрт тарапка айдар айдап, жел сыдырып жар салып кетти.

Кыргыздын кырк мергени бештен жолдошу менен Жашыл-Көлдүн жээгинде экен деген кабар бат эле тигил жети





эмес, булар да эки жүздөй. Жоого эмес, ууга чыккан мырзалар, жеңил кийинген. Аттары семиз, өздөрү ойноо. Түйгүн, шумкар кондургандары бар. Доолбас кагып, аттан калбай жөө жүргөндөрү бар. Чаап келатып жебе учуруп кызыкка батканы бар...

Уа, шахзаада, бекзаадалар таңдан кечке тамашага батты бейм? Типтик кыргоол учса, көз ачып-жумгуча, ал шордуунун коңур жүнү бырпырайт. Жебе жетпей калганын качырбай асмандан шумкар кагат. Созулуп кайберен качса, аны, жебе куткарбайт: өпкөсүнө мадалат...

О, бул өрөөндө, ошентип, илбээсиндин да, кайберендин да тынчы кетти. Азуулуу качырганда туяктуунун ажалы жеткени. Жарактуу качырганда жараксыздын күнү бүткөнү, деген кеп төгүн беле? Ордодо зеригип калган адис-кадик мергендер бу өрөөндө, ойдо, аябай чер жазышты. Аттардын таманы кызып, такымдары созулду. Соорудан, кулак түптөн тер чубурду, Шахзаада, бекзаадалардын колтуктары созулду. Кечки салкында мергенчилик кызыды. Күн кызылы өчүп, кара көрпө ой-тоону жаап калганда, шахзаада, бекзаадалар кошуунга келишти.

Тоодон түшкөн көк кашка суунун кеӊ короодой ийилген булуңуна шахзааданын кызыл чатыры тигилген. Суу ийилген кашат ийилген, тал, камыш аралаш түнт. Ал Күндүн баткан жагы. Күндүн чыккан жагы апай. Апай болгону менен жуушаган уйлардай болуп корум таштар жатат. Корум таштарды жарып чыккан ит мурун, шилби, тобулгу, коңурчак, чычырканак, алтыгана бадалдары. Сууга жакын жагы түнтүрөөк. Наркы тоого кеткен жагы чала тонолгон төөнүн капталындай бодур-быдыр. Бадалдын арасында жаныбар козголбой тек турса, анын не жаныбар, не таш, не бадал экени айра таанылбайт.

Күндүз кечке ошол бадалдын коюусун жамынып кошуун жакты аңдып, абайлаган кары жылкычы шахзаада токтогон кошуундун чөйрөсүн коён жатар чукуруна чейин көз алдына тутту.





чу асыл уулдар азыр зынданда. Зындан тереӊ, түбү сыз, ыпылас. Кулак угуп, көзү көрбөгөн кордукту тартып уландар кор. Жыпар желп жорткон кеӊ дүнүйө урап жок болгон сыяктуу. Кандайдыр бир зор күч ошол кеӊ дүнүйөнү килемче четинен силкип-силкип, андагы чаңды кубүгөндөй күбүп, эми аны ушул тереӊ зынданга таштап салгандай. Кыргыйдай эркин сызган уландар эми ошол таштанды чаңдан бетер ушул зынданда калышты. Бат эле адамга окшобой, бат эле алсыз, кадырсыз чирип бараткан теринин өңү, кийиздин кесиндиси сыяктанышты. Бул өтө барксыз, эң коркунучтуу сезимди көңүлдөн чыгарыш үчүн, уул: «Мен кишимин. Мен ат ойнотуп, ууга чыккан мергенмин. Мен кыйыр күзөткөн жоокермин!» – дейт, чыйралат, үмүттөнөт. Көккө карайт. Тээ алыста теп-тегерек Көк көрүнөт. Ал кеӊ дүйнөгө жымыңдаган жылдыз көздөрү, күлүңдөгөн Күн көздөрү менен караган сонун асманга окшобойт. Тек, күңүрт көк боёк сүйкөлгөн алакандай бөзгө окшойт... Эми жоокер уулду жер өзү шимип-соруп... аны куртка айландырып бараткандай сезилди.

«Чын эле мен курт болуп каламбы? – деди уул. – Мен киши эдим? Мен ат ойноткон жоокер-киши эдим... Жо-о... жок! Мен эч убакта курт болбоймун! Уа-а! Мы-каачы, желдет! Тартың мени, бул зынданга кандай түшүрсөң, ошондой кайра тартып алың! Мен ой-кырда эркин өскөн элдин кулунумун. Мен силердин алдыңарда эч кылмыш иштеген жокмун! Мен силердин мындай курган таш үйүңөр бар экенин да көргөн эмесмин, силер курган сонун имарат, силер өстүргөн сонун жемиш бар экеиин билген эмесмин. Билсем да, көрсөм да мен бул байлыгыңа, бу жыргалыңа кызыкпас эдим. Маа менин өз жыргалым, өз эркиндигим жетир. Эмне үчүн силер амал менен уурданып, мени матап келдиң? Эмне үчүн, силер, мени бу тереӊ, сасык зынданыңа салдың»...

Тээ бийикте тигил бөзгө окшогон Көктүн четинен кишинин башына окшогон көлөкө көрүндү.





сөздү айткан, Талмыз-кызым, сенин жетинчи чоң энең Байапаң мен»... Майышып турган карагай учу серпилип кетти. Талмыздын бетине салкын жел тийди»...

Талмыз ойгонуп кетти.

Кандайдыр бир ыйык сыр ачкан кубаныч да, өкүнүч, коркунуч да Талмыздын жүрөгүн лакылдатып жиберди. Ал ыргып туруп кыздарды ойготту, Тез аттанышты. Тез жүрүштү. Жер каймагы сонун өзөндөн бат эде узап кетишти...

...Бул кезде уул мергендер анча жамандык көрө элек. Жамандыктын кара босогосунда басып калышкан. Туткундагы эр – канаты сынган куш. Алдыда ат жок, үстүдө жоо кийими түшөр. Кол, бутта кишен, эки көз аргасыз карап, тил сөзгө бурулбас. Туткундагы эр тирүүлүгү дебесе, өлүктөн артыгы жок. Өлүк – өлүк. Ал эч-эчтемени сезбей, билбей калаар. Туткун кордук тартып, ызага чыдап тиштенээр. Күчтүүсү тиштенип чыдаар. Алсызы жоонун аягына жыгылаар. О, ал жоо үчүн чоң кубаныч. Душманы аягында жатканда душмандын зоболосу ашаар. Киши уулу ошентип өз зоболосун ашырыш үчүн жортуулга чыгат... Бу анын эң терс жагы...

Маталган уулдарды парсы жоокерлери өз падышасынын алдына айдап барды. Парсы падышасы, ол кезде башка элдин падышаларынан күчтүү, эли өнөрлүү болучу. Таштан салынган чептери бек, темир капыктуу[1]. Ол чептин ичинде, падыша турчу Ак сарай бар. Онун капыгы алтындан. Ондо, алтын, күмүш толгон казына бар. Уста узанган ыйык жай бар. Олор, өз жоокерлерине куралжарак, темир соо чегет. Парсынын колу сансыз, баары жаракчан, баары соотчон. Олор аттан башка пил мингени, желмаян мингени, жөө жүргөнү сансыз. Теги, бу буурул жер үстүндө, ол кезде эң көп, эң жарактуу, камылгалуу жоокер күткөн падыша ошо парсы падышасы...

[1] *Капык* – капка, дарбаза.

ты жандырып да, өчүрүп да салыр. Силердей аруу кыздарды көргөндө, шахзаада өзү силерди аяса аяр. Онун эсирген бекзаадалары силерге кызыгаар. Кыркынды кыркы, жүзүңдү жүзү олжо-катын кылып алып кетээр. Ошондо биздин журт эки эсе муңга батаар. Кой, чырактар. Силер кыз кийимин кийип баарың көрүнбө. Шахзаада ууда бир күн болсо, көп күн сайрандаар. Тоодон улар уулабай, ойдон кыргоол уулабай шахзааданын кумары канбас… Анан суу боюнда ойдуң-түзгө кошууну токтоор. Күндө ошол кошуунга кайтканда шапар тээп, оюн кураар. А балки, алардын көңүлүн ачаар кыздары кошо келээр. О, анда, биздин иш оңго сал болоор эди. Ким билет? Балким, эр-уландар өздөрү келээр»…

Кары жылкычы карыса да оту өчө элек кууш көздөрүн күлүндөттү. Сейрек сакалын сылады. «Тобокел. Амалга-амал, күчкө-күч. Акыры бир өлүм»… деген сынаш. Анан, ал, оюн кыздарга кескин айтты:

«Талмыз чырак, сен кыз кийимиңди киесиң. Жанында жалгыз мен боломун. Кошуунда шахзаада чокто какталган кыргоолду шимип шарап ичип көңүлү жай олтурганда экөөбүз жерден өнүп, алдында тура калабыз. Айтчу сөздү Талмыз чырак ошондо айтың. Калгандар эр кийимин кийиң, эр жарагын белен тутуң. Жоокерлер жебе кезейт. Бирдебири билинбейт. Көрүнбөйт. Шахзаада оң жооп берсе, иш оңунда. Ай, ал биздин доого ачууланаар.

Бизди матап, олжого алмак болоор… Ошондо Талмыз чырак белги бериң. Эр бабамдын арбагы силерге каруу: жебелер тээктен шак-шак тартылып, куйруктуу кызыл жебе шахзааданын бөркүнө сайылсын. Эй, тээк тарткан Айкыз чабалдык кетирбес. Чактаар. Жебең, шахзааданын баш-этине жетпесин, кундуз бөркүнүн төбөсүн тепчисин! Амалга келбесе, киши уулу күчкө көнөдү. Андан аркысын ошондон кийин»…

Бардыгы кары жылкычынын акылын укту.

Дыйкандар чын эшиткен экен. Жолдош-жоросу менен ууга чыккан шахзаада кыз мергендер бекинген тоонун этегинен көрүндү. Олордун барааны шаңдуу. Өздөрү анча аз





тоонун артындагы парсы падышасына угулду. Эзелтеден ушул журтка кектүү парсы падышасы, кыргыздын ошол кырк мергенин матап келгиле, деп көп кол атказды.

Ал кезде уул мергендер Жашыл-Көлдүн кылаасында күндүзү сайран куруп, мергендеп, түнкүсүн тыныгып… кырк күн, кырк түндү өткөрүштү.– «Эртең, кырк биринчи күнү чоң олжо менен элге кайтабыз. Жаа тартып машыктык. Кыз мергендерге жаңы мөрөй айтабыз» дешип, соңку түнү уландар сонун уйкуда жатышканда, аларды парсы падышасы атказган жоо колу капылыстан басып, баарын атка таңып матап кетишти…

Бул кабарды эшитип ал кездеги биздин кырк уруу журт муңга чөктү.

«О, Улуу-Тоодон улар учурбас, жашыл төрдөн кийик качырбас, биздин мерген уулдар жоо колуна маталып кетти. Эми кол баштап кыйырга ким аттанат»?– дешип кишилер муңканды.– «Мергендерин туттук. Эми эл-журтун чаап алабыз»– деп, парсы падышасы кол баштап келсе, канттик? Отто казан кыйрап, очокто күл сапырылып, төрдө сый көрүчү ата-эне бөгүп, асыл кыздар күң болобу, Теңир»?

Киши уулдары ушундай деп кайгырышты. Ошондо кырк мерген кыз баш кошуп кеңеш курду: «Тынч сайран курган уулдарга барып, мөрөй таккан биз болдук. Биз ол уулдарга жаман санабадык. Өнөрүн сынаштык. Ошентсе да ол, мыкты уулдарды ушул кырсыкка биз баштап баргандай болдук… Эми көңүлүбүз тынчыбастыр. Парсы, биздин мерген уулдарды матап алды. Кыз мергендер – биз не дейли»?

Бир кыз мерген ушуну айтты. Башкаларына жоодурап карады. Ол, узун бойлуу, бою шыңга, жүзү ак жуумал аруу кыз эди. Ол, аруу кыздын сөзүн укканда дагы дал ошого окшош экинчи аруу жооп берди:

«Кыз маталып, күң болуп, жоо колунда жүрсө, ону жаа тарткан айлалуу эр уул күңдүктөн куткараар. Эми жоо колунда маталып, кул болуп уул кетти. Ону жаа тарткан айлалуу кыз куткарбайбы? Же уул кайраты





Ошо кезде төбөдөн эң сонун сыбызгыган үн угула түштү. Талмыз да, Айкыз да, башка кыз-жоокерлер баары үн чыккан жакка караштьı. Бул кезде тигил кайың каптаган бет жактан тигил карагай каптаган бет жакка укмуштаай кооз канаттуу учуп баратты. Ошол жанагы сонун дабыш ушул кооз канаттуунун канат күүсү экен. Ал карагай арасына житти. Сонун дабыш басылды,

Кыз-жоокерлер боо аябай кызыгышты.

«Уктум!– деди Талмыз.– Конбойлук. Түштөнөлүк. Атыңардан түшкүлө».

Бардыгы аттан түштү, ат ооздугун чыгарып, басмайылды бошотуп, ар бири өз-өз атын отко койду. Ары-бери болгуча арча оту жалындап, ортодо жан казан боркулдап суу кайнап чыкты. Анда ак балык тез эле бышты, Кыздар балык этин жешти, балык шорпосун ичишти…

Анан баары бирдей чарчаган асыл жандар мемиреп уктап кетишти. Буралган калың отто аттар узабай оттоду. Жортуулга минип, жоокер сырын билип калган жаныбарлар, көк шиберди бурдай күртүлдөтүп кызыгып оттоп жатышты…

Аттардын от чалганы, суунун шаркырак шары кошулташыл кулагынын кужурун алып жатып мемиреп уктап кеткен Талмыз түш көрдү: «Ушул сонун өзөндүн боюнда, жанакы учуп кеткен кушту карап турган эди. Тигил укмуштай кооз канаттуу карагайдын учуна барып конду. Карагай үч майышып, учу үч жолу жерге тийди. Төртүнчү жолу майышты эле, карагай учу, аны карап турган Талмыздын колуна жетти. «Ай-ий, ыйык. Бат эле ушунчалык узарат экен э» дегенчекти болбой жанагы эң сонун кооз канаттуу киши уулунча сөз сүйлөдү. Сөзүндө мындай деди:

«Бу укмуш өзөндүн суусун жуттуң кыз. Ак балыгын таттың кыз. Эми уктап калдың баарың. Уйку – душман. Тез ойгонуң, тез аттаның, бул өзөндөн тез узап кетиң баарың! Кеч калсаң, тилеген тилегиң ордунан чыкпас. Өзүң жез тумшукка жем болосуң. Түшүндө саа аян берип, бул





«Бакырба, ит?! – деди, ол көлөкө. Онун үнү араң угулду.– Сен ошол караңгы сасыкта жатып куртка айланасың»?!

«Мен киши уулумун– деди туткун.– Кишини киши курт болсун деген биздин жырымда жок. Мени жарыкка чыгарың?»

«Сенин жырымың бизге өтпөйт»?! – деди сакчы.

«Сенин жырымың маа өтпөйт»?! – деди туткун жоокер.

«Оозуңду жап?! – деди сакчы. – Чөлдүн уулуу жыланын таштаймын. Ол сенин оозуңду жабат»?!

…Уул мерген ушул сыз зынданда жатканда, кыз мерген уурданып парсы жерине келди. Эки жүз киши, ар биринин мингени, коштоосу болуп төрт жүз ат байкалбай калуу кыйын. Талаа-түздөгү малчы, эгинчи, жер кезген жоокер буларды көрүп калышы ыктымал. Көрүнгөн соң кыз мергендер да туткундалып калышы ыктымал. Анда булардын эл-журтуна мурункудан бетер кул чөгөт. Өздөрү жарык көрбөй күң болушат.

Кыз мергендер кеңеш курду:

«Түзгө түшпөйлү. Тоодон буйтка табалы. Тоодон кароол карасаң, бийиктен алысты көрөсүң. Тоодон жайыт тапсаң, аттарга оң. Ал жерде аттарыбыз тыныксын, өзүбүз уулдарды кантип куткараар амалын ойлойлу».

Талмыз-кыздын бу кеңешин башкалар кабыл тутту. Кыз мергендер тоодон буйтка табышты. Түндө тургай күндүз атайылап издеп келген киши араң тапкыдай: бир жагы чың, бир жагы корум-короодой төргө аттарды отко коюшту. Өздөрү тыныгууда. Тек экиден, үчтөн жай жүргөн малчылар болуп, жол күзөтүп, кулак түрүп бир аз күндү өткөрүштү. Күндөрдүн биринде качыр минип, төө жетелеп келаткан эки дыйканды жолуктурушту. Алар те алыстан көрүнгөндө эле Талмыз-кыз кийимин кийген. Эр балача кийинген Айкызды ээрчитип, тигил эки адамдын алдынан чыгышты:

«Төөңөр комдуу болсун, акелер»! – деди Талмыз тигилерге.

Момун дыйкандар кубанып кетишти:

кызда болбойбу»? Муну эшиткен берки кыз мергендер, баары намыстанды:

«Мөрөйдө калышпадык. Эми уулду кулдуктан куткараардан качабызбы? Ие, биз уулсуз жеке өзүбүз ата жерине тукум чачып, журт кыйырын жоодон сактаар уулкыз төрөп бере алабызбы? Уа, жок! Жартыбыз жок калсак, биз жансызбыз. Жансыз жүрүп күн көргүчө, ошо жоо колуна түшүп күң болуп берелик. Же уулду ошо жоодон куткарып келелик»!

Кыз мергендер кыз кийимдерин куржунга салышты. Үстүнө эр кийимин кийишти. Эр жарагын бойго тагынышты. Ар бири алты айга жеткидей кулазык алышып, жолго чыгышты. Кыз мергендер жолго чыгаарда, журттун баары – чоң-кичик, кары-жашы алкыш айтышты:

«Жолуңар оң болсун, чырактар! Үйдө от өчпөсүн, казан кайнап, кешик бөксөрбөсүн. Жоголгон уулдар табылсын. Эссиз уулдарды эстүү кыздар кулдуктан куткарып кайтың. Жалкы кеткен чырактар жуп болуп келиң. Көк асмандан түшкөн кут болуп келиңдер. Жуп болбой жок болсоңор, журт төбөсүнө түн түшөөр!

Баарың ошону эстең! Алтын, күмүш, жибекке кызыгып кетпең. Ак сарай күткөн бекзаада мурут бураса, алданып калбаң. Конушта ата-эне калды, унутпаң»!

Кыз мергендер Күнгө карап ант беришти:

«Асылга азгырылсак, бекзаадага алдансак, бизди ыйык Жер үстүнө бастырбай ыйык Күн куйкаласын»!

Ушул антты берип кыз мергендер ар бири жанына бештен жолдош кызды ээрчитип, бардыгы эки жүз кыз, эки жүз жоокер жол жүрүп келатышты.

Элдеги эң баамчыл, эң айлакер кары жылкычыга жол баштатты...

Ал чак эмкиден да укмушу кызыгы көп болгон дешет. Ал кезде киши уулуна жоо болгон жеке киши уулу эмес, жеке азуулуу жырткыч эмес, жеке боору жылма уулу жылан эмес, жеке чөлдө, шыбак-чөптүн түбүндө бөгүп жат-





кан музообаш, чаян эмес, азыркы кезде таптакыр жок болуп кеткен башка да эң укмуштуу, эң коркунучтуу мокочо, эң укмуштуу, эң коркунучтуу тырмакчан, эң укмуштуу, эң жуткуч жел таман, жалгыз аяктар ал кезде киши уулуна кас болуптур. Узак чөл артып, бийик тоо ашып келатышкан жоокер-кыз мергендер эчен жышты аралап өтүшөт, эчен чың ашууну ашып кетишет. Анан бир күнү бир жак бети ак кайың менен кызыл четин каптаган, бир жак бетин жашыл арча менен шуулдаган карагай каптаган, ортосу көк кашка суу ак көбүк чертип ташкындаган жомоктогудай сонун өзөнгө келишти. Өзөн суусу мөлдүр, түбүндө өрдөгөн ак балыктар жылт-жулт этип кыз-жоокерлерди кызыктырды.

Булардын он башчысы, жүз башчысы жок. Жол керсөткөн кары жылкычы. Кыздарды баштап келаткан Талмыз-кыз. Талмыз-кыз ошол кезде он тогузга толгон. Он тогуз кызга улуу жаш. Он тогуздан ашкан кыз не эрге кетиши ак, эрге кете албаса, жерге кетиши ак... Кыз-жоокерлердин кенжеси Айкыз болучу. Айкыз ошол кезде он бешке толгон. Он беш жаш кыз баланын алтын босогого аяк коёр чагы. Кыз бала он беш жашында ойноо-тентек: оттой ысык, суудай суюк да болур. Анан суюк каны коюлайын, токтолоюн, эс тутайын дей баштаар.

Ошо суудай суюк Айкыз, атка камчы басып, Талмызга жетип келди:

– Чөл бастык, дабан аштык. Эми жердин каймагына келдик, жеке! Ат от искесин, өзүбүз курут эзип суусун жуталык. Ушул сонун өзөнгө кичине тыныгып алалык, – деди Айкыз.

Анда Талмыз тизгинин бурду. Башкалардан сурады:

– Ат от кайсасын, өзүбүз суусун жуталы, дейт Айкыз. Силер эмне дейсиңер?

– Биз айталбай келаттык. Ушу сонун өзөнгө бир-эки күн өрүү болуп, тыныксак. Тиги суудан балык тутуп, арча жыйып от жагып чокко балык кактасак...





«О өзүң арбаң, кызым. Ээн жакта эмне иштеп жүрсүң»?

«Падышанын падышасына датка баратам» – деди Талмыз.

Тигил эки дыйкан Талмыздын кебине ишенбегенсиишти. Бирине бири карап алышты да, анан тиги кара сакалчаны:

«Ол кандай дат, кызым»? – деди.

«Салты жаман кишилери менин ашыгымды уурдап кетишти»...

Карасакал дыйкан сергек, боорукер киши окшоду:

«Ашыгың ким эди? Ону кайдан уурдады»?

«Жашыл-Көлдүн жээгинен... Ол, биздин журттун кырк уулу, кырк мергени! Олордун башчысы менин ашыгым болучу. Парсылар ашыкты бийик сыйлашыр. Мен ошол ашыгымды издеп жүрөм. Билсеңиз жардам этиң»?

Тигилердин бири жаш көрүнгөн. Көрсө ал көсөө адам экен. Ал молоң этип күлдү:

«Биз парсы эмеспиз, момун кыз. Парсы болсок, азыр ушул турган жериңден сени матап кетер эдик. Биз парсы калаасына келип, соода-сатык жүргүзүп жүргөн тигил жактын элиненбиз»...

Ал тигил жак деп тоонун аркы бетин көздөй жаңсады:

«Падышанын падышасына датка барам деп акылыңдан адашпа, сулуу кыз. Падыша сенин датыңды эшитбейди. Өзүңдү сарайга жумшатып коёр. Кор болбо. Элиңе кайтың».

Талмыз ыйламсырады:

«Ашыгым көргөн кордукту мен көрөм...»

«О, карып, – деди карасакал. – Ашыгың зынданда. Уулдарын өлүмгө кыйбаса, талаанын иттери багынып берсин деп падышанын падышасы, силердин журтка элчи жибериптир. Силердин журт башчылары акылынан адашса, падышанын падышасына алдатып, баш ийип берир. Акылдан адашпаса, өз эркиндигин коргоор. Сендей аруу кыздарын күң болуудан сактаар. Сен кайра тартың. Элиңе ушуну айтың».

Көсөө ойлонгонсуп анан айтты:





«Оай... сен учуп жетпесең, кеч калдың. Падышанын падышасы элчи жибергенине айга жакын болуп калды».

Карасакал өзүнчө аяды:

«Жазыксыз журт кор болур»...

Алар бастыра берээрде Талмаз сурады:

«Жолду айтып бериң, аке? Падышанын падышасына кандай барат? Мен аа датымды айтпай кайтпаймын».

«Падышага барчу жол бирөө эле, – деди кара сакал таң калып, ичинен Талмыз кызды аяп. – Ким жолукса падышага барам дең, ол саа жолду көрсөтө береди»...

Экөө кылчак, кылчак карашып бастыра беришти. Бир аз узай түшкөндө көсөө кайра качырын желдиртип келди да кеңеш айтты:

«О, карып кыз. Тил алың, падышага барбаң. Онон да жолун күтүң. Эртеге падышанын уулу шахзаада өзүнүн жолдоштору менен ушу тоого ууга келчү күнү. Шахзаада билги, боорукер деп эшитебиз. Сен ошо шахзаадага датыңды айтың. Падыша шахзааданы кадырлайды. Уулун эң жакшы көрөт деп эшитебиз. О уулу шахзаада болсо, канкор деп падыша атасын терс көрөт деп эшитебиз. Саа жарык тийсе, ошо шахзаададан тиер, карып». Көсөө дыйкан качырын топондотуп жөнөп кетти.

Караңгыда тешиктен жарык көрүнгөндөй Талмыз, өз кошуунуна кубанып кайтты.

Кабарсыз кеткен уулдардын азыр аман бар экенин эшитти. Падыша, уулдардын башын чаптыра элек, тек аларды кордоп, коркутуп... анан алардын башынан көпүрө салдырып, ушу эр уулдардын элин баш ийдирмек болгон падышанын дартын билген соң, Талмыз эми ишти кечиктирбес жагын ойлонду. Кыздар:

«Ууга келген шахзаада бекзаадалардын астынан баарыбыз кыз киймибизди кийип, ыйлап чыгабыз» дешти.

Ага кары жылкычы каршы ой айтты:

«Э-э... күндүз жанган чырактар. Силер кыз кийимин кийип, шахзаадага көрүнгөнүң чеки. Парсы жүрөгү ашыктык-

Дүйүм жемиш, шарап, чокко какталган илбээсин, кайберендин эттери коюлду.

Шахзаада, анан бекзаадалар бирден шарап ууртап, какталган этти жаңыдан тиштеп жатканда… Талмыз анан кары жылкычы шахзааданын теке маңдайына келип токтой калышты. Ол журттун салтында ким болсо, а болсун, шахзаадага келген киши таазим берип сыйынып турат. Талмыз антпеди. Талмыз, ол журттук киши эмес, ол, биздин журттун мерген кызы. Ол кыз кийиминде толукшуп, моймолжуп, шахзааданын маңдайына басып келээр замат, тек учурашты:

«Ашың ширин, канжыгаң олжолуу болсун, шахзаада»! – деди Талмыз…

Айтканын да анча туюна бербей, ким экенин да анча тааный албай, бирок, Талмыздын аруу кыз экенин көргөн шахзаада тиштеп алган этин чайнабай аңкайды, бекзаадалар да аң-таң. Тынымча эчкимден кеп-сөз чыккан жок. Тек:

«А, Теңир? Бизге жин-пери келдиби? Дөө-пери келдиби? Не адашкан күнбү?..» – деп ойлоду.

Ушул суроо шахзааданын да, бекзаадалардын да башкаларынын да оюнда турганда, Талмыз тике айтты:

«Сен парсы журтунун шахзаадасысың. Сенин атаң шаанын шаасы, биздин мерген уулдарды зынданына салды! Ошону менен канкор атаң, биздин журтту алдына тизе бүктүрөм дейди. Жок, биздин журт аа тизе бүкпөйдү»!..

Окуяны жаңы туюнган шахзаада оң колун бөйрөгүнө таяп, сол колу менен майланышкан сыйда мурутун сылады. Бул анын бекзаадаларга билгизген белгиси болучу. – «Сактангыла! Бул жөн эмес, туткун болуп калбайлык» дегени эле…

Дал ошону күткөндөй Талмыз оң колун кашынан жогору көтөрдү…

Тээктин шак-шак дабышы чыгаар замат төрдө олтурган шахзаада-бекзаадалардын төртөөнүн баш кийимдерине куйруктуу жебелер «шап-шап» сайылды.





«Кайтпайсың, жин. Башың чабылар. А сенин ашыгың зынданда чирийди».

«Э! Андай болсо, башка-баш, аба. Бөрктөрүн таштап коюң»! – деди Талмыз кыз жылкычыга.

Кары жылкычы түйүнчөктү ача жазып ортого таштап койду. Көрсө жебе сайылган бөрк бешөө экен. Бири шахзааданыкы, төртөө анын төрт бекзаадасыныкы. Тепчиле сайылган жебелер мадалып калыптыр. Беш бөрк ортодо жалпайып жатат. Сестее түшкөн вазирлөр өз-өз бекзаада уулдарынын бөркүн көрөөр замат тааныды. Баарынын тең үрөйлөрү учту. «О, асман теңири? Бу амал эмес, чын»?

Башкы вазир шаага жүгүнүп жалынып жиберди:

«Акылга келиң, бийик, таксыр? Бу чын, чын! Бу турган кыз эмес, жин, мунун талабын орундатың? Зындандагы иттерге өз ат, өз тонун берип жолго салдырың? Биздин жерден оолак кетсин, кырсык? Антпесек, шахзаада, бекзаада уулдарыбыздан ажырайбыз»...

Талмыз тек вазирди кубаттады:

«Бу вазир акылман киши экен. Чынын көрдү. Биздин мерген уулдар өз ат, өз тону менен кайтпаса, силердин уулдардын башын тыяктагы жоокерлер канжыгада байлана кетет. Башка – баш! Өз уулун эсен көрбөгөн ата-эне жоонун башын көргөндө муңдан арылаар. Бу биздин бабабыз аманат калтырган жырым-салт»!

Туюктан чыккандай шаа үнү пас күңк этти:

«Айтканың болсун, жин… Ошондо уулдарыбыз аман кайтаарын биз эмнеден билебиз»?

«Менин ыйык арбагымды сыйласаң, сөзүң так, убадаң бек болсун, тукум! – деп бизге баба аманат калтырган. Биз өлсөк өлөбүз, бабанын ол аманатын эч унутпайбыз. Алдоо, амалдануу, зордуктоону биздин журт кыйыктайды!

Зындандагы мерген уулдар өз ат, өз тону менен те Улуу-Тоо этегине жеткенде, силердин уулдар өз ат, өз тону менен үй жагына жол тартыр».





…Өзүнүн жан жолдошу кырк мерген кыз бештен, бештен жан жолдоштору болуп, эки жүз жоокер ошол жолу, зындандагы эки жүз мерген уулдарды туткундан куткарды.

Шаа алардын артынан кол атказа алган жок. Биздин уул-кыз жуп-жубу менен элге эсен кайтышканда, биздин журт чоң той берди дейт. Тойго, тыяк-быяктагы коңшу элдин кишилери келди дейт. Ошондо, биздин уул, кыз жаа тартышып, аттан эңишип, жөө күрөшүп, улак тартышып чоң көңүл ачып чер жазылган тамаша болду дейт.

Той аяктап, тамаша бүтүп калганда Талмыз-кыз ата-эне, улуу-кичиктин алдында ыйык жерди үч өөп, кечирим сурады:

«Биз – уул, кыз мөрөй салышкан эдик. Биринчиде бөрү атыштык. Ол оң – азуулууга өлүм. Экинчиде куу атыштык. Бул терс – жазыксыз канаттууга убал болду… Уулдар, зынданда жатышты. Ол үчүн, аларды мөрөйгө баштаган биз айыптуу.

Журт, биз ошол өз айбыбызды тартып, өзүбүз өлүмгө бардык. Көк теңири бизди жалгап, жолубузду ачты. Уулдарды өлүмдөн куткардык. Эсирик кетирдик, ата-эне, бизди кечириң»?

Ата-эне чуулдап жалгады, кыздарды:

«Силерде эч эсирик, эч айып болгон жок! Силер, биздин байыртан келаткан актык үчүн болгон эрдик күрөшүндө жеңип келдиңер. Бу силердин үчүнчү мөрөй»!

«Үчүнчү мөрөй да кыз мергендердики болсун, журт»! – дешти, ата-эне. Калайык чуулдашты. Ата-эненин айтканын жакташты. Кыз мергендерди алкашты.

* * *

Уз жеңе аста күрсүндү:

– Уай, уздар. Биздин журттун байыркы кыз балдары ошондой канаттуу эр, айлалуу баатыр болушчу экен. Кийин





рык-Тегин, эштектен – Алтын кан ажо атанын ашынын беш баш канынын алдында эр кылычын алтын табакка коюп ошол ак ордодон чыгышты. Ашка келген көп эл, баары ошол ордону карап баары тизелеп олтурушат. Адегенде кыргыз урууларынын кандары, анан киндиктеш элдин кандары, анан аш башкарчу кол башчы баатырлар биринин артынан бири ант беришти.

– Биз атам кыргыздын өз тукуму. Журтубуздун баш ажосу Эдил акенин арбагына аталган ашты ыйык дейбиз! Ону бузсак, аа көңүлүбүз кирдесе, эсил бабамдын көк асабасы урсун!

– Биз көзү өткөн ажо арбагын эстеп келген киндиктеш журтпуз. Киндиктеш журтубуздун баш ажосу Эдил баатырдын арбагына аталган ашты ыйык дейбиз. Ону бузсак, көңүлүбүздө кара иш калса, бизди Көк урсун!

– Биз Эдил ажонун ашын башкарган ар уруунун кол башчылары, аш каадасы башталгандан тартып, коноктор өз жерине кеткиче, тигилген үй бүгүлгүчө өзүбүздү жортуулга чыккан түмөн башы деп санайбыз! Бу ыйык жортуулга кара санаган ичи арам болсо, анын ким экенине, кайсы элден экенине карабай жоо катары матап, калыс бийлердин эркине беребиз. Ушу ыйык милдетти так аткарбай көңүлүбүзгө кара иш сактасак, бизди Теңир урсун!

Жибек тон кийген ырчылар таңдан кечке жорго буздирип калайыкка жар салды:

Улуу жылы күзүндө,
Көгүлтүр тоонун түзүндө.
Ажо ата ашында,
Кан, або, бий башында,
Куттуу конок сан келди,
Таттуу ашы оозунда
Үч күнү тек жатышат,
Урмат сыйга батышат.
Төртүнчү күнү чоң эрмек:
Жебе кезеп, жамбы атмай,

Тигилер чочуп кетишти. Эки-үчөө болот канжарынын-сабын кармап обдула бергенде, Талмыз буйруп айтты:

«Шахзаада, баш ийиң! Сенин атаң жумшаган кол, биздин уулдарды уктап жаткан жеринде матаган. Ол, жоокердиктин ыйык салтына кайчы. Биз өз кегибизди кетирген журт эмеспиз! Силерди ширин аш-үстүндө курчадык! Өлөөрүн каалаган каршылык кылсын. Жок! Силерди шарап менен сыйлаган ушул жарык дүнүйө силерге кызык болсо, биздин уулдарга да ошондой кызык. Киши уулу өз күнүн өзү көрүш үчүн төрөлөөр. Бири сайран куруп, салкында шарап уургап, бири анын зынданында сыздашы кордук»!

Шамшардын сабын кармагандар катып-сенип, ызырынып араң турушканда, шахзаада колун алдыга сунду. Анын ортосундагы алтын шакектин асылташ чөгөрүлгөн көзү Күн нуруна жалт-жулт чагылышты. Бирок шахзаада өзү өкүнүчтүү, маанайы пас... Ошентсе да үнү өкүм менен угулду:

– «Датың эмне, кыз?»

Талмыз билмексен болуп кайра сурады:

– «Дат деген эмне»?

Шахзаада Талмызга таңдана карады. – «О, бу жин мени куюнга чулгап көрбөс жакка алып кетээр бекен»? деген карашы. Анан ал жоош айтты:

– «Менден эмне сурайсың»?

Талмыз анткор жылмайды:

– «Саа буйрамын! Бу бекзаадаларың, тиги мергендериң, жандоочторуң, нөкөрлөрүң бирин бири матасын. Баарың бизге туткун болуң».

Тигил шамшардын сабын кармаган бекзаадалардын бири ачуусуна уугуп кыжырланып айтты:

«Шахзаада, бу ким?! Шаанын шаасы бак берген биздин парсынын эр уулдары кимге туткун болобуз?! Кармашам! Союшам»!

Талмыз сөөмөйүн көтөрө күлө:

– «Кармашаар ал кана»... – деди.





лушту. Мейли өз журттан, мейли башка журттун биринен ичи кара жаман иш таштаса, анын ким экенине карабастан ошо беш бийдин алдында жооп берет. Иштеген кылмышына жараша тентек жаза тартат. Жаза – үч: ток эсирип бейбаштык иштеген киши керт башы жаш канынын алдына тизе бүгүп, тогуз айып тартат: ажо ашына атайы ич тардык кылып, ажо тукумуна кара санап жамандык иштеген киши өз тукуму бүт түтүн башына үч тогуз айып тартат. Аны иштеген айыпкер уруу каны болсо кандыгынан, або болсо аболугунан, бек болсо бектигинен түшөт, Кол башчы болсо эр куралын берип «элден чыккан арам аталат», жөн жоокер болот: ажо ашына атайы арам ой менен жамандык самап, өзү ажо болушту каалап, же бар ажого кара санап чет жоого сатылып, ушул ашта чабыш чыгаргысы келген киши – ким болсо а болсун, ал өлүм жазасын тартат. Анын уруусу эри – кул, зайыбы – күң. Бардык үп, бардык мал табары олжого кетет!

Ат жеткен жерден чакырылган кишилери тегиз аш берген жайга чогулганча алты ай жүзү жаңырды. Ашка келген кадырман коноктору кабыл алчу үйлөр тигилди, Ажо атанын өз уруусу миң боз үй, башка жакын уруулар миң боз үй; киндиктеш элдерден беш жүз боз үй, булардан башка ажонун куда-сөөгү, дос-тамыры, таяке-жээндери, деле ошо башка элдин көңүлдөш кандары жактан беш жүз үй келди. Өз тукум моюндагы милдет катары ошол ар кими ошол өзү тиккен үйгө түшчү коноктун баардык милдетин алды. А үйлөрдө алыстан келген коноктор эмес, кыргыз урууларынын кадырлуу кишилери болушат. Андагы сый– «Өз сыйы» деп аталды.

Тогуздун айы жаңырган күнү аш каадасы башталды.

Ортодо көк дөбөгө тигилген он эки канат ак ордо аш асабасы сайылган үй. Атам кыргыздын көк асабасы ордонун эки босогосунда. Жанагы киндиктеш беш элдин шайлап чыгарган беш кадырманы: Төлөстөн – Карачур, аргындан – Агуш баатыр, он октон – Митабар, чаадан – Жа-





ал өзгөрүп баратыр... Ошондогу Талмыз эжечилеп, кыз мергендерди жоого баштап баруу азыр ада болгондой. Кыздар азыр ыпчага, жүк бурчуна жакын. Бири ашмачы, бири ишмечи, бири чебер уз, бири жөн эле кыз болуп назик тарттык...

Уз жеңенин баянын башка уздар чоң кунт менен кызыгып укту эле. Жибек ушул айтылган баян тек болгон иш эмес, аны киши ойлоп айткан жомок дедиби? Ал жаш балача туйтуң этти:

– Аний, Уз жеңе. Сиз айткан баян чын эмес жомокко окшойт да...

– Э-э... тентек кыз, антип шектенбең! – деди Уз жеңе.– Бабалар айтып келаткан Улуу сөз тарамы! Муну жалган деш баба аманатын жалган деш! Ал заман бизден алыс калды. Андагы болгон иштер, ошондой, азыр бизге жомокко окшоп угулар. Азыркы биздин заман да улам кийинда тукумга ушундай жомок болуп калыр.

Ошондо биздин кийинки тукум ушу биз баштан кечирип жаткан ыйык иштерди жомок деп барк албаса, анда биздин арбак аларды каардар...

Болуптур, тентек. Сен ал байыркыны жомок десең, анда саа, кечээкини айтайын. Муну жомок дебессиң. Бул кечээ, жакында эле ушу биздин жерде болгон иш. Жана ушу ордодон чыгып кеткен, тигил ордо тагынын ээси Сайкал эненин, менин ыйык энем Жаркындын, Аруукенин ыйык энеси Гулкайырдын кыз чагында болгон окуяны эми айтайын. Бу жомок болсо, анда Талмыз кыздын мерген уулдарды зындандан куткарып келгени да жомок...

Уз жеңе эми ошол жакында болгон чоң окуяны сүйлөдү...





түшкөнүнө, кыз ичинен ызаланды. «Сөзгө теригесиң, шаа. Сенин зынданында жаткан биздин уулдар кантип чыдап жатышты экен»?!

«...угуз»? – деди шаа.

«Парсы жүрөгү ашыктыкты ыйык сактаар дешет, биздин эл. Көрсө ал жалган экен. Шаанын шаасы, сиз, менин ашыгымды ак жерден уурдатып келип зынданга салдырдыңыз. Менин доом ошол: ашыктыкты уурдаш, ал бизче, Көк теңиринин бийик тилегине балта чабыш болор»!

Шаа калтырап кетти:

«Тарт, тилиңди, жин?! Азыр, балта, сенин башыңа чабылар?! Силерде ашыктык жок. Сенин ашыгың, менин зынданымда чирийт»...

Талмыз да ачуулуу унчукту:

«Азыр менин башыма балтаң көтөрүлгөндө, сенин шахзааданДын башы жерде тоголонор! Ишенбесең, мына, аа күбөлүк»!

Кары жылкычы колундагы түйүнчөккө жабылган жоолукту алды. Куйруктуу жебе сайылган шахзааданын бөркүн көргөндө шаа да, вазирлер да сестее түштү.

Талмыз алга карай бир-эки кадам койду да анан:

«Менин ашыгым зынданда чиригенде, сенин шахзаадаң, эркинче ууда жүрөт дебе, бийик шаа?! Ал өзүнүн мыкты бекзаадалары менен биздин туткунда. Мен эр уулга ашык кызмын. Бу киши маа жол баштап келген акылман жылкычы аба! Биз, бу шаанын шаасы так койгон алтын Сарайды өрттөйлүк деген арам ойлуу жоо эмеспиз. Өзүбүздүн мерген уулдарды туткундан бошоткону келген жазыксыз жай кишилербиз. Азыр биздин мерген уулдары өз ат, өз тону менен бизге кошулса, силердии шахзаада, бекзаадалар да өз ат, өз тону менен үйлөрүнө кайтады. Жо-о... биз кайтпасак, олор да кайтпас»!

Талмыздын кебине ишенээр-ишенбесии билбей – «Айтканы чынбы, бу жиндин? Же калптан амалданып келген амалкөйбү»? деп болжогон шаа тек ачууланды:

төлөс, аргын, тат, алагүү, муңгул, изгил, чигил… Ашыркы түбүт каны, урум, пурум кандары… коюн, ат жеткен жердеги көп журт ажо ашына чакырылды. Улус башта майда-майда кырк кан болуп турган. Ажо ата олорду чогултту. Бир баш, бир кол болду, Баары акыл кошкон ажого тизе бүгүп: он эки кан, он аки або, он эки кенже бий, бир баш бий, кырк уруу беги болуп, олорду жоого чабар колду ар уруунун баатыры түмөн башы, миң башы баштап калган…

«Ажосу жок эл – серкеси жок кой. Бири жарга камалсa, баары камалыр. Бири жардан секирсе, баары секирир. Кырсыктаса, баары кыргын табыр».

Көзү өткөн Эдил ажо атанын бел тукуму Адылтайды кымызга киринтти, ак кийизге салып оң каруу менен сол карууну отуз айланып чыгышты:

– Ажого акпыз! Акпыз! Акпыз! Ажо жырымына такпыз! Такпыз! Такпыз! – дешип калайык дүңгүрөдү. Эдилдин өз тукуму Адылтай, Эдилдей ажоого аргасыз ыгып жүрүшкөн уруу кандары заэн бөрүсү болуп эми – Адылтайга тизгин бербейлик дешип, алдыртан кеңеш куруп жүргөн кезде ажо атага аш-тамак берилди.

Ашты Адылтай өзү башкарбады. Ал ажо башы менен аш башкарганы салтка анча төп келбейт. Түптүү журттун башкы ажосу бийликтин баарынан жогору туруп, кыраан асманда түнөп учуп алыстан чабыттагандай ажо да жогортон-бийиктен туруп журт тизгинин өз колунда бек тутат.

Дал ошол бекем күчтү, кадырды самаган Адылтай ушул ажо атасынын ашында өзү олтурган тактын бийиктигин, бектигин көрсөтүп, кадырын көтөрүп алууну көңүлүндө тутту. Ал башкарышты күчтүү урууларлын баатырларына койду. Баатырларда күч да, кадыр да бар. Кокус, көңүлү арам тентек ынтымак бузса, аны так далы ортодон аткый кармап, чыңыртып жерге ныкып коюучу күч ошо кол башчыларда. Жеке алар эмес, калыс деген киндиктеш ана элден, төлөс, аргын, он ок, чаа, эштек беш элдин беш кадырман баатырлары чоң аштын башкы бийлери ошолор бо-





Куйруктуу жебе тигил оолуккан бекзааданын бөркүнө сайылды. Ал селт этти. Талмыз ачуулуу сустайды:

– «Шахзаада! Буйрук аткарың! Кана, эр бекзаада?! Шамшаарыңды кындан сууртганыңча… чекеңе жебе мадалар! Тиги сеңселген калың камыш камыш эмес, силерди үч курчаган эр жоокерлер»?!

Шамшардын сабын кармаган бекзаада эндирей түштү да, эриксизден шаптан колун тартты. Ал атайы тартпады, колу өзүнөн өзү тартылды. Бекзааданын коюу кара кашы жыйрылып түктүйүп, ал ичтен өкүндү. – «Бу жазыксыз кыз – кыз эмес, жин-пери. Боо каршылык көрсөтүү, башыңды кесип, алтын табагыңа салып кой дегениң»…

Ичтен өкүнгөнүн шахзаада билгизбеди. Тек буйрук койду:

«Бекзаадалар, мен бу периштеге баш ийдим. Силер да баш ийиң»!

«Бу бизге өлүм, шахзаада. Чабышып өлөлүк»!

«Чабышып…– шахзаада анткор жылмайды: – кол көтөрөөр чама кана, бекзаадам? От койсоң «дүрт» жанычу камыш, азыр бизге ок жумшап жоо болуп турганын сезиң?! Эки жебе бөркүңө тепчилди. Үчүнчүсү башыңды тешет. Башсыз колуң кылыч көтөрө алабы»?

«О, бу кандай коркунуч… кандай укмуш»?!

«Өкүнбө, бекзаадам. Азиз башың аман калса, ошого кубан?! Аруу кыз. Саа багындым. Менин колумду өзүң матаң»…

Шахзаада эки билегин кайчылаштыра алдыга создү…

* * *

…Биздин журтка жиберген элчиси жаңы кайтып, шаа алдында ал жооп айтып турган кезде, Сарай эшигин күзөткөн аскер башчысы, шаа үстүнө ашыга кирди. Ал быжыгыр кара сакал, сүзүп жиберчү кочкордой чымыр, дайым ачуулуу жүрчү киши эди. Азыр ашыгып алганга





Азыр бардык акылман вазирлерин, билги адамдарын Сарайга чакырып мажилис куруп – биз, тигил баш ийбеген кара журтту кандай кыралы, кандай чөгөлөтөлү, деп кеңеш куруп олтурган кезде, күзөтчү айтып келген азыркы кабар шаанын да, вазирлердин да ачуусун кайнатты. Бир жактан булардын сесин алды, шахзааданын бөркүнө куйруктуу жебе сайылып жүрөт деген сөз, баса, ушу олтургандардын кимисин чочутпайт? Шаанын шаасынын кадырман шахзаадасы, атасы көз жумса, анын ордун басып, тактыны ээлеп калаар эртеңкинин шаасы кийген бөркко жебе сайылса, анда, берки бекзаадалар эмне күндө? Шахзаада маталса, алар да маталды да. Шахзааданын башы мууздалса, алар да мууздалат да. Баса, ал урматтуу бекзаадалардын ушул олтурган аталары эми ошону ойлошту. Эшикке кеткен аскер башчысы тигил эки жат адамды ээрчитип келишип, алардын эмне жөндүү келгендерин билишке, азыр бардыгы ашыгып күтүштү.

«О… биздин уулдар эмне укмушка кабылды»?

Эшик ачылды. Талмыз анан кары жылкычы кирди. Булар, шаанын шаасынын үстүнө кирген кишилерден бүгүлүп-жүгүнүп, таазим кылып, өздөрүн төмөнчүлүктө туткан жок. Тек, асман менен ыйык Жер ортосунда эркин басып жүргөн өз салтында, ийкем кылды да, Талмыз шаага, анан вазирлерге учурашты:

«Тактыңыз тул калбасын, бийик шаа. Жылдызыңар өчпөсүн, бийик акылман вазирлер»…

Шаа аруу Талмызды көргөндө саал жумшара түштүбү? Не кыз-кишиге ачуулангысы келбей эс токтоттубу? Айтор, жанагыдан аз өзгөрдү. Тике сурады:

– «Датыңды айтың»?

Талмыз тике жооп кайырды:

– «Дат айтпасмын, доо айтырмын»!

Шаа ачуусуна чыдабай айкырып жибере жаздады. Анын алдына кандай даражалуу адам келбесин, буга дейре эч ким, ага минтип тике айтып көрө элек болучу. Аны мурда көрүп жүрбөсө да Талмыз акылында сезди. Шаанын кызара





## ЭДИЛ АЖО АШЫНДА

Сары ногой баласы
Жайма көкүл жаш Айдар,
Мааникерди мине көр.
Калың бир кара көп ногой,
Башынан элди көрө көр,
Үйсүндөрдө Үмөткө айт,

Үмөт уулу Жайсыңга айт…
Сары сакал, тик мурут,
Айры сакал, кер мурут
Баарына бирдей айта көр…
О, мен жүз токсон тогуз жаштамын,
Жаак сөөгүм бошоду…
О, Байдын уулу Баймырза
Бери карап кулак сал?
Телекедей куш салдым,
Тентекти жыйнап эл кылдым…
Менин көзүм өткөн соң
Теле куш көзүн каратпай
Тентектердин баарысын
Эл-элине таратпай…
Жакшы багып ала көр…

*Көкөтөйдүн керээзинен*

Кызыл чок кытай келди…
Кара чок калмак келди,
Жадоо жапан келди…
Ойроттун баары тегиз келди,
Улуу журт урум келди,
Бараң, оогон мунуң келди,
Кыяндан кырым келди.
Кыргыз ашка жыйды кылым элди.

*Манастан*

ого бетер кешпири коркунучтуу. Ол ашыга шаага таазим этти. Бат-бат айтты:

«О, шаанын шаасы, Сарай алдыга эки адам келип тур. Экөө бирдей жат, тигил кардуу тоо артындагы бизге... Сизге...» – ал мукактана түштү.

Шаанын шаасы ачууланды:

«Токтоң! Менин Сарайымды баккан аскер башчысы, сен болсоң, эмнеден ашыктың? Билгениңди так айт. Айталбасаң, артыңа кайт»!

Шаанын шаасынын ачуулуу үнү аскер башчысын селт чочутту. Ал, шаа алдында ийкем этүү эрежесин унутуп салып, бакылдап тез-тез айтты:

«Бири аруу кыз, бири кары эр... Шаанын шаасына жеке айтып угузаар жообубуз бар дейди»...

«Жообубуз бар дейди»?!

«Ошондой, улуу таксыр»...

«Бар, экөөнүн тең башын чаап салың»!

«Аны мен да айттым: шаанын шаасы силердей итти көргүсү келбейт. Кайткыла! Кайтпасаңар, желдеттерге башыңарды чаптырам, десем»... Тигил аруу кыз камырабай күлдү: – «Биздин баш силерге коон тилгендей оңой экенин билебиз. Чапсаңар чапкыла, биздин башты. О, биздин башты чабаарда... силердин бийик мырза шахзаада менен тиги биз матап салган бекзаадалардын башын аягыла»?! – деп күлдү. Мен аны укпай, шамшар шабын кармадым. Аруу кыз жанындагы карыга карап кашын серпти. Ал, колтугундагы түйүнчөктү ачты эле, шахзааданын бөркү көрүндү. Анда куйруктуу жебе сайылып жүр... Улуу таксыр. Сизге кеп айталбай шашканым да ошол».

Шаанын шаасы колун эшикке карай жаңсады. Анын кыймылында ачуу да, «алда эмне болуп кетти?» деген чочуу да, ыза да бар болучу. Тактын оң жана сол жагында катар олтурган вазирлер, шаанын жаңсалган колун ээрчий караштьы. Шаанын колу эшикти көрсөттү»:

«Алып кир, ал иттерди»?!





Ансыз да шаанын шаасы жиберген элчиси айтып келген жоопту угуп, ачуулуу болучу ал. Айдан ашык жүрүп жол азабын көп тартып, аттары арыктап, өздөрү азып кайткан шаа элчиси, тигил шаа күткөн жоопту алып келбеди.

Көчмөндөрдүн башкы каны уруу башчыларын, бардык кол башчыларын чоң дөбөгө жыйнап, ачыкта кеңеш куруп, ашыкпай акыл алышып, өз ара макулдашып, анан шаа элчисине мындай жооп айтыптыр:

«Биз жазда төл асырап, күздө эгин жыйнап, өз күнүбүздү өзүбүз көрүп жүргөн жоош элбиз. Ыйык Теңир, биздин тукумга энчилеп берген ыйык жер-суусунда биздин уул-кызыбыз өзүнчө сайран куруп жүргөн элбиз. Бизге шаанын шаасы бийлик кылбасын. Биздин уулдарды зындандан чыгарып, өз ат, өз тонун берип эркин кылсын! Асман-жер ортосунда куштай учуп, эркин жүргөн биздин уулдар, силерге зыяны жок»?! дешиптир.

Анан бардыгы бир ооздон:

«Бийик урматтуу шаанын шаасы, биздин төп сөзүбүзгө көнсүн: уулдарыбызды бошотсун! Жок, уулдарды бошотпосо, биз жерде калган журт эмеспиз! Чабышаар жерибиз: Улуу-Тоонун сеңири, чоң суунун тоо жак жээги! Уурданып келип ууру табаар мал уурдайды. Кол башчынын салты аскерди көрүнөө баштап чыгып эрөөлдө ачык чабышаар. Шаанын шаасы биздиинуулдарды уктап жаткан жеринен матап кетиши уурулук»! – дешти.

Те кийиз жапкан үйдө тери кийип, бээнин сүтүн ичкен жапайы журт багынам демек тургай минтип кайра шаанын өзүнө доо айтышы, шаа күтпөгөн тажаалдык, шаа чочуган эрдик, кайрат болучу. Шаанын шаасы эчен өнөрлүү, эчен карылуу падышаларды кыңк эттирбей өзүнө каратып турганда... тигил кийиз үйдө жай олтурган жайдак журттун баш ийбей, баш иймек турсун, чабышаар жерин ачык айтып, тайманбастык иштеши – шааны кордогондук, аны ызалагандык болучу.





*Майрамдарда жана салтанаттуу окуяларга карата болгон чоң жыйындарда төөлөрдүн, үйрөтүлгөн арстандардын жарышын, ат чабыштарды көрүшчү...*

*История Сибири*

Кечээ, энебиз бийкеч, атабыз улан кезде, баштан өткөн иштер. Муну жомок дегендин оозу кыйшаяр.

Кан жолду ат басаар, эшек таптаар. Көк теңири арамды адал этпесе, киши уулу бирин-бири талап кетээр эди... Уа, антсе да бүтүн чатынабай, толу төгүлбөй жаткан жери жок. Баба аманат калтырган Улуу сөз баянын аңдасак: тэ-э-э, байыркы замандан бери өмүрдүн ала арканы эшилип, түйүндөлүп үзүлүп... кайра уланып келаткандай... ол анык!

Өзүбүз аркан чыйратсак, онун бир жаагын ак, бир жагын кара жүндөн эшебиз. Ие жалаң ак, жалаң кара көңүлсүз. Ала аркан көзгө сонун көрүнөөр. Таң. Мунун сырын ачып айталбайм, уздар. Мында купуя сыр барбы деймин. Таң. Муну да кесип айталбайм, уздар... Ие, киши алысты көрүр. Кары калың өзөнгө чыйыр салыр. Чырман жыштын жыгачын кыйып, чакмак ташка куу төшөп от жандыраар, Көктө төнө учкан кууну атып түшүрөт. Ону менен сабыр этсе, киши уулу ыйык болоор эди?! Олор кээде бир карындан чыккан боору менен касташаар. Чабыш баштап: катуудан казанды кыйратышаар, жумшактан күлүн сапырышаар... Биринин канын бири ичээр, кутурушаар. Аябай алсыз болуп калганында акыл эсине келир, жоктошуп, озондошоор. Муңга батыр. Жер үстүндө сенделип мал асырап, эгин эгип, мергенчилик этип, сенделип үй үптөп, бала чоңойтоор... Уа, ошондон кийин эсине келип, тынч өмүр уласачы, адал эмгек этип күн көрсөчү. О, жок?! Карды ашка тоюнганы карды ашка тоюна элегин алдына салып малча айдаар...

Уз жеңенин оозуна Жибек кыз аңкая карады:

– Уз жеңе, коркуп жатамын...

Уздар тек эпилдетип ийне саюуда.





Уз жеңе камырабай кебин улады, – Эркелик кишини ыйлаак да, коркок да кылаар. Эркеликти коюң. Сөздү көңүлүңө түйүң. Силерге бабанын Улуу сөзүн айттым. Кеп эшиткендин билгени көп. Алтын, күмүштү байлык туткан киши башын жолдо калтыраар, баба сөзүн улаган кишинин орду төрдө болур деген... Акыл кеп өмүргө эшик ачар. Кепте кун жок. Тукум кеп уласа, журттун жылдызы жарык дептир, эсил баба! Баба аманаты уулкыздын мойнунда борч! Мен ошо борчту билем, Жибек!..

Уздардын эч бири үн катпады. Уз жеңе үнүн көтөрүңкү чыгарды:

– О, мен учукту буруп кеттимби? Айтайын дегеним кечээ, биз сеселек чакта журт бир ооз, бир кол болуп турганда... жарыктык чоң атабыз кулап түшсө, жанындагы балатылар сыздайт... Ажо учту. Өзүбүз деген арам койнуна таш катты. Арамын карынга сактап, ар кими өз кызыгын көздөдү. Чоң атанын кулуну Айкөл экенин (Адылтайды) көзүн тазалап, ордуна ажо болсок дегени андан, олждон чоң энчи-алсам дегени мындан, өз атымды чыгарсам дегени ортодон чыгып, журт ынтымагы ирип турган кезде көз өткөн ажо атага аш берип коюшту өз тукуму эп көрдү...

Көзү өткөн соң ажо да, або да, бек, алп да, акылман билги да, кара башыл тим киши да бирдей алсыз... Арбак тириктин колун карайды. Тирүүлөр сараң болбо өлгөнгө муң. Сөөгү жерге, жаны Көккө кеткен киши асыл буюм табаарын артынып кете алабы. Арбак энчиси – аш-тамак. Соңунда калган тууган арбакка атап аш-тамак жеп, тукумга ак тилек айтыр. Эзелки салт ушу: тирүүлөр арбак карызынан кутулуу.

Көңүлү ак эзгө ошо арбак ыраазылыгын алуу ыйык иш!

Көңүлү кара арам ошо арбак сыйына өксөп калуу кубанычы...

Муну өз да, жат да жакшы туюнады.

Биздин тукум, ошо ажо ашын чоң өткөрмөккө бар күчүн салды. Тыягы табгач, куруй, өр жагы карлук, уйгур, быягы

– Ак жакталыр! Карага кылыч согулар!

– Ошону журт эстесин!

– Ырчы-жарчы кан жардыгын калайыкка айтсын! Ушундан кийин кооз кийинген ырчы-жарчылар жорголорун бездирди. Калың жыйындын тигил четинен бул четине дейре келишип, улам бир калың элдин жанына токтой калышат, аларга кан жардыгын угузуу. Коңур, уккулуктуу бийик үндөрү заңкылдайт. Бирде жалгыздан, кайра экиден кайым айтышат.

Жардык эшитиш, тек ыр угуп көңүл ачуу эмес, ал буйрук. Калайык, ырчылар айткан жардыкты кан буйругу катары кабыл алды.

– Ынтымак бузганды, чатак чыгарганды Көк теңири ыйыктасын. Баба арбагы урсун!

Үч жүз сексен күлүк байгеге кошулду. Отуз атка байге коюлду!

Орто жолго сүрөөнчү жиберилген жок. Ар бир күлүктүн тизгини чыйрак уулдун колунда! Чыккан күлүктүн өз таалайы, калганынын өз шору. Даекке чейин күлүк өзү келсин. Ат сүрөө жок. Уурданып сүрөөнгө чыккан кишиге өлүм! Урук-туугандарына тогуздап айып! – деп ырчылар жар салып жалпыга угузду. Арийне, бул жаза оор. Бирок учур талап кылган эң калыс жаза!

Үч жүз сексен күлүктүн баары тең коо бузган, журтка атагы чыккан ар биринин куну – миң жылкы, беш жүз төө, не эр куну!

Күлүктөр жарым күнчүлүк жолго айдалды. Күлүк кайра тартчу жерине жетип кайра келиши бир күнчө. Ошондуктан, күлүктөр калайыктын алдынан Күн оң чекеде турганда чубады. Ат сынчысы – саяпкерлер кылтың кетирбей сыноодо. Кайсы күлүктүн табы жакшы, кайсыныкы жетпеген, не табынан ашып кеткен? Аны баамдап калуу да көңүлгө төтөп. Аттын көз майы, көкүлүнүн ийнинен тартып жүнүнүн жатышы, жылтыры, көрүнүшү, басышы, ички деми бардык ирени-жылдызы анын табынын жеткенин не жетпеге-





Сурнай, жезнай күү тартмай,
Балбан күрөш, тал чабыш,
Эр оодарыш, төө жарыш,
Өгүз күрөш, жөө жарыш,
Эки-экиден эр сайыш
Булар болот үч күнү.
Жетинчи күнү эрмекке,
Эзелки баба салтында
Кызык кумар жалпыңа:
Арстандардын жарышы,
Аюу балбан күрөшү,
О, киши эрен жылаңач
Кызыл камчы чабышы,
Дөө-жиндердин кагышы,
Ач бөрүнүн кабышы,
Кочкор, теке сүзүшү,
Айгыр буура алышы
Булар болот үч күнү
Андан кийин эркекке
Салт оюну башталат,
Салттын башы байыркы
Ат оюну башталат.
Бири улан, бири кыз,
Бири душман, бири өз
Эки тарап эрегиш
Чаап баратып эр эңиш,
Чаап баратып эр күрөш,
Чаап баратып эр сайыш,
Чаап бараткан аттардын
Кулагында ойногон
Улан, кызды көрөбүз!
Кулан жарыш, жорго айдаш
Аягында ат чабыш
Кызык болур үч күнү.
О улуу, кичик эшитиң!
Куттуу конок эшитиң!
Таттуу ашы оозунда





жерге тийгизип, жерди өбөт. Анан тура калып Күнгө жүгүнөт да, балбан басып менен күрөшчү балбанга тике басат.

Балбандар беттешээрде бирин-бири тоорушуп, аңдышып, билек тосуп, тигил билгени аткыырында шып тартып алып күрөш азсемин, күрөш салтын иштешүү шарт…

Балбандардын силкишкенинен да, чалышканынан да, ушул күрөш салтын иштешүүсү көргөндүн кумарын жазат. Токтоо, жүрөктүү, шамдагай балбан өзүнүн ошол таярдыгы жеткилең болсо, каршысы колдогойураак болсо, анык «мышык-чычкан ойномой» ошондо башталат. Шамдагай эптүүсү берки эпсизин улам жазгырып, шаштысын кетирип, эңкеңдетет. Анан ыгы келе калганда не жамбашка салып чаап, не баштан алыс ыргытканында биринин жыгып, биринин жыгылганы көзгө илээшпейт. Тек, бири кайырмактагы балыктай чабылып, бири бийлеп тургансыйт… Балбаны жыккан тараптын кубангандан көзүнө жаш келет да, балбаны жыгылган тараптын ызадан, ардан жүздөрү кумсарат…

Сөз талашуу башталса, эки тарап чабышып кетет.

Бул жолу чабышка жол берилбеди. Шарт да жок. Тек балбаны жыккан тарап жерди жарып жиберчүдөй олтурган жеринде кыйкырык-сүрөөн айтканда, балбаны жыгылган тарап ар-намыстын төгүлгөнүнө чыдабай кумсарып, тиштенип жерге житип кетүүчүдөй басынат.

Журт урааны алтыга бөлүндү. Ар уруу, ар эл өз ураанын чакырса, анда ураан көп болгудай, ураан талашуу убак тартып кеткидей. Анда бардык эле мөрөйдө башаламандык басым болуп, чыр-чатак тутангыдай. Ошону эске алып, ураан уруу асабасынын астында эмес, жалпы эле тектеш урууларды, не жердеш элдердин чоң асабасынын астында болду.

Бүт кыргыз атанын тукуму көк асаба астында; эштек, чаа жашыл асаба астында, чигил, найман көк жээк ак асаба астында, табгач асман уулунун ураанында, он ок журту кызыл жээк асаба, Үч-Суу журту ак асаба, кут, тат, куры-





канга канатташ уруулар айсарала асаба астында – алты ураан мөрөйгө чыгышкан. Алты ураан өз ара дагы экиге не үчкө жаак курду. Ошондо ар бир ураандан үчтөн жаак чыгат. Бирок бул сан бардык мөрөйдө бирдей эмес: балбан күрөш, таш жарыш, эр оодарыш, өгүз күрөш сыяктуу мөрөйлөрдө ал жаак сакталды: буларда ар бир мөрөй он сегиз түгөйдөн беттешүү болду. Эр сайышта алты ураан ар бири экиден-он эки жаак чыкты. Эрдикке, күчкө, айлага, жүрөктүүлүккө арналган бул эр сайыш мөрөйүнүн он эки түгөйү бирдей коркпостун жүрөгүн титиретти. Чыдамдуунун муунун калтыратты. Жал, куйруктуу, омоктуу балбан аттарды такымта басып, этин кызытып жанчарды бирибирине түз кезешкен баатырлар беттешкенде… коркпостор коркуп, көзүн жуумп алган кези аз болгон жок!

Эр сайышта он эки түгөйдүн экөө алышпады. Булар: бир жагы эштек, чаа, бир жагы чигил, найман эрлери. Алар байгени тең бөлүштү. Сайышта эки эр өлдү. Алардын бири табгач баатыры, бири он ок журтунун баатыры. Башкалардын мөрөйү оош-кыйыш: бири сайдырды. Эри сайдырган жактан ураан асабасы төмөн ийилди. Бири сайды. Эри сайып мөрөй алган жактын асабасы ыргалып, журту намыс алды!

Мөрөйлөрдүн эң азы кызыл камчы болду. Бул мөрөй адатта калып бараткан мөрөй. Калбаган күндө да бул өтө жан аяшпас ачуу нерсе. Мында жылаңач чабышкан эки баатыр айыгышканда камчыны бирине-бири чып-чып чабат. Тилинген эттеринен кан чачыраганын сезбейт, бул жүрөк титиреткен оор мөрөйгө да, бул жолу жол берилди. Ал тургай, эбак эстен чыгып кеткен арстан жарышы да болду. Кызыл камчыдан кийин калайыкты кызыктырган ушул арстан жарыштыруусу!

Бул калып бараткан мөрөй болгондуктан ушунча көп элден араң кырк эки арстан тапталган экен. Алардын ичинен бири эки күн мурда ылаңдап калып, кырк бир арстан жарышка кошулду…

Муңсуз-буксуз олтуруп,
Баба айткан аманат –
Улуу сөзүн эшитиң!
Күңгүрөнө ойлонуп,
Кыялды тербеп толгонуп,
Кыяк, комуз эшитиң!
Ошондо эки он күнү өтмөкчү,
Аш адагы жетмекчи.
Ажо атанын арбагы –
Барыга болоор ыраазы!
О, ашка келген калайык,
Калайыкта ыйык кут!
Кыз беришип, кыз алып,
От алышып, от жагып,
Таттуу ашы оозунда,
Урмат сыйы көңүлүндө
О, кут коноктор Күн менен
Үйүндө ойноп-күлүңдөр.
Атам кыргыз журтунун –
Айгыр буура алышы

Ырчы-жарчылар жар салып чыккандан кийин кут конокторго аш тартылды. Алыстан келген коноктор үч күн тек сый көрдү, сөз эшитти, күү эшитти. Тыныгышты.

Төртүнчү күнү аш тамашасы башталды.

Тогуз жолу жамбы атылды. Ошо Ажо атанын ашынберген кезде Сайкал эне он бешке аяк баскан ойноо-тентек кыз экен. О, ал, тиги төлөс журтунун баатыр каны Карачурдун кызы. Карачур эрен баатырдык салтына көнүктүрүп уул-кызына жашынан жоокер кийимин кийгизип, ээрде чоңойткон жайы бар. Эр – эр. Ол маталып кетсе – кул. Эти түрүү уул кул болсо да кор эмес. Амалын тапса, качып кутулар. Кулдуктан кутула албагандын өз шору, өз боштугу, жамандыгы. Кыз маталса– күң. Жоо эшигинде күң болуу кызга кордук. Кыз уулдан артык жаа тартканын Талмыздан көрдүк. Кулдукка кеткен уулду кыз бошотуп кайтка-





Маанайы басыла түшкөн Адылтай ажо акбоздун сулуу ак жалын сылай берди. Ичтен өкүндү, жаш балача улутунду:

– Аттигиниң кем дүнүйө... Кандын да бир татым тузу кемири ушул беди эсил баба?

Чоң мөрөйлөр өз кези, өз ирети менен өтө берди. Кийинки чоң мөрөйлөрдүн бардыгы тең эле салттуу, тартиптүү өттү. Балбан күрөшү, эр оодарышы, өгүз күрөшү болоордо, калайык эң опсуз алкактай болуп, ортодогу бөтөгөлүү көк ойду ачык калтырышты. Жер шарты ушундай таң-тамаша өткөрүш үчүн атайы жасап койгондой: ойдундун туш тарабы тайпак табактай улам өр тартат. Алдыңкылар кырка тизе тийиштирип жалпак олтурушту. Улам арткылар да ошо алдыңкыларды жолдошту. Калайык аз кезде кишилер аттан түшпөй деле турушчу. Бул жолу мөрөй көрүүчүлөр сансыз. Ат, киши бири-бирине жол берээр эмес. Мындай чоң мөрөйдө бир кызуу кандуу «А» десе, экинчиси «О» деп чатак башталып кетиши да ыктымал.

Ушундан сактанган аш каны Карачур, «бул мөрөй кезинде калайык жалпак олтурсун. Антпесек, тартип да сакталбай уу-чуу кыжы-кужу болор» деди. Башкалар аны кабыл тутушту.

Тыяк-быягына үн жеткидей тептегерек көк ойду курчай олтурган калайык эми тымтырс. Тынчы жок бирөө тура калса, ал жалпыга дайын. Көзгө түшүп, кайра олтурушка ашыгат. Кыйкырык-сүрөөн чыкпады. Дайым ат үстүндө жүрүп кылыч чаап, жанчар сайып, айкырып көнгөн журт эми жалпак олтурганда башка чөйрөгө келгендей момурап тынч.

Ортого тыяк-быяктан балбандар балбан басыш салты менен басып чыгышат. Балбандарды жандаган экиден киши бар. Алар балбан жамынган кымкапты алып калган соң, балбан бир нече кадам балбан басышты салып журтка көрүнгөн соң, сеждеге жыгылган такыбачылап чөгөлөп олтура берип, эки алаканы менен жер таяна үч жолу чекесин





Арстан мөрөйүнүн машакаты башка мөрөйдөн ашып түштү. Анын жөнү белгилүү. Бул каардуу, азуулуу жаныбарды байыркы бабалар кандай таптап, кандай жарыштырды? Ал, тек Улуу – сөздө, уламышта айтылганы болбосо, арстан чабышты көргөн киши аз. Тек ажо атадай кадырман кишинин– арбагы ыраазы болсун дешип, тукум ошол байыркы баба ишин иштешти.

Уа, бабалардан калган нарк,
Эми аркырап арстан жарышат! –

деп ырчы жар салганда кишилер тек туралбай чымырашты. Далай алп жанчарын бек тутту:

– Уа, эсилдердин иши! Илгеркилер эрдиктерден арстан таптап чабышты!

Далай намыстуулар жеңи менен жашын сүрттү:

– Уа, эчен сонун ишибиз унутулуп баратыр...

– Өң жоокер жак турат деген. Ортодон жол ачат деген. Тирүү тайган чыргасы. Арстан ошо тайганды кубалайт деген.

– Ай-э, эсил эр журт, оюну укмуш...

Калайык дүрбөп, чуулап арстан чабыш башталды. Бардыгы эл оозунда айтылгандай жүрдү. Чоң-кичик жапырт ат үстүндө эки жаак болушуп теке маңдай турганда ортоңку жол капчыгай сыяктанды. Атчан тизилгендердин алдынкы катары өң жоокерлер. Бардыгы жанчардын мукур түбүн колтукка кысып, болот учун ат тумшугунан ары жалантып белен кармашты. Жолго карай сунулган сансыз жанчардын болот учтары бир кылка болот тосмо боло түштү. Атчан жоокер калканч чеп болуп турган жандуу «капчыгай» жолунун баш-аягы тай чабым.

Жол бүткөн жер даек. Даекте – Адылтай ажо башында бардык кадырман лөктөр, акылман-билгилер, баатыр-кол башчылар, карыялар. Бардык сый коноктор.





дайым жеңбейт да... Киши уулу аны билиң. Өз алыңды баалаң. Өз камыңды бошондотпоң! Күчүңө, ишиңе, өз эмгегиңе ишениң, деди бул жолу да Көк Теңири, киши уулуна!

– Кармашсыз тукум көктөгөн эмес! Алаканат дүнүйө жарышы ошо!

– Сак бол, киши уулу деп, карага таш артты... Акты киши жакка оодук берди, Теңир!

– Ушу ак, кара айкашында өзүң ак жакта болдуң. Арам болбоң. Таза болуң! Ошондо кара сени баспайды! – дешти билгилер.

Кийинки күндөрдө кулан чабуу, жорго айдатуу, ат минүү өттү. Артыкча ат чабыш – ураан туусуна не ар-намыс, не өкүнүч алып келээр улуу мөрөй. Эзелтеден жоокерчиликти кечирип келаткан журт – чоң-кичик, уул-кыз дебей ээрде чоңоюп, жылкыны киши канаты деп калгандыктан, ат чабыш зор мөрөй.

Болдурбас күлүк ат менен эр-жоокер тагдырлаш. Жылкысы көп карылуу күлүк аты, айгыры көп журттун колу канаттуу. Аттын байгеден чыгышы жеке ошол аттын гана күлүктүгү эмес, ошол аты чыккан журттун өзүнүн канаттуулугу, күчтүүлүгү, күлүктүгү!

Дөө-жиндердин кармашында жалпы эле киши-уулу ак иштин ураанын чакырышса, ат чабышта ар бир эл өз-өз ураанын даңазалайт.

«Уа, чабыш чыкса кетпес кек, өчпөс өч калыр»... деп сактанган Адылтай ажо аш каны Карачурга эскертти:

– Карачур баатыр, көп күндөн берки мөрөйдү ак баштап бердиң. Аа, өз башым, момун журтум ыраазы! Алда чоң мөөрөй тур. Бул мөрөй да тынч өтсүн...

Бая ак-кара ит жыгылыш болду. Калайык ошону эстесин! Акты өчүрүп, караны жандыруучулар болбосун. Кан жардыгын айттырың!

Калайык алдыңкы улуу мөрөйдү ак тоссун!

Адылтай тилегин билгилер, або-бийлер, баатыр кол башчылар кубатташты:

Дөө-жиндер ортого чыкканда калайыктын шыбыры күчөдү:

– Кара өрттөн, жарык жан?

– Кара өрттөн, жарык жан?

– Кара өрттөн, жарык жан?

Дөө-жиндердин кагышында урааны бөлүнбөйт. Ураан бир: жалпы киши уулунун урааны – жер жүзүндө кара болбосун, ак өнүксүн деген тилек. Бул тилек ушундай бийик салтанатта калың калайык жыйналган улуу жыйында жалпы киши уулунун Көк теңиринен тилеген тилеги!

– Дөө-жинден – кара дүйнөдөн, ыпылас жаман нерселерден жер таза болсун деген тилек!

Дөө-жиндердин кагылышында акка кара атайы жеңилип бербес! Мында кара да, ак да жанын ташта кармашат. Экөө бирдей күчтүү, экөө бирдей өз ишине ишенээр… Мында көбүнчө жарыктык жеңиши, кантсе да, калайыктын ак тилеги, ага таянган ак жактын күчтөнүшү, шыктанышы дем берсе керек?

Ак жак жеңгенде улуу кубануу. Кокус кара жак жеңсе, терең кайгыруу. Бул кайгынын караңгылыгын, муңдуулугун сөз менен айтып бериш кыйын. Ак-кара бул кагылышынан, журт эртеңкисин төлгө кылат. Каранын жеңиши – эртең калың журтка оор кайгы, кыргын, муң алып келээрин кабарлайт. Ошондуктан болсо керек? Акты талашкан күч, өлгөнчө, жүрөгү жарылып калтырап талып жыгылганча карага багынбайт… Караны багынтышка бар күчүн салат…

Бул жолку дөө-жиндердин кагылышында кара менен ак ит жыгылыш болуп калды. Так жыгылбады, так жеңилбеди. Ак жак абдан жеңбесе да бир аз карага үстөмдүк кылды…

Калайык чийки май жегендей ич күптү калышты.

«О, Көк Теңири! Бизди алаамат кырсыктан сактаң»?

– Көк Теңири бизди сынады…– дешти билгилер.– Ак, кара тизгиндеш дүнүйөдө кара таптакыр жеңилбес да… Ак





нын Талмыздан көрдүк. Эмки кыз ыпчада бош тартып кетти. Уа, журт. Кызын бош калбасын! – деген Карачур Сайкалды уулдай өстүрдү. Жаа тартышы мергендей Сайкал зайып тобунда эмес, жоокер катарында. Өрүштө жылкы күзөттү. Жортуулда жоого аттанды. Тынч кезде кырга чыгып жебе учурду. Кыз мерген деген атка конду.

Уздар бир саамга маек курду:

– Ай-э, Уз жеңе. Сайкал эненин жебеси оно кышта Элтерес алпты калтыратты…

– Уа-ай, ыйык эне, жаа тартканы жамгыр дешеди.

– Төлөстөн кыз мерген келди. Мерген кыз мерген экен да-а!

– Ошо кыз мерген Сайкал атасы Карасурду ээрчип ашка келди.

– Уа, шондо көзгө атаар мергендер көп болду деди.

Көмүрдөй кара жорго миниптир ондо эне…

– Жоокерче толукшуп турса, жүзү нурданып, агы ак, кызылы кызыл майнап турду деди.

Кийгени кең кандагай, калың күпү тон эмес, жеңил төө-боз чепкенче, жука тоо-боз сайма шым…

Маек курган уздар Сайкал эненин ошол кыз курагын көз алдыларына келтиришти.

Далы ортодо, эки көкүрөктө көк, жашыл жибек жип менен ничке сайылган сайма так каргыган теке, учкан жебе, тээк тарткан колдун элесин берет. Ашык-кеми жок бир сызылган ничке жибек жиптин изи. Башына кийген төбөлүү кундуз бөрк. Токунганы тегерек каш кыргыз ээр, ээр кашын жээктете күмүштөн суу чөгөрүлгөн дебесе, жасалга жупуну. Кадимки кийиз тердик, кийиз желдик, куюшкан, көмөлдүрүк жеткире ийленип, тегиз тилинген жырымдан бышык өрүлгөн. Кара жоргонун көмкөрүлгөн соорусуна жарашкан куюшкандын, көмөлдүрүктүн малда өрүмү ушунча ий майда тегиз, ушунча кооз дейсиң, жырымдан өрүлгөн өрүм эмес, жоргонун соорусунда, төшүндө жыландар кайчылаш айкалышкансыйт…





– Тилегине жетсин, жаркын! – дешти калайык.

Далай эрдемсинген эрлер жым этти. Өкүнүчүн ичке түйдү. «Асыл болсо да, кыз. Кыз эрсиз күнү жок. Асылдын жоосу күчтүү. Колго түшсө олжо, күң»…

«Бул чыйрак кыз менен саадак тартып сынашып, жеңип алса нетир. Багын басса нетир»? деген эрлер муруттун учун тиштенди. Ичтен чымырканды.

Аруу, ары келбеттүү баатыр, мерген Сайкалга далай эр арзып калды. Ошондой арзыган эрдин бири тек жай адам, жөн кан, жөн баатыр, жөн або, бий эмес, кыргыз журтунун ажосу Адылтай ажо толукшуп-келберсип туруп өкүнүп койду:

«Оно мерген кыз айымым болсо, уюткулуу төлөс журту тирегим болур».

Толуп-толуп турган Адылтай ажонун эмки кемтиги кара жорго безирип жамбы аткан Сайкал кызды жар кылып алуу менен толчудай. О, жок ага колу жетпей калса, анда, ажонун ал кемтиги толбой арманы ичте кетүүчүдөй.

Ар замандын өз салты бар. Журттун ажосу да, башкасы да эки зайып алуу жок. Бир башта эки көз, бир төшөктө эки баш түгөй. Эки баш жубун бузуу салтка терс. «Аш бышкан казанда таш бышпайды» деген макалы бар. Аш бышып ширин. Арзуу тек напсини агытуу эмес. Эки жуптун тең келишинде. Эр өзүнөн көп кичүү кызга көз түшүрүш арзуу эмес. Асылга кызыгып, ага сук артуу…

Адылтай ажо Сайкал кызга ашык болоорун болду-ов! Бирок ал, жаркын кыз экөөнүн аш-тамагы эки казанда кайнаарын ойлоп, ичтен сыздады ажо. Ушул жер майышкан көп журт урматтап, сыйлап, ал тургай коркуп, андан сактанып турган зор Адылтай, катарындагы бардык лөктөрдөн, бардык билгилерден, кол башчы баатырлардан даражасы бийик болуп турганы менен азыр өз ичинде андан бактысыз жан жоктой…

Баса, көңүлү түшкөн асылга арзуусу артып, бирок, ага жете албай турган кишиден бактысыз ким болот?!





Ар бир арстанга жибек нокто катылып, ноктонун кежигесине так чокуда желекче бекилген. Ал желекче ошол арстанды байгеге кошкон элдин ураан асабасына түстөш.

Кырк бир арстанды ар бирин ноктонун эки жамажайына тагылган кыл чылбыр менен экиден балбан коштоп келип катар турушту. Теребел бой титиреткен күркүрөккө айланды… Кантсе да ушунча көп атчан жарданып турганын көргөндө жаныбар, азуулуу бир чети кыжырланып ачууланса, бир жагы киши сүрүнөн корккон сыяктуу. Кокус бири кишини чапчыса, ага тигил бир кылка жалангач жанчар учтары мадаларын сезгендей… «Силерге биз тийбейбиз. Бизге силер болот сундурбаң? Силердин капчыгай жолуңардан аман кетелик» дейби? Бардыгы күркүрөштү.

Арка жакты атчан жоокер бөгдү. Арстандар жандуу капчыгай арасында калды. Алга карай созулган жалгыз жол бар. Арстандар ошол жолду улай карап күркүрөп, кыжырланып, ыкыс берип турушканда… те алды жактан шыйрактуу куу тайган даекке карай зымырап жөнөдү. Балбандар чылбырларды тээктен бошотту. Арт жактан «Дүмпөдүмп» доолбас согулду.

Дал ушу белгини күткөндөй арстандар тигил жебедей безген тайган артынан кетишти. Саргылт жүндөрү мунарыктап, куйруктары союлдай суналып биринен-бири озуп кетип баратыр. Бул азуулуунун жарышы боо дейре болгон бардык мөрөйдөн кызык, сүрдүү, укмуш, коркунучтуу жана барктуу болду.

Азыр ар уруу, ар эл өз ураанын чакырып, өз арстанынын байге алышын унутуп таштады. Тек байыркы бабалар баштаган бул ыйык мөрөйгө кызыгып да, таң калып да карашты. Көбүнүн бою чымырады, көзүнөн жаш чертилди:

– О, эсил баба! Сенин ушул даңктуу мөрөйүңдү биз эмне унутуп баратырбыз?

– Уа, журт! Ушул укмуштуу салтыңды таштабаң?

– Биз, бабаны тартпай кем-болуп калган белек?!

Бири – акбоз, бири – аксур, бири – буурул, бири – жалындай жээрде, бири – кулан чаар, бири – сары тору, бири – тору, бири – чабдар, бири – карагер, бири – күрөң, бири – сарала... Коюңуз, ар бири өзү жакшы көргөн атын минген мергендер ондон-ондон сап түзөп, өзүнчө эле жоого чапчу колдой сүрдүү турушту. Булардын ичинде, кыз мергендер жеке Сайкал эмес, ар элден, ар тукумдан келген кыз мергендер бир жоон топ. Адегенде кыздар жамбыны өзүнчө атышсын деген ой болду. Бирок ага кыз мергендер-өздөрү көнүшпөдү:

– Уул атканды кыз атар. Мөрөйүбүз тең орток! – деп коюшту.

Баса, оодарыш, күрөштө беттешкен зайып жаа тартышта эрден бөлүнөбү?

Эр, зайып жамбыны бирге атышты.

Тээтигинде атайы орнотулган он эки кулач ак шыргыйдын кылда учуна тээк коюп, жети жибек боо менен илинген жамбыны ким үзө атса, мөрөй ошонуку. Байге – тай туяк жана тогуз атан. Байгеден да, палан элдин түлөн мергени жамбы атты деген даңаза, ошол мергендин өзүнө да, журтуна да чоң аброй.

Эреже:

Атчан мерген чаап баратып, жоргочону жоргосун бездирип жамбынын боосун атат. Ар бир мерген үч кайрылып жебе учурат. Үч атканда, бир жолу боо үзгөнү бир атак – жамбысыз үч атан байгеси. Эки боо үзгөнү – эки атак – жамбысыз алты инген байгеси. Ал эми жамбыны түшүрө аткан мергенге толук атак, толук байге!

Жамбыга тогуз мерген жебе учургандан кийин, онунчу болуп Сайкалдын кара жоргосу безди. Төбөлүү кундуз бөрк кийген шыңгактай жоокерди калк эр мерген деп турушкан. Эми колтугу жазылып, төрт аягы көзгө илээшпей созулуп кара жорго безгенде Сайкал бөркүн ала коюп, аны ээрдин кашына басты да, коло үзөңгүнү жоргонун кулагын көздөй тээп, боюн ат соорусуна таштай салды. Чалкалай





берип тээк кергенде, кыздын төбөгө түйүп койгон өрүм чачы жоргонун титиреген соорусуна чабыла да, жайыла да түштү.

Калайык чуркурап жиберди:

– Уа, кыз мерген беле, жаркын!

– Ыйык Умай-эненин арбагына сыйын!

– Жебеси жолдуу болсун, жаркындын!

Жамбы силкинип калды. Бирок боо үзүлбөдү.

Жаа тээги тепти. Куйруктуу жебе ышкырып учту. Сайкалдан кийинки мергендер да атын чаптырып, жоргосун бездирип жамбыны атууда. Далайы жебесин текке учурду. Беш боону беш мерген үзө атып, өз-өз мөрөйүн алды. Эми жамбыны эки боо кармап тур.

Сайкалга экинчи кезек келди. Ал, кара жоргонун тизгинин каккан да, тарткан да жок. Тек тизгинди ортолго илген калыбында жанагыдай ат соорусуна чалкалай берип жебе учурду.

Кантсе да калган эки боонун бири так үзүлүп, бири чала үзүлдүбү. Таң. Жамбы силкилдей түшүп... үзүлүп жерге түштү.

Калайык чуу көтөрүп мактоо айтты:

– Уа! Бар болуң, жаркын!

– Көзүңдөн журт айлансын!

– Сендей кыз төрөгөн энеден кагылсын, журт!

– Сендей кыздын жылдызы көктө!

– Муң билбей өтүң, жаркын!

– Зоболосу бийик канша болуп өтүң, жаркын!

Ажо атанын чоң ашында жамбы атуунун сүрү да, кубанычы да, шаңы да Сайкалга таандык болду. Башка мергендер канчалык шанданып, ат бездирип, канчалык эптенип элпек, таамай мээлешсе да, алардын жаа кериши, шаңы, эби, элеси, кыймылы, асеми Сайкалга жетпеди. Сайкалдын жаа тартышы калайыкты чоң кубантты. Билги-акылман баатыр, кан, або, бий, кол башчыдан тартып деле карабашыл жөн кишиге чейин Сайкалдын жаа тартышына ыраазы. Көргөндүн көңүлүндө кыз мерген асыл зат болуп калды.





– Жышта, тоодо кезиксе, төөнү алып ыргыткан азуулуу тажаал ыкка көнүп, жарышып бараткан көрүң!

– Ата-а! Бу мөрөйдү унуткан тукум, баба ураанын чакырыштан уялсын...

Арстан жарышы кайтпас каармандыкты эске салды. Кишилер бир чети байыркы эрдикке сыймыктанышты, кубанышты. Бир чети ушул сонун мөрөй азыр унутулуп баратканына өкүнүштү. Намыскөйлөр чыйралып-чымырканып калган кишилерге кандайдыр бир көңүл ачкан күлкүлүү мөрөй болбосо, баба салтын эстеп ар-намысы көтөрүлүп калган журт азыр ардуу, чымыр, бек. Кокус, кандайдыр бир намыс козгоор чукулдук болсо, чабыш башталып кетээри да ыктымал...

Журт көңүлүн алаксытаар, кишилерди каткыртып көңүлүн ачаар мөрөй ал – аюу күрөшү.

Арстан жарышынан кийин аюу күрөшү башталды. Бул мөрөйгө аюу балбандарды алып келгендер аз эмес экен. Себеби, бул мөрөй азырынча кала элек болгон соң аюусун жетелегендер көп жүрөт. Бирок алардын баарына кезек жетпеди. Чоң алты ураан ар бири экиден түгөй чыгарды. Аптпесе, башка мөрөйлөргө убакыт калаар да эмес. Он эки түгөй аюу балбан күрөштү...

Э, күлкү эшити эми ачылды бейм. Баштарына жибек нокто катылган аюулар дардайып тура-тура калышып айкырып-күркүрөп бирин-бири качырышты. Тилдери жаланып, муруңдары кагышып... дугдуңдашты. Анын үстүнө аюуларга жараштырып сары жаргактан кандагай шым, таардан чолок жең кемсел кийгизип коюшуптур. Кажашып бири-бирин сүрдүктүрө түртүшө бергенде кай бири кадимки кишиче ычкыр кашаттан кармайт... Сүрүшөт, кабышат. Тоголонуп-жумаланып, кайра тура калышат...

Аюу балбандардын жыгылышынан да, мөрөй алып беришинен да булардын күрөшү укмуш.

Каткырык-күлкү таш жарды. Кишилер улам бир аюуну улам бири – өз кишисине окшоштурат.





– Бо, ана, биздин Керстендин өзү...

– О, тиги, кадимки Багыш...

– Дугдуңдашың ай...

– Кадимки кишиче чалганы жүр...

– Чайнашканы аюу...

– Чарпышканы киши...

– Э үйрөткөн да, ээси...

Айтор, аюу күрөшү бүткөндөн кийин да кишилердин көз алдынан аюу балбандардын кебетеси кетпеди. Арстан жарышынан кийинки чымыркануу чыйралыш тарап кетти. Эми анча-мынча намыска ызаланыш, кекениш, чабыша коюш болбос...

Бирок, дөө-жиндердин кагышы болоордо улуу-кичүү алдыда кандайдыр бир сырдуу купуя күч, киши эркинен башка зор күч беттешчүдөй кишилер сестейе, сактана, ал тургай чочулай баштады... Көбү өз ичтеринен такыба сөздөрдү күбүрөштү. Кандайдыр бир ырым жөрөлгөлүү кыймыл жасап жер-сууга, Күнгө сыйынуучулар болду...

Анан чоң-кичине бардыгы бир кишидей тымтырс. Көк теңиринен тилек тиленишти:

– Ыйык Теңир, жалгаң?

– Ыйык Теңир, жалгаң?

– Ыйык Теңир, жалгаң!

Калайык ушинтип күбүрөштү. Дүнүйө кандайдыр бир сыйкырдуу шыбырга толду. Кишилердин көзүнө кандайдыр бир мүйүздүү түктүү укмуштар көрүнгөндөй, тажаал, коркунучтуу элестер жер-сууну каптап келаткандай сезилди...

Ошол кезде ортого дөө-жиндер чыгышты...

Алар дөө-жиндердин элесин, сөлөкөтүн жамынган кишилер. Бакшылар. Булардын арасында коркок, алсызы жок. Эң эрктүү, эң күчтүү кишилер. Булар өздөрүн чынында эле дөө, жинбиз деп билишет. Дөө-жиндин кеп-терисин кийип, тек аларды элестетип жаткан кишибиз деп эч биринин оюна да келбейт. Антип ойлоп койгону Теңирге ишенбестик кылган кара жан – кара жин болуп калаарына ишенет...

– Так айттың, Азманым. Түтүн үйлөгөндү ыштасын. А тиги өз ийнине наалат айткан түлкүлөр нетеди?

Азман менен Чекир бий жарыша айтышты:

– Өз ийнине наалат айткан түлкүнүн өз намысы төгүлсүн, ажом. Адылтай ажо оң колун алдыга созо:

– Ак кеңешке ыраазымын, апыттарым! А өз-өзүңөр эмне тилейсиңер?

Лөктөр колдорун боорго алып, баш ийишти:

– Баба сактасын. Ынтымак бузганды көк мизи кессин!

– Кол аттансын! – деди Адылтай.

...Бул кезде Карачурдун түмөнү эштектин кыйырында турган. Жоокер салтын так сактаган Карачур, мен түн уурусу эмесмин. Уктап жаткан айылга чаппаймын. Муң жуткан элге түн түшүрбөймүн. Талаада бөрү уктаса, үйдө, иттин боору ачыр. Мен кол баштаган баатырдан ажырап, көзү өткөн эр боорумду жоктоп-сыктап жатканымда маа киндиктеш тиги арам кандар итче болбоду. Маа боор ачытпады. Боорго тепти. Бу баатыр салты эмес, каракчы иши. Мен баатыр салтын сактаган кол башчымын. Мен кыйырына келдим. Эштек ураандашса, бирге чыксын. Жок, башкабыз, четтебиз десе, Сазан кандын колу чабышка чыксын! – деп элчиден айттырды.

Эрөөлгө сак кишилерди коюп, калың жоокер ат тынықтырып, тынчтык камырабастык тынчтыгы эмес, сактын тынчтыгы. «Оп»! дегенде «Ап»! деп он эки миң кол шап аттанат. Азыр кыйырда ошол «Ап» аттанчу он эки миң кол жатканы билинбеди. Токой арасы, адыр-быткыл буйткасы атка, кишиге толуп, алыстан караганга бул жакта жалгыз жан жоктой.

Бир нече күнгө эштектен жооп болбоду. Эштектин башка жандары Сазан канды жектеп не жактап жатканы белгисиз. Эштек, купчак ынтымагын чыңап күчтүү кол курап жатканы не Сазан канга кошулган Жамгырчыны жектеп, эштек, купчактын башка кандары, баатырлары чабыштан четпи?





нин, не ашып кеткенин баамдатаар. Албетте, аны жандын баары баамдай албас. Күлүк таптап каныккан сынчы-саяпкер, мыкты даанышман кишилер баамдайт.

– О күлүктүн чыгуучу кези эди. Саяпкери табынан бузуп коюптур. Ол, бу жолу байгеден калды – деп ачык айтуу, не палан күлүк үчтүн, паланы тогуздун, түлөн күлүк экинин артынан келир. А, байгени палан акенин Аксуру алыр деп аттар чубоодон өткөндөн кийин эле ачык айтчу саяпкерлер бар. Демейде күлүк сырын антип жазбай билчүлөр экөө болсо, бүгүн андай көрөгөчтөр төртөө...

Неси болсо да аттар чубатуудан өтүп кеткен соң далайлары ичтен жым дешип, кубанычын билдирбеди. Далайлары уу ууртап алгандай ичтен сыздап, мурутун чайнады... Аттын келишин күтүштү. Бирок, күлүктөр даекке эрте келбейт. Алар табын жазбай түш оогончо жүрүшөт. Белгилүү жерден чабармандар кайра тартып тизгин жаят. О, Көк теңири, колдосоң ошондо колдо, күлүктөрдү.

Күлүктөр келгиче жорго айдатуу, кулан жарышы өттү. Бул мөрөйлөр да өзүнчө кызык, өзүнчө баалуу. Ошентсе да калктын көңүлү ат чабышта!

Аттардын келээр маалы жакындаган сайын калайыктын тынчы кетти. Жер козголду. Дүнүйө дүңгүрөп баратты... Анан кечке маалда... тээ көз учунда мунарык түздөн алдыңкы күлүк көрүндү. Ал адегенде талаада үйрүнөн адашкан жалгыз жейрендей эрбелендеп көрүнгөн эле. Бат эле анын артынан биринен кийин бири арыш таштап аттар чыкты. Жаныбарлар, канчалык күлүк, канчалык канаттуу болушса да тер басып, колтук созуп калгандай. О, күлүк каадасы кандай шаңдуу. Улам биринен бири калбай залп-залп арыш таштоодо.

Көрүп турган калайык бир кишидей тым-тырс болуп ат келаткан тунгуюк мейкин жакка тунуп, телмирип калышты.

Кайсы күлүк, жаныбар»?

«Кайсы ураандын асабасы көтөрүлүр экен, Теңир»? – деген караштар. Саяпкерлер ошончолук алыстан болсо





бир чылбыр бизге өтүр. Кыргыз журтун биз баштасак, эштек менен купчакты силер баштап... тыягы кара таандай табгачты, бул жагы кужулдаган чигилди чаап алып турсак... биздин казына неден кемийди!

Кыялдын ушул кытмыр демине семирген уруу каны Үрбү менен Аргы ишти алдыртан иритип коюп, өздөрү сакал сылап Адылтай ажонун алдына таазим берип келип жүрүштү. Алардын ажого келиши кеп-кеңеш айтуу эмес, алдыртан сыр тартуу, алдыртан ажого жамандык иштөө...

Ушинтип өздөн жат чыгып, өзөктөн өрт түтөп турган кезде, төлөс кыйырына купчак менен эштектин түмөндөрү каптап кирди.

Төлөс журту ансыз да оор кайгыга учурап, түмөн башы баатырынын сөөгүн жерге берип жатканда Сазан менен Жамгырчынын түмөндөрү айкырып кол салды. Төлөстүн кандары да, бектери да, кол башчылары да, тээ үч жолдун айрысындагы калың мүрзөдө, эсил баатырды жерге берип, өксүп, өкүрүп, чөгүп олтурушканда чабылды...

Бул ата салтына сыйбас, оор кылмыш башка калыс уруунун элине суук угулду. Калыс кандар тиштенип чыдашты. Сазан менен Жамгырчынын бул кара мүртөздүгүнө наалат айтышты.

Адылтай бул кабарга катуу түнөрдү. Бирок чабышка чыгаарын не тим калаарын чече албай, або, бий, баатырларын кеңешке чакырды. Олор «колду аттап, тондоп, чабышка кирбей күтө туралы. Төлөс менен азга тигил Үч-Суунун журту тирек болур», дешти. Адылтай ажо тигилердин сөзүн кесип койду:

– Тынч элди чабышка баштабаймын. Тууганга тууган душмандай кол салганда тек калбаймын!

Кан Үрбү таазим кылды:

– Сөзүң төп, айкөл ажо... Артыңдан чаң чыгарбай кайталбаймын. Элим аз..» Менин чаңым суюк чыкса, кыйыктабаң?..

Үрбүгө удаа кан Аргы таазим кылды:





– Элимди аз дебеймин. Жоо бөрүсү баатыр кол башчыларыбыз да бар. О бу кыйчалыш дүнүйө тең эмес экен... Өткөн кышта биздин малды жут чалды. Жоокер минер ат каруусуз. Эр бүлө али жаздан түйшүктө. Биздин журт чабышты каалабас... Ошентсе да асаба ураансыз калбас...

Капылыстан чабылган төлөс журту таптакыр муңкүрөгөн жок. Адегенде кол курай албай, Сазан менен Жамгырчынын түмөндөрүнө төш тиреше албай... төлөс колу чачылып калган. Чабылды, жеңилди болгон. Төлөстөн беш миңдей жылкыны айдап бир нече жүз уул, кызды олжолоп кетишкен. Сазан менен Жамгырчы, тээ ашыркы жоо – табгачты, не жоо – парсыны, же жоо – түбүт журтун чаап кайткандай өз киндиктешине кол салганын билбеди. Жоо жеңгени кол башчынын салтын улап Сазан менен Жамгырчы доолбасты соктуруп түмөн баштады. Өз журтуна жакындаган сайын жоокерлери баптанып, шаттанып ырдап кайтышты. Ооруктагы журт уруу туусун булгалап, уруу ураанын чакырды:

– Ак каз! Ак каз! Ак каз!

– Керей! Керей! Керей!

– Купчак! Купчак! Купчак!

– Баргы! Баргы! Баргы!

Чоң той өткөрүштү. Кымыз, шарап төгүлдү... Ыр, бий, бакшы ойну күн-түндөрү созулду... Бирок...

Матап келген уул-кызды, айдап келген жылкыны олжого бөлүштүрөөрдө баатырлардын арасынан кагылыш чыкты. Сазандын миң башчысы Керк баатыр:

– Менин кылычым төлөс ырысын кыркты. Мен ат башын терс бурсам, силер эл чабат бединер?! – деп эштектин түмөн башчысына сес көрсөттү. Эштектин түмөн башчысы Орок баатыр өз намысын берген жок:

– Керк баатыр, өзүңдү эрсиндиң, мени кемсинтесиң?!

Биздин кылыч сеникинен мокок болсо, мен ону ташка чабар эдим! Кан менен кан, түмөн башы менен түмөн башы энчилеш. Сен олжону бүтүн алып, мен жартыга ынанбаймын...

да өз атым болбосун деп алдыңкы күлүктүн аяк ташташын сынады. Өзү таптаган күлүккө окшобосо, ачуу ууртагандай саргая түшүп, өзү таптаган күлүккө окшоштурганы тамылжып чеке терин шыпырат... кишилер азыр өрт ичинде. Уруунун урааны, элинин намысы чымыратып кишилерди куйкалап бараткандай...

Деги алдыда келаткан күлүктөр үзөңгүлөш эмес, сейрек. Күчтүүсү узап, каруусузу калган экен. Неси болсо да байгеге илинчүлөрү тигил көрүнгөндөр...

– Теңир жалга?

– Азман акенин Аксурубу? – Анда-санда соорусу күнгө чагылыша калып, эликче секирген Акбоз бир топ күлүктүн артынан көрүндү да азыр эле байгеге кошулгандай, жаңыдан чуркагандай, жаныбар учуп-күйүп келатыр. Улам бир атты артка таштайт... Мына жетинин арты болду. О, жок! А дегиче, болбой бештин, эми үчтүн арты болду!

Жыш өнгөн калың камыштай болгон көпчүлүк эми күбүр-шыбыр айтты.

– Жаныбар...

– Жаныбар...

– Аксур экинин арты... жоо...

– Экинчи ат менен куйрукташ... жоо... тизгиндеш...

– Алдыңкы ат тың, жеткизбес...

– О, жок...

– Жаныбар Аксур...

– О! Ол алдыңкы атты куйруктады...

– Уа, онон озуп чыкты!

Калайык тынымдай тымтырс боло калышты. Токтоо суудай, жаны таслим болуп бараткан жакын кишисин карап тургандай тымтырстык. Чоң-кичик дем алууну унутуп койгондой мемиреш жарылып кетти да, калайык козголо түштү. Чуу чыкты:

– Адылтай ажонун Акбозу! Өз ашында өз күлүгү чыгыш жакшылыкка жышаана. Акка жышаана!





силер маа туура акыл-кеңеш этем деп жеке, жеке көк мизин жалап ант бердиң. Ичи каранын башын ошо көк мизи кессин! Ичиң ак, аманатты ак сактаганың азыр маа акыл кошуң?

Ордодо олтурган лөктөр бардыгы бир кишидей баш ийкешти:

– Ичибиз ак, аманатты актайбыз, ажом!

– Ыраазымын! Кеңешимди эшитиң!

– Кеңеш айтыңыз, ажом?

– Бир уйдун мүйүзү сынса, миңдин мүйүзү сыздады. Бизге киндиктеш төлөс журтунун мүйүзү сынды. Менин мүйүзүм сыздады. Муну кантели?

Азман або токтолбой кеңеш берди:

– Көсөө узун болсо, илик куйбөс. Биздин бир түмөн кол Карачур баатырга тирек болсун. Төлөс журтунун колу узарса, ол өчкөн жылдызын жандырыр.

Ирене жакта олтурган Чогултур[1] жоокердик салт менен сыңар тизелей бсрип өтүндү:

– Азман абонун айтканы ак, ажом. Колго кол башчы болоюн!?

– Тилегиң өтөлсүн, эрен. Кол баштаң. Арпасыз ат артуу ашалбайды, аркасыз алп жоо жеңе албайды. Аны эске тут! Жеке эрдик иштейм дебең! Арка бол, Карачур эренге!

– Айткан аманатың ыйык тутам, ажом!

– Бизге киндиктеш төлөс журту муң көрбөйт эди, – деди Адылтай. – Тиги уруу каны Үрбү менен Баргы ичтен ириди. Сазан кан менен Жамгырчы өз журтунун бетине көө жапты. Аларды кантели?

– Түтүн үйлөгөн өзү ышталыр, ажом. Олор түтүн үйлөдү. Эми өзү ышталсын! – деди Азман або.

Ар ким күлдү. Кобур чыкты.

Адылтай ажо күлбөдү. Сумсая карап, бир азга олтурду да анан:

[1] *Чогултур* – Эр-Киши атын ала элек кез.





– Ынанбасаң ынанба Орок. Атың Орок болгон менен кылычың жанды орбоду. Сен жоону мен түргөндөй түрбөдүң. Олжо меники!

Орок баатыр айкырык салды:

– Эя?! Андай болсо ат куйругун түйүшөм! Чабышаар жериңди айтың!

Атырылып турган Керк баатыр Орокко төш тиреди:

– Оай?! Таттуу ашка кардың тойгондо эрдемсинбең... Чабышта сенин тизгиниң бош, ашта кайратың күч...

– Кордобоң! Калканымды кылычыңа тостум?!

– Тоссоң чык, сени олжого кошомун?!

– Эя?! – Орок кылыч сууруп, мизин өптү. – Көктүн мизи[1] урсун.

Керк кылычын сууруп, мизин өптү:

– Көктүн мизи урсун!..

Экөө чабыша кеткенде эки уруунун каны Сазан менен Жамгырчы ортого түштү.

– Өзгө соккон кылыч кынга батпайды?! – деди Жамгырчы кан. Анын узун кызыл сакалы көкүрөгүнө жайыла бергенде, жотолуу зор денеси залкардай болуп, кымкап чапандын эки этеги эки жакка кетти. Кара сур ирени кумсарып чындап ачууланды. Ураан чакырышкан эрендер силердей кедерине кетпейди!..

– Каным... – деди Орок, – тартынба, баатырың наркысыз экен. Мен урааныды кошподум. Олжо тең. Өз үлүшүмдү алам, кетем!

Сазан кан тек өз баатыры Орокко алая карап, булкуюп, кызарып татарды. Муунуп калгансып, бөгөлүп кеп айталбады. Ал катуу ачууланганда ошентип муунуп калаар адаты. Ушунусунан улам анын бектери, баатырлары биздин кандын теги көк таш экен. Тээ тогузунчу чоң энеси көк таштын майын жалаптыр... Ошондон кош бой болуп уул төрөптүр. Ошол уулдан тараган тукумдун баары

[1] *Көк мизи* – кылыч мизи.





Ажо атанын ашы 592-чычкан жылы эрте күздө өттү. Жыл айланбай коңшулаш элдерде дагы кандуу кагылыш башталды...

Чакмак таш кууну тутандыргандай кагылыш болоорболбос себептен чыкты. Бул тек кокустукпу не эзелки эрежеби! Неси болсо да жазыксыз журт муңга чөктү...

Былтыр чоң ат чабышта аты өлгөн кан ошондон кийин Адылтайга кыйгач карады. Күлүк жолдо өлгөнү – өз ажалы. Ага кыянат иштеген эч ким болгон эмес. Тек аты жолдо калган кандын кадыры сынган. Кайгырып кеткен. Купчак Каны Сазан антип кайгырганда, эштек Каны Жамгырчы сыйга капа.

– Эштек, кыргыз киндиктеш. Мен кенже болуп, изгил улуу эмес. Сыйга, олжого, изгилдин аюу башынан кем калдым – деди Жамгырчы кан. Ал Адылтайга касташты.

Житкен окту аткан ок табат дегендей, ошентип уруу кандары ич ара ирий баштаганда, аларга кыргыз уруусунун бир-эки каны алдыртан от тутандырып, башка уруу кандарынын ар-намысын козгошту. А, өздөрү болсо, өз ашыбызды өзүбүз башкаралбадык. Аш башкарып олжого марымак тургай өзүбүз чыгымдар болдук. Адылтай ажо бизди теңсинбей кемсинтти, Дагы өз жайына койсок, ал ажомун деп калың журтту астына салып айдап алчудай. Жыгачтын жумшагын курт жейди... Жамгырчы, сен жумшактык кылбаң! Төлөстүн Карачуру даекке жетпей жыгылган атка байге ыйгарды. А сенин Күлүгүңдү, ошо аты даекке жетпей өлгөн аздын беги кырсыктатты деген айың бар. Аз менен төлөс чүкөнү бир калчашат. Чүкөнү сака чийинден чырылдатчу. Сени менен биз сакабыз. Түмөнүңдү баштаң, Жамгырчы! Төлөстүн төрүнө ойноң. Адылтай досу Карачурга жан тартар... Өз түмөнүн саа каршы атказар. Ол аттанбайм десе да, биз атказдырабыз. Анан артынан чаң чыгарбай кайтпайбыз. Саа кошулабыз. Аздын, төлөстүн айлы чабылар. Уулу – кул, кызы – күң болур. Малы, асылы олжолонор. Адылтайдын жылдызы өчөр. Эки тизгин,

Өкүнгөн сайын бекиген,
Бу өсөөр журттун белгиси!

Журт оозуна ушундай даңаза кетти. Чабылган төлөс журтунун кеги ачуу экен. Уул эмес, кызы жоокер кийимин кийип, кол курап жатыптыр.Карачур баатырдын мерген кызы, кыз жоокерлерге миң башы болуптур! Кеткен кегин алсын, төлөс! Сынганы бүтөлсүн, Карачур баатырдын!

Ушул кабар Адылтай ажого жеткенде, ал киши өз кызы эр кийимин кийгендей кубанды. Або-бийлерин, бектерин, баатырларын, кол башчыларын кеңешке чакырды. Ажо ордосуна келгендер жоо кийими, жоо жарагы менен келип түштү. Ордо айланасы жоокерлер. Келген або, бий, баатыр баары тең обочодогу кермеге аттарын калтырып, өздөрү ордого жөө келишти. Бирок ажо чакыртмайынча эч бири өзү басып ордого кирбеди.

Адылтай ажо або, бийлерин анча күттүргөн жок. Эрендер ордого кирсин, – деген буйрук берилди.

Күрс! Күрс! Күрс! Үч жолу доолбас урулду да баятан айбалталарын тийиштирип эки босогодо турган жоокерлер, какайып ката түштү. Алар айбалталарын тик тутушту. Ордо эшиги ачылды. Адегенде баш або, анан бий, манап улам улуусу ордого киришти. Адылтай тактыда. Киргендер ажого таазим кылып, колдорун көкүрөгүнө коюп жумшак, элпек баш ийүү ийкеминен кийин або-бектер тактын оң жагына, баатыр кол башчылар тактын сол жагына кыркалай олтурушту.

Адылтай ажо артыкбаш кааданы каалабай тике айтты:
– Оң каруда або, бийлерим, сол каруда баатыр-эрендерим кулакка куюп эшитиң! Көк теңири ажо тагын маа буюрганда, төп, айкөл, сак, журтуңа күзөтчү бол, деп тапшырган. Бу ыйык аманаттын бирин чала иштесем, же бирин эсимен чыгарсам, анда ажо тагы маа арам! Баба арбагы мени ыйыктайды. Мен эмес, баарыбызды ыйыктайды. Оң каруда або, бий, бектерим, сол каруда баатыр-эрендерим,





– Көк асаба асманда! Ураанын намыстуу кыргыз атанын журту!

Адегенде Азман абонун Аксуру дешкен эди. Адылтай ажонун Акбозу экен.

Айныбай Акбозду тааныганда Адылтай бүктөй кармаган булдурсунду жапшыра басып, жоон санын таянган калыбында тээ ат келаткан жактан көз айрыбай зоңкоюп калды. Ал үн катып сөз да айтпады, козголуп да койбоду. Тек катып-сенип жансыздай локуят. Ак тал аралаган сулуу жээрде сакалын жашы жууп турду. Ажо эми жашын да сүртпөдү.

«Зоболом! Зоболом! Бу менин атымдын байге алганы эмес, журтумдун зоболосунун көтөрүлгөнү! Зоболом! Зоболом»!

Үчүнчү болуп Азмандын Аксуру келди.

Отуз ат байге алды. Чаанын Сары торусу даекке жетип-жетпей жыгылып каны күйүп, жүрөгү жарылып, жаныбар мүрт кетти. Ай, анан калса жылкы баласындай чыдамдуу, канаттуу асыл мал барбы? О, жок!

Аш башкарган кишилер Сары тору күлүктү чыкканга эсептеп, байге берилди. Беш ат келген жок. Алар жүрөгү жарылып жолдо калды. Мынчалык көп күлүктөн алты аттын өлүшү анча да көп эмес. Ошентсе да ал боруккан күлүктөрдө жазык жок. Аларды таптаган саяпкерлери жаңылган...

Каны күйүп, жүрөгү жарылган күлүктөрдү кишилер ошондой акташты:

– Жылкы баласы ыйык, ол канаттуу, жарыктык!

Ол күлүктөрдүн табы бузулган. Саяпкерлери жаман...

Ат чабыш мөрөйү да аяктады.

Кут коноктор тигил мөрөй өткөн майдандан, ашка келгенден бери конуп жатышкан өз-өз үйлөрүнө өз тобун жазбай келишти.

Таттуу аш-тамагы тартылды. Айтылчу Улуу сөздүн аягы айтылды. Буга дейре ар күнү кечинде, ортого асыл





Уа, Көк теңири, жалган!

Аш каадасы аяктады. Урааны даңкка жетип мөрөй алгандары байгесин алды. Урааны тайып, мөрөйү бөккөндөрү маанайы пас кайтышты.

Кут коноктор туш-тарапка, өз-өз журтун көздөй тизгин алышты.

Бийик сыйга ыраазы болгондор жол бою ашты кеп салышты. Улуу сөз учугун улашты...

Сый баркын түшүрүп, ич тардык эткендер, бул журт менен кантип кагышаарды, жоолашаарды, чабышаарды ойлоп тиштенип, түнөрүп келатышты...

– Ой-э, уздарым! – деди Уз жеңе. Бул эшиткендериң кечээкинин кеби. Бүгүнкүнүн кеби эртең айтылаар! Оймогуңар ойносун чырактар...

Уз жеңе кеп учугун улай берди...

## КҮЧ ЖАНА АРЗУУ

Баатыр – согушта, акыл – ачуу келгенде, дос – зарылдыкта сыналат.
*Чыгыш алдеринин сөзүнөн*

Эки киши күнөөкөр болсо,
Бир киши данакер.
*Макал*

Эки таш беттешкен жерде – күкүм,
Эки адам эптешкен жердо – бүтүм.
*Макал*

Теӊ-теңин тапса, деңиздей чалкып жашайт.
*Эсхил*





ушундай: ачууланса көк таштай мелтирейди. Анан ал ачуусун токтотпой ашынса, жаман. Кол астындагыны кууратыр. Көк таштай жанчыр, дешчу...

Чынында да Сазан кан ушинтип көк таштай мелтирегенде не бирөөнүн азоого сүйрөтүлүшү, не бирөөнүн чоң айып тартышы, не бирөөлөрдүн кул, күң болушу менен тынуучу.

Азыр ошол Сазан кандын көк таштай мелтирегенин көргөн Орок баатыр акылына келе түштүбү? Таң. Кылычын кайра шилтеди. Өкүнүп, өксөп колунун сыртын тиштеп... тескери кетти. Бул да ачууга уккан баатыр салты. Муну менен да көк таштай мелтиреген Сазан кан эсептешпей коюшка акысы жок. Неси болсо да оттогу ташыган сууга челектеги муздак суу чабышканда кайнак токтоло калгандай кан ачуусун баатыр ачуусу, баатыр ачуусун кан ачуусу басты...

Эки баатырдын чабышы басылды. Бирок ичтеринде кек калды. Баатырлар кыйгач карашканы – баатырдык миздин тайыганы. Кол баштачу эрлердин кектешкени – ынтымактын кеткени. Уруунун калыс аксакал-билгилери эки баатырдын олжо талашып, кектешип калганын жаман белги, терс иш дешти. Бул, тек эки баатырдын намыс-ары козгоп чыгарган чатак эмес, акка көө жаап, каранын отун тутандырган азгырык кара жиндин иши... Кечээ, көңкү[1] журттун баштуу кишилери Адылтай ажонун алдында көк асаба урaaнын чакырышабыз, деп ант оозандык. Ыйык Көк Теңирине, боору күрөң Жерге сыйындык. Бир баш, бир кол болобуз деп кан, або, бий, бек, билги, чечен, аксакал, баатыр кол башчы – баары көк темир өптү... Эми ичтен ала чыкты. Биздин кандар көк асабага каршы. Бир башты экиге бөлдү, бир колду экиге ажыратты. Баба арбагы каардады...

Баатырлардын эми өздөрү эки ажырады...
Эми бизге жоо келсе, канттик?

[1] *Көңкү* – жалпы, бүт бардык.

таш коюп, жыпар жытын чыгарып, түндүн бир маалына эртеги баба өмүрү – Улуу сөз сүйлөнчү. Бул бөтөнчө, ажо ата курбалы журт атасы, не журт баатыры, не акылман-билгисинин арбагын ыраазы кылган – Улуу сөз. Бул бабадан калган аманат-эрдиктин, бирдиктин, кеменгердиктин, эмгектин, бийик касиеттин, караңгыны ада кылып, жарыкты жандыруунун сөзү! Бул сөз санжыра катары айтылат, ыр катары күпүлдөк обонго салынып, ыкчам кыймыл чечкиндүү аракет менен айтылып жаткан окуяны көз алдыга элестеди. Эң уйкалышкан ыр саптары сонун кыраат менен айтылды. Ал эң күчтүү окуяларды ачып, укмуштуу зор алптарды элестетип, кандуу кагылыштарды көз алдыга келтирди. Ошондо киши уулу жеңилгис күчкө айланат. Бири темир кийип суугa акпай, отко күйбөс болсо: бирин кылыч кеспес, жанчар сайбас.

Бири жан-жаныбардын сырын алып, тилин билсе, бири чөптүн, жыгачтын шыбырын туюнат. Бири арстанга айланып күркүрөсө, бири зымырыкка айланып асманга сызат. Анын канатынын күүсүнөн бардык азуулуу, бардык жаман нерсе катылат, сапырылат…

«Улуу сөздө» укмуштуудай апыртылган жомок айтылсын – уккандар аны чын өмүр, чын болгон тарыхтагы окуя, аларда катышкан кишилер өздөрүнүн бабалары деп таанышат. Тигил апыртылган жомокту жалган деп айтуучу эч бир жан жок. Себеби, киши уулунун тилеги, анын адилдик үчүн болгон күрөшү отко да күйбөс, суугa да акпас, өлбөс да, өчпөс да!

Ушул өлбөс, өчпөс «Улуу сөз» айтылаарда кишилер аны угуш үчүн атайы тазаланып, ниетине жаман ой түтпай агарып олтурат. Кокус алда бирөөнүн көңүлүн ыпылас нерсе бөлө берсе, баарыдан мурда ал өзүнөн коркот. Өзүн жектейт. «Мени ээрчиген жин барбы? Мени азгырган шайтан барбы»? дейт. Чыйралып, чымырканып «Улуу сөзгө» ишенет. «Улуу сөзгө» ишенээр замат, ал ошол жаман кеселден да сакаярына ишенет!





«Улуу сөз» сүйлөнгөн үйдүн коломтосунда күмүш не темир тулгада, күмүш не алтын табакта асыл таш жанат. Жыпар ис аңкыйт…

«Улуу сөз» күчү, анын касиети ушундай!

Азыр кадимки чоң сууну бойлой, тигил кең төрлөргө чачырай өз-өз ирети менен катар тартып тигилген калың ак үйлөрдө кут коноктор күндө сүйлөнгөн «Улуу сөз» аягын ада кылып олтурушту.

Калың айылдарга ыктай тигилген аш үйлөр өздөрүнчө үйүр-үйүр. Ал аш үйлөрдүн жанын таш очоктор ээлеген. Чоң казандарда аш-тамагы булоолонууда. Ашмачылар, табактарга эт жасагычтар шымаланып, алар да иште. Табактарга эт жасалууда. Баштарын көк, кызыл, ак тасма менен бууган жеңил кийинген атчан кишилер аш үйдүн алдында колуна табак тиери менен жоргону бездирет. Кут коноктор олтурган үйлөргө жетип келишет. Анда эшик алдында белен турган кишилер табакты алаар менен жоргочондор кайра бездиришет.

Мындай кабыл алуу кишилерге жедеп жатталып калган. Таш очокко от жаккан, отун ташып, үй-үйлөргө суудан тарта керектүүлөрдү жеткирген кул-күңдөн, кызмат көрсөткөн кара башыл жакырдан тарта тигил ар бир үйдө кут коноктордун табагындагы этти күлмайда кылып туурап олтурушкан туурамчыларга чейин – ар бир киши өз милдетин кылтыңсыз аткараар, бөгөлгөнү камчы жээр…

Кут конок тек жай олтуруп, «Улуу сөздүн» учугун улап айткандарды эшитип, сый үстүндө…

Аш-тамак ада болгондо «Улуу сөз» да ада.

Кишилер зерикпей дит коюп эшиткен «Улуу сөздөрдү» көңүлгө түйөт. Ар биринде тукум бар. Тукум барында келечек бар!

Аштын бардык каадасы ада болгон соң, төрдө олтурган улуулар арбакты сыйлап аш берген журтту алкашты?

– Арбагы тирик ажо атанын эл-журту муң билбесин! Жер-суусу ээн калбасын. Өрүшү кеңисин, түндүгүнөн Күн түшсүн. Укум-тукуму түптүү болсун!





Уруу белгилери ич ара ушундайча кооптонушту. Чынында алардын бул кообуна толук себеп бар. Ич арага жик түшсө, чабыш кеги артаар. Кечээ чабылып калган журт, камынаар. Бүгүн ал күчөйт. Кечээ чапкан кол, бүгүн минтип ичтен ирип күчтөн таят. Коргоно албай чачылаар…

Төлөстүн билги каны Карачур тек журт башкарган кан эмес. Ол, болот кылычты жоого тике көтөргөн баатыр да. Ол кечээ чабылса, байкоосуздан чабылды. Көзү өткөн эр кол башчыны жерге беришип, журт аза күтүп турганда чабылды. Жоо келет деген ойдо жок жерден төлөс журтунун жылдызы түштү. Эрлер куралсыз болучу. Улан-кыздар сыкташты. Баатырды жоктоп, өлүк каадасын өтөп жатышкан. Эмесе, ошо кайгы үстүнө кайгы, муң чөгөргөн Сазан кан менен Жамгырчы канга Карачур катуу кекенди. Ол кара өзгөй эки кандын түмөндөрүнө чамасы келбесин билгенде… өз колун чыгымга учуратып албас үчүн ат соорусун салып, тоо таянып кеткен.

Журтун чапкан жоо колу олжолуу кайткан соң, үйү каран калган конушка, малсыз калган жайытка Карачур өкүнүп-өксөп кайтты:

– О, ыйык ата конуш, сени каран калтырдым. О, көк майсан өрүш, сени малсыз калтырдым… Мен кан эмес, кара башыл киши болдум. Ыйык жер-суум сен какшып калдың, зайып – тул, улан – кул, кыз – күң болуп кетти. Алыстан келген жоо эмес, маа аны иштеген тиги киндиктеш купчак, эштек. Кечээ мени менен тизе тийишип олтурган кандар?!

О, ант унуткан бузуктар… Бүгүн маа жабылган кара, эртең силерге?! – ушинткен Карачур баатыр өксүп кекенди. Өчкөн жылдызын жандырыш үчүн бар күчүн салды. Эртеңки жортуулга уул эмес, кыз камынды. Уул тарткан жебени кыз тартады. Уул чапкан кылычты кыз чабады. Бул, байыркы ата, эне жөрөлгөсү. Улуу сөздү кулак коюп эшиткен улан, кыз, байыркы заманда жоо колуна кеткен уул жоокерди, артынан барган кыз жоокер куткарып кай-





тканын далай кулагына куюп алган төлөстүн кыздары эр намысын талашабыз дешти.

Атасы Карачур, энеси Карачач канышанын үстүнө Сайкал кыз тике басып кирди. Жоокерче кийинген кызын көргөндө ата-эне бир чети сестейип сактанып карашса, бир жагы ичтен кубанышты. «Уа, баба жолун жолдогон намыстуу тукум! Дилиңден, демиңден кагылайын»!

Ата-энө кызына ошентип ыраазычылык менен караганда жоокерче сыңар тизелеп олтура калган Сайкал, колун бооруна алып өтүндү:

– Журтуң кара жамынып калды, кан ата. Бузуку кандар төккөн ырысты кайтып алыш, маталып кеткен улан, кызды кулдуктан, күңдүктөн куткарыш баарыбыздын намыс! Кол канына буйрук айтың, ата. Төлөс журтунун кыздары жоокер кийимин кийинди. Ичинде жебе тартар мергендери да, кылыч чабар берендери да бар. Кол каны маа ишенсе, ошолорго миң башы болоюн. Жо-о… ишеним болбосо, жөн жоокериңмин!

Карачур баатырдын сакалына жашы тамды:

– Демиңе атаң ыраазы, чырак. Тилегиңе жетиң!

Баягыда ажо атанып ашында жебе тартышып көрүп, ата-а, Карачур баатырдын бу баласы уул болуп калса, не! – деген журт эми ошол кызы миң башы болуптур деген кабарды укканда далайы көзүнө жаш алды:

Байыркы улук каада өчө элек тура, журт! Баса, уул журт коруган эрен болуп, кыз журтта калган талпак беди?.. Ол – берен! Карачур капылыстан чабылды. Эсил баатырдын жылдызы жерде калбайды, эми. Уул ордуна кызы кол баштады!

– Бул, каада журттун өсөөрүнө көрүнгөнү!

Түгөнгөн сайын түтөгөн,
Түлөгөн сайын түктөнгөн,
Бу түптүү журттун белгиси,
Өлгөн сайын өөрчүгөн,

Азыр ошол Күлчүрдү сынынан өткөзүп, баралына толгондо журт сактаган шер болооруна көзү жетип, ичтен кубанып келаткан Чогултур кечинде атайы таш жазданды:

– Жортуулда жоокер жоосу – уйку! Таш жазданып, чырым алың! Жылмасын коюң! Бодурун жазданың, таштын!

Чогултурдун ушул жоругунан кийин Күлчүр бети убүлүп бодур ташты жазданып жаткан. Таштын бодуру өткөн жаагы адегенде сыздады, аны Күлчүр тоотподу. «Чыдаң ит. Чыдаң, аюу» – деди, ал өзүнө өзү. Бирер мезгил таш өткөн жаагы сыздап ооруду. «Чыдаң, ит.. Чыдаң доңуз», – деди дагы Күлчүр өзүн өзү. Жаагы чымырай баштады... Кандайдыр бир жан кейитпес сезим пайда болду. Анын эсине Сайкал түштү. Сайкалдын ээрде олтуруушу, ат соорусун көздөй чалкалай калып жоргону бездирип баратып жаа тартышы көз алдынан сызып өттү. Караңгыда учкан жарыктай, учкан жылдыздай болуп Сайкал элеси көз алдына таасын тартылды.

Күлчүр жүрөгү толкуду. Жымыйды: «Сайкал азыр кайда? Жоо колуна түштүбү? Же аман эрөөлдөбү? Ол кыз менен эрдик сынашамын...»

Сезими чымырады. Күлчүр куш уйкуга чөктү. Чымыраган уйкуга төнүп баратып ал ойлоп алды. «Түш көрөйүнчү... Сайкал кайда экени көрүнсө...» деп тиленди. Бирок чарчаган эрен эч түш көргөн жок. Жаагына таштын өткөнүн сезбей чымырап катуу уктады.

Салкын желпип өткөндөй леп тийди. Күлчүр ойгонуп кетти. Түндө уктаарында булут жыртыгынан жалжылдай караган кош жылдыз эми жамбашка ооп барыптыр. Азыр ал эки жылдыз көк жээкти көздөй тоголонуп кетчүдөй, сезилди. Күлчүр түндө ушу эки жылдызды – бирин өзүнүн, бирин Сайкалдын жылдызы деп койгон. Азыр уйкудан көзү ачылганда кош жылдыз бирине-бири жакын жылгандай боло түштү. Күлчүр акырын айтты:

– Жылдызым...





Коңуругу таш жарып жаткан Чогултурдун коңуругу тып басылды да, күңк этти:

– Тынык! Жылдызың бирге болур!

Уктап жатып туюнган Чогултурга Күлчүр аябай таңданды: Ал: «Жылдызым дегенди билип койду, Чогултур» – деп уялып кетти.

Тынымдан кийин Чогултур жана күңк этти:

– Уялмаң! Киши жылдызы үчүн чабышка чыгады! Тынык!

Ушундан кийин уктай албай да койду Күлчүр. Тыныга албай да калды. Анын оюн бөлгөн тынчсыздык, эми Чогултурдун сактыгы, укмуштай байкагычтыгы, баамчылдыгы болду.

«Айя... – деди ал ичинен. – Теңир бу кишини башка жараткан беди. Бу анык шер. Жебе тешпес, от күйгүзбөс, суу агызбас шер. Байыркы эр баба жөнүндө айтылган баян жомок эмес чын, чын экен! Киши уулунан ушундай, касиеттүүлөр болот тура? Чогултур барда биз жоого жеңилбеспиз... О, иттики... Мен анык аюу экемин... Чын, жеңилбейбиз. Эч кимге, эч качан! Мен Эр-Киши боломун... Жо-о... боло албасмын... Уйкучумун. Кишинин ички сырын сезе албаймын... Ал тургай кээде коркокмун... Жо-о өзүм Эр-Киши боло албасам да, уулум Эр-Киши болсо эди? Айя, иттики. Деги мен уулдуу болоор бекемин? А эмине? Сайкал кыз мени чанса, зордуктап аламбы? Ондо биздин ураан чуу салалбай калыр. Ол касиетсиз болур. Киши сырттанына зордук этиш чоң жаза. Киши сырттаны зордукка чыдабайды. Ол өлөт... Ыйык, баатыр, сулуу Сайкал кыз өлбөсүн. Ол эркинче, каалашынча... аттын кулагында ойносун. Жел менен жарышсын...

О иттики. Сайкал төрөгөн уул Эр-Киши болоор эди»...

«Тарс» согулган доолбас Күлчүрдүн оюн бөлдү. Күлчүр ыргып турду да шап атына минди. «Эй, Эр-аке, аттаның» деп айтышка эптенип бурула карап, өзүнөн мурда Чогултурдун ээрде олтурганын көрүп, анын сактыгына, тездигине, шамдагайлыгына аңкая калды:





Арттагы карабашыл кишилер чуу салды:

– Чогултур бизге да калыс.

– Бизге да калыс...

– Калыс киши өл десе, өлөбүз. Тирил десе, тирилебиз...

* * *

– Айэ-э, уздар – деди уз жеңе.. – Эр-акеңер, киндиктеш кыргынга кыябы? Ол жолу төлөс журтуна чапкан Орок баатыр да жазаланбады. Башкалары да жазаланбады. Кул-күң болуп кетишкен уул-кыз өз журтуна кайтты. Ошондон кийин Орок баатырдын жылдызы жанды. Башка журт Эр-акенин калыстыгын, Карачур алптын айкөлдүгүн макташты.

Ондон бери кырк жыл асыл таштай жарык болуп жибек жипке тизилип кетти. Киндиктеш журт бир кол, бир баш болду. Тээ алыстан келген жат жоого бирге төш тирешти. Жеңилбеди. Жеңип турду, биздин журт...

Кечээ кышта өздөн чыккан Керген арам болду. Элтерес бизди чапты. Журт ичи тынч эмес, Баатырлар кекенир... Биз минтип көз майды түгөтүп эр кийимин тигип олтурабыз...

– Ай эй... Уз жеңе, сиз Айым эне жөнүндө айтмак эдиңиз? – деди.

– Ыя... баса... мен ону айтпай калыпмын.. Ошо барышта... Тиги биздин Күл аке тиги мерген кызга арзыды. Өзүнө түгөй күтпөй жүрчү Күл аке, ал жолу азыркы Айым энебизге жылдызы түштү... О, бу өзүнчө «Улуу сөз»! Айым энебиз кыз кезинде баатыр салтын тутту. Өзүнө калың төлөтүп, кыз каадасы менен эрге барышты каалабады. Эр уул өзүн арстанмын десе, мен өзүмдү жолборсмун деймин. Мени алчу эр мөрөйгө чыксын! Мөрөйдөн жеңсе, мен онун түгөйү. Мерөйдөн алдырса, ол маңа жыгылыштуу.

Кыз кайратын сынап көргөн эр аке мөрөйдү кыз баатыр алдырбасын баамдады. Уа, мөрөйдү кыз алса, эр баа-





Неси болсо да кыйырда жаткан Карачурга каршы кол аттана элек. Карачурдун миң башылары чыдамсызданды. Төлөс журтунун эр жеткен уландары ураан чакырып аттанган. Эми Карачур акенин алдына эң жаш баатырлар келишти:

– Күттүк, баатыр аке. Баатырдык салт өтөлдү!

– Айе! Биз чабуул баштайбыз!

– Жолубузду ачың, шер аке?

Талапты тике айткан жаш баатырларына ичтен ыраазы Карачур тигил жоолашкан ит кандардын колу менен тирешсемчи. Карабашыл кишилерде не жазык деп дале эки анжы турганда кызы Сайкал ат жалына баш ийди, колун бооруна алды:

– Жоо аяган жаралуу деп, аке өзүңүз айтчу эдиңиз. Биз кимди аяп турабыз?..

– Туура айтасың, балам! – деди Карачур. – Чабышаарыбыз те, кектешкен кара жоо болсо, аяшпас эдик. Бу кыйыр бизге киндиктеш журттун кыйыры. Сайкал түзөлө берди да тике айтты:

– Киндиктеш журт бизди аяды беди? Шер акенин сөөгүн жер алып жатканда бизге муң үстүнө муң түшүргөн бул журт?!

– Сайкал эже чын айтты, шер аке. Биз бу журтка кектүүбүз, – деди жаш баатыр.

Карачурдун токтоо чыккан үнү эң ишенимдүү угулду:

– Бизди киндиктеш журт чаппады. Көңүлүн кара жапкан арам кандар чапты. Аларга азгырылган кишилер ээрчиди...

– Айе, шер аке, алар эки түмөн кол болуп келбеди беди? Эки түмөн аз киши эместир, акыры...

– Тек! Туура. Эки түмөн көп кол. Эсирген серке аскадан секирсе, артындагы аксак койлор ташка жанчылар. Тигил кандар ошо эсирген серке болду деп, биз аксактарды ташка жанчалыбы?! Жок! Карга карганын көзүн чокубайды. Карабашыл журтта эч жазык жок. Мен ошо эки түмөн жол-

ду баштап келген кандары, бектери, баатырлар менен беттешемин!

– Алар чыдап чыкпаса, кайра кетебизби, Теңир?

– Келишет. Кыйырга чабышам деп кол келгенде, чабышка кол курап чыкчу салт бар.

Сайкал жылмая кулүндөп атасынан дагы өтүндү:

– Ошо кол бар бекен? Жол чалып келели. Жол ачың, аке?

Карачур чалгынга уулдар барсын деп айткысы келип, бирок кызынын десин суутпады. «Мени уулдан кем санайт, акем» деп Сайкалымдын ичинде таарынычы калбасын деди да, чалгынга жол ачты. Аларга эскертти:

– Айыл аралабаңдар. Четтен кайтыңар!

Чалгын жортуулуна жаш баатырлар түндөн аттанды. «Топтошуп көрүнөө жүрбөй көздөн оолак болгула. Аттанган кол көрүнөбү? Не кол атказарга камылга барбы? Не журт чабыш каалабай коюп, карайлаган кандар өздөрү аргасызбы? Тыкан, сергек жүрүп сыр тартып кайткын чырак» деген Карачур баатыр Сайкалга.

Чалгынга жол алган соң, Сайкал өзүнүн миңинен эки жүз жоокерди баштады. Бул кыз кол башчынын өз ичинен макул тапкан белгиси, төлгөсү. Байыркы Талмызкыз да эки жүз, кыз-жоокерин баштап, тээ шаа колуна туткунга кеткен мерген уландарды куткарып келбеди беле. Ие биз ошо ыйык эже Талмыздын жолун жолдой албайбызбы?

Айэ! Не өлүм! Не жеңиш!

Сайкал эки жүз жоокери менен чалгынга аттанганда, жаш баатыр Сенек да эки жүз жоокер алды. Булар чогуу жүрбөдү. Канатташ-танапташ кабардашып, бирок, жүзгө бөлүндү да түн жамынып, эштек жерине өтүп кетишти…

Бул кезде Адылтай ажо Карачурга көмөккө атказган бир түмөн колду Чогултур баштап кыйырга келди. Адегендө те алыстан көрүнгөн калың колдун караанын чыкканда Карачур, ал келаткандардын ким экенин биле ал-





Орок кеп айталбай калтырап кетти. Талмалуу кишидей муунун титиреп араң үнчүктү:

– Мен эл багар эрен эдим. Олжо самап… каным азгырган дөбөт болдум?! Өзүмө кандай жаза буюрсаң, эркиң, шер. Уруумда жазык жок. Тукумда жазык жок…

Биздин тукум карды ачса ачты дебеген, үстү жыртылса, жыртылды дебеген карабашыл момундур… Урууга жаза тартпасын шер?

– Сен баатырсың, Орок! – деди Карачур кескин. – Баатыр баатырга жалбарбайды. Үзөңгү өппөгүн! Тике туруң!

Орок баштагыдай зор эмес, суудан чыккандай шөлбүрөйт. Самсый келген тигил карабашыл кишилер жер өөп баш көтөрбөй калышкан.

– Кул эмессиң! Баарың баш көтөрүң! – деди Карачур аларга.

Кишилер турушту. Бирок тик карашпады, жер карашты.

– Мен карабашыл журтту жоолабаймын! Кан жутар канды, канга дем берген жоокерди жоолаймын!

Карабашыл кишилердин арасынан үндөр чыкты:

– Төлөс журтун чапканда мен да баргам, жазаңды алам…

– Мени да жазалаң…

– Мени да жазалаң…

– Эне, бала аман болсун? Тукум калсын, уруудан?…

– Ону калыс журттун билгисине койдум! Силер жазалуу, биз жазалууга чапкан ызалуу. – Карачур булдурсун камчысын бүктөй кармап, тигил калдайган калың кол жакка көрсөттү. – Ана кыргыз атанын түмөнү. Элге эл арка. Түмөн башчы Чогултур алдыда! Акылман билгиси жанында! Мен ошо айкөл шерди калыска коёмун. Көнбөсөң, Орок, өз калысыңды атаң? Силерди актаса да, жазаласа да калыс иши.

Чогултурдун атын укканда Орок чыйрала түштү.

– Айя, жамандын колунан таттуу аш жегиче жакшынын таягын же деген, Карачур баатыр, кыргыз атанын Чогултуру бизге да калыс!





– Уа, Эр-аке. Атка качан миндиңиз?

– Ие, капсаланда делдейиш чамасыздык. Бастыр, Күлчур! – деди Чогултур. – Жортуул алдында сөз чабышты өксүтөөр...

Чогултур шарт бастырды.

Күлчур ызалана түштү да атына камчы басты…

Чогултур ага жалт карады:

– Эр атында не жазык? Жаныбарга камчы согуш маалы жок. Жоокер канаттуу досунун сөөгүн сыздатпайды! Ат жаныбар жоокер оюн, анын тизгин кармашынан сезет. Тизгинди тың кармаң. Атың тың. Ээрде бек олтуруң. Атың чыйрак! Камчы, аттын көңүлүн калтырыр. Жылкы кулуну сезгич. Сен аа санааңды сездириң!

Тестиерге айтылчу жемедей болуп эшитилди Күлчурга, Чогултур сөзү. Ал атасынан жеме уккан баладай кынжыйды. Ызаланды, ардыкты, бирок үнсүз бастыра берди…

«Уа, эр аты онун канаты. Баса, кыраан канатын ар дайым тарап асырар».

Бул кезде жөө турган бир жоокер жок. Бардык түмөн тизгинди бир кишидей Күн баткан жакка буруп шуулдай жүрүп калды. Келаткан атчандардын деми, илеби шамал чыккандай шуулдады.

Жана күзөттө турган сакчы тээ жээк жактан жер төлөөдөй карарган шаң байкады. Ал шаң кашатты, не калың кийикпи, не каптап келаткан колбу? Айра таанылган эмес, көз талдыра бир азга карап туруп, ал шаңдын келаткан кол экенин тааныды. Уа, алар кол болсо да ирettүү, түптүү колго окшободу.

Мындай учурда доолбас кагылмак. Доолбас кагылганда жоокер шап ат үстүндө кам. Мына эми шуулдаган кол жапырт аттанганда алды жактагы ол шаң жерге житкендей көрүнбөй калды. Бирер мезгил өткөндөн кийин гана тиги алды жактагы коодон аттуу-жөөлүү кишилер сороюп-сороюп көрүндү.





– Кан төгүлбөй кара сүрүлсүн! Айкырык чыкпай ак жолдуу болсун!

Чогултур баатыр сыңар тизелей берип, көк мизин өптү:

– Ынтымак болур, ажом.

– Арамдар эсине келсин!

– Алдыңызда болур, ажом.

Ушинтип бекип баатырдык убадасын берип кол баштап келген Чогултур жол бою Күлчурду ичтен сынады, Жаш эрендин атта олтурушу, келбети, жоокердик салты, сүрү өзүнөн-өзү айкалыша келген. Далай чабышка чыгып дасыккан баатырдай. Бул кезде Чогултур өзү да жаш, өзү да көптү көрө элек. Мындан мурда бир нече жолу чабышта жеке эрдик көрсөттү. Анын алп күчү али ташый элек. Өзү эрдиги, билгилиги менен анча таанылa элек. Шондо да азыр түмөн баштап, кошуунга баркtүү. Чогултур тек Күлчурду сыноодо. Күлчур Чогултурдан туура тогуз жаш кичүү. Өзүнчө кол баштап эрдик көрсөтчү кези болоюн деп калды. Бирок ал али темир канат, жетиле элек. Ал жетилүүгө тийиш. Баатыр жылдызы жашында өчпөсүн. Жаш тал ийилчээк. Марымчысы жарашпаса жаш эрендин чабышта жүрөгү өлүр. Чылгый тери ийленсин – жыртылбасын. Жаш тал ийилсин – сынгыс болуп катсын…

Ат ээси – жылкычы, Жылкычы кадик, адис болбосо, жоокер минээр ат жок. Эл ээси – баатыр. Ол баатырды кол баштаган кара жал баатыр асырайды. Ондой баатыры жок эл – алсыз. Көрүнгөндүн талоонунда калыр.

– Уа, эне уул самайды. Эл-журт самайды!

Адылтай ажо уулу Күлчур, тек Күлчур бойдон, карабашыл бир киши бойдон калбасын деп ал төрөлгөндө атын Күлчур койгон. Күл – муңайбастык. Чур – баатырдыктын купуя аты! Уул, эл-журтун муңайтпас шер болсун деген тилек. Бул ак тилектин, купуя сыры ушунда. Ошо ак тилек Күлчурга ак жол ачыш үчүн, аны эчен сындан өткөрүп, жакшы жолдо баштоо учурдун өнөр-билиминин эң бийиги ушунда!

Алды жакта калың караан болуп көрүнгөндөр ушулар болучу.

Эки топтон бөлүнө чыккан Сайкал кара атты элирте келип, атасына табышмак айтты:

– Дабан чың, эл муңдуу. Тешиктен чыккан ажыдаар бар экен. Ону канттик, аке?

Жан-жанындагы эрендер «Бу не кабар» дегендей аңкая караштры.

Карачур токтолбой:

– Чың дабандан ат ашыр, балам, – деди. – Баатыр эр ажыдаар башын чабар. Журт муңсуз болур!

– Эйя, аке. Ажыдаар башы чабылыптыр. Журт муңболсун, анда!

Азыр гана жете келген Орок ат үстүнөн кулап түштү да, жүгүрө басып келип Карачур баатырдын үзөңгүсүн өптү:

– Жылооңо башым курман, шер? Айыбымды кеч деп ыйлап келбедим. Жазамды тартайын деп өзүм келдим. Жөн келбедим: сенин журтуңду чапкан канымдын башын кесе келдим. Муну менен жазамды кечер бекен дебедим. Өз жазамды мойнума аркалай келдим. Баатырдык салтты бузуп, каракчы болгонумду кийин билдим. Жортуулдан келатып... ат от чалганча таш жазданып чырым эткен эдим. Түшүмө бабам кирди: «Жыгачтан соот кийген зор киши мени мышыктын баласындай шилимден алып так көтөрдү. Жүзү кызылдуу, жээрде сакалы көкүрөгүнө чачырап, от көзү шилимди теше карап: «Сени ана баатыр төрөсө, жоого каршы аттанбай өздү чапканың кандай? Акыл жүгүрт, ак жолго түш. Жок канкор кандын жуундусун жаласаң, каардап салам. Тукумуң кырылар»... деди...

Чочуп ойгонуп ыргып турдум. Атым от оттобой тур. Көл-шал түшүп үстүнөн тер булоо. Өзүмдүн эки колум көтөрүлбөйдү... Мен әчкирип баба арбагына сыйындым. Журтка кайттым. Агын суу боюна акбоз атап, арбакка сыйындым. Өз уруум бүт каныбызга каршы чыктык. Мен аны кармашып сойдум...





бай...доолбас урдурду. Өз колун иретке келтирип, жоокерлер шап аттансын деген.

Бирок кол күткөн тараптан эмес, тигил оң кару жактан чыккан колдун тизилиш салты, жүрүшү ирettүү, тартиптүү, шаңдуу көрүндү. Неси болсо да кабар алуу оң. Жоо болсо, бизге келсин. Чабышаар жер бу эки ара. Өз болсо бизге кошулсун. Ак дилине бабамдын ыйык арбагы, өзүмдүн ак көңүлүм ыраазы. Барың. Ким булар?. Билип кайтыңар, деп үч жоокерди чаптырды да, Карачур өзү, жүздөй киши аттуу көрүнөө дөбөдө турушту.

Жиберген үч жоокер тигилерге кошула түшүп, буйдалбай калың кол зампылдай жакын келишти. Алар жакын келишкенде көк асабасы даана таанылды.

Жалындай жээрде айгырга минген Карачур баатыр көк асабаны тааныганда кубангандан ыйлап ийди. Кечээ ушу жерден чалгынга кеткен кызы эсине түштү. Өткөндө чабылган айылы эсине түштү. Азыр тигил көк асаба көтөрүп чабыш жүрүшүндө зампылдай келаткан колдун алдында Адылтай ажонун ишеничтүү кол башчысы Чогултур, ажонун эр уулу жаш Күлчүр бар экенине күмөн кылбай, жээрдени такымга басты.

Теминтпей атырылчу жалын жээрде эми жазыксыздан булдурсун такымга чып чабылганда турган жеринен так түйүлдү. Карачур желээ бою алдыда, анын акылман-билгилери, баатыр кол башчылары артта дөбө ылдый төгүлдү. Тигил жактан Акбозду минген жаш Күлчүр, Кызыл буурулду минген Чогултур катардаша алдыда сыздыра келатышат.

Доолбас согулбады. Тек сурнай бапылдады. Бул чабыш белгиси эмес, салтанат урааны. Колго колдун берген саламы. Учурашуусу. Сурнай бапылдаган сайын Карачурдун зор денеси чымырады. Ал толукшуп жакын келгенинде Чогултур озунуп учурашты:

– Арба, шер! – Оң колун көкүрөгүнө алып баш ийди. – Төлөс атанын ураанын чакырышканы кыргыз атадан бир түмөн кол алдыңа келди, баатыр!





ган баатыр кыз аз эмес. Менин жылдызым ошондой баатыр кыздын жылдызын табат деп, ажо атанын тилегин Күлчүр кабыл алган эмес.

Баягы чоң ашта Сайкал кыздын жебе тартканын көргөндө Адылтай ажо кызга өзүнүн көзү түшпөй, ушул баатыр чыгып келаткан Күлчүр уулун эстесе, балким, ажо ата ошондо эле уулга ошол мерген кыздын жылдызын кошууга ойлонот беле? Адылтай ажо жолу өз насибине «пенделик» кетирген. Кийин уулдан жанагы жоопту алганда:

«Айэ, эстүү башым, анда адашкан бедим? Баса, эр жеткен Күлчүрүм турганда... Ондогу напсимди ит тартсынчы, Теңири»! – деген.

Ушуну ойлонуп Адылтай сакалын ушалап олтуруп калган...

Эми Карачур баатырга арка болуп, бир түмөн кол атказган жөнү да ошол.

«Сайкал жолборс жоокер кийимин кийиптир дейди. Акыл, айласы бар болсо, Күлчүр Сайкал жолборстун эркине ээ болор? О, жок. Уул, тек төш сокkon көөдөк болсо, андай кыздын эркине ээ болбос... Уулдан кыз сергек келер. Ол, эрте көз ачар. Жебе учуруп кылыч суурган баатыр кызга тек жуучу атказып, калың айткандык – зордук. Баатырга ыза. Эркин бербейди ол. Айласы, күчү болсо Күлчүр өзү көрүшсүн. Баатыр кыз менен өзү табышсын. Жылдызын өзү кошсун...»

Кол аттанарда Адылтай тиги оюн Чогултурга кыйыр айткан:

– Ак жолдуу баатыр, мен сени түмөн башы кылып жибергенимди билиң. Тиги шумкарды колуңа кондурдум.

– Э, туюндум, ажом, – деп Чогултур баш ийкеди.

– Шумкар салты, жым...– деп Адылтай күңгүрөдү.

Жаман ителгини өрдөк суугa алып кирер, кыргоол жазгырып кетер, Шумкарың жазбас болсун!

Чогултур колун бооруна алып элпек айтты:

– Э, муну да туюндум, ажом.





* * *

...Чалгынга кетишкен Сайкал менен Сенек узай баргандан кийин экөө кеңеш курду:

– Не деп кайталы? – деди Сенек.

– Кайталың эминең? – деди Сайкал.

Сенек камчыны сылай таштап молоң этип күлдү:

– Чалгынды кандай өтөйлү дегеним да...

– Эйе, андайыңды так айтың. Жоо колу жолдон жолугар. Сазан менен Жамгырчы кан экени, эр экени чын болсо, кол курар...

– Эйе, жоо колу көрүнсө, кайта беребизби?

– Жок! Кагышабыз!

– Чамабыз чак. Кырылып каларбыз...

– Эр башың кыргындан корксо, кайтың. Мен жеке барамын.

– Эйе... Мени коркок дебең...

– Ырас, чама чак, – деди Сайкал кыз, – Жаныбыз ызалуу. Шону эстең. Бизди ар-намыс алып келди. Кечээ Эр-акенин сөөгүн жерге берип, журт муң жутуп тургандa... өлгөн үстүнө көмгөн болдук. Ол, нарксыз каракчы канга биз көрүнөө барабыз...

Сенек сактанды:

– Карачур аке бизди каардайт, антсек...

– Жоого барыш эрдик, – деди Сайкал. – Эрдикти эч ким каардабайды.

Сенек үндөбөдү. «Чалгынчы жол чалып кайтышы оң. Өзү жоого сыр алдырыш кандай»...

Сенек оюн айтканда Сайкал атын такымга салды да зымырай жөнөдү. Ал тек жай кезде ат жарыштырып, куш учурган жаш бектей бейкапар, эркин кетип баратыр.

Мингени көмүрдөй кара ат таскагы менен арышы бирдей, кош кулагы алды жакка шамдай тикчийет. Үстү жеңил, өзү эч салмак сезбейт. Жүндөрү кургак, соорусу жылтырак. Арымы тез. Сенек катарында жаш жоокерлерге

Карачур оң колун бооруна алды:

– Бар болуң, шер! Ажонун ак дилине бабамдын арбагы, өзүмдүн дилим ыраазы!

Дайым чабышка минип жедеп дасыккан аттар элире келди. Эми баатырлар кылыч суурушпай, тек баатыр салтында чураша баштаганда жалын жээрде кулагын, кайчылаштыра, тизгин чоё башын чулгута демигип-демигип алды да араң токтоду, Аксур менен Кызыл буурул анча элирбеди. Эликтей керилип аттар тике карайт. Кишилердин кыймылын, мүнөзүн байкайбы. Куш канаты, эр аты дегендин жалганы жоктой. Учаар куштун канаты энтенгендей, канаты белги бергендей… Жаныбар эр аты да чабыштын таалимине жедеп дасыгып, сыр алып, туюп калгандай. Кишилердин кыймылын, кебетесин байкайт. Көздөрүнүн агы айланып «Темингени жатпасын. Кылыч сууруганы жатпасын»? дегендей…

Жаныбар, эр аттарында сүйлөөр тили болсо, балким, сүйлөп жиберчүдөй, «Эмне тек туруш. Кылычыңды көтөр. Кеттик»! деп айтчудай. Кол башчы баатырлар учурашкан соң, Карачур чабышаар жоодон жооп күтүп жатканын, тек капылыстан чабуул баштабай эр салты менен жоо колуна беттешээрин билгизди. Чалгын эрөөлүнө жоокерлердин кеткенин, бирок алардан да мына үчүнчү күн кабар-жогун айтты.

Карачур баатырдын кебин Чогултур тек жай сөз катары сабырдуу укту. Бирок чалгынга Сайкал кыздын кеткенин укканда Күлчүр чыдабады:

– Карачур аке, Кыз жоокерди чалгынга жиберип… осолдук кетпедиби?

– Айя, не осолдук?

– Колго түшсө кор…

– Жок, Күлчүр! – деди Чогултур. – Кыз жоокерди колго түшүргөн баатыр өз алын ойлонур. Өз алын ойлонбосо, өз жылдызы тепселир…

– Ия Теңир! – деди Күлчүр ачууланып. – Мен тек туралбаймын! Беренди бир акмак кор этсе… ыйык Умай





ананын арбагы боздойду. Сазан менен Жамгырчыны матап тизгин жыярбыз!

– Тигил бузуку иттер жооп бербесе, ол жакшы төлгө, – деди Чогултур. Менин угушумда башка кандары тиги экөөнү жектеди. Олордун тентектиги калың журтка жакпады. Олор азыр өз кайгысын жеп жатышар.

– Я… баатырлар… – деди түмөн башы, – ондо биз кыйырга не келдик? Кайталык, жай-жайга?!

– Бул кыйырга кан төккөнү, айыл чапканы келбедик, – деди Күлчүр – кан төгүп, айыл чапкандарды тизелеткени келдик. Чалгындан жооп күтөлүк!

– Эй-е! – деди Карачур. – Жооп кечиксе, түмөндөр каптасын.

– Уа, каптаганда айыл чабылбасын, табар таланбасын! Те арам кандардын жылдызы өчсүн!

Кеңеш ушаа токтоду.

Жол басып келген түмөн аттан түшүп, жоокерлер тамактанып, аттар от чалды.

Бүгүн чалгынчылардан кабар болбосо, эртең таңдан эки түмөн кол кыйырды бузат. Кошуундагы жоокерлер эрте турур. Эрте укташсын деген буйрук берилди.

Күүгүм кирээри менен эле кийимчен-кийимчен жоокерлер токулгалуу аттардын чылбырын баса жатышты. Доолбас «тарс» дээри менен шап аттануу милдет…

Айдын караңгысы. Асман ала булут. Тээ алыскы чокулар каалгыйт. Түнкү көрүнүш каадасындай күңүрт, түңгүюк. Тытылган коңур булуттун жыртык-тешигинен жылдыздар жымыңдайт. Жылдыз ошентип атайы шыкаалагандай, атайы карагандай.

Али жар күтө элек жаш Күлчүрдүн тилеги – баатырдык көрсөтүү. Өткөн күздө уул келинчек алсын. Жашы келди дегенде, мен куш жаздык жазданып өргөөдө уктагым келбейди. Таш жазданып кыйырда боломун. Таш жазданган кыз маа келинчек! Журтта жебе узаткан мерген кыз, сөз чубурткан чечен кыз, баатырга тинте сууру-





карады. Алар Сенекке карашты. Эч киши үндөбөдү. Булар да атка камчы салып Сайкалдын жолуна түштү. Чалгынга чыккан төрт жүзү тең канат жайып шуулдап келатышты. Төрт жүз атчан – анча чакан топ эмес, анча арбын да эмес. Жер кезип, жол чалып не так эл-журт артып куралдуу кишилер жүрө берүү адеттеги иш. Ошентсе да, башка бир журттун жеринде башка бир колдун жоокерлери минтип сабоолоп жүрүшү тегин эмес. Шектүү. Бирок шектүү деп Сайкал кыз тартынбады. Ал атадан жол алып чалгынга чыкканы не бир салыштан чыгууну, ажал жетсе өлүүнү, азап болсо көрүүнү… ак жол ачылса, эштек каны Жамгырчыга бүлүк салып кайтууну самаган.

Азыр ат тизгинин чойбой шыдыр келатышы да ошол тилегин өтөө. «Келгенди көрдүм.. Жамгырчы ажыдаар, эмес, төрт жүз жоокерди оп тартып соруп албас, ал киши. Киши болгондо уруу каны. Тегинде киши каны, дилинде баба ары бар болсо, айылына көрүнөө келген кызды матап көрсүн?! Чыдаар бекен? Чыдабас»…

Ушинткен Сайкал шыдыр жүрдү. Сенек аны токтотом деп артынан катуулап жете албай келатты. Ал аңгычакты…

Теңир сакта, алды жакта калың топ сороюп көрүнө калып кайра жер соргондой житти.

«Мейли, бизди тоскон жоо колу болсо, ийги»….

Сайкал кыз ушинтип бекинди. Жанагы калың топ житкен көмүскөнү көздөй дабырай келатты.

Жерден өнүп чыккандай алдынан көп киши тура калышты. Алардын ичинде карысы бар. Азы жоокер, көбү жай карабашыл кишилер. Алдыңкы тобу желээ боюндай жүгүрө келишти да жер кучактап жата калышты. Бул – «Биз жоо эмеспиз. Биз жазасыз карабашыл кишилербиз. Биз силерге кулдук уруп алдыңардан, чыктык» деген жышаана.

Байыркы салт менен баш уруп минтип алдынан калайык чыкканда Сайкалдын кеги тарай түштү. Тек кара атты элирте токтой калды да тике сурады:





– Карабашыл кишилер… кимсиңер?

Башкалар жер өөп калышты. Буурул сакал жотолуу карыя жерден баш көтөрдү:

– Жамгырчы кандын журтубуз. Өз жөнүң ким, жаш эрен?

– Биз Карачур баатырдын жоокерлери! Өткөндө биздин эл чабылган. Бүгүн кыйырыңа түмөн кол келди!

Карыя эки колун бооруна алып тура калды:

– Карачур баатырга кулдук! Биз каныбызга каар агыттык. Кыйырыбызга кол келгенин уктук. Жолун тосуп чыктык!

– Тилегиңер, чабышпы? Ак ишпи, эмине?

– Элчилик, жаш эрен…

– Элчилик?! Силер элибизди чаап, уул-кызды матап кетсеңер биз элчиликке келет белек!

– Ачуу шайтан, акыл дос, жаш эрен. Айтканың чын! Ол айып бизде. Ол күнү биздин дилибиз кара эди. Акылга келдик. Каныбыз кара экен. Ону өз кол жазалады…

Сайкалдын кашы серпилди:

– Кандын жазасы кандай? Атын атаң?

– Башы кесилди. Карачур баатырга тартуубуз шол!

Сайкал не дээрди билбей ойлонуп унчукпай калды.

Тигил жотолуу киши өз жөнүн түюндүрү:

– Мен Орок баатырмын. Эсиме келдим. Дилим агарды. Өлүмдөн качпаймын. Бул журт айыптуу эмес…

Орок жерди өпкөн көпчүлүккө көрсөттү. Кишилер жерден башын көтөрүшпөй тымтырс.

– Баш көтөрүң, баарың! – деди Сайкал. Жерге жабышкан кишилер баштарын көтөрүштү.

– Туруң, баарың!

Турушту.

Каны Жамгырчынын башын алып, Карачурдун жолун тосуп келаткан бул кишилер анча аз эмес, өздөрү эле чакан кошуунга тете болучу. Эми аларды баштап чалгындан кайткан Сайкал бая таңдын эре-сересинде түмөнгө жакындаган.

тырга чоң уят. «Ургаачыга алдырган кайрандан, тарп аңдыган карга» деген лакапты жат тургай өз тууган айтыр.

Күл акеге ошондой кокустукту каалабай Эр аке деле иш мөрөйсүз бүтсө деген экен. Оюнга шоок жоокерлер, тигилерди эрегиштирип койгонбу? Не экен өздөрү кекенгенби?

Бири:

– Мөрөйгө чакырам! – дептир.

Бири:

– Мөрөйүңдү тостум! – дептир.

Экөө кылыч мизин өбүшүп, ант этип коюшуптур. Эми ал эр антын бузган жак мөрөйдү алдыраар. Улууларга кеп айтпай жакын көргөн жаш жоокерлери калыс болушат да кыз жоокер менен уул жоокер мөрөйгө чыгышты.

Мөрөйдүн башы – жаа тартышмай. Экинчиси – сөз айтышмай. Үчүнчүсү – оодарыш!

Экөө жебени бирдей учурду. Сөздү оош-кыйыш айтышты. Баба салтын, эрдик аманатын, баатырдык салтын, чоң-кичик ортосунда сый-сыпат, нуска, ыр сабактарын айтышууда Сайкал кыз да, Күлчур да бири-биринен кем калышпады. Эки мөрөйдө экөө бирдей болду.

Мөрөйдүн үчүнчүсү – оодарыш. Мында да аяшуу жок. Айыгыш…

Сайкал сырын анча билбеген уул жоокерлер, «эми бул, мөрөй Күлчурдуку» – дешти. Сайкал сырын билген кыз жоокерлер «уул, бекем болуң! Таш кучактап калбаң!» – дешти.

Шылдың-шыкак күч алып, жоокерлер элирип турушту. Кара атты алчактата бастырып Сайкал чыкты. Андан аз кечигип Күлчур чыкты. Анын мингени соорусу көмкөрүлгөн акбоз. Экөө бири-бирине күлө карашты. Анчейин учурашчудай бири-бирине кол беришти. Экөө аттарына камчы басып, эттерин кызытып алышты. Бири тигил четке, бири бул четке чаап чыгып кайра тартышты. Теңир сактаң! Экөө эрегишип кеги канбай жүргөн кишилердей чаап, бетме-бет келгенде экөө алыша түштү. Аттар бир жерде тегеренди. Эрде олтурушу, боюн тике тутуп кол созушу, кармашы,





кан карылар да от башында тек олтурбады. Алар кайыш ийледи мойнок тилди. Майда-майда жырымды аткыга тиштетип коюп өрүм өрүштү. Колдору эпилдейт, эриндери кыбырап, сакалдары дирилдейт. Кантсе да, өрүмчүнүн ичтен купуя айткан өзүнчө сөзү барбы? Колдору эпилдеген сайын эриндери булкулдеп көздөрү күлүңдөйт. О, өрүмчүнүн купуя сөзүн уккан бир жан жок. Өрүмчү сыры тек ичте сакталат. Баса, жоого аттанаар жоокердин жүгөнү, куюшканы, жоокердин булдурсуну, басмайылы кутсуз болобу? Жок! Алар эч үзүлбөс, эч колдон чыкпас чыйрак жасалат. Канжыгасы узун, кайышы бек болот жоокердин. Тердиги чак, желдиги калың болот жоокердин. Тердик бычып, желдик ойгон зайып ичтен күбүрөйт. Купуя сыр чакырат, ал да. Ак жолу ачык, жоосу качык болсун дейт, жоокер уулдун тилегин тилейт эне.

Айтор, кыштай купуя камылга жүрдү,
Камылга – жортуул камылгасы!

Журт ынтымак куруп тек турушканда, өз ара чабыш азайган… Талоончулук токтолуп, эл арасы тынч тартып калган. Бирок бул жакшылык жышаанасын Элтерес алп бузду. Журтка кек калтырды. Чапкан жоого кекти кетирип, тим калуу – элдин ары. Ал тим калган журт үчүн атак эмес, кордук. Андай алсыз журт бугуп Элтереске чабылса, эртең карлукка чабылат. Улам бир карылуу эл аны чаап, талап өзүнө жем этет. Жоокерчилик замандын азуулуу бөрүлөрүнүн мийзамы ушундай…

Башкага таланбас, жем болбос үчүн өзүң тың, каруулуу, жортуулчул бол.

– Ая, элим, өзүңдү башкага жем кылбаймын десең башыңды көтөр! Күрөң Жер көбөрүп, суу көбүктөп турган маалда тиги Үч-Суу жакка ат башын бурабыз!

Бул сөз өткөн жылы болгон чоң жыйында купуя айтылган. Бул сырды жатка билгизбес үчүн, жыйында олтурган калайык болот мизин өөп, ант берген:





Тилиң түйгөндү тишиң чечпейди!

Кыштай купуя жүргөн камылга түйүнү ушундай. Сырткы элге сыры ачылбады. Башка кандардан бир-эки ирет элчи келди. Ажо-аболор ал келген элчилерди сый менен кабыл алышып, келгендеги мүдөөлөрүн өтөдү. Алардын бири тиги эле башкы жоо табгач падышасынан келген күмүш чапан Пен И экен. Пен И бул жакта көп болгон. Өзү табгачмын дебейт. Өткөн бир заманда табгач баатыры олжолоп кеткен кыргыз кызынын уулумун. Таякелериме дилим ак. Тилегим ишке ашпаса, уу ууртап өлөмүн… Тилегиме жеткенде шаңшып келип ажо акенин тууруна кономун… Хэ, о күн ыйык күн болур…

Ушуну айткан «жээн» Пен Иге, ажонун ак ордосу сыр ачпады.

– Карга карысын ким билир. Киши аласын ким билир. Сыйда мурут «жээнибиз» ого эле сылык келди. Сактаныңдар! – деп эскертти Умай-эне баарына.

Пен И «жээнге» Адылтай ажо көрүнбөдү. Ону башка або Азман кабылдады. Чекир бий маек куруп, Пен Инин «жылуу» кебине Чекир аке «жылуу» кебин айтты…

Ал кайткыча ордо чөйрөсүндө тек салт аттуу күзөтчү жоокерлер жүрдү. Калайык өз түйшүгүндө – малын асырап, жаз камын көргөн болушту. Эгинчилер буурусунун аштады, маласын жасады. Мергенчилер топ-тобун жазбай ууга аттанды. Бирок көрүнөөдө ошентип ууга аттанган мергенчи болуп, тиги жыш токойго барганда жоокердик ыкты, чабыш эбин алышты.

Эр-Киши ошо жоокерлердин арасында. Ал тек жаш менен жаш. Бири менен алышып, ат үстүнөн күчүн сынайт. Бирине найза сунуп тап берип каткырат:

– Айлаң арстан кармайды. Күчүң чычканды качырыр!

Жалаң күчүнө ишенип менсинген жоокер аңкая калат:

– Айя, баатыр…Күч – күч да…

– Туура, күч – күч… Күч каманда да бар. Э, ол арамдын айласы чак. Мойнун буралбайды. Аюу ону таш менен





Он жоокери артында бир сап. Анан алар элүү башыны ээрчиди. Беш сап. Анан алар жүз башыны ээрчиди – он сап. Анан алар миң башыны ээрчиди – он топтон он сап.

Бул жортуулга бараткан колдун эзелки жырымы.

Ар бир миң башы өз-өз миңинин алдында. Он миң башы он топ түзүп, он топ ондон сап түзүп келатканда бир түмөн колдун тигил чети менен бул четине үн араң жеткидей. Ат дүбүртүнөн жер дүңгүрөдү. Калың туяктан жер союлду. Бул дүбүрттү эшитип сап-сап түзгөн жоокердин катарында келатканда коркок коркпос болуп чыйрала түштү…

Миң башы менен миң башынын арасы анча окчун эмес, түмөн менен түмөн канатташ катарын жазбай зампылдай келатышты.

Кол каны – Азман або.

Кол ченчиси – Чекир бий. Эр-Киши кан тобунун алдында. Кошуундун күчү болгон урааны көк асаба Эр-Кишинин тобунда. Асабаны алып бараткандар коёндой окшош эки акбозго минишкен буурул сакал жоокер. Алар бири оң колу, бири сол колу менен асаба сабын тутамдай кармашып, саптын дүмү экөөнүн үзөңгүлөрүнө бекилген алтын тогого сайылган.

Теңир билет? Бул эки жоокер өлсө өлөөр, акыры тутамдарынан асаба сабы чыгаар эместей. Бул экөө өлөөр, акыры экөө минген акбоз ажырашып бөлүнөөр эместей.

Аттар бир калыпта зампылдап таскагын жазбады. Асаба туткандар бул жүрүштө жедеп каныгып, жедеп көнүгүп, машыккан беймˀ Эч жаңылып жазбайт. Көк асаба лап-лап желбиреди. Лап-лап желбиреди…

Баш-Тегин азыр көк асабанын ошол желбиринен көзүн албады.

Баш ажо ордосунан аттанаарда Умай-Эне ажо босогосуна илинип турчу аза желекчесин алып арча жалынына таштады:

– Биз тарткан азаны эми бизге муң алып келген, бизди сыктаткан душман тартсын. Уа-а, тукум! Ураанды

силкиши менен Сайкалды кыз деп айтыш кыйын. Ал тургай Күлчүрдан ал шамдагайыраак да, эпчилирээк да...

Кыз, улан эки жаат. Кыз Сайкалдын, улан Күлчүрдүн таламын талашты: – Жапшыр, Сайкал!

– Капшыр, Күлчүр!

– Эя, колдон чыгарбаң, кызды!

– Ая, кыздан балбан чыкканда уул кынын табат!

Сүйрөт баланы!

– О! Уул балбанды кыз албайды. Алып кет кызды! Жоокерлер толкуну жаш камыштай шуулдап-дуулдады. Экөө алышалбай далайга кармашты...

Бирер кезде арт жактан айкырган жоон үн чыкты. Ол, жанында баатырлар бар, Карачур бар Чогултур үнү болучу. Бул кезде Сайкал кыз Күлчүрдү ат жалынча эңкейтип алган. Теңир сактаң! Ээрден көчүгү бултаярда...

Акбоз матала берип... Күлчүр ээрге түзөлө калды. Ызасы кайнаган Күлчүр, Чогултурдун үнү чыкканда чымыркана түштүбү, таң. Атып Сайкалды ач билектен шап кармап булкканда сүйрөтө жазды. Бирок Сайкал да түзөлө калды...

Ошол кезде Чогултур тике келип ортого түштү:

– Мөрөйүңөр тең, чырактарым! Экөөңдүн тукумуң журт туткасы болсун!

Жоокерлер Чогултурду коштоп айтышты:

– Болсун!

– Болсун!

– Эр-акенин тилеги ак!

– Экөөң түгөй болуң!

Ошентип Күл аке менен Сайкал энебиз кырк жыл мурда баш кошкон экен...

Күл аке журт ээси болуп калган кезинде, кыйырыбызга келген табгач колуна бет барды. Чоң чабышта жарадар болуп ажал тапты. Уа, акебиз кылычтан эмес, табгачтын амалынан, кылыч мизиндеги уудан шумкар болду... Уай-е, атаң өлсө тайлак бар. Кому жерде калабы? Күл акенин чылбыры мамыда чалынып калбады. Күмүш мамыдагы акбозуна эр жеткен Баш-Тегини минди.





бышта эрдик көрсөтүң уул. Атанын тукуму кайрат көрсөтөөр. Аты бышык, өзү тайманбас экен. Төрөгөн энесине жол көрсөткөн атасына алкыш! – деген бата уктур, тукум. Көрүп, коркуп жүрүп өзүңдү кордобо, уул. Бизди жаман атка калтырба, уул»

Жоокер караанды көрүнбөй кеткенде жар ашыгып үйгө кирди. Коломтого арча отунду тутандырды. От алоолонуп жанганда бардыгы от тегеректеп турушту. Ата, «Улуу сөздөгү» айтылчу баба аманатын айтып, сакалын сылагылады. Эне откo сары май таштады.

– Казан майлуу, от жалындуу болуп, төргө кут толуң. Короого төрт түлүк толуң!

Анан бардыгы олтурушту. Аш-тамак ичишти.

Тек кадимки жай турмуштагы айтылчу оокат-тиричиликтин кеп-сөзү башталды. Ар кими өз-өз жайында күндө иштей турган тиричилигине өттү.

Жоокерди жортуулга узаткан күн, ар дайым көңүлдө. Жортуулдан жоокер үйгө аман кайтса – той. Кол жеңилип, жоокер өлсө муң.

Бул жолу да жоокерлер ушул салт менен атка минип, жортуулга аттанышты.

Уулду жортуулга атказуу бардык ата-энеге бирдей. Жөн жоокер аттанаары менен кылчайбастан өз он башчысына жетти. Он башы өзү баштаган он жоокери толук келген кезде атынан түшө калып Күнгө жүгүндү:

– У-а, ыйык Күн? Бизди жылытың? Бизди жылытың? Бизди жылытың? Күнгө үч кайра жүгүнгөн соң, ал айыл жакка бурулду:

– Уа-а, ата-эне! Тилегибизди тилең! Тилегибизди тилең! Тилегибизди тилең!

Анан ал тоого, сууга жалынды:

– Уа-а, жер-суу? Бизди жалгаң! Бизди жалгаң! Бизди жалгаң!

Он башы жерди үч өптү. Элпек тура калып шарт аттанып кылчайбай жөнөй берди.





уруп салыр. Жалаң күч – жылаңач эрдик: аткысыз чоктон темир кармабайсыз. Күчкө айла көмөк берсе, сени алп жеңбейди!

Жоокер Эр-Кишинин айтканына ишенет. «Ол чын. Жалаң күч кишини тез талдырар»... Жоокер өз өмүрүндө башынан кечиргендерди эстейт. Баса, жалаң күчкө салып, эмне ишти бүтүрдү. Уа ондо, азоого чалма ыргытты. Чалма таамай серпилди. Азоо мойнуңа илмек түштү. Азоо аны сүйрөдү. Ошондо ал айла колдонду: жерге чытырман житкен тамырды тээп, арканды дүмүргө ороду. Азоо кош аяктап тура калды. Туйлады. Алдан тайып муунуп, титиреди. Анда айла колдонбосо, жалындаган азоо аны сүйрөй бермек...

Жоокер ошону эстеди. Анан ал баягы Элтерес колу түндө басканда өзүнүн өлүмдөн кантип калганын эстеди. Баса, анда ал өзүн көздөй көп душман качырганда, өз атынын капталына түшүп сүйрөлүп калды. Аны өлүк экен деп, душмандар андан өтүп кетишти. Кийин оңтоюу келгенде түзөлө калып арттан бараткан жоокерди аттан түшүрө чапты. О, ошентти. А жолу чукул тапкан амалы менен жоокер, тек өз башын коргободу. Жоосун жыга чаап эрдик иштеди. «Уа, ондо ол айланы иштебесем азыр мен жерде жатыр эдим. Менин ордума кек алышка ким чыкмак»...

Жоокер ушуну эстеп, Эр-Кишинин кебине баш ийди. «Билбегенди эшитсең, билги болосуң», – деди жаш жоокер.

Кер мурут улан аны кубаттады:

– Айя, көп каз башсыз учпайды...

– Э, улан, – деди кары жоокер. – Улууну урматтаса, кут конур!

«Ая, ол чын», – деп койду жаш жоокер ичинен.

– Эр акенин марымын ал. Эр болурсуң, уул, – деди кары жоокер.

«Эя, ол ырас» – деди жаш жоокер дагы.

– Элтерес биздин кыйырды жаман кезде бүктү. Мал тапарды олжолоду. Уул-кызды матады. Ажо ата тынч жатаар кезинде ол атка минди. Уа, жарыктык. Эр Эдилдин ку-





Токойлуу тоо этегинде, шар аккан суу боюнда жер төлөө сымак үйлөрдө кары уста кыштай ушинтип кыңылдады. Таңдан кечке көөрүктөр күшүлдөдү, барскан сокту, дөшү онтоду... Болот сууда жан талашты.

Төөгө көмүр артып, токой жактан жол тарткан таз ды кырдагы жылкычы кордоду:

Көмүр өчүрүп, көө болдуң, тазым
Көп токойго ээ болдуң тазым...

Деңкее кап жүктөлгөн атандын буйласын силкип таз күпүлдөдү:

–Э жылкычы, жылкычы,
Ат минбесе уйкучу
Угуп алың оюнду:
Көөрүгүнө чыдабай
Көк букалар союлду,
Көмүрүнө чыдабай
Көөнө токой жоюлду!
Э! Э! Күрс! Күрс!
Барскан сокту моюлду!
Жалпак дөшү оюлду.
Болот сыздап чоюлду,
Кыштай кылыч согулду!
Э! Э! Күрс! Күрс!

Жылкычы каткырып жон өйдө жортот. Көмүрчү таз атанды жетелей суу бойлоп кетет. Бул, дайым жылкычы менен көмүрчү кездешкендеги көрүнүш. Бир чети бирибирине айткан шылдыңы... Бир чети бирине-бири айткан учурашуусу...

Чоң ишке камылга көргөн сыяктуу түздөгүсү түздө, үйдөгүсү үйдө кишилер тынбай түйшүктөнүүдө. Тек жылдагы чарба тиричилигинен тышкары кандайдыр бир зор ишке купуя камынуу жүрүп жатты. Кайыш ийлеп бышык-

Уз жеңе алданемнени ойлоп оймокчон сөөмөйүн кулагынын түбүнө дейре чочойтуп тыңшагансыды:

– О кездеги жебе тарткан мерген кыз бу кезде ушу ак ордонун куту. Журт энеси…

Сырттан дабыш чыккансыды.

Уз кубанып айтты:

– Ай-эй, кышкы чабышта энебиздин жебеси Элтерес шерди мокотту…

– Ол өлбөдү, арам?! – деди бир уз.

– Ол өлсө, биз көз май түгөтүп, минтип күн-түн тон тикпес эдик?! – деди экинчи уз.

– Ондой эмес, уздарым! – деди Уз жеңе. – Азыктуу арыбайды. Кам урган кемибейди! Биз онсуз да жоокерге тон тигер эдик.

Ал аңгычакты дабыш жакындап эшик ачылды. Ордого Сайкал эне кирди. Ал ойлуу, түйшүктүү. «Уа, Көк теңири. Мал асырап, жер тыткан тукумга дагы кандай алаамат келир экен?» – деп жол бою санааркаткан санаасынын каймагы. Сайкал эненин бет ирееңинен сезилип турду. Аны байкаган Уз жеңе тек ичинен тынды:

«Асыл эне дагы эмне эшитти»?

– Уздарым зерикпедиби, Жибекжан? – деди Сайкал тек.

– Зеригишпеди, эне…

Уз-кыздар жамыраашты:

– Зерикпедик, эне.

– Зерикпедик, эне…

– Уз жеңе эң кызык кептерди айтып берди, бизге…

Мен уздарга байыркы Талмыз-кыздын эрдигин баян эттим, эне, – деди Уз жеңе.

– Ай-е, – деди Сайкал эне. – Ону уздар кандай эшитти?

– Жакшы эшиттик, эне, – дешти, уздар.

– Талмыз-кыз кебин жомок деп эшитишти… – деди Уз жеңе.

– Уа-а! – деди Сайкал эне. – Талмыз-кыз жомок эмес, чын! Ол байыркы кеп. Кеп болгондо да, күрөң Жердин





топ, башка усталар да иштебей калчудай. Деле ушул узанган усталарды жалгап турган Дөөтү аке капа болчудай…

Уста тынбай кыңылдайт. Эсине түшө калгансып андасанда ырдайт:

– «Эки кылыч бир кынга сыйбас,
Кылоо түшпөсө, кылыч мизи кыйбас»…

Тажатпайт. Өзүнчө уккулуктуу кыңылдак агып жаткан суу шарына кошул-ташыл. Кулакка куюлуп, көңүлгө уюп жедеп көнүмүш болуп калган. Агын шары – суу деми. Кыңылдак – уста деми. Ал эле ушундай сезилип, ушундай туюлган кары устанын, бардык эле усталардын ишеними.

Баса Дөө-аке устанын кулагына айтат:

«Эя, устам, тынмаң!»
Эя, устам, тынмаң!»

Уста тынбайт, кыңылдайт. Дөө-акени кубаттап маалмаал өзү ырдайт:

–«Эки кылыч бир кынга сыйбас,
Кылоо түшпөсө, кылыч мизи кыйбас»…

Кыштай кары-устанын сыйкырдуу кыңылдагы басылбады. Сары жаргак апжалкыч эми карарып, жалтырап калган. Уста билеги булчуңдуу, тарамыштуу. Кызыл күрөң тарткан териси майланышпайт, тердебейт, бышыгып, чыйралып кургап калгандай. Уста билеги темир сыяктуу. «Көк уста колуна өтпөс. Уа, уста колу көктү ийлейди». Бул, тек айтылгаи макал эмес – ишеним!

Уста колунда Көк Теңири берген купуя сыр бар!

Ошол купуя сырдуу кары уста кыштай кылыч созду:

«Жаш жоокер атка минди
Кылыч бериң колуна»…





луну, Элим деди. Ушу кары чагында жоо беттеди. О жолу ажо ата атка минбесе, биздин кыйыр абдан бүгүлөөр эди. Казан кыйраар эди. Күл сапырылаар эди. Уа, ажо атка мингенде ону тирүү арбак жылоолоду. Сен ондо жок болдуң. Мен сынган каруумду шакшак коюп таңып алып чабышта эдим. Күн-түнү наар таттпай чабышып жүргөнбүз… О жолу ак сакалы серпилип ажо ата келатканда ону оң каруудан ак жолборс, сол каруудан ак жолборс жылоолоп келген. Сайкал айым учурган жебе ышкырып, куйругу от болуп учкан… Ону көргөн Элтерес түмөнү жаман коркту. Олор ат соорусун салышты.

Уа, о жолу ажо ата кол баштап майданга чыкпаганда биз кылар эдик.

«Эя, ол ырас» – деди жаш жоокер.

Кеткен кек кайтпаса, журт жылдызы өчүр. Башы кара, буту айры да бу жолу намыс үчүн тирилир. Жоого чабар. Чыйрал, уул, Мындай чабышта былжырак уул чыйралбаса, онун өз башы кул. Баатырга арка болбогон уул кишинин жаманы да. Эң болбогондо чаң чыгарып аркада жүрбөгөн уулду ат тепсин. Онун барынан жогу.

«Эя, ол ырас», – деди жаш жоокер.

Кары жоокер жашына тикеле карады:

– Ой, сен коркоксуңбу?

– Жок, аке…– деди жаш жоокер.

– Үндөбөйсүң?

– Үндөдүм…

– Үнүңдү эшитпедим?

– Өзүм эшитем…

Кары жоокер жашына тике карап каткыра күлдү:

– Өзүнөн башкага эшитилбес үн жоого чаппас.

– Мен өзүмө-өзүм ичимден айтамын, – деди жаш жоокер уялып.

Кары жоокер күлдү:

– Уа-а, ичтен айткан кептин кайраты жок. Жоокер каруу согоордо аюудай айкырыр. Айкырыксыз – айдың жок.





– Чабышта чөлдөбөс бол, кулун! – деди эне.

– Чабышта чарчабас бол, уул! – деди ата.

Жоокер чоң аяк кымызды алып ат жалына тийгизди. Аяктын эрденин өптү. Шыпкай жутту. Жары бош аякты алды.

Ата кынсыз кылычын эки алаканына салды. Эки колун жогоруга көтөрдү. Жылаңач кылычтын албарс мизи Күнгө чагылышты.

Ата насаатын айтты:

– Коркок төрт өлөт, коркпоско өлүм жок, уул! Күлүп аттаның, күлүп кайтың!

Эне насаатын айтты:

– Казаның көмкөрүлбөсүн, күлүң сапырылбасын, энеңдин чачы жайылбасын! Ойноп кетип, ойноп кайтың, кулун!

Карындаш насаатын айтты:

– Тойго барсам, жибек кийгизерим. Эрге кетсем, ат токуп берерим. Аман келиң, аба!

Жар насаатын айтты:

– Бетим жыртылбасын. Көөнүм түнөрбөсүн. Балдарың атасыз, үйүң чамгараксыз калбасын, Теңир кошкон!

Жоокер ээрден эңкейди. Атанын болот кылычынын мизин өптү.

– Чабышып өлсөм алкаң, ата. Качып өлсөм каргаң, эне!

– Он башың тосуп калды. Жөнөң, уул! – деди ата.

– Биз мында тилегиңди тиледик. Чабышта бизди эстең! Арбак саа күч кошсун!

Жоокер шарт бастырып жөнөп кетти. Калгандар эшик алдында жарданып көз айырбай карап турушат. Не ата, не эне, не жар, не карындаш, бала көзүнөн жаш чыгарбады. Ыйлап узатуу терс төлгө, жаман жосун. Өлүктү ыйлап узатады. Тирикти тирик болгондо да жортуулга кетип жаткан жоокерди ыйлап узатуу ушу кеткен жоокер уулга жамандык тилөө. Тек жоокер карааны көрүнбөй кеткиче карап туруу, ичтен анын амандыгын тилөө. «Ча-

жети катмарына житип… ошо житмеден күмүш күбөктөй шылдырап кулакка угулуп турган касиеттүү кеп!

– Мен ону да айттым, – деди Уз жеңе. О Талмыз-кыз кеби чын экенин уздарга жеткириш үчүн кечээ жакында… Сиз кыз чакта болгон эрдигиңизди кеп салдым.

Муну да жомок дебеңдер дедим уздарга. Кийинки тукумга аманат. «Улуу сөз» сабагы ушундай. Муну жомок дебең эчбириң. Көңүлгө түйүң дедим.

Сайкал эне тек санаасындагыны ачык айтпай күрсүнүп койду:

– …Эртең да эр уул ат жалын тартканы тур. Чоң айкаш болгону тур. Ырыс аягы бирде толу, бирде бөксө. Чамгаракта от ойноп, биз күлөрдү, Коломтого кара казан көмкөрүлүп биз сыктаарды Көк теңири бир өзү билер...

Ордо ичи түнжурап коңур көлөкө коюуланып келаткан.

Сайкал нөкөргө:

– Эй, – деди, – асыл таш кой ортого. Жарык түшсүн! – Анан ал уздарга жалпы эскертти. – Уа-а, секет уздар. Талыбадык дебең бириң. Ийне сайың. Жоокер тону көп болсун. Бек болсун!

## УЗАТУУ

Эр уул – эл четинде, жоо бетинде,
Эр аты – алп канаты.
Кыргыздын кылычы курч.

*Улуу сөздөн*

Желдей сызып, куштай учуп,
Келген-кеткени тымызын…

*Түрк кошууну жөнүндө табгачтын айтканы*





Анча жалпак жер төлөө эмес, таманы бир каруудай[1] алынып, жерден устүнкүсүнө жоон-жоон устун аштап алып, үч каруу көтөрүлгөн аштама үйдө[2] дөөтү жайгашкан устакана. Сыртынан караганда жерден өнүп чыккан жалпак жыгач үйлөргө окшойт. Ичине киргенде кең, заңгырап, бийик. Чоңчоң көөрүктөр тынбай салмак менен үйлөгөн сайын чок кызарып көк жалын дуулдайт. Сүйрү жыгач тепшилерде суу бар. Жумур, жалпак темирлер чокто кыпкызыл. Жаргактан этекче тартынган кабелтең киши атkы-кычкачы менен кабыштыра кармап кызыл темирди дөшүгө коёт.

Барскан анча зор, салмактуу эмес жеңил, кичине да эмес. Чулу темирлерди ийлөөдө барсканчы бабы менен согот, лып-лып эттирип темирди, дөшүгө элпек төшөйт. Ар бир согуштун өзүндө чеберлик бар. Кокус бирде күрс согуп, бирде барсканды акырын таштасаң болоттун бир жери жалпая түшүп, бир жери анча созулбай калат. Уста чыңалган темирди өлчөп кесет:

– Уа, бир кылыч!

Уста кесилген бөлүктү тепшидеги, сууга матырат. «Ышш» этип көк буу көтөрүлөт.

– Уа, көк курч болуң! – дейт ал. Башка бөлүктү чыңайт.

«– Эки кылыч бир кынга сыйбас.
Кылоо түшпөй, кылыч мизи кыйбас».

Уста ушул макалды айтат. Анан кайра кыңылдайт. Анын кыңылдагы кай кездерде кылыч шыңгырына окшойт. Өзү созуп, өзү кесип сугарып, чыңап, таптап жаткан кылыч мизи дөшүдө шыңгырайт. Кантсе да өз кесибинде жедеп каныгып калган, уста аке ушинтип кыңылдап болоттон күү чыгарып алган сыяктуу. Болот шыңгыры уланып ага күч, эп берген сыяктуу. Ал кыңылдабай койсо, болоттун тапталышы ток-

[1] *Каруу* – узундук өлчөмү – сексен сантиметр.
[2] *Аштама үй* – байыркы кыргыздар жоон устундардан аштап үй салышкан.





Кыйкырыксыз – кыргын жок. Сен ичиңден сүйлөп жүрүп каруу сого албайсың. Соксоң да карууң бош тиер. Кой, уул. Каруу сого албаган киши – буту айрынын жаманы. Ондой жаманды, өз ата-энеси жектейди. Ит уялса, май жебейди. Сен маа инисиң. Биздин тукум итче жокпу? Сен карууну айкырып сок. Эл алдында кепке сындырбаң, бизди. Айкырган добушуңду кулак эшитсин!

Тай ат болсо, ат тыныгар.

Уул эр жетсе, ата тыныгар.

Ини карууну айкырып соксо, агага арка. Агага арка боло албаган ининин барыдан жогу. Каруу сого албас жаманды биздин баба жортуул алдында өз колу менен топуракка жашырып салчу…

Уа-а, антпесе, ол жолбун иттей кор болур. Тегине көлөкө түшүрүр.

Үндөбөс жаш жоокерди чабышта дасыккан кары агасы ушундайча марымдап кетип баратышты…

Бул жортуул алдында баатырдык салт талап кылган эреже. Эрдикке кайра тартпай жоого чабуулга талап кылган баба салты. Ар бир ата өз уулун сынайт. «Иним керкиге саппы. Мени уят кылбайбы?» – дейт ага.

Коркок аганын иниси да коркок дегиче өлүм:

– Алдыңкысы өөн эди. Мунусу мөөн болуптур! – дешет башкалар. Коркок атанын уулу коркок чыгыш андан өлүм:

– Мышыктын баласы мышыкча мыявлайды?! – дешет, башка эмес аталаш күлүшөт.

– Эрдикке, тайманбастыкка үйрөткөн жортуулдун бул таалимин кыштай чоң-кичик жакшы алышты…

Жортуул камылгасы бышып жетилип калды. Дарак башындагы кызыл алма «топ» этип качан түшөөр экен деп күткөндөй… Доолбастын «күрс» согулушун кишилер күтүштү…

Доолбастын согулушу камылганын кемчилигинен эмес – жортуул учурунун оңтоюн күтүү:





Жортуул учуру – буурул Жер жибип көк көрпөдөй калың көктөп турганда башталмак. Жылдын бул учуру чабышка эң ыңгайлуу. Көк көрпө жер ат туягына жумшак. Башы жарылып, кыл муруту шыйпайып о, дүнүйө кеткен эрен да жумшак көк жаздана жыгылат. Баатырды жыга чаап, жеңишке колун кубанткан шер да көк көрпө таянып тынигат.

Буурул Жер көк жыттанды. Ой-тоо, өзөн көрпөлөнүп, ат туягына жумшак…

Чабыш Кези эми келди.

Калың, айылдан да, аз айылдан да жоокер узатыш башталды.

– Уул, атыңды кармап кел, – деди ата.

Уул чабуулга минээр атын ноктолоп эшик алдына жетелеп келди. Үйдөн чыккан ата атка өзү өргөн жүгөндү катты. Эне өзү тиккен тердикти салды. Атанын буурул сакалы дирилдеди. Ал колун көтөрүп, аттын көкүлүн сылады:

– Жаныбарым, эр аты! Адал асыраган төл бээмдин кулуну эдиң. Уулга канат болуң! Өрдө борукпаң, эңкейиште сүрдүкпөң!

Эненин колу дирилдеди. Ал аттын туягын сылады:

– Жаныбарым, эр аты! Эне эмчегин эзе эмген кулун эдиң. Кулунума канат болуң! Кууганда жетиң, чабышта жалтанбаң!

Ата-эне айтышты:

Сенин болот туягың кетилбесин!

Ушундан кийин жоокер атын токунду. Карындаш канжыгага кул-азык байлады. Жар жоокер эрге чопкут тон кийгизди. Тентек ини не тестиер баласы жоокерге булдурсун камчысын берди.

Жоо кийимин кийинип, жоо жарагын боюна тагынган соң, жоокер атына шап минди.

Эне көөкөрдөн чоң аякка кымыз куйду. Аякты кары жоокер эрине сунду.

өчүрбөң! Жоого кеткен кекти кайтарың! Ажондун ак ордосу муң билбесин. Артыңдагы көп кол арка болсун. Жооңду жеңип кайтың! – деген Умай-энеси.

«Уа-а, ыйык Умай-эне, – деди Баш-Тегин өзүнө азыр. – Мен баштаган түмөн жоо жолун бөгөйдү. Өлсөм сөөгүм, тирик кезде каруум жоо колун бөгөйдү. Ишен, ыйык эне? Ишениң? Алкап, жалгап туруң, баланды?»

Баш-Тегин минген акбоз башты чулгуй салып элирип баратты.

Сурнай бапылдагы, доолбас тарсылдагы колдун тиги чети менен бул четине угулгудай.

Күн жүрөөр жактагы адыр мейкини дүбүрткө толду. Көк көрпө каптаган жумшак жер ичтен күбүрөгөндөй купуя дүбүрт дүңгүрөдү. Кең жайылган зор канаттуунун көлөкөсүндөй калдайып узарып, сегиз түмөн кол түрүлүп узап баратты. Кетип баратты…





ган Багыр чоң жал тору атын теминип алдыга чыкты да, таазим этпей, колун сунду. Жоон үнү керней бапылдагансып жалпыга угулду:

– Эрендер, элчилик жолун маа кыйыңар? Жөнүн мен чечпейин өзүңөр билип тургандырсыңар. Аздын көзүнө арам Керген көлөкө жайган эди. Ошо көлөкөнү аз журтумдун көзүнөн сүртүп салайын. Жүзүбүз жарык болсун!

Аз журтунун ары акылманы, ары баатыры Багырдын бул айтканында жөн бар. Баягыда кыргыз кыйырына Элтерес колун баштап барган Керген да ушул аз журтунун кишиси. Ал арам антташкан антты танып, ак пейилдеш элдерди араздаштырганы үчүн, өз башы эмес, бүт элин жаманатты кылган. «Бала суу төксө, андан чоң тайып жыгылар». Аздын бир эл бузаары караңгыда кар бетине суу төктү. Суудан муз көрөрдү. Муздан кыргыз колу тайып жыгылды…

– А-а… аз-аздыгын көрсөттү. Сүт ичээрде антташты. Кан төгөөрдө жазгырды?!

– Хэ… хэ… мышык баласы мышыкча мыявлады…

Эл арасы ушундай сөз айтышты. Көргөн арамдын ушинтип бүт аз журтуна көлөкө түшүргөнү унутулган жок, али. Чыккынчы чыкса, журт башы капак. Кергендин чыккынчылыгы керт башына зыян болбоду. Агатууган, бүт уруу жапа чекти. Далайы жазыксыздан жаза тартты. Курч кылыч кести. Баштары капак болду…

Эми арамдуу Багыр өз журтунун өчкөн жылдызын жандыраар үмүт менен элчилик жолун сурады.

Азман або да, Эр-Киши да, деле ушул турган кол башчынын бардыгы Багырдын купуя оюн туюнушту. «Э… эрдин элчилик жолун сураганы эп. Жөндүү…» деп турушту баары:

Багырдын жоон үнү күп этти:

– Эрендер, элчиликти маа кыйыңдар?

Кыйдык! – деди Азман або.

– Кыйдык! – деди Эр-Киши.





Кыйдык! Кыйдык!– дешти башкалары.

Жолборс, Барс, Буйлаш аттарына миништи. Чынында, жоокердик салтта тигил жаш баатырлардын эч бири (балким, Буйлаш болбосо Жолборс, Барс экөө тең) элчилик жолун сурашка акылары жок болучу. Булар өздөрү кол башчы. «Баатыр чабышта, чечен сөздө». Жолборс менен Барстын элчиликке күүлөнгөнү, тек кызуулуктан чыккан демилге болучу. Багыр жол сурабаганда да, Азман менен Эр-Киши тигил кол башчылардын эч бирин элчиликке жиберишпейт эле.

Элчиликке барышка Багыр аттанды.

Ал жалгыз кетмек болду эле. Ага көл башчылар көнбөдү.

– Тынч кез эмес, калың кол Үч-Суунун кыйырында турабыз! Элтерес шер тек алдыга тизелеп келчү коркок эмес. Ол көк жал айыгышса, элчи дебей, барганды чаап салыр. Кокус, кабарсыз калбайлы. Жети киши барсын! – деди Азман або.

Анан ал сөзүнүн аягында буйруп койду:

– Жетиси жети элдин тукуму болсун! Жеке атам кыргыздын тукуму дебес, Элтерес. Жети ата жети будуңдун уулунун канын төксө, ошо жети ата будуң ону менен жоолашып калаарын Элтерес шер эсине тутаар.

Башкалар колдоп коюшту:

– Або-акенин чечими чечим!

– Төп сөз!

– Жети элдин кишиси элчиликке барсын!

Багыр башы болуп Элтерес баатырга тапшырчу «Тил катты» алып жети киши жөнөп кетишти. Мингендери тер басып, ат үстү оор тартып баратканда, көк майсандуу башат кашына токтой калышат. Бой бошотуп, кол жууп, сүзмө эзип, суусун жуткуча жортуул аттары от кайсап, ары-бери, дегиче тыңый түшөт. Аттар майда таскакты жазбай тек соорулары титирейт, алдыга тике карайт. Болдурууну билбей бир калыпта лепилдеген жел сыяктуу…





Элтерес жумшарбады. Ал ого бетер көгөрдү. Катуулады:

– Элчисиң, танбаймын! Жакшылыктын элчисине жакшылыгым чоң. Жамандыктын элчисине жамандыгым чоң! Мен көтөргөн айчык асабанын өз анты бар. Суук кабар алып келген киши ким болсо а болсун, ол чабыш жолуна курман?! Аздын сары итине ишенип арым түшкөн. Эми кара итине ишенип өзүм өлбөйүн?!

Жетөөнү жети жерге чаап салыңдар! Аттандык!

## БӨКӨНДҮ ЖАЗЫГЫНДА

> Тарыхты билбегендигибиз, биз эмине үчүн жашап жүргөндүгүбүздү, эмине көздөп умтулганыбызды да билбей, тукумдабастан жаратылыштын, турмуштун мийзамы менен өлбөстөн кокустан жаралып, кимдиндир оолугуусу сындырган сөлөкөт-куурчак болуп каларыбызды моюнга алуубуз тийиш.
>
> *В. О. Ключевский*

> Жер удулу табышка оң.
>
> *Кол башынын айтканы*

Көз алдыда адыр-күдүр тартып уч-кыйырсыз мелтиреген Бөкөндүнүн жазыгы! Эчен албан чоң окуя, кандуу чабыш өткөн жазык! Бул жазык жөнүндө айтылган укмуш уламыш, эчен чын болгон иш менен айкалышат.

Бөкөн, бөкөн, бөкөндү,
Бөртө жортуп өтөмбү?
Бөксө жолу бүтпөгөн,
Адыр жолун ачпаган,
Алтымыш түмөн кол беттеп,

## ҮЧҮНЧҮ БӨЛҮМ

Ар тараптан арбыган,
Эл көрө элек экенбиз.
Агып-ташып каптаган
Сел көрө элек экенбиз.
Айтканынан кайтпаган,
Ажалдан башын тартпаган,
Эр көрө элек экенбиз.
Өпкө чайкап, кан ичип,
От көрө элек экенбиз.
Өзөн күйүп туташкан
Өрт көрө элек экенбиз.
Башыбыздан ар ишти
Өткөрө элек экенбиз.
Ат көтөрбөй пил минген
Жоо көрө элек экенбиз.
Көпкөк темир кийинген
Доо көрө элек экенбиз.
Мунарадай зуңкуйган
Бой көрө элек экенбиз.
Сакал менен мурутту
Тереби деп ойлоймун.
Сазайыңды колуңа
Береби деп ойлоймун.
Алеңгир жаа, сыр жебе
Кереби деп ойлоймун.
Аркабыздан аз күндө
Келеби деп ойлоймун.
*(Сары аярдын, кыргыздарды айтканы)*
*Манастан*

Табгач каны жообуз эле,
Он ок каны жообуз эле,
Баарынан күчтүүсү –
Кыргыз каны жообуз болду.
*Тонукөк күмбөзүндөгү жазуу*

…Чинмачиндер менен ар дайым ат-салышкан хундарга каршы чыгуу – согуштук иштер жогорку дең-





сөөгүмдү көпүрө салып, курман болуп берейин. Або, билги, алп акелер, элчилик жолун маа кыйың?

Жалын жээрде ат минген Барс атынан шап түштү да, сыңар тизелеп колун бооруна алды:

– Эр-аке, элчилик жолун маа кыйың? Жалгыз өзүм барайын. Өлсөм жортуулдун курманымын. Тирик болсом, Элтерес шердин жообун алып кайтайын?

Кол башкарчулардан өтүнүп Барс жол сурап турганда Буйлаш жай аттан түштү. Буйлаштын мингени үргүлөгөн Чоң боз тек желээ четинде уктап тургансыды. Жаныбар, деле калың кол айкырык салып чабуулга баратканда да, ушул үргүлөгөн калыбынан жазбоочудай жоош, тынч. «Э-э, киши уулунун билерман кол башчылары силер кеңешип чечишкенче мен уктай турайын» – дегенсийт. Үстүнөн Буйлаштын түшкөнүн сезбей үргүлөйт.

Буйлаш өзү да жоош. Тек жай аңгеме, жай сөзгө катышкансыды. Колун бооруна албай або-бектерге, локуйган Эр-Кишиге ийкем этип баш ийди:

– Жолборс эрен, Барс баатыр, экөө бирдей кол башчы. Атам кыргыздын жортуулга чыккан сегиз түмөн колунун жаш арстандары! Булардын орду – кол баштап, жоону тосуу! Кылычы курч баатырлардын элчиликке жүрүшү терс! Мен Элтерестин колунда маталып туткунда болгомун. Мен ол шердин күчүн да көргөм, сырын да билгем. Ол курч кылычын кындан шап сууруган өкүм баатыр. Өзү үчүн жаман кабар алпарган кишинин башын чаптырыр.

Тилим жетсе, аман калармын. Башым кесилсе, курманыңмын Элчилик жолун маа кыйың?

Буйлаш эми оң колун бооруна алды, ийиле түштү. Тээ көкмөлдүр асманда адашкан тайлакка окшогон токумдай ак булут Күн көзүн калкалады. Жаш баатырларга ыраазы Азман або, оюн айтпай күймөлдү:

«Көлөкө өтүп кетсин. Жарык Күн көзүн булут тосуп турганда ой айтпайын…» дегиче, ак булут Күн көзүнөн өттү. Азман оюн айткыча, калың жээрде сакалын ак аралап кал-





– Уа-а, жаныбар, жоокер аты – эр канаты деген ушул, а! Өрдө да, эдиште да, таскагынан жазбады. Бирер жерге чейин адыр-кудур талааны, түздү басты. Анан токойлуу тоону артты. Ташкын суу көбүктөнгөн чың өзөндү өрдөштү. Андан ой-чуңкурунан али кары кете элек таз тоону жондошту. Али кар жаткан дабанын ашты. Дагы өзөн. Бирок бул жолу өзөн өрдөшпөдү, эңиштей жүрүштү. Дагы карагай, тал, кайыңдуу токой. Чээнден жаңы чыккан өгүз аюу качпады да, качырбады да, «Аах!» деди кыжырлангансыды. Анан дөңкөңдөп черге житти. Көк кылтыйган бет-беттерде оттогон кийиктер кишилерди көрүп, селт беришет. Бир чети «дыр» берип үркөн болсо, бир чети тек тыныч оттойт. «Отто, оттой бериң. Ансыз, да кыштан араң чыктык. Арыкпыз. Бизди киши не кылмак.»… дегендей текеси мүйүзүн каркайта карай калып жай басат. Эчкиси шудуңдөй басып оттой калат…

Багыр жолдон жолуккандын баарына кайыл. Анын милдети элчилик. Тек ордодон аттанып, ордосунда тактыда олтурган канга баратпайт. Кандуу кылыч көтөргөн алпка келатат. Чынында мындай элчиликтин не менен аяктаары табышмак. Көк темир темир көтөрүп кыйырына келдик. «Тизелүүң тизеңди бүк, баштууң башты ий! Антпесең, кыргын табасың!» деген айдың. Элчинин минтип келиши, бир чети биз капылыстан басып, сени өксүткүбүз келбеди. Колуңду атказ! Эрк бердик дегени болсо, бир чети сес, коркутуу. Келаткан кол башчы өзүн артык эсептегени.

Намыстуу Элтерес коркуп кетчү эр эмес. Чабышса, чабышаар колу арбын. Үч-Суу эли азыр толуп-болуп турган кези. Чындаса буларда бир жолдо сегиз-он түмөн кол аткараар чаркы бар. Чабышта каныккан кол башчылары бар. Жоокерлер минээр ат, жоокерлер чабаар кылыч, мергендер тартаар жебе, балбандар көтөрөөр айбалта менен чоюн баш, бөрү тилдүү жанчар – эр куралы буларда көп, курч, бекем!





– Хэ…– Элтерес ачуу бүрктү. – Менин жоомдун ураанчысы экенсиң, кубанбаң, аңа. Башың сайда калды?!

– Эрк колуңда, Элтерес баатыр. Менин башымды кесүүдөн мурда, айкөлдүн катын алың!

Багыр көк жибекке оролгон катты Элтереске сунду…

«Элтерес шер, сен да, саа ушул катты жиберген мен да, ак кийиз астында чоңойгон киндиктеш журттун кулуну эдик. Экөөбүз ураандашып четтен келген чоң жоого бир аттансак калың будуң муңайбайт эди. Мал өрүштө төлдөп, жоокер аты тыныч оттоп, улан буурусун кармап, жаш жерге тарую сээп жүрөр эдик…

Ынтымакты мен эмес, сен ыдыраттың. Тыныч элимди чаптың. Ызалуумун. Көк алууга аттандым.

Чабышаар жерим – Бөкөндүүнүн жазыгы. Жок. Айбыңды моюндасаң, кечебиз!

Чабышсаң аттан. Армандуу калышпайлык».

Ирени суз Элтерестин көздөрү кызарды. Жанында олтурушкан кол башчылар оюн айткыча кесип салды:

– Тизе бүгүп көргөн эмес, Элтерес! Оң каруу Алтын-Тоо, Каңгай, сол каруу – Улуу-Тоо, Түбүттө менден бийик чоку болсо көкөлөп көрсүн!

Элтерес ордунан тура берип, кылычын төбөсүнө көтөрдү:

– Мына, айкөлүңө айткан жообум?! Элчилерин суу боюна мууздаң, миң башы! Олору менин жортуулумдун курманы болсун!

Багырдын жоон үнү калтырап чыкты:

– Баба салтын унутпа, Элтерес шер? Элчиге өлүм жок! Мен жети кишимин. Жетөөбүз жети элдин кишисибиз…

– Эйя, жети элден келсең, кимдин ураанын чакырып турасың?!

– Адилдиктин! Көк асаба – бабамдын ураааны! Аздын арамы Керген саа таянып көк асабага кыянат кылды. Киндиктеш көп эл бизге кыйгач карап, журтума көлөкө түштү. Мен ошо элимдин ак жүзүн жапкан көлөкөнү кетирейин деп келдим алдыңа! Элчимин!

гээлде коюлуп, бекем ынтымак менен уюштуруучулук болгондо гана ийгилик алып келмек. Чамасы Түштүк Сибирдеги диндин уруулары ошондой башкаруунун, балким, хундук башкаруучулардын иштеп чыккан, балким алар тарабынан күчөтүлгөн формаларын табышкан. Мунун бардыгы – Борбордук Азиянын кезектеги зомбулоочуларына дайыма каршы турган енисейлик кыргыздардын кийинирээктеги абалын аске салганы эң абзел иш.

*С. В. Киселев*

## АЙКАШ АЛДЫНДА

Шыктуу, баамчыл тарыхчы өзү сүрөттөгөн окуяны кадиксиз сезет, аны көз алдына жандуу элестетет; тескерисинче шыксыз тарыхчы сүрөттөөдө айрым иштерге көңүл буруп бөгөлөт, негиздүүлөрдү көңүлгө тута албайт.

*Г.Гегель*

Тарыхчы кай кезде ой-пикири менен тарыхтын мүчүлүшүн жаңылбай толуктайт.

*М.П.Погодин*

Эл өмүрүн үлгү туткан киши караңгыда чырактуу.

*Эл сөзү*

Үч-Суу журту өз ичинен көп уруу, сыртка бир – карылуу будуң. Эли – жоокер. Ошол көп уруу ал бир баш, бир кол болуп турганда алардын күчү, баатыры Элтерес айткандай: «Үч-Суу ташыганда, шакап булактар ырдабай калыр»…

Карлукту, төлөстү, татабыны, тардушту, курыканды, отуз татарды, он окту дегеле көк түрктүн көп будунун Элтерес «шакап» деди. Ушунча элден өзүнө каруу көрсөтөөрү – кыр-





Ушинтип эрдемсинген Элтерес Адылтайга ынтымак менен келишти өзүнө ар көрдү. «Чокудан чоку бийик эмес беди? Антип ынтымак сурап барганым, Адылтай чокусун өзүмө тең койгонум. Эя, ал неткен коркоктук? Жоок… Чокуга чоку тең эмес. Мен күч менен барып, Адылтай чокусун басам. Анан өзүм бийиктеймин. Анан өзүм тигил табгач падышасынан жогору көтөрүлөмүн!»

Элтерес шерди азгырган күч дал ушул керт башынын бийиктиги, өз чокусунун намысы болучу.

Дал ушул намысы үчүн, ал колун курады. Кыргыз кыйырын бүктөп ал жолу тек жаткан журттун көзүнө көрүндү Элтерес.

…Эми ат туягына жумшак жер көк көрпө төшөгөн жазда, кыргыз колу Үч-Суу журтунун кыйырына келди.

Кол каны Эр-Киши, Элтересчилеп түн жамынып уурданбады. Ал – сегиз түмөн колду жортуулга көрүнө баштады. Чабарман жиберип, Элтереске кабар айттырды:

– Эйе, оноо ашыркы жат жоонун жолун тосуп, биз кыйырда жүрдүк. Элтерести бизге жоо болот деп күтпөдүк. «Өзөктөн күйгөн өрт болуп ол уурданып бизди кышында чапты. Эмчектеги бала, эңкейген карыбызды аяз тоңдурду. Үч-Суунун элин андай алааматка салбайбыз. Биздин кек Элтересте. Карабашыл кишиде жазык жок. Чабышта кылыч көтөргөн баатырлар беттешир. Биз торгой ырдап, көк көрпө буурул жерге жайылып турганда көрүнөө келдик!

Элтерес шер колун баштап, чабышаар жеринде бизди тоссун!

– Элтереске элчиликке ким барыр? – дегенде Жолборс оолукту:

– Эр-аке, жол бериң? Келте куйрук Көк аланы туйлатып өзүм баштаган миң жоокерим менен барайын. Элтерес шерге тил-катты берейин. Серпишсе, серпишейин, ол. Чабышса, чабышайын. Каруум жетсе, Элтерес шердин башын алып келейин. Каруум жетпесе, канымды төгүп,





Элтерестин зор кешпирин көз алдыга келтирип, Элтерес колунун ошондой камдуулугун көз алдына келтирип. «Тобокел. Чаптырса баш ийинде. Энеден төрөлгөн эрге – бир өлүм. Менин демим баягы Керген иттин арамын жууса ийги»…

Ушуну ойлогон Багыр Элтереске жетишке ашыкты.

Чабыштан кийин анын өктөсүн күткөн Элтерес бул кезде камдуу болучу. Жанчар сундуруп, кылыч сууруп жоого чапканы жеңилип көрө элек Элтерес өз боюна ишенип демдүү да, көбүңкү да. Локуюп, толукшуп сестүү да.

Миң башыдан кабар алганда карс-карс күлдү:

– Ха! Ха… өлөр чычкан мышыктын умасын кашыйды?! Кыргыз кыйырыма келатса, мен ажыдаар. Онун жолун бөгөп, жыйрылып коеюн?!

Ушинткен Элтерес беш түмөн колду өзү баштап кыйырды көздөдү. Үч-Суунун акылманы, ары баатыры Салим, али аттанган жок. Ал дагы кол курап азырынча оорукта. Бул жолу жоо колу канчалык күч менен келээрин баамдап билген Салим беш түмөн кол аздык кылат деп болжогон. Анын оюу түмөн саны онго чапчыса, каруу катуу болор деген. Бирок, өткөн кыш Үч-Суунун чөл жагына кар калың түшүп, кыш узак жатып, чет кандын элинде мал көп жутка учурады. Жоокер минээр аттар кыштан арык чыкты.

Эр көкүрөк Элтерес эрдемсиди. Антип кыш каарынан ал жактын аттары арык чыгышын капарга албады.

– Ха! Жалтанган эрдин башы жарык. Мүдүрүлчөөк аттын буту сынык?! Бизге келген кыш башканы да жүдөттү. Салим көрөгөч, сагызгандан саксың. Сактан?! Корксоң, келбең. Же-е, артымдан чаң чыгарың…

Кол башчылардын эч бири кеп катпады. Элтерес күрп этти:

– Асабачы, алга чыгың! Кол канаты жайылсын!

Ушундан кийин көк жыттанган жаш жерге жойкуп салып, беш түмөн дүңгүрөп жөнөй берген. Элтерестин





Аттан түшөөр замат Багыр көк чатырга карай тике басты. Жолдоштору андан калышпады. Жайына койсо, ошол баскандан Багыр шыдыр басып чатырга кирет беле? Багырларды бул жерге баштап келген кара сакал он башы ылдам басып алдыга өттү да, Багырдын жолун тороп токтотту:

– Токтоң!

Баятан баарын байкап Элтерес чатыр алдында, сыртта олтурган. Ал азыр олутунан козголбоду. Тек он башыдан сөз күттү.

Багыр токтой калды. Он башы беш-он кадам алдыга өтө келип, эки колун бооруна алып бүгүлдү:

– Кыргыз канынан элчи келди, шер!

Элтерес козголгон жок. Ал эч сөз укпаган кишиче бет алдына – тике карады. «Кыргыз канынан элчи… Ол, маңа элчи жиберип айдың көрсөтүр? Эйя, кылычың сынгыр»…

Он башы бүгүлө түштү:

– Алдыңызга элчи келди, шер!

– Хэ! – Элтерес кубангансыды. – Элчи келдиби?! Багыр шыдыр басты: – Элчибиз Элтерес баатыр. Куш тилиндей кат алып келдик! Арбаңыз!

– Жок болуң?! – деди Элтерес.

Багыр укмаксан калып адеп билгизди. Ийилип койду да Элтереске жакындады:

– Айкөлдөн келген элчибиз!

Элтерес чорт айтты:

– Мен айкөлдү билбеймин. Элчи күткөн жокмун ондон?!

– Билбесиң да, күтпөсүң да чын, – деди Багыр сабырдуу. – Баба аманат калтырган жоокердик салтты бузбаймын, деди кол башчым. Дабанды кар капшап, калың кол уйкуда жатканда Элтерес кол салды. Мен ону иштебеймин деди. Капылыстан кол салуу баатырдык эмес, уурулук. Кат жибердим! Чабышаар жерим – Бөкөндүүнүн жазыгы! – деди. Калыс журттун жети кишиси келдик. Мснин атым – Багыр, элим – аз. Атам кыргыздын көк асабасы – урааным!

гыз. Аз, аргын чаа, изгил сыяктуу журттарды элинин азды-гына не көптүгүнө карабай, Элтерес аларды чабышта жоо-кердик жагынан теңсинбеди. Чынында, иштин, жайы Элте-рес баамдагандай эмес. Ошол каруусуз журт бирди жарым түмөн аткарып, тажаал жоодон кыйырын сактайт. Алар-дын далайы жекеме-жеке чыкканда карылуу душманга жөн үрпөйтөөр чамасы бар. Кол атказып башканы чаап алуу да далайынын колунан келет. Бирде кегин кетирсе, бирде кет-кенин кайрат…

Бул оош-кыйыш күрөш эзелтеден токтобой жүрүп ке-латыр.

Жортуулга аттануу – тек ташыган кара күчтү кайда коюшту билбей эсирик айдап чабуулга аттаныш эмес. (Арий-не, кайбир жиндиген кол башчы аны да иштейт деңиз.) Көбүнчө жортуул – максаты, өз журтунун жашоосу үчүн кам көрүү. Баатырлар өзүнүн эрдиги, жоокердиги менен кошуунду олжого батырыш. Олжо тек байлык эмес – азык. Тиричилик, күн көрүү…

Жоокерчиликтин кандуу кыргынды актыкка чыгарган ырайымсыз жагдайы ушул?! Бирок өз күчүн баалап, чабуул көксөгөн жол башчы, ал, эч жеңилбес шер болсо да көп узабай… «Кылыч көтөрүп келип кылычтан башы кесилир». Турмуш өзү берген ушул укмуш сабак, кан көксөгөн эренди тезге салат. Ага арка-бел болуп артынан жүргөн журттун:

– Зордун арты кор. Байдын арты шок! – деген макалы да бар.

Чабылып-чачылып кул болуп келгендер кайрадан баш көтөрөт. Биз эр бабанын тукуму эдик. Кул, күң болуп жоо-нун ирегесинде тепселгенче чабышта баш кесилсин дешет Кулдар.

– Аттандык! – дейт бир тыңы.

Беркилер артынан жөнөйт. Кайрадан чабыш. Көк темир башты кессе, жоокерче жанды жерге берүү. Сөөктү тешкен жебе кошо көмүлөт. Бул кулдуктан кара башты бошотуу үчүн болгон салгылашта каза тапкан жоокер өлүмү…





Неси болсо да, «калың каз башсыз учпайды». Кылычы курч билги баатыры жолду баштаса, калганы ага арка-тирек. Кылка, кылка кошуун болушуп, бардыгы жортуул-да. Көксөгөнү – чабыш! Максатка каршы чыкса жадаса башка эмес, өзүнө киндиктеш тукуму чабылат. Өзүнө жа-тындашы жоо.

Тигил Үч-Суу журту менен берки көп уруу будуңдар таптакыр бөтөн эмес. Тыягы кыргыз, телес, аз аргын, чаа, найман, изгил, катаган; быягы курыкан, он ок, ушул Үч-Суу журту бардыгы тектеш. Бар болгону уруу-урууга бөлүнүп бара-бара жик алыстап алар өзүнчө будуңбуз (эл-биз) деп калган.

Элүү жылда эл жаңырды. Ар жүз жылда жаңырган эл толуп-ташкындап анан кайрадан суул, бөксөрүп тур-ду. Мына ошондо алардын бир бутагы таптакыр чорт кесилип чирип жоголду. Бири суу шарында агып келди. Жаңы жерде кайрадан өнүп берди. Анан ошол өнгөн же-ринин наамын алды. Ошол өзөн анын Ата-Конушу. Ал, ошо өз Ата-Конушунун ураанын чакырды…

Үч-Суунун журту дал ошолордун бири.

Бул журттун эмки кол башчысы Элтерес, тайманбас-тык жагынан алп бабанын жолун жолдоп, кеменгердик жактан бир аз тайкы, ишенгени – күчү. Өзүнө киндик-теш журтту ынтымакка чакыруунун ордуна аларды кы-лыч көтөрүп баш ийдирүүнү көздөдү.

Кызыл буурул атына минип, Үч-Суунун эң бийик чо-кусуна бастырып чыкканында, Элтереске үч чоң элдин каны, ажосу, падышасы үч бийик чоку болуп көрүндү.

Ал үч бийик чокунун бири – өзү. Ошол өзү баштаган калкы жоокер Үч-Суулук.

Ал үч чокунун экинчиси – тигил Адылтай ажо. Ошол Адылтай баштаган жоокер калкы.

«Эя?! – деди Элтерес локуюп өзүнө-өзү, – ошол Адылтай ажо үндөбөй менин ыгыма, басып берсе не. Анда эртең эле, Үч-Суудан ташып барып тигил табгачты чаап алыр эдим».





түмөндөрү күнү бою жүрүштү. Күн батаарга жакын түмөн-түмөнгө кабар берилди:

– Чет сууга жеткенде аттар от чалсын, жоокерлер суу-сун жутсун! Жол оңун өткөрбөй… түн жамынып жол ар-бытылады! Аты аксаган, өзү ыңкыстаган болсо эскертиң миң башыга. Миң башы жүз башыга айтсын. Башка жүктүн башы чабылыр!

Кол башчынын буйругу эчен айтылган. Муну ар бир жоокер эсинде тутту. Ошентсе да, дагы бир эскертилди:

– Башка жүктүн башы чабылыр. Ооруган ооруңдан сакайың!

Жылдыз толгондо беш түмөн жапырт аттанды. Ошон-дон таң өөк салганча тыным болгон жок. Жылдыз суюу-луп, жер-суу жарыла баштаганда кол тып токтоду.

Муз дабанды түнү менен ашып, кара тоо жазыгына кел-ген кол, жоо жолун тосоор оңтойлуу жазыкка эми жакын. Аттар тыныксын, жоокерлер Күн чыкканча куш уйку сал-сын, тыныксын деген Элтерес өзүнүн көк чатырын кандай-дыр бир бийик боз дөбөгө көтөрттү. Тыяк-быяктан келат-кан болсо көрсүн. Көк жал көрүнөөдө! Эки жагына суу ак-кан ортоңку боз дөбө неси болсо да жөн жер эмес. Тигил суу аккан ойдуңдар жайык, кең. Кол суу бойлой жайгашсын.

Эки суу ортосунда боз дөбө баш-куйругу чорт кесилген сазан балыктай дөмпөйүп бийик, көрүнөө. Дөбө да көрүнөө. Дөбөдөн туруп караган көзгө теребел да дапдайын ала-кандагыдай.

Ары-бери болгуча көк чатыр көтөрүлдү. Элтерес чатырга кирип таш жазданды. Башы ташка тие электе коркурап шер уйкуга батты…

Баатырдын таш жазданыусу: «Уйку чолок. Баатыр жай жатышка акысы жок. Жаагыңдан таш өткүчө жаныңды сеп алдыр, жоокер» – деген анты. Бул ант өзүнөн мурда тигил калың колго – ар бир жоокердин бышык, тың, сак болушу үчүн керек. Кол башчынын азыр таш жазданып чырым уйкуга кеткенин ар бир жоокер билет. Жоокерлер





да ат чылбырын баса жатты. Ар бири таш жазданды. Күн-түн жон басып келген ач аттар, азыр көк кайсап отто. Күн-түн ээрде келген ач жоокерлер чырым уйкуда…

Жылдыз суюлуп, көк мөлдүр асман агарыңкы тартты. Аалам кеңий түшкөнсүп келатты. Жерге жабыша калып от оттогон аттардын жылуу деми теребелди буулантты, жылытты… Таңдын сыдырымы катуу уйкудагы жоокер-лердин үстүндө көзгө көрүнбөс жумшак үлбүрөк жел шей-шебин желпиди. Уйкудагы берендерди эркелетти, аяды…

Бүгүнбү, эртеңби? Эки кол беттешет. Бирине-бири көк темир жанчат, биринин башын бири чабат… Ушул уйку-дагы жаш эрендердин канчасы таш жазданат? О, ал жаз-дануу тынысуу эмес, түбөлүккө жаздануу. Ысык илеп муз-дап, түбөлүккө кайрадан суук топуракка кошулуу… О, ал кайгылуу кыргындын ач сөлөкөтү, азыр таш жазданган чырым уйкудагы жоокерлердин үстүндө көрүнбөй көкөлөдү. Теребел өлүм кабарын айтып тунжурады…

…Жер-суу көбөрүп, магдырап, төбөдө торгойлор бе-зилдөөдө. Калың кол кошуунунан жүлүндөй созулган түтүн чыкпай жоокерлер тамактанып бүттү. Азыр көк чатыр жыйылат. Эми аттанабыз дешип он башы, жүз башылар ашыктыра баштаган. Бирок боз дөбөдө көк чатыр жый-ылбады. Басмайылды бек тартышкан он башы, жүз ба-шылардын тынчы кетти…

Чатырдын жыйылбаган себеби жана тээ кыйыр жак-тагы жолдон жоон топ аттуу чыккан. Алар эми ушул жак-ка, боз дөбөдөгү көк чатырга келатышат. Ана, минген аттары, кийген кийимдери даана көрүндү.

Он чактысы эрөөлдө жер кезип жүрүшкөн өз жоокер-лери, дагы жетөө бөтөн журттун кишилери экендиги таа-ныльды. Ана, алар жетээр-жетпей бардыгы аттан түшүштү. Жат кишилер колго түшкөн жоокерлердей маңызы жа-пыс эмес, тике карашат. Чыйрак, бекем басышат. Элте-рестин эрөөлдөн кайткан жоокерлери алардын жанында. Не алар тигил кишилерди зекибейт…

гандай эмес, ыйлашты десе ыйдай эмес, бежилдеп көп сөз айтышты.

Анан ошол азгын кишилердин жайын чымчык баатырга мындайча баян этти:

«Айе, баатыр. Сен бир калаадан жалгыз калдым деп кейибең. Көз алдыңда турган ач, арыктар Күн жүргөн жактан тербип келатышат. Булар колдорунан көөр төгүлгөн уста, купуя сыр ачкан акылман, бичик жазган билги кишилер. Булардын бабалары эң укмуш калаа тургузган. Көчөлөрү күзгүдөй, үйлөрү ак зоодой. Чарбактарында дүйүм жер-жемиш бышкан. Укумдан тукумга жыргап турушкан…

Кырсык айттырбады, ажал күттүрбөдү, баатырым.

Бул журттун ошол сонун калаасы тиги ысык жактын чоң деңизине жакын жайнап, гүлдөп өнүгүп-өсүп турганда… Ошол ысык жактын чоң деңизи толкуй баштады. Ар дайым ошол жактан катуу бороон күүлдөп, калаа жакка толкун айдады. Чоң толкун ылай жууруду. Ылай менен ысык суу толкуду. Булардын калаасын каптай баштады. Баарынан жаманы, ылай толкун бир болуп токтоп калбады. Жылдан жылга созулду. Жылдан жылга күчөдү, Ылай толкун ал укмуш кооз калааны каптай берди. Ошондо калаанын көп эли ылай толкунду тосоор бийик тосмо-сепил курушту. Сепилдин бийиктиги жебе жеткис, калыңдыгы көк темир тешкис бекем болду.

О, ылай толкун ол сепилден аша албай калды дейсиңби? Бороон жылдан жылга созулду. Толкун жылдан жылга күч алды… Уа, күүлдөп-шаалдаган ылай толкун акыры укмуш калааны басып калды. Ол укмуш калаа азыр жер астында катылуу. Калаа журтунун көбү өз уясы менен кошо жер астында калды. Азы тентип-тербип кетти. Бир азы азыр жаныңда жалбарып турган ушул азгандар, баатыр.

– Кооз чымчык, чыйпылдап койду. Анан кишиче айтты:

– Баатыр жалгыз калдым дебең! Ушу келген карыптарды бооруңа жылытың. Кызын жар күт, уулун ини





тут. Карысын ата deң. Те, ано талаа-түздө мал асырап, эгин эгип аман калган элиңе кошуп тукум улаң баатыр!

Кооз чымчык ушуну айтып силкинди. Койкоңдоп талпынды. Зып учуп кетти.

Баатыр азган-тозгон кишилерди баштап алып, боз үйдө жадырап олтурган туугандарга келди…

Ошондон кийин биздин журт өз үйүн бекемдеди. Кооздоду…

О, киши өнөрүнө ченем жок да.

«Силердин тукумдун сонун шаары жер астында» деген Көк теңири бизге.

Ошон үчүн, биздин тукум, тирүүсүндө жер үстүнө таш үй курбады. Ал шумкар болуп, аркы дүнүйөгө учканда… калган тууганы аңа арнап жер астына сонун үй салыр. Ол үйгө шумкардын сөөгүн, күлүк атын, курч кылычын, алтын, күмүш идишин, жоо кийимин, ичээр ашын керектүү дүйнөсүн түгөл батырар. Ол үй чайырдуу жаш карагай, эч чирибес жыттуу арча. Ол үйдү таш күмбөз күзөтүр. Ол суукта жарылбас, ысыкта үбүлбөс, жер силкинсе бүлүнбөс, ылай толкуну чайыса басылбас таш күмбөздө ар бабанын элеси бар!

Кан төгүлгөн чоң чабыштан соң, буурул жер бетинде, ошондой таш күмбөздөр өнөөр… Олор бүгүн биздин курбу – эртең, урпакка баба!

Ушул ыйык ишенимге бекем берилген кишилер, чабыш жүрүп турган жортуул кезинде да, өздөрү багынткан калаага көпкө турушчу эмес. «Калаа биздин тукумга жакпады. Биз эркин кушпуз!» деген баатырлар өздөрү багынткан калааны таштап чыгып кетишчү. Ырас, калаа калкы тизе бүгүп, тартуусун тартып, тез багынса, ал калаа аман калычу. Жок. Калаа калкы багынбай, чоң-кичиги жоокер болушса, таш сепилдерге бекинип, колду көп чыгымга учуратса, анда, ал калаа багындым дебестен эле өзүнөзү тыйпыл кылсын. Антпесе, аны Уз кан колу тыйпыл этчү…





акбоз минишкендер – «Ак толкун» түмөнү. Бул Элтерес колунун эзелки салты. «Кара сел» түмөнү айкырык салып чу койгондо кара күч түрүлгөндөй сүрдүү. Анын артынан «Жалын сел» агылганда алдыңкы кара күчтү, өрт айдап, өрт колдоп келаткандай, чытырман кара токойду жалын жалмап келаткандай. Алардын артынан жалаң акбоздор төгүлгөндө, алдыңкы кара күчтү да, жалындаган отту да ак колдогон сыяктуу. Бардыгын ушул чоң, ыйык чабуулга ошол ак алп алып келаткан өңдөнөт.

Жоого чабуул койгон маалында Элтерес колу ошентип укмуштанып сыйкырданып, түрүлүп көрүнөт.

О, ал укмуштай сүр. Укмуштай жеңилбес күч!

Азыр Элтерес колу ак чатырдын оң каруу жагында ошол тартибин сактап катып турган кези. Жекеге чыккан баатырлар сайышы ада болуп… доолбас согулар замат Элтерес колунун толкуну түрүлөт. Каптайт.

Салим түмөндөрү сол каруу жакта. Бирок Салим жоокерлеринин мингендери чылк бир түстүү эмес, тору менен жээрде, кара кер менен кара, акбоз менен кулан чаар, тору ала, сур менен буурул аралаш. Ошентсе да сырт көзгө булар да анча бөлүнбөйт. Сүрдүү, шаңдуу.

Жоокерлер тек катып калган көк таш сыяктуу сенип турушат. Далылары дүгдүйөт, туулгалары томпоёт, жанчарлары сороёт. Жерден көк ордуна атчан жоокерлер өнүп чыккандай, каланган чийдей. Тыгыз ширетип темир тикенек болуп калган…

Тек жоокер кийими, эр куралдары, ат соорулары жаңыдан көтөрүлүп келаткан Күнгө чагылышат. Жанчар учтары жалт-жулт этип, желге жалаңдайт. Соот тон, чопкут тон, кемер кур жалтылдайт, агарат. Чоюнбаш ээр кашында илинүү, айбалта бүлдүргөсү билекте илинүү. Саадак каптар, жебеге тирелет…

Жоокерлер тыптынч. Катып-сенип козголбойт. Салим: «Биз күчтүүбүз. Бизден Адылтай күчтүү. Анын колу биздин колдон мол эмес. Башка кол башчыларынын эр-





Алда кече чабышкан.
Ат селейип, эр сулап,
Суу ордуна кан аккан,
Таш ордуна баш жаткан.

Айтылуу Бөкөндү жазыгы, мына, ар бир жоокердин көз алдында. Бул жазыкты чыгышка карай артып түз кеткенде шыдыр жүргөн салт аттуу жолоочу он беш күндө, кош ат минген жоокер он күндө табгач кыйырын басат. Ал жакта ат кече алгыс дарыялар да бар. Эки арада топурак учуп, боз түшкөн Капа-Чөлү да бар. Андан ары боз чоподон курулган узун сепилдин уч-куйуру жок. Бир чети Улуу-Тоого уланса, бир жак чети – жер чети чоң деңизге кеткен бул сепилдер ар заманда бекемделип, бийиктен уланып турган дешет.

Азыр эки тарап болушуп бирине-бири кылыч көтөрүп чабышка беттешкен көп колдун байыркы бабалары куюндай удургуп, куштай учуп кайдан келип, кайда кеткенин табышмак кылып, улуу, жортуул баштап ошол табгачты чаап турганда… табгачтын түйшүкчүл калың журту үч жүз миң кишиси күн-түнү түйшүктөнүп, ушул улуу Сепилдин узунун курган дешет.

Ал заман өзүнчө жомок, түгөнгүс баян. Дал ошол үч жүз миң кишиси көп ай түйшүктөнүп узун Сепилин курганда кийин арадан туура он беш жыл өтүп… Уз алп табгачка чабуулун баштады.

Уул ээрде карыды. Ат жолдо арыды. Жортуул бүтпөдү.

Табгачтын айласы артты. Берки Орто жайыкта колу чабылып суюлуп баратканда, Сепилине жашынды. Көк капкалуу бийик Сепил томсоруп бекем, өлүк сүрдүү. Чуу салган атчандар ашалбай бөгөлөт. Сепил кыры бийик. Жоокер көрүнбөйт. Жебе куйрук улаш учат. Бөөдө өлүм таппайлы дегендер тизгин жыйып, Сепилден алыстады…

Табгачтын Сепилге бөккөнү да, көчмөндүктөрдүн Сепилден окчундашы да өзүнчө баян.

Ууз алптын жоо бөрүсү алп жүрөк Коён баатыры он жылдык жортуулда бир жолу кылчайып качып көрбөдү. Жеңилиш эмне экенин билбеди. Табгачтын кылыч суурган баатырын жекеде алды. Жер жайнаган калың колун жазыкта кырды. Жумшактан – жибегин, кымбаттан – алтынын, аруу кызын олжолоду Коён алп.

Ошентип Коён баатыр он жыл бою табгач жерин куюндай сапырды. Табгачка ажал септи, муң төктү. Коён өзү жеңилбеди. Бир жолу Коён баатырдын түмөнүнө табгачтын үч түмөнү каршы беттешти. Ушул Бөкөндүнүн күн чыккан жагы – Орто жазыкта чабыш башталды. Үч күн, үч түн тынбай чабыш жүрдү.

Табгач колу көптүккө салып Коён баатырдын түмөнүн ийирди. Курчады. Зор жылан алсыз Коёнду үч курчап ороп алганда Коёндун түмөнүн үч курчап табгач кысып кирди. О, асыл Коён алптын ажалы төбөсүндө чырылдады. Эми түмөнү тыйпыл, кыргын табат дегиче… Ортодон куюн көтөрүлгөндөй, жер тешигинен ышкырып бороон чыккандай кандайдыр сырдуу күч табгач колун кайра жапырды. Кайра качырды. Шыкап-камап келген үч түмөн кайра чачылды. Сансыз таан ителгиден үрккөндөй үч түмөн кол чачырай түшкөндө жазык бетинде аттуу-жөөлүү кумурскадай жайнады. Жазык карарып жыбырады…

Сур жебелер куйрук улаш ышкырды. Жебеден Коён алптын атчан колу тез. Жебе жетпегенине жоокер жетет, кылыч чабаар чабарман, жанчар саяр саярман, айбалта согоор согорман табгачты жүдөттү…

Коён баатырдын түмөнү кайрадан үстөм, кайрадан табгач түмөндөрү сүрүлдү. Кырылды. Коён кошуунунан да ажалдуусу шумкар болуп учуп жатты…

Төртүнчү күнү таңдан Ууз алптан үч түмөн кол Коён баатырга көмөккө келди. Аттары болдура элек ал үч түмөн чоң алкак болуп табгач түмөндөрүн сыртынан кысты.

Качкандын жолу бөгөлдү. Качпаганы турган жеринде ажал тапты. Табгачтын үч түмөнүнөн жалгыз киши тирүү





башты, курч кеп багынтаар. Жоо менен чабыша бергенче, тил катыш алгач!

Дал ушуну колдогон Салим менен көбүнчө куралдын салмагына сыйынган Элтерес көп учурда өз-өз ара бир сөзгө келише алчу эмес. Иштин жагдайы Элтерес болжогондой эмес, Салим айткандай болуп чыгуучу. Салимге жыгылыштуу болуп Элтерестин маанайы басылчу.

Азыр да Элтерестин сактанганы, өз ишинин Салимге жакпай калышы. Алдыңкы чоң чабышта Элтерес басынса, баарыдан мурда, ал басынышын душмандын күчүнөн көрбөйт. Өзүнүн кетирген жаңылыштыгынан көрөт. Ал өзүн жоо сырын билбес энөө, акылсыз, айласыз кол башчы катарында эсептейт. Өзүн-өзү жектейт. Өзүн-өзү кыйыктайт. Алтургай өзүн-өзү жазалаштан да кайра тартпайт.

Элтерес шердин башка кол башчылардан артыкчылыгы – ушул сапаты. Элтерестин бул сапаты Салимде жок. Элтереске караганда Салим бул жагынан кем. Ал өзүнө-өзү бек ишенет. Өзүн-өзү кемтиксиз сезет…

Эки баатырды айыгыштырган ар-намыс дал ушул ар биринин өз-өзүнө таандык санаттары.

Салим:

«Мен чын айттым. Айтканымдай болур!»– дейт.

Элтерес:

«Мен туура иштедим. Терс чыкса, өзүмдү-өзүм жазалаймын»– дейт.

Эки кол башчы: бири коркууну билбес алп, алп болгондо да ушул кезге дейре жеңилип көрбөгөн каарман алп. Бири жеке эле баатыр кол башчы эмес, акылман, айлакер. Кылыч мизи, айбалта салмагы менен бирге акыл-айланы кошо салмактаган баамчыл, көрөгөч кол башчы. Азыр энөө катар тиштенип көрүнөөгө тигилген ак чатырдын алдында, ана, атчан турушат. Элтерестин түмөндөрү оң каруудa. Жалаң кара атка минген жоокерлер алдыңкы сапта. Алар – «Кара сел» түмөнү. Андан кийинки катар жалаң жалын жээрдечен. «Жалын сел» түмөнү. Анан кийинкилер аксур,





Беш түмөн колу менен Коён баатырдын Сепилден чыкпай калганын Ууз кан эли, калаанын ошол өздөрүнө жакпас караңгы сырынан көрүштү.

Акылман-билгилер осуят калтырды:

– Табгач курган таш сепилде, кара жиндин жаны катылган! Сепилден сынчусун кыйрат. Күйчүсүн өрттөң. Өзүң аа жакын калба! Калаада өскөн жоо колун талаага алда… Сепилсиз ой-тоодо, ону колдоор кара жини алсыз.

Калаадан чыккан кара жоо карга, таандай калың келсе, келсин, олор бети ачык ой-тоого алсыз. Кылычыңды тике чап, жанчарыңды бекем суктур. Менин жоокерим!

Талаа-түздө саа айбат көрсөтөөр чамасы чак, ал кара жоонун!

Дал ушул осуятты эсине бекем туткан Коён баатыр да баягыда өзүнүн бир түмөнү менен табгачтын үч түмөнүн чапкан. Дал ушул осуятты ал эсине тутпай, сепилге кирип барып… беш түмөн колду кара жиндин коруна салып берди. Коён баатыр өзү да өлдү. Анын ыйык жаны кара жиндин отуна күйдү. Анын асыл сөөгү тепсөөрүндө белгисиз жоголду…

Алп Коёндун албан-албан эрдиги эл ичинде үлгү калтырды. Анын сепилге кирип дайынсыз болушу да, соңкуларга эстен кеткис санат болду…

Улам соңку кол башчы калааны камаса, аны аёосуз камады. Чапса, катуу чапты, өрттөдү, кыйратты, элин кырды. Жоокер эмес журт бөөдө кырылбасын деген кол башчысы өз колун баштап, жазыкка чыгып келчү болду.

Жазык буурул Жерде азбы?

Куланды жазыгы, Кулунду жазыгы, Сал Талаа жазыгы, Коёндуу жазыгы, Чоң жазык, Орто жазык… Коюңуз, ушул айтылуу улуу жазыктар соңку кылымдарда канча жолу чоң чабыштарга күбө. Улуу жазык беттери ат туягына ийленди, киши канына сугарылды. Жан-жанывардын куу сөөгү ой-чуңкуруна толду.

Бул жазыктарда кан түтөдү, жин жыттанды…





Ошол заманда кол баштаган алп бир күнү уктап жатса түшүнө асмандан үн угулду:

«Уяңда алаамат болур. Тез аттаның! Ачыкка кетиң» – деди үн.

Алп тез кийинди. Атына минди…

Ошол замат жер улуду, катуу-катуу силкинди. Калаа үйлөрү чаңдады, кайра боз топурак болду. Таш сепил күкүмдөлдү, кумга айланды…

Ыйлаган бала үнү чыкпады. Онтогон ана үнү угулбады. Баатырдын аты чаңдан уркту. Өзү озондоп тоого кетти.

Баатыр тоого келди. Тоого келсе жылкычы тиккен боз үй аман. Кишилер таттуу уйкуда. Баатыр кымыз жутту, муңун басты. Бир аз үнсүз олтуруп аттанып кетти.

Баатыр уйчунун боз үйүнө келди. Уйчунун уулу жыгач аяктан жуурат ичип олтур. Сыр айтпады. Аттанып кетти.

Баатыр койчунун үйүнө келди. Койчунун кызы чөйчөктөн койдун сүтүн ичип олтур. Баатыр кой сүтүнөн ичип, ич күйдүсүн басты. Бир азга муңайып унчукпай олтурду. Сыр айтпады. Аттанып кетти.

Баатыр жолдо жалгыз келатты. Самсыган жат адамдар кездешти. Баатыр олорго учурашты. Олор баатырга жалбаргандай болушту. Баатыр олордун тилин түюнбады. Баатыр кеп айтты. Олор түюнбады.

Баатыр ак мокоп не кылаарын билбей нес болуп турду. Чоочун кишилер баатырга жалдырай караштты. Баары арык, алсыз болушчу.

Баатыр олордун мусаапыр экенин билди. Бирок олор менен тил катып сүйлөшө албаганына кейиди. Ошол кезде баатыр минген аттын көкүлүнө бир укмуштай кооз чымчык учуп келип коно калды. Чымчык эң чоң десе, беш жашар кыздын бармагынын башындай. Кооз чымчык силкинди, талпынды. Кадимки кишиче сүйлөдү. Чымчык тилин баатыр да түюнду, тигилер да түюнду.

Чымчык баатыр жайын чоочун кишилерге баян этти. Олор жер өптү, Көккө алакан жайды. Кубанды десе кубан-

күч менен болтурабыз. Тизелүүсү тизе бүгөр. Баштуусу баш иер. Антпесе, кырабыз!»

Элтерес шер элчини көзгө илбей, жоокерлеринин көз алдында Багырды жолдоштору менен мууздатып салган жөнү да ошол болучу.

«Муну көргөн менин жоокерлериме күч бүтсүн, элчиси мууздалганын укканда жоомдон ал тайсын»– деп иштеген ал. Бирок иш Элтерес болжогондой болуп чыкпады.

Үч түмөн кол алып соңунан жете келген Салим катуу өкүнүп калды:

– Элтерес шер. Элчиге өлүм бар беди. Элчиси өлгөндө эл, элчиликке келчү беди?! Жети киши кесилди. Сөзү жерде калды. Тыякта көп түмөн кол кекенип жатпайбы? Ойе, бу курчтук, эрдик эмес, осолдук. Кол башчы осолдук иштесе, өзүнө да, колуна да зыян...

Салимдин наараазылыгы Элтереске жакпады. Ал чоң буурулду туйлатып каарданып салды:

– Мен өз кылычымды курчуттум. Жоо кылычы маа десе ташка тийсин. Салим баатыр, сен колду мокотпо. Колду мокотконуң менин кылычымды мокотконуң?!

Ушул тартыштан кийин Элтерес менен Салим ортосуна жик түштү. Бирок бул эки баатырды ажыратып салчу жик эмес, кайра бекемдей турган жик. Экөө тең өз-өз баамында чабышта жеңиштин пайдасын көздөп жатышат. Салимдин өкүнгөнү, тек элчини өлтүрүш жаман белги. Кетпес кек калаар өчтүү иш дешинде. Салим тек кара күчкө, кылычтын курчуна, айбалтанын салмагына салып жоо жеңиш опуртмалуу. Чабыш жеке кан төгүш, каар агытыш эмес. Чабышта, «Таш жарган балта кеңеште баш жарбайт», деген чакырыкты Салим көбүнчө колдонот. Кол башчы акылман болсо, кан төкпөй жоосун тизе бүктүрсүн. Кан төгүштү Теңир азуулууга берген. Киши уулунда акыл, айла, боорукердик бар. «Кылыч курчу бир баш кесир, он баш кесир, анан мокойду, кеп курчу айткан сайын курчуйду. Айбалта сого албас





кетпеди. Отуз миң табгач жоокери кыйрады – өлүктөрү жазыкта калды. Бирок ал жолу жазыкта калган киши өлүгү отуз миңден аруу болду. Коён колунан да кырылганы аз эмес эле.

Коён баатырдын колу жоо колунун аттарын олжолоп жөнөп кетишкендин эртеси табгачтан дагы беш түмөн кол, чабыш жүргөн жазыкка келди.

Бул кезде Орто жазыктын кең аймагы ат менен кишинин өлүгүнө толуп коңурсуп жаткан. Жортуулга кеткен отуз миң кол дайынсыз калганда алардын артынан элүү миң колду баштап Вей Ху келди. Ал ат араң көтөргөн алп. Өзү кишинин сүрдүүсү. Калың кара кашы кичине канаттай болуп түрүлүп оттуу, өткүр көздөрү балбылдап жанган алп кол башчы тике караганында көзүнүн курчу кишинин шилисине өткөн сүрдүү да, кобулдай кыр мурундуу, сыйда кара сакалдуу сындуу да. Чабышта жалтанбай кылычты тике сунган алп, жоо ыгын төз баамдаган айлакер эр Вей Ху жана алды жакта, жазыктын ойтүзүндө карарып, бозоруп калың жаткан караан-параандарды көргөндө... кол бейкапар уктап жатканбы деп, өзүнөн мурунку кетишкен кол башчыларына кыжырланган.

– Күн күлүп турганда көрүнөө жазыкка да кол жуушайбы?! Эмне, булар кырылгандай сулашат...– деген.

Эми Вей Хунун элүү миң колу ашыга жүрүп, жазыкка келишти. Жана алыстан тынып, уктап жаткандай болуп көрүнгөн кол, кыргын таап түбөлүк уйкуга батып жуушап калганын көргөндө алп Вей Ху селее түштү.

Кол башчылар да, жоокерлер да калың өлүктү көргөндө коркуп кетишти:

– Хе, бу жөн кыргын эмес, бизди Асман жазалаган...

– Кылыч кармап, чабышка чыкканы мындай кыргынды көрбөдүм.

– Бу күнөө...

– Алтынга көз тойбогондо... кол кырылат деген.





– Капкасын кыйратабыз!

– Сепилин уратабыз!

– Бу жолу кара жоону тыйпыл кылып тынабыз. Олжого тунабыз!

Түмөндөр Сепилди камалады.

Коён баатыр беш түмөндү баштап Сепилге кирди. Бирок...

Бул жолу Коён алптын беш түмөнүнөн бир киши сепилден чыкпады.

Сыйкыр арбап, жел учуруп кеткендей элүү миң колдун дареги чыкпай кыргын тапты. Сепилди камалаган сырткы түмөндөр да алдан тайып катарын суюлтту. Баарынан коркунучтуу – Ууз алп колу табгачты жеңип, багынып жаткансыды. Бирок өздөрү кырылып, суюлуп, багынып жаткандарын алар байкабады...

Кийин кыргындан калган кол Орто жайыкты, Кудандынын талаасын, ушул Бөкөндү жазыгын артып самсып, арып-азып ыйлап келатышты.

О, оош-кыйыш дүнүйө! Татаалсың, жыргалдуусуң, өкүнүчтүүсүң, кайгылуусуң?!

Баса, сенин сырың эмнеде?..

Байыркы бир заманда ушул көчмөн журттун бир кеменгер бабасы тукумга акыл берет:

– Куш уяда өсүр. Кийик черде өсүр. Киши үйдө өсүр. Биз тиккен боз үй – сыйдын үйү. Буурул жер жашырып, көк тармалданып торгой сайрап турганда көк конуш көркү ол! Жашыл төрдө, жашыл түздө, өзөндө боз үй агарса, асман күлөөр. Ууз кымыз жутуп, алп керегеге бутун артыр.

Ая-я! Ол жыргал жазда бар, кышта жок, журтум. Ошо жаздагыдай бел чечип, бут арткыдай жылуу уя – калаа!

Биздин тукум калаа куруң! – дейт ол баба.

Баба кебиң эшиткендер боз чалма умачтап үй курганды үйрөндү. Бийик сепил курду, жанына чарбак өстүрдү. талаа-түздөгү тукум калаага жакындады...

О, кырсык! Кырсык күтпөгөн жерде алаамат салыр.





Анан калың тукум алда нече союлуп, чоң-кичик муң жутту...

О! Ала канат бүркүттү таң күнү шаңшыткан алп заман! Анын талыбас мунүшкөрү алп-баба!

Сенин ыйык салтыңа таң каламын да... азыр, тигил, Бөкөндү жазыгында беттешкени келишкен тукумуңа жарап турам. Баса...

Бул чоң чабыш, катуу кыргын «Улуу сөз» сабагында өзүнчө дастан...

## ЖЕКЕДЕ

Коркуп жүрүп биреөдөн
Мен короого малды жыйбадым,
Жалынып жүрүп биреөгө
Мен жайытка малды жыйбадым.
Арбытып айыл жыяйын.
Аманат жанга бир өлүм.
Намыс үчүн кыяйын...

*Манас*

Жоо миң болсо да жалтанбастан тоодон кулаган таштай жымырылып жалгыз качырып... не түн, не күн болсун аңгекти, аңды карабай жоого аралап быт-чытын чыгарып салышат. Же өзү өлөт, же жоону качырат. Мындай баатырларды – «Киши-пишери» деп атаган. Мындай баатырлар кыргызда боло келген. Биринчи баатыр ушул.

*Б. Солтоной уулу жыйган материалдан*

Кол, Бөкөндү жазыгынын Күн батыш жагына ыктай келишти да бетме-бет токтоду. Орто ара көк жыттанган кең талаа ортосу ойдуң тартып эки жакка бирдей мелтирейт. Бадал, дүмүр жок. Анда-санда гана ак таштар көрүнөт. Майда-майда дөбөчөлөр бар. Алардын не дөбө эке-

Чуңкурча жерлерде киши өлүгү корумдалып калган. Кантсе да ал жерде жоонун бир баатыры курчалып көптү өлтүрүп, анан өзү өлгөндөй. Көп табгач жоокерлеринин өлүгүнүн ортосунда чопкут тон кийген зор өлүк жатат. Ал асманды карап чалкасынан жыгылыптыр. Башындагы туулга кабышбайт. Табгач жоокерин жаздана жатып уктап калгандай. Ирени кара көк тартып... кулак, мурдуна көк чымын конбосо, тек уктап жаткан сыяктуу...

Вей Ху дал ошол белгисиз баатырды көргөндө, өткөн жылы Ууз алп менен беттешкенин көз алдына келтирди. «Куюндай учкан бу журттун кутурган бөрүсү Модэ эмеспи, тиги?»

Жок. Ал кутурган Модэ эмес, анын бир алп кол башчысынын тайманбас эр жоокери!

Вей Хунун жүрөгү шуу дей түштү. Элүү миң кол баштаган алп кол башчы өлүк баатырдын өлүгүнөн коркподу. Көз алдына тартылган элестен чочуду. Отуз миң колдон бир жан аман кетпей кыргын тапкан чабыштын чуусу, айдыңы, чаңы, сүрү көз алдына тартылды. «Ха, ажыдаардын каргышы жетти, бизге... Душмандын жылдызы жарык, биздики караңгы. Быйыл чабышта бизге кыргын, жеңиш жок»...

Вей Хунун көз алдынан кандайдыр бир зор-зор ак боз атка минген зор кишилер чаап өткөндөй болду...

Вей Ху эми чындап коркту. Кыжырланып, ашыгып жардык айтты:

– Чабыш бүттү... Кол кайра тартсын!!!

Сары жазыкты каптай додолонгон, сулаган өлүктөрдү көргөндө коркуп турган элүү миң колдон бир киши «кың» деген үн чыгарбады. Баатырлардын жылдызы түштү. Жөө жоокерлердин үрөйлөрү учту.

Калың кол кайра самсыды.

Чабыш ада болгон жок. Бирде дабырлап мөндүр сабап, бирде шыбыргактап кардап жамгыр жааган сыяктуу, жортуул, чабыш бирде күч алып, кыргын көп болуп,





кайрадан басандап, кыргын сээлдей түшүп... Кангайдын Кара-Тоосу, Алтын-Тоо, Орто Жайык араларында алп Ууз менен табгач падышасынын колу беттешин токтотподу.

Жылдан жылдарга чабыш да, кыргын да улана берди.

Арадан көп жылдар өткөндө чоң жортуулга чыкты. Ууз алп, кырк түмөндү баштады. Көп жылдык жортуулда, чабышта дасыккан тайманбас алп-баатырлар түмөн башы, миң башы, жүз башы.

Бул жолу да табгач колу ачыкта, жазыкта Ууз алпка такаат бере албады. Алар ат соорусун салып амалданып чабышты. Ууз колун бирде кызыктырып аларды олжого марытып... бирде алардын кыжырын кайнатты. Капылыстан аттуу, жөөлүү сансыз аскери каптап. Ууздун шаштысын кетирди табгач. Колун кыргынга учуратты. Мизин жапырды. Өздөрү жеңилген, чабылган болуп... самсып калып Сепилин көздөй чегине берди...

Ууз алптын ызалуу кол башчылары жаралуу арстандай күркүрөштү. Табгач падышасынын сан колун сүрүп, камап, кырып, өздөрү да кырылып жоону сүргүндөй беришти.

Жыл учуру күзгө таяп калган. Асманды кара булут каптады. Бир нече күндөй не жамгыр жаабай, не бороон көтөрүлбөй, не Күн көзү көрүнбөй асман-жер ортосу түнөргөндөн түнөрдү.

Баатан туш тарапта кулак-мээни жеп аңкуштап жаткан суур калың ийин-ийиндерине житип кеткендей, көп күндөн бери жол бөгөп, чуу салып чабышып жүргөн табгач колу айыпсыз житти. Алар, не бүркөө асмандан коркуп кеттиби? Не көп күнкү чабыш кансыраттыбы? Белгисиз. Көккө житкен түтүндөй кайда житкени дайынсыз. Ууз кан колу улуу Сепилге такалганын билишти.

Кол башчылар бул жолу катуу оолугушту:

– Киши курган боз чопону киши ашыр!

– Биз табгачтын тамынан кайра кете берип буларды кутурттук.





ни, не оту суюк жер экени анча таанылбайт. Жазыктын баш-аягы кунан чабым. Кол токтогон эки аралык – кыйкырса, үн жеткидей.

Эки тараптын тең колу тегиз атчан. Аттар тынч, жоокерлер тынч. Тек селейип... бирине-бири теке маңдай турушат. Обочодон тиктешип, обочодон кекенишет. Бирине-бири ыкыс беришчүдөй тиштенип кектүү, өчтүү... Чабышаар жоосун алыстан тиктеп, кекенип, ага кыжырын кайнатуу өз кайратын курчутуп чыйралып, өлүмдөн коркпос болуу. Коркпостук жоокерди жоосу менен тайманбай чабышууга алпарат. Жоокерге чабышта айлакер, эптүү, шамдагай болуу аз. Ал чабыш алдында жан-дили, бүт ишеними менен жоосун жек көрүү, өзүнүн кылыч суурушун ак, адыл деп эсептөө, жоону таалайга кылыч сунуп келген каранием, кырсык деп таануш. Эмесе, ак иш үчүн кылыч сууруган жоокер кара күчтү жеңмейинче чарчоону сезбөөгө тийиш. Өлүмдөн коркуп ат тизгинин буруп кайра качпаска тийиш. Кайра качыш мындай турсун алп менен беттешсе да, баатыр менен беттешсе да ага тике карап жанчар сундуруу, кылыч шилтөө жоокердин иши.

Табына жеткен жоокер эч чарчабайт, коркпойт, качпайт. Ал колун көтөрө албай калгыча чабышат. Жоо колунан башы чабылып баратканда актык үчүн курман болдум дейт да өз өлүмүнө ыраазы болуп жыгылат.

Жебе артынан сайылса, жанчар аркадан жанчылса, ал жоокер качып жүрүп өз көлөкөсүнөн ажал тапкан коркок катары каргышка калат. Сөөгү көмүлбөйт. Тек кыйбас кишиси аны жерге эптеп жашырбаса, башка журт аны жектейт. Сөөк көмүлбөй калуу – чоң кордук, намыска тиер уят жосун, мында бүт урук-туугандын шагы сынат, жылдызы түшөт.

– Сөөгүңөр көмүлбөгөн кемсиңер?!– деп кордошот, аларды башкалар.

Азман або, Чекир бий, Эр-Киши Багырды элчиликке жибергенде, бир чети жоокердиктин ыйык салтын сак-





ташса, бир чети өз жоокерлеринин ар-намысын көтөрүш үчүн иштешти.

Элтерес алдына келген элчинин айтканын кабыл алып, кылыч суурубай тизе бүкпөсү Азмандарга белгилүү болучу. Тек кыйырын бассак Үч-Суу журтун камынтпай чапкан болобуз. Бизге токонаалат кеп калат. Андан көрө элчи жиберелик. Биздин иштин актыгы жоокерлерге айкын болур. Олор актык үчүн жан аяшпай чабышат деп чечишкен.

Кол башчылар бул акылды өтө билгилик менен баамдашыптыр. Каардуу Элтерес алдына барган элчини муздатып салышы менен ал өзүнүн чын эле кепке келбес кара күч экенин билгизди. Тек элчиликке кеткен жазыксыз Баргынын, анын жолдошторунун кайтпай калышы, азыр кол башчылары тургай жоокерлердин кыжырын кайнатты.

– Элчиге өлүм бар беди?

– Элчини өлтүрүү – элди чабуу.

– Чабышат экенбиз. Кырылышат экенбиз...

Жоокерлердин сүйлөшкөнү ушул. Азыр, те каршыдагы Элтерес колу менен тиктешкен кыргыз жоокерлеринин ар биринин көңүлүндөгү сөз:

«Элибизди чаптың. Элчибизди өлтүрдүң. Чабышабыз. Кырылышабыз сен менен?!»

Колу ушундай кектүү.

Элтерес баатырдын да кеги бар. Ал өзүнчө кекенгенде анын кектешээр, өчтөшөөр акысы бар. «Мен кыжылдаган табгачка аттансам, артыңдан маа жанчар саяр жоомсуң, сен, Адылтай. Сен менден бийик чоку болгуң келир. Сен баарыдан артык болгуң келир. О, жок! Үч-Суунун элинде кут бар. Ол кеп, күчтүү. Онун кол башчысы шер. Ол силерди жем кылыр өзүнө».

Ушинткен Элтерес кол башчыларын да, жоокердерин да– биз башкадан артыкпыз. Күчтүүбүз. Күчтүүгө жоо багынып. Киндиктеш журт биздин ыгыбызда болур. Болбосо, аларды

өркөчү өбөк. Эки өркөчтү темир тор коргойт. Не чарчабас, не чөлдөбөс кара буура кай кезде укмуштана секирип-секирип койсо, төө элесиндеги тажаал келаткандай…

Дал ошол төө элесиндеги тажаалга минген Тарпаң баатырдын чабышы күлкү туудурду.

Дүнүйөдө бөтөнчө көрүнгөн «жат» нерсе аралашканда ал укмуштуу болоору аныкко. Андан сактануудан, коркуудан мурда, ага таңдануу сезими пайда болоору бүгүн байкалды. Айбалта төбөгө согулган сайын жыгылуу мындай турсун, аша кетсе, башын чайкап коюп, жин чачкан буура а дегенде жоокерлерди таң калтырган. Эми аларды коркута баштады. Буура булкулдайт. Тарпаң каткырат.

– Бу киши уулу эмес, Ойсул-Атаны минген жин! Жин! Жин! Мындан оолак качың!

– Ие, жинден оолак кетиң!

– Уа, кара буура минген жин өлөр эмес… Качыңдар…

Жоо тобунун ушундай сактанышы алардын жоокерлеринин, сесин алды.

Ойсул-Атага минген «жин» жакындаганда…жылкы баласына минген кишилер сүрдүгүп кача жөнөйт.

Качкан жоого Тарпаңдын узун сап балтасы жетет. Балтасы жетпесе, кара буура узатпайт.. Буурасы жетпесе, жебеси жетет.

Тарпаңдын чабыштагы бул бөтөнчө жоругу өздүн күлкүсүн чыгарды. Жаттын үрөйүн учурду. Сесин алды…

Берки дөбөдө, көк асаба түбүндө турган Эр-Киши чыны менен моокуму кангыча корсулдап күлөт:

– Бар болуң, Тарпаң шер! Эя, кучүңө кулмун! Амалыңан айланайын! Кара буура анык Ойсул-Ата экен, Азман!

Эр-Киши ушинтип кубанганда Азман да, Чекир бий да чабышка кумарланышты. Көз алдында чабыш жүрүп жаткан майда эмес эле, тек буура минген бир укмуш дөө менен башка калың атчан эп, күч, амал сынашкан тамаша сыяктанды.

– Бар болсун, эрен!





диги бизден артык эмес. Алп Күлчүр учуп кетти. Кийинкилери жаш. Тегини да, Барсы да, Жолборсу да анча дасыга элек чабышта. О, алар таш билек, курч, өкүм… Теңир сактаар? Алар чабыш эбин, жоо ыгын анча билбес. Ойе, Адылтай ажонун колун чабышка баштаган Азман, Чекир, Эр-Кашилер акылман! Баарыдан Эр-Кишиде кара жал кабылан айбаты. Ол журт асабасы. Ол өлбөс, жеңилбес. О, Эр-Кишинин ошо куту чакырды. Аз, аргын, найман, эштек, төлөс баары чындаса, кыргыз атанып элине болушаар. Көп бириксе – сел. Элтерес аны билгиси келбейди. Көкжалданып, жеке шердигине сыйынды. «Арпасыз ат ашалбас, аркасыз эр жеңе албас. Элтерес шерим».

Салим баатыр ушул сөзүн Элтереске далай айткан. Элтерес шер Салимдин сөзүнүн чындыгын түюнүп турса да, менсинүүсү, анын баатырдык көктүгү ички сезиминин үнү – «Эй, шер Элтерес, сен Элтерес башың менен кимдин алдына жүгүнмөк эдиң. Алп кылычы курч болсо, жоо анын алдына түшкөн кара малы. Ие калың карга, таанды бир шумкар айдабай жүрбү?»

Баса, бир шумкар карга, таанга атылып тиет. Чуулдатып айдап алат. Кырат. Элтерес Элтерес баатыр атка конгону чабышкан жоосун ошентип айдап, ийрип, кырып жүрбөдү беле?

Не бүгүн эле ал алсыз, айбатсыз болуп калдыбы?' Не тигил жарданган Эр-Киши колу Элтерес колунан күчтүүбү? Не анын кол башчы баатыры Элтерестин өзүнөн айбаттуубу? Элтерестен бир жолу, кан жөткүргөн, чабылгап журт ушул каршыда тургандар. О, андай болсо, Элтерес шер эмнеден сактанат. Эмнени күтүп турат? Шердене түшкөн Элтерес күп этип кескин айтты:

– Не күтүш! Жекеге эр чыксын!

– Чыксын!– деди Салим.

– Чыксын!– дешти башка кол башчылар да.

Доолбасты үч жолу «Күп»!, «Күп»! урду.

Бул жеке сайышка баатыр чыксын деген белги.





Томуктай болгон курган баш
Жошолоп салган челектей…
*Манастан*

Колу сынса, мойнуна таңып алып, буту сынса, канжыгасына байлап алып урушкан. Аккан кан бетин жууса да шыпырып коюп согуша берген. Суусаса атынын терин жалап жүргөн. Мындай баатырды «Кара көк же көк жал» деген.
*Белек Солтоной уулу жыйнаган материалдан*

Үч канат болуп тирелип турган үч түмөн кол ат койду. Адегенде каланган жар урап кеткендей, бардык уранды опсуз күч шилеп, алга карай опурулгандай боло түштү да… бир аздан кийин ошол күүлдөгөн калың толкун жайыла берди. Жанчардын жаланган учтары жаркылдады. Туулгалар күнгө чагылышты. Ураан, чабыш айкырыгы жер жарды:

– Уруң-э-э!

– Уруң-э-э!

– Согуң-а-а!

– Согуң-а-а!

Калың атчан аралаша кетишти. Качырышкан эки кочкор согушкандай «Карс! Карс» добушка кулак тунду… Айкаш үйөрү уюлгуду…

Ээсиз калган бирин-серин аттар чуу арасында мойноп ачык талашпаса, алгачкы айкашта өлүм тапкан жокко эсе. Жарадар болгондору, эстен тана түшүп сендиректеп ат жалын таянды. Бирок аттан жыгылгандары чанда. Тек карс-карс чабышты айкырык, кыйкырык коштой берди. Ыңкыстап онтой түшүү бар. Ал ыңкыс бир кишиден чыккан онтоо эмес, көптүн ыңкысы, көптүн онтоосу. Кагылыштан, каруулашуудан, кармаштан, тирештен чыккан онтош. Киши уулунун бири-бирине болгон кастыгы, бирине-бири иштеген карамүртөздүгүнө чыдабай буурул Жердин күңгүрөшү-дүңгүрөшү, кейиши…





«Эя, киши уулдары ай. Сен, неге бириңе-бириң ушунча кектешесиң? Бириңди-бириң аяшпайсың?! Мындай кагылыштын, мынча кан төгүштүн себеби неде? Эйя, киши уулу ушул майкандашуудан табарыңар барбы?» – дегендей күңгүрөш, дүңгүрөш…

Чынында эле бул кагылыштын себебин оюна алган азыр эч бир жан жок. Тек туш келгенин туш келгени «Каң» дедирет. Талуу жерди тандап айбалта сокту. Өтөөр жерди болжоп жанчар сайды. Таамайлап кылыч чапты.

Өлгөнүн көрсө өлтүргөнү кубанды. Жыгылганын көрсө, жыкканы кубанды. Жан аяшпас чабыш улангандан уланды. Кызыгандан кызыды.

Улам чабыш күч алган сайын эми жан кыйгандар да көбөйдү. Амал-арга, эп менен балта согуу. Ажаанданган эрегиш, айыгыш менен беттешүү. Ал эми жыгылуунун жолу бир: не ат жалын кучактай калып… же шылк жерге кулап түшүү. Не эндирей түшүп, эсинен тануу. Не кан окшуп көздөрү алая карап… оп түшүү. Анан үзөңгүгө буту илингени атында сүйрөлөт… Азыр эле айкырык салган, карылуу сыяктанган жоокер сөөгү, ушинтип алсыз, аргасыз, атта сүйрөлүп талпак болду…

Каза тапкан жоокерлерге Жердин жаны сыздады. Киши уулунун кек кечирбес өжөрлүгүнө өкүндү. Эстүү, күчтүү, боло туруп, өжөр, кекчил жагына өткөндө – кыргындашканда, ушундай өлтүргүч жырткыч, таш боор болуп кеткенине кейиди… Ушундай алсыздыгын аяп сыктады буурул Жер…

…О, эки тарап чабышын токтоор оюу жок!

Чабыш улам күчөп, улам кызыгандан кызый берди. Бирде эки орто уу-чууга толо түшөт. Бирде «жымм» боло калат. Шарпылдаган күчтүү толкундай эки ара чайпалып-теңселди… Кагышты. Чабышты. Бирин-серин жаткан ак таштан бөтөн эчтеме жок, баягы көк жыттанган түзгө эр өлүгү, ат өлүгү жайнап кетти.

Баштапкы тиреште эле жоо десин суутуп, күчүн кетириш үчүн Элтерес үч түрүм колду бирине удаа бирин чап-

Көмүрдөй кара атка минген укмуштай зор киши атылып чыкты. Локуйган зор жоокер, аттанган баатыр, алп Сорун Элтерес баатырдын арка туткан баатырларынан. Сорун жашы кыркткан өтүп калган кадик жоокер. Мындан мурда алда нече ирет жекеден алган алп Сорундун мингени да, жоо кийими да капкара. Анткени Сорун баатырдын өңтүспөлү кара. Ошондуктан ал башына кара туулга, үстүнө кара сооттоп, колуна кара мээлей кийип… чылк капкара болуп айкыра качырганда, анын сүрүнө эр жүрөк алп даабай жалт берчүдөй. Ооз ачканда тиштери агарып, көзүнүн агы айланып, киши эмес, киши кебетесиндеги кара жин качырган сыяктанчу. Сорун каранын даңкы өзгө эмес, жатка дайын. Элтерес алптын сынбас-кыйрабас кара зоосу – Сорун кара! Сорун кара барда Элтерес эчкимге жеңилбейт! – деген ишеним алда качан элдин көңүлүндө.

Адылтай ажонун көк чатыры тигил көк дөбөгө тигилген. Көк асаба алоолонуп, баятан жарданып турушкан кыргыз кол башчылары да, колду чабышка белен сап тизип, тегиз атчан турушту. Жеке сайыштын мааниси чоң. Жеке сайышта баатыры алган тарап, чабышта колу жеңгенге тете. Ураааны көкөлөйт. Жылдызы жаркырайт. Колу чоң чабышка жеңебиз деген ишеним менен кирет.

Кыргыздар жагында жекеден алам деген баатырлар аз эмес: уйсун баатыры – Агуш, кенчи – Дөө-аке, чаа баатыры – Бертебестер жекеге чыгууну самашты.

Эр-Киши өз баамында жекеге Дөө-акени ыйгарды. Дөө-акенин сүрүн да, күчүн да, эрдигин да баягы кен кашында беттешкенде Эр-Киши сезген. Сорун карага тайманбай баруучу жоокер ушул Дөө-аке. Дөө-аке күчтүү ат минсин. Жекеге чыксын деп айтып койгон. Дөө-аке Эр-Киши тарабынан болгон ал ишенимге алкышын айтып, өзү апсайып-сапсайып алдынан чыкканды соруп алчудай сүрдүү. Көк темир туулга башында көк таштай, үстүндөгү сооттон муздай, ээрде киши эмес эле тоголок укмуш олтургандай. Ар бир талы тик сайылган жээрде сакалы чытыр-





чабыш жүрүп жаткан майданда, кишилер бир демдик өмүр үчүн жан аяшпай салгылашып жаткан учурда да, ушул карсылдак чабыш, ушул төгүлгөн кандын ичинде, ушул айбаттуу, коркунучтуу окуяга күлкүнүн тизгиндеш жүргөнүн көрүңүз!

Ал күлкүлүү жорук баягы төөчү Тарпандын чабышы. Ал чуудасы кара булуттай түрүлгөн кара буурансын миниптир! Жалаң атчан жоокерлердин арасында Тарпаң сороюп, бир өзү бийик. Анын үстүнө колуна бек туткан жалгыз куралы Дөө-акеникинен да узун саптуу айбалта! Четтен караган көзгө анын айбалта экени анча байкалбайт. Тек балтага окшош чокморбаш сыяктуу.

Ачыкка чыга калганда кара буура кадимки тегирменге минип бараткандай буркулдап жөнөйт. Чабышка кирсе, буурасы жинденип бышкырынат. Жакын келген жоокердин бети-башына жин аралаш көбүк бүркөт. Кыжырланган жоокер Тарпаңды коюп буурага балта согот.Бирок буура анын балта согушун тоотуп койсочу…

– Ахх! – этет да көбүк аралаш жинин серпет.

Тек кейигенсип башын чайкайт буура. Башына балта тийсе да жыгылбайт, буура. Чынында буураныи жыгылбас себеби да бар. Бүркүткө томого кийгизгендей бууранын да кийген томогосу бар. Бирок кара бууранын «томогосунун» айырмасы, ал темирден куюлган. Эки көздүн тушу оюк болгон менен да ага жанчар учу батпас тор «көз айнек». Ал эми шилисинен тарта алдыңкы өркөчтүн түбүнө чейин буура моюнуна ничке, ийилчээк темир торкап кийилген. Чапкан менен буура мойнун кылыч кеспейт. Бул деле чанда боло турган сактаныш!

Ошондуктан, кылыч чаап, кылычы кеспей, балта согуп, балтасы өтпөгөн соң кара бууранын жоо колу «Сыйкырдуу укмуш» деп калышты. Кара буура буркулдап жин чачып кирген жерде жоо колу суу серпилгендей чачырай качат. Куралы да укмуш. Өзүнүн төөдө олтурушу да укмуш, бир чабар Тарпаңга кара бууранын баладай эки





тырган. Алдыңкы кара аттуулар жалаң төш тирешчүлөр, жалаң жоо бөрүсү көк чекелер ошолор болучу. Алар каптаганда тосмо суу тогонду бузгандай күч менен келүүчү «Кара сел» чабуулу азыр жайпалды.

Асаба түбүндө менсинин чыйралып туруп Элтерес улам айкырды:

– Каптаң, кара сел! Каптаң! Кара ташын күлдүрөтүп, агызың, селим!

Бирок «Кара сел» тайыздай түштү. Ага арка болуп эми «Жалын сел» каптай баратканда, Элтерес мала асаба булгатты… Доолбас «күп! Күп!» согулду. Керней бапылдады. Баарынан катуу Элтерес өзү шыкактады:

– Каптаң жалын сел! Куйкалаң, жоонун кара ташын да!

Эр-Киши колу чынында эле куйкаланып жаткандай «жалындын» арасында калып жатты. Себеби Эр-Киши а дегенде эле үч түмөндөп артык колду чабышка салбады. Элтерес колду селдей каптатуу менен жеңишке жетсе, Эр-Киши колду ошол каптаган «селди» күчүнөн тайытуу, азайтуу, аны соолтуу ыгын колдонду. Ал үчүн – бардык колду чабышка бир киргизчү эмес. Ат менен ат кагышып, киши менен киши тирешкенде көп-азда эмес, куралдын чабылган күчүндө! Кагылышта кайсалаган жоокердин чабышы да кайсалак. Кайсалабаң, бир сок! Сокконччо куп сок, мерчемдүү жерге таамай сок! Ал үчүн алды-артың ээн, чабаар жооң белен болсун! – деп үйрөткөн Эр-Киши өз жоокерлерине.

Эми четтен караган көзгө кыргыз колу аттан ажырап, баары жыгылып калгандай, не тигил күчтүү калың колго сорулуп бирден житип кеткендей. А чынында алардын чабышы катуу…

Көк чатырга жакын көк асаба алдында Чоң күрөңү үргүлөп, өзү тек турган Эр-Киши азыр ошол тек турган калыбында ар бир он башысынын, ар бир-жүз башысынын, ар бир миң башысынын айбалта согушун сынап, моокуму кануудa.

Атынан кулап жан бергенин көрсө:





«Эя… сары ооз… сүрүң качтыбы»…

Сорун күчүн жыйып алгыча Жолборс кайрадан айкырды. Кыроодой жылт эткен жаш жаагы ылдый тоголонду.

«…бу кайрадан кутурду. Сакта, Теңир»? – деди Сорун…

Айкырган Жолборстун айбалтасы бул жолу Сорундун маңдайына таамай согулду. Сорун алп өбөктөй түшүп, ат жалына эңкейди…

Кара ат кошкуруп, калтырап туруп калды…

…Эки тараптан бирдей доолбас согулду. Түмөндөр айкырды:

– Уре-ең!

– Уре-ең!

– Уре-ең!

Буурул Жер дүңгүрөп кетти…

Жазыкта айкаш үйөрү уюлгуй берди – күү, шаа, карс, тарс этип.

## АЙКАШ

Туубуз качпай турат деп
Кубат кылып урушуп,
Аркалашкан эки кол,
Ач бөрүдөй жулушуп,
Ачуудан колтук чоюлуп,
Канаттын баары кайрылып,
Калкандын баары майрылып,
Этектин баары түгөнүп,
Ээрдин кашы үбөлүп,
Эриндин баары кесилип,
Эмчектин баары эзилип,
Тизенин баары тозулуп,
Тизгиндин баары үзүлүп,
Топ тозулуп электей,

сүйкүмдүү боло туруп тайманбас кайраты, кандайдыр бир көрүнбөс күч жылоолоп жүргөндөй болгон анын укмуштай сүрү – ченине келген жоону жүдөтүп, тайсалдатты. Чочутту.

Бертебес баатыр да жеке чабыштан аман чыкты. Өз жоокерлеринин тобуна кошулду. Өз жоокерлерине акаат берип, арка болуп, эми кеминде элүүдөй жоокер ортодо калды, элүүдөйдү кантсе да, Салимдин миң башчысы курчады көрүнөт. Бертебестер бирине-бири арка салышты. Бирине-бири күч, тирек болушту. Алар ортодо тынбай айланган жаргылчак сыяктуу тегерек боло түштү. Калкандарын бетке тосо жыйрыла калышты.

Бирок аларды курчаган жоо колу улам калыңдады. Челекти темир алкак кыскандай кысып, куушуруп, сыгып баратты. Теңир сакта? Азыр, ал курчалган Бертебес тобу эми дым чыкпай кырылаар да... аларды курчаган миң башынын жоокерлеринин бир тобу өзүнөн-өзү аттан кулады. Кээсинин аты очорулуп, өзү жөө. Көрсө, жүз башы Элчурдун колу Бертебестерге көмөк берип калыптыр. Алар чабыш менен нары жактан бошонуп чыга беришип берки Бертебестерди кысып кирген топту байлап, мергендери жебе учурган экен. Тигил аттан кулаган жоокерлер, очорулган аттар ошолордун жебесинен ажал тааптыр.

Азыр Элчурдун колу Салим миң башчысынын көлүн сыртынан курчады. Жеке калганда Бертебестер суюла түшкөн. Элчурдан көмөк келген соң, курчоодогу кол чыйралды.

Бул жолу Бертебеске Эр-Кишинин айкырыгы даана угулду:

– Бар болуң! Бертебес шер!

Бертебес тыныгып кайрадан жоого чапкандай шерденип кетти.

О, оош-кыйышы тизгиндеш алп дүнүйө ай!

Бул алп дүнүйөнүн кайгы-муңу, күлкүсү тизгиндеш. Жада калса, ушундай кан төгүлүп, жин жыттанган чоң





дын ийнесиндей тикиет. Көздөрү кыпкызыл. Ууртунан көбүк агарат. Кантсе да эмитен эле ички үнү кызып, кыжырланып жинденип алганбы? Таң.

Дөө-аке эки ортодогу жазыкка карай ыкыс бергени араң турат...

Жекеге Дөө-акенин чыгаары анык болгон кезде, жолборс чаар айгырга минген миң башы Жолборс ат ойнотуп Эр-Кишинин алдына келди. Ал ызалуу, өкүм. Мончок-мончок чубурган ачуу жашы бетин жууйт. Жолборстун ал кебетесин көргөндө Азман або да, Чекир бий да, Эр-Киши да сестее түштү.

«Жаш баатырга эмне болду» деген караш. Башка эрендер, жанында турушкан жоокерлер сактана карашты.

Жолборс көк туулгасын башынан алып жерге чапты да Эр-Кишиге мойнун созду:

– Эр-аке, эрдик ишенимден калган башты чаап салың, тез чаап салың?!

Жекеге мени чыгарбадың дегени болучу. Жолборстун. каңырыгы түтөй түшүп, башын дагы эңкейтти. Жолборс:

– Чаап салың, өз колуң менен Эр-аке, чаап салың. Мындай кунсуз башты ийнимде көтөрүп жүрбөймүн. Марымыңды алып, колуңдан ык үйрөнгөн жоокериң эдим... Чабышта унут калганча башым чабылсын!

– Ашыкпаң, чунак... – деди Эр-Киши. Ичинде Жолборско чын ыраазы кары баатырдын үнү жумшак угулду.– Ашыкпаң, эреним. Сен айкырчу кез алдыда!

Жолборс жаш балача жулкунду:

– Кезим ушул! Же жекеге чыгам. Же башымды чаптырам!

Азман Жолборсту сооротуп карс-карс күлдү:

– Уа! Бабамдын чын тукуму. Кайратыңа журт ыраазы!

...Дал ушул кезде каршы жаткан доолбас согулду. Сорун кара атылып ортого чыкты.

Адылтай колу козголо түштү.

«Ким? Ким чыгат, бизден жекеге?»– деген козголуш.





– Жеймин! Жеймин! Сары ооз, сором! Сором сени, чычкан?!

Бирок ачууга малынган Жолборс Сорун каранын сүрүн да, кемсинте айткан сөзүн да тоотподу. Ал чубурган жашын сүртпөдү. Жолборстун ыйлашы адегенде Сорунга алсыз, аянычтуу көрүнгөн. Ошон үчүн, ал Жолборсту «бала», «чымчык» деген....

Чабышкан сайын Жолборстун ыйы көз жаш эмес эле, төгүлгөн күч өңдөндү. Жолборстун жашы эми Сорунду коркута баштады. Себеби, Жолборс мөлтүрөп жашы тамаарда катуу айкырат. Айбалтаны таамай согот. Сорун сендиректей түшөт. Анык кирген буура, анык кутурган көк жал сырттан, эми Сорундун көз алдына тартыла калат.

Сорун айкырып, айбалтасын таамай көтөргөндө жолборс чаар кош аяктап тура калып азынап бир нече жолу Сорунду өксүттү. «Теңир, Теңир, – деди ал. – Бу киши эмес. Бу киши кебетесин кийген дөө...»

Сорун чындап коркуп кетти.

Тээ алда кайда барганда жекеде чабышкан экөө кайра баштанды. Эми жанагы чаап кеткен жолуна салып кайра келатышат. Бул жолу жанагыдай шыдыр чабышпады. Күймөлө, токтоло калышып согушту:

– Ме! Саа, Кара доңуз?!

– Ме! Саа, чычкак...

– Ая?! Башыңды кесермин. Башыңа... сенин...

Азыр булар айбалта менен чабышууда.

Тек көк темирге көк темир согулгандай «чак-чук»! Балтага балта кагышат. Чакмак таш чаккандай от жалтылдайт...

Сорундун оң ийни сыздап уюп... кызуулуктан гана кол көтөрүп калды. Жолборс жанагыдай ыйлай албай тек кумсандап, сурданып бет ireңи суз... Ачуусу көз жашы менен чубуруп бүткөндөй. Тек, чабыш анын ар дайым отоп жүргөн иши сыяктуу «көндүм» боло калды.

Жолборстун ыйлай албай калганына эми Сорун кубанып кетти.





«Уа, арбагың тирүү болсун, эрен»! – дейт. Айбалтаны таамай сокконун көрсө:

«Уа, бар болуң, эрен! Артыңда элиң арка, саа, эрен»! – дейт. Ар бир жоокеринин кайратын, демин, күчүн сынап тургансыйт. О, миңдеген колдун катуу кагылышы кагылыш болгондо да жан аяшпас чабышта, айкырышта, тиреште, эки арада беттешкен калың жоокерлер бирине-бири ажал бүркүп жатканда... ушул дөңдөн туруп ар бир жоокердин айбалта согушун баамдаш мүмкүн эмеско.

Албетте, мүмкүн эмес!

Бирок аны көрүү, билүү башкага – бизге мүмкүн эмес. Көрбөс, төөнү көрбөйт. Сезбес азабын сезбейт. Ал эми өз ишине кадик көрөгөч-билги бир сөзүнөн кишини билгендей, кадик көрөгөч кол башчы да чабыштын мүнөзүнөн жоокерлеринин демин байкады. Уа, олордун эленде шашканы, корккону, качканы барбы? Жок! Уа, олордун ашыгып калдастап айбалтаны таамай сого албай жазып калганы барбы? Байкалбады! Уа, ат жалына ооп жыгылып жатканы канча? Көппү, азбы? Баса, ушундай катуу чабышта ажалга моюн сунбай коюучубу, жоокер. Чекеге айбалта таамай согулса, колтукка жанчар батса, же чоюнбаш тийсе, не жебе мадалса, ажалдан ким кутулат. Кол арасында учуп кеткендер аз эмес. Ошентсе да чабыш сээлдебеди, улам күчөдү, кызыды. Чабыштын ушул кызуусуна теңдештиргенде чыгым көп эместей...

«Теңир сактасын? Кол азыр майтарылаар эмес. Жоокерлер карылуу! Элтерестин «Кара сели» да, «Жалын өртү» да Эр-Киши колун шаштыра албады.

Ырас, Элтерес колуна караганда Эр-Киши колу сан жагынан аздык кылып жатыр. Кай кезде жалгыз жоокер эки, ал тургай үч балтанын кагылышына айбат кылып, жалгыздык тартууда.

Эр-Киши дал ошол жалгыздык тарткан жоокерине ушул дөбөдө туруп арка-бел болгондой, дем бергендей:

– Сок, сок, эрен! Тике караң, жоо көзүнө көзүң өтсүн! Шашпаң, айбалтаңды таамай шилтең! Кылчактабаң!

Жолборс жердеги туулгасын шап эңип алып, баатырлардан уруксат күтпөй жекеге чыкты. Адегенде жолборс чаар айгыр колдон бөлүнөөрдө кош аяктап тура калды да, азынап жиберди. Анан ошол арткы аягына салмак таштай атырылып жөнөдү. Жолборстун жекеге чыгышы жакын турган өзгө да, окчун турган жоого да өтө сүрдүү болуп көрүндү. Эки тараптан бирдей үн чыкты:

– Теңир сактаң?

– Жаш жоокердин чыгышы катуу…

Өз тараптын жоокерлери толкуп, кубанып кетишти. Жоо тарап селее түштү.

– Теңир сактаң!..

Жадаса өзү жекеге чыкканы турган Дөө-аке ызасына чыдабай айкырып, жулкунуп, аттан түшө калып, кайра минди. Ошол замат чубары көз учунда ойноп так түйүлгөн айгырды көрүп, ээрде зыңкыя каткан Жолборско ыраазы болдубу? Көз алдындагы эң тез, эң сүрдүү тайманбас кармашка алданып Дөө-аке Жолборстун тилегин тиленди. Санын аткый айкырды:

– Дөө-акеңдин кезин сурабай алдың, жинди. Эми жеңилбе деймин! Жеңилсең, жоодон мурда мен жарып салам, сени?!

Дөө-акенин бул кебин Жолборс эшитпеди. Ал, бул кезде Сорун кара экөө тиреше түшкөн. Жекеге чыгышкан эки баатыр бой тиреше түшүп чарпышып өтүштү. Сорун каранын жанында Жолборс баладай көрүндү.

Азман абонун жүрөгү шуу этип, Теңирге жалынды:

– Уа… Көк теңири? О, ыйык, баатыр бабамдын тирүү арбагы, баланын атын жылоолоң? – Жолборс толуп-болуп турган алп жоокер. Ошентсе да акылдан шашкан Азман аны «бала» деп алды.

Сорун кара менен Жолборс кайрадан беттешти. Эми капкара болгон Сорун Жолборсту ат-маты менен басып салчудай тике келди. Төк чабышта эмес, төк анчейин кол кайрып жаткансыды. Деле камырабады… Бирок негедир





чатышкан аркандын чатышын чыгара албай жаткансып… калдастай түштү…

Бул кезде жолборс чаар жанагыдай кош аяктап тура калып азынап жиберди. Жолборс соккон айбалта Сорундун туулгасына таамай тийгенин жандын баары көрдү.

Сорун сендиректей түшкөнсүдү.

Ал ошол замат тизгиндин кош жаагын тыгыз тартып, кара атты кетенчиктете берди да… Жолборско жанчар суктурду. Анын бул аракети ашыгыштык менен иштелген эле. Анча катуу эмес согулган жанчарын Жолборс кагып салды. Сорундун жанчары асманга корок этти. Ошондон пайдаланып, эми Жолборс Сорунга жанчар суктурду… Бул жолу Жолборстун жанчары асманга корок этти…

Эр-Киши сыр бербейт. Ичтен түтөгүп суз:

«Сорун карага жалтанбай тике барыштын өзү Жолборстун эрдиги…. О Көк теңири, эренимди аяң. Эрениме арка болуң? Жаштык, кадиксиздик кетирбесе ийги. Чабалдыгы жок. Жолборсум, чын жаш сырттан…»

Жекедеги эки баатырдын аттары бул кезде бир жакты баштанып те ары жакка жарыша жөнөдү. Сорун менен Жолборс эми эңишип бараткан сыяктуу экөө бирдей тизгинди таштап, аттарды жайына коюп чабышып келатышат. Бул чабыш – «Бөрү тытыш» деп аталган эрдик чабышы. Мында кол оңу кимде болсо, ошол эрдин чапканы айбаттуу, таамай, күчтүү тиет. Бирок ар кыл чабыш ыгына жаштайынан кадик көнүшкөн жоокерлер үчүн «оң», «сол», жок. Тек, ык, эп, күч. Тайманбай жоо бетине тике кароо. Жеке айбалта чаппастан кармашкан жоосун көз огу менен атуу, эрдик айбат, баатырдык сүр менен жалтантуу…

Дал ушул баатырдык сүрүнө Сорун кара бекем ишенет. Ошондуктан ал кол көтөргөн сайын, көзүнүн агын айланта сурданат. Көбүк бүркөн кара буурадан бетер «букулдайт». «Ах!» этсе, адам унчуккандай эмес, кандайдыр бир кара күчү ташыган жапайы айбан сыяктуу. «Ах!» деген сайын айбалтасы таамай серпилет.





Жоокер алдастай түшсө, Эр-Киши айкырып жиберет:

– Алдастабаң дебедим беди?! Коркконду коён басат. Качканды күнчүй алат дебедим беди?! Качпаң!!

Жоокер коркпой, шашпай айбалтаны таамай урса, Эр-Киши аны кубаттады:

– Ая! Эрен! Үзөңгү тээп тура кал! Атыңды эркинче таштаң. Жоокер аты жоокер аракетин анын салмагынан, кыймылынан сезир!

Албетте, жер күңгүрөнгөн кагылышта, уу-чууда, чабышта Эр-Киши добушу жоокерге угулбайт. Азыр бул дөбөдө, көк асаба астында локуя турган кол башчысы өзүнүн ар бир жоокерине ошол демин берип турушу – чабыштагы жоокердин көңүлүндө. Үнүн, айткан сөзүн укпаса да, обочодон тикие караган кол башчысы азыр ар бир жоокерди көрүп-сынап турганы, ар бирине өзү арка болуп демин берип турганы белгилүү.

Жоо тобунда жеке калган жоокер менин айбатымды билсин. Эр-аке карап тур, көрүп тур, сынап тур десе, чабышкан жоокер Эр-Кишинин демин сезет. «Дем! Деминден айланайын, Эр-Аке. Сенин жоокериң качып өлгөн эмес. Ишениң бизге» дегендей топтон бөлүнүп, жеке калганы да айбаттуу. Өзүнө жаңыдан күч бүткөндөй күчөп кетет…

– Эр-Киши жоокеринин балта согушуна моокуму канат:

– Айя, бар болуң, эрен! Сени төрөгөн энеңе алкыш! Атаңа даңк!

Азман або, Чекир бий тек Эр-Кишинин үнүн эшитип тек турушат. Көздөрү майданда. Кулактары Эр-Кишинин айтканында. Кол башчынын коңгураган жоон үнү токтоло калганда, берки або-бий муңкүрөй түшөр.

«Не болду, баатыр? Биздин кол майышып калдыбы?»

Тыным. Жер ыйлаган, жер-солкулдаган катуу чабыш.

– Ана! Караң! – деди Эр-Киши. Дөө-акени көрүң. Калың топтун ортосунда жеке калдың!

Азман або селейе түштү:

– Теңир сакта, баатырды. Учуп кетпесе экен?..





Чекир бий тек жоо балтасы өзүнө согулуп жаткандай кейип кетти:

– Ойе… Чаптырып салган жокпу, Дөө…

Дөө-аке калың жоонун ортосунда жеке калганы жеңиш алып келгенсип Эр-Киши коңгурап кубанды:

– Бар болуң, Дөө-аке! Бар болуң, шер! Эл-Журт арка, саа. Бар болуң, көк жал!

Жеке чабышта ортодо калган Дөө-аке өлөөрүн ойлободу. Тек айкырык салып, башкалардыкына караганда, үч каруууча сабы узун айбалтасын төбөсүндө булгалады. Чынында опсуз күчтүү Дөө-аке чабышта жинденип, өрчүп кетчү. Бирок эч убакта айбалтаны жаза сокчу эмес. Мерчемине келбесе, айбалтасын узун каркап төбөсүндө булгачу. Балтанын «дуу-дуу, зуу-зуу» эпкини өзү менен чабышкан жоонун сесин алчу.

Дөө-аке өзүнүн минтип айбалта булгашын: «Атам кыргыздын тегирмен чуркатышы!» – дечү.

– Дөө-аке бабанын тегирменин чуркатты дегиче, аа бет баккан жоонун башы жарылды деп. Тегирмен ташы тийгенде жанчылбай калычу баш кимде экен?! – дешчү журт.

Бул чабышта Дөө-аке ушуну менен үч жолу шер бабанын тегирменин чуркатты. Үчөөндө тең анын тегирменинен далай жоонун башы жарылды. Аны көргөн Эр-Киши Дөө-акенин жеке калганына кубанды. Зор денесин титиретип күлгөн жөнү да ошол. Баса, байыркы баатыр баба чуркаткан тегирмен азыр бул чабышта да «зуулдап-зуулдап-дүңгүрөп» чуркап турушу чоң арка, баатырларга.

Жекеде чабышкан жалгыз Дөө-аке беле?

Ана, аксурга минген Агуш баатыр. Ана, буурага минген төөчү Тарпаң. Ана, чаа баатыры Бертебес. Ал баатыр өзү чыканактай болуп алып, төөдөй кулага минген экен.

Ат чапчу чабармандай ээрде эпейип көрүнөт. Бирок өзүн кандайдыр бир сыйкыр курчап алгандай ченине жоону жолотпойт. Кантсе да Бертебестин каткырыгы шамдагайлыгы, өзүнүн баладай кичине, баладай татынакай,

– Бу чабышта бу эрен учуп кетсе, анын башына коёр балбалдын саны канча, Теңири?

Беркилер ушинтип жарпы жазылып турганда каршыдагы дөбөдө ак асаба түбүндө турган Элтерестин жини кайнады. Ал тыяк-быягына зил төгүп карап жинденгендей айкырды:

– Эй, менин кусурум кайда?! Береги буура минген жин курутмак болду. Биздин колдун сыйкыры качкан беди?! Курчагыла, ону. Чапкыла, жинди! Тирүүлөй матап келиндерчи! Канын ичем, онун?!

Жинденген Элтерес шер, жанында асаба коргогон алп эрендерден жүздү жөнөттү. Алар тек башканы коюп, ошол кара буурада каткырган «жинди» колго түшүрүп матап алыш үчүн атайы жөнөштү...

Оң жалын жээрдеге минген жоон топ жоокер башкага буйдалбай түз Тарпаңга келатканда... берки дөбөдө көк асаба түбүндө турган Эр-Киши өз тобунан оң кулан сур минген жүз жоокерди жөнөттү. Булар да жүз башысы баштап, жүзү тең бир чабар эрендер. Булардын өздөрүнөн да мингендери чарчоону, чаалыгууну билбес – кулан тукуму! Куландын жапайысы чокмордy, жебени тоотпой кишини тике качыргандай эле, бул колго үйрөнгөн тукуму да, чабышка жалтанбас, баш-көзгө камчы, союл тийсе да качпас укмуш мал.

Бир чабар жүз башынын жоокерлери тигил Тарпаңды көздөгөн жалын жээрдечендерди тосо чыгышты.

...Түш оой баштаганда чабышкан калың колдун кагылышы а дегендегидей каруулуу, айбаттуу, күчтүү эмес, кол катары сейрек тартты. Сулап-сулап жерде жаткандар да калың. Ат жалына таянып, алагар көзү коюлуп колунан куралын түшүргөндөр да аз эмес. Эртеден бери шарактап кайнаган казан дымыгандай сууп келатты...

Эртеден бери чабыштын ар толкунун эске тутуп сурданган Элтерес чабыш мынчалыкка созулат деп болжогон эмес. Ал, адеп чабыш башталганда «Кара селди», анан ага удаа





Мына, азыр тиги жоокер ал «көлөкөнү» аттан түшүрө чабат дегиче болбой, ал жоокер өзү атынан кулап кетти. «Көлөкө» болсо акбоз атты коштоп алып кайра чапты да Эр-Кишилердин жанына келди.

Жоокер кийими жок, тек дени соо кишиге окшобогон кызык киши бүркүтчө кляктады эле, беркилер таңдана карады. Шап боз аттын чылбырын алдыга ыргытты.

– Эр-аке, мына, менден бир олжо! Көк асаба түбүндө эр суусунун жутуп жай олтуруң. Азыр барып дагы олжо алып келем!

Шап түлкүчө чаңкылдап, арстанча күркүрөп койду да, Эр-Киши ооз ачкычакты кайра жөнөдү...

Айтор куудул Шаптын жоо чабышы ушул кезге дейре алп көрө элек укмуш жорук болду. Шапты таанбаган Азман або менен Чекир бий не айтаарды билбеди. Шапты соо киши эмес, чынында эле жинденген оорулуу неме деп болжошту.

Шаптын ким экенин билген Эр-Киши а дегенде жыргап күлдү. Анан аябай кейиди:

– Э, Теңирим. Киши уулун сен ушундай ыйык, ушундай шайыр жаратыпсың! Чопкут кийбей, каруу албай күлкүсү менен жоону атынан ажыраткан куудулумду да ажал, сен аласың. Аябайсың?! Эй, асыл Шап. Сенин марттыгыңа береке!!

...Күн кечтеп калды.

Чабуул жана эле башталгандай көрүнгөн. Күн бою тынымсыз салгылаштын чуусу мезгилдин кандай өткөнүн билгизген жок. «Ак толкун» түмөнү да чабышты ада кылалбады. Ошентсе да кыргыз колу кажап, талып, артка сүрүлө баштады. Баятан карууну бийик көтөргөн жоокерлер, эми кол шилтейм деп ат жалына таяна калып жатканы да бар. Жеке жоокер эмес алардын аттары ак көбүккө чөмүлдү. Жаныбар, эр канаты ат темтеңдей, чөлдөн ооздук шылдыратаарга шайы келбей сендиректей түшүп... чабуулга жүткүнөт. Дабдаарып, жер сүзөт.





Деген менен чабуулга кийин кирген «Ак толкун» түмөнү жапырып сүрүп кирди. Кыргыз колу эми чындап сүрүлдү.. Алар канчалык чымыркanca да «Ак толкунга» такаат бере албай майышты...

Сүрдүккөн колдун асты жоого тирешип, арты улап кетенчиктей берип көк асабадан да өтө баштады. Жоо колу күч алып, улам көк асаба жакка жутунду. Улам жакындады.

Азман чыдай албай тура калды:

– Баатыр кечиктик... доолбас соктуруң...

– Ашыкпаң, кан або! – деди Эр-Киши камырабай. – Жоо чыйрак тура, создуга түшсүн...

– Создукканча союп салыр...

– Асабаны кулатар...

Эр-Киши жаш жигиттей элпек турду:

– Коркпоң. Асаба түбүндө биз турубуз го, бектер!

– Жоо калыңдап камап кирди го, акыры...

– Э, кирсин. Өлөр киши бой түзөйдү. Жеңилер жоо алды-артына карабайды.

Дагы чабыш уланды. Кандайдыр бир жолбун жебе «зып» этип келип Эр-Кишинин этегине сайыла түштү.

Эр-Киши кубанып күлдү:

– Эя, жолуң каткан мерген. Жебеси мерчемге жетпеген соң, жаа тартып не кылар.

– Баатыр жардык берели?

– Басмайылдар тартылсын!– деди Эр-Киши. Анын үнүчечкиндүү чыкты.– Доолбас!!!

Кол канынын чоң доолбасынын урулушу бөгүттөгү түмөндөргө, берилген белги болучу. Чабышаар жердин уусун алдан мурда эске алган Эр-Киши Элтереске Багырды элчиликке жибергенде эле, ушул арада чабышууну ойлонгон. Кандуу чабышка жер өңүтүн тандоо да жеңиштин...бир белгиси. Өз, өмүрүндө эчен албан чоң чабышка катышкан баатыр ошол чабуулдарда чабыш болгон жер удулу оңтойлуу болсо, чабуулга өбөлгө болоорун, ыңгайсыз болсо, терс болоорун эчен байкаган.





– Шер чынын айтты. Мен чабышка чыгайын? – деди.

– Жекеде баатыры сайылды. Аламанда колу айрылды. Дагы кайсынын жекеси? Жок, баатыр. Сен чыкпайсың! – деди Азман.

– Элтерес алп алп салтына чакырды!

– Жок! Алп салт ада болгон. Ол, өлчү тайган кайышчыл...

Бир жактан Чекир бий Азманды кубаттады:

– Э, ол мыкты болсо, биздин колдун курчоосунан бошонсун?!

Так ушул кезде чабыш жактан чаңырык чыкты. Эр-Кишини намыстанткысы келген Элтерес өзүн камалаган жоокерлердин бирин жанчарына сайып башынан алыс ыргытты. Аны курчаган кол чегине түштү.

– Жол бериң, бек!– деди Эр-Киши бастырмак болуп.

Азман Эр-Кишини чылбырдан алды:

– Э, жеңилген жоого алп чабат беди? Ону курчаган жоокерлер матап келир. Эшит, кебимди! Сенин тоотпой турганың Элтерестин жылдызын түшүрөдү.

– Азман або калыс айтты, – деди Чекир бий.– Элтерес, азыр ал жаралуу арстан. Ону азыр тиги Барс менен Баш-Тегин матасын!

– Элтерес сынбас көк темир. Ол, жаш баатырларды майып кылыр...

Бул кезде Элтерес кандайдыр бир апсагай-сапсагай чоң кишини жанчарына сайып көтөргөн экен. Ал киши жанчардын учунда айкырып жүрөт:

– ...сен мени жанчарыңа көтөрдүң. Мен сени жеймин?!

Жанчар учундагы Дөө-аке эле. Ал качырып тике чабышам деп Элтереске сайдырды. Элтерес Дөө-акени жанчарына саярын сайып, төбөсүнө көтөрөөрүн көтөрүп алып, бирок, адетинче башынан алыс таштай албай калтаарый түштү. Дөөа-ке жанчар учунда жүргөнү менен аны жанчар учу тешпеди. Жанчардын көк болоту калың күпөтөнду тепчий бурдаганда Дөө-аке жанчарды бекем кармап өзүнөн

«Өрт жалынды» агытканда менин колума жоо турушту бере албайт деп күткөн. Эки селди жоо колу тоготпосо, эки селге туруштук берсе, анда «Ак толкунду» каптатам. Чоң көлдүн ак толкуну буурул Жердин бетинен жууп салат жоону деп ишенген Элтерес жанараак ошол баарынан күчтүү «Ак толкунду» майданга каптатты. Жалаң ак боз ат минген, жалаң ак тон кийген – «Ак толкун» түмөнү ат койгондо суун келаткан майдан талаасы кайрадан жандан-ды. Жер кайрадан дүңгүрөдү. Чабыш кайрадан күч алды…

Азман менен Чекир «Ак толкун» каптаганда коркуп кетишти. Чекир аттан түшө калып, кайра атланды. Азман ээрдин кашын таянып майданга аргасыз, алсыз карады.

Экөө бирдей Эр-Кишини шаштырды:

– Баатыр, биздин кол кырылып кетпесин, такаат жибериң?

– Олор көп болуп кетти…

– Чаап салар…

– Каптап кетер…

Дайым агарып жүрчү мойнундагы узун ак тырыкка чейин кызара түшкөн Эр-Киши камырабай айтты:

– Э, калтаарыбаң, або!

Тигилер кеп кайралбай тим калышты.

– Кол көп болсо эле, жоо жеңбейди!

Эр-Киши алда немнеге алагды болгонсудубу? Сөзүн айтпай токтолду. Ар дайым оттонуп, адам тике караганда кишинин шилисине чыга түшчү курч көзү эми кууш, кытмыр тартты. Тигилип, тешилип, майданды тиктеди.

«Аз… биздин кол кырылып кетпесин… Тигилер көп болуп кетти… О, күч көптө. А туура. Кара таандай каптаган табгач көптүгүнө салып майтарып жүр. Жеке эле биздиби? Жеке эле кыргыз атанын тукуму табгачтан кыргын таптыбы?.. О… ушу майданда азыр кан төгүшкөн Үч-Суу журту да табгачтан кыргын тапкан. Кечээ бирин-бири чабышка төлөс менен эштек, купчак, аз менен карлук, изгил жана чаа, жамы он ок баары табгачтан кыргын





болгондо да, ал «Кер чунак». Үйрөтүлгөн Кер чунак. Шаптын өзүнөн Кер чунак кандай ат деп сурасаң:

– Оо! Абакендин Кер чунак жылкы ээси Камбардын батасы тийген жаныбар. Айсыз караңгыда Кер чунагым чу койсом, мышыктай болгон жаныбар бутагы жок карагайга шап чыгар…

– Тек, калптын куйругу болур, – дейт жылкычы.

– Э куйругу болсо, кармап алың, калпымды, – дейт Шап камырабай.

– Кана, Айсыз түндө карагайга чыккан Кер чунак күндүзү да чыгар. Чаап, чунагыңды карагайга чыгарып көрсөтүң?

– Оно-одо бутагы жок карагай тур…

– Э-э, жиндилер, – дейт Шап анда жылкычыларды. – Күндүз Кер чунак чыкпас…

– Не түндө чыкса, күндүз чыкпайды?

– Башы айланыр…

– А түндө айланбайбы?

– Түндө көрбөйдү.

Жылкычылар каткырышат. Шап камырабай чынын айткан кишиче томсоруп коёт.

Ошол куудул Шаптын чабышканы да өзүнчө укмуш чабыш… Анын куудул экенин билгичекти көк чатыр жагында көк асаба түбүндө олтурушкан Эр-Кишилердин кыжыры келди. Жоокерге аркасын көрсөтүп чегинүү чабыштагы колго чыккынчылык кылган менен тең. А тигил «көлөкө» болсо чегинген мындай калсын, зымырап түз эле көк асабаны көздөй кача жөнөлүшү чабыштагы түмөндөрдүн да, кол башчынын да маанайын басканы.

Ошондуктан, кыжырланган Эр-Киши тиги чымын-куюн түшүп качып келаткан «көлөкөнү» көргөндө жардык айтты:

Береги ит жоодон аман калса, бириң жетип, башын чаап салың! Бу кайдагы коркок?!

Эр-Киши оозун жыйгыча кууган жоокер кайра тартты. Шарт бурулган «көлөкө» кайра анын артынан жетти.





Баарыдан да жер уусу алакандагыдай дайын өңдөнүп туруп, бирок анын көмүскөсү, жоого, билинбесе, бул кол буктурушка эң ыңгайлуу келээрин эске алган Эр-Киши Бөкөндү жазыгынын ушул алкымында чабышууну оң көргөн. Анын себеби Бөкөндү алкымы тек алыстан караган көзгө түз жазык өңдөнүп туруп быткыл, булуң, кокту, коосу бар. Дал ушул азыр да кол канынын көк чатыры тигилген дөбө сазан балык өңдөнүп, тек дөбө өңдөнүп көрүнгөн менен анын арты терең кеткен коо болучу. Дал ошол коого Эр-Киши үч түмөн колду буктурган. Ал колдун түмөн башчылары бири – Баш-Тегин, бири – Барс, бири – Буйлаш. Үч баатыр эртеден бери аттарды тыныктырып, жоокерлерди чыйралтып, тек кол канынын доолбасын күтүшкөн.

Азыр ошол күткөн белги берилди.

Үч түмөн кол бир кишидей шапа-шап атка миништи.

Бул кезде тиги өйүздөгү Элтерес, «Ак толкундун» селине эми кубанып, «мына, көк асаба эми жыгылат. Ал, кылыч сууруң, бек»! – деп айкыраарында, Теңир жамандыкты көрсөтпөң? Тиги эми жыгылат деп турган көк асаба артынан жер жайнап кол чыкты.

Бул кол күтпөгөн эмес, күтүп турган кишиге жерден өнүп чыккандай сүр менен каптай, түрүлө түрө чыкты…

## АЙКАШ АДА БОЛБОДУ

Түгөнгөн сайын түтөгөн,
Түбүнөн бери күчөгөн,
Түптүү журттун белгиси.
Азайган сайын алкынган,
Ак жолборстой атылган
Айдыңдуу журттун белгиси.
*Улуу сөздөн*





мирдей чыңап турган тайманбастык, эрдик кайрат. Көз алдында чабышта жарылган эр баштарын, төгүлгөн эр кандарын аркалап урагыс болуп турган зор, укмуш күч!

Калың кол ортосунда жинденип чабышып жаткан Элтерес Эр-Кишинин тигинде тоотпой, кашкайып менсинип турганын көргөндө ачуу ызасынан жарылып кете жазды. Өзүнүн алдатып салганын эми билди да, акылман кол башчысы Салимдин өңүттө түмөн калтыралы алп, деген кеңешин укпай койгонуна эми өкүндү. Элтерес жеке өз намысы, жеке керт башы үчүн жооп берээр болсо, ал азыр ызасына чыдабай өзүн-өзү жазалап жандан кечип салаар беле. Бирок антишке акысы жок. Ушул чоң айкашта өзү баштап келген тогуз түмөн колдун тагдырына жооп берет ал. Андан калса, Үч-Сууну жердеген көп уруу журттун тагдыры үчүн, кейийт. Элтерес шердин арка туткан эли аз эмес. Ал, ушул бирде жоолашып чабышып, бирде элдешип табышып жүрүшкөн киндиктеш көп уруунун, көп тукумдуу будуңдардын ичинде эң көп, эң күчтүү деген элинен. Анын ата конушун жердеген коломто ээси, түтүн булаткан түндүк ээси беш – жүз миңден ашуун. Чындашса каруу көтөрөөр эр бүлөнүн өзү эле, ар түтүндөн бирден чыкканда да – беш жүз миңден ашуун жоокер бар!

Бул жолку чабышка, анын бештен бири гана атланган. Тек жоого чабар ыктуулар гана келишкен. Бардыгы тогуз түмөн кол болчу. Ушул тогуз түмөн кол кыргыз түмөндөрүн чилдей бытыратат деп ишенген.

Азыр ал тилеги кыйраганын Элтерес шер мойнуна алгысы келбеди… Ал жинденди, кутурду. Чамынып айкырды:

– Уа?! Эр-Киши, келиң?! Союшам…

Эр-Киши дөбөдөн корс этти:

– Уа! Шер! Чабышты токтотуң! Жеңилдиң!

– Ия… чый-пый эткен балдарыңа талатпа, алпка алп беттешир… Чык, өзүң! Жеңсең, багынам, жеңсем, багын!

Элтерестин чакырыгы баатырдык салты болучу. Эр-Киши аны туура тапты. Элтерес менен беттешүүнү ылайык көрдү:

«О, көтөрүлбөй калган каруу... күчкө келир?» Элтерес айкырыгы жоокерлерине күч кошту. Өздөрүн кысып, сүрүп кырып кирген күчкө такаат берди.

Үч түмөн тосмосу ачылган көлдөй каптаса да... Элтерес айкырыгын баскан жок. Өз жеңишине кадиксиз ишенген шер, оозунан алдырган бөрүдөй болуп... жеңилип, жексенделип, тепселгиси келбеди. Ал азыр кирген бууradан бетер жинденди. Ал азыр кутурган букадан бетер өкүрдү. Ал азыр ок жеген аюудан бетер айкырды. Ал азыр жаралуу арстандай ачуулуу, кектүү, өкүнүчтүү болду...

Өзүнүн жеңилээрин, басынаарын мойнуна алган жок. Улам толкуп, улам катуулап каптаган түмөндөр ага, тек тай чаптырган балдардай көрүндү...

Чынында эле четтен абайлаган киши жалындай кызарган калың колдун чок ортосунда айкырган Элтерестен көз айралбас эле. Ал чатырап куйүп, баарын куйкалап жаткан өрттүн жалынынын ортосунда куйбөй турган суу теректей зор, шаңдуу, коркунучтуу болучу. Чынында эле жайнаган калың кол Элтереске тең келбөөчүдөй – майда, пас, алсыз өңдөнө түштү. Баса, алпка такаат берер күч – алп! Өрттүн өчүрүүчү күчү – суу!

Эмесе, Элтерес шер менен беттешүүчү күч, Эр-Киши.

Бирок Эр-Киши Элтереске кыр көрсөттү. Беттешүүгө чыкпады.

«Сен ким эдиң, Элтерес?! Текке айкырбаң?! Алың ушул. Канча кутурсаң да, сени тоготпоймун. Сени тумактай серпип салаар жаш баатырларым бар» – дегени болучу.

Эр-Киши Чоң күрөңдү туура тартып көрүнөөдө бакыя, карап турду. Ал толкуган күчүнө ыраазы, жоосунун ызалуу айкырыгына кубанычтуу. Тек бой көтөрүп чылк көк темирден кийген эр жарагын жаркылдата кашкая күлүп карады.

Эр-Кишинин бул тоготпостугу алптык салт. Салт болгондо да жоосун таманга тепсеп, өзүнүн айдынын көк те-





табышкан. Жалгыздан жеке калган журт такыр тыйпыл кырылды. Бирине-бири арка болгонунан тукум калды...

Кырк чыбык бир жалкыдан калса, ону бала сындырыр. Кыркы бириксе олор тутамга батпайды. Олорду тоо көтөргөн алп сындыра албады!

Эй, ант урган Элтерес шер, экөөбүз не үчүн күч кошо албадык. Бирибизге бирибиз арка боло албайбыз, эя? Биз ураан чакырышсак, киндиктеш ол бизге келээр эди»... – деди Эр-Киши. Элтереске кыжырланды.

Бул кезде майдан кызып, чабыш кайра чыйралды. Эр-Киши колу чынында эле аздык кылдыбы? Майтарыла, жапырыла баштады. Бирок качып майтарылбады. Тирешип, чабышып күч менен сүрүлүп, токтоло калып, бөгөлө калып... чытырап жыгылганы келатып кайрадан майышып токтой калган жыгачтай колу чачылып бириндебей бирине-бири тирек болду. Так эле майдандын орто аралыгына – так көк чатыр тушуна ыкташты.

Жоо көзүнө кыргыз колу күчтөн тайып, аргасызданып, алсызданып бараткандай сезилди.

Элтерес эми өзү ат коюп, алсырап бараткан колду биротоло тепсеп салууну ойлоду. Көк чатыр алдында камырабай турган Эр-Кишини Элтерес өз колу менен чаап салгысы келди. Асынган жалаң кылычын көтөрө калып... мына эми:

«Ураа-ан»! – деп айкырып жөнөгөнү калганда...

Тээ көк чатыр жанында, көк асаба түбүндө баятан атчан турушкан Эр-Кишилер аттарынан түштү.

Аны көргөн Элтерес селейип таңдана карады:

– Хэ, Салим бек? Онолор неме ойлоду, Теңири? Ушунча алыста туруп Эр-Кишинин оюн билгендей Салим токтолбой айтты:

– Бек, ол кыргыздын Эр-Кишиси! Алдына дасторкон жайдырып, аш ичкени жай олтурду.

Элтерес ишенбей күлгөн болду. Элтерестин күлкүсү күлкү эмес ыза эле.

– Эми өлөм. Аш ичип алайын деди, ол Салим бек?!





не көрүндү, эя? Силер каптаганда канча жоо чыдап турчу эди? Чын эле кыргыз тукумунда кут барбы Теңир? Элтерес алпыңдын жылдызын өчүрөсүңбү? Чын эле ак асаба урааны урайбы? Уа...»

Элтерес кыйкырып айтты:

– Жок! Ак асаба урааны чокуга чыгады!

...Дал ушул кезде дагы бир күлкүлүү окуя башталды.

Кандайдыр бир көлөкөгө окшогон атчан серендеп чыга келет да, акбоз минген Элтерес жоокеринин бирине тийишкенсийт. Акбозчон качырса, ал көлөкөгө окшогон неме түз эле көк асабаны көздөй качат. Эми жетип, эми жыга чабам менен аны кууган жоокер далай жерге барат. Майдандан узап кеткенин сезген акбозчон не көлөкөгө жетпей, не аны качыра берүүдөн алыстап кетемби дейби? Кайра тартат.

Ошо замат «көлөкө» да кайра тартат. Бирок, ал «көлөкө» кайра тартаары менен тызылдап келип акбозчонго жабыша түшөт. Бул алыстан карагандакы көрүнүш. Ал тиги «көлөкө»– жылкычылардын куудулу баягы Шап! Ал деле жоокерлерче кийинбеген. Үстүндө боз кементай, бирок кементайы чолок этек, чолок жең. Башында боз калпак, бирок калпагынын этеги делдегей, төбөсү жок. Өзү арык, анын үстүнө арык кол-бутун ого бетер тартайтып көрсөткөн, чыпталган тар жаргак шым кийип алыптыр... Колунда укуруктун сынык учунан башка каруу жок. Тиштерин ырсыйтып шак-шак күлөт. Аны чапканы келаткан жоокер болсо да, анын укмуш кебетесин көргөндө чаппай өтөт. Шап акең бүркүтчө кляктап коёт да, жоонун жоокерин укурук учу менен колтукка укуйт. Өзү суурча аңкуштайт. Не мадылча чаңырат.

Жоонун жоокери аны чапмак тургай «жини бар неме экен» дейби? Андан оолак качат. Кайбир кыжырлуулар деле ушул жинди жыга чабайын дейт, түз качырат. «Жин» кача жөнөйт. Бирок «жиндиге» соо жетпейт. Себеби, куудул жылкычы Шаптын мингени укмуштай күлүк ат! Ат





Эрен алпы айкашты,
Кыңыр көзүн байкашты
Кам жарагын-токушту[1]
Кылычты кынга күч сыйдырды

*Махмуд Кашкарий*
*Түрк сөздөрүнүн жыйнагы*

«Уа! Менден бийик болом деген чоку азыр урайды. Кыйрайды. Аны кыйраткан менмин. Мен бүгүн кыргыз колун кыйраттым... Эртең табгачты. Анан ааламды.

Ушул санаасына семире түшкөн Элтерес шер айкырык салды:

– Эр-Киши качып кутулбасын. Туттук аны, Салим шер!

– Элтерес чоң буурулга камчы басты...

Дал ошол тынымда тигил көк асаба турган балык жон дөбөнүн ар жагынан жерден өнүп чыккандай өң кызыл кийинген калың жоокер ат коюшту. Айкырык жер жарып жиберди.

Анык өрт жалыны алоолоп каптагандай боло түштү. Баса, «Кара сел», «Жалын өрт», «Ак толкун» түмөндөрү жеке Элтересте эмес, жоого чабаар түмөндөрүнө башка-башка ат берүү дал ушул кыргыз кол башчыларынын салты болучу. Мындагы бир айырма «кара» дегенди кыргыз кол башчылары атабаган. Кара кайгынын, кырсыктын жышаанасы. Актык үчүн жортуулга аттанган колдун жолу ачык, ыйык болууга тийиш. Аны көк, ак, кызыл, жашыл түс алып кетет. Эрте жазда жер-суу жашарат. Жер-суу жашараарында – ой-тоо көгөрөт, жапжашыл түскө оронот. Эмесе, жортуулга аттанган кол, кыруу, талоо үчүн аттанбайт. Ал Ата Конушту жоодон коргоо, элге тынччылык, жыргалчылык алып келүү. Чоң чабуулда жеңүү – көк, жашыл өмүргө өбөлгө. Уул, кыз тынч төрөлөт. Уул, кыз ойноп чоңоёт. Анан эл көгөрөт. Ошон үчүн көк, жашыл түс – өмүр. Көк көктөгөндө – жашыл түскө нур сепкен

[1] *Токушту* – кезешти, чабышты.

– О жок…

Салим сөзүн бүтпөй токтолду. «Эй, Элтерес шер. Сенин эрдигиңе арга жок Айбалтаң күрс согот. Билгилигиң тайкы, Эрдик демиңди билбестигиң жууп салыр» деп айта жазды Салим Элтереске. Айтпады. Салимдин бул кебинен Элтерес алп чынында кек санамак.

Эй-а, менин күчүмдү көрө албай жатырсың, билгим. Чабыш жеңишин менден кызганышты өлүп коёрсуң» демек Элтерес...

Эр-Кишилер бул кезде чынында эле алдыга дасторкон жайдырышкан. Жайдырганда да каршысындагы Элтерес тобу көргөндөй, майдандагы чабышкан жоокерлер, баатырлар сезгидей көрүнөөгө олтурушту.

– Баатыр, кол күчтөн тайып кетти, каруу кошолу? – деди Азман.

– Эр-Киши жардык берди:

– Өз түмөнүмдөн үч дем чыксын!

Оң-сол канатта жарданып турган үч миң колдун миң башылары шап аттанышты. Эр-Кишинин майданга чыгарган үч деми (үч миң) жоокер «Ак толкундан» үч эсе аз. Ага жараша булар анча шаңданбай чабуул койду. Себеби, мингендери өң кула экен. Баары тең бир кылка, кунан сындуу жаш, ушак көрүндү. Бирок чуркаганы тез, элпек, чарчабас. Барынын кийгендери ошо мингендерине түстөш – сур тон. Өздөрү ири, аттары ушак, кийимдери сур бул жоокерлер, чапканга майданга деле кол кошулгандай болгону жок.

Элтерес эми чындап күлдү:

– А-а? Эр-аке?! Айлаң куруган экен, сенин?! Өң кула тайга минген уландарыңды чыгардың. «Ак толкунум» эми уландарыңды жууп салганын көрүң?!

Салим чындап кейиди:

– Эй-а… Элтерес шер. Баатырдыгың күч. Баамың чолок. Биз күткөндөй Эр-Киши колу кансыраганда өң кунан минген уланын атказып, Ол кылычка моюн тосуп берчү кол башчы эмес!





– Э… сактаган түмөнү көрүнбөду го?..

– Тиги атказганы кунан эмес, кулан минген бир чабар эрендери…

– Ие, Салим бек, олордой бир чабар эрендер «Ай толкунда» азбы? Он миңдин баары бир чабарлар!

– Эя, он миңдин баары бир чабарлар… Бирок биз бардык түмөнүбүздү майданга салдык. О тиги Эр-Кишинин колунан майданга чыкканы беш түмөндөн ашпады…

Элтерес эсине келе түштүбү, сактанып сурады:

– Э… буктурмада түмөндөрү бар дейсиңби?

– Бар!

– Керүнбөйт…

– Бар, Эр-Кишинин дагы үч түмөнү аттарын тойгузуп, өздөрү тыныгып кезек күтүп жатыр…

– Болсо болду… болгондо олору бу жазыктын кай жерине катылды? Аттуу, тондуу үч түмөн кол бир чукурга сыйбас. Үч түмөндү сыгдырар чукур да көрүнбөдү?!

– Мен да ошону ойлоп таңмын. Үч түмөнү бары бар. Элчи жалганын айтпады…

Бул кезде чабыш кайрадан Элтерес турган дөбө жакка агылып, ыктай баштады. Чабышта Элтерес колу үстөм, Элтерес түмөндөрү жайнап жүргөнсүдү. Чабыштын мүнөзү башкача. Акбоз минген, ак тон кийген жоокерлер көбүрөөк запкы чегип жаткандай. Аттан түшкөндөрү да көбөйүп баратыр.

Салим камчысын соройтуп майдан жакка сундурду:

– Ана «Ак толкун» ташка согула баштады. Аны сокков көк таштар тиги көзгө көрүнбөс… кулан минген «уландар»!

Элтерес үндөбөй карады. Баатырдын узун жаагы булчуңдана түшүп тиштери кычырады. Кара сур ирени суз тартып, көздөрү кайнай түштү. «Не иштесем? Толкунга кошор кол калбай калды. Не өзүм ат койсом бекен? Уа, ондо асаба кантир. Ураан урап, бел сынып калар… Эр-Кишинин буктурган түмөндөрү болсо, колум такаат бере алабы? «Кара сел», «Өрт жалыны», «Ак толкун» силерге





Күн. Киши нур сепкен кызыл кан. Эмесе, алтын нур менен кызыл кан экөө айкаш келгенде экөөндө эч бүтпөс күчкубат бар. Аларды ак жолдойт. Өңүттө буккан үч түмөндүн бири – Барс түмөнү. Жоокерлери чылк кызыл кийинген, акбоз аттарга минген – «От түмөнү». Бири – Баш-Тегин түмөнү. Чылк көк жашыл кийген, жалын жээрде аттарга минген– «Көк түмөн». (Мында, көк өмүргө жөрөлгө). Бири – Буйлаш түмөнү. Анын жоокерлери чылк ак туулга кийишкен, бирок минген аттары, үстүндөгү кийимдери ал түстү сакташпайт. Ар түрдүү. Бул – ак жол, ак сапар жышаанасы. Жол канча жеңил болбосун, анын азабы, кыйынчылыгы ар башка. «Жол азабы – көр азабы» деген макал тегинден айтылган эмес. Жол азабы ар түстүү. Ошол ар түстөгү азаптан колду аман алып кетүү акылман кол башчынын иши. Буйлаш дал ошондой кол башчы.

Азыр, ошол түмөн биринен кийин бири каптай чыкты.

Алгач Барс баштаган «От түмөнү» келатканда анык өрт каптагандай дөбө кыпкызыл боло түштү. Көк асаба тек ошол өрттүн ортосунда отко күйбөй алоолоп турду. Анын артынан Баш-Тегиндин «Көк түмөнү» жайнап чыкты. Эми көк жашыл кол алдыңкы жалынды шаштырып жаткандай сезилди. Жана, көк асабаны жыга турган болуп калган Элтерес колу толкун шаштырган агындыдан бетер тез артка сүрүлдү.

Элтерестин түмөндөрү жерге житип жаткандай суюлуп, азайып кетти бат эле. Бир сокгондо жоо асабасы жыгылат, деп болжогон Элтерес бардык түмөндөрүн чабуулга киргизип жаңылышты. Чабышта жоокерлердин колтугу созулуп, аттары болдурган.

Эми жаңы күч менен чыккан үч түмөнгө чарчаган жоо колу такаат бермек тургай сүрүлгөндөн сүрүлдү.

Бул чабыш ыгы – «Эр-Кишинин буктурмасы» деп аталчу.

Мындан көп мурда, ал кезде, Эр-Киши жаш, азыркы Баш-Тегиндин курагында табгач менен болгон чоң чабуул-





да эки тарап катуу айыгышкан. Чабыш көп күнгө созулган. Табгач колу жеңилген болушуп, кыргыз колун артынан түшүрдү… Эрдемсиген кол башчылар алды-артын анча жыйнактабай качкан жоону сүрө берди. Ошондо табгачтын тез качышы, өздөрү анча булүнбөй туруп кайра сокку урбаганы шектүү болду да, жаш баатыр Чогултур (анда Эр-Киши атагын ала элек) өз түмөнүн мерчемдүү жерге буктуруп калды.

Көп узабай самсый баштаган кыргыз колун табгач кайра сокту. Эми жоону жеңдик деп эрдемсип бараткан кол башчылар алдастады. Алар канчалык айбаттанып таймanбай чабышкан менен да амалын ашырып, алдан сокков табгачка такаат бере албай кыргыз кайра сүрдүктү. Кол кырыла баштады. Дал ошол кезде, өңүттө калып, аттары да, жоокерлери да тыныккан Чогултур түмөнү майданга чыкты. Табгач колу жаңы күчкө такаат бере албай шашты. Жолу бөгөлүп, алар кайра тартышка аргасыз болгон…

Ошондон бери андагы жаш Чогултур азыркы Эр-Кишинин буктурмасы көп учурда чабыштын тагдырын чечет.

Жана Элтерес буурулга камчы уруп, айкыра чапканда, ал, жоону бир айкашта жеңдим. Көк асабаны өзүм кулатам. Эр-Кишини баш кылып Азман або, Чекир бийлерин өзүм туткундаймын деп чапкан. Эртеден бери элирип турган буурул дөбөдөн ылдый таш кулагандай алыс учту. Айкырып жоого чабуу Элтерестин ата салты. Алптын айкырыгы башкача чыгат. Анын айбаттуу, жоон үнү аста унчукканда, жай киши бек айткандай угулчу. Ал айкырганда жер жарылып кете жазчу. Элтерес колу кокус жоодон жалтанып, ат соорусун салып качып калганда, алп кол башчысынын ушул айкырыгын угуп, чыйралып, кайра тартып, качырган жоого айбат көрсөтүү, өлбөгөн жерде калуу – Элтерес колунун салты.

Эртеден бери жоокерлер күткөн айкырык эми угулганда, араң бастырган жоокерлери да тыңый түштү:

«Ия! Көк теңири! Алп-аке, айкырды… Жоо качады».

кайра сүрдү. Ошол кезде болот учу күпө тондон бөлүнө түштү. Бирок Элтерес күч менен дагы сокнондо жанчары кандайдыр бир катуу нерсеге такалды. АныЭлтерестин колу сезди. «Эя, ит?! Сөөгүңдү тештимби-и» – деп жанчарын көтөргөн. Бирок жанчар учунда жүргөн апсагайдын сөөгү тешилгендей эмес, ал аман. Чынында эле Дөө-аке жанчар учун сап кылып кармаган боюнча, анын бошой түшкөн болот учун боорундагы калкакка такаган. Таянар таканчысы болсо, азыр ал жанчарды Элтерестен тартып алар ою бар... Аргасыз. Таканчысы жок Дөө-аке тек узун шыргыйдын учуна өзү чыгып алган баладан бетер тарбаңдайт. «Жеймин, сени», – деп айкырат.

Жанчарынын учунда жүргөн апсагай аман экенин сезген Элтерес, чыны менен коркуп кетти.

«Теңир? – деди ал. – Не мени каардадың. Тиги киши эмес жин го? Болот мизи этине өтпөс...»

Дөө-аке төбөдөн чаңырды:

– Жейми-ин, жеймин!

Элтерес жанчарын катуу-катуу титиретти. Жанчары бел ортосунан чорт сынды. Көктөн түшкөн ЖИНДЕЙ апсайыпсапсайып үстүдөн түшкөн Дөө-аке Чоң күрөңдүн соорусуна таманы менен тийди. Сендиректей түшүп, жыгыла жаздап... анан Элтерестин далысына жармашты...

Шер атанган алптар менен канча жолу жоого беттешкени Элтерес мындай кордук көргөн эмес. Ал ар дайымжеңген. Ар дайым айкырган алпты аттан түшүрө сайган. Эчен күчү таш жарган баатырды тике качырып жанчкан. Мындай кордукту көрбөгөн... О, оош-кыйыш зор дүнүйө! Бу дүнүйөнүн укмуштай алааматы, укмуштай марттыгы, ачуу муңу көп. Баарыдан да киши оюна келбеген ушундай шылдыңы, тамашасы өтөт, жандан?!

Жанчарына сайдым деп төбөсүнө көтөргөн жоосу өзүн шилилеш не деген кордук, Элтереске?!.

Ал азыр аябай жинденди. Шилисинен аткыган апсагайды жин деп ойлоду.





киши сөөгү кесилет. А жолу айбалта бу жоокердин бетине эпкини менен келип тайып тийген. Эми ошол айбалта тагы туура так болуп кадимкидей балта мизи сезилип турат. Бул жоокер ошол чабыштан аман калды...Кырк жылы кыргын болсо, бейажал чымын өлбөйт деген ушул да. Ажалы учпады. Бу жоокер өлбөй келатат. Кечээки чабышта да, бу киши тек жанын сактап, башын качырып жүргөн жок.

Жан аябай чабышты. Кары жоокер чабыштан тайсалдоого акысы жок. Жанын баккан коркокту бабанын арбагы каргайт. Ар качан чоң айкаштарда төбөдө көрүнбөй учуп жүргөн баба арбагы өз тукумунун алдуусун да, алсызын да, коркпосун да, чабарманын да колдойт. Арбак коркокту эч кечирбейт. Коркок тукумдан көрө жогу. Коркок тукум жерге жеке өз башын өлүмгө берсе да эчтемкеэмеско. Анын коркоктугу бүт тукумга, элге, асаба ураанына салака тийгизет.Коркоктун барынан жогу. Аны жоо колуна кулдукка кармап бергенден кызыгы болбойт...

О, кечээки айкашта да ушул чунак кулак, тырык бет кары жоокер тайманбай чабышты. Чөлдөбөйүн деп кыл чайнады. Жеңилбейин деп сак, этиет болду. Жеңилбейин деп айбалтаны таамай сокту. Далайды аттан түшүрө чапты. Өзү атынан түшкөн жок...

Мына эми өлгөндөргө гөр казууда...

Казанактын таманынан чыккан баладай ташты эки киши көтөрүп казанак кырына коюшту. Таш атайы сүрүлгөндөй бир бети жып-жылма экен. Кары жоокер барбагай колунун чордуу, катуу алаканын таштын жылма бетине сылады:

– Эя, бу таш бети тамга басканга ылайык! Бечара, бул жерге коюлчу жоокер ак ниет киши тура. Балбалы өз жайынан чыкты.

Жаш жоокер сурап койду:

– Бу жоокер, тайманбай чабышкан го, аке?

– Э, ананчы...

– Коркок чычая качар... – жаш жоокер күлдү.





– Э, күлмөң, бала! Коркоктун качканы не шылдың? Жаш жоокер үндөбөдү. Ал чоту менен жер чукулай берди. Кары жоокер да тынган жок.

– ...ошо чоң кыргында өлүк себилген кең жазыкка киши жакындап баралбай калды. Өлүктөн чыккан жыт коңур түтүн болуп көккө созулду. Желди бузду. Жорулар да ол өлүктөрдү жеп ада кылалбады. Ошондо жинпери тилегине жетти. Дүнүйөнүн төрт тарабына жаман дартты септи. Киши, мал, кайберен, канаттуу кырылды... Уа-а! О жолку алааматты, Теңир экинчи бербесин. Киши майы Күнгө сызгырылды. От жанды, чөп саргайды, таш карарды. Бири-бирин ошончо көп кырган, киши уулун Теңир каардадыбы! Очокко от жагылбады, түндүк тартылбады, желээде байланган кулун агытылбай айылайыл тыйпыл болду...

– Э-э тукум. Бу бардык кыямат бир тең. Өлгөн өлүгүн жашыралбай калгандагы кыяматка чак келээр азап жок. Ошондо кутурган, семирген жин-шайтан ыйык жерге түкүрдү дейт го. Олор аябай каткырып өлүгүн көмө албай өзү кыргын тапкан киши уулун шылдыңдады дейт го. Ошондо олор асман-жердин ортосунда, зор-зор кара канаттарын серпип, серпип коюп, оздорунан арам түтүн чыгарып каткырды дейт го...

Кары жоокердин баянын эчким бузбады. Чоң-кичик теңирге сыйынышты:

«Ыйык Теңир, бизди каардабаң? Чабышта шумкар болгондордун сөөгүн жерге беребиз»...

Кары жоокер башкаларга буйруп койду:

– Э, тез иштең агайын! Жаны учкан боорлордун сөөгүн жерге тез берели! Жин каткырбасын бу жолу. Ал ыйласын. Тилеги кесилсе, жин сыздаар... Чабышта ак өлгөн сөөктөрдү жерге тез берели!

Бул гөр казылып бүттү.

Суналган жаш жоокердин өлүгүн кишилер казанакка түшүрүштү. Жоокер али кер мурут, али башынан чоң





«Эй-я киши уулу, киши уулу,
Мен көргөн күн эң муңдуу.
Эң муң-ң-ң-ду-у-у... эң муң-ң-ң-ду-у-у...»

Дейди, жаныбар, боздоп жашын төгүп турду.

Бууранын үстүндөгү жүгү ээси Тарпаң баатырдын сөөгү экен. Чабышта Тарпаңдын эрдигин көргөн жоокерлер, эми ошол шердин сөөгү буурасынын эки өркөчүнүн ортосунда таңылып түшпөй жүргөнүн көрүштү. О, эр-Тарпаң. Ал эр болгондо да жеке өз башына таандык салты бар, укмуш баатыр болучу. Мындай баатырлар киши уулунун катарында чанда. Биз билгенден Дөө-аке, ушул Тарпаң, жаш Жолборс, Барс.. дагы буларга тете Орок, Керек, Агуштар. Бул баатырлардын ар бири өзүнчө белес, өзүнчө чеп. Ушундай баатыры бар кол башчынын ар дайым жүзү жарык. Көңүлү ток. Калың колго ушундай тайманбас эр, салттуу баатырлар гана арка.

Кайран Тарпаң баягыдай, сары адыр талаасында төө күзөтүп жүргөн жеринде, өнөрүн, күчүн сынатып буура менен кармашып Эр-Кишини бир кубанткан. «О, жер. Жоо беттешкен чабышта топ бузаар алптын сүрү бар экен» деп ал жолу сынап кеткен Эр-Киши кечээки чабышта көк асаба алдында туруп ушул Тарпаң шердин жоо колуна шумкардай тийгенине аябай кубанган. Жеке Эр-Киши эмес, аны көргөн калың кол Тарпаңдын өзүнө да, букулдаган буурасына да аябай ыраазы болушпады беле.

Эми ошол аяп, Тарпаңдын сөөгү чабышка минген кара буурасынын үстүндө жүктөлүп турат. О, укмуш. Ал кандайча каза тапты экен? Кол ичинен ал кандайча бөлүндү экен? Кандайча баатыр сөөгү жүктөлүп калды?

Кишилер кара бурааны боздотуп жетелеп келишти. Гөр казгандардын эчен укумчулары бар. А дегенде арбагы тирүү эрендин сөөгүн жерге ыраа көрбөй киши-пишери өз буурасына жүктөп койгон дечүлөр болду.

«Киши уулу болсоң... тирүүлөй өтүңдү ичермин ит...»

Азыр Элтерестин оюнан Эр-Киши чыгып кетти. Шилисине асылган апсагай ким? Элтерес азыр ошону гана ойлонду. Ошого гана кекенди. Эгерде ал апсагайды киши уулунун кейпин кийген жин деп шекшибесе, эгерде бул апсагайдын чын киши уулу экенин билсе, кадимки Дөө аке деген кенчи экенин, жөн карабашыл киши экенин билсе, анда Элтерес тек бул апсагайды шилисинен бир тартып... тартканда да тек жабышкан уйгакты алгандай алып, сазайын бермек. Бирок...

Шилисинде жабышкан Дөө-аке өзү жөн киши эмес. Ал өзүн кара тоодон чыккан, кара дөө насилиненмин деген дөө киши. Бооруна жанчар өтпөй калышын, өзү атынан ажырап, көккө көтөрүлүп кайра аман түшкөнүн. Түшкөндө да өзү менен кармашкан алптын атынын соорусуна аягы менен тик түшүшүн, кокустук дебеди... Бул – ошол дөө бабамдын колдогону деди. Анан Дөө-аке Элтерести шилилеп айкырды:

– Э! Шер! Мен акең дөө! Азыр, сени тирүүлөй жеймин! Жеймин дейм!

Элтерес эми чындап коркту. Корккон менен сыр алдырган жок, ал. Алдан-күчтөн тая түштү. О, коркуу, жадаса жеңилбес алптын алын курутат беле...

Элтерес өзүнүн жеңиле баштаганын эми гана сезди. «Эпте, шер. Эптеп аман чык, майдандан. Кайрадан кол кура. Кайрадан чабыш. Өч ал, бу жоодон» – ушундай бир ички үнү Элтереске кеңеш бергендей болду.

Элтерес Чоң буурулду такымга басты. Чоң буурул атырылды. Жолдогуларды тепсетип кете жаздады. А, балким тепселип, жыгылып калганы да болдубу? Таң...

* * *

...Көз байланып караңгы түштү.

Чабыш сээлдеп бараткандай. Азыр Элтерестин кулагына дабыраган гана ат дүбүртү угулду. Кантсе да жанагы





тек боздоосун токтотту. Туурадан угулган боздоо башка бир жаныбардын боздоосу өңдөнүп а дегенде анча таанылбады. Ал аңгычакты болбой үстү жактагы жоноюлдан кандайдыр бир кара төө көрүндү. Анын эки өркөчүнүн ортосунда домпойгон бир жүгү бар. Ал жүк алыстан, не дагар, не кап, не дагы бир башкача жүк экени таанылбады. Кара буура боздоп коюп кербенге жакындай берди. Ал жебе жеткидей, жерге келгенде: «Силер кимсиңер? Жатсыңарбы, өзсүңөрбү?» – дегенсип боздоп-боздоп койду да тек башын жогоруга көтөрүп ал «бук» эткендей болду. Оор жүктөн үстү талып, жаны кейигенде төө ошентет.

Үнүн баспай боздогон кара буура салмагына бели талып, ага кыжырланып да тургандай, аны эч кимге бербеймин деп аяп, кызганып да тургандай, ал аянычта башын жогоруга көтөрө артына кылчая кайырат да... кайрадан муңкана боздойт. Бууранын коңурдоо тартып муңкана чыккан боздогу кишинин сай-сөөгүнө жеткидей...

«Эй-я киши уулу, киши уулу,
Мен көргөн күн эң муңдуу...
Эң муңд-ң-ң-ң-ду-уу... эң муң-ң-ң-ң-ду-у-у...»

Кара буура боздогу кишилердин жүрөгүн сыздатты.

– Ва! – деди алдыңкы жоокер. – Ана кара буураны таанып турмун. Уйсундун Тарпаң баатыры минген кара буура...

– Чабышта минип жүргөн деңби?

– О, ошол.

– Көтөргөнү кишиге окшойду.

– О! Өлүк...

Атчан жүргөн эки-үчөө чаптыра барышты. Кара буура аларга чоң көздөрүн жоодурата карады. Муңдуу боздогун баспады. Жаныбар ыйык мал өз кишилерди көрүп эрээркеп кеттиби? Таң. Жоодураган капкара көздөрүнөн мончок-мончок жашы тоголонду.





түйшүк өтпөгөн улан экен. О, улан болсо да тайманбай чабышкан белем?

Соот-тону көп жеринен сөгүлө жаздаган. Айбалта катуу сокком тактар бар.Жанчардын учу тепчип тешкен, бирок жоокердин этине жетпей сынган. О, асыл жигит, кантсе да абдан карылуу болсо керек. Өзүн жоо таамайлап сайганда, жанчарын балта менен шилтеп сындыра чапканбы? Не булкунуп күч менен сындырганбы? Жанчар учу чопкутунда тепчилип калган... А экинчи жанчар көкүрөктөн жаралаган. Уа, жаш жоокер койнуна кан уюп калыптыр... Кантсе да бүркөнчүсү түшүп кеткенби? Жебе так саамайына мадалыптыр. Ажалы ошондон.

О, бул эр ажалы!

Ушинтип өлгөн жакшы. Кары жоокер өлүктү маңдайдан сылады:

– Бар, бар, эрен! Түбөлүк сөөгүң жатчу жайга барың, Кырчын. Сенин өлүмүңө биз ыраазы. Теңир ыраазы, эл ыраазы! Саа ажал алып келген көк сөөгүңдө. Сен ону аркы дүнүйөдө отко эрит. Өзүңө жанчар кылып ал. Ол жакта саа күлгөн жинди өлтүр!

– Бар, бар эрен! Күрөң Жер койну саа төшөк. Эрте кеттим деп кейибең. Баарыбыз жатчу жай ушу...

– Э... чырак. Туулган өлүр...

– Бу дүнүйөгө мура болуп калган киши уулу жок.

– Баарыбыз кетебиз...

– Сенин өлүмүң ак! Чабышта эрдик көрсөтүп жаны учкан жоокердин жүзү жарык!

– Эне сүтүн ак актадың, эрен!

– Жоо кийимиң үстүңдөн түшпөдү. Каруу-жарагың жаныңда, эрен! Кишилер салтанаттуу, бирок акырын-аста кобурашты:

– Муң жуткан ата-энең, жетим калган уул-кызың, тул жамынган жарың, саа ыраазы.

– Калың журтуң саа ыраазы.

Сен баарыбызга ыраазы бол!





нагын кең казайын. Сөөгү жай жатсын. Аты кошо жуушасын. Атынын жээр жемин чарага салып коём. О, боорум. Сен маа ыраазы болуң? Сен бизди каргабаң, каардабаң. Бизге таарынбаң?»..

Гөр казган киши жашын сүрттү. Ал бүгүн жоокер эмес. Гөр казган киши. Гөр казган киши, ойчул, жашык. Арбакты сыйлабай коюу – эң жаман иш...

– Байыркы бир кезде аябаган чоң салгылаш жүрдү... Кары жоокер чоту менен шагылдуу ташты кытыр-кытырчукулап кеп салды: ол айкашта өлүк сөөгүн жерге берүү кыйын болду... Кыш кези болсо, эчтемке болбойт беди?Ушу азыркыдай күн жылып, жер жашарып, чымын учуп калган кез... Көмүлбөй калган өлүктөр бат бузулду. Уа, өлүк аз болсочу... Же чабыш жүргөн майдан чакан болсочу.. Тээ мунарык тарткан коңур сеңирден беркидей жазыкка өлүк себилди. О, бу жаш жерге үрөн себилсе, ол жыргал, ол тамыр байлап өнөт. Андан өмүр уланаар. А өлүк себилсе, ол – куурал. Ол – кыямат. Жаман жыт чыккан жерге жин-шайтан, жин-пери үйүр. Олор киши өлүгүн кор этир. Оору, тумоо каптаар...Жаныбар, конжорулар, киши өлүгүн оно жин-шайтандын кордоосуна кыйбай, олорго каршы согушыр. Жин-шайтан киши өлүгүн тепсейди, чиритеди. Кон жорулар болсо, олорго ээ бербей киши өлүгүн күзөтүр. Балта жутарлар сөөктү сугунуыр... Киши сөөгү куурап күндө какталса, андан жаман дарт чыгаар...

Кары жоокер чеке терин сүртүндү. Анын Күнгө күйгөн териси кат-кат бырыш. Кууш көздөрү ойлуу, жүзү муңайым. Ушул жашка келгени далай чабышка катышып, өлбөй аман келаткан бул киши өлбөгөн менен көп жолу жарадар болгон. Ана оң кулагы мулук. Ал баягыда ушул Элтерес колу уйкуда баскан жолку чабышта бул жоокер кулагын чаптырган. О, баш аман калып кулак чабылуу – чоң олжо, чоң кубаныч. Кулактан бир аз кыйгач тийсе эле, кылыч мойнун кесмек... А тиги сол бетиндеги ак так айбалта мизи түшүргөн так. О, айбалта таамай соксо, киши бети эмес

апсайган-сапсайган жин, шилиден кажап келаткандай, шилиси сыздады.. Көзү караңгылады. Эси ооп жыгыла жазды. Чоң буурул алып учуп келатты.

Элтерес аттан түшпөдү. Ал шер аттан түшпөйт да болучу.

Түн кирип, чабыш сээлдегени менен биротоло токтогон жок.

Чабыш көп күнгө созулду.

Кийинки күндөрү кыргыз түмөндөрү Элтерес түмөндөрүн сүрдү. Эки жактан тең чыгым арбын. Тогуз миң колдун теңинен көбү каруудан чыкты. Далайы атсыз, ач тербиди. Кыргынга учураганы да аз эмес. Көк жыттанган жер киши канын, ат канын тоё шимирди. Бөкөндүнүн алкымында жер дөбө өңдөнүп көрүнгөндүн баары киши өлүгү, ат өлүгү.

Тээ тоо башылап уя тээп кетишкен карга, сагызган эми ушул өлүк каптаган түзгө түштү. Өмүрү түзгө түшпөс – аскадан өйдө, ак чоколоктордон өйдө көккө төпө айланган таз жорулар, кон жорулар, балта жутарлар, көк жорулар эми жазыкты каптады. Алар тойго атайы чакырылган сыяктуу бейкапар, дагдая, тек көңүлү жай. Баса, киши уулу бирине-бири балта сокпондо, бирине-бири жанчар сайганда… кечээ эле жалпы ааламга ээ сыяктуу баатыр жоокерлер, бүгүн кыргын таап өлүктөрү сулап жатса… Бүгүн ал эр өлүктөрү кунсуз тарп. Арадан бир-эки күн өтпөй чабыш талаада киши жүрө албай калды…

Далдайган кон жорулар, көк жорулар, таз жорулар, балта жутарлардын милдети талаа-түздү тарптан тазалаш. Мейли, тарп малдыкыбы, кайберендикиби, кишиникиби? Өзүнчө ыйык бул зор канаттуулар үчүн алардын баары бир. Мал тарпын талап, киши тарпын аяп койбойт, алар.

Бул зор-зор канаттуулар жер бетиндеги ыпылас нерсени жутуп жок кылууну көздөйт. Кечээ тирүү кезинде ыйык киши уулу кыргын тапты – ыпылас болушту. Ыпылас нерселерден жер бети тазарыш керек. Тигил кон жорулар, таз жорулар, балта жутарлар азыктанышса жер-суу тазарат. О, татаал-катаал зор дүнүйө, ай. Бул дүнүйөдө





Жоокер бүгүн канкор эмес, момун, боорукер, жоош, муңдуу, коркок. Коркқондо ал, Көк теңиринен коркот. Бирин-бири аябай кыргын салган киши уулун Теңир кардабаса экен дейт, жоокер. Ал бүгүн колуна айбалта кармап чабыш көксөгөн киши эмес, колуна чот алып гөр, казган киши.

Гөр казган киши муңдуу, токтоо, ойлуу болот. Ал өз көз алдынан өмүрдү чубуртат. Өмүр кызык, талаш, коркунучтуу, кыска.

«Уа, ошол кыскалыгы жакшы… Өмүр узун болгондо киши уулдары бирин-бири тирүүлөй жейт болучу. Ансыз да жеп жатышат, минтип… Эмне? Бирине-бири балта согуу, бирин-бири өлүмгө кыйыш жегендик эмес бекен? Жейт деген ошол. Эмне? Тек эгин эгип, жайытта мал кайрып, кышта көмүр өчүрүп, кенде темир эритип, анан уул, кыздын кашында маек баштап «Улуу сөз» айтып тынч уктап, тынч түйшүктөнүп жан баксак, өмүр өткөрсөк, Теңир бизди жалгаар эди? Уа-а, неге киши уулу ушундай таш боор?»…

Гөр казып жатып жоокер ушуларды ойлоду. Чеке тери сызылды. Аны атайы сүрткөн жок. Түйшүктө тер сызылса, кишиге кубат. Кандайдыр бир жылуу сүйкүм кишинин тер сызылган чекесин жылытты. Киши андан ырахат мээримин алды.

«…Оно өлүп жаткан жоокер – жер эксе, мал төлдөтсө, ушундай чеке тери аа да мээрим ырахатын берет болчу. Азыр эрте жаз. Киши уулу жер тилип, үрөн таштаар кез. Мал төлдөп, канаттуу уя тебээр кез… Тигил боорум, быйыл тарүү айдамак эди. Ол тилегине жетпеди. Өлүп жатыр. Күнчүйү тул калды. Казаны кемкөрүлдү. Очогу кысыр. Уулкызы жетим. Ата-энеси сыздады. Азыр менаа гөр казырмын… Терең казайын. Жоо кийими, эр куралы, минээр аты, керектүү мүлкү кошо көмүлдү. Антпесе, бу бечаранын учуп кеткен жаны кейип калыр. Муңканыр. Тирүүлөр мени унутту. Асырабады. Арбагымды кордоду дээр. Эя, боорумдун жаны ыраазы болсун. Онун сөөгү жатаар каза-





Кары жоокер кишилерге кайрылды:

– О, калайык, бизден эрте бөлүнгөн жаш эренде кимдин акысы бар?

Туш-туштан үндөр жамырады:

– Жок!

– Жок!

– Жаш эрен чын баатыр экен!

– Биздин анда акыбыз, дообуз жок!

– Жаш эрен ак пейил киши экен!

– Аты, тону, жоо каруусу менен алыс сапарга эрөөлгө чыкты!

– Барсын, барсын, эрен!

– Алыскы ак сапары жолдуу болсун, эрендин!

Жаш жоокердин мүрзөсүнө тамга баскан таш коюлду. Анда эки сөз жазылды:

«Мен кыргыздын кулунумун. Атым – Сенек. Жыгырма бир жашымда учуп кеттим…»

Гөр казуу…

Гөр казуу…

Кум-таш кытыр, кытыр этип түндө да ыргытылып жатты. О, түндө гөр казуу күндүзгүдөй эмес, жеңил. Күндүз аптап кактайт. Түндө салкын. Караңгы.. Коркунучтуу. Түндө кишиге аркы-беркини ойлоп, санаа чегишке болбойт. Түндө киши унчукпайт, тынбайт…

О, түндө да гөр казуу, тынбадык деген сөздү улуулардан көп уккан кулак азыр эч кепти уккусу жок. Себеби, түндө гөр казуу, бул өтө коркунучтуу, шашылыш жумуш. Түндө кишини караңгылык чулгайт. Жанында түнөргөн жинди көрө албайт. А жин өзү да көөдөй караңгы. Баса, караңгыда кара жин көрүнмөк беле?..

«Ооз ачпай иштең. Күрөктү, чотту бек тут. Жин колуңдан кагып салбасын. Уктабаң! Каалгысаң өзүңдү-өзүң жаакка чап. Уйкуң ачылсын. Шайтан сени азгырып жатканы. Түндө гөр казуу ушундай коркунучтуу. Уа, бала сен андан коркпоң! Корксоң – күнөө. Сен казган гөргө жаткан сөөктүн арбагы азап чегет, анда»…





Булар каза беришти гөрдү. Каза беришти.

«Күн көрүнсө, жаандын жааган-жаабаганы билинбей калыр. Өлүктөр бузулса илдет каптар дагы…» – жаш жоокер чарчоону унутту.

Сөөк көмгөндөр тынымын коюшту. Тээ четтен караган кишиге бул көп журт кандайдыр бир сырдуу имарат куруп жүрүшкөндөй. Кишилер төрттөн-бештен топ-топ. Топурактар додо-додо. Таштар дөбө-дөбө. Бир жоон топ, төөчөн алыстан кербен түзүп келгендей таш арткан төөлөрдү «бук» эттирип чөгөрүп артылган таштарды түшүрүп жатышса, бир жоон тобу төөлөрүн чиркештирип кайра жөнөөдө. Ат, өгүзгө таш артынып келип жатышкандар андан көп.

Булардын баары кечээки жоокерлер. Бүгүн алар каруу-жарак ордуна чот күрөк мети алышты. Жеңил жаргак, сокмо таар чалбар, бешмант кийишти… Жер казууга, таш көтөрүшкө булар эптүү, чыйрак, кирдебес…

Жылгындан, кырчын талдан согулган чоң-чоң жалпак себеттерди комдуу төөгө, токумдуу өгүзгө теңдеп артып алышкан. Ташты ошол себеттерге салып ташууда. О, бул укмуштай оор жумуш. Өгүздөр илээлейт. Башты жерге салып бышылдап «Ымм киши. Мен сен үчүн жүк көтөрүп, таш жүктөнүп арыдым. Жанымды тындыр» дегенсийт. Терчил мурдун чүйрөт… Болдураган төө боз-дойт. Анын боздошу муңдуу боздош. Ал өзүнүн муңун бөлүп, чарчаганына сеп этип боздоп жатканы, не ботосун эстеп, үйрүн эстеп боздоп жатканы, не ушунча көп, кыргын тапкан киши уулдарын аяп жан кейитип боздогону белгисиз. Айтор, төө жаныбар ичтен муңкана боздогондой болсо, кишинин сай сөөгүн сыздатат.

Төө боздотуп алыстан таш ташыган кишилерге «укмуш» кездешти. Алар чоң кербен болуп тээ адырдын оозунан бери таш жүктөнүп келатышкан. Кербен чубаган төөлөр жан кейиткендей үн берип боздоодо… Анан бир кезде туура жактан башка бир төөнүн боздогону угула түштү. Кербен төөлөрү

асылы ким? Кору кайсы? Зору ким? Кеми кайсы? Ажыратыш кыйын э?!

Кечээ менсинген баатыр жоокерлер биринин колунан бири кыргын тапты эле. Алардын өлүгүнөн эми жер жийиркене баштады… Жерди жийиркентпес үчүн, бул сасый баштаган өлүктөргө тигинтип жорулар, карга, кузгундар каптады…

Дагы күн өтсө Бөкөнду алкымында тирүү жан тура алар эмес. Аңкыган атыр жели сасып, киши дем алаар эмес. Сулаган киши өлүгү, дардайган ат өлүгү тарпка айланууда…

…Чабыш өткөн жазык өлүктөн – тарптан тазаланыш керек. Аны киши уулу өзү тазалашка борчтуу.

## ТАШ БАБАЛАР

> Өзүм Ишгин – Алп – Турган он үч жашымда алты уруу элден адрылдым.[1]
>
> Жердеги эрдемдүү Барстегиме тойбой кеттим[2]… Он ай көтөрдү энем мени. Анан элиме алып келди (төрөдү).
>
> Эрдемим үчүн жерде жүрдүм (өмүр сүрдүм)…
>
> Элиме, каныма тойбодум… Ага-иниmдин мээримине тойбодум…
>
> Ага-иниге жүгү муң – түйшүк артыңыз…
>
> *Таштагы жазуулар*
> *С. Е. Маловдон*

Киши уулу кечээ чабыш жүргөн жазыкты бүгүн, өлүктөн тазалоого киришти.

Кишини киши өлтүрүүдөн, кыруудан да кыргында кыйраган өлүгүн жерге жашыруу машакаттуу, убарасы күч – эң оор иш экен. Ар тараптан өз-өз кишисинин өлүгүн жерге

[1] *Адрылдым* – айрылдым.

[2] *Тойбой кеттим* – канбадым. Барс уулдарынын кызыгына канбадым деген мааниде.





берген кезде кечээки жоолашкан-чабышкан жоокерлер бүгүн бирине-бири каяша айтпас жоош болушту. Тек өз кайгысын өлчөө, өз муңун кечип… ар кими өз-өз кишисинин өлүгүн издөөдө. Өз-өз кишисинин, өлүгүн жерге жашырууда.

Гөр казуу…

Гөр казуу…

О, канча көп гөр казуу керек болду. Канчалык чот кетилди. Керки мокоду. Уч сынды, күрөк майышты. О, канчалык чым аңтарылды, таш омкорулду, Гөр казуунун али чети оюлаар эмес. Ар кими өз-өз өлүгүн жерге, жашыруу үчүн эки тараптан тең миңден-миңден киши бөлүнгөн.

Эми ушул миңдеген жоокер жазыкты каптады. Бирок булар тынч. Үнсүз тек чым оодарат.. Таш аңтарат. Чабышта жаны учуп кеткен жоокер сөөгүн жерге жашырат.

Булар кечээ гана чабыш жүргөн майданды эстейт.

Жер жашын сүртүп, Жер кайгысын бөлүшүп жүрүшкөнсүйт.

Чабыш жүргөн майданда таш аз эле. О, кечээ таштын аздыгы чабышка жаккан. Бүгүн таштын аздыгы кишилерге күч болду. Себеби, чабышта жаны учкан эр жоокерлердин сөөктөрү жаткан жерде өчпөс белги туруш милдет.

Ал белги – таш!

Ташты суук жарбайт. Ысык куйгузбөйт. Таш кылымдан кылымга сакталат. Ушул таштын астында бир кездеги чабышта жаны Көккө учуп кеткен эр жоокердин сөөгү сакталып катканын таш соңку урпакка күбөлөшкө тийиш. Эмесе, таш, таш, таш табуу азыр кишилерге түйшүк, машакат. Ал эң оор эмгек болду. Тээ алыскы сайдан төөгө, атка таш артып келген кишилер таң күнү тыным билбеди. Мынабу жазыкта бирине-бири улай эгиздей окшош гөрлөрдү казган кишилер күн-түнү тыным билбеди.

«Сөөктөрдү көмүүнү тездетүүгө тийишпиз. Дагы бир күнгө калса, олор бузулыр. Көк чымын курт төгүр. Көп жорулар тытыр. О, ол убал».





Ушундай ойлогон сайын түнү бою кишилер тынымды унутушту. Чот мизи ташка тиет. Кай кезде жылт-жулт от чагылышат. Таш кетилет. Тынымсыз топурак сузулат. Не деген бүтпөс оор түйшүк – гөр казуу?!

Аз болсо да не?

Жер жумшак топурактуу болсо да не?

Замандар бою аптапка какталган, туякка тапталган жазыктын бетинде таш аз болгону менен ал жазыктын астында жер койнуна катылган таш аз эмес экен. Баса, эми билинди. Бир кездери ушул жазык бетиндеги бош жаткан таштарды дал ушул азыркыдай чоң айкаштан кийин кыргын тапкан жоокерлерге белги кылыш үчүн те орто жазыкка ташып кетишкен тура. Дал ошол орто жазыкта ак таш, көк таш, кызыл таш үйүлгөн калың дөбө бар. Ал дөбөлөрдү анча байкас албаган киши, ал калың дөбөлөрдүн алдында бир заманда жаны учуп, сөөгү көмүлгөн жоокерлер жатканын да, анча байкас албайт. Тек ал калың таш дөбөлөр тек атам замандан ошол жерде чачылып жаткансыйт. Өзүнчө эле додолонуп, дөбөлөнүп үйүлүп калгансыйт. О, кайдан, анетсин? Эч себепсиз өзүнчө да таш додолончу беле? Тэ-э байыркы Ууз алп тушундабы, не андан мурдабы, не андан кийинби? Таң. Анын аныгын тактап айтчу азыр бир киши калган жок. Уламыштан уланган кабар «Улуу сөз» кабары бир заманда дал ошол орто жазыкта чоң чабуул өткөнүн айтат. Көп кыргын болгонун баяндайт. Ал чабышта киши уулу ушунча көп кырылыптыр. Эр жоокердин мүрзөсүнүн үстүнө үйөр таш жетпептир. Ошондо төөгө, өгүзгө артып, кишилер алыстан таш ташыптыр. Көрсө, ушул көк жазыктын ташын ошондо ал жакка ташып кетиптир.

– О, аке… анда кыргын көп болгон экен деӊ.

– Көп болбой… Киши уулу бири-бирине канча ачуу кекенсе, айкашы да ошондой катуу. Анын кыргыны да көп.

– Кечээки чабыш ого челдебейт деӊ?..

– О, кечээ о жактан тогуз түмөн. Бизден сегизи чабышка атганды. Бу ончо көп эмес, ончо аз да эмес… Чоң





айкаштарда эки жактан отуздан-кырктан түмөн жанчар сунады…

– О, ондо ончо сансыз кол жазыкка сыябы, аке?

– Сыйбаганда кайда барат, уул. Башка күч келгенде эки аяк бир өтүккө сыяды. Айкаш аламан жарыш эмес да, уул. Чабышта ат менен киши биригип бир чукурда тирешет. Бир чукурда калышат… Ано-о ойдон биз, канча ат өлүгүн, канча киши өлүгүн алдык.

– О, көп, аке… санабадым…

Жаш жоокер үндөбөдү. Кары тек эскертти:

– Өлүктүн көзү өткөн соң, күнү бүттү деӊ. Тирүү жан санакта… Э-э, уул турбаң. Сөөктү тез жерге берели.

Жаш жоокер маӊоо сурады:

– Киши уулун өлтүрүш кылмыш э, аке?

– Э… өлтүргөндөн оор кылмыш жок, уул…

– Чабышта канча көп өлдү. Олордун убалын ким аркалайды, аке?

Кары жоокер көрдү чукуп каза берип тек жай кобурады:

– Э-э… уул. Чабышта ар киши өз убалын өзү аркалар. Оюнда кара иш болсо, өлсө, анын убалы өзүндө. Оюнда ак иш болсо, өлсө, анын убалы сооп. Ак иш үчүн чабышып өлгөн киши жоокер, анын өлүмү жоокер өлүмү!

Бу биз сөөгүн жерге берип жаткан арбактар кара иш үчүн өлгөн болсо, мен олор үчүн гөр казбас эдим…

Булар үндөбөй калышты.

Баятан асман түнөрүп келаткан. Жел жортуп турган.

Эми тып мемирей тушту да, бир пастан кийин жамгыр төгүп жиберди.

Тыяк-быяктан кишилер чатырга карай жүгүрүштү. Бирок алардын кээкилери орто жолдо селейип токтой калышып кайра басты…

– Э аке, суу болдук, – деди жаш жоокер.

– Азабы жок! – деди кары жоокер, – суу кийим күн тийсе кургайды! Тиги бузулуп бараткан өлүктөр күтпөсүн. Казыӊ, уул!

сыз. Ошондуктан Элтерес өзү баштап он кол башчылары ошол бадал арасында те, жазыкты каптай келаткан жоо колун байлап турушат.

Кыргыз түмөндөрү жана алыстан обу жок кең жазыкты ээлеп сансыз болуп көрүнгөн. Эми улам жакындаган сайын алардын алдыңкы мингендери укмуштанып таанылбай калды... Баарыдан укмушу – алдыңкы миндердин мингендери кайсы мал экени билинбейт. Тек кара багалек обу жок узун кишилер жөө келаткандай болуп бир көрүнсө... Жок кандайдыр бир думурандаган доңузга окшогон жаныбарларды обу жок узун кишилер минип келаткандай болуп бир көрүндү...

Неси болсо да коо кашатында буккан Элтерестин өзүнөн да алдыда быткылда буккан анын мергендери тигил, укмуш «колду» тааный албай чочулай башташты:

– Ва, Көк теңири? Не укмуш алдыңкылары?..

– Жөө десең жөө көрүнбөйдү. Колдорунда кылычтары жаркылдайды... (Топоз букаларынын мүйүздөрү кылыч сыяктанып көрүндү.)

– Э өздөрү бопбоз. Чалбарлары кара...

– Вай он башы, буйрук айтың, буттарын атабызбы, баштарынбы?

– Өздөрүнбү, аттарынбы?

– Э, мингендери атка окшобойду.... Несин мээлейли?

– Өздөрүн мээлейли, өздөрүн....

Жер көчкөндөй шуулдап тез келаткан түмөндөр жакындады. Эми гана жанагы кара чалбарга окшогон чалбар эмес эле жүндөрү жер чийген топозго окшоду. Топоз экени да анча таанылa бербеди. Аны минген узун боз жоокерлери да шоңшоюп түптүз зыңгырап тооткус сүрдүү...

Быткылдагы Элтерес түмөнүнүн мергендери коркуп кетишти. Алар баштагыдай жебе жаадыра албай бири жебе учурса, эки-үч быткылга житип кача башташты.

Кийинки жети күндөн бери эрөөлгө баамчыл чалгынчыларын жиберип Элтерес колунун өңүтүнөн толук кабар-





Чынында иш жайы андай эмес. Өзүнө салт сактаган Тарпаң баатыр, ат мингендей буура минип жоого чапканы да өз салты, өз касиети болучу. Эми, минтип, кара буурада сөөгү таңылып калышы да өз салты, өз касиети. Башка эчким анын сөөгүн буурага таңбады. Ал өзү жоого чабаарда эле кара бууранын эки өркөчүнө араң сыйып олчоё олтурган алп денесин өзү чырмап, өзү таңган. «Өлсөм өлүгүм жерде жатпайды. Өлүгүм чабышады, жоо менен. Тарпаң баатыр тек сулап калчу жан эмес. Ол өлсө өлүгү тирүү жүрчү жан!»

Ушинткен Тарпаң жоонун чордонунда жап аябай чабышты. Элтерес шердин «Ак толкуну каптаганда дал ушул буурачан тажаалды жок кылыш жөн деп кекенген өң баатырлар Тарпаңды ортого алышты. Тарпаң аларга оңой жеңилбеди. Каруу талыгыча чабышты... Акыры «Ак толкундун» баатыры таамай суктурган жанчар алкымына батты... Жанчардын болот учу Тарпаңдын алкымында калып сабы чорт сынды. Үстүндөгү ээси чабыштан калып... анын майып болгонун сезген кара буура четтеп, букулдап безип кетти. Жанчардын сынган учу мойнуна такалып терисин өйкөдү. Ээси жыя кармаган буйласы өлгөн Тарпаңдын колунда карышып... жаныбар, кара буура не жерге башы жетип оттой албай не үстүндөгү сөөктү силкип түшүрүүгө кыйбай боздогондон боздоп, адыр артып жүргөн кезинде таш ташыган кишилерге кездешти.

Эми Тарпаң баатырдын сөөгүн жерге алып, буйласын бош койгондо да жаныбар кара буура боздоосун токтотподу. Чөйчөктөй кара көздөрү жоодурай калып боздоп турса киши уулу эмес, кара ташты чымыраткыдай аяныч бар боздогонунда. О, жаныбар, Ойсул-Ата тукуму. О, жаныбар ыйык мал кантсе да, өз ээси Тарпаң баатырды жоктоп боздоп жаткандай. Кечээки өткөн чабышта курман болгон эр жоокерлерди жоктоп боздоп жаткандай:





– Тилдеш – дилдеш бир журтпуз! Көчсөк конушубуз катар, тыныч жатсак кыйырыбыз бир. Бир баш, бир эл болбой кектешип-жектешип чабышканыбыз не? – деп жүйө айтышмак.

Бул киндиктеш уруулар бир болуп турганда булар минтип бирин-бири кыргындап, мал-табарын олжолоп, уул-кызын күңдөп-кулдап, бирин-бири кордобос, азайтпас эле. Кайра өнүп-өсүп бекемдемек.

О, ал акыл жетсе да кол жеткис Көктөгү тилек! Бул тилекти жүзөгө ашырыш үчүн аракет кылган акылман киши аз эмес. Бирок алар бул тилекти, тек баш кошуп акыл башкарган баамчылдык менен кеңешип чечпестен, ар бири өзүнчө терс багып, өзүнчө акыл терпеп, өзүнчө эрдемсий... бирине-бири оңой менен баш бербей, кокус бири «Акыл сеники. Биз ошого макул», деп айтып койсо эле, майданда жеңилгенден ары өзү ага жеңилип калчудай, жылдызы жерге түшчүдөй көрүнөт... анан өзүнүн артыктыгын таанытыш үчүн ушинтип айкашта айдың көрсөтөт... Айдың-айдың, анын арты чабыш. «Мен аны чабышып баш ийдиргемин».... деп айтуу бийик угулат.

Эмесе, Элтерес да багынбас алп. Жоо жолуна туура турса, аны жоо ашалгыс артуу. Эр-Киши да багынбас алп. Алптыгы мындай турсун, ал айлакер, акылман. Ал жолго турса, тек артуу эмес – чың зоо. Башка кан, бек, баатырлар да ар бири өз-өзүн ошондой артуу, ошондой чың зоо эсептейт.

– Теңир артык жараткан мыкты болсо, менин артуумду артып көрсүн! – дейт ар бири...

Дал ушул менсинүүнүн, дал ушул куру намыстын кесири тийип тукумду мүңкүрөтүп турганын баамдашса да ар бири билги баатыр кол башчы боло турушуп, ошол чоң кесирди бир кылыч менен чорт кесе алышпады. Акылы жетип, көздөрү көрүп билип турушуп, эки көзү бакырайып, бирок алдындагысын көрө албаган карама сокур сыңары келечектин чоң даңгыр жолуна карай баары бир баштуу багыт ала албай ит-арка тартып ыдырап, ал тургай





минтип өз-өз ара бири-бири менен жоолашып-чабышып турушкан жөнү да ушул.

– Эя, Элтерес. Сен не биз капарсыз жаткан кезде уурданып кыйыр түрдүң? – десе Эр-Киши:

– Вай, Эр-Киши! Мен сенин асабаңды жыгамын. Өз бабамдын ак асабасын ажоңдун ордосуна саямын?! – дейт Элтерес.

Босогодо жулкунган арстандардай айыгышкан эки шерди ардантккан, эрегиштирген, айыгыштырган, анан экөөнү бирине-бирин жоолаштырган күч дал ушул куру намыста.

Эр намысы отко куйкаланбайт. Сууга чөкпөйт. Аны жоонун күчү куйкалайт. Өз тукумду бир баш кылаар мээрим да ушул – эр намысы. О, анын туюнган, сактаган, аны жалпы эрдик деп сыйлашкан, асырашкан будуңга мээрим. Эр намысы – эл намысы дегенде гана жеке кекейгендин жини кагылат...

Эмесе, Элтерес шердин түпкү максаты Үч-Суунун ак асабасын баарынан бийик көтөрүү. Ал үчүн баарыдан мурда алсыз-күчсүз менен кармашуунун кажаты канча? Өзүнө тең, тайлаш не өзүнөн күчтүү жоого ат коюш. Кыргыз кыйырына кол салуудан илгери, Элтерес канатташ будуңдардын кыйырын кысты. Өзбүз дегенин өзүнө тартты. Жообуз дегендерин чапты. Алардын малын, үбүн олжолоп журтун өзүнө каратты. Кыргызды өзүнө күч этип алган соң Элтерес табгачка жортуул ачмак. Табгачты багынтып алтын, күмүш, асылын ээлеген алптын арманы калбайды. Ондой эр-алп Көккө жаны учканда буурул Жердин ээси эдим деп армансыз кетээр!..

Элтерес шерди элирткен дал ушул максат болучу.

О, ал тилегине жетеби, жокпу ким билет?

Кыргыз колу ага асабасын жыгып алдына түшпөдү. Эми кыргыз жеринде эмес, Үч-Суу жеринде чабыш жүрүп, Үч-Суу жери ыңырсып, муңга батып калган кез.

О, бул жортуул, бул кандуу чабыш ай бою жааган ак жаандай качан ада болоору белгисиз. Бирде сээлдей тын-

«Эй-я, киши уулу, киши уулу,
Мен көргөн күн эң муңдуу.
Эң муң-ң-ң-ду-у-у... эң муң-ң-ң-ду-у-у...»

Кара бууранын чөйчөктөй жоодур көзүнөн буурчак жашы мөлт-мөлт тамат. Төөнүн боздогу, киши муңу жанды, кейитти. Жүрөктү сыздатты...

Кишилер тынбай ашыкты, гөр каза беришти.

Кара буура от оттободу. Жашын токтотподу. Боздоосун суя токтотподу. Муңкана, кардыга боздоду. Бууранын тынбай боздоосун эшиткен кишилер чочулашты:

– Жаныбар, жаныбар. Төө ыйык мал. Кара буура жаман жышаана көрүп жатыр? Сөөктөрдү тез жашыралы?

– Ва, боорлор. Тарпаң баатырдын сөөгүн тезирээк жерге берелик...

Тарпаңдын гөрүнөн казылган топурак башкаларды-кынан алда канча чоң доболонду.

– Уа, энди баатырдын жатар жайы кең. Баары батар! – деди карыя.

Кишилер Тарпаң баатырдын сөөгүн жерге коюшту. Баатырдын соот-жарагы өзүнө катар коюлду. Мына, өмүр бою баатыр көтөргөн узун сап айбалтасы. Бу айбалта жөнүндө ырчы ырдаган:

Кызыл чокто тапталган,
Көк ыргайга сапталган,
Көөкөрчө кылын ийдирген,
Кыл кыял чаап чийдирген
Эшик эндүү айбалта.

Ошондой чулу көк темирден тапталган. Мизине болот ширелген, уу ичирилген айбалта. Мына, Тарпаң тарткан кер жаак мүйүз, жаа, анын жанында саадак кап толо шыкалып, жебеси жатыр. Ана, кынсыз болот кылычы. «Кыргыздын кылычы курч, жоокеринин колу катуу» деген макал ушундай кынсыз кылычтан улам айтылып калган.





жирешкен. Жөө жүрүшкө бышыккан черүүлөр сонор бузуп кол салышкан.

Эми ошо жоо бөрүсү Элтерес жеңилген сайын – жеңилээр эмес, түгөнгөн сайын – түгөнөр эместей болуп улам жаңы түмөндөрдү демөөрлөдү. Чабышка минээр ат жетишпей калганда, майданга жөө түмөндөрү чыкты. А дегенде тек аттуу түмөндөр кырчылдашып чабыша түшөт... Анан, бат эле колдон суурулгандай карматпай ат соорусун салат. Качкан жоо эми камалат, мына кыйыры түрүлөт. Асабасын жыгып, жапырт аттан түшүрөбүз. Тизелүүсү тизе бүгөт, баштуусу башын ийет дегиче болбой жер соруп кеткендей аттуулары житип-житип... алардын ордуна жерден өнгөндөй өң жаачан жөө мергендер жалана түшөт да жебе жаадырат. Эрдемсип жоо качырып элире чапкан кыргыз түмөндөрү калың жебеге учурап чапкы менен чапкандай алдыңкы катардагылары кыйгап аттан учат, улам арткылардын катары сээлдейт. Алдан-күчтөн таят. Элтерестин бул амалы колду сабылтып, алп колтук созо чабышалбай ак мокоду. Эр-Киши тек чабышты өксүтүп орто жолдо калгысы келбеди. Айыгышып узакка созулган мындай чоң чабуулда, антип арабөк калуу, же жеңилбей, же жеңип жоонун тизесин бүкпөй токтолуу опуртмалуу иш. Эр-Киши сыяктуу каарман кол башчыга бул арабөктүк – жеңилгенге тете.

Этегин жыйбай ор басты.
Чылбырын үзүп ат качты.
Айрөк кулга, айрөк?! –

дейт мындай учурда айыгышкан жоо тарап, Улуу сөзүн улап мыктысынып кол атказган тарапты кордоп калат. Эмесе, бул жолу ошол мыктысынып кол атказган жак – кыргыз. Ал баягыда кары калың кышта чабылып калганы үчүн өч алмак. Анда күтүүсүздөн кол салган Үч-Суу журтун өзүнө тизе бүктүрмөк. Баатырларын баш ийдирмек. Анан аларды ынтымакка чакырып:





чый калат. Мына эми журт билгилери, кол башчы баатырлар, кол кандары кеп-кеңешке келишээр. Эки кол эми ынтымакка келди. Чабыш ада болду. Куштун эки канаты болуп кыраандай асманга кетели. Коноордо кыраанды жерге кондуралы. Бизге четтен келген жоого каршы бирге учуп туралы дешээр деп, кишилер күтүп турушканда... Бул тилек балтыркандай кор сынат. Кайрадан эки тараптын колу ат коюшат. Кайрадан чабыш, кыргын, талоон. Күрөң Жер кайрадан сыздады...

Элтерес колунун жөө түмөндөрү Баш-Тегиндин аттарын кырып жоокерлерин жөө калтырды. «Куурчак кол салды. Курумшу дөө кургуйга житти» деген Улуу сөздөгү бир амал баягы жылкычы Шаптын эсине түштү.

«...Байыркы заманда амалкөй кол башчы болуптур. Чабышта колу азайып, жеңилээрин билгенде он топозго токулга эптеп, кийиз куурчак мингизип, калың топозду жоону көздөй сүрдү. Топоз минген куурчак кол жебени тоотпой каптап келатты. Олордун куурчак экенин билбей жоо коркуп асабасын, жыгыптыр»...– деген Улуу сөз баяны.

Куудул Шап жылкыда жүргөн кезинде бир жолу ошондой кийиз куурчак жасады. Жанчар сайса да жыгылбас этип, аштамага боз кийизден «кементай» кийгизип, белин курчап айгырга «мингизип» коё бергенинде өзү жасаган кийиз куурчагын өзү киши экен деп ишене жаздаган. Айдын шооласында зоңкоюп айгырга «минип» бараткан куурчак алп сыяктанып көрүнгөн.

Калың жылкыны ары үркүтүп, а жолу Шап атын энтиктирип жылкычылар кошуунуна чаап келди:

– Уа-а! Иттин жылкычылары-ы... Силер чалбар тебиң?! Зоңкогой алп жылкы тийип кетти....

Жылкычылар атка миништи а жолу. Жылкы оттогон өрүшкө жетип келишсе, айгыр, ат тынчсыз... Жылкы арасында обу жок зоңкойгон бирөө бар. Жылкычылар аны «колго түшүрмөк» болушту.. Бирок куурчактан аябай чочуп калган айгыр бир тигил четке, бир бул четке үркүп,





нын улап иштеди. Эзелден жомок болуп айтылып келаткан амалды азыр көздөрү көрдү. Укмуш «кол» бозоруп, мунарыктап укмуштанып, киши акылына сыйбас чоочун, коркунучтуу, сүрдүү болуп көрүндү...

– Уай-э, жандуу кол, бу! – дешти.– Куурчак деп ким айтыр...

Шап атказган ушул жандуу «колду» оңтоюн келтирип турушуп Элтерестин жөө түмөндөрүн көздөй каптатышты... Анын артынан Баш-Тегин, Барс түмөндөрү шыкай барышты.

Күз күнү аптабын кактап адыр-түз каткалаң. Топоздун ачакей туяктары ошол каткалаң жер бетин оё-оё басканда бозомук чаң төбөдө уюду. Ага күзгү мунарык кошул-ташып боз чаң менен бирге уланып, бирге уюп тек кандайдыр боз жалпак тажаал жер бетин сыдырып сорунуп жылып келаткансыды... Минден-минден беш бөлүк «кол» каптай чаң чыгарганда ошол беш катары узун, буралган обу жок зор ажыдаар өңдөнүп, ал ажыдаардан чыккан чаңдын артында түнөргөн сансыз кол деле эч эсеп жеткис болуп жүрөк үшүн алды...

Демейде, атчан кол жакындап келатканда: «Келе берсин! Жакындасын! Аттарын мээлеңдер» – дешип кекенип, жааларын онтойлой кармаган Элтерестин жөө түмөндөрү бул жолу да жолдун эң мерчемдүү жеринде жерге житкендей бугуп, тек атчан колдун келээрин күтүп дымып жатышкан.

Бул жолку мергендер минден-минден быткылдын ойчуңкуруна бугушкан. Туруп басып көрүнөөгө чыкканы байкалбаса, жаткандары боз таштан, жер-дүмүрдөн айырмасыз тек козголбой өңүттө. Элтерес өзү баштаган атчан түмөндөр мергендер өңүт алган быткылдын артындагы узун коодо. Коо ичи, кашаты бадалдуу болушу Элтерестин көктөн тилегенин жерден берди. Кашатка жакын дүмпүйгөн топ-топ бадалдардын арасында атчан жоокер аралап ээр кашына таш өбөк салып турса да байкалгы-

Минтип, деп, Шап өз мойнун өзү толгоп койду эле куркуйган узун мойну буралып… бети аркасына карай калганы. Шаптын бул укмушуна жыргап корсулдап күлгөн Эр-Киши:

– Бар болуң, Шап, куудулум. Сенин ушул амалың деги жоону чочулатпаса да иштеп көрүң, – деген куудулга.

Шап ал амалын иштеш үчүн ай бою камылга көрдү.

Акырында беш миң токулгалуу топозго беш миң кийиз «жоокер» атказып кошуунга келди.

А дегенде тек оюн-тамаша өңдөнүп угулган, Шап айткан амал. Эми беш миң топозго минген «куурчак кол» келатканда аны угуп-билбеген жоо кишилери эмес, угупбилген өз кишилерге Шаптын «куурчак колу» обочодон укмуш болуп көрүндү. Биринчиден, баарынын мингени ат эмес, топоз. Баарынын кийгени бир түс – боппоз «соот». Экинчиден бири эмес баары тегиз «шаңдуу» локуюп зор, зэрде түптүз зуңкуюшат».

Ал аз келгендей калың топоз арасынан жик өткөзбөй шыкашып шүдүңдөп, дүмүрөңдөп шуулдап келатышса, а дегенде алардын кайсы мал экендиги таанылбады. Токулга токулуп, жебе тешкис өрө кийиздер жаба салынып, кийиз куурчак зыңгырай минген топоздор укмуш жаныбар. Аны минген «кол» киши уулу эмес эле, кайдандыр жер коңулунан чыга келген укмуш чоочун жандар…

Азыр бул укмуш «жандарды» көргөндөр делдейе, таңдана карашты. Кишилердин арасынан кобур чыкты:

– Э… шумдук?

– Ва… бир күнү укмуш көрбөсөң сокур, укмуш укпасаң керең болосуң деген чын, Эр-Аке?

– Ано-о каптап келаткан тажаал өңдөнүп кетти…

– Вай балакет…

– Муну Шап кантип иштеди?

– Э, бу Теңирдин иши да. Шап колунан кайдан келсин?..

– О, бул чынында Теңир иши эмес, Шап колунан келген иш. Шап аны өзү ойлоп таппады. Улуу сөздөн укка-





Баса. тиги кылычтын ээси Тарпаң баатырдын колу катуу болучу. Тарпаң шилтеген кылыч бир шилтегенде бууранын мойнун чорт кесип түшүрчү…

О, алп! Ол өмүр бою төөнү жанындай көргөн. Чабышы жок, тынч күндөрү Тарпаңдын бакканы төө. Төө тукуму бул ээсинин оюн туюнгандай, өзүн сыйлагандай, ак көбүк бүркүп кутургандай болуп жинденип, көзүнө эч эчтемке көрүнбөй кеткен кирген буура да Тарпаңды качырчу эмес. Тарпаңдан бөтөн кандай аттуу-жөөлүү келбесин кирген бууралар ал кишилерди тарпып чайнап салчу, тарпып үстүнө чөгүп басып алчу. Төө тукумун Тарпаң ыйык саначу. Төө тукуму өмүр бою четинде жүргөн Тарпаңды сыйлачу…

Эми ошол асыл мал – төө сыйлаган Тарпаң баатырдын сөөгү жерде. Анын эр кийими, жоо жарагы, о сапарда татаар ашы баары жанында. Өмүр бою буура минген эр, чабышка да буура минип чыккан. Эми эрдин минээр кара буурасы да азыр гөр кашында муңдуу боздоодо…

Кара буура көзүнөн жаш тамыза боздоосун токтотподу. Боздогон буурага кишилер, Тарпаңдын токумун оңдоп токушту. Башына күмүш чөгөрүлгөн жибек ноктосун катышты. Бууранын жибек көкүлүнө үкү тагышты. Үстүнө кымкап жабышты. Анан…

Кары жоокер баатырдык салтын жазбай шымалана басып келип, боздоп турган Кара бууранын болот балка менен чыкыйга сокту. О, жоокер колу катуу да.

Боздоп турган Кара буура тырп жыгылды.

Тарпаң баатырдын сөөгү жаткан казанакка катар Кара бууранын жансыз чөгөрүштү.

– О, ак иш үчүн бизден бөлүнгөн алп, сенин атың өчпөсүн! Буураңды өзүң минип жүрүң!

– Бут кол саа ыраазы!

Тарпаңдын мүрзөсүнө коюлган ташка мындайча жазылды:

«Уруум Уйсун. Атым Тарпаң. Жашым элүү сегизде, ак иш үчүн мен силерден бөлүндүм. Үч уул, эки кызым калды. Күнчүйүм тул болду. Өзүм чабышта учуп кеттим…»





тырыш – учурдагы согуштук амал талап кылган арганы маал-маал табгач кол башчылары колдонушчу…

Бир жолку катуу чабышта ошол табгачтын амалкөй эр кол башчысы Тан И өзүнүн жаачан мергендеринен атайын кол түздү. Ал колдун милдети келаткан жоонун жолун тосуп өңүттө бугат. Бирок, алар жерге житкендей бекилип, тымтырс жатат. Пан Инин калган колу көрүнөөдө жоосун каршы алат. А дегенде качырышып катуу майдан баштоочудай болуп келет да… анан ал тез чегинет. «Эйя, чөп көчүк табгач бизден качты-ы. Чабың»!.. – деген Элтерес бардык түмөнүн майданга салганда… О, Көк теңири, жамандыкты көрсөтпө Жерден чыккандай калың жебе жаайт. Киши аман, чаап келатып аттары жумаланат…

О, аттан ажыраганда башка акыр заман түшкөнү жалганбы? Элтерес түмөндөрү ал жолу кыргынга учурайт. Табгачты жеңебиз деген демөөргө суу себилет. Жеңиш мындай турсун, кыргындан калган кол самсып араң кутулат.

Дал ошол чабышта күчкө эмес, амалга жеңилген Элтерес өксүп кайтты.

Канатымды жебе какты.
Кайратымды амал чапты.
Куюк болуп учтум эди
Көк теңирим не какшатты?!

Ушинткен Элтерес ал жолу муңга чөктү. Баамчыл эр кол башчы жоого кеткен кегин кайтарыш үчүн кийин бар күчүн салды. Бар амал-аргасын жумшады. Жеке эле аттуу чабуулга кирбестен жөө түмөндөр болсо, чабыш ийгиси. Аттан айрылган жоокер канатым сынды деп томолонбосун. Аты суласа, өзү аттай кетсин. Жөө чабышка чыксын! – деген Элтерес, соңку жылдарда колду экөө жүрүшкө да машыктырды. Баягы кар калың жааган кышта Ак-Термелдин ашуусун ашканда ушул бышыктык Элтерес колун жеңишке жеткирди. Ал жолу омуроодон кар жиреген аттар басалбай калганда кол жөө кар





өзү менен кошо семиздерди үркүтүп жылкычылар аргасы кеткенде тигил зоңкогой алпты жыгалык дешти. Бардыгы ага жебе жаадырышты. Зоңкогой алп жебени тоотпой жылкыны аралап чаба берди…

Таң агарып жерге жарык киргенде абайлашса, түнү бою «жылкы тийген алп» кийиз куурчак. Өздөрү мыш болушуп, Шапка алданганын билишкен жылкычылар бирде аргасыздан күлдү. Бирде ызаланды. Акыры бизди алдаган Шапты сууга байлап салалы, – дешип издешсе, күндө бирге жүрчү Шап жок. Жолбун үйлөрүнө келишти. Келишсе мында да Шап жок. Ары издешти. Бери издешти. Аябай акмалап жадап олтурушту.

– Ол табылса жарып салар эдим! – деди чийкил жылкычы.

Кайдандыр күчүкчө кыңылдаш сыздап чыкты.

Жылкычылар эleңдеп эки жагына каранышты. Жан көрүнбөдү.

– Ол доңузду, көрүнсө доңуздай жарып салар эдим! – деди чоң мурун жылкычы.

Торопойчо коркулдаш чаңырык чыкты.

Жылкычылар эки жагын каранышты. Дым жок.

– О, арамды көрүнсө бөрү аткандай атып салар эдим! – деди кары жылкычы. – Жай жаткан жандын эсин оодарды…

Кайдандыр бөрүчө уңшуп кулакты чуулдатты.

Жылкычылар элеңдеп эки жагын каранышты. Үн чыкпады – жым.

Жылкычылар да үн чыгарбай жым калышты.

Те бурчтагы чоң серке чанач козголгонсуду. Чийкил жылкычы ал чаначка тикийип карады. Ал ар дайым сүрсүгөн жиликтерге тирелип ошол бурчта илинип турчу чанач.

– Чанач…– деди чийкил жылкычы аста.

Ал жактан абдан уста үн угулду:

– Ышш. Жолобоң. Козголбоң, баарыңды ажыдаар.

## САКТАНЫҢ! «ТҮМӨН БАШЧЫ» ШАП!

Кудум жин-кесел сепсе, опу күлкү оруму оруп салыр.

*Шап куудулдун сөзү*

Куурчак эрен көк сууруду.[1]
Кутурган алп кургуйга[2] житти...

*Уламыш*

Тарыхтын шам чырагысыз тактика – түнт.

*А. В. Суворов*

Чабыш да, гөр казуу да ада болгон жок...

Жети күн айга өттү. Ай жылга таянды...

Чабыш. Чабыш...

Мындай айыгышкан чабыш байыртан боло келген. Бир айкашта жанчар сунушуп ада болчу чабыш бар. Жарым күн, бир күн чабышып ада болчу чабыш бар. Күнү-түнү салгылаш жүрүп кырылышып ада болчу чабыш бар. Айлап, жылдап ада болбой тиреше берчү, чабыша берчү, кырылыша берчү чабыш бар.

Чабышкан эки тараптын каруусу бирдей күчтүү, кол башчылары намыскөй болсо, чабыш ушунча узакка ырбайт. Мында жеке эле соот кийип, кылыч кармаган жоокер эмес, эки тараптын башы кара, буту айры кишилери бүт эрегишет. Бүт атка минет. Бүт карууга чыгышат... О, мындай айыгышкан чабыштын бетин ары кылсын. Айыгыш чабышта жазыксыз кыргын тапканы, сыздаганы, сыктаганы да сансыз.

Түндүк коломтого түшөт. Казан кыйрайт. Күл сапырылат. Эмчектеги баладан өйдө жоо эсебинде. Кырылгандан калганы жеңгендин кулу, күңү. Асылы, малы, үбү бүт малтабары баары олжо.

[1] *Көк сууруду* – кылыч сууруду деген мааниде.
[2] *Кургуй* – жер түбү деген мааниде.





Жеңилген жактын жер-суусу аңгырайт. О, ал эң коркунучтуу, аянычтуу ээндик. Аппак үйлөр турчу конуштар тепселген, тытылган. Жада калса, учуп-конгон карга, сагызган үн бербей селейет, үрпөйөт. Журтта калган күчүк аянычтуу кыңшылайт, коркунучтуу улуп-уңшуйт. Адашып калган аксак-тексек мал оттобойт. Кишини сагынып, үйүрүн эстеп жетимсирейт. Үйүрү жок.

Кишилер болсо, бирин-бири чаап, кырып, бирин-бири байлап-матап кулдукка айдап кеткен эбак...

О, ол айгышкан чабыштын бети ары. Ал журттун башына келбесе болот эле?..

Ардуу, намыстуу, күчтүү Элтерес шер, Эр-Кишиге баш ийгиси келбеди. «Сен кыргыздын Эр-Кишиси болсоң, мен Үч-Суунун Элтересимин. Тигил кыжылдаган Табгачты чабам деген Элтересмин. Эми Эр-Киши, саа баш уруп бербеймин. Эя, күчүм жетпесе күлүм сапырылады. Күчүм жетсе, сенин кулуңду сапырамын»?!

Ушинткен Элтерес адегенде ат соорусун салып чабышты. Туш-туштан чабарман жиберип, кол башчыларга арка-бел кылып жаңы кол курады. Дагы жаңыдан он эки түмөн кол куралып келип чабышка кирди. Минерге ат жетишпегендиктен бул он эки түмөндүн үч түмөнү жөө келди. Байыркы бабаларынан бери жоокер өткөн бул каарман журттун жөө жоокерлери чабышта бөксө түшкөн жок. Тигил, табгач менен болгон уруштарда, кошуунда майданга чыгуучу. Акыр заман – аттан айрылган жерде деген көчмөн тукум коогада, эрөөлдө жортуулда, чабышта, көчтө, тек сейилде ат үстүндө өмүр өткөрүү шарт. Бардык чоң-кичиктин күчү, ырысы, канаты – ат!

Аты күчтүү, аты болдурбас жоокер – өзү күчтүү, өзү болдурбас. Качса кутулуп, кууса жетип, чабышса көбүнчө жеңишке ээ. Ушул куштай учкан колдун канатын сындырып алса, өзү жеңишке жетээрин билген жоо, кишилер мурда аттарды мээлеп, аттарды атып кошуунду жөө кал-





– Ышш...

Жылкычылар бир далайга жымжырт турушуп анан баары тең жапырт каткырышты:

– Уа, ит...

– Уа, доңуз...

– Киши уулу ойлобос ишти иштер...

– Ыш...– деди чанач жак дагы.

– Чык! Тийбейбиз, – деди кары жылкычы.

Чанач жак чый этти:

– Кантип чыгам? Чечип алыңла, эшимле...

Көрсө ал Шап чоң чаначты бошотуп, өзү түшүп, боону илмекче байлап, илмек үчүн керегеге илип коюп, анан өзү чаначка катылып салмагын салганда чанач өзүнөн өзү керегеге илинип калыптыр.

Чоң чаначтан күң жиликти туура тиштеп мойнун куркуйткан Шап көрүнгөндө жылкычылар күлкүдөн боору эзилип жумалашкан.

Ошол куудул Шап соңку бир чабуулда атынан ажырады. Аттан ажыраган бир Шап эмес, ир алды келатышкан жоокерлердин көбү канатсыз калышты. Жоокердин аттан ажыраганы – күчтөн тайганы. Башкалар алдастап коркуп жүрүшсө, Шап жерде жумаланып каткырды.

– Уа-а, Элтерес эрди энди жеңдим өзүм. Кайран Элтерес эми менин зуңкугуй «түмөнүмдөн» өлүр! Уа-а! Ха-Ха! -Уа-а, зуңкуйган менин «түмөнүм» жыйылың! Чогулуң! Баарың кара багалек болуң, жоону курчаң.

Жыйылың кийиз түмөн? Жыйылың!

Жүз башы Шапка урушту:

– Кууланбаң куу?! Чабыштан качпаң?!

– Ондой эмес, аке, – деди Шапты жакшы билген өз он башысы. Бу Шап акем жөн жаралган жан эмес. Оозуна албарсты түкүргөн ыйык киши...

Алаңгычакты Барс келди. Барсты көргөндө Шап ого бетер каткырды.





Уа-а! Түмөн башы Барс. Сен мага таазим этип учурашың! Мен жөн жоокер – эмесмин. Бүгүндөн баштап түмөн башы менмин! Мен кийиз куурчак түмөнүн чаптыраганда курумшу дөө кургуйга житир...

Шап куудулдун амалын эшитип, Барс да күлдү.

Анан ал:

– Шап акем байыркы колбашчынын күчү ада болгондо иштеген амалын иштеп көрсүн. Ансыз да өрө кийизди өрт алып жатыр. Ээн жайылган топоздон көп мал жок, – деди Барс Шапка. Он башы жоокерлериңди өзүң тандаң. Билгениңди өзүң, иштең, Шап аке. Бар өнөрүңдү ортого агытың.

– Уа, түмөн башы. Эр салты менен төш тирешип коюң. Киши уулун баштаган түмөн башыдан куурчакты баштаган түмөн башы эр чыксын деп коюң!

Шап куудул Барс экөө баатырларча төш тирешип кош-тошту...

Өзү «түмөн башы» болуп, жеке чыккан Шап бар болгону өзүнө жолдош кылып бир жүз башыны жоокерлери менен ээрчитип куурчак колду атказууга кетти. Жоокерлердин милдети топоз айдап келүү. Аларга токулга камдап, аларды бир баш кылып шудуңдата катуу айдап көндүрүү. Топоздор жыйналып, токумдары токулган соң аларга кийиз куурчак камдап атказуу деле Шап өзү айткандай ит бекер иш болду. Кум ширешкен өрө кийизди топозго жабышты. Актасы калың ыңырчакка эки долоно таякты кайчылаштыра аштап, ыңырчакты топозго токуганда аштама сороюп ага эндей бычылган боз кийизди орой салып, белинен курчап, «башына» кийиз туулга кийгизди. Болду. Көрүң, – деди Шап Эр-Кишиге.

Алыстан уңкуйган жоо бөрүсү акең! Жебе бир эмес, он тешсин, «каткыра күлүң»... алга карай темине бербесе, э, Эр-аке, анда мен Шап бар болбой жок болоюн. Мойнумду минтип толгоп, башымды үзүп алып чөөгө ыргытың?!

дар Эр-Киши бул жолу эч жалтанбай тике качырды. Ага кошумча, алдыга салган өң топозчон колдун эрдигин көрүп, сынагысы келген, түмөн башылар деле бүлүнбөдү. Баса, киши уулдары ар убакта ушундай кумарпоз келишээри жалганбы? Не жадаса ат жалынан кан аккан чабышта да муң менен күлкү тизгиндеш экени төгүнбү? Не киши иштегенди киши иштей албай калабы? Элтерестин кан төккүч амалына Эр-Киши эми жылкычы Шаптын тек укканга күлкү кийиз куурчактарын жумшады. Баса, мергенчилер жумшаган жебеден бул жолу аттар да аман, жоокерлер да аман. Жаздым болуп кийизди жебе тешсе бирин-серин топоз өлөөр. Болбосо кийиз «жоокерлер» жебенин жүзүн тооткудай эмес. Баары тегиз ыңырчакка ашталып боз кийизге оролуп тоотпой чабышты.

Мергенчилөр канча аткылап, канча мээлеп жебени учурса да, алдыңкы топтон сыңар «жоокер» жыгылбады. Аны көргөндө мергендер жапырт качышты.

Качкан жоону ушинтип куурчак чабаар. Не кийиз куурчак чапканда курмушу дөө кургуйга житпей койду беле? Житкен ол.

Элтерестин самсыган жөө түмөндөрүн эми Жолборстун атчан түмөнү камалады. Баш-Тегин менен Барс Элтерестин өзүнө беттешти. Узакка созулуп айыгышкан чабыштын бул айкашы ушундай укмуштуу болуп башталды…

…Куурчак жоокерлердин «түмөн башчысы» жылкычы Шап алды-артына карабай өзү баштап жоо тобуна сүңгүп, жоо оорусун аралайт беле, ким билет? Неси болсо да, бирине ондон жебе мадалганча, өлүмдү билбей чаба берген» куурчактары чочуп, топоздордун чылгын тартууну ойлонобу… Ансыз да ат үстүндө жүгү киши сөлөкөтүндө болгону менен киши деми сезилбеген соң мулжундап, дүмүрөңдөп топоздор өзүнөн-өзү чочуп, үркүп баш бербей «чабуулдай берди». Арттан келаткан калың колдун дабырты, чуусу жаныбар топоздорду ансайын сүрөдү, үркүттү…





таят. Жолду көрүнбөс, күтпөс иш кырсыктайт. О, бул эң коркунучтуу жаман айың. Кантсе да киши уулуна жеңилбес Элтерес шердин күчү ташыган менен башынан багы качкан го? Кол каны, кол башчысы алптын эр миң башчысы жалдырап тилден калышы, шалдырап күчтөн тайышы жаман белги…

Чынында ушул жаман белги, белги боюнча тек калбады. Күн өткөн сайын Эр-Кишинин түмөндөрү чабуулун күчөттү. Баса, жоо аяган жаралуу. Чабыштын өз салты – чабылган элди талоондоо. Чабыштын максаты колду олжого батыруу болучу. Эр-Киши антип тек дүйнө самап олжо үчүн кол атказып келбеди. Ал кеткен намысын кайтаруу үчүн атланды. Өзөктөш болуп туруп өзгө бычак урган Элтерести тизе бүктүргөнү келди.

Эр-Киши бул чабуулду ак, адил, баба жолун улаган ыйык жортуул деп атаган. Жоо чаап келдик деп бир бүлдүргү албаң, бириң! – деп эскерткен Эр-Киши баатыр кол башчыларына. – Ким олжо артынан кетсе, баба салты менен онун ууру катары башы чабылады!

Ушул жазаны унутканың кыңк этпей мойнуңду Көккө тососуң!

Акылман кол башчынын бул жардыгы учурдун салтына анча сыйбаган сыяктуу. Чабыш – олжо не кырылуу. Ал эми жеңилген тараптын элин талабай, байлыгын, асылын, малын олжолобой жайына коюш чанда. Аны тек көрүнгөн кол башчы, көрүнгөн кан иштей бербейт. Аны кара кылды как жарган адил, алтынга, күмүшкө, асылга көз артпаган токпейил жоомарт, айкөл, боорукер кол башчы иштейт. Андай айкөл, боорукер кол башчы өзү ошондой айкөл болушу аз. Башка кол башчыларды, або-бектерди, баатырларды, жоокерлөрди ошондой айкөлдүккө, кең пейилдикке, жоомарттыкка үйрөтмөйүн, ар бир карабашыл буту айры кишинин пейилин туюнмайын аларды өзүнө ишендирип, сыйынтып алмайын тилегин өтөй албас.

Максат ыйык болгондо тилек өтөлөт!





Эмесе, Адылтай ажо өзү учуп кетээр алдында артта калып жаткан эл-журтунун амандыгын ойлоду. Үлдүрөп үзүлө жаздап энтигип, араң айтканы: «Көп каз башсыз учалбайды. Күчтүү журт башсыз калса, күчтөн таяды. Башсыз журтка четтен көз арткан баатыр көп болур. Каны өлгөн журт ошентеди, кара жамынып мүңкүрөйдү. Тиги киндиктеш көп уруу журт бир болсо деген эдим. Мен ажо болгон кезде башкалары мындай турсун – аз, чаа, төлөс, тардуш, карлук, найман, курыкан, он ок баары бизге кас эди. Алардын канына кадырымды салдым, баатырларына жылуу сөзүмдү эшиттирдим. Билгиси ынтымакка өзү келди. Чолок ойлогону баягы Жарык тегинчилеп арам өлдү… Ва, тукум чабармансың. Курчсуң. Ва, бычак канча курч болсо да өз сабын өзү кеспейди. Сеи канча чабарман болсоң да өз тукумуңду чапсаң чап. Онун акылсыз канын баш ийдириш үчүн, элин өзүңө эл – эт. Мал-табарын талап, уул-кызын күң кылам деп санабаң»… Адылтай ажо энтигип жоюп чыйрала түшүп анан айткан:

«Тиги Үч-Суунун Элтереси кол салды. Ол ошондой шер. Чолок ойлоду. Аа эрегишип талашпаң, тукум. Чабышсаң чабыш, талашпаң, тоношпоң, тукум. Үч-Суу журту бизге өзөктөш. Ошону билиң… Ата-а… ошол Элтерес шер ынтымакка келсе, биздин каруу сынгыс болоор эди.. Ол шер менсине келди. Чогултур (Адылтай ажо гана Эр-Киши дебей аны өз атынан чакырат), Чогултур сен, акыл тутуң, Або-бийлер, тиги баралына толо элек жаш кол-башчылар саа арка. Сен ошолорго тирек болосуң! Мени жерге бердим дебең! Атымды чакырың, баарың! Элтерести ынтымакка келтириң. Аркасыз эр чөлмөк сындыралбасын баарың эске тутуң. Элтерес шер менен аркалаш болгондо, бул көп тукум силерден обочого кетпес. Көп уруу бир баш, бир кол болуп турганда те– ашыркы чоң, карылуу жоо даабас. Калган эрендер иштин ошол жагын эстең… Ажобуз учуп кетти десең, менин сөөгүм жерге берилип жатканда ат коюучу болбосун. Ажобуз акыл тербеп алтын ордодо. Биз ажобуз-





кепке бурбай өз ишимди улайын. Ортого арча жагың. Өз майы өзүндө, сөөгү миң жылы жер каатында ирибес жарыктык арча ыпылас жытты, дартка кесел жугузар жин кесепетин качырады. Ортого арча жагың. Суу кайнасын. Отто чок жатсын. Үй тегинде обур-добур добуш жүрбөсүн!

Ушуну айтып Узун-Сакал жараатты эмдөөгө киришчү…

О жолу Эр-Кишинин жараатын жортуул шартында талаада эмдеди.

– Ой-э, Теңир. – деди Узун-Сакал эмчи өзүнчө. – Алптын алп күчүн көз көрбөс кудум[1] басар деген ушу болур… Жебе учу чырпыган мазасыз жараатты ырбап кетир го, Теңир. Сактаң, журт аркасы. Ажалыңды өзүң октолоп туруң. Эмимди түшүрүң?

Жараатты эмдеп жаткан эмчиге Эр-Киши тамаша сүйлөдү:

– Уа… Эмчим. Мени «Эр-аке» дейсиң баарың. Чиркейдин тумшугундай неме чырпыптыр. Аттан түштүм…

– Ондой эмес, Эр-аке. Алпка айбалта согулса, алп күч алар. Алпка кудум жабышса, ол кеселге кабылар дечү эмчи ата.

– О, ол ырас… Көрүнө келген жоодон не жеңилесиң, не жеңесиң, көрүнбөгөн жоодон түз көргө киресиң дечү уста атам. Ошо жебе чырпыр замат эмге алсак бу обо[2] жок эди… Мына, ырбап кетиптир. Эми кыйналабыз…

Сыздап-какшап кеткен ооруга Эр-Киши тиштенип чыдап, эмчиге эч кеп айталган эмес анда…

Ошондо эмчи айтканы чын болду. Ырбап кеткен жарааты көпкө создукту. Алп жаны далай кыйналып, эчен түндү көз ирмебей жатып таң атырды. Узакка эмденди. Акыры «Керемет колу эм жакса, кесел жигит» болду. Бар ынтаасын коюп, ар түрдүү дармегин берип күнү-түнү Эр-Кишинин кашынан кетпеген Узун-Сакал эмчинин дили ак экен.

[1] *Кудум* – көзгө көрүнбөс жин-шайтан.

[2] *Обо* – коркунучтуу оору. Кыргыз чуманы да – обо дейт

Ардайым кырда, жондо, бороондо кур оттоп семиз өскөн мал – өзүн-өзү күзөткөн жапайы өскөн мал – үй малдарынан ушул топоз. Жүнү жыш, узун, териси калың, өзү күчтүү, баш бербес жапайы топозду аскер аты катары минип, кол жоого чыгат деп Элтерес күткөн эмес. Тек уламышта, жомокто. Улуу сөздө айтылганы болбосо, топоз минип жоого чапкан колду кишилер көрө элек. Шаптын бул «түмөнү» чынында укмуш болду. Баарыдан укмушу – үстүнө киши эмес кийиз куурчак минген жапайы топоз баш берсечи, шыкалыша, камалыша бири-бирин жөөлөшө баары думурандап бир бүтүн күчкө айланды. Калың топоздун бир баш болуп үрккөнү качыргандай болуп көрүндү. Элерестин жөө мергендери эмес, эми анын тандалган атчан түмөндөрү айкырып, чабышка кире албай тек топоз селине кабылышты.Үрккөн күчтүү малдын сели жолду туюктады. Кыжырланган кол, тек айкырыпкыйкырып, жоокерлер бирде аң-таң, бирде ызалуу, бирде чоочуркап коркту. Айтор бул жолку чабыш, чабыш эмес эле өзүнчө бир башаламан, баш катырган будуң-чаң жортуулга айланды. Элтерес колу жашырылды. Кетилди. Катарын бузду.

Себеби, тигил бир бүтүн болуп, калың катмар болуп ажырабай ташкын сууда аккан көкмелтир муздай сүрө келаткан калың топоздон калышпай сүргүндөй келаткан Эр-Киши түмөндөрү иреттүү, шаңдуу, сүрдүү болучу...

Жебе тоотпос куурчак жоокерлер далайга өз катарын бузбады. Эзилгип, үркүп, кызып алган жапайы мал шыкалыша кете берди. Баш-Тегиндин, Барстын түмөндөрү да улам канатын жайылтып, улам калыңданып сүрдүү тартты. Улам күчөп чабуулду тездетти.

Жедеп Элтерес жолунун катары бузулганда, жедеп аттуу жоокерлер чачырап жайылганда – башаламандык башталып алар чегине баштаганда, жылкычы Шаптын куурчак колу да чачырай баштады. Эртеден бирин-бири шыкап жөөлөшө келген топоздор да эми чачырап туш-тушка бет





– Бүттү! Пирим кыраан көкөлөдү! Пириң көк жал карды эшилип тынды. Эми кылыч суурасыңбы, жанчар саясыңбы? Окшош, баары бир... Мен аман, сен жаман! Мейлиңер, бу жолу баарыңды аман койдум. Баарыңа тийбедим. А өзүм кеттим. Тиги Теңир жиберген көп колум булутка учуп чыкса, жоого жаман. Кырк жылы Көктөн корголдой мөндүр жаар... Кеттим!

Шап Ак-Маңдай топозун теминип койду эле ал шудуңдады.

Эсенлай өзү да, анын жоокерлери да укмуштай кебетелүү бу кишини «токтоң» деп айтпады.

Миң башы да, жүз башы да, он башы да, жоокер да өз-өз ичинен: «Кетсин, кетсин. Бу киши уулу эмес, жин. Кетсин, обочо кетсин»... – дешти.

Шапты жолдоштору ээрчий беришти. Жоонун бирде бири аларды токто дебеди. Ошентип, өң топоздун букасына минген Шаптын кишилери амалдуу, куудул, айлакер, эч тартынбас «түмөн башчысы» Шапты ээрчип аман кетишти...

...Тек жылкычы Шап өзү кутулбады матоодон. Анын көз көрүнөө жоо колун ишендириши – амалы, анын укмуш куудулдугу колдон колго тарады:

– Пири тирүү Эр-Кишинин колунда жеке киши уулу кызмат өтөбөй киши көлөкөсүндө жүргөн жин тукуму бар экен. Ол бирде кыраан болуп шаңшыса асман-жер ортосундагы жаамы кыраан ойгонот экен. Анан көз ачып-жумгучакты жаныңа келет экен. «Ал» десе, алат экен. «Жар» десе, жарат экен. Каратып туруп пириңди кыйнап, өзүңдү алсыз кылып коёт экен. Эсенлай түмөн башы не эткен алп эди. Эр-Кишинин ошондой бир жин-перисин матаймын деп өзү тилден калып, күчтөн ажырапыр... Бу укмуш эми аз турса, элге кырсык дейди...

– О... Элтерес шер асаба бүкпөсө, анда тукумга зыян...

Ушундай коркунучтуу шыбыр эми Элтерес жоокерлеринин арасында сүйлөндү. Зоболо көтөрүлөөрдө, эр башына көрүнөө куш конот. Зоболо кетээрде куш учат. Бак





дун жардыгын өтөп талаа-түздөбүз дең. Качан өзүң карылуу болуп алганыңда, ажонун арбагы өлбөс болсун. Ошондо Элтерес жоолашып не кылар»...

Адылтай ажонун ушул керээзи Эр-Кишини чыйрак тутту. Айкөл ажонун ушул тилегин өтөп, бул чабышта Эр-Киши канча курч болсо да өз сабын кеспеди. Үч-Суу журтун талоондободу. Тек анын тайманбас шери Элтерес алп менен кармашты...

Уа, сынбас жыгач өсөбү? Не алдан-күчтөн тайбас алп болобу?

Жылкычы Шаптын «сыйкыры» Эсенлай баатырды шал этип койгондон кийин, далай баатыр чабышты 'токтотуп, Эр-Кишинин алдына өзү келип тизе бүктү...

Күз ада болуп ой-түздү кар баскан күнү Элтерес шер өзү да колго түштү...

## ЭР-КИШИНИН БИР КҮНҮ

> Уа, киши эшитиң! Мең сени жакшы көргөн сайын эрдемиң, ташыды.
>
> *Эр-Киши*

> Киши нагыз киши болгондо гана – эң сонун.
>
> *Менандр*

> Сени кишилер билбейт деп тынчың кетпесин, сен кишилерди билбейм деп тынчың кетсин.
>
> *Конфуций*

> Киши – киши менен киши.
>
> *Элдики*

Акбуурул болуп локуйган зор киши айбалта таянып сылтый басып жоноюлга чыкты. Басканы жай. Жылаң баш. Үсту жеңил. Кийгени тек барсканчы киер теке жаргак тон,





эмчи. О, киши өзү жеке эмчи эмес, эл билги экен. Абобектер менен тизе тирешип сыйда олтурган жеринде – «Эмчи аке, сизге келдим» деп киши келсе, күймөлбөй, жөнөп кетичү экен. Өлгөнү жаткан он кишини эмдесе, тогузу сакайчу, бири шумкар болучу экен. Ол ыйык дармек болор тамыр менен гүлдү, отту, көктү көзү ачыктай, билчү эди дейди. Басып, баратып: « Уа-а, сары алтын, ак күмүшкө сатып алалбас жанды сактап калыр дармек ушундан»– деп киши күндө элес албай тепсеп жүргөн көктү аяп, сылап кетир эди дейди. Алтынчы бабабыз Айкөргөн эмчи. О киши дармегин, көбүнчө Айлуу түндө зоодон, тиги, эле ак кардуу тоолордон, издечү эле дейди. Жыландын, текенин өтүнөн, кумурсканын уюгунан, бөдөнөнүн түнөгүнөн, таштын чыйырынан, куркулдайдын уясынан, коюн, буурул Жердин ширесин эмген улук-кичик жан-жаныбардан сурачу эди эмин дейди.Уа-а, эмчинин дармек издери ошо...

Узун-Сакал эмчи сакалын ушалап токтоло калат:

«Уа, Теңири. Мен сырды жөн кишиге эшиттирбедимби? Эмчи сырын ачса, жылан арбоосун жазады. Ашыгын айтпадымбы, Теңир».

Узун-Сакал эмчинин теги кызыктырган кишилер о кишини чочутуп албайлык дегендей тымтырс күтүшөт. «Эмчи сырын ачпас. Сырын ачкан эмчини сыйкыр бакпас. Уа, Узун-Сакал акени кебинен айнытып албайлы. Ондо о киши тегин айтпай коёр.»

Эмчи да бирер, мезгил өткөнчө үндөбөйт. Кишилер да тек жоош олтурушат. Анан алардын бир кадырманы аста сурайт:

– Эмчим, ошол аркы бабаларыңыз да эмчидир?

– Ай-э.... Айкөргөн бабадан ары Ак-Тайлак бабага дагы тогуз ата менен барып кошулады.Олорду тегиз атап, иштерин айтып олтуруштун ончо кызыгы жоктур... Байыркы ыйык эмчилер керемет жалгаган ыйык.Не олор соңгу бизге ошондой болуп көрүнөбү? Ону Теңир өзү тектеп турар. Эмчи иши жараатка жан себин бериш. Мен көңүлүмдү

алды безе баштады. Куурчак «жоокерлер да», чүлүк тартып, топоз башын кайырмак тургай тек зыңгырашат. «Биз өз милдетибизди укмуш өтөдүк. Эми туш келди кетсек болур» дегенсип «түмөн башы», жылкычы Шаптын «буйругун» тооткон бири жок. Калың топоз безди. Куурчак «колдон» күч тайыды… Бирок куурчак «колдун» бир жоокери душманга туткун болушун каалабаган Шап, ал өз түмөнүн башкарып кайра оорукка чыгарып кетүүнү көздөдү. Эми чачырап үркөн топозду жыйнап бир баш кылып жолго салып айдап кетиш тиринин тозогу болду бейм.

Өлсөм өлөм. Бир куурчагымды олжого калтырбаймын деп кекенген «түмөн башы» эми күнү-түнү тынымды билбеди. Мингени ак маңдай көмүрдөй кара топоз бука. Калың топоз кайда бет алса Шаптын Ак Маңдайы ошолордун артында. Шап өзү минген Ак Маңдайдын башына араң ээ. Эптеп куурчак минген топоздорду тосуп бир баш кылып эми оң жолго салдым, эми оорукка айдап кетем деп санаасы тынып калганда… О, Теңир сактаң? Элтерестин атчан жоокерлери туш-туштан камалап куурчак колдун «түмөн башчысы» жылкычы Шапты элүү кишиси менен туткундашты.

О, кызыгы көп бул дүнүйөдө кезинде нелер болбойт?

Шапты колго түшүргөн «Ак толкун» түмөнүнүн ашкан баатыр миң башысы Эсенлай жоодон тайманбас миң башы. Бул чабышта кыргыздын баатырлары менен алда нече ирет жекеме-жеке беттешип да, жыймада чабышып да эрдик көрсөтүп келатыр. Бул жолу ал өзүнүн миң колу менен кечээ түштө чабышка кирген, кечке чабышып, аттарын кара тер басып, колу суюлуп өзү калың колдун ортосунда курчалып, бирок түн ортосуна чейин тайманбай чабышты. Улам бир атты селбип минип, улам беттеген баатырды аттан түшүрө чаап, өз боюна балта тийгизбеди. Тийсе да андан анчалык жабыр тарткан жок. Түн ортосу ооп, Ай батып караңгылык каптаган кезде курчоодон чыгып калган колу менен кутулуп кеткен. Алар өңүт таап өзүбүз чырым





Шап бөрүчө эң аянычтуу уңшуп-кыңшылап койду да… камчысын Эсенлайдын атынын тумшугун көздөй сундурду:

– Ано, ано деймин. Өз пириңдин өлүмүн көрүп алың. Пириңди көрө албаганың сыйкырыңдын качканы. О мен пиримди көрүп турмун. Баса, дейм да. Менин пирим кыраанча шаңшыды ыйык…

Шап мөрөйү үстөм болгон бүркүтчө чарылдап шаңшып алды.

Эсенлайдын сезими дүр, этти: «Бу өзү жин, жин болбосо көзү ачык жан. Муну өз жолу менен кетсин деңг»…

Туугандарга Шап шаңшып, Шап каңшылап жаткандай угулбады. Кандайдыр бир көзгө көрүнбөгөн бөрү уңшуп-кыңшылап жаткандай сезилди.

Эсенлай тобу аң-таң.

– Укмуш бу, киши уулу иштебес укмуш… Кыңшылаш. Бу чын жин. Бөрү жан талашып жаткандай жан кейите, аянычтуу уңшуду. Бүркүт табына, күчүнө киргендей чарылдап бийик шаңшыды.

«Ой-э, бу киши уулу эмес»…

Шап калпагын ала койду. Каткырып кубанып айтты:

– Ано, ано! Көргүлө, көргүлө!? Силердин пириңерди менин пирим жарып салды! Ол бале-е ай. Кыраан ай. Болот текөөр ыйык…

Бүркүт шаңшыды. Жаны чыгып бараткандай бөрү уңшушу ушунча аянычтуу болду дейсиң, угуп тургандардын көзүнө чынында эле карды эшилип кыңылдаган бөрүгө окшогон бир сөлөкөт жаткандай боло түштү…

Шап ого бетер каткырды, кубанды:

– Ано, ано! Анча-мунча араңда ак кишиң болсо, колдоочуңдун арам өлүмүн көрүп каларсың… Ано, курган көк жал кардын эшилтип жатып калбадыбы. Ал менин пирим кара барчын, жаныбар кыраандын кубанганы, шаңшыганы ай!

Шап ээрден көтөрүлө берди. Мөрөйү үстөм кишиче аябай кубанып ортонун көрсөттү:





теке жаргак шым. Бутунда кончу тизени каптаган кара кийиз өтүк. Ал кийиз өтүктөй эпсиз калың оор эмес, жука, жеңил, жылуу. Соңку айкашта Эр-Киши кызыл ашыктан жарадар болгон. Ал айкашта алп кылычы кескен оор жараат эмес, «анткору» жараат. Тек тирешкен баатырларга ыраазы. «Уа, уландарым кайсы чабышта жалтанчу элең? Сок, Бозуул. Өз салмагыңды өзүң сезбең. Салмагыңды айбалтага жибериң – деп Эр-Киши тиги көк жалдарга ыраазы болуп, Чоң күрөңдү темине бергенинде… кызыл ашыгы сыздай түштү. «Күрс!» айбалта согулса, камырабас Эр-Киши «ие» деп эңкейе калып, канаттуу дүмү дирилдеп турган жебени көрдү. Кандайдыр бир жолбун жебе жол таап кызыл ашыкты коргогон соотабын жиктеп бут кийимин тешип этине жеткен бейм? Кызыл ашыгы сыздай түштү:

– Уа-а, тикен… Сен кайдан? – Эр-Киши эңкейип жебени сууруп алды. Жебенин учундагы көкмелтир болотту дат каймагы басып калган экен. Кантсе да суугa тийип саадак капта бир аз жүрүп калган го? Таң. Ошол дат баскан болот кан болуп чыкты.

– Э, көзгө атар мергендин жебеси…– деп Эр-Киши күлүп койду, жебени өз саадагына салып жүрүп кетти. Айкашта жебе учу чырпыган болумсуз жараат тургай айбалта тийген башты таңып, кайра чабышка кеткен эрен азбы? Сынган бутту шакшак коюп таңдыра салып, чабышка кайра кирген эрен азбы? Эр өзү өлдүм дебесе, ажалы ону калтырбайды. Коркок киши өлүр. Кайратман эрдин жаны сегиз – деген ишеним Эр-Киши тургай тек катардакы жай жоокерди мындай айкашка кайраттантып, шердентип жиберет. Анча-мунча жараатты эч бири тоотпойт да.

А жолу Эр-Киши кызыл ашыгын сыздаткан жараатты тек унутуп салган. Айкаш сээлдеди. Чабышкан эки кол эки ажырады. Качан оорукка кайтып келатканда Эр-Киши бутунун салмактанганын сезди. Аттан түшкөндө атайы жараатын зилин текшерип ошол жарадар бутуна салмагын салып басты. Оң буту кызыл ашыгы эмес, жоон сан-





«Айа, Акберген ыйык жалгаң. Эм атасы «Куну» түшпөс кесел жоктур»…

Эмчинин минтип ойлонушу, тигил шаштысы кетип турган кишиге тек башкача сыйкыры, колдоочусу менен кеңешип жаткандай болуп сезилет. «Уа, артык кеп айтып ыйыкты чоочутуп албайын. Колдоочусу – Керемет, эм ээси– Умай эне менен акылдашып жатыр» – деп чакырып келген киши, эмчи өзү үндөгөнчө ага жалдырай карап тим олтурат.

«Уа-а…– дейт эмчи өзүнө-өзү, – алп иши айбалта согуш. Эмчи иши жаратка дармек жагыш»! Анан ал тигил өзүн чакырып келген кишиге айтат: – Аттандык. Теңир өмүр берсе, ол киши айыгар. Баралык. Эм жагып көрөлүк.

Эр-Кишинин жети атасынан бери темирчи болсо, бу Узун-Сакал эмчинин канча атасынан бери эмчи экенин өзү да айталбайт. Тек эң байыртан бери биздин түпкү баба – Ак-Тайлак кереметтен бери биздин бабалар эмчи болуп өтүптүр, – дешет.

– Уа. Ол Ак-Тайлак керемет акеден бери канча ата өткөн экен? – деп сураганга, эмчи – сулуу ак манжаларын жаза, узун сакалын сылай жай сүйлөп түюндурат:

– О-оо, ол заман кай заман. Улуу кырда бүрүүл тартып көз учунда калган карагай учундай, көрөм деген көзгө көрүнбөс болуп кеткен эң байыркы түш. Өз атам – Ак-Көз эмчи. Онтип айтканы атамдын бир көзү ак чекир эди, жарыктык. Чоң атам– Ак-Жол эмчи. Онтип айтканы. о киши эмдегенде сакайбаган оору аз экен.Кайда барса да, кимди кандай жарааттан, кеселден эмдесе да, ол айыгаар эди дешет. Аргы атам– Түмөн эмчи. Ол киши малдуу болуптур. «Он миң коюмду алың, Теңир. Дармегимди жакканда эмин түшүрүң», – деп Күн чыгарда сыйынчу эди дешеди. Төртүнчү бабабыз – Ак-Кулжа. Эмдээр кишиси түшүндө ак кулжа көрүнбөсө, эмим кайып болур. Теңир жол ачпады деп о киши зар кагычу эди дешеди. Бешинчи бабабыз – Терек

уктап, аттарыбызды от алдырып алалы деп келатышып… карп-курпунан Шапты колго түшүрүштү.

Башына шоңшогой кара калпак, үстүнө кийиз чопкут кийген, мойну куркуйган Шап деле бир көргөн кишиге соо эместей көрүнчү. Чабыш эмес, жай кезде ушинтип кездешсе, Шапка Эсенлай баш болуп бардыгы күлмөк:

«Эа, сен кишисиңби, кимсиң? Же кубулуп келген жинсиңби?» – дешмек. Чабышта чарчап, ары тыным албай арып, сабылып, кыжырланып келатышкан жоо кишилери Шаптын сырт кешпирин көрүп ого бетер кыжырланышты. Ага кошумча, Шабың кургур тек бир бечара киши эптеп кол ээрчип жүргөн кара башылмын деп, өз изин жашыруунун ордуна Эсенлай миң башыга тике карады:

– Э, Эсенлай! Сен миң башы экенсиң. Мен түмөн башымын!» – деди түз эле Шап, – Сен мени тескей албайсың. Мен Элтерес шериңе жооп айтам. Самсыган коркок кол башчы менин маңдайыма турбасын?!

Шаптын бар кордугунан ушул кеби Эсенлайдын кыжырын кайнатты!» Ал ошол замат кылычын таптай кармады:

– Ва, кордук?! Куркуйган шордуунун башын теңинен бөлөйүнчү?!

Шап жарпы жазылган кишиче каткыра күлдү:

– Уа, баса?! Ким шордуу? Менби, өң темир соот кийип, өң мүйүздүү дулдул минип өлбөс түмөн баштаган Элтерес шердин колун качырган? Же сенби, шоордуу? Түнү менен чырым албай безип келаткан?! Уа, теңден башты бөлүшмөйдөн болсо, коркогум чыкың! Асыл баштарды алмадай жара чабышмайдан болсун!

Каржайган арык Шаптын бул айтканы канча ачуу болсо да күлкүлүү болуп угулду. «Э, бу бир тили курч, өзү бечара жан багар экен. Баатыр башым менен ушул бакыр менен айтышканым кандай» – деп токтоло калды Эсенлай. Эсенлайдын оюн угуп турган кишиче Шап күчөп какшыктады:





– Уа, коркок алп. Жалтанасың, өзүмдөн. Мен саа кылыч уруп кыйналбайм да. Өргө карап шаңшысам, зымырык келээр Көктөн. Жонго карап уңшусам көк жал түшөөр жондон. Анан ал экөө жеке сени эмес, ушул турган баарыңды бир заматта кайсап салыр.

Эсенлай кекетти:

– Эйе. Сенин ошондой сыйкырың да барбы?!

– Баса, эйе? Анан мени ким дедиң а? Кечээ Элтерес колун селдей каптаган калың «кол» да менин сыйкырым болучу. Азыр, а десем, алдагы атың басып турган жер жарылып баарың жер жарыгына түшөсүң. О, киши уулу киши уулуна анча жамандык кылыш жаман. Мен сени аяймын.

– Э, сыйкырчым – деди Эсенлай кыжырланбай. – Кана, көрсөтүң, күчүңдү?

– Коркпойсуңбу, алп?

Эсенлай ооз ачып кеп айткыча, Шап бүркүтчө шаңшып-шаңшып алды да бөрүчө уңшуп жиберди. Шаптын көз көрүнөө туруп бүркүт менен бөрүгө укмуштай окшогонуна тигилер чыны менен таңдана караштЫ. «Ай э, бу киши уулу эмес. Киши кейпин кийген жин», – дешип жоокерлеринин кай бирлери чочуп кетишти.

– Айе, бу тегин жан эмес…

– Кийими да, өзү да кандай?

– Кешпирин. Бирде кушка, бирде мадылга окшойбу…

Баарынан кары жүз башы сестейди: «Кара жин жээни ушундай арык, кичик, узун моюн болур дешчү эди…»

Шап таптакыр өзгөрүлө түштү. Ал күлбөдү. Кейибеди, өкүнбөдү. Тек кандайдыр бир эң коркунучтуу окуяны көзү көрүп турган кишиче өтө ишеним менен айтты:

– Ано. көрдүңбү, Эсенлай миң башы! Ано, ано! Ортону карaң. Баарың караң! Ано-о! Кара барчын кейпинде менин пирим көк жал кейпиндеги сенин пириңди алдында чеңгелдеп жатыр? Көр, көрүп ал, делбээ, мактанчаак алп. Ано, көк жал пириңдин алы куруп уңшуп ыйлап жатыр…





дан ылдый сыздап көзүнө от чагыла түшкөн. «Э… жолбун жебе мерт кылаар ою бар беди? Алп албаган дөөнү машанын тумшугу жыкты… деген ушубу? Мени ушу чырпынды жыгабы, Теңир»…

Дагы басты. Жарадар бутуна салмагын салды:

–Ай-э… сыздайды…

Чынында оорусуна киши чыдагыс болучу. Тек алптыгы, тек Эр-Кишилиги, кол башчылыгы аны кайраттантып аны ардантты. «Ушу анткор жарааттан жыгыламбы? Уа, Көк теңири элим алдында күлкү кылбаң, жоо алдында табаа кылбаң мени. Айгышкан айкашта Элтерес алпты өзү эмес, айдыңы жыккан Эр-Киши тикенектеп жыгылды дебесин, өз-жат, Теңир. Алп эдим. Маа алп өлүмүн бериң? Айкашта, миң душмандын ортосунда күн-түн чабышып, көбүн кыйратып өзүм канга жошулуп өлөйүн. Уа, ондон ажалым болбосо, ат карыткан жортуулда жети күн уйкудан калып, сегизинчи түнү таш жазданып «кор» уйкуда жатканымда мени арстан бассын. Ондон ажалым болбосо, капчыгайда барatканымда тоо урап бассын… Асты ушу тикенек чырпыган анткор жарааттан сак калтырың, мени Теңир.»

Чынында Эр-Кишинин жарааты «анткор чырпынды» эмес зилдей баштаган коркунучтуу жарат. Кызыл ашык шишип, от-жалын болуп ысып ырбаган жарааттын зили уктуруп, ырбоосу жоон санына таяп, жан чыдатпас оорусу улам күч алды. Демейде ушундай ооруса балким, Эр-Киши төшөк тартып эмденмек. Чабыш кезинде кол башчы мөгдөсө калың кол сыздаар. Ошондуктан өзүнүн жарадар болуп забыркаганын жоо тургай өз билбесин деди Эр-Киши. Тек тыныккан кезде кошуундагы эмчини алдырып жараатты эмдетти. Эмчи узун сакалын учкай бурап, аны кемерине бастырып коюп, (антпесе, опсуз узун жээрде сакалынын учу эңкейсе жерге тийип, иштесе колуна чатышып, ишке аралжы. Демейде жайына койбосо, иште, эмчи сакалын ушинтип кемерге кыстарат.) Сакалы кемерге кыстарылган соң, эмчи» Эр-Кишинин жараатын көрдү. Кончу





сайма нөкөрү өтүк чечилээр эмес, жаланган учтуу шап менен кончу тилип жиберди эмчи.

Анан бут кийими менен бирге көөлгүп, бирге катkан канды жууду. Ырбоону токтотчу, шишикти басчу эмди колдонду. Узун-Сакал эмчи чынында колу жеңил, эми тез түшкөн өз кезиндеги укмуш дарыгер. Ал тынч кезде бүт убактысын ушундай кезде жаратка эм болоор эчен уруу тамырларды, гүлдөрдү, өсүмдүктөрдү издейт. Кайсы тамырды жылдын кайсы маалында үзсө, анын эм болоорун, кайсы гүлдү түн, күндүн кайсы маалында үзсө, анын эм болоорун; жеке үзүү маалы эмес, кайсы тамырга кайсы чөптүн гүлүн, не өзөгүн, не жалбырагын кошуп кайнатаарды, не кайнатпастан эле алардын ээмесин ачытып басаарды, не ошол миң уруу чөптүн, тамырдын, гүлдүн ширесинен жасалчу дармектердин кайсылары кургак күлмайда болуп жараатка себилээри, ичилээри; кайсылары тек сырттан жагылаары бул Узун-Сакал эмчиге бүтүндөй жат. Кызык уйкуда жаткан кезинде ойготуп: «Эмчи аке. Палан баатырдын жарааты кабылдап чыдабай жатыр»– десең, ал: «О эмнеден болгон жараат эди? Канча күн өттү? Шишиги кандай? Ысыгы барбы? Аш-тамакка дити чабабы?» деп сурап алып, жарааттын оор-жеңилин сезет. Жараат жеңилин сезсе: «О уулу, чочубаң. «Кырманы» ичирип, «Жан бастыны» сыйпап зилдетпей койсок, ары жетсе үч күндө эм түшөдү. Атты тартың. Бараар жол жакынбы?»– дейт.

Жараат айыкпас болуп зилдеп кеткенин билсе, анда Узун-Сакал эмчи далайга сакалынын учун ушалап жер тиктеп үнсүз олтурат. Өз ичинен алда кимдер менен кеңешип жаткансыйт. Чынында ал эчким менен деле кеңешпейт. Тек: «Уа, бечара. Онун жарааты оор экен да. Менин дармектерим эми түшсө, ийги. Ооодо көк зоого чыккан жалгыз гүлдү таңдын эре-сересинде үзбөй калдым эди. Уа, ак тамырды бир аз кечиктирип каздым эди… Уа, олордун күчү кайтпады бекен?» деп өз ичинен ал оорулууга кайсы дармекти берип, кандай таңып, кандай тамак ичирип эмдээрин ойлонот.

Ажо энтигип араң айткан:

– …Бу айтканым мойнуңарга аманат…

Эң акыркы демин араң «уф» эттирип, Адылтай ажо үзүлүп кеткен. Шумкар болгон ажонун сөөгүн өзү айткандай этип кымыз менен жуудуруп, кылыч менен кырдырып… аманат сакташка араң үлгүрүшүп кыргыз кошууну а жолу жортуулга аттанды…

Калың түмөн беттешкен айкашта да, аламан чабышта да Эр-Кишинин көңүлүндө ыйык сакталганы – «Талоончу болбоң, Чогултурум!» – деп айкөл айткан сөз. Ажо айткандай Элтерес мизи кетилген болоттой өксүп тийди. Өксүгөн соң ал Эр-Кишиге тизе бүктү… Чабышта көк асаба, ак асабадан бийик көтөрүлдү. Эр-Киши кошууну Үч-Суу журтун талоондобой айкөлдүк этхени даңаза болду да тек кыргыз журту башкаларга айдыңдуу, барктуу, күчтүү болуп көрүндү. Чынында бул журттун эң күчтүү болуп турган кырдаалдарынын бири да ушул кез.

Дал ушул күчтүү болуп турганында төрт тарапка ажо ата шумкар болду деп кабар жеткиришти. Алыс-жуугу, өз-жааты болуп туш тараптагы будуңдарга аттанган чабаганчы – туура токсон тогуз болду.

Акыркы тукумдан, куда-сөөктөн, акимдер, кан-бектер келгиче көп күн өтөт деп, ажо сөөгүн аманат калтырган эдик. О бабанын бизден айрылганына көп күн болуп калды деп калайыкка билдиришти. Учур талап эткен өлүк салты эң бийик ырым-жөрөлгөдө өттү.

Ажо сөөгү, өрттөлбөдү. Жерге житирилди.

Билги ажосунан айрылган журтка ат коюш, чабыш башташты башка күчтүү журттун эч бири самаган жок. Антишке алар аябай сактанышты. Ажосу көз жумган менен кыргыздын кыйыры бек. Алп, билги або, бектери, эр кол башчылар бар.

Адылтай ажо сөөгү жерге житирилгенден кийин көп узабай Умай эне көз жумду… Умай эненин сөөгү да алтымыш тогуз жыл өмүр сүрүшкөн ажосунун жанына жити-





Эми түштү – дармеги жакты. Эр-Киши сакайды. О, ошентсе да күлгүндөй таптаза болуп кете албады. Ушу жарадар болгон оң аягынын күчү кайтып, кызыл ашыгы чор тартып, сылтып басып калды. Сылтыган менен Эр-Киши азыр оору запкысын чекпейт. Тек ушинтип, баатырдык салтын таштабай айбалта таянып, тек тынч кездин жай күндөрүн баштан кечирип муңсуз…

Алпты муңсуз деп айтышка да болбос…

Тек кулкун тоюндурушту самап жоого аттанган кол башчыга олжого тунуп кайтыш чоң той. Эр-Киши кыйырды бекиткен, жер-сууну күзөткөн кол башчы. Ал бүгүнкү жеңишинин кээси эртең эмнеге такаар экен деп, көп ойлонгон билги. Билги болгондо да, көп ойлоп, көп салмактап, акаранын тизгиндеш, ач-токтун энчилеш экенин, ыйкүлкүнүн аралаш экенин эстен чыгарбаган санаачыл алп.

Далайдан бери үйдө олтуруп тумсак тартып калган алп, айбалта таянып азыр ушул жоноюлга басып чыккандагы максаты, тек эки жакка көз салып, сергип олтуруу эмес. Ар дайым жер кезип жортуулда жүрүүчү жаны далайдан бери үй күчүк болуп калганга бир чети зерикти. Негизгиси: «Күн көзүн карап, аяк-быякка дил багып көз талдыра бу жарык дүнүйөнүн тамырын тартуу…

«Уа-а, эсил дүнүйө, эсил дүнүйө. Сенин жарыгыңа кумармын. Караңгыңан коркомун, – деди Эр-Киши азыр ушул жоноюлда олтуруп те учу-кыйрына көз жеткис мейкиндикке, тээ укмуштанган Улуу Тоо чокулары, тээ көмкөрүлгөн көк жээкке көз талдыра. – Уа-а, кең дүнүйө. Сен ушундай кең, мээрман боло туруп, кыжырланганыңда мендей курган кишинин бир кончуна эки аягын батыра саласың, э. Уа-а… сенин ушу кең койнуң баарыбызды тоюндураар Ата-Журт. Оттогонго оту-чөбүң, көгүң, суусунуң мол. Тиштегенге кызылы аккан[1] түгөнбөс шордуу жаныбарлар да жайнап жүр. О, эми ошо азуулуу кургур өзүнчө мазак. – Эр-Киши күлгөн

[1] *Тиштегенге кызылы аккан* – азуулууга жем кайберен деген мааниде.





тыры Чогултурдун бутуна жыгылыптыр: «Отуз жолу чоң чабуулда болгомун. Асман уулуна кайша айткан эчен алпты жерге бергем. Мен сендей шерди көрбөгөнмүн… Баатыр башын баатыр алса, даңаза! Өз колуң менен чаап сал, мени» деп ол баатыр жүз башынын кылычына башын тосуптур.

– Сунган моюнду кылыч кеспейди! Колго түшкөн баатырдын башын чабыш канкордук. Башыңды көтөр! – дептир ол жүз башы.

Уа-а, айкөл деп, калайык ол жүз башыны көк кийизге көтөрүптүр. Бир жарк этип жанып учкан чырпындыдай азыр Эр-Кишинин көз алдынан ошол күн тартылып өттү.

– Ай-а! – деп алды ал унчуга.– Калайыктын ол мактоосун өтөдүмбү, Теңири? Жокпу? Ону өзүң текшең. Кишиге жакшылык эттим. Өзүм залалын көрдүм… Жортуул-жортуул да. Айкашта алптар төш тирешип достошпойду го. Көк сууруп, кызыл төгүшөдү. Айбалта көтөрүп, баш жарышады. Күчсүзү күчтүүгө кул. Ол жеке өзү эмес, онун ага-туугаы, атпай будуну муң жутыр…

Онтпесе, чабыш болобу?

Ар мезгилде өзү баштап катышкан чоң айкаштардын катуу кагылыштары Эр-Кишинин көз алдынан чубурду. Эчен албан чоң айкаш, чоң чабуул…

Талоон, кыргын…

Ошондой бир чоң чабуулда жоо тараптын айылы чабылды: катуудан казан кыйрады. Жумшактан күл сапырылды. Аруу, назик кыз-келин ат соорусуна салынды. Ата, эне сыктады. Жалбарышты. Жалпынышты. Жан соогалашты. Анан… олор, ыйык Көккө алакан жаа бардык каарын, ачуусун, мунун чыгарып: жоону каргашты…

«Уа-а. Жоо аяган жаралуу да. Иштээр башка арга бар беди бизде. Ол жолу жоону биз антип чаппасак, эртеси бизди онон жаман кансыратмак. Онон жаман сыздатмак, таламак эди».

Эр-Киши ушул оюу менен өзүн-өзү алаксытты. Өзүнүн иштеген канкордугун, эрдик-зулумдугун эстеп Теңирге актанды…





Азыр жанында киши болсо, ага угуза айтмак:

– Киши уулун кагышың деп жараткан тура Теңири… Биз дагы көп жолку айкашта башканы аябадык… Ону Теңир өзү биледи. Өзү кечиреди, – деп актанмак.

Антип актанышка азыр Эр-Кишинин жанында бир жан жок. Жада калса тээ кыр ылдый жарыша учуп келген эки көгүчкөн обочого конушту. «Локуюп киши уулу олтур. Киши уулу болгондо да далай жолу кылычы баш кескен кол башчы. Биз ого жакындабайлы. Сен экөөбүздүн жазыксыз канаттуу экенибизди ол локуйган зор киши билбес. Сен экөөбүз уядан бир учкан түгөйбүз. О киши ошо түгөйлүктү жектеп айбалта кезээр. Бери кон, жаркыным. Бери. Бу обочодогу бадалга катылалык» – дегенсиштиби, көгүчкөндөр чоң түп сары чычырканакка житишти.

«Уа, – деп алды Эр-Киши, – жан-жаныбардын жалпысы киши уулунан обочодо болор…»

Анан ошол жолку катуу кыргында ээн конуштан көргөн бир элес көз алдына тартылды:

Жанында беш-он жоокери бар Эр-Киши ээн конушту аралап келаткан. «О» деген добуш жок. Теребел муңдуу. сүрдүү, коркунучтуу аянычтуу болучу.

Мындайда киши деген эмнеси болсо да бир жандык көргүсү келет экен. Деги мейли, киши болбосо, болбосун. Аксак улак не жетим козу көрүнсө… О, жо-ок. Улак-козу кайдан калсын?! Тек канатына жебе тийген бир карга көрүнсө… О, жо-о-ок. Мындай сыйпалган чабыштан кийин андай карга кайдан калсын бу сыйпала чабылган конушта… Тек бир, жер астынан тумшугун чыгарган келемиш көрүнсө не?! О, киши уулу. Киши уулу. Сен өзүңдүн зулумдугуңду, таш боордугуңду, талоончулугуңду ушул конушту көргөндөн кийин сезээр бекенсиң?! Муну мынча сыйпалатып чапкан канкор, олжо көксөгөн кол башчы болсочу… Муну мынча сыйпалткан калайыктан бата алган – Эр-Киши. Айкөл алп. О, ал онун айкөлдүгү ошончо. Башка адилетсиз

болду.– Мазак болгондо кандай? Жаныбардын зору – пилиң чычкандан качар. Сойлогондун уулуусу – жыланын кумурскадан качар. Арстаның узун тумшук чиркейден качар... Уа, акылман, айлакер, күчтүү киши өзүнөн качар. Түн каракчы болуп каптай келген жоо колу олжо самыр. Уа-а, мен өмүрүмдө кишинин өзүнөн ашкан зомбучулду көрбөдүм. «Кишиден ашкан зомбучул өзү да жоктур»...

Эр-Киши тээ алыста-алыста Күнгө чагылыша жалтыраган муз чокуга телмире карады. Алптын курч көздөрү дале анча күчтөн тайбаган. Өмүр бою жер кезип, жортуулда кыйырда алыс-жуукту аңтара түлкүчө жыттай карап, кыраанча тирмие тиктеп, жер тыңшаарча тыңшай карап, сезип карап, теребел-чөйрөдө эминелер болуп жатканын баамдап дасыгып, жедеп бышыгып көрөгөчтүк да, сезгичтик да, уганаактык да жедеп өзүнө кесип болуп калган кары жоокер, азыр ошол өз кесибин улантып олтурат.

Тээ көз учунда чагылышкан муз чокуну карай олтуруп, мунарыктан берки орто арада кандайдыр бир сургулт булуттун «чуудасы» созулуп келип, анын учу тиги ит ичпес көлдүн булуңуна салаңдап түшкөнүнөн улам: – «Теңир сактаң. Жакында бороон-чапкын болбосо ийги?» – деди оюнун арасында көңүлүн ошо сургулт булуттун мүнөзүнө бөлүп. Бул да узак өмүрдө жаратылыштан алган таалими болучу. Булуттун көчүшүнөн, канаттуунун учушунан, кайберендердин жайыт которушунан, боору жылма жылан, кескелдирик, курт, кумурска, бөйөн-чаяндардын мүнөздөрүнүн өзгөргөнүнөн улам бул дүнүйөдө кандай жаңы кубулуш болоорун кишилер мурунтадан эле баамдай келишпедиби.

Эр-Киши да ошол баамдан куру эмес. Ал мурункулардын белгилерин угуп-билүү менен өзүнүн да байкаган баамы, белгилери бар. Айрыкча түндө кыйырда жүргөндө жылдыздардын тоголушунан улам, батып-чыгышынан, өңү-түсүнөн улам, жел-кушунун жүрүшүнөн улам көп белгилерге өзү да кадик. Анан калса, Үркөр, Үч аркар, Жетиген, Алтын казык, Кошоктоолу кош музоо, Акбоз ат, Көкбоз





Кечээ кеткен жоокер кабар жеткирип, эки миң кол эртеси Күн чачырай баштаганда шаңданып жээктен көрүндү. Ошондо табгач колу жалтанып кайра качты. Келаткан колду көргөндө Чогултур эрээркедиби? Ал ат жалына таянды.. Бирок ооз чайып суусун ууртап алган соң кайра күч алды...

Ал жолу табгач колу кутулбады. Кыргындан калганы колго түштү.

Ушундан кийин айлананын колдоочусу – Акберген ыйык, актын колдоочусу – Кутберген ыйык, эрдиктин колдоочусу – Шер аке ыйык, сапардын колдоочусу – Жол-аке ыйык жылоологон шер уул бар тура бизде. Ол Адылтайдын жүз башысы – Чогултур тура! «Чогултур» деп ат бер. Сенин уулуң, Эр-Киши болодур! Теңир атасынын оозуна сала берген тура! Чогултур аты Эр-Кишиге өтсүн!

Чогултурду алптык жышаана көк кийизге салып көтөргөн эрендер калың журтту үч айланды:

– Көк теңири буюрган ат. Эр-Киши! Эр-Киши!

Калайык чуулдап турушту:

– Көк теңири буюрган ат.

– Эр-Киши!

– Эр-Киши!

– Эр-Киши!

Журттан-журтка, элден-элге, ооздон-оозго уламыш тарады:

– Кыргыздын бир жоокери табгачтын миң колу менен чабышыптыр! Башы жарылыптыр. Чаап баратып башын таңып... кайра чабышыптыр! Буту сыныптыр... чаап баратып сынган бутун таңып алып кайра чабышыптыр! Уйкусу келген экен. Чаап баратып чырым алып... кайра чабышыптыр... Суусаган экен. Чаап баратып, өз шилекейин өзү кымыз кылып жутуптур... Кайра чабышыптыр...

Табгач колун ол жүз башы баш ийдириптир. Колго түшкөн табгач баатыры: «Биз менен күнү-түнү салышкан жүз башыны көрөм» дептир. Шыңгактай Чогултур: «Сени менен беттешкен мен эдим» – деп өзүн тааныткандa... табгач баа-





алпка каршы өз жанын курман этир... О, онун айкөлдүгү курусун?!

А өзүчү. Өзү көк конушту ушунча сыйпалтты...

«Уа, муну Теңир өзү буюрду. Минтпеске болбос эди. Көк теңири өзү кечирир» деп келатты, ал жолу Эр-Киши. Ал анда көк конуштун ушунча сыйпалганына, бир жандуу калбаганына катуу өкүндү. Ал тургай сестенди, чочуду, коркту. «Уа, Көк теңири ушу кырылгандардын убалын тарттырбаң?» – деди. Бир жандууну ушул сыйпалган конуштан көрсөм деп көксөдү.

Далайга ал жандуу көрүнгөн жок.

Алар ошол конуштарды аралап, эми тигил өзөнгө өтөбүз деген кезде... кандайдыр бир кыңылдак эшитилди.

Эр-Киши тизгин жыйнап токтой калды. Кулак түрдү. Туш-тушка карады.

Туура жакта карарган нерсе жатыр. Кыңылдак ошондон чыкты, Көрсө, ал карарган нерсе, чала күйгөн эски чом экен. Ошол чала күйүк чомдун астынан түйтөйгөн күчүк башын чыгарды. Ой-э, мындайда киши уулу ушунча коркунучтуу болуп калса керек? Күчүк башын чыгарды да кайра катылды...

Эр-Киши күчүктү чакырды:

– Күйт, күйт. Ме, ме?

Күчүк көрүнбөй катылып кыңылдады.

Эр-Киши бир аз бастыра түштү.

Күчүк чом астынан чыкты да аларды бир азга ээрчиди.

Эр-Киши токтоду. Күчүк да токтой калды.

Эр-Киши жан баштыгынан курут алды да, күчүккө көрсөтүп таштай салды:

– Күйт, күйт?

Күчүк келбеди.

Эр-Киши бастыра түштү. Күчүк аларды бир азга ээрчиди. Курут жаткан жерге келди. Ал абдан ачка экен айгине. Ал бир жандуу көрбөй аябай жалгызсырап, коркуп калганы айгине.





Эр-Киши келаткандарды тике карабады. Тек коңкоюп, локуюп бет алды карай олтуруп тигилерди көз кыйыгында байкады:

«Суусун алып келатыр, жаркын. Келсин, келсин. Зайып сунган ор суусуну өлөр жанды тирилтир»...

Сайкалдын өкчөсүндөгү жылаажын «дың-дуңу» эшитилди. Умай эне шумкар болгондон бери энелик ыйык ишенимди бир өзү алып калган Сайкал эне өкчөсүнө алтын жылаажын коюлган көк нөкөрү өтүк кийди. Умай эне барда Сайкал бул энелик аземди күтүнүүдөн өтүнө албаган. Антишке жол да жок. Сайкал-айым болсо да ажо тукумундагы экинчи айым. Анын алдында Адылтай байбичеси – Умай эне бар болучу. Журт энеси – Умай, Сайкалга да эне. Ыйык эненин катарына өтүшкө Сайкалга андан эрте. эрте тургай салт жол берген эмес... Эми журт атасы – Адылтай ажо да, журт энеси – Умай эне да о дүнүйөдө. Адылтай ажо болсо, баягы Үч-Суу журту менен болгон чабыш алдында эле, баягы баба жырымын, калтыргандан кийин көп узабай шумкар болду. Адылтай ажо жан берээр алдында агарып созулуп жатып керээз айтты:

– Журт кыйыры кычырап тур... Ажонун шумкар болгонун эшиткен жоонун чырагына май тамыыр... Кошуун баштап Элтерес алп кыйырды басып калбасын... Салт бузар алп ондойдон качпас. Мен шумкар болормун...Кымыз менен жуудуруңдар. Кылыч менен кырдырыңдар... Чарайна менен чаптатып... сөөгүмдү аманат калтырыңдар! Асты, мени шумкар болуп билги апыт-оболорумдан, алп-бектеримден, Умайымдан, эл-журтумдан бөлүнгөнүмдү бир жан билбесин. Мен ак ордодо акыл терботип, силерге арка болуп турган ажоңор болуп... О, Чогултурум, сен түмөндөрүңдү баштап, кыйырдагы жоону сүрүң. Жоону айкашта бассаң, асты табар олжолоп, уулду кулдабаң. Кызды күңдөбөң! Өзүңдүн актык ишиң үчүн жортуул ачың. Жоону өзүңө тартың. Акыры жакшылык арты– жакшылык...

басаң, ол чакта будуң – таптакыр күлкү болур. Таптакыр дымы чыкпай тыйпыл кырылбаса ийги. Күч – бир алпты, он алпты жыгар, О акыл элирсе, онун элиришин токтотор эч арга табылбас. Жакшылык чырак жандырар. Жамандыгы түн түшүрүр. О, онун бети ары. Теңир сактасын»…

Ушул кезде тууразан каңырт чыкты. Эртеден бери Эр-Кишинин кашына жан басып келбеген. Тигил бул айылдын кишилери, локуя басып жоноюлга чыккан Эр-Кишини жайына коюшту.

Алптын күнү! Эр-аке, дүнүйөгө көз чаптырып отуру.

Ай-э, айкаш ада болду. Ажо шумкар болду… Кыйырда козголоң жок. Алп да карыды… Эми алп тек жай олтуруп, ойлоноор чак. Эркинче ойлонуп алсын, алп!

Айылдагы кишилер ушундай дешти. Эр-Кишинин– көңүлүн бөлүп, аны оюнан алаксытып жанына барышка бири дааган эмес. Эр-Кишинин эртеден бери козголбой олтурганын көз жаздымында калтырбаган Сайкал эне бая нөкөргө казан астырды. Кысыр эмди кулундун этин «борк» эттирип, эки кол чаначка кымыз куюлду. Кочкул тартып сонун ышталган чаначтар аппак каймалга арта салынды. Жоокерге каймалды жетелетип, Сайкал эне эми гана Эр-Кишини көздөй келатыр. Сайкал эненин кийгени – көгүлүр, тек жээгиндеги кундуздары, өңүрүнө чөгөрүлгөн күмүш оймолор, алтын суулар гана бири коңур, бири ак, бири сары болуп түр ачып турат. Башында байбичелер кийүүчү элечек эмес айымдар кийүүчү тастар. Ал анча экиленбейт. Маржан таш, каухар, шуру, бермет, асыл таштар менен анча коозолгон эмес. Кары зайыпты жашарта көрсөтүп, бирок ошол карылык өң-түскө жараша калып, анча чоң не анча кичине эмес эң кептүү жарашыктуу тастары Сайкал энени жашартып да, айдыңдуу, сөөлөттүү да кылып, бүт аяк-башындагы айым кийими Сайкал эненин келбетин, көркүн ачыптыр.

«Уа, жаркын асыл, – деди Эр-Киши Сайкалды көргөндө. – Ушундай асыл зат, ыйык эне болгон Умайы бар будуң кемибес Теңирим.





ат, Жетим кыз, Таңкы чолпон, Кечки сары жылдыз, Ак жылдыз, Көк жылдыз, Талмыз кыздын жылдызы, Умай энге жылдызы, Ууз алптын жылдызы… коюңуз… Замандар бою эсепчилер белги туткан, жортуулчулар белги туткан – нак эсепке түшкөн жылдыздардан тарта учу уланып мурунку өткөн алптардын даңкына карай, аброй атагына карай аларга арналып аталган жылдыздардын да белгибетесинен улам жыл белгиси, алптын жекеге чыгышынын ийгилиги, кол башчынын жортуулга кошуундарды атказаар күнү, кербенчинин жолго чыгаар күнү… айтор, бардык ар кандай чоң-кичик иштин башталышын ушул белгилерге жышааналаган журттун бул жышааналары да тек бир негизсиз калжырак эмес, эсепке, билгилик баамга негизделген таалим экендигин түюнган Эр-Киши өзү да ошол жышааналарды бекем тутчу…

Колду жортуулга баштап аттанууга баары кам болгондо ошондой белгилер кайчы турса, ал оңуна келгичекти жортуулду токтотуп койгон кездерине, оолугуп аттанып алып, соңунда өкүнүп, жортуулду, орто жолдон токтоткон учурлары да болгон. Мунун баары тек Көк теңирине ишенип корккондуктан эмес, тажрыйбадан келип чыккан чоң билгиликтен, сактыктан болучу. Азыр мейкинден көз айырбай олтуруп:

«Уа-а! Жарык дүнүйө! – деп Эр-Киши катуу күрсүндү.– Жарык дүнүйө. Мен алп эдим десем… Өмүр бою атта конгон сакалчан бала болуп өтүп баратыпмын, сенден дүнүйө. Өмүрүм – жортуул, жортуул, айкаш, айкаш менен алек болуп… Эй-а… тынч өткөргөн мээрман күндөрүм канча болду? Уа, олор аз. Эң, аз. Аз болгондо да ошончо аз, ол тынч өткөрүлгөн күндөрүм азыр эсимде жоктур. Баса, качан тынч күндөр баштан өттү? О, ондо мен тестиер чагымда биздин уруу ано-о Алтын-Тоону ыктай жердеген жылдары бир аз тынч болду. Ие, ол кезде жарыктык уста атам бар эди. О киши мени тындырбады. «Тур! Уйку – өлүктүкү. Иш – тириктики. Көөрүк бас, акмак. Атаңдын





лардын жакшысын улап, жаманын кайталабас болсо не, дүнүйө сонун болуп кетер эди. О, ондой болбос. Кайдан болсун. Ано Ууз бабадан берки урпак жаманды койдубу? Уа, жок. Койбоду. Коймок тургай жакшынын отун өчүрүп, жамандын ыштыгын түтөткөн ажо, алп, кан, бек, бийге санат жеткис. Бечара кара баш кишиде жазык жок. Олор чапкандын кулу. Олордо күч кайда. Аноодо жажуд-мажуддөр[1] куралып, көрүнгөндү чапкан жылдары бечара кара башыл кишилер кыргын тапты. О, ондо, бир жолку кыргында жүз миң түтүндүн үй-жайы өрттөндү. Ошо жүз миң түтүндөн жетим бала калбады. Чычкак улак кутулбады. Мурунку бабалардын терс жагын калтырыш ушубу? Жок?!

Уа-а… киши уулу, сенин терс жосунуң ушул да»…

Эр-Киши барбайган узун шадыларына чекесин коюп далайга үңүлдү:

«Уа, Көк теңири. Эр-Киши атандым. Соңку тукум өзүнө үлгү эткидей иш өтөдүмбү? Ие, мен да тек матап, көк сууруп, кызыл төгүп өттүмбү?» – Өзү Эр-Киши намын алаардагы бир окуя көз алдына тартылды,

Мындан туура кырк бир жыл мурда болгон окуя. Жүз жоокер менен эрөөлдө жүрүп, табгачтын миң аскерине кабылды. Чогултур тобу душманга беттешти. Алгачкы айкашта жоокерлердин далайы чыгым болду. Оорукка кабар айт деп бир жоокерди кетирди. Башкалар айкашта.

Аттар куштай зымырап алып учту. Чогултурдун эки колу чылбыр, тизгинден бош. «Баатырдын эки колу, коркоктун миң колу» деген лакап чын белем. Бу жолу ыгы келгенде кош колдоп чоюнбаш сокту, Чогултур. Кош колдоп кылыч көтөрдү, Чогултур. Зуу-зуу жебе учурду, Чогултур. Бир өзүнүн айбаты миң колдой көрүндү. Чогултур тобу жоо менен күн-түн кармашты. Көптү келгис жайга узатты. Өздөрү да кыргын тапты. Суусунга шилекей жутуп, жалгыз калган Чогултур жоо колуна түшпөдү.

[1] *Жажуд-мажуд* – Жужандар.





– Ие, ит баласы да. Эми курутту жээр, – деди Эр-Киши. Күчүк курутту жыттаган да жок. Кичинекей тумшугун көккө көтөрдү. Эң аянычтуу улуду. Анан ансыз да арык чатына катынган ничке куйругун ого бетер чатына катып… жанагы өзү чыккан чомду көздөй кайра жөнөдү.

Эр-Кишинин сезими дүр этти:

– Уа… биз ушунча жексур болуп калган экенбиз… О күчүктү жайына таштандар. Тиги күйүк чом онун мекени. Кеттик…– деген о жолу Эр-Киши.

Ошол алп сөөгүн жашыткан көрүнүш ар качан Эр-Кишинин көз алдында болоор эле…

Эми ушул жондо эртеден бери жанында бир киши жок, бүт өмүрүн көз алдынан өткөзүп жеке олтурган кезинде да ошол журтта калган күчүк көз алдына келди. Ана, дал ошондогудай тумшугун Көккө көтөрдү. Дал ошондогудай эң аянычтуу улуду…

О, бул улуш журтта калган күчүктүн улушу. Ал эми ошол күчүктүн кейпин кийген киши уулунун сыкташы кандай муңдуу.

«Уа-а, алп уулдар?! Бизди ушундай тынчы жок жаратыптыр да Теңир… Тынчы жок жеке эле киши уулубу? Караң, ано кумурскаларды. Эртеден кара кечке алектенип жүрүшү ушул экен да…

Жанган чыракты өчүрүш – киши өмүрүндө көк сузтуруш. Өмүр ченелүү. Ону баркташ, асыраң, сыйлаң деди, баба бизге, аманат калтырган Улуу сөзүндө… Ушу акылды, кечээ Элтерес экөөбүз эшиттикпи? Жок. Эшитпедик?! Эшитсең, экөөбүз түмөн-түмөн колду баштап айкашаар бедик. Көк суурушуп, кызыл төгүшүп кырылышаар бедик. Эчен күчтүү тукум таш баба болуп Бөкөнду жазыгында калды. Оно-о күлгүн жоокердин арзыган кызы тиги менин неберем Айжаркын эди. Эр атама жагамын, эрдигимди билгиземин деп ол, жоонун калыңына кирди. Уа, чабыш ыгын алалек жаш шумкар болуп учуп кетти, бечара. Биз чабышпасак, ол балам эбак жыгач түшүрүп келмек эди. Бизге бир түтүн ко-

кесибин алып кал. Устачылык – жети атаңдан калган ыйык кесип! Тур. Жүргүнүң! – деп таңдан тургузуп көөрүк бастыраар эди, ондо да атам жарыктык. Тестиер чактан көөрүк бастым. Барскан соктум. Көк чыңадым. Өз кылычымды өзүм соктум. Уа, о да айкаштын камы… Тынч деген күндөрү да иштеген ишибиз айкаш үчүн, жоокер үчүн болду. Кылыч ордуна көз кубантаар буюм иштесек, ону укмуш коосдошту үйрөнсөк, ону түбөлүк сынбас, жоголбос этип соңгу урпактар үчүн белек болсун деп ашыкпай, тек бардык чебердикти ошого берсек, о, анда кыргыз усталарынын чебер колу жараткан ар кыл укмуш буюмдар эндигиче тил сүйлөөр эди. Олорго жан кирээр эди. Олор баалуу мурас болур эди…»

Эсине Сары-Уул ырчынын айткандары түштү. «Сары-Уул ырчы мурдараак өткөн. Эзгине сыңар тал сакал чыкпаган чекир көз, жаргак бет киши эди, ыйык. Сакалы жоктон ол «жаргак бет» аталып эди. Чынында чийкил бетинен акыл-эс төгүлгөн жылдыздуу киши эди. Оозун ачканда укмуштай ыры лапылдап төгүлүп кетир эди»… дешчү жашы улуу кишилер. Чогултур тестиер чагында, Сары-Уул ырчынын ыры дешип улуулар айтышканын далай эшиткен.

Сары-Уул ырчынын ыры өзүнчө бир укмуштай уйкаш, күчтүү – баян менен айтылган санжыра, насаат, болмуш – ушу, кең дүнүйөнүн кебелбес залкар эрежесинде алпурушкан жеке киши уулу, жеке жан-жаныбар түгүл, көзгө көрүнбөс кудумдан запкы тарткан, көзгө көрүнбөс алп күчтүн зарыгып маталып, сыздаганынан өйдө ырдан баян эткен Сары-Уул ырчынын сөзү тестиер Чогултурду эрдикке чакырчу.

Кар, муз текши эриди,
Тоо суулары теминди.
Көкшүн булут өрүштү
Кайык болуп сүзүшөр.





Алптар албуут чекишер,
Күчү айкашта бекишер,
Бирин-бири алкашар,
Ажал тосуп ок атар…[1]

Уа, онун төгүнү болдубу? Ушу өз өмүрүмдө текши эриген кар, музду да көрдүм. Кар, муз көлүндө кайык болуп сүзгөн көкшүн булуттарды да тепседим. Алкынган алптар менен да чекиштим. Күч сынаштык. Онон элдештик, бекиштик. Бири-бирибизди алкаштык, макташтык. Онон өлүмдөн коркпой ажал тосуп окту бирге атыштык… Онон бир баштан эки жаакты ажыратып да салдык. Кайрадан чекиштик. Жоолаштык. О бу, эси кеткен оолукманы мен да иштедим. Башкалар да иштеди. Бири туура чамынып ак иши үчүн кылыч суурду. Бири тек олжо самап кара иш үчүн чамынды… О, ол онусун кара иш деп билбеди. Эрдик деп даңктады. Менин эрдигиме ким каршы тура алыр деп мактанды. Жазыксыздарды сыздатты… Ошо жазыксыз кишилердин жазыксыздан тамган көз жаштарынан көкшүн булут кайык болуп сүзгүдөй көл жаралды… Уа, таш боор алп, албуут киши, биз качан ушул албууттукту, таш боордукту калтырабыз? Бу таш боордук качан башталды? Качантан келатыр? – Эр-Киши тынымча ойлонгонсуп калып анан – дагы жакшы, – деди оюн улап, – дагы жакшы. Баштагыга караганда киши уулу эстүү тартты. Боорукер болоюн деди. Уа-а, байыры биринин баш сөөгүн бири аяк этип, аа суусун куюп ичкен эди. Теңир жалгасын. Бу кезде ол жок. Ондой таш боор жосун калды. Улам соңгу урпак ушинтип таш боордукту калтырып олтурса жакшы. Ким билээр? Соңгулар бизден таш боор, бизден согушчул, бизден зулум болуп кетиши ажеп эмес… О?! Ондо тукум шору? Улам соңгу тукум аталардын жакшысын үлгү этип, жаманын эске тутуп жүрүшсө ийги. Уа, киши уулу баба-

[1] Бул байыркы ыр мындан 940 жыл мурда Махмуд Кашкарий түзгөн «Түрк сөздөрүнүн жыйнагына» кирген.





шулмак эди. Айжаркын кызым экөө тукум уламак эди. Эми ол күлгүн кезинде таш бабага кетти. Айжаркын кызым муң жутту. Жапжаш кезинде муң жутту. Ондойлор көп, эң көп… Тирик жүрүп шумкар болгон, теңин эстеп муң жуткандары да жакшы. Ондойлордун канчасы кырылып калды. Олор чырак жалп өчкөндөй өчүп калды. Түнөрүп жок болду. Ол өчкөндөрдүн өмүрү журтта калган– күчүктөн кор. О, ол күчүк аман болсо чоңойду. Дөбөт болду. А өлгөн өчтү. Мезгилсиз өчүш… өкүнүчтүү го»…

Эр-Кишинин жашы тамды .

Теңир билет? Кейиш билбес бу алптын көз жашы «тып» этип жерге түшкөнү ушулдур. Эртеден бери локуюп олтурган алп кол башчы, азыр өзүнө өзү эң кичик, эң алсыз жашык бир карабашыл киши болуп көрүндү.

– Уа-а, бечара карабашыл кишилер…– деп муңканып койду ал өзүн ошол бечара карабашыл кишилердин катарына коюп.– Бечара карабашыл кишилер барына чыдашат экен да. Муңга баткандар да, сыздагандар да, сыктагандар да, кырылгандар да ошолор. Караң?! Чабышта утуп чыктык дейбиз. Ошо утуп чыккан биздин тукум канча бөксөрдү…

Эр-Киши бу Жоноюлга баа күн шашке боло электе олтурган. Азыр оң чекеден ооп баратат. Ой-тоо, жер-суу нурга балкып аба жыпжылуу. Кез-кез гана «бүлк» жорткон жибек жел бар. Эгерде ушул жибек жел жортпосо ушу жарык дүнүйө мемиреп калаар беле?

Эр-Киши Күндү зээрчий олутунан бурулуп койду.

«Ие, ыйык Күн, жалгаң киши уулун – пенде. Ону кечиң. Элтерес – биз чекишкен соң элдешсек болур эди. Ондо буурул Жер кейибей, жарык Күн түнөрбөй, тукум бөксөрбөй тыныч калаар эди. Көп болур эдик. Көп болгон соң күчтүү болур эдик. Чекиштик. Айкаштык. Көк сууруштук. Айбалта согуштук. Кызыл төгүштүк… Эми ол мени, мен ону «алп эр» деп алкаштык»…

Эр-Киши ачуу шылдың күлкүсүн чыгарды:





– Уа-а… Ха… Ха… Ха… Элтерес шер. Сен менин аксак аягыма тизе бүктүң?! Мен соо аягымды аксатып мында отурмун. Эки нар болуп жөөлөштүк эди. Ортодо канча жан кара чымын болуп кырылды, а?! О шерим!

Экибиз жөөлөшпөсөк ушунча муң каптар беди, биздин жер-сууну? Муң ордуна күлкү толур эди. Жыргал эди. Экибиз кирген эки кара буура болуп чайнаштык. Ортодо карабашыл кишилер зыян тартты. Ондо зиркилдеген сен да, буркулдаган мен да намыс, намыс деген эдик. Эми караң. Ол намысыбыз – баланын оюну сыяктанды… Күн өткөн сайын биздин ол зиркилдеш, ол биздин айкаш, чабыш бала оюнуна окшоп жатыр?! Калайыкты сыктатып ойнобосок да болур экен Элтерес шер?!

Биздин ушул ойнубуз «Улуу сөз» болуп сүйлөнсө, соңку урпак ону үлгү кылсын. Олор бизчилеп жинденип кутурбасын. Бизчилеп бала оюнун баштап, карабашыл муңкантпасын. Ыйык жер-сууну ат туягы эзбесин дээр эдим. Уа-а? Ол, мендей алжыган маң баш кишинин карып, алжып калган кезиндеги кыялы да?! Киши ушу мендей алжыган кезинде бир эсине келир. Бирок кеч болур. Уа-а, жарык Күн, сен ушундай мээр төгүп туруп улам соңку урпактардын мен окшоп алжыган кишисине шылдыңдап күлөсүң, далай… О, күлөсүң. Киши уулу билги, алп, күчтүү болгон сайын менчилеп алжыйды.

Онусу чын. Кара баш киши алжыса, өз башына күлкү. Билги алжыса, калайыкка күлкү. Маа окшогон алп алжышы жамы эле калайыктын мурун-соңгусуна күлкү…

Соңгуларда маа окшоп алжыгандар болур. Улам соңгу урпактын күчү акылына чыгыр. Акыл өскөндө күч кемийди. Киши башы казандай болур дейди билгилер. Баш казандай болгон чакта, моюн кылдай болур дейди дагы. Уа ха… ха… Ол казандай башты кылдай моюн көтөрө алабы, ондо? Нак күлкүнү, нак оолукмалыкты, чапмалыкты ошо казандай баш баштаар. Тиги кылдай моюну – азап тартар Теңир?! Уа, Көк теңири. Киши урпагын өзүң жөндөп тур-

рилди. Умай эне сөөгүн жерге берүү каадасы да бийик өттү.

Бирок, азыр ажонун да, Умай эненин да күмбөздөрү көтөрүлө элек. Күмбөздөрүнө коюлчу белгилер, жышааналар, ташка тамга басылып чегилүүчү салт сөздөрү бар. Азыр иштеле элек. Иштеп жетишкендей да болушпады. Ажо күмбөзүн көтөрүү көптү талап кылат. Ошондуктан, ага күз-кыш камылга жүрүп, келирки жазда иш башталат. Аманчылык болсо, чын куранда таш түптөлсө, тогуздун айында күмбөз да көтөрүлүп калаар.

Ак кийизге салышып, Жаш-Тегинди ажо тагына олтургузгандан кийин бардык төбөлдөрдүн акылы ошого токтогон. Ага Эр-Киши да макул.

Бүгүн ушул жоноюлда олтураарында «Уа-а… алдыда ыйык иштер арбын» дегенинде ал башка иштерден мурда, дал ушу ажо күмбөзүн көтөрүүнү эңсеген.

Азыр каймал жетелетип өзүн көздөй келаткан Сайкалды көргөнүндө Эр-Киши өзүнчө чыйралып бел тутунду:

«Уа, өлбөстү Теңир жаратпас. Сынбасты киши жаратпас… Умай эне бизден кетсе, онун ыйык ордун келини Сайкал басты. Теңирге алкыш. Көзү өткөн асылдардын ордун басаар кишиси жок жаман. Жакшыңы жаман алмашалбас. Көзү өткөндөрдүн артында жакшы тукум калса, жакшы иштери уланыр. Жакшы тукум калбаса, ондо эсил баба баштаган эсил иш чорт кесилир.

Жакшылыкты самаган үмүт үзүлүр…»

Эшик-төрдөй келгенде Сайкал учурашты:

– Арбаңыз, Эр-аке!

Ай-э, бар болуң, жаркын! – деди Эр-Киши.

Көп олтуруп калдыңыз. Суусадыңыз го?

Ай-э… – деди Эр-Киши.

Каймалды жетелеп келген жоокер Эр-Кишиге таазим этип турганда ага Сайкал буюрду:

– Каймалды чөгөрүң, улан! Чаначтарды түшүрүң! Жаныбар ак каймалдын көздөрү жоодурайт. Деги ушу төө





Сайкал үндөбөдү. Эр-Киши тек өзүнчө эскерди:

– Эки жыл өттү. Тиги арап падышасынан келчү кербен быйыл келир. Тиги түбүттүн Айган канынан келчү ак дармек, улама бичиги да кечикти. Онун себеби да бар. Биз өз ич ара тынч болбой чабыштык, Чабыш кесири ошондой четке да кетир. Же, Айган канга элчи жиберип сөз катыштырсакпы? Уа, жок. Болбос… Билги-ажосунан айрылып кыргыз мүңкүрөп калыптыр дебесин ол арам.

Эр-Кишиге туура кеңеш айтышты көздөгөн Сайкал кепке кошулду:

– Буйлаштан кабар күтөлү, Эр-аке…

– Ие, туура айтасың, жаркын жан. Ошо Буйлашты күтөлү. Табгачтын элчиси бизге чоң тартуу менен өздөй болуп, ак пейилин ачып келгенсиди… Буйлаш да табгачка сыр алдырбас… Табгач падышасына Буйлаштын алып кеткен белеги да асыл. Уа, биз да табгачты кумар эткен асылдардан кем эмеспиз. Көк теңири биздин тукумга жер соорусун бериптир. Сары алтын, ак күмүш, кымбат коло, курч темирге байбыз. Тайбастан тарта сүлөөсүнгө дейре, ылачындан тарта шумкарга дейре жер-суунун куту мол. Олордун баары бир тең. Биздин асыл таш, биздин жыпаркиндик башкалардын көбүндө жок. Болгону биздикиндей эмес.– Эр-Киши тек маашыркап күлгөн болду. – Тиги таш калаадагы манчыркаган канышалар, айымдар биздин жыпар, биздин тыбыт, биздин сайма оюу-чийүү, биздин усталардын, көөрүнөн түшкөн алтын, күмүш асыл жасалгалар ошо падыша, ошо шаанын шаасы, кан, кандын канынын ак сарайларын, ордолорун коoздоп туру. Олордун ар кими ошо биздин асылды мол, алгысы келеди. Сый менен соода жүргүзүп алсак дегендери бар. Күч менен булап алсак дегендери бар. Уа, иттин ээси болсо, бөрүнү Теңири сактайды. Табгач көптүгүнө сыйынса, биз ээбиз Көк теңирине сыйындык… Теңир бизди миң жылдан эсен сактап келир. Тукум тТңирди унутпаса, Теңир биздин тукумду унутпайды. Сактайды!

Сайкал тек Эр-Кишини кубаттап койду:

– Ой-э, Эр-аке. Журттун алтын боосу бек болсун!





– Ие, о алтын боону бек туткан эр уул, уз кыз болсун!

– Журт – ыйык! Боосу бек болур…

Кыйырга келген жоо бүлдүрүр, журтту. Ажо ата билги эди. Өз сөөгүн аманат деди… Ыйыктын ордунда сапалдык кулаалы кулап кетсе, ол ажолугун салып: «Сөөгүмдү даңктаңдар» десе, биз ону менен алек болуп жатар эдик. Салт бузар Элтерес алп камынтпастан бизди басар эди. Ондо жарык күн каран. Ансыз да сыктаган будуң өлгөндүн үстүнө көмгөн болмок… Уа, каруу талыганча салышар эдик. Ким билер? Камсыздык – кайгыга жакын…

– Ажо атабыз, жарыктык, көзү өтөрдө да, тукумду сактап кетти.

Эр-Киши бир азга үндөбөдү. Локуйган алп жоокер тек кулундун өрүктөй эзилген этин жай чайнайт. Жаак булчуңдары тарамыштанат. Дале өткүр курч көздөрү эми дасторконду теше тиктейт. Ал ошентип караганда андагы аш-тамакты карап суктанбайт. «Аш-тамак толгон будуң дасторкону чачылбаса, ийги» дегендей караш.

Сайкал эне да үндөбөдү. Тек «Эр-аке аш-тамак жесин. Эртеден бери бир орундан жылбады, алп. Карыган кезинде чөкпөсө ийги» дегендей, айым ою.

Чынында Эр-Киши аш-тамак татып, кымыз ичип олтурганда да ою өткөн-кеткенди иргеп-ылгап, эртеңкиге кыял жоруптап… тынч эмес болучу. Азыр Эр-Кишинин көз алдына алиги жылкычы Шап келди. Анын эт чайнашы, кымыз жутушу өзүнчө күлкү эди. «Уа, ол бир ыйык киши эди. Акыл тапкыч, айла тапкыч куудул өлбөсө, ошо ыйык Шап өлбөс эди. Кайран асыл, о да бизден бөлүндү».

Эр-Киши тунжурай түштү.

Кебелбес айлакер, кеменгер алпты азыр өлүм каары тунжуратты.

«Уа-й… опосуз дүнүйө. Ушунча кең, жарык, жыргалдуу болуп туруп кишиңди өлөрүндө аргасыз этесиң. Ушу жарык журтуңда отуруп, ушу алп күчүм менен олтуруп Теңир, сен жиберген айбарлуу ажалыңа мен айбалта сого албаймын. Айбалта согуш кайда, ажалга, ажайып, кыл-





– Уа-а… ушу чабыш ада болсо, ийги. Тукум бир жерди байыр алыр эди. – Көктөп-өркөндөп тукум-тукум улар эди, – дешет кишилер. Бул тек сакал сылай жай олтурганда айтылган кеп-сөздөр… Ошентип, тынч олтурган кезде эле колго жаңыдан аяк тийип, эринге жаңыдан аш жетип, мына эми киши жай олтуруп ошол аш-тамагын татаарда…

Айыл-айылдарга ат дүбүртү жетет:

– Коога! Коога!

– Аттаныңдар! Аттаныңдар!

– Кыйырга жоо келди!

Кишилер селейе, үрпөйө калышат…

Азыр бейкуттукту, бейпилдикти кеп салып тынч, кең пейил, ак пейил олтурушкан кишилер шап атка минишет. Жанчар кезешет. Айбалта көтөрүшөт. Кылыч суурушат. Доолбас күрсүлдөйт.

Кишилер өтө эле канкор, таш боор, кайратман болушат.

Ооба, эринге жаңы тнйген аш-тамагын тынч иче алышпаганга кишилер ызалуу. Тынчы кеткенге ызалуу. Кыйыр бүктөлүп, ата конуш тепселгенге ызалуу. Кишилер ушундай шерденишип, баштарын өлүмдөн коргошпосо, анда каптай келген кара жоо кырат.

О, албууттугуңа деги бир кезде чек коюлаар бекен? Ченем болоор бекен? Не киши уулдары замандар бою ушинтишип кылыч кезеше беришеби?!

Бул суроого так жооп айтуучу кеменгер алп киши уулунан чыга элек…

Соңку кылымдарда кыргыз кыйыры тынч албады. Көп жоо, күчтүү жоо келе берди. Келе берди…

Айкашка-айкаш, чабышка чабыш уланды. Эр бүлө суюлду. Бийкеч сыздады. Улан азайды. Эки өзөктүн бири кыйылып, бири элкин-жесир калып жатты. Башта ар түркүн болуп турчу ак ордо үйдүн кут чамгарагы коломтого түшүп жатты. Айыл суюлду. Мал азайды. Кен артуучу кербендер тартылды. Унаалар арыктады. Көбү жок. Кен эритүүчү күпү-корлор эбак сууду. Азыр алар муздак… Колго үйүр болуп жылкы менен өрүштөш жайылчу куландар эми кишиден безип жапайы өрүшүнө кете башта-

баласынын көзү ай. Жоодур, муңдуу… Тек кишинн ойго салчудай телмире караш, төө карашы. Анан калса ботонун, каймалдын, ингендин караштары, эң кейиштүү. Кыпкызыл сызмадан чачык, нокто жээгиндеги күмүш суу бастырылган чоң-чоң бермет өзүнчө азем. Эки өркөч ортосуна жабылган шалча андан жарашыктуу, андан кооз. Ак ордо ээси айымдын ушинтип аземде жетелетчү ак каймалы.

Каймал чөккөн соң Сайкал арта салынган ак куржунду алды, дасторкон жайылды. Тамак-ашы коюлду. Жоокер эки кол чаначты каймалдан түшүрүп, буумасын чечпестен чайкап-чайкап, анан биринин оозун чечти.

Күмүш аякка кымыз чубурду. Баятан аңкыган сонун абаны, жоноюлдун көк жытын кымыздын шарап жыты басып кетти. Аяк колуна тийгичекти чыдабай бараткансып Эр-Киши чубурган кымызга көз салды.

Аяк колуна тиери менен бошотту. Эр-Кишинин кымызды кандай ичип жибергенин жоокер үлгүрүп көрө албай: «Бахх, Эр-аке. Чөлдөп олтурган экен э» деди.

– Куюң, улан! – деди Сайкал аякты чаначтын оозуна тосуп.

Эр-Киши мурут учтарын сөөмөйү менен жаныды. Шадылуу колдору барбаят. Бүркүт кабагы жардай, өңү саз, сүрдүү. Бакыят. Үч аякты удаа жутту. Анан:

– Уа! Алп суусуну. Аптап-кактап чөлдөп калган экем. Көз майым толо түштү. Бар болуң, жаркын балам!

Эттен алыңыз? – деди Сайкал эне.

Эр-Киши эми гана кынынан алтын сап кездигин чыгарды. Кулундун май кабыргасын алды.

– Эрөөлдөн киши келбеди…

– Э-э, тынччылык! Эр-аке. Келер…

– Барс жайчылыкта камырабас. Чабышта Жолборс жөө бирдей отко түшкөндөй ыйлашады.

– Ие, эки эрен окшош…

Эр-Киши кубанып койду:





– О, экөө тең тентек. Уа, «Тели куш көзүн каратпай, тентектердин баарысын эл-элине таратпай, жакшы багып ала көр» дебедиби, ажо ата. Биз барда уруу урабас. Тентектер тарабас. Олор ымыркай чагында бизди ээрчиген. Олор бизге ыраазы. Биз олорго ыраазыбыз. Уа, ошондо да бу курчтун мизиндей оодарылган дүнүйөдө киши уулу ар качан бирдей эмес. Олор да оодарылады. Өзгөрөдү…

Өзүңүздөн марым алган баатырлар ала аркан аттабас, Эр-аке!

Аттабас… Өзүм ишенем…

Ордунан турган каймалдын чоң капкара көздөрү жоодурай түштү. Өтө жоодур, өтө муңдуу. Эр-Киши көңүлүн алаксытты:

– Жарыктык каймал. Карашынын муңдуусу ай… Балам, каймалды ары жетелеп кетчи. Бүгүн мен муңдууну эстебейин дегем…

Жоокер каймалды жетелеп калууга карай кетти. Эки өркөчү типтик ак каймал эң таза, эң жазыксыз жаныбардай элестеп маң-маң басат.

Каштары түктүйө түшүп, кимгедир кыжырлангансыды Эр-Киши:

– Ажо ата бөлүндү. Ано-о, арам кандар кантишер экен? Эр эшитпеген кепти зайып аңырты учуратады: Жаркын келин сак болуң. Оюк-буюктан кабардар болуң. Кандар көк асабага кара санашса… биз олордун өтүн өздөрүнө озунуп ичирели. Жоонун сыртында болбо, ичинде бол. Кеч билинген иш күчтү өксүтөдү…

Сайкал салмактуу айтты:

– Кулагым төрт, Эр-аке. Азырынча арам сөз чыга элек…

– Чыга да койбос… Ким билер? Мышыктын баласы мышыкча мияулайды. Торопой, доңузча коркулдайды, Кан дейбиз, бек дейбиз. Олордун баары бирдей эмес… Даңк менен табарга кызыкпаган аз…

Өзү баш кан-ажо болсом дегени жок эмес го, будунда.

Уа, колунан келсе, оно, байдөбөт да алтын тактыда олтурсам дейди. Куйругу ону тактыда олтургузбас…





дырап… жоор эшектен бетер кулак силке албай, ол ажал айбарынын алдына түшүп бересиң. Билгилигиң да, айлакердигиң да, алптыгың да ада. Ол айбарга багынып… дымың чыкпай калады. Уа»..

Куудул Шаптын түлкү болуп тумшугун чуштуйтуп, көздөрүн кыбындатканы тунжураган Эр-Кишинин көз алдына келе түштү. Шап ошентkенде жылкычылар күлүшчү: «Уай, жандим. Сенин ушул кебетеңди көргөндө ажал алданар. Ушу сен амалданып өлбөй калар бекенсиң, кыбындаган шум».

Жылкычылардын ушул сөзү да Эр-Кишинин кулагына угулду.

«Уа, опосуз дүнүйө, – деди Эр-Киши ичтен күрсүнө. – Ошо эң куудул Шап кетти. Ким калар. Ошо Шап асыл айбарлуу ажалды жазгыра албады. Ким жазгырар?! Билги ашалбаган артуу, амалкөй ашалбаган артуу, алп ашалбаган артуу, – ушу айбарлуу ажал ашкан артуу»…

Шаптын өлүмүн эстеп Эр-Киши аргасыздан күлүп жиберди. Баятан тунжурап олтуруп эми күлгөнүнө Сайкал тандана калды да, «Эмнеге күлдүңүз, Эр-аке?» дегенсип, ал өзү да Эр-Кишиге жылмая карады,

Көңүлү ачыла түшкөн Эр-Киши бакыйып жайдарыланды:

– Ой-э. Теңир өзүнчө жараткан кишинин өлүмү да өзүнчө болур экен. Оноу Шап куудулдун өлүмүн айтамда… Куурчак «түмөнүн» баштап жоо качырып, жоону өзү жеңгендей болуп жыргап кайткандан кийин… ону топоздун кутурган букасы сүзүп калганын айтам да. Айбарлуу ажал кишини согончоктоп аңдыйды дегени чыныбы дедим. Ошо Шап бечара жоо жеңгенден кийин бир аз жыл тынч, балдарынын кашында баш-көз болсочу, Теңир?

Сайкал улутунуп алды. Алп бегинен күлгүн келин кезинде жесир калган айымдын көз алдына Эр-Күлчүрү келди. Баягы жайнаган алп Күлчүр. Күлгүн Күлчүр… Анан ал эми карыган айымын чангандай, аягандай алыстап түтүнгө житти…

– Өлүмгө арга жок тура, Эр-аке…– деди Сайкал.





Сайкалдын муңун туюнган Эр-Киши бакылдап айтты:

– Кысасы жок! Теңир бизди ушундай кейикчээл жаратпаса, киши уулу жер-сууну өрттөп салып, өзү таман коёрго жер таппай ааламдын шумурайы болмок?!

Бизге өмүрдү өлчөп бергени да, бизди акылдуу, айлалуу, алп кылып… анан айбарлуу ажалга бактырып койгону да эп болгон жаркын балам… Кечээки кайрылбайды. Бүгүн кыйыр тынч өттү. Эртең да тынч болсо, ийги.

Суусунумду кандырдың. Көз майымды толтурдуң, жаркын балам. Тукумуң журт баксын! Журтубуз кор болбосун! Ие…

Жаш жоокердей тез обдулуп Эр-Киши тура берди да каймалды откозгон жоокерди чакырды:

– Уа, уул. Келиң! Энеңди баштап көтиң!

## ТАШ КҮМБӨЗДӨР СҮЙЛӨЙТ

> Ташка тамга бастырган –
> Билги кебин эшитиң.
> *Улуу сөздөн*

> Жакшынын өзү өлсө да сөзү өлбөйт.
> *Эл макалы*

> Түрктөрдүн Енисей жазуу эстеликтеринин мүнөздөмөсү, биздин оюбузча, кыргыз элинин байыркы маданиятынын байлыгын тереңирээк түшүнүүгө жана ачык көрсөтүүгө бизге мүмкүнчүлүк берет.
> *С. Е. Малов*

Айлар жыл тизгинин какты. Жылдар кылымдын тизгинин какты…

Кылымдар өз жолунда, өз сапарында саамай агартты…

Айкаш, чабыш, кансыраган майдан, жан кайышкан күрөштөр ада болоор эмес…

Киши ушундай бүтпөс айкаштарды биротоло, өзүнө кесип кылып алган сыяктуу…

ды. Канча айтса да, жаныбар кулан тукуму жылкыдай эмес, ал жапайы. Ал оңой менен кишиге үйүр болуп бербесин билдирди, Деги эми ошол алкынган жапайы куланды үйрөтчү-алкынган эр уулдардын өзү аз. Тынымсыз айкаштарда, чабыштарда эр уулдар кыргын тапты...

Кыргындан калгандары ач, алсыз самсып келатышты...

«Уа-а?! Эр-аке, тирүү арбагыңдан айланайын Эр-аке, күмбөзүңдүн жанынан өтөбүз. Бизди ыйыктабаң? Биз айкашта жан аябадык. Күн-түн аттан түшпөдүк Карында тамак жок калды. Ач чабыштык... Чопкут тытылды. Жылаңач чабыштык...»

«Уа-а... билги ажо Адылтай баба, көп чабышта сенин тирүү арбагың бизди жылоолор эди. Биз жоону жеңээр эдик. Ооруkка ырдап, күлүп кайтаар эдик. Бу жолу жеңилдик. Кырылдык. Тымтыракайыбыз чыкканча кырылдык. Эптеп кыргындан калганыбыз азып-тозуп араң келатырбыз.

Бизди кыйыктабаң, билги баба?

Кыргындан калган жөө-жалаң колдун калдыгы ушинтип сыздап, жөө-жалаңдап самсып, илкип, ач, арык, эптеп үзүлчү шоона жиптей эми үзүлүп кетүүчүдөй созулуп, үлдүрөп араң келатышты. Демейде түш жарымында өтүп коюучу жолду, булар эки-үч күндө араң артышат. Жортуулга баратканда ат жүрүшүнөн өзүнчө «шартылдаган-шуулдаган» доош чыгаар эле. Жер дүңгүрөөр эле. Канаттуулар коно албай удургуп учаар эле. Атчандардын эпкининен жел ызгыыр эле. Тегиз шаңдуу, айдыңдуу. Калдайган алп күч, тажаал күч ээ-жаа бербей каптап келаткандай болуучу. Жортуулдап түрүлүп толкундап келатышчу...

Азыр ал эпкин, ал айбат, ал дүңгүрөк-сүрдөн данеке жок.

Тек илкиген жөө-жалаңдар. Азган-тозгон, жыртык кийген жылаңач кишилер. Буларды жоокер деп аташка да болбойт.

Чынында кыргындан эптеп аман кутулган жоокерлер...

Кулазык салынган идиш эбак какшыган. Жана суу боюна келишкенде. ошол кулазык салынган идиштерин чайышып, аш жыты – суу жутушкан...





Сен ошондой айкөл болуң.
Жоонун асылына кызыкпаң.
Жоонун жумшак сөзүнө алданбаң...
Муну мен айттым – Адылтай Ажобуз айтты деп
эшитиңдер»

Таш күмбөз сактаган ушул сөздөрдү эшитип, самсыган ач, арык жоокерлер аңгирешти. Тизе бүгүштү. Таш күмбөзгө сыйынышты:

Уа, айкөл баба, биз алданбадык. Жан аябай айкаштык...

Амал жок... Алдан тайыдык...

Уа, ыйык баба, сен бизден үмүт үзбөң? Бизди жалгаң?

Жоокерлер күңгүрөп сыкташканда таш күмбөздөр «зыңылдагансыды». Жер дүңгүрөгөнсүдү...

Таш күмбөздөр көп. Бири – пас. Бири – бийик. Бири – көк таш. Бири – кызыл таш. Баарынан шаңдуусу ушул таш күмбөздөрдү упай артын карай канат жайып таш балбандар тизилишет. Алар артта самсып ээрчип келаткан таш жоокерлерге окшойт. Эч качан, эч заманда сапары карыбас, чарчап-чаалыкпас таш жоокерлер...

О, ким билээр? Жаман заман болсо, каардуу алаамат болсо, ушул таш жоокерлер да бүлүнөөр. Тепселээр. Жоголоор, Булар да сыры ачылбас таш бабаларга айланаар. Туңгуюк, күңгүрт тарыхка айланаар. Балким, кыйраканы чыгып тыптыйпыл болоор. Бул заманда ушундай таш күмбөздөр турганын соңку урпактар таптакыр билбей да калышаар?

О, ким билет?

Тарых тамгалары бирде так, бирде күңүрт. Аалам жортуулу эбегейсиз, ченемсиз – эч бүтпөс жортуул.

Жалаң таштан курулган зыңгыраган бийик үйлүү – таш үйлүү, укмуш шаардын тыптыйпыл жерге житип, анын ордуна алабата, арпа өнүп калаар кезеги да бар. Дүнүйө бирде кең ченем жетпес келген. Бирде тар аягың батпас... Аргандай укмуш алааматтар болуп келген. Боло берет. Бул кыйроо, бул өзгөрүү, бул өнүгүү жаратылыштын эркинде...



*Адабий-көркөм басылма*

VIII том

ТҮГӨЛБАЙ СЫДЫКБЕКОВ

***«КӨК АСАБА»***

Чыгарууга жооптуу: *Акматалиев А.*
Басмага даярдаган: *Өмүров Б.*
Тех. редактор: *Жанышбекова А.*
Корректор: *Аалиева А.*
Компьютердик калыпка салган *Өмүров Б.*

Азыр алдуураагы алсызын жөлөп-таяп эптеп илкиди. Эптеп алга карай жылды. Карын ачып, алдан тайыгандары кезээрип унчугушпайт. Тыныраактары маек курушат. «Сүйлөшө басалы. Бабанын Улуу сөзүн айта жүрүң. Эр журттун эрендери эдик... Эрдикти эстейли»...

Бири кеп баштайт:

– Уа, айкөл Эр-аке. Ат башына күн түшсө, оозДугун албай суу ичир. Эр башына күн түшсө, өтүгүн тартпай суу кечир дечү эди деп биздин чоң аталарыбыз айтуучу... Мына, баарыбыз эр эдик... Башыбызга күн түштү. Оозудугун албай суу ичээр атыбыз ада. Аякта тартаар өтүгүбүз жыртылды...

Кары жоокердин кебин берки жээрде сакал жактады:

– Кейибей басың, Бекчур. Ано-о, Кара-Сеңир. Ыйык Кара-Сеңир чөккөн нардай салынып тур. Ондон наркы жол бойлой кеткен кең түздө бабалардын таш күмбөздөрү бар. Оно-о, күмбөздөрдүн чоти көрүнүп калды. Биз олордун жанынан өтөбүз... Ие, чыйралың, эрендер! Бабалардын тирүү арбактары бизге жигер кошсун!

Алдыңкылар бирер мезгил үндөбөй тек алды жакка тикие караШты. Аш-тамак татып, суусун жутуп алгансып... чыйрала басты, ар бири.

Ай-э, ыйыктар...

Ие, олор кадимкидей. Ано, көрүндөр. Таш күмбөздөр кебелбей зыңгырашыр!

Таш-таш да! Буларды бир алаамат сындырбаса, турганы турган...

Сыйыныӊ! Бабалардын арбагына келдик! Тың! Тың басың, ар-бириң!

Таш күмбөздөр – өзүнчө эң укмуш таш жоокерлер, укмуштай зор-зор таш кишилер тургансыды. Алдыда төрт кызыл кыр таш, көк таш. Алар бийик, зыңгырайт. Ушунча бийик, ушунча оор таш бул жайга кантип келтирилгендиги табышмак. Кандай унаа көтөрдү. Кандай амал, бул таштарды унаага артты? О, жок! Мында!! ташты көтөрчү унаа кайда? Ат, өгүз, буура ал тургай пил, керик бул ташты көтөрө албайт. Муну бул жайга кишн





күчү гана жеткирди. Азыр азган жоокерлерге ал таш көтөргөн күчтү иликтешке чама жок.

Азыр үнсүз сыктаган жоокерлердин көз жашы тымызын чубурат. Тиги зыңгырай кебелбей турган кызыл таштын төрт бетине тамга баскан дастандарды туюнушка тырышат.

Ташка чегилген тамгалар мурунку өмүрлөрдү баяндайт:

«Атам – Эдил, өзүм Адыл. Элим мени бийик көтөрдү. Адылтай ажобуз деди. Мен ата конушун ыйык сактадым. Элиме, журтума туура болдум.

Жылкым сансыз эди. Төөм жети миң эди. Мен ончо малымды өзүм үчүн жумшабадым. Жоокерге ат эттим. Тон эттим. Күлазык эттим.

Жалгыз уулум болду. Журт баккан эр эди. Кыйырга табгач жоо келди. Уулум баатыр кол башчы бизден айрылды. Шумкар болду.

Оң жагымдагы адил або, бий, бектерим, сол жагымдагы алп, эрен кол башчыларым эшитиң –

Баарың эл-журттун амандыгын тилең.
Эл-журттун амандыгын сактаң.
Табгачтын асылына алданбаң.
Жумшак жибегине кызыкпаң.
Ким табгачтын жумшак жибегине кызыкса,
Ол, жоонун жибектей жумшак сөзүнө ээрчийди,
Ким табгачтын жумшак сөзүнө ээрчисе, ол өз
элин муңга чөгөрөдү,
Мен ушуну айттым.
Тилимди алган кан, або, бек, алп, эрен кол башчы–
Элди бакты. Кыйырга жоону келтирбеди,
Тилимди албагандары элден кеткен Эрдене болду...
Уа, менин момун журтум –
Сен жылуу сөзгө тез ишенесиң.
Ак көңүлсүң, Момунсуң.
Кардың ачса, ачты дебеген,
Кардың тойсо тойду дебеген –
Жоо сени чанса, ону кечирген айкөлсүң.
Ошо айкөлдүгүң үчүн бүт сен түрк элине сыйсың,



Терүүгө 04.11.15 берилди. Басууга 30.11.15 кол коюлду.
Кагаздын форматы 84х108[1]/$_{32}$.
Көлөмү 35 б.т. Нускасы 575.

«Имак-офсет» басмасынын басмаканасында басылды.

Кишилер ал кезде эрксиз. Алсыз. Кунсуз...

Азыр ошондой бир кырдаалды өз башынан кечирген кыргыз журту сапырылды. Анын алп кол башчылары кырылды. Эрен жоокерлери кырылды. Эптеп тирүү калгандары минтип самсып, баба-күмбөзүнүн алдына келишти... – Уа-а, Эр-аке? – деди ушул азган жылаңач жоокерлердин карысы жээрде сакал абышка зыңгыраган көкташ күмбөздүн алдына тизе бүгүп, чекеси жерге тийди. Ачуу жашы чубурду. Тыгылган чопкуттун тытындысынан эти кызаңдап, арык кабыргалардын арасынан туйлаган өпкөсү сезилди. Ооба. Киши аябай сыздап, аябай муңканыш ыйлаганда анын өпкөсү ушинтип туйлап чыгат...

– Уа, Эр-аке, кечириң бизди? Биз жамандыгыбыздан, ынтымаксыздыгыбыздан, кайратсыздыгыбыздан ушундай күндү көрбөдүк... Турмуштун таш боор наркы бар экен. Ошол таш боордук бу жолу бизди пас этти. Бүлүндүрдү... Жадаса, арабыздан шумкар болгондор көмүлбөй калды. Олорду көмүүгө бизде чама жок. Ачпыз, арыкпыз. Алсызбыз. Өлө жаздап ушу жайга илкип жеттик...

Ой-түздү сыдырып жумшак жел жортту.

Зыңгыраган таш күмбөздөрдөн «Зың-зың» жаңырык чыккансыды...

Ач, арык, жыртык жоокерлер шилекей жуткучакты үндөбөй турушту. Баары «үлп» эткен желге учуп кетчүдөй – алсыз...

Көк таш күмбөз «зыңылдады». Жылма бетине басылган тамгалар даана:

«Атам кыргыздын Эр-Кишиси эдим.
Өз атам уста эди. Өз атым – Чогултур эди.
Он жашымда жоокер болдум.
Он эки жашымда чабышка кирдим...
Он беш жашымда элүү башы болдум...
Он жети жашымда жекеге чыктым...
Айбалтам оор эди. Өткүр эди.
Жанчарым сынбас эди. Көк эди.
Кылычым албарс эди. Көк эди.
Кылычым албарс эди. Өзүм тайбас эдим.





Жоо сени чапса, ону кечирген айкөлсүң.
Төө көтөргөн алптан жалтанбадым, Чабыштым.
Жеңдим.
Кыйырды күзөттүм. Элимди кыргындан сактадым...
Атам койгон Чогултур атым– калайык берген, Эр-Киши болду.
– Уа, киши эшитиң!
Мен сени жакшы көргөн сайын –
Эр демим ташыды»...

Азыр самсыган жоокерлер тигил сөздү түюнушту. Сыктабай калышты. Чыйралышты:

Уа, эсил Эр-аке. Онун тирүү арбагы бизге көңүл айтты. Чыйралыңыздар! – деди жанакы кары жоокер.

Таш баба бизди жалгап жатыр. Үн чыгарды, – деди бири.

Жалгасын?.. – экинчиси.

Бардыгы тең Эр-Кишинин таш күмбөзүнө баш ийишти,

Тымтырстык. Жел жортпой, чымын учпай калгансыды...

Эр-Кишинин күмбөзүнө жакын тек кандайдыр бир агыш таш калкак сыяктанып турган. Көрсө ал бир бетинен караса агыш экен. Бир бети көгүш, бир бети кызгылт. Арткы жагы чаар укмуштай таш алиги укмуштай куудул Шапка коюлган белги экен.

Көргөн жан баарыдан мурда таштын укмуштанып кубулушуна кызыккандай. Баса мынча кубулган таш табылса да, эң сейрек табылаар. Уа, ким билээр? Мындай таш эч болбос да, Көк теңири ошо укмуш Шап акенин арбагы үчүн атайы жаратkан таш болсо керек? Ие, ошондой го? Ошондой...

Ушул кубулган таштын көгүш бетинде топоздун букасы кутургандай атырылат... Анын каркайган обу жок мүйүзүндө кандайдыр бир арык сөлөкөт турат. Ал сөлөкөттүн эки колу топоздун эки мүйүзүндө. Эки аягы асманда. Ал топозго сүздүргөн алсыз кишидей эмес, мүйүздө ат оюнун ойногон жоокер сыяктанат. Өзү айбаалыдай арык,





колу-буту опсуз узун. Не киши сөлөкөтү эмес, не тартандаган бака эмес. Неси болсо да кешпири эң күлкүлүү. Муңканып, сыктап келген киши муну көрүп каткырып күлгүдөй...

Ага кошумча таш бетине чегилген тамгалар күлкүлүү сөздү түюндурат:

«Уа, алп!
Мен – Шап шермин!
Мен карабашыл жылкычы эдим.
Теңир менден аш-тамагын кызганды...
Көрүң – өзүм арыкмын, –
Куурчак түмөнүн баштаган алпмын!
Уа, киши уулу, сен, муну билиң:
Кудум – жин кесел сепсе, ону күлкү оруму
оруп салыр»...

Атырылган топоздун опсуз узун мүйүзүндө ат оюнун ойногонсуп көңүлдүү тарбайган куудул Шаптын сөлөкөтү көргөндөрдүн көңүлүн ачты.

– Уай, эсил Шап аке! Уа, киши уулунун укмушу Шап аке! – деди кары жоокер. – Сенин тирүү арбагың көңүлүмдү ачты!

Куудул Шаптын укмуштай күлкүлүү элесине кишилер эми чындап күлүштү:

– Уа, эсил баба! – Ие, чын асыл жан экен да!

«Кудум – жин кесел сепсе, ону күлкү оруму оруп салыр!»

Ак сөз! Киши уулу тукумдаар.

Шап акенин эсил элесин көрдүк. Куудул кебин эшиттик. Аш-тамагын таткандай кубат алдык. Жүрүңдөр эрендер. Ал-күч барда журтка жетелик!

Чыйрала түшкөн жоокер алга карай тың басты...

...Бир аз ашыгып, соңку кылымда болгон окуяны чырпыдык.

Буга дейре болгон чоң жортуул жөнүндө сөз эми башталат.





**МАЗМУНУ**


ТҮГӨЛБАЙ СЫДЫКБЕКОВ ........ 3

**БИРИНЧИ БӨЛҮМ**

Жаш тегин ........ 9
Жетилүү ........ 24
Адылтай ажо ........ 43
Эр-Кишинин жебеси ышкырып учту ........ 63
Теке мерген ........ 77
Эр Текеш өлүмү ........ 88
Эр-Киши маталды же Үйсүн жеринде ........ 104
Жашыл көл жээгинде ........ 124
Чаа менен Аз ........ 136
Дастандан кабар ........ 162
Алтын күймө ........ 184
Дастандын төрөлүшү ........ 208

**ЭКИНЧИ БӨЛҮМ**

Кум чайкаган издебиз ........ 225
Асман жана от ........ 230
Кол уйкуда жатканда ........ 248
Сайкал эненин жебеси ........ 267
Баба жырымы ........ 281
Сайкалдын ордосунда ........ 289
Үчүнчү мөрөй ........ 317
Эдил ажо ашында ........ 347
Күч жана арзуу ........ 374
Узатуу ........ 404

**ҮЧҮНЧҮ БӨЛҮМ**

Айкаш алдында ........ 419
Бөкөнду жазыгында ........ 432
Жекеде ........ 443
Айкаш ........ 455
Айкаш ада болбоду ........ 474
Таш бабалар ........ 484
Сактаның! «Түмөн башы» Шап! ........ 500
Эр-Кишинин бир күнү ........ 522
Таш күмбөздөр сүйлөйт ........ 551